81.63,25-4
М-34

**Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министирлиги.**

**Ош Мамлекеттик университети.**

Матикеев К. М.

Орозгожоев Б.О.

# Физикалык географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү

**Ош - 2006-ж**

81.63,25-4
М-34

Кыргыз Республикасынын билим, илим
жана жаштар саясаты министирлиги.

Ош Мамлекеттик университети.

ИБО

Матикеев К. М.

Орозгожоев Б.О.

# Физикалык географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү

БИБЛИОТЕКА 06
Ошского государственного
университета
ИНВ № 8021234
4265

Ош - 2006-ж

УДК 550.1/2
ББК 26.82
Ф 50

Рецензентттер: Академик, г.и.д. К. Оторбаев
г.и.д., профессор Атышев К.
Жооптуу редактор; г.и.д., профессор А. Низамиев

Матикеев Курманали

**Орозкожоев Бектур**

Ф 50

Физикалык географиялык терминдердин орусча–кыргызча сөздүгү.
Ош –2006, 304 б.

ISBN 9967-23-819-4

Физикалык география боюнча терминдердин орусча– кыргызча сөздүгү ушул мезгилге чейин жарык көргөн көптөгөн сөздүктөрдүн негизинде түзүлдү. Сөздүктөгү терминдерди чечмелөөдө мисалдар мүмкүн болушунча республиканын аймагынан келтирилди. Сөздүк 1990-2000 - жылдардын аралыгында авторлор тарабынан жазылып бүтүп, түрдүү себептер менен жарык көрбөй келди. Сөздүккө бардыгы болуп 2541 терминдердин чечмелениши киргизилди. Сөздүктү түзүүдө география илимдеринин кандидаты, доцент, маркум **Бектур Орозгожоевдин** жасаган эмгеги эң жогору, **сөздүк анын жаркын элесине жана Ош Мамлекеттик Университетинин** 55 **жылдык маарекесине арналат.** Сөздүк табигый илимдер тармагында иштеген илимий кызматкерлерге, окуучуларга, студенттерге, окурмандардын калың катмарына арналат. Сөздүкө Кыргыз илимдер академиясынын «Терминкомунда» академик К.Оторбаев жана К.Атышевтердин оң пикирлери бар.

Сөздүк Ош Мамлекеттик Университетинин Окумуштуулар кеңешинде (№ 8, 2006 ж.) басмага сунуш кылынган. Сөздүк боюнча сын–пикирлерди «Физикалык география жана табият таануу концепциясы» кафедрасына жиберүүнү өтүнөт жана түзүүчүлөр өз ыраазычылыгын билгизет.

Ф 1805040000-06
ISBN 9967-23-819-4

УДК 550.1/2
ББК 26.82
© ОшМУ, 2006-ж.

# Кириш сөз

Кош тилде сүйлөө, окуу жана жаза билүү-кайра куруу доорундагы негизги багыттардын бири. Ар бир адамдын өз эне тилинде жеткилең сүйлөй жана жаза билиши өз элинин тарыхын, маданиятын сактап калууга гана көмөк көрсөтпөстөн, башка элдин тилин, үрп–адатын маданиятын, тарыхын, үйрөнүүгө туруктуу фундамент түзөт. Табигый илимдер жагдайында иштеген адистердин илимий денгээлин жогору көтөрүү максатында окурмандарга «Физикалык география боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү» биринчи жолу сунуш кылынып жатат.

Сөздүктү түзүүдө орус тилинде жарык көргөн көптөгөн сөздүктөр пайдаланылды: «Краткая энциклопедическая словарь» т. 1-5 М., 1960-66гг; «Географический энциклопедический словарь» 1983 г.; Мурзаев Э.М. «Словарь народных географических терминов», М., 1984 г.; «Русско- киргизский словарь» М., 1957 г.; Кыргыз Совет энциклопедиясы, т. 1-6, Фрунзе, 1980-1986 г.г.; Шукин И. С. «Четрехязычный словарь терминов по физической географии», М. , 1980 г. и др.

Сөздүктөгү терминдерди кыргыз тилине которууда алардын айрымдарынын кыргызча эквиваленти жок болгондуктан, ошол бойдон берилди жана К. К. Юдахиндин жетекчилиги менен түзүлгөн «Русско–киргизский словарь» пайдаланылды, элдик сөздөргө таянып белгилүү деңгээлде жаңы кыргызча терминдер менен толукталды.

Сөздүктө терминдерге мисалды өз крайыбыздан келтирүүгө аракет жасадык. Көптөгөн терминдер англис, француз, грек, латын, араб, түрк ж.б. тилдерде берилгендиктен, алар алгачкы кабыл алынган тилдердин тамгасы менен жазылып, котормосу кыргызча берилди. Сөздүк илимий кызматкерлерге, мугалимдерге, студентттерге, мектеп окуучуларына, басма сөз кызматкерлерине жана табигый илимдерге кызыккандарга арналат.

Талкуу иретинде алгачкы жолу түзүлүп жаткандыктан, бул сөздүктө айрым мүчүлүштүктөрдүн орун алышы мыйзам ченемдүү, ошондуктан авторлор окурмандардан сөздүккө болгон ой пикирлерди күтөт жана аларды кийинки басылышында эске алат. Бардык сын–пикирлерди, сунуштарды Ош Мамлекеттик Университетинин география жана жаратылышты пайдалануу факультетинин «Физикалык география жана табият таануу концепциясы» кафедрасына жиберүүңүздөрдү өтүнөт.

## -А-

**АБИОТИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ**– абиотикалык факторлор (грек. а–таануу жана bios–тиричилик). Жансыз жаратылыштын тирүү организмдерге (жаныбарлар, өсүмдүктөр) тийгизген таасири. Мындай факторлорго жаан-чачын, күндүн энергиясы, тоо породалары, суу, атмосфералык басым, чөйрөнүн химиялык составы ж.б. кирет.

**АБИССАЛЬ**–абиссаль (грек. abyssos–түпсүз, терең). Абиссаль зонасы океан–деңиздерде 2000 м. төмөн тереңдикте жайгашкан, океандын түбүндөгү суу толкубай тынч турган, аз термелген бөлүгү, температурасы дайыма төмөн ($0^0$ С чамасында), күндүн жарыгы жетпеген, жөнөкөй бир түрдүү жаныбарлар жашаган экологиялык зона. Жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн калдыктарынан турган кызыл түстүү чопо менен капталып жатат.

**АБИССАЛЬНАЯ РАВНИНА**–абиссаль түздүгү. Океандардын, же жээк деңиздеринин түбүндөгү түздүк. Морфологиялык түзүлүшү боюнча жантайыңкы жана дөбөлүү деп бөлүнөт. Тунма тектери жалпагынан катмарлангандыктан, мындай түздүктөр мелтиреп түз келет. Мындай түздүктөрдү Тынч жана Инд океандарынан көп кезиктирүүгө болот.

**АБИССАЛЬНЫХ ОТЛОЖЕНИЯ**–абиссалдык чөкмөлөр (2000 м. жогорку тереңдиктеги, калың, тунма чөкмө тектер). Алар деңиздердин, же океандардын түбүнүн 76% каптап жатат жана өсүмдүктөр менен жаныбарлардын калдыктарына бай. Байыркы тунма чөкмөлөр - кызыл чополуу, карбонаттуу жана ылайлуу.

**АБИССАЛЬНАЯ ОБЛАСТЬ**–абиссаль областы. Океан-деңиздердин 2000 метр тереңдигинин түбүнө чейинки бөлүгүн кучагына алган аймагы. Абиссаль областынын негизин ылайдын тунмасы, чопо баткактардын уюндусу, кээде органогендик тектер түзөт. Аларга вулкан атылганда оргуп чыккан чаңдар жана инфузориялардын кремнийлүү склеттеринин аралашмасы кирет. Абиссаль областынын басымы жогору (1000 атм.), температурасы $4^O$ С дан ашпайт. Өсүмдүктөрдүн негизин диатом балырлары жана бактериалар түзөт. Жаныбарлардын көпчүлүгү көзсүз, же көрүүсү начар өнүккөн. Абиссаль областы жер бетинин 60% жакын аянтын ээлейт.

**АБЛЯЦИЯ**-абляция (лат. ablatio–кемүү, жоголуу, азаюу): Жер бетиндеги тектердин жылмышып, кулап, агып азайышы жана муздардын, жаан-чачын сууларынын таасири астында тоо жуулушу.

**АБЛЯЦИЯ ЛЕДНИКА (область)**– муздуктун абляция областы. Тоо жана материк мөңгүлөрүнүн этегиндеги муздуу бөлүгү.

**АБЛЯЦИОННАЯ МОРЕНА**–абляциялык корум. Мөңгүнүн, этегине, капталына жана үстүнө ар түрдүү тоо–тектеринин сыныктарынан чогулуп, үймөктөлгөн корумду пайда кылышы.

**АБРАЗИЯ**–абразия (лат. Abrasio–жышуу, кыруу). Толкундун күчү менен деңиз, көл, суу сактагычтардын жээктеринин бузулушу, жуулушу. Ал толкундун күчүнө жараша болот.

**АБРИС** абрис-(нем. Abris–чийүү). Жердин бетиндеги бардык обьектилердин схема түрүндө (масштабдуу сүрөт), геологиялык, геоморфологиялык, орографиялык обьектилердин аралыгын аныктоо, пландарын түзүү.

**АБРАЗИОННАЯ АРКА**–абразиялык арка, догоо. Жээктен сууну көздөгөн, уркуюп сууга жүткүнүп турган жана астын толкун ургулай берип, көңдөйлөп койгон өткөөл (арка).

**АБРАЗИОННАЯ БУХТА**–абразиялык буйтка. Суунун толкуну ургулай берип пайда кылган жайык буйтка (бурулуш).

**АБРАЗИОННАЯ ПЛАТФОРМА**–абразиялык платформа-суу астындагы каптал, жээк платформасы. Деңиздин түбүндөгү абразия иштеп чыккан (деңизге карата) жантайынкы платформа. Эгерде абразиялык платформанын үстүнкү бетиндеги чөкмөсү жуулуп кетсе аны «бенч» дейт.

**АБРАЗИОННАЯ РАВНИНА**–абразиялык түздүк. Абразиянын жардамы менен тегизделген түздүк. Абразиялык түздүк деп көбүнчө абразиялык каптал, же бенч айтылат.

**АБРАЗИОННАЯ ТЕРРАСА**–абразиялык кашаттар. Деңиздин, же океандын жээгиндеги абразиянын аракети менен пайда болгон кашаттар. Мисалы; Ысыккөлдүн түштүк жээгиндеги Кажысай менен Тосордун ортосундагы кашаттар. Абразиялык платформалар абразиялык кашаттардын катарына кирет.

**АБРАЗИОННЫЙ БЕРЕГ**–абразиялык жээк. Толкун ургулап, оркойткон, жардуу бийик жээк. Ысыккөлдүн түштүк жээгинде жакшы сакталып турган формалары кездешет. Абразиялык жээктин негизги элементтерине; абразиялык платформа, бенч, жээк урчугу кирет.

**АБСОЛЮТНАЯ ВЫСОТА**–туруктуу бийиктик (жер бетинин бийиктигинин туруктуу точкасы). Бийиктик боюнча океандын орточо деңгээлинен жердин бетиндеги белгилүү бир точкага чейинки аралык. СНГде эсеп Кронштадтын футштокундагы нөл метрден баштап эсептелет. Кыргызстандын территориясындагы туруктуу бийиктиктердин эң төмөнкү чеги 400 м., жогоркусу 7439,3м. (Жеңиш чокусу). Ысыккөлдүн жээк сызыгынын бийиктиги деңиз деңгээлинен 1609 метр жогору жатат.

**АБСОЛЮТНАЯ ГЕОХРОНОЛОГИЯ**–абсолютная геохронология (ядролук геохронология), геохронологиянын бөлүгү. Тоо тектеринин жашын аныктай турган илим. Элементтердин радиоактивдүүлүгү боюнча бөлүнүшүнүн негизинде геохимиянын ыкмаларын колдонуп иштелет. Стартиграфиялык катмардын шкаласы алардын жашынын узактыгын жана негизги тектоникалык кыймылдардын пайда болгон мезгилин аныктайт.

**АБСОЛЮТНЫЙ МАКСИМУМ**–абсолютный максимум, гидрометеорологиялык элементтердин максимуму. М; Абанын температурасынын, жаан-чачындын, нымдуулуктун ж.б. белгилүү чөйрөдөгү, областтагы, өлкөдөгү, жарым шаардагы өлчөөлөрдүн ичиндеги көрсөткүчтүн (максималдуу) эң жогорку чеги. Абанын температурасынын абсолюттук максимуму Москвада $+37^0$, Кыргызстанда $+40^0$ , Түркмөнстанда $+50^0$, Түндүк Африкада $+58^0$ ж.б. Абсолюттук максимум белгилүү календардын ичинде болот.

**АБСОЛЮТЫЙ МИНИМУМ**–абсолюттук минимум. Белгилүү бир чөйрөдөгү (областтагы, өлкөдөгү, жарым шаардагы) жүргүзүлгөн гидрометеорологиялык байкоолордун көп жылдык көрсөткүчүнүн эң төмөнкү чеги. Абсолютный минимум Чоң Алайда $-40^0$, Памирде $-45^0$ ж.б.

**АБСОЛЮТНЫЙ НУЛЬ**–абсолюттук ноль. Молекуланын жылуулук кыймылы токтогон эң төмөнкү температура. Бойль-Мариоттун закону боюнча -273, 18=0,1барабар. Мындай температурада идеалдык газдын көлөмү жана басымы нолго барабар болот.

**АБСОЛЮТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА**–туруктуу температура (абсолюттук нөлдөн (Т) эсептелген температура). Абсолюттук температуранын бирдиги–Кельвин (К). I K- I C.

**АВГИТ**–(грек. auge-жылтырак) пироксен группасындагы минерал. Кальций, магний жана темирдин алюминийлүү силикаты. Базальт,

доломит, сиенит тектерин пайда кылуучу минерал. Щелочтуу тектерде, дибриттерде, сиениттерде кезигет. Шамалдануунун натыйжасында бузулуп, темирдин суулуу кычкылын, опалды жана чополуу минералдарды пайда кылат.

**АВИАЦИОННАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ**-авиациалык климатология. Жердин бетиндеги, аба мейкиндигиндеги климаттык шарттын авиацияга тийгизүүчү таасири. Атмосферанын кээ бир ыңгайсыз шарттарынан авиацияны сактап калуу максатындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүчү илимдин тармагы.

**АВИАЦИОННАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ**–авиациялык метеорология. Авиациянын иш аракетине карата метеорологиялык шартты изилдеп, анын самолеттордун учушуна тийгизүүчү таасирин, атмосферанын кээ бир ыңгайсыз шарттарынан авиацияны сактап калуу максатындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүчү илимдин тармагы.

**АВИАЦИОННЫЙ ПРОГНОЗ**–авиациялык прогноз. Авиацияны тейлөө максатында, аба ырайын алдын ала эскертип айтуу. Авиациялык прогноз самолеттордун учуучу, же конуучу пункттары үчүн жана учуу багыттары (аба трассасы) боюнча түзүлүп, учууга мүмкүн же, мүмкүн эмес шарттарды (тумандуулук, шамал, куюн, жаан чачын ж.б) аныктап турат.

**АВЛАКОГЕН**–авлакоген (грек. aulokos–жөөк жана деңиз). Платформа областынын ичиндеги узунунан кеткен ничке сай, мурдагы жараканын бүтөлгөн нугу.

**АВСТРАЛИЙСКАЯ ДЕПРЕССИЯ**–(австралийский минимум давления). Австралия депрессиясы (австралиялык минимум басым). Түндүк Австралиянын жана Түштүк Жаңы Гвинеянын үстүндөгү төмөнкү басымдын областы. Кургактыктын бетинин айрым бөлүгүнүн катуу ысышынан пайда болот.

**АВСТРАЛИЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**–австралия областы. Өсүмдүктөрдүн таралышы боюнча Австралия материгин жана Тасмания аралын кучагына алган область. Ага Жаңы Гвинея, Полинезия, Жаңы Зеландия жана Молукк аралдары кирет.

**АВСТРАЛИЙСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**– австралиялык жаныбарлар областы. Австралия жана ага чектеш аралдар; Тасмания, Жаңы Гвинея, Соломон, Молукк ж.б. кирет. Тропик жана

субтропик алкагында жатат. Жаныбарлары өтө байыркы-мезозойго чейинки пайда болгон түрлөрдөн турат.

**АВСТРАЛИЙСКОЕ ФЛОРИСТИЧЕСКОЕ ЦАРСТВО**– австралиялык өсүмдүктөр дүйнөсү. Австралия жана Тасмания аралдары кирет. Түрлөрүнүн 75 % жакынын эндемиктер.

**АВТОРСКИЙ МАКЕТ**–автордук макет. Тактыгы жана коздоо иштери толук бүтө элек географиялык карталардын график боюнча сөлөкөтү.

**АВТОРСКИЙ ОРГИНАЛ**–автордук кол жазма. Автор тарабынан үлгү катарында коздолгон жана мазмуну такталган кол жазмалар, карталар, схемалар ж.б.

**АВТОТРОФНОЕ ОЗЕРО**–автотрофтук көл (autos–өзү жана trophe–тамак, тамактануу). Азык заттары өзүндө жашаган организмдерге жетишерлик сандагы көлдөр.

**АВТОТРОФЫ**–автотрофтор. Органикалык эмес заттардан күн энергиясынын (фотосинтездин) жана кээ бир химиялык энергиянын (хемосинтез) жардамы менен синтездөөнүн натыйжасында, өзүнө зарыл болгон органикалык заттарды иштеп чыгуучу организмдер. Мисалы; татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөр, балырлар, кээ бир бактериялар.

**АВТОХОРЫ**–автохорлор (грек. autos–өзү жана choreo–жыламын). Уругу (үрөнү) өзүнүн салмагы менен бир жерден экинчи чөйрөгө жантайма боюнча тоголонуп өзү менен өзү тараган өсүмдүктөр.

**АВТОХТОН**–автохтон (грек. futochton–жергиликтүү, алгачкы). Бүктөлмөлүү тоо тизмегинин тектоникалык бузулуштан кийин ордунда калган бөлүгү.

**АГГРАДАЦИЯ КРИОЛИТА**–криолит аградациясы. Азыркы климаттык шартта, тоо тектеринин түбөлүк тоңунун аянтынын жана тереңдигинин жасалма, же табигый шарт боюнча көбөйүшү жана калыңдашы. Ал үчүн жылдык орточо температура–2$^0$C төмөн болуш керек. Криолиттик аградациясынын натыйжасында рельефтин окшош формалары (чор кайно, сууктан жарылуу) пайда болот.

**АГЛОМЕРАТ**-агломерат (лат. Agglomero–биригем, топтоймун, үйүштүрөм). Чөкмө, же вулкандык кырдуу тектердин додолонуп жатышы. Мисалы; вулкандык туфтар, туфбрекичий ж.б.

**АГРОКЛИМАТИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–агроклиматтык карталар. Айыл чарба өндүрүшүндөгү обьектилердин климаттык шартынын абалын сүрөттөп көрсөтүүчү карталар. Кыргызстандын кээ бир аймагынын гана агроклиматтык картасы бар.

**АГРОЦЕНОЗ**–агроценоз (грек. agros–талаа, айылдык жер жана kainos–жалпы). Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын бир, же тандалып алынган бир нече түрлөрүнө жасалма жол менен шарт түзүп, дайыма колдоого алып, түшүмдүүлүгүн арттыруучу биотикалык топ.

**АДАПТАЦИЯ**–адаптация (лат. Adaptatio–көнүгүү, ылайыкташуу, көнүп кетүү). Организмдердин түзүлүшүнүн жана функциясынын чөйрөгө үйүр алып көнүгүп кетиши.

**АДАПТИВНАЯ РЕАКЦИЯ–**көнүгүү реакциясы. Жаңы экологиялык шартка ылайыкташуунун натыйжасында түрлөрдүн, же тукуму бир түрлөрдүн группасынын ичинде организмдердин ар түрдүү формаларынын пайда болушу. Мисалы; токой тилкесиндеги сибирь, европа, фин карагайлары ж.б.

**АГРОКЛИМАТОЛОГИЯ**–агроклиматология, же айыл чарба климатологиясы. Климатологиянын бөлүмү, климатты айыл чарба өндүрүшүнүн фактору катарында үйрөтөт.

**АДВЕКЦИЯ**–адвекция (лат. Advectio-жеткирүү). Метеорологияда, бир райондон экинчи районго, жылуулук менен нымды алып келүүчү, аба массаларынын горизонталдык жылышы. Океанологияда суу массаларынын горизонталдык, кээде вертикалык багытта жылышы.

**АДИАБАТИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС**–адиабаттык процесс. Абанын термодинамикалык абалынын айлана- чөйрө менен жылуулугу алмашпай өз алдынча өзгөрүшү. Абанын ички энергиясы жана температурасы кысылуу жана кеңейүүнүн эсебинен пайда болот. Кысылууда абанын ички энергиясы, басымы көбөйүп, температурасы жогорулайт. Кеңейүүдө болсо, тескерисинче, басым менен ички энергия азайып, температура төмөндөйт.

**АДЫРЫ**–адырлар – тоо этектериндеги дөңсөлүү-ойдуңдуу рельеф. Тоодон чыккан байыркы өзөндөрдүн конус түрүндөгү жайылмаларынын четтери биригип, биринин үстүнө экинчисинин өсүп кетишинин натыйжасында пайда болот. Салыштырмалуу бийиктиктиги 100-400 м. чамасында; кургак өзөн, сай менен тилмеленген. Адырлардын негизинде Кыргызстандын географиялык кээ бир аттары пайда болгон. Мисалы; «Бозадыр», «Көкадыр», «Отуз адыр» ж.б. Кыргызстандын шартында адырлар жогорку бийиктиктеги (800-1000 м чейин), орто бийиктиктеги (500-800м), төмөнкү бийиктиктеги (300-500 м) деп бөлүнөт.

**АЗИМУТ**–азимут (араб. as-sumut-багыт). Жер бетиндеги нерселерди, же атмосфералык кубулуштарды байкоодо бир чекиттин меридиан тегиздигин кесип өткөн учурундагы пайда болгон бурч. Эгерде ал географиялык меридиандан эсептелсе – чыныгы же астрономиялык, ал эми магниттик меридиандан эсептелсе–магниттик азимут деп аталат. Азимут сааттын жебесинин айлануу багыты боюнча $0^0$ тан $360^0$ чейин өзгөрөт.

**АЗИАТСКАЯ ДЕПРЕССИЯ**–азиялык депрессия. Азиянын атмосферасындагы төмөнкү басымдуу область. Борбору Афганстанда жайгашып, көбүнчө жайында пайда болот.

**АЗИАТСКИЙ АНТИЦИКЛОН**–азиялык антициклон (Сибирь антициклону). Түштүк Сибирь менен Монголиянын үстүндөгү абанын жогорку басымынын областы, көбүнчө кышында пайда болот. Ачык күн, аз кардуу, кычыраган суук мүнөздүү.

**АЗОРСКИЙ АНТИЦИКЛОН**–азор антициклону. Түндүк жарым шардагы Атлантика океанында, субтропиктик жана тропиктик райондордун үстүндөгү атмосфералык басымдын туруктуу областы.

**АЗОНАЛЬНОСТЬ**–азоналдуулук (грек. а–таануу жана пояс, зона). Белгилүү бир табигый кубулуштун, чөйрөнүн зоналык өзгөчөлүгүнөн айрым алкактын бөтөнчөлөнүп таралышы, физикалык географиялык закондуулуктун бирден-бир маанилүү белгиси.

**АЙСБЕРГ**-айсберг (англ. Iceberg). Көбүнчө материктик муздуктан сынып түшкөн жана океанда калкып жүрүүчү муз тоолору жана аралдары.

**АКВАТОРИЯ**–акватория (лат. Agha-суу жана территория). Океандын, деңиздин, же порттун белгиленген чек арасындагы суу бетинин участогу.

**АККУМУЛЯЦИЯ**–аккумуляция (лат. бир жерге чогултуу). Жердин бетине борпоң минералдык тектердин, же органикалык калдыктардын топтолушу. Аккумуляция вулкандык жана чөкмө деп бөлүнөт. Суу чөйрөсүндөгү (океан, деңиз, көл, дарыя, түбүндөгү) чөкмөлөрдү-субаквалдык, ал эми кургактыктагы субаэралдык деп аталат. А. деңиздик, көлдүк, дарыялык болуп бөлүнөт.

**АККЛИМАТИЗАЦИЯ**–акклиматизация. Тирүү организмдин жаңы тиричилик шартына, жаңы биоценозго ыңгайланышы, түрлөрдүн популяциясынын (которуп келген) жаңы чөйрөнүн шартына көнүгүүсү. Табигый чөйрөнүн пайдалуу организмдерин көбөйтүү максатында түрлөрдү көчүрүп келүү.

**АККУМУЛЯТИВНЫЙ БЕРЕГ**–аккумулятивдик жээк. Толкун шилеп пайда болгон жээк.

**АККУМЛЯТИВНЫЕ ГОРЫ**–аккумлятивдүү тоолор. Жер астынан, же башка райондордон агызылып келген чөкмөлөрдөн куралган тоолор.

**АККУМЛЯТИВНАЯ ТЕРРАСА**–аккумляциялык кашаттар. Аллювийден, деңиздик жана көл, мөңгү, муздуу сууларынын чөкмө тунмаларынан куралган кашаттар.

**АККУМУЛЯТИВНЫЕ РАВНИНЫ**–аккумулятивдик түздүктөр. Борпоң тектердин катмарланышынан пайда болгон түздүктөр. Аккумляция агентинин күчүнө жараша эндогендик (вулкандык) жана экзогендик (деңиздик, аллювиалдык, көлдүк, мөңгүлүк ж.б) деп бөлүнөт. Татаал генезистеги көлдөр–аллювиалдык, дельта– деңиздик жана суу астындагы аккумулятивдик түздүктөр деп да, бөлүнөт.

**АККУМУЛИРУЮЩАЯ РЕКА**–Өзөндүн (боюна) түбүнө аллювий катмардоочу дарыя.

**АККУМУЛЯТИВНЫЙ РЕЛЬЕФ**–аккумулуятивдик рельеф. Жердин бетинде деңиз, көл, мөңгү жана суу чөкмөлөрүнүн катмарланышынан, вулкандын атылышынан жана адамдын чарбалык иш аракетинен келип чыккан рельеф.

**АККУМУЛЯТИВНЫЙ СКЛОН**–аккумулятивдик бет. Тоо беттеринин өрөөнүнүн, капталдарынын өйдөтөн кулап келген борпоң тектер менен капталган төмөнкү бөлүгү. Борпоң тектер жогортон төмөн карай каптал процесстеринин (суу эрозиясы, гравитицялык жылмышуу, солифлюкция ж.б.). натыйжасында жылышат.

**АКТИВИЗАЦИЯ ТЕКТОНИЧЕСКАЯ**–тектоникалык жандануу. Калыптанып, тынчып калган жер кабыгынын-платформалардын, же байыркы бүктөлмөлүү (катталыш) аймактардын тектоникалык кыймылдан жанданып, тоолуу рельефти пайда кылышы. Көбүнчө магматизмди пайда кылат.

**АКТИВИЗИРОВАННАЯ ПЛАТФОРМА**–активдешкен платформа. Көп убакытка чейин тынч турган платформалардын жанданып, көтөрүлө башташы жана тоолуу рельефти пайда кылуусу. Мисалы; Тянь-Шань, Памир, Алтай, Саян ж.б.

**АКТИВНЫЙ ЛЕДНИК**–активдүү муздук. Дайыма жылып туруучу мөңгү. Мындай мөңгүлөр баш жагындагы кар массасы менен жыл сайын толукталып, сүрүлүп, эркин түшүү күчүнүн таасири менен жылмышып, төмөн түшүп турат. Кыргызстандын тоолорунда 7000 ге жакын мөңгү бар жана алардын бардыгы тең активдүү мөңгүлөрдүн катарына кирет.

**АКТИНОМЕТРИЯ**–актинометрия (грек. aktis–нур, metreo- өлчөймүн, ченеймин). Метеорологиянын бөлүмү. Атмосферадагы күндүн нурунун, жарыктыгынын таркалышын, кайра чыгышын, күн радиациялык теңдештигин ж.б. өлчөйт.

**АКУСТИКА ОКЕАНА**–океан акустикасы. Океандын суу катмарындагы үн толкунун таралышы жөнүндөгү илим.

**АКЧАГЫЛЬСКИЙ БАССЕЙН**–акчагыл бассейни. Голоцендин аягында азыркы Каспий деңизинин ордундагы бассейн. Ошол мезгилде Каспий деңизи азыркыга салыштырганда алда- канча чоң аянтты ээлеп жаткан.

**АКЧАГЫЛЬСКИЙ ЯРУС**–акчагыл ярусу. Түркменстандагы Красноводский жарым аралындагы Акчагыл өтөгүнүн атынан коюлган, плиоцендин акырындагы пайда болгон жер катмары.

**АЛАС**-алас (якут). Түбөлүк тоңдуктар тараган райондордгу алардын эрип, чөгүсүнөн пайда болгон чуңкурдук. Алас көл, же саз түрүндө кездешет.

**АЛЕБАСТР**–алебастр (грек. alabastas). 1.Минерал, гипстин мрамор күкүмүнө окшогон борпоң тозгогу, 2. Гипсти акырындап күйгүзгөндө пайда болгон, акиташтын майдасына окшогон борпоң масса, кальций сульфатынын жарым гидраты.

**АЛЕВРИТ**-алеврит (грек. aienzon-үн). Майда, борпоң, чөкмө тектер. Алеврит көбүнчө кварц, талаа шпаты, слюда ж.б. турат. Көлөмү 0,01 –0,1 мм же 0,005 мм чамасында.

**АЛЕВРИТОВАЯ ГЛИНА**–алеврит чопосу. Алеврит күкүмү аралашкан чопо.

**АЛЕУТСКАЯ ДЕПРЕССИЯ**–алеут депрессиясы. Тынч океанынын түндүгүндө, Алеут аралдарынын аймагындагы атмосферанын төмөнкү басымдуу областы.

**АЛКАЛИТРОФНОЕ ОЗЕРО**–алкалитрофтук көлдөр. Суусунун составы кальцийдин иону менен биогендик элементтерге бай жана заттардын айланышы жай жүргөн көлдөр. Алкалитрофтук көлдөр бентостору мол болгонуна карабастан планктондору тартыш.

**АЛЛИТИЗАЦИЯ**–аллитизация. Нымдуу тропиктерге жана субтропиктерге мүнөздүү болгон тоо тектеринин химиялык талкалануу тиби.

**АЛЛОТРОФНОЕ ОЗЕРО**–аллотрофтук көлдөр. Суусу биогендик, минералдык жана органикалык заттар менен каныккан көлдөр.

**АЛЛОХОРЫ**–аллохорлор (грек. allos–башка, choreo–жылам, таркалам). Тышкы факторлордун (суу, шамал, жаныбарлар ж.б.) таасири менен башка жерге тараган өсүмдүктөр. Алар уругу, чаңчалары, споралары менен таркалат.

**АЛЛОХТОН**–аллохтон (грек. allos–бөтөн, chthon–аймак топурак). Бир орундан жылбаган, бүктөлгөн структуралардын (к. Автохтон) үстүнө чыгып калган катталыш, структуралардын бөлүгү, Тектониялык каптама катмарды пайда кылат.

**АЛЛОХТОНЫ**–аллохтондор. Башка жерде пайда болгон өсүмдүктөр менен жаныбарлар.

**АЛЛЮВИЙ**–аллювий (лат. Allivio–шиленди, чайканды). Өзөндүн жайылмасындагы агын суунун тунмасы. Тоо сууларынын, түздүктүн сууларынын чөкмөлөрү деп бөлүнөт. Голоцен заманында пайда болгон чөкмө тектердин катмары.

**АЛЛЮВИАЛЬНАЯ ДОЛИНА**–аллювиалуу өрөөн. Өзөнү агын суулардын чөкмө тектеринен турган өрөөн (Фергана, Гүлчө, Алай, Чүй ж.б.)

**АЛЛЮВИАЛЬНАЯ ТЕРАССА**–аллювиалдык кашат. Чөкмө тектерден турган кашат.

**АЛЛЮВИАЛЬНЫЕ РАВНИНЫ**- аллювиалдуу түздүктөр. Өзөндүн жайылма сайындагы жана чатындагы чөкмө тектерден пайда болгон түздүктөр. Айрыкча тектоникалык бел-баскактуу ойдуңдарда кенен түздүктөр пайда болот. Мисалы: Чүй, Фергана, Орто-Нарын, Хуанке, Нил, Брахмапутра ж.б түздүктөр.

**АЛЛЮВИАЛЬНЫЙ ПЛАШ**–аллювий жампасы. Аллювийдик катмар, ири дарыялардын боюндагы тунмалар кабатталган тилке. Тоо этегиндеги конус сыяктуу жайылма кашаттардын борпоң тектери.
**АЛМАЗ**–алмаз (түрк. алмаз, грек. aiiamas–чың, талкалангыс минерал), Углероддун кристаллдык модификацияларынын бир түрү (минералдык шкаласы 10). Тунук, жалтырак, эң кымбат таш. Баалуу кесүүчү материал.

**АЛЬБЕДО**-альбедо (лат. Aibedo–аппак, актык). Кандайдыр бир беттин, тегиздиктин (М; булуттун, океандын, өсүмдүктөрдүн, топурактын ж.б.) чагылдыруу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү чоңдук. Тигил, же бул бет, же тегиздик чагылдырган радиациянын агымынын ушул бетке, же тегиздикке түшкөн, радиацияга болгон катышы менен аныкталат. Процент, же бирдик үлүшү менен туюнтулат.

**АЛЬБЕДО ЗЕМЛИ**–жердин альбедосу. Күн радиациясынын атмосферанын чек арасына келип жеткен бөлүгү менен жерден аалам мейкиндигине кайра чагылдырган радиациянын санынын проценттик катнашы. Жердин альбедосунун өлчөмү -35-45 % ке барабар.

**АЛЬПИДЫ**–альпиды. Альпы бүктөлмөлүүлүгүнүн жайгашкан областы.

**АЛЬПИЙСКАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–альпы өсүмдүктөрү. Тоолордо альпы тилкесинде, деңиз деңгээлинен 2000-2500 м жогорку бийиктикте тараган өсүмдүктөр. Жапыз өскөн шиберден жана бадалдардан турат.

**АЛЬПИЙСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–альпы катталыштыгы, бүктөлмөсү, бүктөлмөлүү орду. Тоо пайда кылуучу жана граниттешүү процесстердин жыйындысы. Ал процесстер кайнозой заманында пайда болуп катталыш тоолордун жаңы тизмектерин пайда кылган. Мисалы; Альпы, Кавказ, Карпат Тянь-Шань, Каракорум ж.б.

**АЛЬПИЙСКИЙ ЛЕДНИК**–альпы муздугу, мөңгүсү. Тоолордогу терең коктулардын башындагы жөнөкөй мөңгүлөр. Альпы муздугу туурасынан экиге бөлүнөт да, этек жагы чыгымдалуучу, баш жагы топтоочу бөлүктөрү деп аталат.

**АЛЬПИЙСКИЙ ЛУГ**–альпы шалбаасы. Тоолуу өлкөлөрдө субальпы тилкесинен жогору жаткан шиберлүү беттер, жондор. Вегетация мезгилинин кыскалыгына байланыштуу жапыз өскөн көп жылдык шибер чөптөр үстөмдүк кылат. Негизги өсүмдүктөрү; өлөң, каз таман, доңуз сырты, тулан ж.б. жайкы жайыт катары маанилүү.

**АЛЬПИЙСКИЙ ПОЯС**–альпы тилкеси. Мелүүн жана субтропикалык алкактын тоолорундагы субальпы жана нивалдык тилкелердин ортосунан орун алган табийгый тилке. Климаты суук, жаанчыл, өсүмдүктөрү көп жылдык шиберден турат. Кыска бадалдар өсөт, топурагы тоо шалбаасыныкындай.

**АЛЬПИЙСКИЙ РЕЛЬЕФ**–альпы рельефи. Бийик тоолуу өлкөлөрдөгү кар чокулуу, кар-мөңгү менен капталып жаткан рельефтин тиби. Алардын капталдары тик кырдуу, урчуктуу, кууш келип цирктер мүнөздүү. Тянь-Шань, Памир, Альпы, Гималай, Кавказ ж.б. тоолордо кеңири таркалган.

**АЛЬТИПЛАНАЦИЯ**–альтипланация (лат. Altus–бийик, plano–тегиздеймин). Уюлдук жана уюл айланасындагы областтардын бийик тоолорундагы солифлюкация. Аяздын жана нивация процесстеринин биргелешкен таасири менен талкаланып тегизделген рельеф.

**АМБЫ**–амбылар (амхарск амба–тоо). Эфиопиядагы Абиссиния бөксөө тоосундагы тайпак жондор. Алар жалпагынан жаткан тоо тектеринин катмарынан туруп, бузулууга моюн бербей, бир калыпта узак убакыттар бою жатат.

**АМИКТИЧЕСКОЕ ОЗЕРО**–амиктик көлдөрү (грек. amictos–аралашпаган, таза). Суусу дайыма тоңуп турган, тик абалда алмашбаган көлдөр. Антарктидада жана Гренландияда көп кезигет.

**АМФИБИИ**-амфибии (грек. amphibios–эки башка чөйрөдө жашоочулар, к. Земноводные).

**АМФИБИОНТЫ**–амфибионттор. Сууда жана кургактыкта бирдей жашоочулар.

**АНАЛИТИЧЕСКИЕ КАРТЫ**- анализдөөчү карталар. Белгилүү бир табигый кубулуштарды толук изилдөөчү карталар. Мисалы; климаттык; температура, басым, жаан–чачын, шамал, рельефтик; бийиктик, жантайыштык, тилмелениш ж.б. карталар.

**АНАЭРОБНЫЕ ОРГАНИЗМЫ**-анаэробдук организмдер (грек.– an-бөлүкчөлөрдү таануу, acr-аба жана bios–тиричилик). Кислородсуз эркин чөйрөдө жашоочу организмдер. Жашоо энергиясын органикалык жана оргникалык эмес заттардын ажырашынын эсебинен алышат. Анаэробдук организмдерге бактериялар жана жөнөкөйлөр, инфузориялар, ошондой эле омурткасыздар, курт-кумурскалар, үлүл ж.б. кирет. Топуракта нымдуу жерлерде, саздарда, чөкмө катмарда ж.б. жерлерде кездешет.

**АНГИДРИТ**-ангидоид (грек.–an-бөлүкчөлөрдү таануу жана hudos-суу). 1. Минерал, кальцийдин суусуз сульфаты. 2. Ангидрит аралашкан чөкмө тектердин катмары.

**АНДЕЗИТ**–андезит (нем.–Andesit-анды). Түштүк Америкадагы тоо системасынын аты. Күңүрт түстөгү эффузия тоо теги, плагиоклаздан, вулкандык айнектен ж.б. минералдан турат.

**АНДИЙСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–Анды катталыштыгы Америкадагы Анды тоолорунда байкалган, мезозой катталышынын бир доору.

**АНДОЛОСИ**–Андолоси. Мелүүн, жылуу климаттын шартында вулкандык катмарлардын эсебинен пайда болгон топурак. Профили боюнча адегенде кара түстөгү чириндилүү, андан кийин ачык түстө болот. Чириндилердин 8–15 % тен көбүнүн реакциясы кычкыл. Тынч океандык вулкан алкагындагы мелүүн жана субтропиктик областтарда кезигет.

**АНЕМОХОР**–анемохорлор (грек. anemis-шамал жана choreo–басамын, жыламын). Мөөмөсү, уругу жана спорасы шамал аркылуу тараган өсүмдүктөр.

**АНЕМОМЕТР**-анероид (грек.–anemos–шамал). Шамалдын ылдамдыгын өлчөөчү прибор.

**АНЕРОИД**–анероид (а. тескери, же таануучу бөлүкчө, грек. heros- суу). Серпилгичтүү метал коробкасынын деформациясы боюнча атмосфералык басымды өлчөөчү барометр.

**АНИМИКИ**- анимиктер. Кембрийге чейинки катмарлардын калың катмары, ар түрдүү тоо тектердин (сланец, кварцит, конгломерат ж.б). сыныктарынан, яшма менен джеспилет аралашкан эффузиялык тектерден турат. Протерозойдун төмөнкү бөлүгүнө туура келет.

**АНОМАЛИЯ**-аномалия (грек. anomalia-кыйшаюу туура эместик). Белгилүү бир чоңдуктун өз нормасынан, же орточо маанисинен кыйшаюуусу, четтөөсү.

**АНОМАЛИЯ СИЛЫ ТЯЖЕСТИ** - оордук күчүнүн аномалиясы. к. Гравитационная аномалия.

**АНТАРКТИДА**–антарктида. Түштүк уюлдук областын кучагына алган материк.

**АНТАРКТИКА**- антарктика (грек.–antarktikos–антарктический лат. Anti- каршы жана arktikos–түндүк). Антарктидага чектеш океан мейкиндиктерин жана майда аралдарды кучагына алган түштүк уюлдук область.

**АНТАРКТИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**- антарктикалык жаныбарлар областы. Түштүк кеңдиктин $60^0$ түштүк жагындагы, антарктиданын жээктерин жана ага чектеш аралдарды кучагына алган область. Жаныбарлары кедей, омурткалуулардан; тюлень, пингвин, омурткасыздардан; жөргөмүштүн бир нече түрү, курт-кумурскалар кездешет.

**АНТАРКТИЧЕСКИЕ ОАЗИСЫ**–антарктика оазистери. Антарктиданын чет жагындагы муз каптабаган ээн аймактар. Аянты ондогон, кээде жүздөгөн км$^2$ ге чейин жетет. Климаты өтө суук, жери нымдуу, баздак, топурагы менен өсүмдүктөрү жокко эсе. Жаныбарлары сейрек.

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 894237

**АНТАРКТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН**–антарктикалык антициклон. Антарктиданын асманындагы жогорку атмосфералык басымдын туруктуу областы.

**АНТАРКТИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ**–антарктикалык аба. Антарктиданын жана ага жакын океандардын бөлүктөрүнүн үстүндө пайда болгон суук аба массасы. Мүнөздүү белгилери кышкы жана жайкы температурасы төмөн, нымдуулук аз.

**АНТАРКТИЧЕСКИЙ КЛИМАТ**–антарктика климаты. Антарктиданын жана ага чектеш акваториянын климаты. Жер бетиндеги эң суук климат. Январь-декабрь айларынын орточо температурасы–$2^0$, август, сентябрь –$18^0$ С. Жылдык жаан-чачындын саны 300-700 мм. Чыгыш Антарктидада дайыма жогорку атмосфералык басым өкүм сүрөт. Шамалы азыраак болот. Туман баспайт. Жайкы температура + $30^0$С, кышында -$70^0$, жаан – чачыны –100 мм ден аз.

**АНТАРКТИЧЕСКИЙ ПОЯС**-антарктикалык алкак. Жердин четки түштүгүнүн алкагы, Антарктиданы, ага жакын аралдарды жана деңиз акваториясын кучагына алат. Климаты өтө каардуу, радиациялык балансы төмөн. Жай айларынын орточо температурасы нөлдөн төмөн. Ландшафтында материктик муздуктар басымдуулук кылат. Жер шаарындагы азыркы муздуктардын 85,3 % тин түзөт.

**АНТАРКТИЧЕСКИЙ ФРОНТ**-антарктикалык фронт. Түштүк жарым шаардын атмосферасындагы антарктикалык аба менен мелүүн кеңдиктердин ортосундагы чек ара мейкиндиги.

**АНТАРКТИЧЕСКИХ ПУСТЫНЬ (ЗОНА)**–Антарктикалык чөлдөрдүн зонасы. Антарктикалык алкактын кургактыктагы климатык жаратылыш зонасы. Антарктиданы жана ага жакын аралдарды камтыйт. Климаты ызгардуу, катаал, өсүмдүктөрү өтө аз.
**АНТАРКТИЧЕСКОЕ ФЛОРИСТИЧЕСКОЕ ЦАРСТВО–** антарктикалык өсүмдүктөр дүйнөсү. Түштүк Американын түштүк бөлүгүн, Оттуу Жерди, Антарктиканы жана Антарктикалык аралдарды кучагына алат. Өсүмдүктөргө өтө кедей. Мүнөздүү түрлөрү-түштүк буку, жаздык өндүүлөр ж.б.

**АНТЕКЛИЗА**–антеклиза (грек. anti–каршы жана klisis-кыйшаюу). Жантаймалуу антиклиналдык дөңсөө–платформалуу структура, фундаментинин тереңдиги 1000 м чейин жетет. Кээ бир жеринде платформанын фундаменти оркоюп жердин үстүнө чыгып турат.

Антеклиза геологиялык узак убакытта пайда болот. Мисалы; Орус платформасындагы Волга-Урал, Воронеж, Белорус антеклизалары ж.б.

**АНТЕЦЕДЕНТНАЯ ДОЛИНА**–кууш, тар өрөөн. Көтөрүлүп бара жаткан тоолордун, же дөңсөөлөрдү туурасынан кесип өткөн суунун өрөөнү. Антецеденттик өрөөн кууш, терең жана капталдары тик болот. Кыргызстанда антеценденттик өрөөн катарына Капчыгай, Сарыжаз, Какшаал, Шалкылдак, Зардалы, Сахоба, Абшир ж.б капчыгайлар кирет.

**АНТИКЛИНАЛЬ**–антиклиналь. Антиклиналдык катталыш тоо тектеринин кабат–кабат болгон катталышы жана алардын жогору карай ийилип жатышы.

**АНТИКЛИНАЛЬНАЯ ДОЛИНА**–антиклиналдык өрөөн. Антиклиналдык катталыштын жону менен өткөн өрөөн. Антиклиналдык өрөөндө тоо тектери агымга каршы жаткандыктан, өзөндүн боюнда булактары болбойт,жээк кашатында жарлар, аңдар, чуңкурлар кездешбейт.

**АНТИКЛИНАЛЬНЫЙ ХРЕБЕТ**–антиклиналдык тоо кырка. Антиклиналдык структурага дал келишкен тоо кыркалары.

**АНТИКЛИНОРИЙ** – антиклинорий (антиклинал жана грек. oros– тоо, дөңсөө). Жер кабыгындагы ири жана татаал түзүлүштөгү катталыштын комплекси. Борбордук бөлүгү бүкүр тартып бийик келет, капталдары тайпак. Геосинклиналдык областтардын акырындап которулушунун натыйжасында пайда болот.

**АНТИЛОПЫ**–антилоптор. Ача туяктуулар классындагы, көңдөй мүйүздүүлөр тукумуна кирүүчү айбанаттардын тобу. Дене түзүлүштөрү субагай тартып, буттары ичке, узун, өздөрү илбериңки. Эркектеринин мүйүзү түрдүү формада. Антилоптордун майдалары коендой, чоңдору өгүздөй болушат. Үйүр–үйүр болуп жашашат. Американын, Борбордук Азиянын талаалуу жерлеринде, чөл мейкиндиктеринде жашайт. Кээ бир түрлөрү мелүүн алкактын тоолуу райондорундагы субальпы жана альпы тилкелеринде кезигет. Антилопторго бөкөн, жейрен ж.б кирет.

**АНТИПОДЫ**-антиподдор. Жердин бетинде карама- каршы жайгашкан обьектилер. Мисалы; Түндүк Муз океаны Антарктида, Инд океаны Түндүк Америка менен антипод.

**АНТИЛЬСКОЕ ТЕЧЕНИЕ**–антиль агымы. Атлантика океанындагы Чоӊ Антиль аралдарынын түндүк-чыгышындагы жылуу агым, Түндүк Пассат агымынын уландысы.

**АНИТИПАССАТЫ** – антипассаттар (грек. anti–каршы). Тропиктик алкактарда, стратосферанын төмөнкү катмарларында чыгыштан болуучу пассат шамалдарынын үстүнөн, батыштан согуучу шамалдар. Антипассаттардын төмөнкү чеги орто эсеп менен 4 км. бийиктик аркылуу өтөт.

**АНТИФОРМА**-Тетири форма. Чөкмө, же метеморфозмделген тектерден түзүлгөн катмардын, бүкүрөйүп өйдө көтөрүлүп жатышы.

**АНТИЦИКЛОГЕНЕЗ**–антициклогенез. Антициклон жана (грек.-genesis–пайда болуу жаралуу). Атмосферадагы атнициклондун пайда болуу процесси.

**АНТИЦИКЛОН**–антициклон (грек.–anti–каршы) Атмосферадагы басымы жогору болгон область. Антициклондордун кеӊдиги 1000 км ге жетет. Антициклондор түндүк жарым шаарда саат жебеси боюнча, түштүк жарым шаарда саат жебесине каршы багытта согот. Аз булуттуу жана кургакчыл аба–ырайы мүнөздүү.

**АНТИЦИКЛОНИЧЕСКИЙ ВИХРЫ ОКЕАНА**–Океандагы антициклондук айланма. Океандагы огу вертикалдык, же жантайма айланма, түндүк жарым шаарда саат жебесине каршы согот. Көбүнчө Гольфстрим менен Америка материгинин ортосунда пайда болот.

**АНТИЦИКЛОНИЧЕСКОЕ ТЕЧЕНИЕ**–антициклондук агым. Түндүк жарым шаарда саат жебесинин багыты боюнча, түштүк жарым шаарда саат жебесине каршы багытта агуучу, айланма-деӊиз агымдары.

**АНТРОЦИТ**–антроцит (грек. anthraktis-көмүр). Эӊ жогорку даражада метаморфорздолгон көмүрдүн көмүлүп жаткан чириндиси. Карасур түстө, жалтырак болот. Жылуулук чыгаруусу 33,9-34,8мд ж/ кг, ар түрдүү калыӊдыктагы катмарлардан турат.

**АНТРОПОГЕННАЯ НАГРУЗКА**–антропогендик жүк (грек. anthropos-адам жана genes–жаралуучу, пайда болуучу). Адам баласынын чарбалык иштеринде жаратылышка тийгизүүчү таасири.

**АНТРОПОГЕННЫЕ ИЗМЕНЕНИЯ КЛИМАТА**–климаттын антропогендик өзгөрүшү. Адам коомунун чарбалык иш аракетинин натыйжасында, жергиликтүү климаттын өзгөрүшү (жердин бетиндеги токойлорду кыюу, отургузуу, жерди айдоо , кургатуу, сугаруу, курулуштарды куруу ж.б), атмосферанын индустриялдык жылуулук менен жылышынын (көмүр кычкыл газынын көбөйүшү) натыйжасында пайда болот. Азыркы заманда к.а.о дүйнөлүк масштабда байкала баштады.

**АНТРОПОГЕННЫЕ ПОЧВЫ**-антропогендик топурак. Адам коомунун чарбалык иштеринин таасири менен топуракты, же топурак пайда кылуучу шартты түп- тамырынан бери өзгөртүүнүн натыйжасында пайда болот. Топурактардын жакшыртылган, же бузулган абалдагы шарты айтылат.

**АНТРОПОГЕННЫЕ ФАКТОРЫ**–антропогендик факторлор. Адам коомунун жаратылышка тийгизген таасиринин, кырку, жоюу, алып келүү, өстүрүү, коргоо ж.б. жыйындысы.

**АНТРОПОГЕННЫЙ РЕЛЬЕФ**-антропогендик рельеф, техногенный рельеф. Адамдын таасири менен жердин бетиндеги рельефтин өзгөргөн формаларынын жыйындысы.

**АНТРОПОГЕННАЯ СИСТЕМА**-антропоген системасы, антропогендик доор. Жердин өсүү тарыхынын акыркы мезгили жана стратаграфиясынын акыркы шкаласы. А, системасында жердин бети тарыхый өзгөрүшкө дуушар болуп, адам баласынын жаралып, андан ары өсүп, адам коому пайда болгон. Терминди 1922-ж. Советтик окумуштуу А.П. Павлов сунуш кылган. Советтик геологиялык адабияттарда антропогендик система төртүнчүлүк система деп да, айтылат.

**АНТРОПОСФЕРА**–антропосфера (грек. адам жана шаар). Соцсферанын составдык бөлүгү. Ал адам коомунун организмдеринин жыйындысы катары алып карайт.

**АНТРОПОХОРЫ**–антропохорлор (грек. адам жана басамын, жыламын). Адамдын эркининен тышкары тараган өсүмдүк (жемиш-мөмө үрөөн), таркалуу ареалынын чөйрөсүнөн өтүп, жаңы шартка көнүшүп кетет.

**АНТРОЦЕНОЛОГИЯ**–антроценология. Адам коому менен табийгый чөйрөнүн ортосундагы, өз-ара мамилени изилдөөчү илим.

**АПАТИТ**-апатит (грек.–apate-калп). Апатит деп адегенде башка минералдарды (фтор, хлор, көмүр кычкыл кислотасы жана суу аралашкан кальций, фосфат) аташкан.

**АПОГЕЙ**–апогей (грек.–apogeon–алыстоо жана ge–жер). Жерден өтө алыстаган чекит. Айдын орбитасынын, же жердин жасалма жандоочусунун жерден өтө алыстаган чекити.

**АПШЕРОНСКИЙ БАССЕЙН**–апшерон бассейни. Плиоцен доорунун аягында, азыркы Каспий деңизинин ордуна пайда болгон туздуу суу басейни. Мурдагы Акчагыл бассейнине караганда тайыз, бирок азыркы Каспий деңизинин дегээлинен алда канча кенен жана терең болгон.

**АРАЛЬСКИЙ ТИП БЕРЕГА**–арал тибиндеги жээк. Деңиздин тартылышынын натыйжасында тайыздалган жээк. Жээк сызыгы булуң-буйткалуу, майда аралдуу жана жарым аралдуу келет. Арал деңизинин чыгыш жээгине мүнөздүү.

**АРЕАЛ**–ареал (лат. area–аянт, участок, бөлүк). Белгилүү бир кубулуштун тараган аянты. Биогеографияда бир түрдүн, же түркүмдүн жашаган чөйрөсүнүн аянты.

**АРЕАЛОВ СПОСОБ**–ареалдык ыкма. Географиялык картага белгилү обьектинин, же кубулуштун, өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн, топурактын, жаныбарлардын ж.б. таралышынын контурун белгилеп, аны боеп, же чиймелеп сүрөткө тартуу.

**АРИДНАЯ ЗОНА**–кургакчыл зона (лат. areo-кургак). Климаты кургак табигый географиялык зона. Буга чөл, же жарым чөл ландшафты кирет, сугармайынча дыйканчылык кылууга мүмкүн эмес.

**АРИДНАЯ ПУСТЫНЯ**–кургак чөл. Эки жарым шардын пассатык шамалдарынын зонасына мүнөздүү тропиктик жана субтропиктик алкактардагы чөлдөрдүн зоналдуу тиби.

**АРИДНОСТЬ**– кургактык чөлдүүлүк.

**АРИДНЫЕ ПОЧВЫ**–кургакталган топурак. Бууллануу процесстери жаан-чачындын санынан көптүк кылган, каксоо шарта пайда болон топурак, буга; чөл, жарым чөл жана талаа тилкелеринин топурагы кирет.

**АРИДНЫЙ КЛИМАТ**-кургак климат.

**АРИДНЫЙ ЛАНДШАФТ**–кургакчыл ландшафт. Чөл, жарым чөл жана талаа ландшафттары кирет.

**АРИДНЫЙ РЕЛЬЕФ-** кургак, каксоо рельеф. Кургак климаттык шартта пайда болгон рельеф. Мисалы; чөл, жарым чөл жана талаа тилкесиндеги адырлар, бархандар ж.б.

**АРКТИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**-арктикалык жаныбарлар областы. Беринг кысыгынан тартып Шпицберген–Геренландия-Исландия– Ньюфаундлендге чейинки сызыктын ортосундагы акватория кирет. Суусунун температурасы төмөн (көбүнчө $0^0$ С дан төмөн), кышында жана жайында жарым–жартылай муз менен капталып, туздуулугу төмөн, жаныбарлары кедей. Жай айларында муздун жээктеринде куштар жана айбанаттар көп (канаттуулардан ак чардак жана чистик өндүүлөр, сүт эмүүчүлөрдөн тюлендер, нарвандар, белухалар, ак аюулар, морждар).

**АРКТИЧЕСКИЕ ПОЧВЫ**–арктикалык топурактар. Арктикалык алкактагы жыланач таштагы (өсүмдүксүз) топурактардын тиби. Калыңдыгы 1-3 см болгон органогендик жана начар минералдык заттардан турат. Булардан төмөн 40-50 см тереңдикте түбөлүк тоңдор таркалган. Түндүк Муз Океандын айланасында кездешет.

**АРКТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН**-арктикалык антициклон. Арктиканын атмосферасындагы төмөнкү басымдын натыйжасында пайда болгон аба массасы. Арктикалык антициклондун кышында эки борбору (Түндүк Американын жана Гренландиянын үстүндө), жайында үч борбору (Гренландиянын, Баренц жана Чукча деңиздеринин түндүгүндө) пайда болот.

**АРКТИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ**–арктикалык аба. Арктиканын жана Евразия менен Түндүк Американын үстүндө пайда болуучу аба массасы, төмөнкү температура, аз нымдуулук, абасына тунуктуулук мүнөздүү. Таасири Орто Азияга чейин тиет.

**АРКТИЧЕСКИЙ КЛИМАТ**- арктика климаты. Арктикага мүнөздүү климат. Уюлдук түндө кар жана муз бетинин өтө күчтүү чагылдыруусу жана күн радиациясынын көп келиши менен мүнөздөлөт.

**АРКТИЧЕСКИЙ ПОЯС**–арктикалык алкак. Арктиканын көпчүлүк бөлүгү кирген жердин жаратылыш алкагы. Кургактыкта

арктикалык алкакка арктика чөлдөрүнүн зонасы кирет. Деңизде муз менен капталган. Арктика алкагынын төмөнкү чек арасы июль айынын +5⁰,0 изотермасы боюнча бөлүнөт.

**АРКТИЧЕСКИЙ БАССЕЙН КЛИМАТА**–арктикалык бассейндин климаты. Ызгаардуу климат, орточо айлык температурасы жайында $0^0$ С дан кышында, - $40^0$С га, Гренландияда –15 $^0$С га чейин. Абсолюттук минимум –$70^0$ С га жакын. Абанын орточо жылдык температурасы –30 $^0$ С дан төмөн. Жаан-чачын аз, Гренландиянын көпчүлүк жеринде жылына 100 мм ден төмөн. Европалык Арктиканын Атлантика океанына жакын райондорунун климаты жумшак жана нымдуу. Себеби, бул жерге Атлантика океанынан жылуу аба массалары келет (Шпицбергенде январда – $16^0$С, июнда $5^0$С, жылдык жаан- чачын 320мм.ге жакын). Арктиканын Азия-Америкалык секторунда климат каардуураак.

**АРКТОГЕЯ**–арктогея (грек.–түндүк жана де-жер, жаныбарлар дүйнөсү). Кургактыкта бөлүштүрүү боюнча Палеоарктика, Инд–Малай, Эфиопея жана Неоарктика областтарын бириктирген жаныбарлар область.

**АРТЕЗИАНСКИЕ ВОДЫ**- артезиандык суулар. (Франциялык Артуа провинциясынын атынан). Жер кыртышындагы эки суу өткөрбөөчү катмардын ортосундагы, суу өткөрүүчү тектердеги жыйылып турган суу. Бургулап чыгарганда артезиандык суулар өзү атып чыгат, кээде атылып чыгып фонтанды пайда кылат.

**АРТЕЗИАНСКИЙ БАССЕЙН**–артезиан бассейни. Төмөн түшкөн геологиялык катмардуу структураларда (тоо аралык ойдуңдар) пайда болгон, кысылган суулардын бассейни. СНГде ири артезиан бассейндери болуп Батыш Сибирь, Прибалтика, Москва, Фергана ж.б. аймактар саналат.

**АРХЕЙ**–архей (грек. archaios – байыркы алгачкы). Экиге бөлүнгөн кембрийдин төмөнкү бөлүгү. Мындан 2,6 млрд. жыл мурда пайда болуп, 1 млрд. жылга чейин созулган. Жер бетинин көпчүлүк райондорунда өтө чың метаморфоздолгон тоо тектерин пайда кылган.

**АРХЕЙСКОЕ СКЛАДЧАТОСТИ**–архей катталыштыктары. Жердин тарыхындагы эң байыркы катталыштануу доору. Мындан 2,6 млрд. жыл мурда башталган, тоо тектери өтө терең метаморфоздолгон жана граниттешкен.

**АРХЕОЛОГИЧЕСКАЯ КУЛЬТУРА**–археологиялык маданият. Белгилүү аймактагы археологиялык курулуштун ыкмасы (архитектурасы). Сырткы жана ички түзүлүшү боюнча жергиликтүү өзгөчөлүккө ээ. Археологиялык маданияттын пайда болушун, өсүп өнүгүшүн жана бузулушун аныктоо менен адам коомунун тарыхый өсүшүн калыбыны келтирүүгө болот.

**АРХЕОПТЕРИКС**–археоптерикс. Канаттуулардын эң байыркы теги. Денеси (көгүчкөндөй) жүндүү, астыңкы ээгинде сүйрү тиштери болгон. Юра доорунун аягында токойлуу аймакта жашаган. Алардын калдыгы (үч – скелети жана канаты) Золенгофендеги (ФРГ) үстүнкү юра сланецинен табылган.

**АРХЕОФИТЫ**–археофиттер (грек. archaios–байыркы жана phyton–өсүмдүк). Тарыхый доорго чейинки өсүмдүктөрдүн отоо чөптөрү. Мисалы; чеге гүлдөр, уйгак, ак такар, талаа кызыл гүлү.

**АРХИПЕЛАГ**–архипелаг (итал. Arcipeiago–сөзмө–сөз-башкы деңиз). Геологиялык негизи бар жана бири-бирине жакын жайланышкан аралдардын тобу. Материктик, вулкандык, коралдык болуп бөлүнөт.

**АСБЕСТ**–асбест (грек. asbestos–өчүрүлбөөчү). Тоо зыгыры, силикаттар классындагы жибектей жумшак агрегаттардын аталышы.

**АСИММЕТРИЧНАЯ ДОЛИНА**–асимметриялык өрөөн. Туурасынан кесилген, профили боюнча караганда капталдары бирдей эмес кеңдиктеги (бир капталы тик, экинчиси – жантайынкы) өрөөндөр. Мисалы; Чүй, Талас, Чаткал ж.б. өрөөндөр.

**АСИММЕТРИЧНАЯ СКЛАДКА**–асимметриялуу катталыш. Тоо тектеринин кабатынын ар түрдүү бурч боюнча жантайышы, бир жаккы канаты тик, экинчиси жантайынкы. Мисалы; Теский жана Күңгөй Алатоолору, Жетимбел, Акшыйрак ж.б.

**АСИММЕТРИЯ РЕЛЬЕФА-** асимметриялуу рельеф. Бирдей эмес жантайган өрөөн, өрдөш, дөңсөө, бөксө тоо ж.б.

**АСТЕНОСФЕРА**–астеносфера (грек. astenes–начар жан sphaira– шар). Жердин жогорку мантиясындагы анча катуу эмес, борпоң, бири-бирине бирикпеген катмары. Континенттердин астында 100 км. чейинки, деңиз-океандардын астында 50 км. чейинки терендикте кезигет. Төмөнкү чеги 250- 350 км. Астеносфера магмаларды пайда кылуучу катмар.

**АСТРОБЛЕМА**-астроблема. Жээги жал менен тосулган ойдун, байыркы метеориттин кратери. Мисалы, Африкадага Вредофорд – Ринг.

**АСТРОНОМИЯ**–астрономия (грек. astzon-жылдыз жана nomos- закон). Асман телолорунун, алардын системаларынын мейкиндикте жайланышы, кыймылы, түзүлүшү, өөрчүүсү жана бүткүл асман жөнүндөгү илим. Физикалык география үчүн өзгөчө маанилүү. Астрометрияга деңизде сүзүү жана навигациялык астрономия кирет. Геодезиялык астрономия картографиялык-геодезиялык иштерде, астрономиялык аныктоолорду колдонуучу астрономиянын бөлүгү.

**АСФАЛЬТЫ ПРИРОДНЫЕ** -табийгый асфальттар (грек. aschaltos –тоо чайыры, асфальт). Оңой эрүүчү битумдар, нефтинин чөбөгөсү. Акиташ, доломит ж.б. тектердин жаракаларында болот.

**АТЛАНТИЧЕСКОЕ ВРЕМЯ**–атлантика убагы. Голоцен заманындагы эң жылуу мезгил, б.а. голоцендеги климаттык оптимум. Мындан 8-5 миң жыл мурда болгон.

**АТЛАСЫ ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ**–географиялык атластар. Математикалык негиз, мазмун, талап боюнча түзүлгөн географиялык карталардын системалаштырылган тому. Аймакты ээлеши боюнча дүйнөлүк, мазмуну боюнча жалпы географиялык, тематикалык жана талабы боюнча илимий-справкалуу деп бөлүнөт.

**АТМОСФЕРА**–атмосфера (грек. atmos–буу, sphaira-шар). Жерди курчап турган аба катмары, жер менен кошо айланат. Массасы 0,005x10 кг га жакын. Составында 78,1% азот, 21% кислород ( кычкылтек), 0,9% аргон, өтө аз өлчөмдө көмүр кычкыл газ, водород (суутек), гелий, неон ж.б. газдар кездешет. Атмосферада буунун, муздун, чаңдын бөлүкчөлөрү да бар. Атмосферанын басымы жана тыгыздуулугу бийиктеген сайын төмөндөйт. Температурасы боюнча атмосфера (жер бетинен жогору көздөй) төмөнкү катмарларга бөлүнөт; тропосфера, стратосфера, мезосфера, термосфера жана экзосфера. Тропосферада бүткүл атмосферадагы суу буусунун 4/5 массасы топтолгон, аба ырайынын өзгөрүүлөрү (булуттуулук, күн күркүрөө, чагылган ж.б.) пайда болуп турат, жердеги тиричилиги үчүн мааниси чоң.

**АТМОСФЕРНАЯ ВОДА**- атмосферадагы суу. Абадагы суу буусу, же суу тамчылары, муз кристалдары түрүндөгү суу.

**АТМОСФЕРНАЯ РЕФРАКЦИЯ**–атмосфералык рефракция. Атмосферадагы жарыктын сынышы, чагылышы, жер бетин көздөй абанын тыгыздуулугунун жогорулашына байланыштуу атмосферада жарык нурларынын ийрейүүсү.

**АТМОСФЕРНОЕ ДАВЛЕНИЕ**–атмосфералык басым. Атмосфералык абанын бардык предметтерге жана жер бетине тийгизген басымы. Жердин ар бир чекитинде атмосфералык басым 1033 грамдык салмак менен түшөт. Деңиз деңгээлиндеги орточо атмосфералык басым сымап мамычасынан 760 мм не барабар.

**АТМОСФЕРНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ**–атмосферная радиация. (атмосфералык чагылдыруу). Атмосферанын жана булуттардын 4 микрондон 120 микронго чейинки узундуктардагы толкундарды, космостук мейкиндиктерге кайра чагылдыруусу.

**АТМОСФЕРНЫЕ АЭРОЗОЛИ**–атмосфералык аэрозолдор. Атмосферада, көбүнчө тропосферада каалгып жүргөн бөлүкчөлөр: суу тамчылары, муз кристалдары, органикалык жана минералдык чаң, вулкан чаңы, түтүн. ж.б.

**АТМОСФЕРНЫЕ ВОЗМУЩЕНИЯ**-атмосфералык бузулуу. Атмосферанын туруктуу абалынын бузулушу (циклондор, антициклондор, депрессиялар ж.б.).

**АТМОСФЕРНЫЕ ОСАДКИ**–атмосфералык жаан-чачын. Булуттардан пайда болуучу суюктук, же катуу түрдөгү атмосфералык суу (жамгыр, кар, акшак, мөндүр, кыроо, бубак).

**АТМОСФЕРНЫЙ ФРОНТ**–атмосфралык фронт. Ар түүрдүү физикалык касиеттеги эки аба массасы кошулган тилке. Фронттун өтүшү аба ырайындагы өзгөрүүлөрдү туудурат.

**АТОЛЛ**- атолл. Формасы шакек өңдүү, көбүнчө бир жагында жарыгы бар, тыгыз жана жалгыз коралл аралы. Атоллдун фундаменти суу астындагы жанар тоонун чокусу, кратери. Тынч жана Инд окенынын тропиктик алкагында тараган.

**АФЕЛИЙ**–афелий (грек.-алыстоо деген мааниде). Күн планеталарынын, кометалардын, метеориттердин эклиптикалык орбитасында күндөн эң алыста жайгашкан точкасы.

**АЦИДОФИЛИ**–ацидофилдер (лат. Acidus–кычкыл жана грек. phileo сүйөмүн). Кычкылдуулугу ашыктык кылган чөйрөдө жашоочу бактериялар- организмдер.

**АШЕЛЬ**–ашель. Түндүк Франциядагы Сент-Ашел деген жердин атынан коюлган, эрте палеолит заманындагы маданият. Негизинен батыш Европада жана Африкада тараган. Биринчи жолу Францияда белгиленген. Ашел адамдары үңкүрлөрдө, же талаада жашашкан. От жагып, аңчылык кылышкан.

**АЭРАЦИЯ ЗОНЫ**–аэрация зонасы. Жер кыртышынын бети менен грунт сууларынын ортосундагы зона. Гидроскопиялык, пленкалык, жана капиллярдык суулар кездешет.

**АЭРОБНЫЕ ОРГАНИЗМЫ**–аэробдук оргнаизмдер (грек. aer-аба жана bios- тиричилик). Эркин кислородду чөйрөдө жашоочу организмдер. Ага айбанаттардын бардыгы өсүмдүктөр жана көп сандаган микроорганизмдер кирет.

**АЭРАЦИЯ ПОЧВЫ**-топурактын аэрациясы (грек. aeros-аба). Топурактын атмосфера менен газ алмашуусу. Аэрация топуракта өсүмдүктөрдүн өсүшүнө жана топурактын түшүмдүүлүгүнө шарт түзөт.

**АЭРОКЛИМАТОЛОГИЯ**–аэроклиматология. Климатологиянын бөлүгү, тропосферадагы жана төмөнкү стротосферадагы (20-25 км бийиктиктеги ) климаттык шартты изилдейт.

**АЭРОЛОГИЯ**–аэрология (грек. aer-аба жана logos-илим, окуу). Эркин атмосферадагы физикалык процесстерди изилдөөчү илим.

**АЭРОМЕТОДЫ ИЗУЧЕНИЯ ЗЕМЛИ**–жерди изилдөөнүн аэрометоддору. Учуучу аппараттардын изилдөө, методдорунун жана карталаштыруунун жыйындысы. Аэрометоддорго жер бетинин аэросүрөтүн тартуу, о.э. аэронускасын алууну чечмелөө, фотограмметриялык ыкма менен жүргүзүлүүчү тийиштүү өлчөөлөр кирет.

**АЭРОСЬЕМКА** – аэросьемка. Учуучу аппараттардын жардамы менен жердин сүрөтүн алуу.

## -Б-

**«БАБЬЕ ЛЕТО»** – «бабье лето». Европа материгинде сентябрдын ортосунан октябрь айынын ортосуна чейинки убакытта мелмилдеп турган, жылуу кургак мезгил өкүмсүрүп, ал аймактын үстүндө туруктуу антициклон үстөмдүк кылган учурда пайда болот. «Бабье лето» Түндүк Америкада кечирээк байкалат да, «индеец жайы» деп аталат.

**БАГУЙО**–багуйо. Филиппин аралдарындагы июль айынан ноябрь айына чейинки тропиктик циклондун жергиликтүү аты.

**БАЗАЛЬТНАЯ ЗОНА ГОР**– тоолордун базалдуу зонасы. Тоолордогу эшилген борпоң, тектерден турган катмарланган тоо этектери.

**БАЗАЛЬТ**–базальт. (лат. basaltes-грек. basanos- байкоо). Текстурасы тыгыз, күңүр түстөгү негизги (эффузия) тоо теги. Плагиокластан, авгиттен жана оливинден куралат. Мындай тектерден базальт тоолору пайда болот. Мисалы; Декан бөксөө тоосундагы базальттык торптор.

**БАЗАЛЬТОВЫЙ СЛОЙ**–базальттык катмар. Граниттүү катмар менен жердин мантиясынын ортосундагы кабат. Габбро жана өтө метаморфоздолгон тектерден турат.

**БАЗИС**–базис. (грек. basis–негиз). Жердин бетинин негизи катарында эсептелген сызыгы.

**БАЗИС ДЕНУДАЦИИ**–талкалануу базиси. Денудация процесси жүргөн чөйрөнүн эң төмөнкү чеги, тоонун беттери келип такалган түздүктүн бети. Денудациянын базисинде жуулуу процесси күчүн жоготот да, аккумуляция процесси башталат.

**БАЗИС ЭРОЗИИ** -эрозиянын базиси. Суунун агымы жандуу күчүн жоготуп, жердин бетин жемирүүчү касиети жокко эсе болгон мейкиндик- чөйрө.

**БАЗИФИЛЫ**–базифилдер. Шелочтуу чөйрөдө жашоочу организмдер. Ага чөл жана талаа өсүмдүктөрүнүн түрлөрү кирет.

**БАЙДЖЕРАХИ**-байджерахи. Якутиядагы бийиктиги бир нече метр болгон дөбөлөр. Көп жылдык тоң тараган райондордо, тектердин арасындагы муздар эригенде пайда болот.

**БАЙКАЛСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–байкал катталыштыгы. Сибирь платформасынын түштүк четинде жүргөн катталыштардын системасынын атынан коюлган. Протерозойдун аягында жана кембрийдин башында пайда болгон тектоникалык процесстердин жыйынтыгы.

**БАЙРАК**–байрак (түрк. коо). Жазы жалбырактуу токой өскөн аймак, коо термини Европанын түштүгүндө колдонулат.

**БАЙРЫ**–байры (түрк. байир–дөбө, жар). Орто Азиянын чөл жана талаа районундагы узатасынан жайгашкан, үчүнчүлүк доорунан калган рельефтин формасы.

**БАЛЛ**–балл (франц. шар). Шамалдын күчүн жана ылдамдыгын, деңиз толкундарын, жер титирөөлөрдүн күчүн ж.б. өлчөөдө колдонулуучу шарттуу бирдик. Мисалы, Бофорт шкаласы.

**БАКИНСКИЙ БАССЕЙН**–баку бассейни. Плейстоцен доорунда азыркы Каспий деңизинин ордундагы туздуу бассейн. Каспий деңизинин деңгээлинен кыйла жогору болгон.

**БАКИНСКИЙ ЯРУС** (слой)–баку ярусу (катмары). Плейстоцендин астыңкы кабаты, Апшерон кабатынын үстүндө топтолуп үстүнөн Хазар кабаты менен басылып жатат.

**БАЛКА**–коо. Кургак, же кез-кезде суу жүргөн талаа, шибер жана майда бадал өскөн колот. Узундугу бир нече км, туурасы 100 метрге, тереңдиги бир нече метрге чейин жетет. Балка жарлардын түзөлгөн стадиясы.

**БАЛАНС ПОДЗЕМНЫХ ВОД**– жер астындагы суулардын балансы.

**БАЛАНС УВЛАЖНЕНИЯ** – нымдуулук балансы.

**БАЛОЧЫЙ РЕЛЬЕФН**–коктуу–колоттуу түзүлүштөгү рельефтин формасы.

**БАЛТИНСКОЕ ЛЕДНИКОВОЕ ОЗЕРО**-Балтикалык муз көл. Азыркы Балтика деңизинин ордунда, муз доорунун акыркы фазасында (11-10

млн. жыл мурда) чегинген, муздардын четинде пайда болгон тузсуз суу бассейни.

**БАНКА**–банка. Айланасы тайызыраак деңиз түбүнүн участогу. Шилендиге, жанар тоолорго, тектоникалык кыймылдарга байланыштуу. Мисалы, Ньюфаундленд банкасы.

**БАР**–бар (анг же франц. тоскоол, же тайыздык). Деңиз четине жарыш жаткан деңиз чөкмөлөрүнөн (кум, шагыл, үлүл кабыктарынан) турган деңиз тайыздыгы.

**БАРАНЬЯ ЛБЫ**-кой маңдай таштар. Төртүнчүлүк доордо туташ каптап жаткан мөңгүлөрдүн ордунда пайда болгон дөбө. Чоң-чоң тоголок ташту мөңгүлөрдүн таасири менен жылмаланган, оюлуп-чийилген урчук аскалардан турат. Байыркы тоо мөңгүлөрүнүн жылышына байланыштуу бир багытта жылмаланган. Ал эми маңдай тарабынан караганда арсак – терсектүү. «Кой маңдай» таштар Тянь–Шандын Арабель, Кумтөр, Көкалачат өрөөндөрүндө жакшы сакталган.

**БАРИЧЕЙСКАЯ ДЕПРЕССИЯ**–бар депрессиясы (грек. оордук). Төмөнкү атмосфералык басым областы. Атмосфералык басым туюк, же жарым туюк изобардан турат.

**БАРАХОРЫ**–барахорлор (грек. салмак, оордук жана алга жыламын). Мөмөсүн, же данынын салмагын көтөрө албай күбүлүп турган өсүмдүктөр.

**БАРАНКОСЫ**-баранкостор. Жанар тоолордун капталдарында радиустук багыт менен тилмеленген эрозиялык сайлар.

**БАРИЧЕСКИЙ ГРАДИЕНТ**- (барометрический градиент)-бардык градиент. Вертикалдык жана горизонталдык градиент болуп бөлүнөт. Горизонталдык градиент 1-3м, бар –100 км ге барабар. Вертикалдык градиенттин ордуна бардык баскычты пайдаланат.

**БАРХАНЫ**–бархандар (туюк). 1. Чөлдөрдөгү эшилген кумдардын аталышы (бархан тизмеги, приамидасы, ж.б). 2. Шамал учуруп келип үймөктөлгөн эшилме кум дөбөчөлөр. Бархандардын шамал жакы бети томпок, шамалга карама- каршы бети оюк тартып, мүйүз сыяктуу ийри болот.

**БАРХАННЫЕ ГРЯДЫ**–бархандык жалдар. Шамалдын багытына дал келип жаткан эшилме кумдардан түзүлгөн жалдар. Шамалдын күчү анча болбосо бархандык жалдар туташ келет, тескери бети жаа формасында болот. Узундугу 700 км, бийиктиги 500 м, туурасы 1 км ге чейин жетет. Бархандык жалдардын аралыгы 4-5 км түзөт. Африканын тропиктик чөлдөрүндө, Орто Азияда Борбордук Каракум чөлүндө көп кезигет.

**БАРИЧЕСКИЕ ЛОЖБИНЫ**–туюк изобарасыз төмөнкү атмосфералык басымдын тилкеси. Циклондун чет жакаларында, же эки антициклондун ортосунда жайланышкан.

**БАРИЧЕСКАЯ СТУПЕНЬ**-барометр баскычы, бардык баскыч (барометрдик баскыч). Атмосферанын басымы 1 мбарга өзгөрүүчү эки точканын аралыгы. Деңиз денгээлинде стандарттык басым 1000мбарга жана абанын температурасы $0^0$ С, барометридик баскыч 8 мде 1 мбарга жакын, 5 км бийиктикте –15 мде 1 м барды түзөт.

**БАРИЧЕСКИЕ СИСТЕМЫ**–бардык системалар. Атмосферанын бардык талаасындагы жогорку жана төмөнкү басымдагы областтардын жыйындысы. Бардык системалар туюк (циклондор жана антициклондор) жана туюк эмес (коктулар жана жалдар), изобарлар болуп бөлүнөт. Чоңдугу боюнча материктерге жана океандарга, же алардын ири бөлүктөрүнө туура келет. Бардык системалар дайыма орун которуп, өлчөмүн өзгөртүп (көбөйтүп, же кичирейтип), жаңыдан пайда болуп, же жоголуп турат.

**БАРХАННЫЕ ПИРАМИДЫ**–(пирамидальные дюны, звездочатые дюны)- пирамидалык дюналар. Пирамида түрүндөгү кум- дөбөлөрү, эки багытта соккон шамалдардын кесилишкен, ошондой эле ысыган абанын вертикалдык багыт менен көтөрүлгөн жерлеринде (көбүнчө тропиктик чөлдөрдө) пайда болот. Бийиктиги 300 м ге, туурасы 3 км. ге чейин.

**БАРХАННЫЕ ЦЕПИ**-бархандар чынжыры. Туташ жаткан, туурасынан кесилгенде ассимметриялык түзүлүштөгү бархандар. Узундугу 100 км жана андан узун. Сезон боюнча карама- каршы согуучу шамалдарга перпендикулярдык багытта созулуп жатат.

**БАРЬЕРНЫЙ РИФ**–барьердик риф (франц. Barriere–кашаа, тосмо). Материктин, же аралдын жээгине жарыш жайгашкан, бир нече жүз километрге созулган, коралдык жалчалар. Кургактыктан ондогон километр алыстыкта созулуп жатат. Барьердик риф менен

кургактыктын ортосунда тайыз лагуна жатат. Барьердик рифтин эң чоңу Чоң Барьердик Риф, (2-3 км) Австралиянын түндүк- чыгыш жээктерин бойлоп созулуп жатат. Тынч, Атлантика жана Инд океандарынын жылуу алкактарына да мүнөздүү.

**БАССЕЙН**–бассейн (алап). 1. Суу агып чыкпаган ойдуң (бессточный бассейн). 2. Деңиз–океандардын түбүндөгү чуңкурдук–оюк; 3. Чөкмө тектер катмарлануучу ойдуң (чөкмө бассейиндер) 4. Жер кабыгындагы тоо тектеринин ортосуна карай ийилишинен пайда болгон ойдуң (Париж жана Мичиган бассейндери). 5. Жер астындагы, же жер үстүндөгү суу массасын кармап туруучу көңдөй (артезиан бассейни).

**БАТИАЛЬ**–батиаль (грек. bathus-терең). Океандагы сублиторальдын жана абиссиальдын ортосундагы зона, болжол менен материктик бетке дал келет, тереңдиги 200 м ден 3000 мге чейин жетет.

**БАТИАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–батиалдык катмарлар, же чөкмөлөр. Океандын тайыз жээги менен түбүнүн ортосундагы зонанын чөкмө катмары.

**БАТИМЕТРИЯ**–батиметрия (грек. bathus–тереңдик жана metreo-ченеймин). Океан, деңиз, көлдөрдүн тереңдигин атайын куралдардын (лот, эхлот ж.б ) жардамы менен ченөө.

**БАТИМЕТРИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–батиметриялык карталар. Изобаттардын жардамы менен түзүлгөн океан-деңиздердин, көлдөрдүн суу астындагы рельефинин картасы. Тереңдикти ченөө жолу менен түшүндүрүлөт.

**БАТОЛИТ**- батолит (грек. bathos – тереңдик жана lithos - таш). Жер кыртышынын катталыштык областтарында чөкмө тектердин арасындагы граниттик тоо тектеринин чоң массиви (200 км $^2$ тан чоң).

**БЕДЛЕНД**–жинди жер (жараксыз жер, ыңгайсыз жер). Тоо этектериндеги, же түздүктөгү уйгу-туйгулуу рельеф. Дыйканчылыкка жараксыз. Климаты кургак, жаан–чачыны аз, суу сиңбеген, чополуу жерлерде пайда болот. Мисалы; Түндүк Американын Аскалуу тоолорунун чыгыш этегинде, Тянь-Шандын түштүк чөлкөмүндө, Арменияда, Копет- Дагда кезигет. Түштүк Кыргызстанда Шорсу, Майлысу, Майлысай ж.б. жинди жерлер кездешет.

**БЕЗЛИСТНЫЕ РАСТЕНИЯ**–жалбыраксыз өсүмдүктөр. Климаты ысык жерде өсүп, нымдуулукту аз талап кылуучу өсүмдүктөр.

**БЕЗМОРОЗНЫЙ ПЕРИОД**–аязсыз мезгил, жылуу мезгил. Жазгы акыркы аяздын (үшүктүн) орточо датасы менен күзгү аяздын орточо датасындагы аралык. Агроклиматалогия үчүн мааниси чоң, тигил же бул райондордо айыл-чарба өсүмдүктөрүн тандоодо маанилүү.

**БЕЗНАПОРНЫЕ ВОДЫ**–кысылуусуз суулар. Жер бетиндеги токтоп турган, агын жана жер астындагы гравитациялык суулар.

**БЕНТАЛЬ**-бенталь (герк. benthos-терeңдик). Суу астындагы балчыктарда тиричилигин өткөрүүчү организмдер жашаган чөйрө. Бенталда жашоочулар бенталды түзөт. Деңиз жана тузсуз сууларда бенталдар ар түрдүү зоналарга бөлүнөт.

**БЕНТОС**–бентос (грек. benthos–тереңдик). Деңиз сууларынын түбүндө жашаган организмдердин жыйындысы. Бентостук организмдер суу астындагы субстратка жабышып тиричилигин өткөзөт жана зообентос (жаныбарлардыкы), фитобентос (өсүмдүктөрдүкү) деп бөлүнөт. Зообентоско фораминиферлер, губкалар, көңдөй ичегилүүлөр, асцидиялар жана балыктар; фитобентоско деңиз түбүндөгү бактериялар, балырлар кирет. Кыргызстанда зообентостор Ысыккөлдө кездешет. Балыктарга тамак катарында кызмат кылат.

**БЕРГШРУНД**–бергшрунд (нем. Berg–тоо жана schrunal–жарака). Аскадан саландап тоңгон муздагы жарака. Мындай муздар мөңгүнүн башындагы касабалуу бөлүгүндө оркойгон аскаларда көп болот.

**БЕНЧ**–бенч (англ. bench–суу астындагы абразиялык каптал). Түпкү тек чыгып турган (деңиз чөкмөсү жок) суу астындагы жээк, каптал.

**БЕРЕГ**- жээк, кашат, кылаа. Деңиз, көл, суу сактагычтагы суу мейкиндиги менен кургактыктын кошулган жериндеги ичке тилке. Жээк тилкеси негизинен толкундун шарпылдагынын натыйжасында пайда болот. Жээк абразиялуу, аккумуляциялуу деп бөлүнөт. Ири дарыялардын чатында дельталууу, тропик деңизинде коралдуу, уюлдук деңиздерде термоабразиялуу жээктер кездешет.

**БЕРЕГОВОЙ БАР**–жээк бары. Жээке жарыш созулуп жаткан кум жалы. Кургактыктан лагуна аркылуу бөлүнүп турат.

**БЕРЕГОВОЙ ВАЛ**–жээк жал. Жээктин жалпы багытына жарыш жаткан, толкундан пайда болгон чайканды (кум, шагыл, үлүл, ж.б.) чөкмөлөрдөн жээк жал, пайда болот.

**БЕРЕГОВЫЕ ДАМБЫ**–жээк кырлары. Ташкынды, селди токтотуу үчүн, же көлмө жасоо үчүн узатасынан кырдалган тосмо. Ири дарыялардын (Миссисипи, По) чатында жана тоо сууларында (Кура, Аракс, Терек, Кубань, Нарын, Чүй ж.б) көп кезигет. Жээктин кырынын бийиктиги 5-6 м жогору. Кээде суу катуу кирип, кайра тартылганда жээгине кум, шагыл чайкалып калуудан да, пайда болот. Суу ташып, кырдалган жээкти агызган учурда, чоң сел пайда болуп айыл – кыштактарга, айдоо аянтына курулуш ж.б. эл чарбасынын тармактарына зыян келтирет.

**БЕРЕГ МОРСКОЙ**–деңиз жээги. Кургактык менен деңиздин чек арасындагы өз-ара аракеттенүү процесстеринин натыйжасында пайда болгон рельефтен турган тилке.

**БЕРЕГОВАЯ ЛИНИЯ**–жээк сызык. Кургактык менен суунун жээгин бөлүп турган сызык. Ал туруктуу болбой которулуп, өзгөрүлүп турат.

**БЕРЕГОВАЯ МОРЕНА**–жээк моренасы. Тоодон мөңгүнүн жылышы менен кошо жылмышып (шиленип) келип муздун жээгине жыйылган таш, томкорунду.

**БЕРЕГОВАЯ РАВНИНА**–жээк түздүгү. Кургактык тарабынан жээк зонасын курчап турган түздүк, суудан бошогон жээк тилкеси. Материктердин чет жакалары көтөрүлгөндө, же деңиз чегингенде жээк процесстери пайда кылган аккумляциялык түзүлүш. Мисалы, Ланды (Франци), Каспий бою ж.б.

**БЕРЕГОВАЯ ПУСТЫНЯ**–жээк чөлү. Материктердин батыш жээктериндеги пассаттардын зонасындагы чөлдүн тиби. Африкада жана Түштүк Америкада кеңири тараган.

**БЕРЕГОВЫЙ ЛЕД**–жээк музу. Уюлдук өлкөлөрдөгү деңиздердин жээгине тоңгон муз. Мындай муздуу жээк Сибирдин деңиздеринде көп кезигет.

**БЕРЕГОВЫЙ РИФ**–жээк коргулу. Деңиз, көл, суу сактагычтардын жээгинде, суунун астынан көтөрүлүп, оркоюп турган таштардын жыйындысы.

**БЕРЕГОВОЙ СКЛОН** - жээк капталы. Кургактыктын деңиз жээгин көздөй жайгашкан капталы.

**БЕРЕГОВОЙ УСТУП** – жээк кашаты, урчугу.к. клиф.

**БЕРЕГОВЫЙ ЦИКЛ** – жээк цикли. к. морской цикл.

**БЕРЕГОВОЙ ПРИПАЙ**–дарыялардын, көлдөрдүн, деңиздердин жээктерине тоңгон муз.

**БЕРЕГОВЫЕ ПРОЦЕССЫ**–жээк процесстери. Толкундун ташкындоосунун, тартылуунун натыйжасында жээк зонасында болуучу процесстер. Жээк процесстерине абразия шилендилердин орун которушу, жетилүүсү, сорттолушу жана акумуляциясы кирет.

**БЕРЕГОВЫЕ ТЕРАССЫ**–жээк кашаттары. Деңиздин, дарыянын, көлдүн жээгинин кийинки деңгээлинен жогору көтөрүлүп турган бөлүгү. Анын деңгээлинин көтөрүлүшү кургактыктын отурушунун натыйжасында пайда болот. Кургактык менен жээктин өсүү санына жараша бир нече катар кашаттар пайда болушу мүмкүн.

**БЕРЕЗОВЫЙ ЛЕС**-березняк – кайың токой. Жайында көгөрүүчү, майда жалбырактуу кайың басымдуулук кылган токой.

**БЕРИЛЛИЕВЫЕ РУДЫ** – берилл рудалары. Башкы минералдары; берилл, фенакит, бертрандит, гельбертрандит, хризоберилл, гельвин, гент- гельвин. Постмагмалык жол менен пайда болот.

**БЕССТОЧНАЯ ОБЛАСТЬ**–туюк область. Климаты кургакчыл болгондуктан дүйнөлүк океанга гана эмес ички деңиздерге агын суусу жетпеген область. Нымдуулугу мыкты областтардан куралгандыктан Нил гана кургакчыл территорияны басып өтүп деңизге куя алат. Учу-кыйырына көз жетпеген туюк областтар. Африка жана Америка материгинде кезигет. СНГде Арал, Каспий, Урал, Кура, Аму-Дарыя өрөөндөрү туюк областтардын катарына кирет.

**БЕССТОЧНОЕ ОЗЕРО**-туюк көл, акпас көл. Өрөөнүнөн агын суу чыкпаган көлдөр. Суусунун чыгымы бууланы жана жер астына сиңүү жолу менен азаят. Талаа жана чөлдүү талаа зонасында көп

кезигет. Суулары туздуу (Эльтон, Баскунчак), шорлуу (Сасыккөл, Арал, Каспий деңизи), сейрек гана учурларда тузсуз болот.

**БЕССТОЧНЫЕ ВПАДИНЫ**–туюк ойдуңдар. Дүйнөлүк океанда же ички деңизде, жер бетиндеги суусу агып чыкпаган ойдуңдар. Кургакчыл климаттуу, ошондой эле карст областтарында кезигет.

**БЕССТОЧНЫЙ БАССЕЙН**-туюк бассейн. Туюк областта, же болбосо суу агып чыкпаган областтан орун алган дарыялардын, же көлдөрдүн бассейни. Материктин ичиндеги көптөгөн өзөн- дарыя, көлдөрдүн бассейни (Лобнор, Ысыккөл,Балхаш, Арал жана Каспийдин бассейндери) туюк бассейнге туура келет.

**БЕЧЕВНИК**–бечевник (бечева–жип, көтөрмө жип). Дарыя боюнда жылаңач жээк, кеңдиги (же бийиктиги) дарыя суусунун бийик деңгээлинин (ташкын) жана эң төмөнкү деңгээлинин (межень) ортосундагы аралыкка барабар.

**БИДАЙК**–коо (талаа, же чөлдөгү жашыл ойдуң).

**БИЗЕ**-биза-бизе. Франция менен Швецариянын тоолуу райондорундагы түндүктөн жана түндүк -чыгыштан соккон шамал. Муздак аба каптаганда пайда болот.

**БИОГЕНЕЗ**–биогенез (грек. *bios*–тиричилик, *genesis*–келип чыгышы). Жандуу организмдердин органикалык кошулмаларды пайда кылышы. Кеңири мааниде – биогенез бардык жандуу организмдер жандуу гана организмдерден чыгат деген эмприкалык жыйынтыктоо.

**БИОГЕННАЯ СРЕДА**-биогендик чөйрө. Организмдердин катышуусуна негизделген чөйрө. Биогендик чөйрөнүн калыптанышында өсүмдүктөрдүн ролу чоң. Өсүмдүктөр менен топурактардын пайда болушуна атмосферанын тийгизген таасири чоң, биогендик чөйрөгө биосфера кирет. Ал эми тар мааниде фитоценоздордун ички чөйрөсү. Фитосреда фитоклимат, фитозоогендик микрорельеф китет.

**БИОГЕННАЯ МИГРАЦИЯ**–биогендик агым. Микроорганизмдин, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын катышуусу менен биосферадагы химиялык элементтердин алмашуусу. к. Биогеохимия.

**БИОГЕННЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–органогендик тоо тектери (биолиты-биогендик тоо тектер, органогендик тоо тектер). Жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тиричилигинде пайда болгон

продуктулардан, же алардын чирибеген калдыктарынан турган чөкмө тоо тектери. Заттык составы боюнча; карбонаттык (акиташ, коралл, фораминиферден, үлүл кабыктарынан ж.б); кремнийлик (диатомит, спонголит, радиолярит ж.б); фосфаттык (үлүл кабыгынан турган–ракушечник), топтолгон сөөктөр; гуано-(деңиз канаттууларынын кыгы), казылып–алынуучу (көмүр жана күйүүчү сланецтер) тоо тектери болуп бөлүнөт.

**БИОГЕННЫЕ ИЗВЕСТНЯКИ**-органогендик акиташ–биогендик акиташ, органогендик чөкмө тоо тектери. Негизинен жаныбарлардын, же өсүмдүктөрдүн карбонаттык скелетинин калдыктарынан, же алардын тиричилик аракетинен пайда болгон продуктылардан (копралит, коралл, онколит, строматолит ж.б. акиташтары) турган, көбүнчө деңиз, кээде көл чөкмөлөрү кирет.

**БИОГЕННЫЕ ОСАДКИ**-органогенные осадки–биогендик чөкмөлөр, органогендик чөкмөлөр. Организмдердин тиричилик аракетинен пайда болгон чөкмө тектер. Көбүнчө биогендик жол менен пайда болгон минералдык скелеттик калдыктардан, же органикалык заттардан турат. Дүйнөлүк океандын түбүнүн аянтынын 50 % не жакынын каптап турат.

**БИОГЕННОСФЕРА**–биогенносфера. Органикалык эмес материянын өсүп олтуруп тиричилик пайда болгонго чейинки мезгилди кучагына алган чөйрө. Көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча биогеносфераны жердин географиялык кабыкчасы деп түшүнсө да, болот.

**БИОГЕОГРАФИЧЕСКОЕ ДЕЛЕНИЕ ОКЕАНОВ**–океандардын биогеографиялык бөлүнүшү. Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлар дүйнөсүнүн составына жараша дүйнөлүк океанды областтарга, подобласттарга жана провинцияларга бөлүштүрүү. Азыркы схема боюнча Арктикалык (түндүктүн муздак суулуу), Бореалдык (Атлантика жан Тынч океандарынын мелүүн, суулуу бөлүгү), Түндүк субтропиктик, тропиктик (Атлантика, Тынч, Инд океандарынын жылуу, суулуу түштүк бөлүгү), Түштүк субтропикалык, Антибореалдык, Антарктикалык муздак суулуу областтар деп бөлүнөт.

**БИОГЕОГРАФИЯ**–биогеография. Жердин бетиндеги жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн таралышын үйрөтүүчү илим. Ал өсүмдүктөрдүн географиясы (фитогеография) жана жаныбарлардын географиясы (зоогеография) болуп бөлүнөт. Булардын ар бири

экологияны (организм менен чөйрөнүн байланышы), тарыхый биогеографияны кучагына алат.

**БИОГЕОХИМИЯ**–биогеохимия. Геохимиянын тармагы, биосферада организмдердин катышуусу менен жүрүүчү геохимиялык процесстерди изилдөөчү илим. Биогеохимия жер кабыгындагы химиялык элементтердин тарашына, орун алмашуусуна, бирикмесине организмдердин катышуусун жана ролун аныктайт.

**БИОГЕОЦЕНОЗ**–биогеоценоз (грек. *bios*-тиричилик, жана *kainos* – жалпы). Жердин бетиндеги, же суу астындагы жандуу организмдер менен жансыз жаратылыштын ортосундагы заттардын алмашуусу жана алардан пайда болгон энергиялардын калыптанышкан жыйындысы. Терминди 1940- жылы В.Н. Сукачев сунуш кылган.

**БИОГЕОЦЕНОЛОГИЯ**-биогеоценология. Биогеоценоздогу жандуу организмдер менен жансыз табигаттын өз-ара байланышта жана эриш- аркак болгон комплекси. Биогеоценологиянын негизин В. Н.Сукачев 1940- жылы негиздеген.

**БИОГЕРМ**–биогерм (грек. *bios*-тиричилик жана *herma*–суу астындагы аска, дөбө). Көлмөлөрдүн түбүндөгү акиташ тектеринен турган дөбөлөр. Алар суу астындагы организмдердин (коралл, губка, көк жашыл балырлар) катышуусу менен пайда болот.

**БИОИНДИКАТОР**–биоиндикатор (грек. *bios*–тиричилик жана лат.– *indico* - көрсөтөмүн, аныктаймын). Айлана чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү, айрыкча булгоочуларды жана булгануучулуктун абалын билдирүүчү түрлөр, же алардын тобу. Белгилүү түрлөрдүн болушу менен айлана-чөйрөнүн абалын таанып, пайдалуу кендерин изилдөөгө жардам берет.

**БИОКЛИМАТОЛОГИЯ**–биоклимотология. Климаттык факторлордун адамдын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн тиричилик процесстерине тийгизген таасири жөнүндөгү илим, окуу.

**БИОЛОГИЧЕСКАЯ АКТИВНОСТЬ ПОЧВЫ**-топурактын биологиялык активдүүлүгү. Топурактагы биологиялык процесстердин жыйындысы. Топурактын биологиялык активдүүлүгү деп кислородду талап кылуусу жана көмүр кычкыл кислотасын бөлүп чыгаруусу, топурактан бөлүнүп чыккан жылуулук энергиясынын күчү ж.б. айтылат.

**БИОЛОГИЧЕСКОЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ**–биологиялык булгануу. Экосистемага бөтөн жана анда жок заттардын келиши. Мисалы, Европадагы элодейлер, Америкадагы суу гиацинти, дарыя сууларындагы оору жуктургуч, же оору пайда кылуучу организмдер ж.б. Адамдын чарбалык тиричилигинен келип чыгат.

**БИОЛОГИЧЕСКИЙ КРУГОВОРОТ**–биологиялык айлануу. Жердеги заттардын айланышы жана анын натыйжасында организмдердин жашоо тиричилигин камсыз кылуусу.

**БИОЛОГИЧЕСКАЯ ПРОДУКТИВНОСТЬ** – биологиялык түшүмдүүлүк. Организмдердин жана алардын тобунун биологиялык продукцияны жаратуучу жөндөмдүүлүгү.

**БИОЛОГИЧЕСКАЯ ПРОДУКЦИЯ**–биологиялык продукция. Тигил, же бул топко тиешелүү организмдердин белгилүү убакыт ичинде (мисалы, бир жылда), белгилүү аянттан, белгилүү көлөмдөгү түшүмдү (органикалык массаны) иштеп чыгарууга жөндөмдүүлүгү. Жылуулук менен нымдуулуктун, ошондой эле тамактануучу минералдык заттардын болушуна жараша болот.

**БИОЛОГИЧЕСКИЙ СПЕКТР**–биологиялык спектр. Өсүмдүктөрдөгү ар түрдүү формаларга тийиштүү болгон түрлөрдүн проценттик катышы. Датчан окумуштуусу К. Раункнер сунуш кылган.

**БИОМАССА**–биомасса. Белгилүү аянттагы ($м^2$) же, көлмөдөгү ($м^3$) бир түрдүн, түрлөрдүн группасынын, же тобунун жалпы массасы ($г/м^2$, кг/га, $г/м^3$ ж.б.). Биомасса тирүү организмдердин продуктуулугун аныктоодо чоң роль ойнойт.

**БИОНИКА**–бионика. Биология менен техниканын ортосундагы катнашты чечүүчү илим. Ал биология, физика, химия, кибернетика, электроника, навигация ж.у. с. инженердик илимдер менен тыгыз байланышта. 1960–ж. Дайтондо (АКШ) өткөрүлгөн Эл аралык симпозиумда Бионика жаңы илим катарында кабыл алынган.

**БИОСТРАТИГРАФИЯ**–биостратиграфия. Ар кайсы жердеги окшош катмарлардын салыштырмалуу жашын жана алардын өз ара байланышын аныктоо максатында, чөкмө тоо тектерге басырылган, организмдердин ташка айланган калдыктарынын таралышын изилдөөчү илим. Стратиграфиянын бир бөлүгү.

**БИОСФЕРА**–биосфера. Жердин тирүү организмдер жайланышкан катмары. Ага атмосферанын төмөнкү катмары (тропосфера), жердин үстүңкү бети, суу катмары кирет. В. Вернадскийди сунушу боюнча организмдер жана органикалык заттар тараган чөйрө бүт бойдон биосферага кирет. Биосфера жердин географиялык (ландшафтык) сферасына дал келет. Биосферага 10-15 км бийиктикке чейинки тропосфера, толугу менен гидросфера жана 2-3 км терендикке чейинки литосфера кирет.

**БИОСФЕРНЫЙ ЗАПОВЕДНИК**–биосфера коругу. 1. Адамдын таасири менен өзгөргөн, аймактын айланасындагы ландшафттардын дээрлик таасири болбогон, катуу кайтарууда болгон, кеңири мейкиндикти ээлеген, жаратылыштын бөлүгү, участогу. 2. Приборлордун, же биоиндикаторлордун жардамы менен жаратылыш чөйрөсүндөгү антропогендик өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүчү аймак. Биосфера коругун уюштуруу эл аралык «Человек и биосфера» программасы менен байланыштуу. 1981- жылга чейин бүткүл дүйнө боюнча 193 биосфера коругу, анын ичинен СССРде 7 (Репетек, Кавказ ж.б. түзүлгөн). Кыргызстанда Учарал, Кулун, Сарычелек ж.б. коруктар уюштурулган.

**БИОТИТ**–биотит. Француз окумуштуусу Ж.Б.Бионун (1744-1862 ж.ж.) атына коюлган минерал. Слюда группасына кирет. Магнийдин, темирдин жана калийдин катмардуу алюмосиликаты. Кара-күрөң түстөгү, жалбырак формасындагы кристалдар. Ийилме пластинкаларга, оңой ажырайт. Атылып чыккан жана метаморфиздолгон тоо тектерде кездешет.

**БИОТА**-биота. Арчалар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бийиктиги 8-10 м. Кооз, шагынын формасы пирамидадай, ийне жалбырактуу, тобурчагы жумурткага окшош. Биота Борбордук Азиянын каксоо климаттуу физикалык географиялык шартында өсүп, кургакчылыкка өтө чыдамдуу келет. XIX-кылымдын башында көчөтү Украинага алынып келинген. Азыр ар кандай бийиктикте өсүүчү түрлөрү Крым, Украина, Кавказдын ботаникалык бактарында өстүрүлүп жатат. Жакындан бери Кыргызстанда көчөлөрдүн боюн кооздоо үчүн көчөтү тигилип жатат.

**БИОТЕЛЕМЕТРИЯ**– биотелеметрия. Биологиялык кубулуштардын жана көрсөткүчтөрдү белгилүү бир аралыктан изилдөө жана өлчөө жолу.

**БИОТИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ**–биотикалык факторлор. Организмге башка организмдердин түздөн–түз (тамак–аш булагы, дарт таратуу, чаңдашуу, бактериялардын химиялык таасири), же кыйыр түрдө (топурактын бактериялар менен өзгөрүшү, өсүмдүктөр аркылуу фотосинтездешүү менен абанын составынын өзгөрүшү) таасир этиши.

**БИОТОП**–биотоп (грек. bios-тиричилик жана topos–жай, орун, биоценоз өнүккөн аянт). Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоо шартындагы бир түрдүү табигый чөйрө. Биотоп менен биоценоздун айкалышынан биогеоценоз жаралат.

**БИОХОР**-биохор (грек. bios–тиричилик жана k.chara-мейкиндик). Окшош биотоптордун жыйындысы.

**БИОЦЕНОЗ**–биоценоз (грек. bios- тиричилик жана koinos - жалпы). Биосферанын бир бөлүгүндө биргелешип жашаган жана бири-бирине таасирин тийгизген өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жыйындысы.

**БИОЦЕНОЛОГИЯ**–биоценология. Биоценоз жана грек. logos – окуу, илим. Биоценоздор жөнүндөгү илим. Мезгил жана мейкиндик боюнча биоценоздордун систематикасынын пайда болушун, өсүп-өнүгүшүн изилдөөчү илим.

**БИОЦИД** -биоцид (грек. bios-тиричилик, жашоо жана лат. Caedo-талкалаймын, жок кыламын). 1. Жандуу нерселердин бардыгын өлтүрүүчү химиялык препарат. 2. Кенен аймактагы жандуу заттардын бардыгын толугу менен жок кылуу.

**БИОЦИКЛ**–биоцикл (грек. bios жана kyklos -айлана). Биосфераны экология боюнча бөлүштүрүүдөгү эң жогорку бирдик (кургактык, деңиз жана ички көлмөлөр). Ар бир биоцикл биохорлорго бөлүнөт, көп сандаган биотоптордон турат. Мисалы; кумдуу, чополуу жана таштуу чөлдөр биригип чөл биохорун түзөт. Талаа, токой ж.б. биригип кургактык биоциклин пайда кылат.

**БИПОЛЯРНОЕ РАСПРОСТРАНЕНИЕ**–биполярдык таралуу. Бир түрдүү организмдердин (тукум, түркүм ж.б.) чачыранды (бири-биринен алыскы чөйрөдө) түрдө таралышы. Мисалы, түштүк жана түндүк жарым шарлардын мелүүн жана жогорку кеңдиктеринде кездешүүчү организмдер (кит, кулактуу тюлендер, сардиналар, калкыма балырлар ж.б.).

**БИТУМЫ ПРИРОДНЫЕ**–жаратылыш битумдары (лат. Bitumen –тоо чайыры). Нефти жана анын жаратылыш кошулмаларынын таркалуу процессинин акыркы стадиясындагы суюк жана газ түрүндөгү продукция.

**БИФУРКАЦИЯ РЕК**-дарыя бифуракциясы. Дарыя агымындагы тоскоолдуктан экиге ажырап, андан ары өз алдынча агып эки бассейнге куюлушу.

**БЛАГОРОДНЫЕ МЕТАЛЛЫ**–асыл металдар (алтын, күмүш, платина). Жаратылышта сейрек кезигүүчү жана өздөрүнүн химиялык туруктуулугу, салмактуулугу, нуру төгүлгөн сырткы көрүнүшү менен айырмаланган металлдар.

**БЛИНЧАТЫЙ ЛЕД**-жука муз. Диаметри боюнча 0,5 3 м, калыңдыгы 10-15 см ге чейинки жука муз кабыкчасы.

**БЛИЦАРД**–блицард. Циклондун кийин температура төмөндөгөндө (Түндүк Америка, Англия жана Уюлдук өлкөлөрдө, ошондой эле Антарктидада) соккон бороон.

**БЛОК**–бөлүк. Жер кыртышынын бөлүгү. Стабилдүү, же бүткүл массасы кыймыл – аракетте болгон, айланасы жаракалар менен чектелген, жер кыртышынын бир бөлүгү.

**БЛОК ДИАГРАММА**–бөлүк диаграмма. Жердин бир участогунун кесиндисинин планын элестетүүчү схемалык чийме.

**БЛОКИРУЮЩИЙ АНТИЦИКЛОН**– бөлүүчү антициклон. Ортоңку кеңдикте узак убакыт бою жүрүп, тропосферада меридионалдык багытта жүрүүчү аба агымын жаратуучу, жогорку бийиктиктеги жылуу антициклон. Бөлүүчү антициклондун таасиринен циклондор менен антициклондордун багыты батыштан чыгышка кыйшаят.

**БЛОКОВАЯ СТРУКТУРА**-бөлүк структура. Жаракалардын натыйжасында блокторго бөлүнгөн жер кыртышынын участкасынын структурасы.

**БЛУЖДАЮЩАЯ РЕКА** – адашкан дарыя. Салааларынын, же бүткүл агымынын багыты өзгөрүп турган дарыя. Мисалы; Чүй, Амур дарыя ж.б.

**БЛУЖДАЮЩЕЕ ОЗЕРО** – «Көчүүчү» көл. Кургакчыл аймактарда тез-тез өзгөрүп турган, орун которуучу көл.

**БЛЮДЦА**–тарелка. Түз жердеги тарелка формасындагы тайпак ойдуң. Көбүнчө түзөңгө токтогон суу топурактын составындагы туздуу жерге сиңип кеткенде, суу токтогон көлмөнүн таманы басырылып, ойдуң тарып калат. Мындай формадагы жерлер жарым чөл жана талаа зонасында көп кездешет.

**БОДДЕН** – бодден. Кургактыкка терең кирип барган тармактуу буйткалар. Балтика деңизинин жээктеринде өтө көп кездешет.

**БОКАЖ**–бокаж (франц. Bogage-токойчо). Францияның түндүк-батыш бөлүгүндөгү салкын, шамалдуу, деңиздик климатка ылайыкталган маданий ландшафт. Мында талаа, токой, бадал аралашкан комплекс үстөмдүк кылат.

**БОКОВАЯ ДОЛИНА**–каптал өрөөн, сай. Негизги дарыя өрөөнүн капталдарында жайгашкан майда өрөөндөр, сайлар.

**БОКОВОЯ МОРЕНА**–капталдык морена, томкорунду. Тоо мөңгүлөрүнүн кар сызыгынан төмөнкү бөлүгүндөгү, тоо өрөөндөрүнүн эки капталын бойлото кеткен, муз талкалап, шилеген томкорундулардын жыйындысы.

**БОКОВАЯ ЭРОЗИЯ**–каптал эрозиясы. Агын суунун өзөндүн капталын жууп (талкалап), суунун сайын кеңейтип, агымды ийри-буйру, салааланган сайроондорго айландыруусу. Агын суу сайдын таманындагы катуу тектерди тереңдете албай калганда гана капталын кеңейте баштайт.

**БОКОВОЕ ИЗВЕРЖЕНИЕ**–каптал жайылуу атылуу. Жанар тоонун конусунун капталындагы, же этегиндеги жаракалардан лаванын аталышы, жайылышы. Сицилия аралындагы Этнада, Камчаткадагы Ключевски сопкасында ж.б . кездешет.

**БОКОВОЙ ВОДОРАЗДЕЛ**–каптал суу бөлгуч. Экинчи иреттеги суу бөлгүч. Бир эле дарыянын, же суунун эки куймасын бөлүп турат.

**БОКСИТ**–бокситтер. Аллюминий алынуучу чопонун бир түрү. Негизги кен катмары Ленинград областынын Тихвин районунда, Уралда, Түштүк Францияда, Ирландияда, АКШнын Арканзас штатында кезигет.

**БОЛОТНЫЕ ПОЧВЫ**–саздак топурак. Органикалык калдыктары толугу менен чирибеген топурактар. Ашык нымдалган дарыянын боюнда, суу сактагычтардын, көлдөрдүн жээгинде, тундра жана тайга зоналарынын жер астындагы тондуктары кенен өөрчүгөн кыртышында пайда болот.

**БОЛОТНЫЙ ЛАНДШАФТ**–саз ландшафты. Саз жана саздак жерлердеги өтө нымдуу ландшафт. Мелүүн (тайга, аралаш, токой, тундра) жана экватордук (экватордук токой, жунгли) алкактар үчүн мүнөздүү.

**БОЛОТО**–саз. Жердин бетинин сууга чыкталган жана газ алмашууга мүмкүнчүлүгү аз катмары. Натыйжада органикалык кислота көбөйүп, өсүмдүктөрүнүн пайда болуусуна шарт түзүлөт. Ландшафт негизинен өзөндү бойлоп жайланышкан ойдуңдуу жерлерде пайда болот. Бууланушу процесси начар өнүккөн бийик тоолуу жондордо да, кезигет. Борбордук Тянь-Шандын Арабел, Көкалачат, Бозжалпак ж.б. сырттарында 3600–3800 м бийиктиктерде, кездешип аянты ондогон жана жүздөгөн чарчы чакырымга чейин жетет.

**БОЛОТОВЕДЕНИЕ**–Саз таануу. Геоботаникалык, топурак таануу, геологиялык, гидрогеологиялык изилдөөлөргө таянып саздарды изилдөөчү илим. Саз таануу илиминин чым-көңдөрдү иштетүү жана айыл чарбасында пайдаланууда чоң мааниси бар.

**БОМ**–бом. Өзөндүн жээк капталындагы тик жана бийик жарлардын Сибирде, Алтайда аталышы.

**БОЛЬШИЕ СКЛАДКИ**–ири бүктөлүүлөр. Тектоникалык кыймылдын натыйжасында чоң радиуска тараган бүктөлүүлөр. Айрыкча неотектоникалык этапта түздүктөр ийилип, мурдагы тайпак тоолордун астындагы катуу калкан сымалдуу фундамент кысылып, бүктөлүп, тик аскалу бийик (Какшаал, Тескей, Күңгөй, Алай ж.б.) тоолор өсүп чыккан.

**БОМБЫ ВУЛКАНИЧЕСКИЕ**–вулкандык бомбалар. Вулкандын кратерлеринен атылып чыккан алмурут формасындагы, чоңдугу муштумдай болуп уюган таштар.

**БОР** – к. Сосновый лес.

**БОРА**- бора (итал. Bora, грек, boreas–түндүк шамал). Түндүктөн согуучу, күчтүү (40-60 м. сек чейин) муздак шамал. Жапыз тоо тосуп турган айрым жылуу деңиз жээктеринде тоодон деңизди көздөй

согот. Мисалы; Югославиянын Адриатика жээгинде, Кара деңиздин Новороссийск районунда көбүнчө кышында байкалат.

**БОРЕАЛЬНОЕ ВРЕМЯ**–бореалдык мезгил, эпоха. Голоцендин башталыш фазасы (9,5-7,5 миң жыл мурда). Түндүк Европада мелүүн жана кургак климат өкүм сүргөн мезгил.

**БОРЕАЛЬНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ ФЛОРЫ**–өсүмдүктордүн бореалдык элементтери. Түндүк жарым шардын мелүүн алкагынын тайга зонасында өсүмдүктөрдүн түрү (Европанын жана Сибирдин карагайы, Сибирь пихтасы, Сибирдин кызыл карагайы), ар түрдүү чөп өсүмдүктөрү кирет.

**БОРЕАЛЬНЫЙ КЛИМАТ**–уюл айланасындагы климат (лат. Borealis–түндүк). Кеппендин климаттык классификациясы боюнча орто кеңдиктердин мелүүн алкагында, жазы жалбырактуу токойлор таркалган жерлердин климаты.

**БОНИТЕТ**-бонитет. Табигый ресурстардын сапатына карата баа берүү. Туура эксплуатациялоонун шартында салыштыруу мүмкүнчүлүгүнө карата балл боюнча эсептелет. Топурактын, токойдун, көлмөлөрдүн ж.б. бонитети делинип бөлүнөт.

**БОРЕАТЛАНТИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ– МИРОВОГО ОКЕАНА**–Дүйнөлүк океандын бореатлантикалык жаныбарлар областы. Атлантика океанынын суусунун температурасы сезон боюнча өзгөрүүчү түндүк бөлүгүн ээлейт. Амфибореалдык таралуусу бар формалардан башка; Гренландия тюлени, тевяк–тюлени, ак чардак, кайрылар, балта тумшуктар мүнөздүү. Балыктардан–пикша, сайда, камбалалардын бир нече түрү кездешет.

**БОРЕПАЦИФИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ– МИРОВОГО ОКЕАНА**-Дүйнөлүк океандын борепацификалык областы. Тынч океандын суусунун температурасы сезон боюнча өзгөрүп туруучу түндүк бөлүгүн ээлейт. Амфибореалдык таралуу мүнөздүү болгон көп форма бар. Сүт эмүүчүлөрдөн; деңиз мышыгы, сивуч, калан, канаттуулардан ар түрдүү чистиктер, балыктардан–кета, горбуша, нерка ж.б. мүнөздүү.

**БОРОЗДЫ ВЫДУВАНИЯ**–« үйлөө» жөөктөрү. Шамалдын натыйжасында бир аз цементелинген чополуу, кумдуу тектерде дефляциянын натыйжасында пайда болгон ойуктар. Көлөмү ар түрдүү, шамалдын күчүнө байланыштуу болот.

**БОТАНИКА**-ботаника. (грек.–botanike–botane–өсүмдүк). Өсүмдүктөр жөнүндөгү илим. Биологиянын негизги бөлүмдөрүнүн бири. Өсүмдүктөрдүн морфологиясы, систематикасы, эволюциясы, филогенез (тукумдаш байланыштары), өсүмдүктөрдүн географиясы, фитоценологиясы, геоботаника ж.б. өсүмдүктөр жөнүндөгү илимдин тармактары кирет.

**БОФОРТА ШКАЛА**–бофорт шкаласы (англ. адмирал Ф. Бофорттун атына коюлган). Шамалдын ылдамдыгынын жер бетиндеги предметтерге жана деңиздеги толкундарга карата алардын таасири менен өлчөнүүчү шарттуу шкаласы; о-штиль (үп), 4-мелүүн шамал, 6- катуу шамал, 10- бороонду шамал (шторм), 12- бал ураган.

**БОЧАГ**–чөөт. Өзөндүн калдыгы, же сайдын таманындагы чөөт-көлмө.

**БРАХИАНТИКЛИНАЛЬ**-брахиантиклиналь (грек. brachus–кыска, anti-каршы жана klino -кыйшаюу). Планы боюнча караганда элипс формасындагы көтөрүңкү жер (дөбө), куполга окшоп томпойуп турган тоонун төбөсү.

**БРАХИСИНКЛИНАЛЬ**-брахисинклиналь (грек. кыска, жантаюу). Брахисинклиналь – бүктөлгөн катмар, чөйчөктөй болгон ойдуң.

**БРАХИСКЛАДКА** – брахикатталыш (грек. кыска). Кыска жана кеңири жалпак катталыш.

**БРЕКЧИЯ**-брекчия (итал. breccia). Тоо тектеринин оркойгон сыныктарынын өз-ара биригип, уюган түрү. Ал вулканогендүү жана тектоник брекчий деп бөлүнөт.

**БРЕКЧИЯ СЖАТИЯ**–кысылуу брекчиясы. Тектоникалык, же химиялык процесстердин таасири менен бузулган, талкаланган тоо тектер. Гидрадатацияга байланыштуу көлөмүнүн чоңоюшунун, чөкмөлөрдүн кайра кристталдашуусу мезгилинде, ж.б. шарттарда пайда болот.

**БРИЗЫ**–бриздер. Деңиздердин жана чоң көлдөрдүн жээгинде сутканын ичинде алмашып согуучу сыдырым жел. Күндүзгү бриздер деңизден, же көлдөн жээкке (дениз бризи), түнкү бриздер жээктен деңизге, же көлгө карай согот. Мисалы, Ысыккөлдүн жээктериндеги бриздер.

**БРИКНЕРОВЫ ПЕРИОДЫ** (циклы)–брикнер мезгилдери (циклдери). Батыш Европа үчүн немец окумуштуусу Э. Брекнер негиздеген (1909 - ж). Климаттын көп жылдык өзгөрүп туруусу (суук, нымдуу мезгилдердин жылуу, кургак мезгилдер менен алмашышы). Ар бир мезгил орто эсеп менен 35 жылга созулат.

**БРОВКА ТЕРРАСЫ**–кашаттын кыры. Кашаттын үстүңкү бети менен капталынын ортосундагы кыры.

**БРОНИРОВАННЫЙ РЕЛЬЕФ**–калкаланган (сакталган) рельеф. Астыңкы борпоң тектерин катуу тектер басып калып, жылууга жол бербей, өз калыбы менен сакталып турган рельеф.

**БРЮХОНОГИЕ МОЛЛЮСКИ**, гастроподдор–үлүл моллюскалары, өрдөк буттуулар, башында муруттары жана эки көзү бар үлүл, кабыгы спираль өңдүү буралган үлүлдөрү. Формалары боюнча деңиздик, тузсуз суулук жана жер бетиндеги болуп бөлүнөт. Негизинен деңиздерде, кээ бирлери ички суу бассейиндерде жана кургактыкта жашайт.

**БУГОР ПУЧЕНИЯ**–түртүлмө дөң. Ичинде музу бар, өтө нымдуу тоо тектеринин тоңушунан пайда болот. Көп жылдык тоңу бар тундра жана токойлуу тундра үчүн мүнөздүү.

**БУГРИСТАЯ ТУНДРА**–дөңсөөлүү–быткылдуу тундра. Тундра, же токойлуу тундра зонасындагы майда дөбөлүү тундра. Мындай рельефтин пайда болушуна жер астындагы тоңдор көмөкчү болот.

**БУГРИСТОЕ БОЛОТО**–көп жылдык дөңсөлүү-быткылдуу чым көңдүү саз. Көп жылдык тоңу бар областтарда (негизинен тундрада, токойлуу тундрада) таралган. Дөңчөлөрдүн бийиктиги көбүнчө 2-3 м, диаметри 10-20 м түзөт. Мох, Эңилчек менен капталган.

**БУГРИСТЫЕ ПЕСКИ**–дөбөлүү кумдар. Борбордук Азиянын ири чөлдөрүндөгү өсүмдүктөрү сейрек кездешүүчү чөлдөр.

**БУЛАВОВИДНЫЙ ЛЕДНИК**, ширококонечный ледник–төөнөгүч өңдүү мөңгү, этеги жайык мөңгү. Тоо өрөөнү менен тоо этегине чейин түшкөн, этеги түздүккө чыкканда жайылган мөңгү. Плейстоценде Альпынын түндүк жана түштүк айланасында көп болгон.

**БУЛГУННЯХ**-булгуннях. Гидролакколиттердин якут тилинде айтылышы.

**БУРАН**–бороон. Төмөнкү темпратурадагы катуу суук, шамал.

**БУРОЗЕМЫ**–күрөң түстөгү топурак.

**БУРУН**-көбүктүү толкун. Жээке жакындаганда тарап кетүүчү толкун.

**БУРЫЕ ВОДОРОСЛИ**–күрөң балырлар. Күрөң сымал көп клеткалуу балырлардын тиби. Суу астындагы «токойлорду» пайда кылат, 1500 гө жакын түрү бар. Көбүнчө муздак деңиздердин жээке жакын бөлүгүндө өсөт. Тоют уну, йод алынат, кээ бир түрлөрү (деңиз капустасы) тамака пайдаланылат.

**БУРЫЕ ЛЕСНЫЕ ПОЧВЫ**-токойдун күрөң түстөгү топурагы. Мээлүүн-жылуу климаттык шартта, жазы жалбырактуу токойлу чөйрөдө пайда болгон күрөң түстөгү топурак. Мындай топурак Европанын борборунда, АКШда, Карпат, Крым тоолорунда, Кавказда жана Ыраакы Чыгышта кезигет. Топурактын бардык катмарында аны кызгылт–күрөң түскө келтирген чопо жана темирдин ачындысы (кычкылы) кезигет.Үстүнкү бетинде 3-7% чиринди болот.

**БУРЫЕ ПОЛУПУСТЫННЫЕ ПОЧВЫ**-жарым чөлдүү күрөң түстөгү топурак. Жарым чөл зонасында сейрек өскөн өсүмдүктөрдүн чөйрөсүнүн топурагы.

**БУРЫЙ УГОЛЬ**-күрөң көмүр. Таш көмүрдүн түрү. Негизги бассейиндери Канск-Ачинск, Рейн ж.б.
**БУРЯ-ШТОРМ**-катуу шамал, катуу бороон. Ылдамдыгы 20м.секунддан ашык, деңизде ири толкундарды, кургактыкта кыйроолорду пайда кылуучу бороонду катуу шамал. Кубатуу циклондун бүтүшүнө туура келет.

**БУХТА**- буйтка (немец. bucht). Океан ,деңиз, көлдөрдүн кургактыка кирип турган кичине бөлүгү.

**БУХТОВЫЙ БЕРЕГ**-Буйткалуу жээк , буйтка менен тумшукташып тилмеленген жээк .

**БЕРА ЗАКОН**-Бер закону. Жэрдин суткалык айлануусуна байланыштуу, меридиан багытында аккан дарыялар түндүк жарым

шарда оң жээгин, түштүк жарым шарда сол жээгин жейт. Бул закон орус илимпозу К.М.Бер тарабынан аныкталган.

## -В-

**ВАДИ**- вади. Түндүк Американын жана Аравиянын чөлдөрүндөгү кургак, же мезгил– мезгили менен суу аккан сайлар.

**ВАДОЗНЫЕ ВОДЫ**–вадоз суулары (лат. Vadosis–тайыз). Жер астындагы анча эмес терендиктеги суулар. Жаан-чачындан сарыгып чогулат.

**ВАЛ**–жал. Узунунан кыйла аралыкка созулган, жону тайпак, анча бийик эмес жал.

**ВАЛДАЙСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**–Валдай муз доору. Төртүнчүлүк доордун аягындагы (мындан 70–11 миң жыл мурда) Чыгыш Европанын түздүгүндө пайда болгон муз доорунда мөңгүлөрдүн астынкы чеги азыркы Валдай дөңсөөсүнө, экинчи бир көз караш боюнча азыркы Калинин шаарынын аймагына чейин жеткен мезгили.

**ВАЛУН**–чоң жумуру таш. Мөңгүнүн, суунун агымы менен башка жактан ташылып келинген таш.

**ВАЛУННАЯ ГЛИНА**–таштуу чопо. Муздуктан, мөңгүдөн, агымдан, делювиалдык ж.б. процесстерден пайда болгон кум-шагылду, тоо таштары аралашкан чопо, бозомтук тарткан чаптарда кезигет.

**ВАЛУННЫЙ ПЕСОК**- таштуу кум. Ичинде шагыл, майда сай ташы жана жумуру таш бар кум.

**ВАННА**- ванна (нем. wanna). Ар түрдүү жол менен пайда болгон жердин бетиндеги суу токтогон көлмөлүү оюк.

**ВАННОВЫЙ ЛАНДШАФТ**–көлмөлүү оюк ландшафт. Рельефинде көп сандаган оюктары бар ландшафт. Карст өөрчүгөн чөлдүү жерлерде кездешет.

**ВАРИЙССКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**, к. Герцинская складчатось.

**ВАТТЫ**–ватты (нем. Waden–жээк тайыздыктар). Күнүгө деңиз ташкыны (прилив) каптап турган жапыз, деңиз жээгиндеги түздүк.

**ВЕГЕТАЦИОННЫЙ ПЕРИОД**–вегетация мезгили (лат. Begatatio ойгонуу, жандануу, өсүү). Өсүмдүктөр өсүүгө мүмкүн болгон климаттык шарт. Мелүүн алкактарда вегетация абанын орточо айлык температурасы +5С болгон мезгилде кирет. Өсүмдүктөрдүн толук өсүү циклин кучагына алган мезгил. Мисалы, айыл чарбасында өсүмдүктөрдү айдагандан баштап, жыйнаганга чейинки мезгил.

**ВЕДУЩЕЕ ФАКТОРЫ В ФИЗИЧЕСКОЙ ГЕОГРАФИИ**– Физикалык географиядагы башкы факторлор. Буга геологиялык, геоморфологиялык түзүлүш, климаттык шарт, өсүмдүктөр дүйнөсү, суу, топурак, литологиялык состав кирет.

**ВЕЕР БЛУЖДАНИЙ**–адашуу веери. Догочо ийилген жайылма жалчалар жана аларды бөлүп турган өрөөндөрдүн системасы. Адашуу веери нуктардын оонашын жана меандардын узарышын көрсөтөт.

**ВЕК ГЕОЛОГИЧЕСКИЙ**–геологиялык кылым. Геологиялык доорлорго баш ийген геохронологиялык бөлүштүрүү, геологиялык катмарды пайда кылган убакыттын аралыгы.

**ВЕКОВОЙ ХОД МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ ЭЛЕМЕНТОВ**– метеорологиялык элементтердин кылымдык өзгөрүшү. Ондогон жана жүздөгөн жылдардын ичинде аба ырайынын температурасынын, жаан-чачындын ж.б. элементтердин өзгөрүүсү.

**ВЕКОВЫЕ ДВИЖЕНИЯ ЗЕМНОЙ КОРЫ**–жер кабыгынын кылымдык кыймылы. Жер кабыгындагы кургактыктын бийиктигин, океан-деңиздердин терендигин арттырган, узак убакыт бою жүрүүчү кыймыл. Трансгрессия жана регрессия процесстери байкалат.

**ВЕКОВЫЕ ИЗМЕНЕНИЯ УРОВНЯ МОРЯ**–деңиз деңгээлинин кылымдык өзгөрүшү. Узак убакыттын ичинде деңиз деңгээлинин акырындап өзгөрүшү. Ал жердин бетинин термелүү кыймылынын натыйжасында пайда болот жана дуйнөлүк океандын суусун өзгөрүүгө алып келет.

**ВЕКОВЫЕ КОЛЕБАНИЯ КЛИМАТА**–климаттын кылымдык өзгөрүшү. Климаттын мезгил–мезгили, же ритм боюнча ондогон, же жүздөгөн жылдар ичиндеги өзгөрмөлүүлүгү.

**ВЕЛИКИЕ АККУМУЛЯТИВНЫЕ РАВНИНЫ**–ири чөкмө түздүктөр. Ири тектоникалык бүктөлүштөргө, катталыштарга туура келген жана учу-кыйырына көз жетпеген түздүктөр. Мисалы, Батыш Сибирь, Каспий алдындагы жана Амозонка түздүктөрү.

**ВЕРЕЩАТНИК**–верещатник. Вереска түрлөрү үстөмдүк кылган, дайыма көгөрүп туруучу бадалдар. Океандын жээгиндеги салкын жана нымдуу климаттык шартта, чым көңдүү, кумдак топуракта өсөт.

**ВЕРМИКУЛИТ**–вермикулит. Минерал, магнийдин жана темирдин алюмосиликаты. Алтын өңдүү саргыч, же бозомтук кабырчыктуу агрегаттарды, майда бүртүктүү массаларды пайда кылат. Өзүнчө жалбыракчаларга ажырайт. Негизинен гипергендик жол менен пайда болот.

**ВЕРСИЛЬСКАЯ ТРАНСГРЕССИЯ**–версиль трансгрессиясы. Жер Ортолук деңиздин муз каптоо доорунан кийинки ташкындоо мезгили.

**ВЕРТИКАЛЬНАЯ ЗОНАЛЬНОСТЬ ПОЧВ**–топурактын бийиктик тилкелери. Тоолуу өлкөлөрдө бийиктик боюнча климаттын өзгөрүшүнө жараша топурактын өзгөрүшү, алмашышы.

**ВЕРТИКАЛЬНАЯ ЗОНАЛЬНОСТЬ РАСТИТЕЛЬНОСТИ**–өсүмдүктөрдүн бийиктик тилкелери. Деңиз деңгээлинен тартып бийиктиктин жана топурактын өзгөрүшүнө жараша өсүмдүктөрдүн тилкелеринин бир түрдөн экинчи түргө өтүшү. Мисалы, Кыргызстандын тоолорунда бийиктик өскөн сайын адегенде чөл, андан кийин жарым чөл, талаа, токой, субальпы, альпы жана түбөлүк кар-муз тилкелери калыптанган.

**ВЕРТИКАЛЬНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ**–бийиктик циркуляциясы. Бийиктик боюнча аба жана суу массасынын кыймылы. Абанын, суу массасынын көбүрөөк тыгыздалышынан пайда болот.

**ВЕРТИКАЛЬНЫЕ РАСЧЛЕНЕНИЕ ГОР**–тоолордун бийиктик боюнча тилмелениши. Тоолордун бийиктик боюнча тилмеленип, терең коктулуу бөлүктөргө, группаларга бөлүнүшү. Ал тектоникага, эрозияга жана денудацияга байланыштуу. Агын суу чоң роль ойнойт.

**ВЕРТИКАЛЬНЫЕ ДВИЖЕНИЯ**–жер кыртышынын тик абалда которулушу, кыймылы.

**ВЕРТИКАЛЬНЫЙ МАСШТАБ**–вертикалдык масштаб. Топографиялык, физикалык географиялык профилдерди түзүүдө пайдаланылат.

**ВЕРТИКАЛЬНЫЙ ТЕМПЕРАТУРНЫЙ ГРАДИЕНТ-** бийиктик температуралык градиент. Абанын температурасынын тик багыт боюнча аралык бирдигинде өзгөрүшү, улам жогорулаган сайын температура төмөндөсө оң мааниде, тескерисинче болсо–температуранын инверсиясы пайда болот.

**ВЕРТИКАЛЬНЫЙ СБРОС**–тик багытта төмөн түшүү. Тоо тектеринин тик багытта үзүлүүсүнүн натыйжасында жогору көтөрүлүшү, же төмөн түшүүсү.

**ВЕРХНИЙ УРОВЕНЬ ДЕНУДАЦИИ**–талкалануунун жогорку деңгээли. Жер шарындагы эң бийик чокулар аркылуу жүргүзүлгөн деңгээл. Бул деңгээлден (8-9км ден) жогору бир да, чоку болушу мүмкүн эмес. Себеби чоку канчалык бийик болсо ошончолук тез талкаланат. Бул түшүнүктү XIX–кылымдын аягында немец окумуштуусу А.Пенк сунуш кылган.

**ВЕРХНИЙ ФРОНТ**–жогорку фронт. Жер бетине жетпеген, же атмосферанын төмөнкү катмарларында бузулган, атмосфералык фронт.

**ВЕРХНЯЯ КУЛЬМИНАЦИЯ НЕБЕСНЕГО СВЕТИЛА**-асман телосунун жогорку кульминациясы (горизонттук эң жогорку точкада болушу). Түндүк жарым шарда а.т.ж.к.да дүйнөнүн Түндүк уюлу менен Түштүк уюлунун ортосундагы асман меридианын кесип өтөт.

**ВЕРХНЯЯ МАНТИЯ ЗЕМЛИ**–жердин үстүңкү мантиясы. Мантиянын бөлүгү. Мохорович катмарларынан төмөн жайланышкан. Астеносфера жана Голицын катмарларынан турат. Жер кыртышындагы тектоникалык кыймылдардын, магматизмдин пайда болушунда чоң роль ойнойт.

**ВЕРХОВОДКА**–кыртыштагы көлмө. Кыртыштын аэрация зонасындагы кысылууда болбогон жана кеңири тарабаган жер астындагы суу. Мезгил-мезгили менен көп жааган жаан-чачындан пайда болот. Бууланнуудан мурда төмөнкү катмарларга сиңип кетүүдөн жоголот.

**ВЕРХОВЫЕ РЕКИ**–өзөндүн башы. Өзөндүн өрдөшүндөгү өтө жантаймалуу жана суусу тез аккан бөлүгү.

**ВЕСЕНЕЕ ПОЛОВОДЬЕ**–жазгы ташкын. Жазында кардын эришинен пайда болгон дарыялардагы узакка созулган процесс. Суунун кириши, ташкындашы, көбөйүшү.

**ВЕСЕННЕЕ РАВНОДЕНСТВИЕ**–жазгы күн менен түндүн теңелиши. Күн менен түндүн 21–марттагы теңелиши. Күндүн экватордун так үстүнө келип, эки жарым шарды бирдей жарык кылышы.

**ВЕСНА**–жаз. Астрономия боюнча жаз деп күн менен түндүн жазгы теңелишинен тартып, жайдын сараттанына чейинки убакыт айтылат. Түндүк жарым шарда 21- марттан 21- июнга чейинки; түштүк жарым шарда 23-сентябрдан 22–декабрга чейинки мезгил, 2 кыш мезгилинен жай мезгилине чейинки өтмө мезгил. Түндүк жарым шарда жаз март, апрель, май айларында болуп, түштүк жарым шарда ноябрда башталат. Жаз абанын температурасы кескин жогорулап, кыш мезгилинен жай мезгилине өтмө учур. Уюлдук кеңдиктерде жаз мезгили кыска, ал эми тропикте аны ажыратууга кыйын.

**ВЕТЕР**- шамал . Жердин бети менен жогорку басым областынан аба массасынын горизонталдык багыт боюнча жылышы. Ал флюгер, же анемометрдин жардамы менен, ал эми эркин абадагы шамалдын багыты шар пилот менен аныкталат. Шамалды мүнөздөөчү туюнтмалар-багыт (румб) жана ылдамдык (м.сек).

**ВЕТЕР У ЗЕМЛИ**–жердеги шамал. Жердин бетиндеги шамалдын ылдамдыгы, багыты. Ал метеорологиялык станциялардагы шамалдын багытын өлчөөчү флюгер жана ылдамдыгын өлчөөчү анемометрдин жардамы менен аныкталат.

**ВЕТРОВАЯ КОРРОЗИЯ**–шамал коррозиясы. Шамалдын натыйжасында тоо тектеринин талкаланышы, желиши. Шамалдын багытында жарым айланадагы үңкүрчөлөр, жалчалар ж.б. пайда болот.

**ВЕТРОВОЕ ТЕЧЕНИЕ**–шамалдык агым. Шамалдын таасири менен пайда болгон океандык агым. Дүйнөлүк океандын үстүңкү мейкиндигинде шамалдын режими салыштырмалуу туруктуу болгон учур, түштүк жарым шардын ортоңку кеңдиктеринде байкалат. Ал өз багытынан дайыма оң тарапка бурулуп кетет.

**ВЕТРОВЫЕ ВОЛНЫ**–шамал толкундары. Дрейфтик жана градиенттик толкундардан турат. Багыты туруктуу шамалдар кубаттуу шамал агымдарын пайда кылат (мисалы, Түн, жана Түш. Пассат агымдары, Антарктикалык, же Батыш шамалдардын агымы).

**ВЕТРОМЕР**-ветромер. Шамалдын багытын жана күчүн өлчөө үчүн колдонулуучу прибор. Горизонталдык окко бекитилген жука метал пластинкасынын кыйшаюсуна негизделип жасалат.

**ВЕТРОРАЗДЕЛ**–шамал бөлгүч. Эки тарабында шамалдын багыты карама-каршы болгон, атмосферадагы дээрлик туруктуу чек ара. Шамал бөлгүч туруктуу антициклондун огу, бар талаасынын жалы, же коосу, кургактыкта рельефтин элементи (мисалы, тоо кыркасы).

**ВЕТРЫ КРАКАТАУ**–кракатау шамалы. Экватор кеңдигинде (түндүк жана түштүк кеңдиктин $15^0$), 25-40 чакырым бийиктиктердин ортосунда чыгыш тараптан соккон шамал. Биринчи жолу 1883-жылы Кракатау вулканы атылгандагы чаңдын учуп таралышына карата аныкталган.

**ВЕЧНАЯ МЕРЗЛОТА**–түбөлүк тоң. Жылдын жылуу мезгилинде эрип бүтпөй, жылдан жылга сакталып келе жаткан жер астындагы тоңдук. Калыңдыгы 0,3 –0,4 м ден жүздөгөн метрге чейин жетет. Жалпы аянты СНГнин аймагынын 47 % ээлейт, ал эми Кыргызстанда болсо 3 % ти түзөт.

**ВЕЧНОЗЕЛЕННЫЙ ЛЕС**–дайыма көгөрүп туруучу токой дарактары.

**ВЕЧНЫЙ СНЕГ**–түбөлүк кар. Уюлдук областтарда, же тоолордо кар сызыгынын жогору жаткан бийиктиктердин, касабалуу түбөлүк кар катмары.

**ВЗБРОС**–взброс, катмардын жаракка аркылуу жылышы. Жер кыртышында жарака боюнча бир бөлүктүн экинчи бөлүктөн жогору көтөрүлүшү.

**ВЗВЕСИ В ВОДЕ**–суудагы калкыган заттар. Суунун составындагы органикалык жана органикалык эмес заттардын бөлүкчөлөрү, органикалык кошулмаларга (бактериялар, планктондук майда организмдер жана алардын органикалык калдыктары, чым көндүн кыпындары, саздын өсүмдүктөрү жана жээктен учуп түшкөн чөп-чардын, курт–кумурскалардын калдыктары) бай. Органикалык эмес

кошулмаларга; көлмөнүн жээгинен жана түбүнөн жешилген ылай, кум, чополор жана ар кандай коллоиддик бөлүкчөлөрдүн химиялык бирикмеси кирет.

**ВЗВЕШЕННЫЕ НАНОСЫ**–калкыма шилендилер. Суунун агымы менен калкып келген катуу бүртүкчөлөр (кум, ылай, шагыл ж.б.).

**ВЗМОРЬЕ** – деңиз жээги. Океандын, же деңиздин кууш жээк бөлүгүндөгү тайыз жери.

**ВЗРЫВНОЕ ИЗВЕРЖЕНИЕ**-жарылып атылуу. Магмалык газдардын бүркүлүүсүнүн натыйжасында вулкандын оргуштап чыгышы. Вулкандын оозунан ар түрдүү борпоң тектер кошо ыргып чыгат (бомба, таш ж.б.).

**ВЗРЫВ МУССОНА**–муссондун жарылышы. 1. Жайкы муссондун күтүлбөгөн жерден белгилүү бир чөйрөдө пайда болуп, таралышы. 2. Белгилүү бир чөйрөдө муссондун күтүлбөгөн жерден пайда болушуна карата атмосфералык процесстердин бузулушу.

**ВИВИАНТ**–вивиант. Минерал, эки валенттүү темирдин суу фосфаты, түзсүз жана көгүш кристаллдар, бозомук агрегаттар. Келип чыгышы боюнча чөкмөлүк, же гипергендик минералдык пигмент (боек).

**ВИЗУАЛЬНЫЕ НАБЛЮДНИЯ**–визуалдык байкоо. Прибордун көрсөткөн маанилерин байкоочунун жазып алып турушу. Эч кандай приборду колдонбой көз өлчөө жолу менен (М; булуттардын түрүнө, тумандуулукка, шамалдын багытына, жаан-чачындын болушуна, суунун киришине, өсүмдүктөрдүн өсүшүнө, алардын калыңдыгына, келгин куштардын келишине ж.б.) божомолдоп байкоо жүргүзүү.

**ВИРГАЦИЯ**-виргация (лат. Vigra–бутак). Тоолуу өлкөлөрдүн веерге окшоп (бутактанып) тармактанышы. Мисалы; Тянь-Шань, Гиссар-Алай тоолору.

**ВИСЯЧАЯ ДОЛИНА**–каптал кокту, асылган өрөөн. Негизги өрөөндүн капталынан кошулган шаркыратмалуу кокту.

**ВИСЯЧИЙ ЛЕДНИК**–каптал муздук. Этеги каптал коктунун боорунда жатып, негизги өрөөнгө жетпеген (чолок) кыска мөңгү. Кыр чокулары бийик жана тик болгон кырка тоолордо көп кездешет да, мөңгүлөрдүн альпы тибинин группасына кирет.

# -Г-

**ГАББРО**-габро. Күңүрт түстөгү интрузивдүү тоо теги. Составында плагиоклаз, пироксен, кээде оливин амфиболдор катышат. Аянты бир нече мин. км$^2$ болгон габбро Канадада (Дулут массиви) кезигет.

**ГАВАЙСКИЙ АНТИЦИКЛОН, ГАВАЙСКИЙ МАКСИМУМ ДАВЛЕНИЯ, СЕВЕРО- ТИХООКЕАНСКИЙ АНТИЦИКЛОН** - гавай антициклону, гавай максимуму, түндүк-тынч океан антициклону. Тынч океандын түндүк бөлүгүндө субтропиктик жана тропиктик кеңдиктердеги жогорку атмосфералык басымдын туруктуу областы (көбүнчө эки антициклондон турат).

**ГАВАЙСКИЙ ТИП ИЗВЕРЖЕНИЯ**–атылуунун гавайи тиби. Суюк базальт лавасынын кратерден жай агып чыгып таралышы. Атылуунун мезгилинде кичине жарылуулар; фонтан, оргуштоо, бомбалык ыргуу ж.б. байкалат. Мисалы, Гавайи аралдарындагы Килауэа вулканынын кратеринде отту-суюк лава көлү тез-тез пайда болуп турат.

**ГАВАНЬ**-гавань (голл. haвен) 1. Суу мейкиндигинин океан, деңиз, көл жээгиндеги шамалга ылытмалуу бөлүгү, кеме токтоочу жер. 2. Деңиздин жээгине жүргүнчүлөрдү, жүк түшүрүп, жүк алуучу жана кемелерди токтотуп коюучу булуң.

**ГАЗЫ ГОРЮЧИЕ**-күйүүчү, күйүүгө жөндөмдүү углеводороддор. Күйүүчү газдар ичинде жаратылышта кезигүүчү азот, инерттүү газдар, күкүрттүү водороддор ж.б. аралашмасы кошулган метан жана анын гомологу басымдуулук кылат. СНГде ири газ кендери Түндүк Кавказда, Закавказьеде, Повольжя менен Уралда, Орто Азияда (айрыкча Бухара- Хива ойдуңунда), Батыш Сибирде (Тюмень обл.), Украинада ж.б. кезигет. Чет өлкөлөрдө күйүүчү газдардын кендери АКШ да, Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта, Венесуэлада, Канадада,Мексикада, Алжирде, Ливияда, Францияда кезигет.

**ГАЙОТТЫ**–гайоттор. Америкалык геолог жана географ А. Гюйонун (Гайот, 1807-1884ж.ж.) атынан коюлган. Океан-деңиздердин астындагы жалгыз турган, же топ-топ болгон тайпак жондуу вулкандык тоолор. Гайоты беттеринде байыркы абразия процесстеринин изи көрүнүп турат. Тынч океандын түндүк бөлүгүндө көп кезигет.

**ГАЛАКТИКА**-галактика (грек. galaktikos)–саманчы жолу. Күн системасынын планеталарын бүт бойдон кучагына алган аалам мейкиндиги. Бардыгы 100 млр. дан ашкан ар түрдүү жылдыздардын тобунан, газдардан, чаңдардан турат. Күн галактика тегиздигине жакын турат. Сверхгалактика, метагалактика жана биздин галактика деп бөлүнөт. Биздин Галактикага жакын галактика Магелан булуттары жана Андромеда тумандуулугу.

**ГАЛЕРЕЙНЫЙ ЛЕС**–галерея токою. Токойсуз жайдак аймактардагы өзөндүн боюндагы токой. Орто Азиядагы Фергана, Талас өрөөндөрүндө, Борбордук Азиянын Синцзьян провинциясындагы Тарим, Аксуу, Турфан ж.б. өрөөндөрдө кезигет.

**ГАЛЕЧНИК**–майда сай ташы. Суунун агымы, же деңиздин толкуну менен ар түрдүү формада жумуруланган тоо тектеринин сыныктары. Көлөмү боюнча майда (1,0 – 2,5 см), орточо (2,5 – 5,0 см) жана көлөмдүү (5-10 см) деп бөлүнөт. Өзөндүн боюнда, тоо этектеринде жана деңиз жээктеринде кезигет. Борпоң катмарын шагыл, ал эми цементтелген уюгун конгломерат түзөт.

**ГАЛО**–гало (франц. Halo, грек. halos). Айдын, же Күндүн сыртындагы тегерек шакек сыяктуу жаркырак атмосферадагы оптикалык шоола.

**ГАЛОГЕННЫЕ ПОРОДЫ**–галогендик тектер (грек. halos–түз жана genes–пайда болуу). Ариддик (каксоо) климаттын шартындагы туздуу көлмөрлөрдүн суусу бууланып, соолгондон кийин тунма туздардын (хлорид, сульфат) химиялык жол менен ташка айланышы. Айрыкча пермь, юра, неоген, девон, кембрий системасындагы катмарларда кезигет.

**ГАЛОГЕННЫЕ ПОЧВЫ**–галогендик топурактар. Сууда жеңил эрүүчү, туздардын миграциясы (которулушу) басымдуулук кылган чөйрөдөгү топурактар.

**ГАЛОФИТЫ**- галофиттер (грек. hals – туз жана phyton – өсүмдүк). Шорлуу (туздуу) топуракта өскөн өсүмдүктөр. Мисалы, шыбак, чекенде, эрмен, тамарикс, коен томук ж.б. Чөлдөрдө жана тоо этектериндеги каксоо жерлерде өсөт.

**ГАЛЬКИ**–майда сай таш, шагыл. Агын суунун, деңиздин, көлдөрдүн толкунун таасири менен жылмаланган жана көлөмү 10 дон 100 мм ге чейинки майда таштар. Формасы, жылмаланышы таштардын тегине, составына жана жумшактыгына жараша болот.

**ГАРМСИЛЬ**–гармсель. Батыш Тянь-Шань менен Копетдагтын этегинде, жайкысын чөлдөрдөн өрөөндөргө карай соккон кургак жана ысык шамал.

**ГАМАДА**–гамада (хамада). Түндүк Африкада жана Жакынкы Чыгышта таштуу чөлдөрдүн араб тилинде аталышы.

**ГАРИ**-гари. Өрткө чалдыккан токой. Ири аянттагы гари саздак келет.

**ГАРРИГА**–гаррига (франц.- garigus). Жер Ортолук деңиздин аскалуу беттериндеги дайыма көгөрүп турган ксерофилдик, сейрек келген жапыз токой (негизинен дуб токою, же эргежел курма ж.б.).

**ГАРМОНИЧЕСКАЯ СКЛАДКА**- айкалышкан бүктөлүш. Жашы ар түрдүү тектердин бирдей бүктөлүшү. Мисалы, катмардын үстүнкү бетиндеги кабатынын бүктөлүшү анын астыңкы бетиндеги кабатына дал келип жатат.

**ГАФЫ**-гафтар. Бири- бирине туташ, бирок арасы кум дөбөлөр менен бөлүнгөн булуң. Деңиз жээгин толкун ургулаганда чайкалган кумдардан түзүлөт.

**ГВАЮЛА**–гваюла. Татаал гүлдүүлөр тукумундагы каучук берүүчү бадал. Мексиканын тайпак тоолорунда өсөт. Азербайжан жана Талыш тоолорундагы кургак субтропиктерде өстүрүлөт.

**ГЕЙЗЕР**–гейзер (исл. Geysiz,geysa). Ысык суу менен бууну бүркүп туруучу булак. Вулкандын соңку стадиясы. Гейзер Исландияда, АКШда, Жаңы Зеландияда, Камчаткада көп кездешет. Оргуп чыккан ысык суу менен суу буулары имараттарды жылытуу үчүн пайдаланылат.

**ГЕКИСТОТЕРМНЫЕ РАСТЕНИЯ**–гакистотерм өсүмдүктөрү (грек. hekistos-өтө аз жана therme-жылуулук). Жылдык орточо температура $0^0$ С дан төмөн болгон альпы тилкесинде өсөт.

**ГЕЛИОФИТЫ**-гелиофиттер (грек. helios-күн жана phyton-өсүмдүк). Күнөстүү жерде өсүүчү өсүмдүктөр. Мисалы; сосна, кызыл карагай, мать- мачеха ж.б.

**ГЕЛИОФИЗИКА**–гелиофизика (грек. helios-күн, physika- жаратылыш). Күн физикасынын проблемаларын изилдөөчү илим. Анда

спектроскопиялык, спектрометрдик, фотометрдик, фотографиялык методдорду колдонуп изилдөө жумуштары жүргүзүлөт. Натыйжада, күндүн температурасын, тыгыздыгын, атмосферадагы заттардын кыймылынын ылдамдыгын, химиялык заттардын атомдорунун дүүлүгүшүн жана иондошуусун, электр жана магнит таласынын пайда болушун жана алардын мезгил боюнча өзгөрүшүн билүүгө болот.

**ГЕЛИОЦЕНТРИЧЕСКАЯ СИСТЕМА МИРА**–ааламдын гелоицентрдик системасы (грек. helios–күн жана kentron-борбор). Планеталардын күндүн айланасында айланып турушу жөнүндөгү пикир алгачкы жолу Аристарх Самосеки (б.з.ч. 250 ж.ж.) айткан, 831 ж.ж. Аль- Хорезми тарабынан тастыкталган.

**ГЕЛИОЦЕНТРИЧЕСКИЕ КООРДИНАТЫ**–гелиоцентрдик координаттар. Асман телолорунун Күндүн борборуна салыштырмалуу абалын аныктоочу асман координаттарынын системасы.

**ГЕМАТИТ**–гематит (грек. haimatos-кан). Минерал, темирдин кычкылы. Темир рудаларындагы маанилүү рудалардын бири. Өңү кара, боз, кээде кызыл болот.

**ГЕМИГИЛЕЙ**–гемигилейлер (грек. hemi–жарым жана hyle–токой). Субтропикалык зонадагы табийгый токой тилкеси. Анда жылдын бардык мезгилинде нымдуулук 1000 мм ден ашыктык кылат. Дайыма көгөрүп туруучу токойлор өсөт, топурагы күрөң, кара-күрөң, кызыл түстө. Саздак жерлерде көп кезигет.

**ГЕНЕРАЛИЗАЦИЯ**–генерализация (лат. Generalis-жалпы, башкы). Картографиядагы негизги обьектилердин жана сүрөттөлүүчү кубулуштарды гана калтырып, калган майда–чүйдөлөрүн алып таштоо процесси.

**ГЕНЕТИЧЕСКАЯ ОДНОРОДНОСТЬ В ФИЗИЧЕСКОЙ ГЕОГРАФИИ**–генетикалык бир тектүүлүк. Табигый аймактык комплекстин пайда болушу жана өсүп- өнүгүүсү боюнча бир тектүүлүгү.

**ГЕНЕТИЧЕСКИ ОДНОРОДНЫЕ ПОВЕРХНОСТИ**–жер бетинин бир тектүүлүгү. Рельеф пайда кылуучу бир гана агенттин таасиринин астында калыптанган жер бетинин формасы.

**ГЕОАНТИКЛИНАЛЬ**–геоантиклиналь (грек. ge-жер). Жер бетиндеги геосинклиналдык системанын ичиндеги бөтөнчө көрүнүш. Мисалы; Куриль аралдары, Урал тоосу ж.б.

**ГЕОБОТАНИКА**–геоботаника (грек. ge–жер жана phyton-өсүмдүк). Фитоценология, өсүмдүктөрдүн түркүмү, түзүлүшү, өрчүү классификациясы, фитоценоз чөйрөсү, ошондой эле продуктуулугу, пайдалануу жана кайрадан түзүү жөнүндөгү илим. Геоботаника илими фитоценоздорду жана алардын составындагы өсүмдүктөрдүн түрлөрүн изилдейт, б.а. фитогеография илимдеринин жыйындысы.

**ГЕОБОТАНИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–геоботаникалык карталар. Аймактагы өсүмдүктөрдүн тобун (ассоциация, формация) жана алардын мейкиндик боюнча комбинациясын сүрөттөп көрсөтүүчү (ар түрдүү масштабдагы) карталар.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ДОЛГОТА**–географиялык узундук. Белгилүү бир чекит менен башталгыч меридианын тегиздиктеринин ортосундагы бурч. Географиялык узундук башталгыч меридиандагы $0^0$тан, же чыгышты (чыгыш узундук), же батышты (батыш узундук) көздөй $360^0$ка чейин эсептелет.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ЗОНА**–географиялык зона (ландшафтык зона, табигый зона). Географиялык алкактарда физиклык-географиялык райондорго бөлүштүрүүдөгү жогорку баскыч. Климаты, топурак-өсүмдүктөрү бирдей чөйрөнүн табигый комплекси.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ЗОНАЛЬНОСТЬ**–географиялык зооналдуулук. Жердин бетинин табигый тилкеге бөлүнүшү. Географиялык алкактардын жана тилкелердин табигый процесстерине баш иет.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ОБОЛОЧКА (ЛАНДШАФТНАЯ ОБОЛОЧКА)**–географиялык кабык, ландшафттык кабык. Атмосферанын төмөнкү катмары, литосферанын үстүнкү бети. Бүткүл гидросфера жана биосфера кирет. Алар өз–ара аракеттенишип, бири–бири менен тыгыз байланышта болуп, заттар менен энергиянын алмашуусу туруктуу келет.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ОСНОВА КАРТ**-картанын гегографиялык негизи. Тематикалык карталарды түзүүдө кээ бир негизги элементтери сакталган (жээк сызык, дарыялар, калк отурукташкан пункттар, жол катнашы, саясий жана административдик чек аралары) карталардын негизи.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ПАРАЛЕЛЬ**–географиялык паралель. Жер шарынын ойдон алынып сызылган, экваторго жарыш сызыктары. Параллелдин бардык чекиттеринин географиялык кеңдиги бирдей.

**ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ШИРОТА**-географиялык кеңдик. Белгилүү чекиттин сызыгы менен жер экваторунун тегиздигинин ортосундагы бурч. Экватордон түндүккө жана түштүккө карай $0^0$ тан $90^0$ чейин эсептелет.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ АТЛАСЫ**, к. Атласы географические.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–географиялык карталар. Жер бетин тегиздикке кичирейтип, математикалык жол менен негиздеп, жалпылап, шарттуу белгилер менен сүрөттөп түшүргөн түрү. Табигый жана коомдук кубулуштардын байланышын, жайланышын көрсөтөт. Аймакты ээлеши боюнча–дүйнөлүк, материктердин, өлкөлөрдүн ж.б; мазмуну боюнча-жалпы географиялык жана тематикалык; милдети боюнча илимий– справкалуу, окуу куралы катарындагы, туристтик ж.б. деп бөлүнөт.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ КОМПОНЕНТЫ**–географиялык компоненттер, ландшафттын компоненттери. Ландшафттын жана географиялык кабыктын негизги бөлүгү (рельеф, аба массасы, жер астындагы жана агын суулар, топурак, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү) б.а. табигый ландшафты түзүүчү бардык материалдык телолор.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ КООРДИНАТЫ**–географиялык координаттар. Жердин бетиндеги чекиттердин абалын аныктоочу чоңдуктар. Мисалы, географиялык кендик жана географиялык узундук.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ ПОЯС**–географиялык алкак. Географиялык кабыкты ири зоналдуу кеңдиктерге бөлүштүрүү. Географиялык алкак жылуулук менен нымдуулуктун жалпы режими, аба массасынын бирдей циркуляциясы, ритм жана өсүмдүктөрдүн тиешелүү вегетациясы менен мүнөздөлөт. Географиялык алкактын климаты ар түрдүүчө болгондуктан, ал географиялык алкактын географиялык зоналарга жана подзоналарга бөлүнүшүнө алып келет.

**ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ ЦИКЛ**–географиялык цикл. Географиялык компоненттин өсүп- өнүгүү жана кайра жок болуу процесстериндеги белгилүү мезгилдер. Мисалы, рельефтин өсүп- өнүгүү тарыхындагы жаш, жетилген жана картайган мезгилдери.

Рельеф жаш мезгилинде тектоникалык көтөрүлүүнүн эсебинен өсө берет, жетилген кезинде талкалана баштайт, ал эми картандык чагында түзөлүп пенеплен пайда болот.

**ГЕОГРАФИЧЕСКОЕ РАСПРОСТРАНЕНИЕ**–географиялык таралыш. Географиялык кабыктагы органикалык заттардын, же кээ бир табигый обьектилердин жана кубулуштардын жердин бети боюнча дифференцияланышы.

**ГЕОГРАФИЯ** – география (грек. ge-жер жана графия–жазам, жазуу). Жердин географиялык кабыгын, жаратылыштык аймактык жана өндүрүштүк аймактык комплекстерди үйрөтүүчү (изилдөөчү) илим. Табигый физикалык, коомдук жана экономикалык географиялык илимдердин системасын (жаратылышты, калкты жана чарбаны комплекстүү изилдөөнүн, адам коому менен чөйрөнүн ортосундагы өз ара байланышты ж.б. процесстерди), бириктирип турат. Негизги тармактары физикалык география жана экономикалык география, топурактардын, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын географиясы, ошондой эле картография, топография ж.б.

**ГЕОГРАФИЯ ПОЧВ**–кыртыш географиясы. Жердин бетиндеги топурактын закондуулугун үйрөтүүчү илим. Жалпы жана аймактык деп бөлүнөт. Жалпы кыртыш географиясы топурак пайда болуучу факторлорду жана топурактын таралышынын жалпы маселелерин изилдейт. Ал эми аймактык кыртыш географиясы топурактарды райондоштуруу жана кээ бир аймактардын топурагынын мүнөздөрүн изилдейт.

**ГЕОДЕЗИЯ**–геодезия (грек. geodasia, ge–жер жана daio–бөлөмүн, бөлүштүрөмүн). Жердин гравитациялык талаасын, көлөмүн, фигурасын картага, же планга сүрөттөп түшүрүү үчүн жердин бетин ченөө. Кээ бир практикалык жана илимий маселелерди чечүү максатындагы колдонулат.

**ГЕОКОМПЛЕКС**, к. Природный территориальный комплекс.

**ГЕОКРАТИЧЕСКИЕ ПЕРИОДЫ**–геократтык мезгилдер (грек. ge- жер, жана kratos–күч). Жердин тарыхындагы кургактыктын аянтынын кеңейип турган мезгилдери. Көбүнчө геократтык мезгилдер тектоникалык кыймылдын экинчи этабындагы кургактыктын суу астынан көбүрөөк бошонгон мезгилине туура келет.

**ГЕОКРИОЛОГИЯ**–геокриология (грек. ge–жер kryos–аяз; жана logos–окуу, мерзлотоведение). Жер астында тоңдуктар жана тоңгон тоо тектери жөнүндөгү илим.

**ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ СЬЕМКА**–Геологиялык сьемка. Геологиялык картаны түзүү, аймактын геологиялык түзүлүшүн аныктоо жана минералдык сырье ресурустарынын перспективасын белгилөө үчүн талааны кыдыруу жана камералдык жол менен жүргүзүлгөн иштердин жыйындысы.

**ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ ТЕКТОНИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА**– геологиялык тектоникалык структура. 1. Жер кабыгынын белгилүү бөлүгүнүн геологиялык түзүлүшү. 2. Тоо тектеринни орун алган формасы. 3. Жер кабыгынан геологиялык түзүлүшүн аныктап турган тектоникалык формалардын жыйындысы.

**ГЕОЛОГИЯ**–(грек. ge–жер жана logos–окуу). Жердин кыртышынын жана анын түпкүрүндөгү түзүлүштөрү, составы жана өсүп - өнүгүүсү жөнүндөгү илим. Геологиянын тармагына стратиграфия, тектоника, регионалдык геология, вулканалогия, минералогия, петрография, литология, геохимия кирет. Практикалык мааниси бар тармагына пайдалуу кендердин геологиясы, гидрогеология, инженердик геология ж.б. кирет. Башка илимдер тармакташкан петрохимия, петрофизика, тектонофизика бөлүмдөрү бар.

**ГЕОМОРФОЛОГИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–геоморфологиялык карталар. Белгилүү бир аймактын рельефинин сырткы көрүнүшүн, келип чыгышын, курагын жана өсүү тарыхын сүрөттөп көрсөтүүчү карталар.

**ГЕОМОРФОЛОГИЧЕСКИЕ УРОВНИ**– геоморфологиялык деңгээлдер. Жердин бетиндеги белгилүү гипсометриялык деңгээлдер айтылат. Анда узак убакытка чейин калыптанган тектоникалык жактан отурукташкан кээ бир тышкы процесстер байкалып, рельефтин түзөңдүү формалары белгиленет. Адатта абразиялуу чөкмө, эрозиялык пенеплен, кар сызыгы жана тоолордун жондору өз алдынча деңгээл болуп бөлүнөт. Геоморфологиялык деңгээлдердин пайда болушун, жашын жана улам барган сайын өзгөрүшүн анализдөө структуралык геоморфологиянын негизги методдорунун бири. Геоморфологиялык деңгээл сов. окумуштуу К.Марков (1948) тарабынан сунуш кылынган.

**ГЕОМОРФОЛОГИЧЕСКИЙ ПРОФИЛЬ**–геоморфологиялык профиль. Жердин бетинин рельефинин белгилүү бир багыт боюнча (узунунан, же туурасынан) кесилишинин көрүнүшү. Геоморфологиялык профиль менен жер бетинин геологиялык түзүлүшүн, рельефинин генезисин жана курагын аныктоого болот.

**ГЕОМОРФОЛОГИЧЕСКОЕ РАЙОНИРОВАНИЕ**–геоморфологиялык райондоштуруу. Жердин бетинин рельефинин салыштырмалуу бир тектүүлүгүнө жараша бөлүктөргө бөлүштүрүү. Комплекстүү геоморфологиялык райондоштуруу да рельефтин морфологиялык өзгөчөлүгү, генезиси жана бардык элементеринин жашы, рельефтин морфогенетикалык типтери эске алынат.

**ГЕОМОРФОЛОГИЯ**- геоморфология (грек. ge–жер, morphe–форма жана logos–окуу). Жер бетинин рельефи, анын сырткы түзүлүшү (морфологиясы), пайда болушу, өсүп–өрчүү закондуулугу жөнүндөгү илим. Геология менен тыгыз байланышта жана анын жыйынтыктарына көп таянат. Геоморфология термини кургактыктын, океан–деңиздин түбүнүн жана жер бетинин анча чоң эмес аянтына тиешелүү.

**ГЕОМОРФОЛОГИЯ СУШИ**–кургактыктын геоморфологиясы. Кургактыктын рельефин изилдөөчү илим. Геомофологиянын бир тармагы.

**ГЕОСИНКЛИНАЛЬ**–геосинклиналь (грек. ge-жер, synklino– кыйшаюу). Жер кыртышынын тынымсыз кыймылдагы, тектоникалык жана магмалык процесстери мыкты өрчүгөн, узуну жүздөгөн километрге жеткен, эни бир кыйла тайкы жана чеке– бели ири (терең) жаракалар менен чектелген кайкысы. Адатта деңиздердин түбүндө пайда болуп, чөкмө жана вулкандык тектерге жык толгон. Бара–бара күчтүү тектоникалык ийилүүнүн натыйжасында жер көтөрүлүп, өтө татаал катталыштарды пайда кылат жана акырындап отуруп тоо өсүп чыгат.

**ГЕОСИНКЛИНАЛЬНАЯ ОБЛАСТЬ**–геосинклиналдык область. Геосинклиналдык аймактын чөйрөсүндөгү структуранын жайгашышы жана негизги катталыштарынын (бүктөлүүлөрүнүн) жашы менен айырмаланып турган аймактар. Жаштары бир нече удаалаш катталыштардын системасынан (каледон, же герцин) турат.

**ГЕОСИНКЛИНАЛЬНАЯ СИСТЕМА**–геосинклиналдык система. Геосинклиналдык аймактын ичиндеги кыймыл аракети өтө күчтүү зона.

**ГЕОСИНКЛИНАЛЬНЫЙ ПОЯС**–геосинклиналдык алкак. Жер кабыгынын абдан кенен, бир быгатка созулган, тектоникалык жактан кыймылдагы бөлүгү.

**ГЕОТЕКТУРА**–геотектура (грек. ge–жер жана лат. tektura– жабуу). Жердин бетинин эң ири формалары. Алар жер кабыгынын түзүлүшүнүн эң негизги айырмаларын жана алардын геофизикалык, планетардык процесстердин натыйжасында пайда болушун далилдейт.

**ГЕОТЕРМИКА**–геотермика (грек. ge–жер жана therme–жылуулук). Жердин астындагы жылуулук абалын жана жылуулуктун тарыхын изилдөөчү илим. Жер физикасынын тармагы. О.Ю. Шмиттин гипотезасы боюнча жер пайда болгондон кийин, анын астыңкы ядросундагы температура болжол менен 700 – 2000$^0$0 С жеткен ж.б.

**ГЕОТЕРМИЧЕСКАЯ СТУПЕНЬ**–геотермикалык баскыч. Жердин астындагы температура 1$^0$С га чоңойгон тереңдиктердин ортосундагы аралык. Ал метр менен туюнтулат да, тереңдикке жана орун алышына карата (5м ден 150 м ге чейин) өзгөрмөлүү болот.

**ГЕОТЕРМИЧЕСКАЯ ГРАДИЕНТ**–геотермикалык градиент. Жердин астындагы тереңдик ар бир 100 метрге жеткен сайын температуранын өсүшү. Жер кабыгыныкы орто эсеп менен 3$^0$С ны түзөт.

**ГЕОФИЗИКА**–геофизика (грек. ge–жер жана physire– жаратылыш). Жердин физикалык касиетин, магнит талаасын жана кабыкчасындагы физикалык процесстердин жүрүшүн изилдөөчү илим. Геофизика; жердин физикасы, суунун физикасы жана атмосфера физикасы деп бөлүнөт.

**ГЕОФИТЫ**–геофиттер (грек. ge–жер, топурак жана phyton- өсүмдүк). Тамыры жер астында өскөн жана ысыкка – суукка чыдамдуу көп жылдык өсүмдүктөр.

**ГЕОФЛЕКСУРА**–геофлексура (грек. ge–жер жана лат. Flekura–ич ара бурулуш). Жердин бетиндеги алыска созулган кашаттуу бүктөлүш. Континенталдык жана ички континентик флексура деп бөлүнөт. Мисалы, Батыш Сибирь ойдуңу менен Чыгыш Сибирь тайпак тоосунун ортосундагы бурулуш ж.б.

**ГЕОХИМИЧЕСКИЙ ЛАНДШАФТ**–геохимиялык ландшафт. Жер бетиндеги атмосферанын, литосферанын жана гидросферанын чөйрөсүндөгү химиялык элементтердин миграциясы. Адатта биологиялык айлануу процесси жүргөндүктөн өсүмдүктөр күндүн энергиясын өзүнө жутуп алып (фотосинтез) татаал органикалык затты пайда кылат. Мында карама- каршы процесс (органикалык чиринди) жүрөт. Натыйжада, жутулган күн энергиясы бошоп химиялык раекцияга катышат. Ар бир геохимиялык ландшафтка тиешелүү атомдорунун биологиялык айланышы, химиялык заттардын өзгөчөлүгү жана абалы мүнөздүү.

**ГЕОХИМИЯ**–геохимия. Жердин химиялык түзүлүшүн, андагы химиялык элементтердин таралышын, геосферадагы химиялык элементтердин катышуусунун закондуулугун, табигый чөйрөлөрдөгү которулушун ж.б. үйрөтүүчү илим.

**ГЕОХИМИЯ ЛАНДШАФТА**–ландшафттын геохимиясы. Физикалык–географиялык комплекстердеги (ландшафтагы) химиялык элементтердин орун алмашуу закондуулугун изилдөөчү илим. Илимдин бул тармагын советтик окумуштуу Б.Б. Полынов негиздеген.

**ГЕОХИМИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–геохимиялык карталар. Тоо тектериндеги химиялык айрым элементтердин белгилүү бир аянт боюнча таралыш тартиби жана закондуулугу көрсөтүлүп, кагаз бетине түшүрүлгөн сүрөттүү чиймелер. Геохимиялык карталар изилдөөлөрдүн натыйжасында геологиялык же тектоникалык картаны үстүнө тартылат.

**ГЕОХРОНОЛОГИЯ**–геохронология (грек. ge–жер, chronos–убакыт жана logos–окуу, илим, геологиялык жыл сүрүү). Геологиялык жыл сүрүү маселелерин изилдеген (геологиялык) илим. Геохронология салыштырмалуу жана абсолюттук болуп экиге бөлүнөт. Салыштырмалуу геохронологияда тоо тектеринин кайсынысы мурда, кайсынысы кийин пайда болгонун бири-бирине салыштырып аныкташат. Ал эми абсолюттук геохронологияда тоо тектеринин жана минералдардын жашын изотоптук метод жана убакыттын бирдиги менен (ондогон, миңдеген, миллиондогон, миллиарддаган жылдар) аныктайт.

**ГЕОЦЕНТРИЧЕСКАЯ СИСТЕМА МИРА**–ааламдын геоцентрдик системасы (грек. ge–жер жана kentron–борбор). Байыркы доорлордогу жер ааламдын борборунда кыймылсыз турат, ал эми асман

мейкиндигиндеги калган телолордун бардыгы жерди айланып жүрөт деген жаңылыш көз караш. Ал байыркы грек окумуштуулары Аристотель (б. э. ч. IV–кылым) Гиппарх жана Птоломей (б.э.ч. II–кылым) тарабынан сунуш кылынган. Ааламдын геоцентрдик системасы жөнүндөгү көз карашы XIV–кылымда Н.Коперниктин ааламдын гелиоцентрдик системасы деген окуусу менен жокко чыгарылган.

**ГЕРБАРИЙ**–гербарий (лат. herbarum, herba–чөп, өсүмдүк). Илимий иштер үчүн атайы жыйналып (тандалып) жана белгилүү шартта кургатылган өсүмдүктөрдүн коллекциясы. Гербарий геоботаникалык, географиялык, кыртыш таануу ж.б. изилдөөлөрдө колдонулат. Дүйнөдөгү эң ири гербарий Россиянын илимдер Академиясынын В.Л. Комаров атындагы ботаника институтунда (Санкт–Петербург) топтолуп, анда 5 млн. даана баракка толгон гербарий бар. Кыргыз Илимдер Академиясындагы биология интитунда 150 миңге жакын гербарий топтолгон.

**ГЕРЦИНСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–герцин бүктөлмөсү (катталыштыгы), Варис бүктөлмөсү). Геосинклиналь областтарындагы тоо тек катмарларынын каледон бүктөлүүсүнөн кийин, палеозой заманын экинчи жарымында (девондун аягы–триастын башталышы) пайда болгон бүктөлүүлөрү. Герциниддер натыйжасында ири тоо системалары–герцинттер пайда болгон жана гранитоид интрузияларынын магматизми күчөгөн. Герцин бүктөлмөсү деген атты француз геологу Бертран Орто Европа тоо системасына карата койгон. "Варис" деген терминди З. Зюсс киргизген. Азыркы Саксония, Тюрингия, Бавария областарынын мурдагы аталышы. Герцин бүктөлмөсүнүн натыйжасында Европадагы, Түндүк–Батыш Африкадагы, Түндүк Кавказ, Ураль, Тянь-Шань, Алтай, Аппалач, Анд ж.б ири тоо системалары өсүп чыккан.

**ГЕТЕРОТРОФНЫЕ**–гетеротроф (грек. heteros–башка, бөлөк, бөтөн жана trophe–азык, тамак–аш). Автотрофтук организмдер түзгөн даяр органикалык заттар менен тамактануучу организмдер. Аларга адам баласы, кээ бир жаныбарлар, өсүмдүктөр (козу карындар, бактериялар, сапрофиттер) жана микроорганизмдер кирет. к. Автотрофы.

**ГИГРОСКОПИЧНОСТЬ ПОЧВЫ**–топурактын гигроскоптуулугу. Катуу топурактын абадагы буу түрүндөгү нымдуулукту өзүнө жутуп алуу жөндөмдүүлүгү. Топурактагы гигроскопиялык нымдуулук

молекулярдык күч менен кыртыштын үстүңкү бетине жабышып тургандыктан өсүмдүктөр аны пайдалана албайт. Топурактагы органикалык жана минералдык майда компоненттердин саны өскөндө топурактын гигроскоптуулугу артат.

**ГИГРОТЕРМОМЕТР**–гигротермометр. Гигрограф менен термографтын конструкцияларынан бириктирип жасалган өзү жазуучу прибор.

**ГИГРОФИЛЫ**–гирофилдер (грек. hygros–нымдуу жана phileo–сүйөмүн). Нымдуу чөйрөгө ылайыкташып жашоочу жаныбарлар. Аларга көлмөлөрдүн боюнда, саздарда жашоочу бака, ондатр, жылан ж.б. кирет.

**ГИГРОФИТЫ**–гигрофиттер (грек. hygros–суу, phyton–өсүмдүк). Өтө нымдуу шартта өсүүгө ыңгайланышкан өсүмдүктөр. Булардын тамыры, механикалык тканы начар өөрчүгөн, жалбырагы жана сабагы көңдөйлүү түзүлүштө.

**ГИДРОФИТЫ**–гидрофиты. Суунун астында өскөн өсүмдүктөр. (элодея, кувшинка ж.б.).

**ГИДРОБИОЛОГИЯ**–гидробиология (грек. hygros–суу). Сууда жашаган жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жашоо шарттары, өз ара байланыштары, океан–деңиздер менен агын–суулардын биологиялык продуктуулугу жана санитардык абалы жөнүндөгү илим. Ал биологиянын бир тармагы катарында океанология, лиминология, агын–суулар ж.б. гидрологиянын башка тармактары менен тыгыз байланышта.

**ГИДРОБИОНТЫ**–гидробионттор (грек. hygros–суу, biontos–жашоочу). Сууда жашоочу организмдер.

**ГИДРОГЕОГРАФИЯ**–гидрогеография (грек. hydios–суу). Суу менен жаратылыштын башка компоненттеринин (климат, тоо тектери, рельеф, топурак, өсүмдүктөр жана суу ресурстары) өз–ара байланыштарын изилдөөчү илим. Гидрологиянын географиялык багыты.

**ГИДРОГЕОЛОГИЯ**–гидрогеология. Жер астындагы суулардын пайда болушун, жайгашуу законунун жана кыймылын, составын, касиетин, ошондой эле тоо тектери менен өз- ара аракетин изилдөөчү илим. Гидрогеология, геология (анын ичинен инженердик геология),

метеорология, геохимия, геофизика ж.б. илимдер менен тыгыз байланышта. Математика, химия, физика илимдеринин закондоруна таянат жана алардын изилдөө методдорун кеңири колдонот.

**ГИДРОГЕОЛОГИЧЕСКАЯ СЬЕМКА**–гидрогеологиялык сьемка. Жер бетиндеги аймактардын гидрогеологиялык картасын түзүү үчүн жалпы гидрогеологиялык шарттарын аныктаган изилдөөлөрдүн жыйындысы. Гидрогеологиялык сьемкада топографиялык же геологиялык карталарга; булактар, кудуктар, бургулоо көзөнөктөрү (скважиналар), саздар, дарыялар, суулар, көлмөлөр, ж.б. түшүрүлүп, суунун чыгышы, составы, сапаты жана башка касиеттери аныкталып, баяндамасы толук жазылат.

**ГИДРОГЕОЛОГИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–гидрогеологиялык карталар. Жер астындагы суулардын таралышын, орун алышын көрсөтүүчү карта. Ал гидрогеологиялык сьемкалардын маалыматтарына таянып, геологиялык картанын негизинде түзүлөт. Мындай картада; суулуу катмардын геологиялык түзүлүшү, андагы булактар, алардын чыгымы, химиялык составы, кудуктар, бургуланган скважиналар, көлдөр, саздар, агын суулар ж.б. көрсөтүлөт. Масштабы боюнча; ири (1: 50000), орто (20000 1: 100000), кичине (1: 5000000 жана андан да кичине) деп бөлүнөт.

**ГИДРОГЕОЛОГИЧЕСКОЕ РАЙОНИРОВАНИЕ**– гидрогеологиялык райондоштуруу. Тоо тек катмарларынын гидрогеологиялык шарттарына, жер астындагы суулардын пайда болушуна, таралышына жана алмашуусуна карай жалпы аймакты бир типтүү, бирок бири- бирине окшошпогон, аймактарга бөлүштүрүү.

**ГИДРОФИТЫ**–гидрофиттер (грек. hydros–суу жана phyton–өсүмдүк). Сууда өскөн өсүмдүктөр. Мисалы, камыш, күрүч ж.б.

**ГИДРОХОРЫ**–гидрохорлор (грек. hydros–суу жана choreo– жыламын). Тамыры, мөмөсү, уругу же чаңдары суу менен тараган өсүмдүктөр. Алар сууда жеңил калкыйт жана суулуу чөйрөдө канчалык көп болсо да, сапатын жоготпойт.

**ГИЛЕЯ**–гилея (грек. hyle–токой). Түштүк Американын нымдуу тропиктик токою. Ал Түштүк Америкадагы Амозонка ойдунун жана Атлантикалык жээктерин бойлоп олтуруп түштүк тропикке чейин жетет. Гилея деп кээде бүт эле нымдуу тропиктик токой айтылат.

**ГИЛАС**–гилас. Роза гүлдүүлөр тукумуна кирүүчү мөмө дарагы. Бийиктиги 10 м ге чейин жетет.

**ГИНКГО**–гинкго. Жыланач уруктуу өсүмдүктөр тибиндеги гинкголор тукумунун уруусу. Бийиктиги 30–40 м. чамалуу дарак. Жалбырагы табактай жайык келип, калың. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өтө байыркы түрлөрүнүн бири. Перм–Таш көмүр доорлорунда пайда болгон, юра доорунда өтө мыкты өөрчүгөн. Азыр сейрек кезигет, ботаникалык бактарда коолдук үчүн гана өстүрүлөт.

**ГИПЕРГЕНЕЗА ОБЛАСТЬ**–гипергенеза областы (грек. hyper– үстүнөн жана genesis–келип чыгуу, пайда болуу). Жердин үстүңкү катмарына жакынкы чөйрөдөгү литосфера. Мында жогорку температуранын жана басымдын шартында физикалык, химиялык жана биологиялык процесстер жүргөндүктөн, алгачкы минералдар өзгөрүп, кайрадан жаңы минералдын пайда болушу жүрөт.

**ГИПОАРКТИЧЕСКИЙ ЭЛЕМЕНТ ФЛОРЫ**–флоралардын гипоарктикалык элементи. Арктикалык тундранын, ага тектеш жаткан токойлуу тундранын тилкелериндеги өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн тобунун жыйындысы. Мисалы; морошка, багульник, карлик кайыңы ж.б.

**ГИПОЛИМНИОН**–гиполимнион (грек. hypo–асты жана limnio–көл). Көлмөнүн астындагы температурасы туруктуу суу катмары. Мындай катмар терең көлдөрдө гана байкалат да, андагы суунун температурасы жыл боюнча өзгөрбөйт жана +4 $^{0}$ тан ашпайт.

**ГИПОТЕЗЫ ГОРООБРАЗОВАНИЯ**–тоолордун пайда болуусу жөнүндөгү гипотезалар. К. Тектонические гипотезы.

**ГИПОЦЕНТР**–гипоцентр. Жердин түпкүрүндөгү, жер титирөөчү чогунун борбордук чекити. Тереңдиги 700 км ге жетет.

**ГИПС**–гипс (грек. Gyrsos) Бор, акиташ, кальцийлүү, күкүрттүү, кычкыл туздуу минерал. Гипстин катмары Татарстанда, Россиянын Европалык бөлүгүнүн түндүк жагында, Башкыртстанда, Кыргызстанда, Украинада, Кавказда кездешет. Алар курулуш иштеринде жана айыл чарбасында кеңири колдонулат.

**ГИПСОВЫЕ ПОЧВЫ**–топуракка гипс аралаштыруу. Шорлуу топуракка гипс аралаштыруу жолу менен туздуулугун жоготуу. Мында гипстеги кальций ээрип, натрийди алмаштырып, топурактын

физикалык химиялык касиетин жакшыртат, түшүмдүүлүгүн арттырат.

**ГИПСОВЫЕ КОРЫ ПУСТЫНЬ**–чөлдөрдөгү гипстүү калдыктар. Гипстелген жер, карбонат чөлдүү талаанын типтери. Ссуга мүчүлүш (Түндүк Африка, Жакынкы Азия, Түндүк Америка, Борбордук Австралия ) чөлдөрдө кездешет.

**ГИПСОВЫЙ ГОРИЗОНТ**–гипстүү горизонт. Гипстүү горизонттун болушу кургак жана жарым кургак зоналардагы каштан түрүндөгү, бозомтук, боз топурактын генетикалык мүнөзүн аныктайт.

**ГИПСОГРАФИЧЕСКАЯ КРИВАЯ**– гипсометриялык ийри- буйрулук. Жер бетинде жана океандардын түпкүрүндө тараган бирдей бийиктик жана терендиктерди туташтырып туруучу ийри сызык.

**ГИПСОМЕТРИЧЕСКАЯ КАРТА-** гипосометриялык карта. Рельефти горизонтал боюнча көрсөткан карта. Анда бийиктик боюнча рельефтин жалпы көрүнүшү ар түрдүү өңдөгү боектор менен көрсөтүлөт.

**ГИПСОФИЛЬНЫЕ РАСТЕНИЯ** – гипсофиль өсүмдүктөрү. Гипске бай топуракта өсүүчү өсүмдүктөр. Мисалы; астрагалдар, тимьяндар, кийик от, гипс сүйүүчүлөр ж.б.

**ГИРКАНСКИЙ БАССЕЙН**– гиркан бассейни. Плейстоцен заманынын акыркы ченинде азыркы Маныч өрөөнүнүн ордундагы тунук, түзсүз суулуу бассейн.

**ГИРЛО**–гирло. Азов жана Кара деңиздерге куйган ири дарыялардын сайроондору. Мисалы; Килия, Сулуни, Георге сайроондору. Айрыкча Дунай дарыясында көп кезигет.

**ГЛАЗОМЕРНАЯ СЬЕМКА** – көз өлчөө сьемкасы. Компас, визирлөө сызыгы жана планщеттин жардамы менен жердин бетин топографиялык картага чийүү. Мындай картаны чийүүдө багытты, сызгыч аралыгы көз өлчөмү менен аныкталат.

**ГЛАУБЕРОВА СОЛЬ**- глаубер кайнатма тузу. к. Мирабилит.

**ГЛЕЕВЫЕ ПОЧВЫ**–сур топурактар. Нымдуулук дайыма нөл болгон чөйрөдө пайда болуучу топурактар.

**ГЛЕТЧЕРНЫЙ ЛЕД** – мөңгү муздук. Тоо мөңгүлөрүнүн этегиндеги жаткан муз.

**ГЛИНА**– чопо, топурак. Майда (20,01 же 0,001 мм) чополордун тунмасынан катмарланган, борпоң жана нымдалышкан илешме тек.

**ГЛИНИСТАЯ ПУСТЫНЬЯ**–ак топурактуу чөл. Каксоо алкактын чополуу катмарынан турган чөл.

**ГЛИНИСТЫЕ МИНЕРАЛЫ**–чополуу минералдар. Суулуу силикаттар жана аллюмосиликаттар. Негизинен алюминий, магний, темир, жез, калий жана натрий элементтеринен турган минерал.

**ГЛИНИСТЫЙ МЕРГЕЛЬ**- чополуу мергель. Составынын 10-70 % чополуу жана 90-30 % корбонаттуу бөлүкчөлөрдөн турган, уюма тек.

**ГЛИНИСТЫЙ СЛАНЕЦ**- чополуу сланец. Сланецтелген чопонун метоморфоздолгон сур, же кара түстөгү теги.

**ГЛИПТОГЕНЕЗ** – глиптогенез (грек. glyptos кесип алынган жана genesis- пайда болуу). Жердин бетинин рельефин пайда кылуучу бардык экзогендик процесстердин жалпы аракети. Терминди 20-кылымдын башында франциялык окумуштуу Э. Огон сунуш кылган, бирок сейрек колдонулат.

**ГЛОБАЛЬНОЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ**–глобалдык булгануу (франц. global- жалпы, лат. Globus шар). Жер планетасынын бардык чөйрөлөрүндөгү бирдей булгануу.

**ГЛОБИГЕРИНОВЫЙ ИЛ**–глобигерин тунмасы. Деңиздердин өтө терең жерлериндеги тунуп калган илешме минерал. Глобигерин планктондордун бир клеткалуу организмдеринин скелетинен турган масса.

**ГЛОБУС**–глобус (лат. globus–шар). Жердин геометриялык өз-ара катыштары менен окшоштугу жана аянттары сакталып түзүлгөн модели. Глобустун көбү 1: 30 млн. 1: 80 млн. масштабда болот. Глобус картографиялык мазмуну боюнча ар түрдүү. Глобустун алгачкы түрүн 1492-жылы М. Бехайм жасаган. XVII–**XVIII**–кылымдардан бери глобус окуу куралы катарында мектептерде пайдаланылып келе жатат.

**ГЛУБИНА**–терендик. Суу обьектисиндеги-көлмөдөгү, океан-деңиздердеги суунун үстүңкү бетинен түбүнө чейинки аралык.

**ГЛУБИННАЯ ЭРОЗИЯ**–терендик эрозиясы. Өзөндүн сайынын суунун агымы менен тереңделиши.

**ГЛУБИННОЙ ДИФФЕРЕНЦИАЦИИ ЗЕМЛИ**–(гипотеза). Жердин түпкүрүндөгү тарамдалыш гипотезасы. Жердин кабыгынын кыймылы, анын структурасынын кайрадан түзүлүшү жердин, мантиядагы заттардын (радиоактивдүү элементтердин ажыроосундагы бөлүнүп чыккан) жылуулуктун таасири менен тарамдалышы байланыштуу болот деген концепция.

**ГЛУБИННЫЕ СТРУКТУРЫ**–түпкүрдөгү структуралар. Мантияга жеткенге чейинки тереңдиктеги структуралык тектоникалык формалар.

**ГЛУБИННЫЙ РАЗЛОМ**–түпкүрдөгү жарака. Жердин жогорку мантиясына чейинки тереңдикке жеткен ичке жарака.

**ГЛУБОКОВОДНАЯ ФАУНА**–тереңдиктеги жаныбарлар. Океандардын 500м тереңдигинде жашаган жаныбарлар. Тереңдиктеги караңгылык, басым, туздуулук, туруктуу температурага көнүккөн өзгөчө түр. Түсү кара, жашыл, же кызыл, сокур, же денесинен жарык чыгаруучу жаныбарлар.

**ГЛУБОКОВОДНАЯ ЖЕЛОБА** – тереңдиктеги кобул. Океандардын эң терең (6000м ден ашык) жериндеги узатасынан кеткен кууш жарака. Дүйнөлүк океандын түбүнө мүнөздүү рельеф. Геологиялык түзүлүшү боюнча азыркы геосинклиналдык структура болуп эсептелет.

**ГЛУБОКОВОДНЫЕ ОКЕАНИЧЕСКИЕ КОТЛОВИНЫ**- Океандык терең чуңкурдук. Океандын түбүндөгү өтө кенен, чуңкурлуу мейкиндик. Тереңдиги 4-6 миң км. ден ашык, жеринин бети түз, дөңсөөлүү келет.

**ГЛУБОКОВОДНЫЙ БЕНТОС**-тереңдиктеги бентос. Океан-деңиздердин абиссалдык областарынын түпкүрүндөгү организмдердин жыйындысы.

**ГЛУБОКОФОКУСНЫЕ ЗЕМЛЕТРЯСЕНИЯ**–терең фокустуу жер титирөө. Очогу 7000 км ден тереңдикте пайда болгон жер титирөө. Океандан материкке өтүүчү чек арада көп байкалат.

**ГЛЫБА**-чоң кесек. 1. Жердин кабыгынын жаракалар менен чектелген ири бөлүгү. Жогору көтөрүлгөн жерин горст, ал эми бастырылган (чөгүп кеткен) жерин грабен дейт. 2. Мөңгүлөрдүн ири таштарды оморуп, жылдырып барып таштаган бөлүгү. 3. Диаметри 7 м ден ашкан тоо тектеренин сыныктары.

**ГЛЫБОВЫЕ ГОРЫ**–кесек, бөлүк тоолор. Жаракалар менен бөлүнгөн жер кабагынын талкаланышынан пайда болгон тоолор. Ири тоолордун капталдары тик, кокту-колоттору, татаал, бийик аскалуу болот.

**ГЛЯЦИОДИСЛОКАЦИИ**–гляциодислокациялар (лат. glacies–муз жана dislogatio–орун алмашуу). Мөңгүнүн басым күчү менен тоо тектеринин калыбынын бузулуп бириндеши. Адатта мөңгү жаткан коктунун рельефинин бир кылка эместигине жараша болот.

**ГЛЯЦИОКЛИМАТОЛОГИЯ**-гляциоклиматалогия. Мөңгүлөр менен климаттын ортосундагы байланышты үйрөтүүчү илим.

**ГЛЯЦИОЛОГИЯ**–гляциология (лат. Glacies–муз жана грек. logos - окуу). Мөңгүлөрдүн пайда болушун, физикалык касиетин, динамикасын, эволюциясын жана физикалык географиялык компоненттер менен болгон өз-ара катышын үйрөтүүчү илим.

**ГНЕИС**–гнейис. (нем. чирик). Метаморфизм тоо теги. Ал талаа шпатынан, аз өлчөмдө кварцтан, биотит, мусковит, амфибол, пирокосен, силлимапнит ж.б. минералдардан турат. Оргуп чыккан тектердин метоморфизиминен пайда болгон тектерди-орто гнейс, ал эми чөкмө тектерден иргелген тектерди – парагнейстер дейт.

**ГНОМОН**–гномон (грек. gnomen). Эң байыркы астрономиялык курал. Горизонталдык тегиздикке тургузулган (бекитилген) стержень. Анын көлөкөсүнүн багытына жана узундугуна карата күндүн азимутун жана бийиктигин аныктоого болот.

**ГНУС**–гнус. кара ниет. Абадагы топ болуп учуп жүргөн кан соргуч чымын – чиркейлердин тобунун аталышы.

**ГОД**–жыл. Жер күндү орбитада бир жолу айланып чыккан мезгилге барабар убакыт. Жер күндүн айланасында татаал кыймылда болгондуктан;-жылдыздык, сидерикалык, тропиктик, ажыдаар, календардык, аномалиялуу, күн жана ай жылдары деп бөлүнөт.

**ГОДОВАЯ АМПЛИТУДА**–жылдык амплитуда. Физикалык-географиялык (айрыкча гидрометеорологиялык) процесстердин эң жогорку жана төмөнкү маанилеринин ортосундагы айырмасы.

**ГОЛАРКТИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ-** голарктикалык жаныбарлар областы (грек. holos–жалпы жана arktikos-түндүк). Евразиянын түндүгүн, Түндүк Американы, Түндүк Африканы кучагына алган область.

**ГОЛАРКТИЧЕСКОЕ ФЛОРИСТИЧЕСКОЕ ЦАРСТВО-** голактрикалык өсүмдүктөр дүйнөсү. Түндүк жарым шардын тропиктен тышкары (Евразиянын орчундуу бөлүгүн, Түндүк Американы, Түндүк Африканы) бөлүктөрүн кучагына алган аймак. Тропикалык өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү кирет.

**ГОЛИЦЫНА СЛОЙ**–голицын катмары. Орустун окумуштуусу Б. Б. Голицындын (1862 – 1916ж.) наамына коюлган. Жердин жогорку мантиясынын төмөнкү бөлүгү (400–900 км, тереңдиктерде), сейсмикалык толкун мыкты өнүккөн катмар.

**ГОЛОЛЕД**–кара тоңголок. Абанын температурасы $0^0$тан - $3^0$ка чейин төмөндөгөндө жердин бетинде пайда болгон тунук, же күңүрт муздардын катмары.

**ГОЛОЦЕН**–голоцен (грек. holos–бардык жана kainos–жаңы). Жердин тарыхындагы төртүнчүлүк доордун акыркы заманы. Мындан 10 миң жыл мурда башталган. Европанын түндүгүндөгү материктик муздар эрип тартыла баштаган. Голоцен заманында материктер менен океандар азыркы абалына келген, азыркы табигый тилкелер калыптанган, тоолор тилмеленип, өзөндүн кашаттары жаралган.

**ГОЛЬЦЫ**–гольцтар. Тоо кыркаларындагы токой тилкесинен жогору жаткан чокулар. Тоо беттеринде гольцтар кашаттары кезигет. Гольцтар Түндүк жана Уюлдук Уралда, Чыгыш жана Түштүк Сибирь тоолорунда, Арктика аралдарында кезигет.

**ГОМОГЕННЫЙ ВУЛКАН**–гомогендик вулкан (грек. homogenes– бир өңчөйлүүлүк). Бирдей тектерден (лавадан, же чөкмө тектерден) турган вулкан.

**ГОМОГЕННЫЙ СЛОИ**–бир тектүү катмар. 1.Көлмөлөрдөгү тыгыздыгы бирдей суу катмары. 2. Океандын үстүңкү бир тектүү суу катмары.

**ГОМОТИПНЫЕ ДОЛИНЫ**–бир тектүү өрөөндөр. Морфологиялык түзүлүшү жана пайда болуу тарыхы бирдей өрөөндөр.

**ГОНДВАНА**–гондвана. Индиянын борборундагы тарыхый областтын атына коюлган гипотезалык материк. Ал палеозой жана мезозой доорлорундагы түштүк жарым шарды, азыркы Түштүк Американы, Африканы, Азияны (Аравия, Индия), Австралияны жана болжол менен Антрактиданы кучагына алып турган.
**ГОРА**–тоо. Жердин бетиндеги салыштырмалуу түз мейкиндиктен өйдө көтөрүлүп турган бийиктик. Кыргызстандын шартында тоо деп 2000 м. ден жогору турган аймак айтылат.

**«ГОРА–СВИДЕТЕЛЬ»** –күбө тоолор. Мурдагы тоо кыркаларынын калыбын бузбай калган үзүгү, бөлүгү. к. Останец.

**ГОРИЗОНТАЛИ**–горизонаталдар. Жердин бетиндеги бийиктиги бирдей болгон точкаларды картада бириктирип турган жана рельефтин жалпы формасы жөнүндө элес берүүчү сызык.

**ГОРНАЯ ВЕРШИНА**–тоо чокусу. Тоо кыркаларынын, тоо массивдеринин эң бийик чокулары.

**ГОРНАЯ ГРУППА**–тоо группасы. Тоо системасындагы капчыгай жана өрөөндөр аркылуу бөлүнүп турган тоо группасы (Алтай, Тянь–Шань, Памир, Кавказ, Кордильер ж.б.).

**ГОРНАЯ ПУСТЫНЯ**–тоо чөлү. Тоолордогу кум–шагылдуу, климаты каксоо чөл. Рельефинин формасы кескин өзгөрмөлүү, топурагы жокко эсе, өсүмдүктөрү бадалдуу (Тибет, Памир ж.б.).

**ГОРНАЯ СИСТЕМА**–тоо системасы. Тарыхый геологиялык өсүшү жана теги бирдей болгон тоолордун тобу. Тоо системасы жалгыздан (Урал), же тобу менен (Тянь- Шань, Памир, Кавказ, Каракорум, Гималай ж.б.) кезигет.

**ГОРНАЯ СТРАНА**–тоо өлкөсү. Бир нече тоо системасын кучагына алган татаал тоо түйүнү. Мисалы; Кавказ тоолуу өлкөсүнө Чоң Кавказ, Закавказье, Кичи Кавказ жана Армян тоолору, Орто Азия тоолуу өлкөсүнө Тянь–Шань, Алай тоолору кирет.

**ГОРНАЯ ТУНДРА**–тоо тундрасы. Токой чек арасынан жогору жаткан өсүмдүктөрдүн тиби. Эңилчек, мох жана кээ бир суукка чыдамдуу өсүмдүктөр жана жапыс бадалдар үстөмдүк кылат.

**ГОРНАЯ ЦЕПЬ**–тоо тизмеги, тоо чынжыры. Узунунан кеткен, бири экинчиси менен тоо тоомдору аркылуу бөлүнүп жаткан, бир нече тоолордон турган тоо тизмеги(Кордильер, Анд, Гималай, Урал ж.б.).

**ГОРНО–ДОЛИННЫЕ ВЕТРЫ**–тоо өрөөнүндөрүнүн шамалы. Тоолордон кокту-колотторду бойлоп соккон шамал. Ал тоолордун чокулары менен өрөөндөрүнүн ортосундагы абанын ар башкача ысышынын натыйжасында пайда болуп, күндүз тоону карай, түнү тескери багыт менен согот.

**ГОРНОЕ ОЗЕРО**–тоо көлү. Тоолордогу тектоникалык эрозиялык жана мөңгүлүк көлдөр (Кулун, Сарычелек, Көл, Кутманкөл ж.б.).

**ГОРНО-ЛЕСНОЙ ПОЯС**–тоодогу токой тилкеси. Токойлуу ландшафт үстөмдүк кылган табигый тилке. Экватор кеңдигинде нымдуу климаттын шартындагы тоолордо кенен өрчүгөн.

**ГОРНЫЙ КЛИМАТ**–тоо климаты. Деңиз деңгээлинен бир нече км. бийиктикте жаткан тоолуу чөйрөнүн климаты. Ал салкын, абасы таза болот.

**ГОРНО-ЛУГОВОЕ ПОЧВЫ**–тоолуу шалбаа топурагы. Мелүүн алкактын нымдуу жана салкын климатынын шартында пайда болгон топуректын тиби. Ал альпы жана субальпы тилкесинде өнүгөт. Профили боюнча 15–20 см. чамасында чириндилүү горизонт (20-24 % ) басымдуулук кылат. Тянь–Шань тоолорунда көп кездешет. Аларга кумдуу–чопо горизонту мүнөздүү.

**ГОРНО–ТУНДРОВЫЕ ПОЧВЫ**–тоолуу тундра топурагы. Арктикалык, субарктикалык жана мелүүн алкактардын тоолорундагы тундра тилкесинде өнүккөн топурактын жыйындысы. Жеңил механикалык составтагы топурак, кычкыл реакциялуу, органикалык заттардын чириндисине бай, күл түстүү.

**ГОРНО–ТУНДРОВЫЙ ЛЕС**–тоолуу тундра алкагындагы токой. Субарктикалык алкак менен мелүүн алкактын түндүгүндөгү кырка тоолордун жаратылыш тилкеси. Климаты ызгардуу.

**ГОРНЫЕ ЛАНДШАФТЫ**–тоо ландшафттары. Жаратылыш шарттын тоо капталдарынын багытына жана бийиктигине жараша баскычтарга, кескин өзгөрүлмөлүү түрлөргө жана көрүнүштөргө бөлүнүшү. Структурасы боюнча класстарга, типтерге, түркүмдөргө бөлүнөт.

**ГОРНЫЕ ЛЕДНИКИ**–тоо муздуктары. Морфологиясы жана динамикасы боюнча тоолуу чөйрөнүн рельефине баш ийген толуу территориялардагы агынды мөңгүлөр. Тоолордун капталдарынын жана өзөндөрүнүн эң бийиктиктеринде орун алган. Морфологиялык белгилери боюнча өрөөн муздугу, асылып турган муздук, жапшаардагы муздук деп бөлүнөт.

**ГОРНЫЙ ОБВАЛ**–тоо көчкү. Тоолрдун тик бетинен ураган жер көчкү. Жер астындагы нымдуулуктун, шамалдануунун жер титирөөнүн, тартылуу күчүнүн таасири менен пайда болот.

**ГОРНЫЙ ПРОХОД**–тоо өткөөлү. Тоо кыркасындагы терең, бирок таманы тайпак капчыгай. Ал тектоникалык кыймылдын натыйжасында пайда болот. Мисалы; Жунгар дарбазасы, Боом капчыгайы,Кожент дарбазасы ж.б.

**ГОРНЫЙ УЗЕЛ**–тоо түйүнү. Бир же бир нече тоолордун кыналышкан түйүнү (Хантеңри, Матча тоо тоомдору ж.б.).

**ГОРНЫЙ ХРЕБЕТ**–кырка тоо. Белгилүү бир багытка созулуп жаткан бийик тоо. Мисалы; Кыргызстандагы Кыргыз Ала тоосу, Тескей Алатоо, Күнгөй Алатоо, Көөлүүтоо, Сарыжаз, Эңилчек, Алайкуу, Адышев, Кайынды, Какшаал, Нарын, Суусамыр ж.б. тоолор. Капталдары тик, кокту- колоттору терең тилмеленген.

**ГОРНЫЙ ХРУСТАЛЬ**–тоо хрусталы. Минерал, кварцтын түссүз, тунук түрү.

**ГОРООБРАЗОВАНИЕ**–тоо пайда болуу. Жер кабыгынын тик абалдагы тектоникалык кыймылынын натыйжасында тоолордун пайда болуу процесси.

**ГОРСТ**–горст, чоку (нем. horst–чоку, дөбө). Жер кабыгынын эки жаракасынын ортосундагы короюп чыгып турган чокусу. Жаракалардын сырткы бетиндеги жер түшүп кеткенде, ортосундагы аскалуу тулкусу ордунда калыбы боюнча туруп калат да, чоку пайда болот.

**ГОРЫ**–тоолор. Тоо массивдеринин, тоо системаларынын, тоо түйүндөрүнүн жана тайпак тоолордун жыйындысы. Алар ондогон, жүздөгөн жана миндеген километрге созулуп жатат, кээде сызыкка тарткандай түз, кээде ийри- буйру болот. Кыргызстандын жеринин аянтынын 70 % тин тоолор ээлейт. Эң бийик чокулары Хан _Теңир (6995 м), Жеңиш (7434 м). Таксономиялык белгилери боюнча тоолор; тоо өлкөсүнө, тоо системасына, тоо группасына, тоо кыркасына бөлүнөт.

**ГОРЮЧИЕ ГАЗЫ**–күйүүчү газдар. Тоо тектеринин жаракаларынан сызылып чыккан газдар. Алардын негизги составдык бөлүгү - метан. Нефть чыккан жерде дайыма болот. Отун катарында пайдаланылат.

**ГОРЮЧИЕ СЛАНЦЫ**–күйүүчү сланецтер. Составында 60-70 % чейин органикалык заттар менен аралашкан чополуу, же акиташтуу тоо тектери. Тез тутанып, ыштуу түтүндү, оргуштап күйөт. Тартуу жолу менен андан газ, бензин, керосин, майлоочу майлар, парафин, кокс алынат. Жергиликтүү отун жана сырье катарында чоң мааниси бар. Эстонияда, Ленинград областында, Волга боюнда, КЭРде, АКШда, Канадада, Великобританияда, Швецияда, Австралияда көп кездешет.

**ГОРЯЧИЕ ИСТОЧНИКИ**–ысык булактар. Термалдык суулардын ысык (температурасы 50–90°С) булактары. Негизинен тоолуу райондордо кезигет.

**ГРАБЕН**–грабен (нем. yraben–коо, аңгек). Тектоникалык тик жаракалардын ортосундагы төмөн түшүп кеткен жер бетинин ойдуңдуу бөлүгү. Капталдары бирдей болгон бир нече коону тектирлүү коо деп атайт. Мисалы, Байкал көлүнүн ойдуңу.

**ГРАВИЙ**–шагыл (франц. gravier–кум, шагыл). Тоо тектердин жана ар түрдүү минералдардын жумуруланган сыныктарынан чогултулган чөкмө. Көлөмү боюнча майда (1,0-2,5 мм), орточо (2,5 –5,0 мм), кесек (5,0–1,0 мм), ал эми пайда болуучу шартына жараша дарыялык, деңиздик, муздуктук деп бөлүнөт. Гравий баалуу курулуш материалы. Имараттарды (бетон куюуда), таш жолдорду курууда кенен пайдаланылат.

**ГРАВИМЕТР**–гравиметр (лат. Gravis–оор, метрия). Оордук күчүнүн ылдамдануусун салыштырмалуу түрдө өлчөөчү прибор. Анын көпчүлүгү пружиналуу, же айланып туруучу тараза түрүндө жасалат. Иштөө принциби боюнча кичинекей гана жүктүн оордук күчүн тең салмактоочу пружинанын чоюлуш, же кварц жибинин чыйралуу бурчу боюнча оордук күчүнүн ылдамдануусунун айырмасын өлчөөгө негизделген.

**ГРАВИМЕТРИЯ**–гравиметрия (лат. gravis–оор жана материя). Жердин гравитациялык талаасын мүнөздөй турган чоңдуктарды ченөөчү жана аларды жердин фигурасын анын ички жана сырткы геологиялык түзүлүшүн аныктоодо колдонуучу илимдин бөлүгү. Тартылуу күчүн ченөөдө оордук күчүнүн горизонталдык багыт боюнча которулушунун өзгөрүшүн аныктоо үчүн колдонулат. Гравиметрия методу пайдалуу кендерди чалгындоодо, жер титирөөнү жана жер кыртышынын түзүлүшүн изилдөөдө колдонулат.

**ГРАВИМЕТРИЧЕСКАЯ СЬЕМКА**–гравиметриялык сьемка. Белгилүү бир аймактын гравитациялык талаасын мүнөздөөчү чоңдуктарды өлчөө үчүн жер бетинде жүргүзүлүүчү изилдөө жумуштары.

**ГРАВИТАЦИОННЫЕ ПРОЦЕССЫ**–гравитациялык процесстер. Жер кыртышындагы заттардын (ылай, кум, таш) тартылуу күчүнө карата орун алмашып жылышуусу. Мисалы; көчкү, шагыл, кум, жар уроо ж.б.

**ГРАНИ РЕЛЬЕФА**–рельефтин чеги. Рельефтин генетикалык бир тектүү мейкиндигинин чеги.

**ГРАНИТ**–гранит (итал. granito, лат. Granum–бүртүкчө). Составы кварцтан (25-30%), талаа шпатынан (30-40 %), кычкыл плагиоклаздан (10-20 %), ошондой эле слюдалардан (биотит, же мусковит), амфиболдон, сейрек учуроочу пироксен минералдарынан турган, кремний кычкылына бай магма тоо теги. Өңү боз, саргыч, бозомтук – көгүш, кызыл түстө болот. Гранит өтө баалуу курулуш материалы.

**ГРАНИТО-ГНЕИС**–граниттүү гнеис. Гранит менен гнеистин ортосундагы арабөк минерал. Мында слюданин жалбыракчалары паралель боюнча орношкон. Гранито–гнеис жердин терең түпкүрүндө, граниттин жогорку температура менен басымдын таасири астында ийленүүсүнүн натыйжасында пайда болот.

**ГРАНУЛОМЕТРИЧЕСКИЙ СОСТАВ**–гранулометриялык состав. Тоо тегиндеги, топурактын жана жасалма материалдардын составындагы ар түрдүү фракциядагы (чоңдуктагы) бүртүкчөлөрдүн болушу жана алардын жалпы массага карата процент менен туюнтулушу. Ал табигый жана жасалма материалдардын структурасын аныктайт жана физикалык касиетин мүнөздөйт.

**ГРАНУЛОМЕТРИЯ**–гранулометрия (лат. бүртүкчө жана метрия) Борпоң тоо тектердин, топурактын жана жасалма материалдын

бүртүктүү составын аныктоо үчүн жүргүзүлүүчү анализдердин жыйындысы (гранулометриялык, механикалык анализ).

**ГРАФИТ**–графит (грек. жазуу). Таза көмүр тектин жер кыртышындагы эң туруктуу кристалдык модификациясы. Өңү көмүрдөй кара. Катуулугу Мосс шкаласы боюнча 1 (катмарланганда 5,5). Салыштырма салмагы 2,26. Электр тогун жакшы өткөзөт. Кислотага моюн бербейт. Кагазга жазылат, колго жугат. Жер бетинде кеңири тараган. Ири кендери кезигет. Пегматит, скарн жана вулкан тектеринде, жогорку температуранын таасиринен пайда болот. Жасалма жол менен таш көмүрдөн (антрацит) электр печи аркылуу алынат. Уралда, Чыгыш Сибирде, Украинада кездешет. Чет өлкөлөрдөгү ири кендери КЭДР, Түштүк Кореяда, Чехословакияда, Австралияда, ФРГда, Мексикада, АКШда, Шри– Ланкада ж.б. жерлерде жайгашкан.

**ГРАБЕНЬ**–кыр. Кырка тоолордун жана алардын тармактарынын кырлары. Алгач термин чокулуу аймакка тиешелүү колдонулса, азыр мааниси кеңейип, жалпы эле суу бөлүүчү кырларга карата колдонулат.

**ГРИБООБРАЗНЫЕ СКАЛЫ**–козу карын сымал кырлар (гриба) аскалар. Сырткы көрүнүшү козу карындын формасына окшогон майда тоолордун кыр–жондору, өз алдынча аскалар.

**ГРИБЫ**–козу карындар. Даяр органикалык заттар менен тамактануучу жана хлорофили жок организмдер. 100 миңге жакын түрү бар. Түзүлүшү жана жашоо шарты боюнча ар түрдүү.

**«ГРИВЬ»**–«жалча». Узунунан кеткен жапыз дөңсөө.

**ГРОТ**–үңкүр. Ооз жагы кең, бирок төбөсү жапыз үңкүр. Ичке өткөөлдүн артындагы кенен үңкүр. Мөңгүнүн этегиндеги суу агып чыккан үңкүр.

**ГРУНТ**–грунт, жер, топурак. Жер кыртышынын бетиндеги тоо тектеринин жыйындысы жана инженердик–курулуш кызматынын обьектиси.

**ГРУНТОВЫЕ ВОДЫ**–жер астындагы суулар.

**ГРЯДОВЫЕ ПЕСКИ** – кыр тарткан кум.

**ГРЯДЫ**-кырка. Ар түрдүү жол менен пайда болгон (морена, кум) рельефтин кырка тарткан формасы.

**ГРЯЗОВОЕ ОЗЕРО-** ылайлуу көл. Түбүндө ылайдын катмары бар көлдөр.

**ГУАНО-**гуано (исп. guano) Кургак климаттын шартында куштардын чириген кыгы, азоттук жана фосфордук жер семирткич. Чилиде, Перуда, Түштүк Африкада көп кездешет.

**ГУБА-** ээрин. Кургакка терең кирип турган булуң. Мисалы, Обь, Онега, ж.б. ээриндер – буйткалары.

**ГУМУС-**гумус (лат. humus-жер, топурак). Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын калдыгынан (биологиялык процесстердин натыйжасында) пайда болгон чиринди заттар. Гумус топурактын составында кезигет.

**ГУМУСОВЫЙ ГОРИЗОНТ**--чириндилүү катмар. Топурактын терендик боюнча кескенде байкалуучу катмары. Анын өңү адаттагыдан тышкары кара-күрөң болуп, өзүнчө бөлүнүп турат.

**ГУСТОТА РЕЧНОЙ СЕТИ** – дарыя тармагынын жыштуулугу.

## -Д-

**ДАЙКА**–дайка. Жердин катмарындагы жаракаларга суюк магмалар толуп жана уюп калышынан пайда болгон магматикалык тело. Ал жарышынан кеткен эки капталдын ортосундагы коңулда жатат. Сырткы кабаты жемирилген учурда оркоюп чыгып калат.

**ДАНИГЛЯЦПАЛ**–данигляцпал. Батыш Европада эң акыркы жолу пайда болгон мөңгүнүн тартылуусунун алгачкы фазасы. Ошондо мөңгү каптаган аймактын чети азыркы Даниянын чөйрөсүндө болгон.

**ДАУН СТАДИЯ**–даун стадия. Альпы тоолорундагы төртүнчүлүк доордун аягындагы (вюрм) муздуктун тартылуу стадиясы.

**ДАЛМАТИНСКИЙ БЕРЕГ**- далмация жээги. Катталыштуу, урчукту, деңиз каптап калгандан кийин пайда болгон жана рельефи татаал жээк. Адриат деңизинин чыгыш жээгинде далмацияда мыкты өнүккөн.

**ДАРВИНИЗМ** – дарвинизм. Жандуу заттардын физиологиялык, анатомиялык кубулуштарын жана алардын себептерин, өсүү жолун, органикалык эволюциясынын закондуулугун башкаруу ыкмасын, б.а. жандуу жаратылыштын тарыхый өсүшүн үйрөтүүчү илим.

Дарвинизм социологиянын бир тармагы, ага англиялык окумуштуу Ч. Дарвин негиз салган.

**ДВИЖЕНИЕ ЗЕМЛИ**– жердин кыймылдашы. Белгилүү бир координат системасы боюнча жердин которулушу (козголушу), айланышы. Галактикада жердин кыймылдашы өз огунда суткалык айланышынын жана процессия жана нутациянын натыйжасында багытын акырындап өзгөртүүсүнөн түзүлөт. Натыйжада күн менен түн алмашат. Күндү айланып жылышы жыл мезгилдерин алмаштырат. Жердин Күн системасы менен бирдикте галактиканын борборунун бир айланып чыгышы 200 млн. жылга барабар.

**ДВИЖЕНИЕ ЛЕДНИКА**–муздуктун жылышы. Эркин түшүү күчүнүн таасири менен мөңгүнүн башындагы касабанын төмөн карай жылмышуусу. Анын ылдамдыгы муздуктун калыңдыгына, муз ээлеген коктунун бийиктигине, муздун составындагы суунун болушуна жараша болот. Демейде узундугу бир нече метрден жүздөгөн, миңдеген метрге чейин жетет.

**ДВИЖЕНИЕ ЗЕМНОЙ КОРЫ**- жер кабыгынын кыймылы. Ички күчтөрдүн таасири менен жердин сыртындагы катуу кабыктын кыймылга келиши. Орогендик, эпейрогендик, тик абалда жана горизонталдык кыймыл деп бөлүнөт.

**ДВИЖУЩИЕСЯ МОРЕНЫ**–кыймылдоочу (жылуучу) морена. Муздун жылышы менен кошо анда шагыл, таш, кум, чополордун төмөн карай жылуусу.

**ДВУЛЕТНИЕ РАСТЕНИЯ**–эки жылдык өсүмдүктөр. Өсүп жетилүү цикли эки жылды кучагына алган өсүмдүктөр. Гүлдөп дан алгандан кийин, бул өсүмдүктөр өсүү процессин токтотот. Биринчи жылы тамыр байлап, жалбырагын ачат, экинчи жылда гүлдүн бутактары чыгат да, даны пайда болот. Мисалы; сабиз, кызылча, ж.б.

**ДЕБИТ ИСТОЧНИКА** – булактын чыгымы (франц. Debut - чыгым). Белгилүү бир убакыттын ичинде булактан сарыгып чыккан суунун өлчөмү; л/сек, $м^3$ $м^3$/сек, $м^3$ка менен туюнтулат.

**ДЕВОНСКАЯ СИСТЕМА**-(период)–девон системасы (мезгил). Великобританиянын Девоншир графствосунун атынан. Жердин геологиялык тарыхында, палоезой эрасынын кембрий доорунан кийинки төртүнчү мезгилдик системасы. Башталышы 410 млн. жыл мурда болгон да, 60 млн. жылды кучагына алган. Үч бөлүккө, жети яруска бөлүнөт. Алгачкы девон мезгилинде каледон катталышы аяктаган, ошондо деңиз тартылып, континенталдык калың (кызыл

түстүү) катмар калыптанган. Ортоңку девон мезгилинде-жер бөлүнүп, кеңейген жана вулканизм күч алган. Соңку девон мезгилинде герцин катталышы башталып, деңиздер өздөрүнүн жайылуусун токтоткон.

**ДЕГЛЯЦИАЦИЯ**–дегляциация (лат. De-жоголуу жана glacies-муз). Мөңгүлөрдүн тартылышы, узун-туурасынан кыскарышы. Дегляциация-климат жылуу болуп, жаан-чачын жана кардын көлөмү азайганда байкалат.

**ДЕГРАДАЦИЯ КРИОЛИТОЗЫНЫ**–Криолитозанын кыскарышы. Температуранын акырындап азайышы. Мындай абал азыр Забайкальеде, Ыраакы Чыгышта жана Орусиянын Европалык бөлүгүнүн түндүгүндө байкалат. Климаттын кылым ичиндеги жылышына, же адам баласынын таасирине карата өзгөрөт.

**ДЕГРАДАЦИЯ ПОЧВЫ**-топурактын арыкташы. Топуракта акырындап, түшүмдүүлүгүнүн азая башташы. Көбүнчө топурак пайда кылуучу шарттын өзгөрүшүнүн жана туура эмес агротехникалык иштердин натыйжасында анын структурасы бузулуп, азык заттарынын жуулуп кетишинен пайда болот.

**ДЕЙСТВУЮЩИЙ ВУЛКАН**- аракеттеги вулкан. Азыркы мезгилде туруктуу оргуштап, же мезгил- мезгили менен газ, буу чыгарып турган вулкан. Аракеттеги вулкандар Тынч океандын аралдарында жана жээктеринде кездешет.

**ДЕКРЕТНОЕ ВРЕМЯ**–декрет убактысы (лат. degtetum-указ, токтом). Сутканын жарык мезгилин жигердүү пайдаланып калыш үчүн убакытты бир саатка жылдыруу. КМШда мындай токтом 1930-жылы кабыл алынган, ал дүйнөлүк убакыттан 3 саатка алдыда.

**ДЕЛЕНИЕ ВОД**–суунун бөлүштүрүлүшү. Суу киргенде, өзөнгө батпаган ашык суунун экинчи өзөнгө ооп кетиши. Мындай абал түздүктүн сууларында байкалат.

**ДЕЛЬТА**–чат. Чат (∇) түздүктүн тайыз дарыяларынын жайылмалуу сайроону. Ал кум, чопо аралашып, ылай аккан суулардын чатында көп байкалат.

**ДЕЛЬТОВЫЕ ОЗЕРА**- чат көлү. Ири дарыялардын чатында пайда болгон көлдөр. Алар бир жагынан деңиз менен экинчи тарабынан өзөн менен байланышып турат.

**ДЕЛЮВИЙ**–делювий (лат. deluo-жууймун, делювий майнабы). Өзөндүн боюндагы борпоң тектердин, кардын жана жамгырдын

суусу менен жуулуп, анын майнабынын катмарланышы. Делювий деп 1890-жылы А. П. Павлов белгилеген. Механикалык составы боюнча кум жана чоподон турат.

**ДЕНДРИТ**- дендрит (грек. dendrpn-дарак). Даректын формасына окшогон минералдык агрегат. Ичке жаракалардын ичинде же жабышкактуу ылай сормолордо тез кристаллдашуудан пайда болот.

**ДЕНИВЕЛЯЦИЯ** – денивеляция (фр. deniveter-эңкейтүү). Көлмөнүн суусун шамал айдаганда, чайпалып бир тарабына жантайышы.

**ДЕНДРОЛОГИЯ** – дендрология (грек. dendron- дарак, жыгач жана logos- илим, окуу). Ар түрдүү дарактардан турган жана бири- бирине ыраатталган токой. Ботаниканын жыгач өсүмдүктөрү жөнүндөгү бөлүгү. Дендрология илимине советтик окумуштуу Г. Ф. Морозовдун салымы чоң.

**ДЕНУДАЦИОННЫЕ ПОВЕРХНОСТИ**- жыңалачталган, тегизделген (талкаланган) бет. Курагы ар түрдүү жана ыркы кете баштаган тоо тектерин бир деңгээлде кесип өткөн субгоризонталдык бет. Жер кабыгынын тектоникалык активдүүлүгү чаалгып, денудация базиси калыптанган мезгилдеги экзоген процессинин таасиринин натыйжасында пайда болот. Талкалануу бети түрдүү климаттык шартта түрдүүчө пайда болот, ошого карата денудация бетинин аталышы да, ар түрдүү. Мисалы; пенеплен (У.М, Девис), педиплен – беттин калыңдыгы (Ю. Бюдель), панплен, эквиплен ж.б. Денудация базиси туруксуз болгон тоолуу райондордо ар кыл жаштагы бир нече, же ар түрдүү бийиктиктеги бир эле жаштагы д.б. кездешет да, тектоникалык кыймылдын таасири менен ийине келтирилет. Денудация бетин изилдөө менен ири аймактын рельефинин пайда болуу тарыхын билүүгө болот.

**ДЕНУДАЦИОННЫЕ РАВНИНЫ**–жылаңачталган түздүк. Бир кездеги бийик тоолор менен дөңсөөлөрдүн талкалануга дуушар болуп түздөнүшү.

**ДЕНУДАЦИОННЫЙ РЕЛЬЕФ**– жылаңачталган рельеф. Денудациалык процесстин таасири менен түзөндөлгөн (иштелип чыккан) рельеф.

**ДЕНУДАЦИЯ**–денудация (лат. denudtio-жылаңачтоо). Тоо тектеринин талкаланып орун которуу процесстеринин жыйындысы. Борпон тектер адегенде бөлүнүп бузулат да, суунун, шамалдын, муздун, таасири же өз салмагы менен бир жерден экинчи жерге которулат. Денудацияга тектоникалык кыймыл көмөкчү болот. Эгерде денудацияда тектоникалык кыймыл басымдуулук кылса, абсолюттук

жана салыштырмалуу бийиктик төмөндөп, жер бети бастырылат. Денудация процесси көптөгөн жылдарды камтыса, тоо түзөлүп, түздүккө айланат.

**ДЕПРЕССИЯ**–депрессия (лат. depressio-чөгүү, басуу). Геоморфологияда жер бетиндеги ар кандай эле ойдуңдуу жерлер деңиз деңгээлинен төмөн жаткан ойдуңдар (Түркмөн ойдуңу), же көлдүү ойдуңдар (Каспий деңизи, Ысыккөл өрөөнү), тектоникада жер кабыгынын ийилген жери (Орто Азиядагы Тажик депрессиясы), метеорологияда басымдын депрессиясы, кар сызыгынын депрессиясы (аба муздаганда кар сызыгынын ылдыйлашы) айтылат.

**ДЕРЕВЯНИСТОЕ РАСТЕНИЕ**–дарактуу өсүмдүктөр. Вегетация мезгилинде суук, же кургак мезгилге моюн бербей өсө бере турган дарактар.

**ДЕРНОВО – ГЛЕЕВЫЕ ПОЧВЫ**–кыртыштуу-глейлүү ныкталган топурак. Түздүктөгү ойдуңдуу жерлердеги шиберлүү шалбаанын нымдуу шартында пайда болгон топурактын кыртышы. Устүңкү бетинде (5-30см) чириндилүү, андан кийин гумустуу (3-14 %) жана минералдуу катмарлар жайгашкан. Евразиянын түздүктөрүндө жана Түндүк Америкада кенен тараган.

**ДЕРНОВО-КАРБОНАТНЫЕ ПОЧВЫ**– кыртыштуу карбонаттык топурак. Мелүүн алкакта ийне жалбырактуу, же аралаш токойдогу карбонаттык (туздуу) тектердин шартында пайда болгон топурак. Гумустуу катмары (5-9 %) калың келип, семиз болот. Орусиянын Европалык бөлүгүндө, Орто Сибирде, Якутиянын түштүгүндө кенен өөрчүгөн.

**ДЕРНОВО–ПОДЗОЛИСТЫЕ ПОЧВЫ**–кыртыштуу күл түстүү топурак. Кесилиши боюнча алганда 3-5 см калыңдыктагы карагайдын бүчүрү, андан кийин гумус (27 %), ачык күл түстүү, топурак, андан ары майнаптуу (гумус) катмар орун алган.

**ДЕРНОВЫЕ–ЛЕСНЫЕ ПОЧВЫ** – кыртыштуу токой топурагы. Токой өсүмдүктөрүнүн астында чаңдануу процессинин натыйжасында топурак пайда кылуучу бай тектердин шартында жаралган топурак. Пофили боюнча 8-10 см калыңдыктагы бозомтук тарткан катмар, андан кийин акырындап шагылга аралашкан күрөң түстөгү катмарлардан турат. Мындай топурак Уралда, Сибирде, Забайкальеде кенен тараган.

**ДЕСКВАМАЦИЯ**– десквамация (лат. Desgnamo- ушалануу). Ачык абада жаткан тоо тектеринин тышкы кабыкчасынын (1-2 см)

каңтарылышы. Суткалык температуранын кескин өзгөрүшүнүн натыйжасында пайда болот. Айрыкча каксоо, кургак чөлдүү жерлерде көп байкалат.

**ДЕТРИТ**– детрит (лат. Detritus-сүрүлгөн). Өсүмдүктөрдүн дүмүрүнүн чамындысы, үлүлдүн кабыгы, шыбактын тамырынын жана чамындыларынын биригип цементтелген тоо тектеринин сыныктары. Буга кум, алеврит, чопо мисал болот.

**ДЕФИЦИТ ВЛАЖНОСТИ**–нымдуулук дефицити, мүчүлүштүгү. Абанын белгилүү температурасында, басымда суу буусунун каныктырууч саны менен чыныгы санынын ортосундагы айырмасы.

**ДЕФИЦИТ ИСПАРЕНИЯ**--бууланууну дефицити, мүчүлүштүгү. Бууланууга зарп болуучу чоңдук менен чыныгы бууланууну ортосундагы айырма.

**ДЕФИЦИТ КИСЛОРОДА**--кислороддун дефицити, мүчүлүштүгү. Белгилүү температура жана басым учурунда изилденүүчү суудагы керектелүүчү кислороддун саны менен чыныгы санынын айырмасы.

**ДЕФЛЮКЦИЯ**– дефлюкция (лат. defllo-агуу). Акырын агып өтүү, топурак менен өсүмдүктөрдүн астындагы нымдуу тектердин акырындык менен жылышы.

**ДЕФЛЯЦИОННОЕ ОЗЕРО**- чөөт көл. Бархан менен дюналардын арасындагы аңгектрге чогулган суудан пайда болгон көлдөр.

**ДЕФЛЯЦИОННЫЕ КОТЛОВИНЫ**–дефляциялык ойдуң-чуңкурлар. Борпоң тектерин шамал учуруп кеткенден кийин пайда болгон ойдуңчалар. Тоолордун капталындагы борпоң тектерди суу агызып кеткенде, кабыктуу ойдундар пайда болот. Көбүнчө борпоң тектердин составында туз аралашкан учурда борпоң заттар талкаланып, майда күкүмгө айланат да, шамалга, жаандын суусуна байымы жок болот. Ошондо бат эле жемирилип (жешилип) кетет да, ээлеп жаткан ордунан жуулуп кетет. М: Борбордук Азиядагы Турфан ойдуңу, тегерек тарткан майда кабыктар Тянь-Шань тоолорунун кокту- колотторунда кенен тараган.

**ДЕФЛЯЦИЯ**– дефляция (лат. derlatio- үйлөө) . Шамалдын таасири менен тоо тектеринин талкаланган майда кыпындарынын, чаңдардын, кумдардын учушу. Чөлдөрдө көп болот.

**ДЕФОРМАЦИЯ ЗЕМНОЙ КОРЫ**-жер кыртышындагы деформация. Жердин түпкүрүндөгү термоядролук күчтүн таасири менен жер бетине эндогендик күчтүн таасир этиши. Ал жер титирөө, вулкандык

атылуу, тоолордун өсүшү, ойдуңдардын чөгүшү менен туюнтулат. Натыйжада, жер бетиндеги океан- деңиздердин, континенттердин аянты, көлөмү, узун-туурасы, бийиктиги, терендиги ж.б. өзгөрүүгө дуушар болот.

**ДЕФОРМАЦИЯ СКЛОНА**–капталдын (беттин) деформациясы. Кырка тоолордун капталдарында байкалган ар кандай өзгөрүүлөр: 1. Жер титирөөнүн натыйжасында тоолордун капталдарындагы корум таштардын кулап кетиши; 2. Жаан –чачындын суусу менен жуулуп, капталдын тилмелениши; 3. Нымдалуунун натыйжасында каптал беттердин урап кетиши.

**ДЕФОРМАЦИЯ ГОРНЫХ ПОРОД-** тоо тектеринин деформациясы. Жердин ички жана тышкы күчтөрүнүн таасири менен тоо тектеринин көлөмүнүн жана формасынын өзгөрүшү. Мындай учурда тоо массасы ордунда калат.

**ДЕШИФРИРОВАНИЕ АЭРОФОТОСНИМКОВ–** аэрофотосүрөттөрдү талдоо (талдоо, ылгоо, түшүнүү, билүү). Аэрофотографиялык сүрөттөрдөгү обьектилердин таануу методдору менен аймакты изилдеп, андагы нерселердин (белгилерди) сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрүн чагылткан шарттуу белгилер аркылуу картага түшүрүү. Аэрофотосүрөттөр жалпы географиялык жана тармактык деп бөлүнөт. Жалпы географиялык талдоого топографиялык, ландшафттык; ал эми тармактык талдоого геологиялык, гляциологиялык, археологиялык, геоморфологиялык, инженердик геология жана гидрогеологиялык, кыртыш таануу, токой байлыктарын аныктоо ж.б. изилдөөлөр кирет.

**ДЕШИФРИРОВАНИЕ КОСМИЧЕСКИХ СНИМКОВ**–космостук сүрөттөрдү талдоо. Космос корабилдеринин бортунан, ар түрдүү (1,8 14 ммк) диапозондогу (арымдагы) сүрөттөрдү окуп (карап), белгилүү аймактын жаратылыш шартын (рельефин, геологиялык түзүлүшүн, сууларын, көлдөрүн, саздарын, токоюн) изилдөө жана жаратылыш ресурстарына каттоо жүргүзүү. Ошондой эле космостук сүрөттөрдү талдоо жолу менен башка планеталардагы обьектилердин белгисин аныктоого болот.

**ДЕЯТЕЛЬНАЯ ПОВЕРХНОСТЬ-** аракетүү бет. Күндүн шооласын, нур энергиясын (радиацияны) өзүнө кабыл алып, кайра атмосферага жарык чыгарып турууга жөндөмдүүлүгү бар топурактын, көлдүн жана өсүмдүктөрдүн үстүңкү бети. Анын таасири менен жердин бетиндеги термикалык режим жөнгө салынып турат.

**ДЕЯТЕЛЬНЫЙ СЛОЙ** – аракетүү катмар. 1. Метеорологияда а.к. деп кыртыштын жылуулук менен нымдуулуктун алмашуу процесстерине шарт түзүүчү бетти. 2. Геокриологияда жыл сайын жайкысын эрип, кышында кайра тоңуп туруучу жердин үстүңкү (0,30 –1, м) катмары. 3. Саз таануу илиминде (Болотоведение) чым көң жана анын составындагы өсүмдүктөрдүн тамырын кошо камтыган катмар айтылат. Аракеттүү катмар жаратылыштагы ар кандай кубулуштарга мүнөздүү болуп, ар кандай шартка жараша калыңдыгы бир нече см. бир нече метрге чейин жетет. Тигил, же бул чөйрөнүн тоо тектерине, капталдарынын багытына, өсүмдүктөрүнүн санына, жыштыгына ж.б. жараша болот.

**ДЕЯТЕЛЬНЫЙ СЛОЙ МОРЯ**– деңиздин аракеттеги катмары. Деңиз, же океандардын атмосфера менен өз ара катнаштагы (100-105 м) үстүңкү бети.

**ДЕЯТЕЛЬНЫЙ ЦИРК**- аракеттеги цирк. Кырка тоолордун капталдарындагы кар сызыгынан жогору жаткан кар-мөңгүлүү цирк, оюк, кабык.

**ДЖАЙЛЯУ**–жайлоо (түрк). Орто Азия, Казакстан, Алтай тоолорундагы мал жайлоочу төрлөр.

**ДЖУНГЛИ**-жунгли (англ. Yungle, хинди жана маратхи тилинде чытырман токой, кырг. жангел). Чыныгы жунгли токою Индиядагы Ганг дарыясынын боюнда (Гималай тоосунун этегинде), Индокитай, Зонд аралдарында кезигет. Манас эпосунда жангел токой деп Былкылдактын Сары Сазынын (Лобнор) токою айтылат.

**ДИАБАЗ**–диабаз (франц. diabase). Составы боюнча базальтка окшош, өзү жер асытынан оргуп чыккан, толук кристалдуу тоо теги. Ичке тилке түрүндө кезигет.

**ДИАТОМОВАЯ ЗЕМЛЯ**–диатомдук жер. Деңиздердин, көлдөрдүн жана саздардын түбүндөгү көзгө илешпеген диатомиттердин борпоң түрлөрү.

**ДИАТОМОВЫЕ ВОДОРОСЛИ**- диатом балырлары. Кабыктары бири-бирине кийишкен жана катуу капкакчадан турган, саргыч түстөгү, бир клеткалуу жана колониялуу балырлар. Туздуу, же таза сууларда, топуракта, аскаларда, дарактардын сөңгөгүндө кездешет. Жаратылышта 20 000 ге жакын түрү бар. Анын клеткалуу капталы кремнезомго каныккандыктан калканчасы катуу болот.

**ДИАТОМОВЫЙ ИЛ** – диатомдук чөкмө. Деңиз, көл, океандардын түбүндөгү диатом балырларынын кылкандарынан жана алардын күкүмдөрүнөн топтолгон чөкмө. Түштүк жарым шарда Индиянын, Бирманын жээктеринде кенен өрчүгөн.

**ДИВЕРГЕНЦИЯ**– дивергенция (лат. Divergentia- карма- каршылык. 1. Дүйнөлүк океандын үстүндө шамал агымынын багытына жана ылдамдыгына жараша суу массасынын уйгу-туйгу багытка жылышы. Натыйжада, деңиздин түпкүрүндөгү ар түрдүү туздарга каныккан суулар деңиздин үстүңкү бетине көтөрүлүп чыгат. Көбүнчө субтропикалык жана мелүүн алкактын океандарынын чыгыш тарабында байкалат. 2. Деңиздердин жээк зонасында карама-каршы багыттагы чөкмөлөрдүн пайда болушу. Ал акырындап олтуруп жээктин бузулушуна алып келет. 3. Аба массасынын жалпы багытына каршы экинчи агымдын байкалышы. Абанын дивергенция боюнча төмөн карай умтулган багытта булуттарды сүрөт жана күндү ачат. 4. Ч. Дарвиндин теориясы боюнча жаңы систематикалык бирдиктердин пайда болуу жолу. Айлана-чөйрөнүн табигый шартынын таасири менен, бир организмдин тукумдарындагы айырмалуулук бара-бара өөрчүп, түр ичиндеги жаңы түрчөлөр калыптанат. Алар дагы түрлөргө, түрлөр тукумдарга, тукумдар урууларга ж.б. д.у с. тармакталат.

**ДИЗЬЮНКТИВНЫЙ АРЕАЛ**- дизьюнктивдүү ареал (лат. Disyunctivus- бөлүнүүчү). Бир нече айрым бөлүктөргө ажырап өсүмдүктөр менен жаныбарлардын уругу, тукуму аралашпаган (катташпаган) аянт. Мисалы; аркто-альпы ареалы (жашоо аянты бийик тоолорду жана арктика областын кучагына алат), Түндүк Атлантика ареалы (Түндүк Америка жана Евразия), Түндүк Тынч океан ареалы ж.б.

**ДИЛЮВИЙ** – дилювий ташкыны (лат. diluvium- ташкын, сел жүрүү, суу кирүү). Төртүнчүлүк системанын тоо тектеринин плейцтоцен катмарына коюлган аты. Мындай атты англиялык окумуштуу У. Банклед 1923- жылы сунуш кылган жана мындай чөкмө Библияда «Дүйнөлүк топон суу» жүргөндө пайда болгон деп жазылган.

**ДИНАМИЧЕСКАЯ ГЕОЛОГИЯ**–динамикалык геология. Физикалык геология, жердин бетинин жана анын катмарынын түпкүрүндөгү формасын, составын дайыма өзгөртүп туруучу геологиялык процесстерди (ички күчтөрүн) үйрөтүүчү геология илиминин тармагы.

**ДИНАМИЧЕСКАЯ ГЕОМОРФОЛОГИЯ**– динамикалык геоморфология. Рельефтин динамикасынын кыймылын үйрөтүүчү жана рельефтин

калыптанышынын себептерин аныктоочу илим. Геоморфологиянын бир тармагы.

**ДИНАМИЧЕСКАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ**– динамикалык климатология. Атмосфералык айлануусунун натыйжасы катарында климаттын жалпы жана регионалдык өзгөчөлүктөрүн үйрөтүүчү илим. Климатологиянын бир тармагы.

**ДИНАМИЧЕСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ**– динамикалык метеорология. Тропосферадагы жана төмөнкү стратосферадагы атмосфералык процесстерди теориялык жол менен изилдөөчү илим. Негизги милдети; атмосфералык процесстердин сандык методдорун иштеп чыгып, аба ырайы менен атмосферадагы процесстердин прогнозун (алдын ала болжолун) айту. Ошондуктан динамикалык метеорологияны атмосферанын жана аба ырайынын динамикасы, же термодинамикасы деп атайт.

**ДИНАМОМЕТАМОРФИЗМ**– динамометаморфизм (грек. dynamis- күч жана metamorphosis- жаралуу). Динамикалык метаморфизм, жердин түпкүрүндөгү катталышуунун жана гравитациялануунун натыйжасында, тоо тектерине жасаган басымдын таасири менен тоо тектеринин минералдык структурасынын кайрадан жаралышы. Динамометаморфизм көбүнчө структуралык зоналардын үстүңкү бетинде, температура төмөн болгондо гана пайда болот.

**ДИНАЗАВРЫ**– диназаврлар. Көлөмү зор (узундугу 30 мге чейин жеткен) сойлоп жүрүүчү байыркы жаныбар. Анын тукуму эчак эле жок болгон. Азыр терисин, сөөктөрүн жер астынан казып алып изилдешет. Триас доорунан бор дооруна чейинки мезгилдерде жашаган.

**ДИОРИТ**- диорит. Жер астындагы магмалык тек. Составында 30 % жакыны түстүү металлдан турат. Составында кварц болсо кварцтуу диорит деп аталат. А. Н. Заварицкий (1955ж.) составында 6-10 % чейинки кварц кездешкен диоритти кварцы бар, ал эми андан көп болсо кварцту деп атоону сунуш кылган.

**ДИРЕКЦИОННЫЙ УГОЛ**- дирекциондук бурч (франц. direction- багыт). Топографиялык картадагы проекцияны $0^0$ тан сааттын жебеси боюнча $360^0$ чейин эсептелүүчү багыттык бурч. Карта боюнча эсептегенде белгилүү жер (чекит) менен түндүк уюлду көздөй кеткен багыттын ортосундагы бурч.

**ДИСЛОКАЦИЙ**-дислокациялар (лат. Dislocatio–жылышуу, орун алмашуу). Тоо тектеринин арасында тектоникалык кыймылдын, же

кубулуштардын натыйжасында геологиялык түзүлүштөрдүн бузулушу (өзгөрүшү). Мисалы; муздуктардын таасири менен аскалар бузулуп, таштардын кулашы (гляциодислокация). Дислокациялар пликативдүү (ийилүүчү) жана дизюнктивдүү (жарылуучу) делинип бөлүнөт.

**ДИСЛОЦИРОВАННАЯ МОРЕНА**–жылышкан морена. Мөңгүлөрдүн жылышы менен биринин үстүнө экинчисин түртүп салган тоо тектеринин сыныктары- шагыл, таш, кум, чопо ж.б.

**ДИСКСЕККИ**–Секки дискасы. Суунун тунуктугун аныктоо үчүн колдонулуучу, диаметри 30 см. өлчөмүндөгү ак түстүү диск. Аны трос аркылуу сууга чөктүргөндө, ал көрүнбөй калганга чейинки тереңдиги (м. менен) суунун тунуктугун аныктайт.

**ДИССОЦИАЦИЯ**– диссоциация. Жогорку температурада жана башка факторлордун таасиринин натыйжасында молекулардын атомдук группаларга, иондорго жана андан көп жөнөкөй бөлүкчөлөргө ажырашы.

**ДИСТАНЦИОННЫЕ МЕТОДЫ**- дистанциялык методдор (лат. distantio - аралык). Жердин бетин, же космостук телолорду белгилүү аралыктан туруп ар түрдүү приборлордун жардамы менен изилдөө. Дистанциялык методдорду колдонуп изилдөө жүргүзгөндө, тигил, же бул чөйрөнүн жекече белгисин, өзгөчөлүгүн, мүнөзүн билүүгө болот. Дистанциялык методдор; географиялык, топографиялык, геологиялык, метеорологиялык, геофизикалык ж.б. изилдөөлөрдө колдонулат.

**ДИСТАНЦИОННЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ**- дистанциялык байкоолор. Гидрометеорологиялык элементтерге белгилүү бир аралыктан туруп байкоолорду жүргүзүү.

**ДИСТАНЦИОННЫЙ ГИГРОМЕТР**- дистанциялык гигрометр. Аралыктан туруп абанын нымдуулугун өлчөй турган прибор. Анын иштөөчү механизмдери аялдын чачы менен байланыштырылган.

**ДИСТАНЦИОННЫЙ ТЕРМОМЕТР**– дистанциялык термометр. Аралыктан туруп абанын температурасын өлчөй турган прибор. Ал өткөргүчкө туташтырылат, кабыл алуучу бөлүгү (тетиги) белгилүү аралыкта алыс турат.

**ДИСТРОФНОЕ ОЗЕРО**- дистрофтуу көлдөр (грек. dis-азайган, түгөнгөн жана trophe- тамак). Организмдер үчүн тамактануучу заттары жана кислороду жетишсиз көлдөр. Суусу мүчүлүш

минералданып, кычкыл тарткан, ылай суулуу көлдөр. Гумин заттары мол болгондуктан суусунун өңү жашыл жана бозомтук тартып турат. Мындай көлдөр мелүүн климаттын саздарында көп тараган.

**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ ЛАНДШАФТОВ**– ландшафтын дифференцияциясы, тарамдалышы (франц. Differentiation, лат. Differentia- айырма, ажыроо). Бирдей ландшафтын структурасындагы бөлүкчөлөрдүн жөнөкөй элементтерге ажыроо менен жаңы түрлөрдүн жана көрүнүштөрдүн келип чыгышы. Ландшафтын мурда эле пайда болгон ажыроосун белгилөө, Мисалы, Дүйнөлүк океан менен кургактыктын бөлүнүшү, материктердин зоналарга, провинцияларга, областтарга, округдарга бөлүнүшү.

**ДЛИНЫ ВОЛНЫ**– толкундун узундугу. Горизонтал багыты боюнча алганда толкундун жанаша жаткан эки чокусунун, же эки этегинин ортосундагы аралык.

**ДЛИНА РЕКИ-** дарыянын узундугу. Өзөндүн башынан тартып аягына (чатына) чейинки (км) аралык.

**ДЛИННАЯ ВОЛНА**– узун толкун. Деңиздин тереңдигинен 2 эсеге узун болгон толкун. Ал деңиздин тереңдигине түздөн–түз көз каранды болот. Мындай күчтүү толкун жер титирегенде (цунами), планетардык толкундар болгондо байкалат.

**ДЛИНОВОЛНОВАЯ РАДИАЦИЯ**– узун толкундуу радиация. Жердин бетинен жана атмосферадан (4-120 км) чачыраган электромагниттик радиация. Узун толкундуу радиация атмосфералык процесстердин жүрүшүнө чоң таасирин тийгизет, натыйжада атмосфера менен жердин ортосундагы жылуулук алмашууга көмөкчү болот. Ошондой эле жылуулуктун асман мейкиндигине тарап кетишине жол ачат.

**ДНЕВНАЯ ОСВЕЩЕННОСТЬ**–күндүзгү жарыктануу. Жердин бетинин түз жана чачыранды радиация менен бир күндүк жарыктанышы. Фотометр, люксометр, фотоэлемент жана фотохимиялык методдор менен өлчөнөт. Ал люкс бирдиги менен туюнтулат.

**ДНЕВНОЙ ХОД**--күндүк жүрүш. Гидрометеорологиялык кубулуштардын бир күндөгү өйдө–төмөн өзгөрүшү. Натыйжада күндүн радиациясынын (шооласынын) өлчөмү эртең менен, түштө, кечинде бирдей болбойт.

**ДНЕПРОВСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**– Днепр муз доору. Плейстоцен доорунун орто ченинде Чыгыш Европанын жарымынан

көбүрөөк бөлүгүн каптаган максималдуу муз доору. Байыркы муздун этеги азыркы Днепропетровск шаарынын тушуна жана Медведица суусунун чатына чейин жеткен. Ушул эле доор Батыш Европада заальдык, Батыш Сибирде самар муздуктанышы деп аталат.

**ДНО ВОДОЕМА**–көлмөнүн түбү. Суу массасы токтоп жаткан деңиздин, көлдүн, суу сактагычтын түбү.

**ДНО ДОЛИНЫ**– өрөөндүн таманы. Өрөөндөгү суунун боюн жана төмөнкү кашаттарын кучагына алган бөлүгү.

**ДНО ОКЕАНСКОЕ**– океандын түбү. Дүйнөлүк океандын суусу жаткан литосферанын үстүңкү бети.

**«ДОЖДЕВАЯ ТЕНЬ»**- жаандын ыктоосу. Кырка тоолордун жаан-чачын жетпеген далдалуу беттери, же капталы.

**ДОЖДЕВЫЙ ПАВОДОК**–жаан ташкыны. Жамгыр жааганда өзөндөгү суунун ташкыны.

**ДОЖДЕВЫЕ БОРОЗДЫ**–жамгыр жөөкчөлөрү. Жамгырдын суусу пайда кылган бороздор-жөөкчөлөр.

**ДОЖДЕВЫЕ ОБЛАКА**–жамгырдуу булуттар. Тамчы сууларынын диаметри 0,5 ммден чоңураак көлөмдөгү, жамгырды пайда кылуучу кара булуттар.

**ДОЖДЛИВЫЙ КЛИМАТ**-жамгырдуу климат. Жаан- чачын жамгыр түрүндө жааган нымдуу климат.

**ДОЖДЛИВЫЙ ПЕРИОД**–жамгырдуу мезгил. Жылдын ичиндеги жаан- чачындын көпчүлүк бөлүгү жамгыр түрүндө жааган мезгили. Мисалы; муссон тибиндеги, же саванналык климат. Экваторго жакынкы райондордо жамгырдуу мезгил жылына эки жолу кайталанат.

**ДОЖДЬ**–жамгыр. Тамчы сууларынын диаметри 0,5 мм ден чоң көлөмдөгү суу-жаан. Ак жаан (обложной), нөшөр (ливень), жаан деп бөлүнөт.

**ДОКЕМБРИЙ**–докембрий. Жер планетасынын тарыхында палеозойдон кембрий дооруна чейинки архей жана протерозой эраларын кучагына алган 3,3 миллард жылды камтыган мезгил. Докембрийге чейинки мезгилди архей жана протерозой деп эки чоң

бөлүккө бөлөт. Докембрийдин жогорку чеги (же аягы) 570 млн. жылды түзөт.

**ДОЛ** - өрөөн сымал жайык. Узатасынан созулуп жаткан, капталдары бир аз, энкейиш келген, таманы кенен жана суу акпаган жайык. Кыргызстанда мындай формадагы жайык өрөөндөр кырка тоолордун капталдарын тилмелеген өзөндөрдүн төмөнкү агымындагы конустарынын ашталышында пайда болот. Мисалы; Чоңсарыой, Караой ж.б. өрөөн сымал жайыктар Күңгөй Алатоонун түштүк капталында кездешет.

**ДОЛГОСРОЧНЫЙ ПРОГНОЗ**– узак убакытка (прогноз) алдын-ала айтуу. Физикалык географиялык процесстердин, кубулуштардын жана алардын болочок залдары жөнүндө алдын-ала белгилүү убакыттырга чейин айтуу. Метеорологиялык процесстердин кубулушун 5-7-10 күнгө, же 1 айга чейин; гидрологияда 15 күндөн 1 айга чейин алдын-ала айтууга болот. Азыр мындай алдын-ала айтуу, ишеничтүү куралдарды (приборлорду) пайдалануу жолу менен көп жылдык байкоолорду жүргүзүүнүн натыйжасында жана космостук техниканын маалыматтарынын жармадамына таянып жүргүзүлөт. Жаратылыштын кубулуштарынын болочогун алдын- ала айтууга кызыккан адамдар кыргыз элинде көп болгон. Бизге чейин аттары келип жеткен; Маанаке, Сарчач, Омурбек, Ырысмат деген кишилер жылдын кандай болоорун алдын ала билишчү экен. Алар жылдыздардын (Алтын казык, Үркөр, Чолпон ж.б.) Ай менен тогошушуна, кээ бир өсүмдүктөрдүн мүнөзүнө, келгин куштардын эрте, же кеч келишине чоң маани беришкен.

**ДОЛГОТА**– узундук. Жер бетиндеги чекиттин абалын аныктоочу координаттар системасынын катарындагы координаттардын тобу.

**ДОЛЕДНИКОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–муздукка чейинки рельеф. Мөңгү пайда болгонго чейинки мезгилде эрозиялык жана денудациялык кубулуштардын таасири астында түзүлгөн рельеф, же ошондой эле рельефтердин негизги белгилери.

**ДОЛИНА АНТЕЦЕДЕНТНАЯ**- антецеденттик өрөөн (кууш, тар, кысылган өрөөн). Жапыз кезинде туурасынан суу кесип өтүүгө үлгүрүп калган, азыркы кездеги терең капчыгайлуу өрөөндөр. Кыргызстанда мындай өрөөндөр өтө көп кездешет. Алардын ирилери; Какшаал, Сарыжаз, Чоңүзөңгүкууш, Атбашынын капчыгайы, Абшырсай, Дангы, Капчыгай ж.б. өрөөндөр.

**ДОЛИНА АНТИКЛИНАЛЬНАЯ**- антиклиналдык өрөөн. Ийилип кошулган антиклиналдык эки катталыштын ортосу аркылуу өткөн

өрөөн. Мындай өрөөндүн капталындагы тоо тектери анын сыртына карата аңтарылып жатат. Антиклиналдык өрөөн антиклиналдын чокусу катуу чоюлгандыктан жарака кетип, андагы борпоң тектердин сууга жуулуп, агып кетишинин натыйжасында пайда болот.

**ДОЛИНА АССИМЕТРИЧНАЯ**– ассиметриялык өрөөн. Бир эле өрөөндүн эки капталы бир кыйла алыстыкка чейин бирдей эмес жантайган, бир жаккы капталы экинчисине караганда узун жана тайпак, экинчиси тик өрөөн. Буга өрөөндүн геологиялык түзүлүшү, капталынын морфологиясы, инсоляциясы (капталы бирдей эмес абалда тоңушу, ысышы, муздашы, ным сактоосу ж.б) жалпы жантаюусу ж.б. себеп болот.

**ДОЛИНА ВИСЯЧАЯ**– артылып турган өрөөн. Эки өрөөн бири- бирине бириккен жеринде ээлеген бийиктиктери бирдей эмес болгондуктан бирөө экинчисинен жогору болуп калат. Ошол жогору жаткан өрөөн «висячий» деп аталат. Негизги өрөөндүн суусу чоң болгондуктан эрозиялык процесси күчтүү өнүгөт да, коктусунун таманын терең кылып оюп жиберет. Экинчиси салыштырмалуу артта калат. Ошондуктан экинчи өрөөн өйдөрөөк орун алып, куймасынын чаты тик болот. Ошол тик жерин конфлюэнт, же кошулуу тепкичи деп атайт.

**ДОЛИНА ВЫПУКЛАЯ**–домпок өрөөн. Айлана-чөйрөгө салыштырмалуу бийик жаткан өрөөн. Чөлдүү райондордо агын суу өткөн коонун таманы туздуу эритмелерге цементтелип, сууну бойлото жер каткалаң тартып, айлана- чөйрөсүндөгү бош кумдар учурулуп кеткенде пайда болот.

**ДОЛИНА ИНСЕКВЕНТНАЯ**–инсеквенттик өрөөн. Геологиялык түзүлүштүн структурасына дал келбеген өрөөн. Нейтралдык (бейтарап) өрөөн деп да, аташат.

**ДОЛИНА КОНСЕКВЕНТНАЯ**–консеквенттик өрөөн (англ. туташ). Топографиялык эңкейишке дал келген өрөөн. Консеквенттик өрөөн дөңсөөлөрдүн тектоникалык кыймылы башталгандан тартып өсө баштайт.

**ДОЛИНА КОРЫТООБРАЗНАЯ**–тепши сымал өрөөн. Адегенде суу жеген, андан кийин мөңгүнүн астында калып, тепшинин формасындай абалга чейин жеткире жешилген өрөөн. Мындай өрөөндөр Кыргызстандын аймагынын ар бир тоосунда көп санда кезигет.

**ДОЛИНА МЕРТВАЯ**–жымжырт өрөөн. Өзөнүндө суу акпаган кургак өрөөн. Сууну орто жеринен жыгып (буруп) кеткенде, аягы кургап калган өрөөн.

**ДОЛИНА ОТКРЫТАЯ**–ачык өрөөн. Суусу экиге бөлүнүп төмөнкү агымында бирикпеген өрөөн. Кыргызстанда мындай өрөөн Какшаал кырка тоосунун түндүк капталында, Комаров мөңгүсүнөн башталган Ортоташ суусунда байкалат. Анда мөңгүдөн агып чыккан суу коргулдун үйүлгөн дөбөсүнө жеткенде, эки куймага ажырап, оң тарабындагысы чыгыш тарапка карай агат да, Чоң Узөңгүкууштун өрөөнүн түзөт. Экинчиси батышка карай агып Аксай (Мүдүрүм) өрөөнүн пайда кылат.

**ДОЛИНА ПЕРЕУГЛУБЛЕННАЯ**–тереңделген өрөөн. Өрөөн системасындагы таманы тереңдеп кеткен башкы өрөөн. Ага салыштырмалуу капталындагы майда өрөөндөр бийик жатат. Кыргызстандагы ар бир тоолуу өрөөндөр мына ушул катнашта болот. Себеби, плейстоцен доорунда каптаган байыркы муздуктар негизги өрөөндөрдүн таманын күчтүүрөөк оюп, жешип жиберген. Каптал мөңгүлөр болсо аянты боюнча анча чоң болбогондуктан, негизги муздукка караганда азыраак жемирет. Натыйжада негизги өрөөн терең жана капталындагылары тик болуп калат. К. Висячая долина.

**ДОЛИНА ПОДВОДНАЯ**– суу астындагы өрөөн. Океан, деңиз, көл сууларынын астында, узунунан кеткен ичке өрөөн. Пайда болушу боюнча тектоникалык, эрозиялык ж.б. деп бөлүнөт.

**ДОЛИНА ПОПЕРЕЧНАЯ**–туурасынан кеткен өрөөн. Катталыш структураны туурасынан так бурч менен, диогоналдык багытта кесип өткөн өрөөн. Мисалы: Боом капчыгайы. Мындай өрөөндөрдүн туурасынан кеңдиги ар түрдүү, капчыгайы кууш, шаркыратмалуу, кысыктары көп болот.

**ДОЛИНА ПРОДОЛЬНАЯ**–узунунан кеткен өрөөн. Эки тоонун ортосунда узунунан жайгашкан өрөөн. Буга Аксай (Ички–Тянь-Шань), Ысыккөл, Нарын, Алай ж.б. өрөөндөр мисал боло алат.

**ДОЛИНА СКВОЗНАЯ**–өтмөлүү (тешик) өрөөн. Өрөөндүн аягы кырка тоолордун аркы бетине чыккан, башы туюк тешик өрөөн. (Алтындара, Муксу, Жашылкол ж.б.).

**ДОЛИНА СУХАЯ**– кургак өрөөн. Өзөнү мезгил–мезгили менен кургап, суу акпаган өрөөн. Кургак климаттуу аймактарга мүнөздүү.

**ДОЛИНА ТЕКТОНИЧЕСКАЯ**–тектоникалык өрөөн. Тектоникалык жаракаларга (ойдуңдарга) дал келген өрөөн (Жылдыз, Алай, Сусамыр ж.б.).

**ДОЛИНА ЭРОЗИОННАЯ-** эрозиялык өрөөн. Эрозиялык аракеттин натыйжасында гана пайда болгон жана генетикалык тегинде башка таасирлердин залдары болбогон өрөөн.

**ДОЛИННО-БАЛОЧНЫЙ ЛАНДШАФТ**-кокту-колоттуу ландшафт. Токойлуу талаа жана талаа зонасындагы кокту-колоттуу жердин жалпы физиклык географиялык абалы.

**ДОЛИННЫЕ ЛЕДНИКИ-** өрөөндүк муздуктар. Өрөөндүн төрүндө жаткан жана баш-аягы кар сызыгы менен бөлүнгөн муздуктар. Мындай мөңгүнүн башын кар зонасы (область питания), ал эми төмөнкү бөлүгүндөгү көк жалтаң муздардын этегин абляция зонасы дейт. Этеги өрөөн боюнча кар сызыгынан төмөн жатат.

**ДОЛИННЫЙ ВОДОРАЗДЕЛ**-өрөөндук суу бөлгүч. Эки өрөөндүн суусунун ортосундагы өткөөл өрөөндө жайланышкан суу бөлгүч.

**ДОЛИНЫ-** өрөөндөр. Бир жагы туюк, капталдары тик, тоо капталын тилмелеп, ийри-буйру тартып, узатасынан кеткен чуңкурлар. Өрөөндөр бирин-бири кесип өтпөйт, тескерисинче, бирөө экинчисине кошулат. Бирок, кургап калган байыркы өрөөндөрдүн бири экинчисин кесип өткөн учурлар кездешет. Өрөөндөр жалаң агын суунун жемирүү, агызуу, чайкоо процессинин негизинде (эрозиялык аракетинен) гана пайда болот. Башка экзогендик процесстер өрөөндү өзүндөй кылып бүтүрө албайт. Өрөөндөр башкы (главный) жана жардамчы (каптал) делинип бөлүнөт. Мындай учурда эсеп чоңунан кичинесине карай, же тескерисинче да эсептелет. Кыргызстандын жери тоолуу жана өрөөндүү келгендиктен жергиликтүү калк илгертен бери эле өрөөндү аныктоодо, анын морфологиялык түзүлүшүн чагылдырган терминдерди колдонуп келген. Мисалы: өрөөндүн таманы (дно), анын ичиндеги суунун нугу (русло), суунун жээги, жайылмасы (пойма), өрөөндүн капталы (склоны) жана кашаты (террасы), капталы менен таманынын бириккен жери тигиши (подошва). Өрөөндүн башы тайпак келип экинчи өрөөнгө өткөөл ачык болсо «Ачык өрөөн», туюк болсо «Туюк өрөөн» деп атайт. Өрөөн тектоникалык структурага жараша өтсө, узунунан созулуп жаткан, ал эми тектоникалык структураны кесип өтсө туурасынан кеткен өрөөндөр деп аталат. Тегинин структурасы бирдей эмес, өзгөрүлмөлүү диагоналдык багыттагы өрөөндөр да, кездешет.

**ДОЛОМИТ**-доломит. Франциялык геолог Д.Доломьердин (dolomilu) атынан коюлган. Тоо тектерин пайда кылуучу (кальций менен магнийдин эки эсе карбонаты) минерал. Теги боюнча чөкмө жана гидротермалдык деп бөлүнөт. Доломит минералынан турган чөкмө тоо теги, кээде бир тоону толук ээлейт. Мисалы, Доломиттик Альпы.

**ДОМИНАНТНЫЕ УРОЧИЩА**- үстөмдүк кылуучу өзгөчө аймак ( лат. deminans-үстөмдүк кылуучу) физикалык географияда көп кездеше турган, айлана-чөйрөгө караганда өзгөчөлүгү бар жер, б.а. үстөмдүк кылуучу ландшафттын деңгээли.

**ДОМИНАНТЫ**-доминанттар. Өсүмдүктөрдүн ичинде саны, массасы жана көлөмү боюнча үстөмдүк кылуучу түрлөр. Доминанттар жаныбарлардын түрлөрүнө да, тиешелүү.

**ДОННАЯ МОРЕНА**- муздуктун коруму. Муздук эрип кеткенден кийинки муздуктун ордундагы үйүлгөн корум-морена (тоо тектеринин сыныктары).

**ДОННЫЕ ОСАДКИ**-түпкүрдүн чөкмөсү. Бассейндин түбүнө чогулган чөкмө. Бассейндин түбүндөгү суунун агымы жай болсо, тунма тектер сайдын таманына чөгө баштайт. Океандык, деңиздик, көлдүк жана дарыялык болуп бөлүнөт.

**ДОННЫЙ ЛЕД**- көлмөлөрдүн түбүндөгү тоңгон, же калкып жүргүн муз. Көлдөрдүн, дарыялардын түбүндө кышында тоңгон муздар.

**ДРАГИРОВАНИЕ**- драгирование (анг. drad- сүйрөө). Суу астынан пайдалуу кендерди алып чыгуу, суу астындагы чөкмөлөрдөн (байкап көрүү үчүн) проба алуу, бентосторду жыйноо ж.б.. Мунун бардыгы кеменин бортунда жүрүп драганин жардамы менен ишке ашырылат.

**ДРАГОЦЕННЫЕ КАМНИ**- асыл таштар. Жаркылдаган тунук, өтө катуу, бирдей түстөгү, же кооз минерал. I–класстагы асыл таштарга алмаз, рубин, сапфир; 2-класстаргыларга–топаз , берилл, аместист; 3-класстагыларга–агат, сердолик, тоо хрустаалы кирет. Асыл таш тобуна жемчуг, янтарь жана ондогон органикалык бирикмелер да кирет. К. Поделочные камни.

**ДРАКОНИЧЕСКИЙ МЕСЯЦ**–ажыдар айы. Айдын өзүнүн орбитасындагы бир түйүнү аркылуу удаалаш өткөн мезгилдеринин ортосундагы убакыты. Ал 27, 21, 22 күн суткасына барабар.

**ДРЕВЕСИНА**–сөңгөк. Жыгачтын кабыгынын астындагы катуу бөлүгү. Андагы шакекчелерге карап жыгачтын жашын, жылдардын кургакчыл же нымдуу болгондугун аныктайт.

**ДРЕВНЕЕ ОЛЕДЕНЕНИЕ**–жердин тарыхынын акыркы (төртүнчүлүк) доорундагы муздуктануу. Абдан чоң аянтты муз каптап морена, кама, оза түрүндөгү калдыктар азыркы күндө сакталып калган. Ага карата байыркы муздуктардын аянтын, узундугун жана морфологиялык түзүлүшүн аныктоого болот.

**ДРЕВНЕЭВКСИНСКИЙ БАССЕЙН**–байыркы эвксин бассейни. Азыркы Карадеңиздин ордунда плеостоцендин орто ченинде токтоп турган туздуу суу бассейни.

**ДРЕВНИЕ ГОРЫ**–байыркы тоолор. Структуралык катталышы альпы орогенезине чейин башталып, кийин бир нече жолу орогенезге дуушар болгон эски тоолор. Мындай тоолор кийинки тектоникалык кыймылдын таасири менен жаңыланып, кайрадан калыбына келиши мүмкүн. Мисалы; Байкалдын тоолору.

**ДРЕВНИЙ КАМЕННЫЙ ВЕК** – к. Палеолит.

**ДРЕВНИЙ КРАСНЫЙ ПЕСЧАНИК**–байыркы кызыл кумдук. Калыңдыгы 3000 м чейин жеткен, кызыл түстөгү континенттик чөкмө тек. Составында когломерат, сланец болот. Мындай чөкмөлөрдүн бир түрү Шотландияда жана Ирландияда кезигет, девон жана силур дооруна тиешелүү. Кыргызстанда байыркы кызыл кумдуктун калың катмары Сарыжазда (Кызылкапчыгай), Аксайда, (Кызылөңүт), Чоңүзөңгүкуушта (Кызылбел, Эмеген, Кайнар), Ысыккөлдө (Жетиөгүз, Жууку, Чоң Кызылсуу), Чүй өрөөндөрүндө, Алайкуда Боом капчыгайында кенен тараган. С.С. Шульц 1948ж. « Кыргыздын кызыл түстөгү комплекси» деп атап, палеогон доорундагы ысык жана кургакчыл климатта пайда болгонун аныктаган.

**ДРЕВНЯЯ БЕРЕГОВАЯ ЛИНИЯ**– байыркы жээк сызык. Деңиздин, же көлмөлөрдүн жээгинин азыркы абалынан жогору, же төмөн жаткан байыркы жээк. Жээктин өзгөрүшүнө тектоника процесси таасир этет, б. а. жер көтөрүлүп кеткенде, бассейин чөгүп калат. Мындан тышкары климаттык шарт, ошондой эле адамдардын чарбалык таасири да, белгилүү ролду ойнойт.

**ДРЕВНЯЯ ПЛАТФОРМА**–байыркы платформа. Катталыш фундаменти кембрийге чейин түзүлгөн жана анын үстүндөгү чөкмө катмары кийинки доорлордо пайда болгон платформа. (Орус, Канада, Кытай, Индостан, Бразилия ж.б. платформалар).

**ДРЕВОВИДНАЯ РЕЧНАЯ СИСТЕМА**–дарак сымал дарыя системасы. Өзөндүн куймалары тарамдалып, дарыя түзүлүшүнүн бутактуу

дарактай формада көрүнүшү. Мисалы; Сарыжаз, Чоңүзөңгүкууш, Нарын дарыялары.

**ДРЕВОВИДНЫЙ ЛЕДНИК**–дарак сымал муздук. Тоолордогу тарамдалган өрөөндөрдөн орун алган, негизги жана каптал мөңгүлөрдөн чогулган, дарак сымал формадагы татаал мөңгү. Мисалы; Памирдеги Федченко, Сарыжаздагы Эңилчек, Акшыйрак тоосундагы Петров ж.б. муздуктар.

**ДРЕЙФ**- дрейф (голланд. Driyven-калкуу, айдоо). Шамалдын, же агымдын таасири менен муздун сыныгынын, же кеменин калкып жылышы.

**ДРЕЙФ ЛЬДА**–муздун дрейфи. Шамалдын, же агымдын таасири менен муздардын сыныктарынын деңиздин үстү менен калкып жылышы. Арктикалык деңиздерде калкыган муздар шамалдын багытынан оң жакка бурулуп кетет, себеби жердин өз огунда айланышына байланыштуу, кыйшаюу күчүнө жараша болот. Ал эми Антарктикада тескерисинче $28^0$ бурч менен сол жакка кыйшаят. Калкыган муздардын ылдамдыгы шамалдын ылдамдыгынын 1/50 бөлүгүн түзөт.

**ДРЕЙФОВОЕ ТЕЧЕНИЕ**–дрейфтик агым. Шамалдын күчү менен деңиз сууларынын үстүңкү бетинин жылуусу. Буга океандардагы пассат агымдары жана антарктикалык циркумполярдык агым, же түштүк жарым шардагы Батыш шамалынын агымы кирет.

**ДРЕНАЖ**–(англ. Drain-кургатуу). Саздак жерлерди кургатуу жана жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү, же сордуруп чыгаруу үчүн көрүлгөн чаралар жана ага тиешелүү курулуштар. Чет өлкөлүк китептерде (АКШ, Великобритания)дренаж термини гидрографиялык тармак деген терминдин синоними катарында колдонулат.

**ДРЕСВА**–күкүм, өтө майда шагыл. Тоо тектеринен, топурактан үбөлөнүп түшкөн (көлөмү 1-10 мм чамасындагы) кум күкүмдөрү.

**ДРИАСОВОЕ ВРЕМЯ**–дриас мезгили (тундрада өскөн, дайыма жашыл бадал-dryas деген сөздөн). Муз доорунун кийинки суук түшүү, Европада плейстоценден кийин (мындан 13-10 миң жыл мурда) болгон суук мезгил. Ал үч жолу кайрадан жылыган (беллинг, аллеред, соңку дриас) фазаны камтыган.

**ДРИФТОВАЯ ТЕОРИЯ**–дрифт теориясы (англ.drift- агымга шылтоо). Европанын, Азиянын, Түндүк Американын түндүгүндөгү төртүнчүлүк доордо катмарланган тектердин арасындагы муздуктан пайда

болгон, тегерек (тоголок) тарткан зор таштарды деңиздердеги айсбергдер алып келген деген божомолдоо-теория. Ал 19- кылымда англиялык окумуштуу У. Лайель тарабынан чыгарылган жана ошол эле кылымдын аягында П. А. Кропоткин аны жокко чыгарып, жогоруда айтылган таштарды муздуктан пайда болгон деп аныктаган.

**ДРУМЛИНЫ**–друмлиндер (англ. drumlinis). Негизги мореналык корум таштардан турган, аягы тике тарткан жапыз дөңсөөлөр. Муздуктун багытын бойлоп, бийиктиктеги 5-45 м, туурасы 150-400 м ге чейин жетет, узундугу ар кандай (бир нече жүз метрден 2,5-3 км чейин). Друмлин плейстоцендик муздук баскан мейкиндиктерде (түздүктөрдө) көп кезигет. Мисалы, Чыгыш Европа түздүгүндө друмлин ландшафты катарында белгилүү.

**ДУБОВЫЙ ЛЕС**–дуб токою. Дуб жыгачы басымдуулук кылган жазы жалбырактуу, жайкысын жашыл түстөгү токой. Мындай токойдун арасында орешник (майда жаңгак) жана калың шибер өсөт. Орусиянын Европалык бөлүгүндө дуб токою жазы жалбырактуу токой подзонасын түзөт.

**ДУГА ОСТРОВНАЯ**–аралдардын догоосу. Деңиздердин астындагы кырка тоонун чокулары оркоюп чыгып, бири-бирине туташ жаткан кырка аралдар. Алар бирден, экиден, же эки катардан турат.

**ДУГА ОСТРОВНАЯ ВУЛКАНИЧЕСКАЯ**–вулкандык аралдардын догоосу. Догоо сымал тизмектенген аралдардын морфологиялык түзүлүшүн чагылдырган жердин геологиялык ири структурасы. Ал суу астындагы бир, же канатташ жаткан эки тоонун чокусун бириктирет. Океандын тереңдиктери, өтө ири гравитациялык аномалиялар, күчтүү вулканизмдер вулкандык аралдардын догоосуна байыр алган. Азыркы активдүү вулкандар догоонун арка жагында кезигет да, акиташ–шелоч тибиндеги магмаларды бүркүп турат.

**ДУНАЙ–ГЮГЕНСКОЕ МЕЖЛЕДНИКОВЫЕ**–Дунай–Гюген аралык муздуктар. Дунай–гюген муздуктары плейстоцендин башындагы бир аз жылуу боло баштаган мезгилге туура келет. Бул мезгил алпьдагы дунай жана гюнс муздуктун доорлорунун аралыгында байкалган. Кыргызстанда мындай мезгил максималдуу мөңгү доорунан мурда болуп өткөн.

**ДУНАЙСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**–дунай муздук доору. Альпыдагы эң байыркы муздуктуу доор. Ал плиоцендин аягында (мындан 1,5-1,8 млн. жыл мурда) болгон.

**ДЫМКА**-мунарык. Абадагы суунун майда кыпындарынын (тамчыларынын) жарыкка чагылышуусунан пайда болгон мунарык. Аралыгы 1км. алыс жердеги нерселерди ажыратып танууга кыйынчылык түзөт. Мунарык атмосферага булут тарай баштаганда да, байкалат.

**ДЮНЫ**–дюналар, кум, дөбөлөр. Сунун, деңиздин жээгиндеги көчмө кум дөбөлөр. Алар шамал учуруп келген кумдардын үйүлүшүнүн натыйжасында пайда болот.

## -Е-

**ЕВТРОФИКАЦИЯ**–евтрофикация (грек. eutrpphos–жакшы бордолгон). Көлмө суунун балыктарын ж.б. жаныбарларды тамактандыруучу балырлардын өсүмдүктөр менен болгон байланышы. Эвтрофикация көлмөнүн суусу эскиргенде, жасалма жол менен семирткенде, же бууланганда башталат.

**ЕВТРОФНОЕ БОЛОТО** – евтрофтук саздар. Минералдык тамакка бай чөп баскан саздар. Дарыялардын жээгиндеги саздарды, тоолордун капталындагы булактардын жээгин чөп баскан учурда пайда болот. Жер астындагы суулар нымдап турат. Мында өлөң, камыш, кайың бадалы, тал, мох ж.б. өсүмдүктөр өсөт.

**ЕВТРОФНОЕ ОЗЕРО**- евтрофтук көл. Анча терең эмес (10-15 м), жылуу, тамактануучу заттарга бай көлмө. Балырлар көп болгондуктан, сууну жашыл түскө боеп, ылайлу болот. Планктон менен бентоска бай. Кышында суунун түбүндөгү кислород кескин түрдө азаят. Жайкысын суууда калкып жүрүүчү фитоплактондун күчтүү өрчүшүнүн натыйжасында жап- жашыл түскө айланып калат.
**ЕФТРОФНЫЕ РАСТЕНИЯ**–евтрофтук өсүмдүктөр. Тамактануучу заттары мол, топуракта өскөн өсүмдүктөр. Алар кара топурактуу талаанын, жазы- жалбырактуу токойдун, шалбаанын чөптөрү.

**ЕЛАНЬ**- елань. Токой ичиндеги шалбаалуу жайык. Орусиянын Европалык бөлүгүндө, Батыш жана Чыгыш Сибирде кенен тараган.

**ЕЛОВЫЙ ЛЕС**–карагайлуу токой. Кадимки карагай (piceaebus) үстөмдүк кылган токой. Мындай токойлор, токой зонасынын мелүүн континенталдык климатынын жетишээрлик нымдалган кең мейкиндиктерин жана тоолордун капталын ээлейт. Тянь-Шань тоолорунда Шренк карагайы (Picea chrenkia) үстөмдүк кылган токойлор бар. Аларда ыргай, шилби, ит мурун аралаш өсөт, арасында бийик чөптүү шалбаа орун алган.

**ЕМКОСТЬ БАССЕЙНА**–бассейиндин сыйымдуулугу. Дүйнөлүк океандын, же анын бир бөлүгүндөгү суунун көлөмү. ($м^3$ же $км^3$ менен өлчөнөт).

**ЕРИК** - ерик. 1.Суу акпай калган булуң. 2.Дарыядан көлгө, көлдөн көлгө куйган ичке суу.

**ЕРНИКИ**-ерниктер. Жапыс кайыңдан куралган токой. Тундра зонасынын астында жана Стбирдин бийик тоолорунун токой тилкесинин үстүндө кездешет.

**ЕСТЕСТВЕННЫЙ ОТКОС**- табигый жантайма. Боорундагы борпоң тектери урап кетпей турган абалдагы жантайма. Ал борпоң тектеридин чоңдугуна жана нымдануусуна жараша болот.

## -Ж-

**ЖАНДАРМА**-кыр. Тоолордун капталындагы бийик чокунун жанындагы тик бурчтуу урчук.

**ЖАРКИЙ КЛИМАТ**- ысык климат. Экватордук, субэкватордук жана тропиктик климат.

**ЖЕЛВАКИ ВОДОРОСЛЕВЫЕ**-балырдык желвактар. Бир, же бир нече балырлардын жашоо тиричилигинен пайда болгон тегерек, же карбонаттуу тоголок формага ээ болгон зат. Тамылжыган жана көк-жашыл желвактар деп экиге бөлүнөт. Биринчиси жээктен тартып 100 м тереңдикке чейин, көк-жашыл желвактар болсо 10-20 м. ге чейинки гана тереңдикте пайда болушат. Кээ бирлери айнек идиштин (банка, стакан) формасындай абалда болот.

**ЖЕЛЕЗИСТЫЙ КОНКРЕНЦИИ**-темирдик конкренциялар. Темирдин минералдык кычкылданууга чейин жетиши. Көлдөрдүн, деңиз жана океандардын түбүндөгү чөкмө катмарда жана топуракта кезигет.

**ЖЕЛЕЗНЫЕ РУДЫ**-темир рудалары. Составында экономикалык каражаты өнөр жайга жетишээрлик минералдык бирикме. Темири 50% ашык болсо бай, 50-25% болсо катардагы, 25% тен кем болсо кедей кен деп аталат. Негизги минералдары-магнетит, тианомагнетит, гематит, гетит, гидрогетит, сидерит.

**ЖЕЛЕЗОКАМЕННЫЙ МЕТЕОРИТ**-темирдүү-таштуу метеорит. Сидеролит силикаттардан (негизинен пироксендерден жана оливиндерден) жана никелдүү темирден турган метеорит.

**ЖЕЛОБ**-коңул. Суу акчу узун жана кууш, капталдары тик ойдуң. Суу астындагы үйлөмө, эритилме коңулдар деп бөлүнөт.

**ЖЕЛОБ ВЫВОДНОЙ**-чыгаруучу конул. Шагылдар кулап, же эшилип өсүүдөн пайда болгон терең коо. Аны менен жаандын суусу да, агып турат.

**ЖЕЛОБ ПЛАТФОРМЕННЫЙ**-платформалык конул. Узунунан кеткен бир нече коңулду бириктирип турган ичке кайкы. Мисалы; Түндүк Түркменстан коңулу.

**ЖЕЛОБ ЛАВИННЫЙ**-көчкүнүн коңулу. Кар көчкөндө өтүүчү ичке коо.

**ЖЕЛОБ ПОДВОДНЫЙ**- суу астындагы коңул. Көлмөнүн түбүндөгү узунунан кеткен ичке кайкы. Капталдары тик. Азыркы океан-деңиздерде ар кандай өлчөмдөгү коңулдар кездешет. Океандын түбүндөгү коңулдар, океандык жаракаларга чектеш жатат.

**ЖЕЛТО-БУРЫЕ ПОЧВЫ**- сары-күрөң топурак. Токойдогу күрөң топурактан сары түстөгү топуракка жакындашып кеткен топурактын группасы.

**ЖЕЛТОЗЕМЫ**-саргыч топурак. Субтропиктик алкактын жазы жалбырактуу токоюнун топурактары, чириндиси 3-3,5%. Типтери; саргыч топурак, күл-саргыч, глейлүү, күл-саргыч-глейлүү ж.б. топурактар. Саргыч топурактарда чай, цитрус өсүмдүктөрү, жүзүм, коон, дарбыз ж.б. өсөт. Саргыч топурактуу аймактар Грузияда, Азербайджанда, КЭР, АКШ, Австралияда жана Орто Азияда кезигет.

**ЖЕЛТО-КОРИЧНЕВЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ПОЧВЫ**- субтропиктик саргыч-күрөң топурак. Субтропиктик чала ымдуу токойдун топурагынын күрөң топуракка жакындашып кеткен түрү. Карбонаттуу горизонту өтө жука. Өңү саргыч-күрөң түстө болот. Чириндилери орто эсеп менен 4,6%. Кытайда (Хуанке, Янцзы сууларынын ортосунда), Гималайдын, Индокытайдын тоо этектеринде ж.б. райондордо кезигет.

**ЖЕРЛО ВУЛКАНЫ**-вулкандын алкымы. Вулкандын түпкүрүндөгү чордону менен жана тоонунун чокусундагы лава атылып чыгуучу тегеректи туташтырып турган ичке түтүк-сымал канал.

**ЖЕСТКОЛИСТНЫЙ** ЛЕС-катуу жалбырактуу токой. Жер Ортолук деңиздин субтропиктик райондорундагы токою. Мындай токойдун өсүмдүктөрүнүн жалбырагы катуу жана сабагы чырпыктай болуп, жайкы ысыкта начар ассимиляцияланат. Жер Ортолук деңиздин

боюнда- пробка дубунун тукумундагы дарактардан, мирттерден туурат: Америкада, Чилиде дайыма жашыл түстөгү дубдардан, жер карагайынан турат. Австралиядагы эквалиптер, акация менен казуариндер кирет.

**ЖЕСТКОСТЬ ВОДЫ**- суунун катуулугу. Составында кальцийдин жана магнийдин элементтери бар суунун касиети. Сууну катуу деш үчүн андагы кальцийдин саны (20.04 мг/л), же магнийдин саны (12.15 мг/л) жеткиликтүү болуш керек.

**ЖИВОЕ СЕЧЕНИЕ**-жандуу кесилиш. Агымдын туурасынан кесилиши. Агын суунун ылдамдыгы, суунун чыгымын өлчөөчү прибордун жардамы менен өлчөнөт.

**ЖИЗНЕННЫЕ ФОРМЫ**-тиричиликтин формалары. Белгилуу экологиялык шарттарга организмдердин көнүгүп кетүү мүмкүнчүлүктөрү. Бир эле тиричилик формасына тиешелүү түрлөрдүн түзүлүш өзгөчөлүктөрү жана экологиясы болот. Бир эле экологиялык шарттарга ар түрдүү системалык группанын түрлөрү кирет. Мисалы; эфемерлер, ксерофиттер, фанерофиттер.

**ЖИЗНЕННЫЙ ЦИКЛ**- жашоо цикли. Организмдердин жаратылышка келиши, өсүшү, жетилиши, тукумудашы, карышы жана өлүшү деген белгилүү мезгилдерди басып өтүшү. Мисалы; бир жылдык өсүмдүктөрдүн жашоо циклине үрөндүн жарылышы, өсүп чыгышы, гүлүн ачышы, бышып жетилиши, данынын күбүлүшү жана өсүмдүктүн сабагынын куурашы деген циклдерди басып өтөт.

**ЖИЗНЕСПОСОБНОСТЬ**-жашоого жөндөмдүүлүк. Организмдердин жашоого жөндөмдүүлүгүн сактап калышы.

**ЖИЛА ОСАДОЧНАЯ**-чөкмөлүк тамыр. Тоо тегиндеги чөкмөнүн кумдары менен чайкалып калган жарыгы.

**ЖИЛКИ**-тамырча. Жалбырактын скелети. Жалбыракты бириктирип жана тамактануучу заттар менен туруктуу камсыз кылып турган ичке тамырлар. Ичке тамыр сыяктуу созулуп жайгашкан тоо кендеринин таркалган жери.

**ЖИЛКОВАНИЕ**-тамыры тароо, тарамдалуу. Өсүмдүктүн жалбырагындагы тамырын бөлүштүрүп тароо. Тамырчалар бири-бирине байланышса жабык, ал эми тескерисинче болсо-ачык деп аталат.

**ЖИЛЬНАЯ ПОРОДА**-жарыктагы тек. Жердин үстүнкү катмарында чыкпай жаракага кысылып калган интрузив тектери.

**ЖИЛЬНЫЕ ЛЬДЫ**-жаракалык муздар. Тоңдуктар тараган аймактардагы тоо тектеринин жана жердин жаракасында тоңгон муздар.

## -З-

**ЗААЛЬСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**- заалдык муздук доору. Заале суусунун (Германия) атынан коюлуп, Борбордук Европанын түзөңдүү областтарында плейстоцендин ортосунда (230-100 миң жыл мурда) өөрчүгөн муз доору. Ал Альпыдагы рисс, Чыгыш Европа түздүгүндөгү Днепр жана Москва муз дооруна мезгилдеш.

**ЗАБОЙ МОРОЗНЫЙ**-ызгаар забою. Тоо тектеринин температурасынын өзгөрүшүнө байланыштуу физикалык жол менен талкалануу процесси жүрүп турууучу мезгил.

**ЗАБОЛАЧИВАНИЕ**-сазданыу. Жердин үстүңкү бетинин сазданышы. Мындай процесс тайыз көлдөр соолгондо, дарыянын суусу жээгин жайпаганда, же жер астындагы суулар көтөрүлгөндө пайда болот. Буга азыркы мезгилде Ош областынын дыйканчылык зонасында жер астындагы суу көтөрүлүп, топурак чыкталып, айыл чарба өсүмдүктөрүнө тескери таасирин тийгизиши мисал болот.

**ЗАВАЛ**-жер көчкү, таштын урандысы. Таш сыныктарынын урандысынан үйүлгөн шиленди. Мындай шилендилер чоң урандыдан үйүлгөндө өзөндүн суусун бөгөп калат. Натыйжада көл пайда болот, же коктунун ортосунда туурасынан жаткан дөңдү пайда кылат. Мисалы, Памирдеги Бартанг суусунун бассейниндеги Усой урандысы Усой көлүн пайда кылган; Борбордук Тянь-Шандагы Кайнар көлүн пайда кылган уранды ж.б. айтууга болот.

**ЗАВАЛЬНОЕ ОЗЕРО**-урандыга бөгөлгөн көл. Мисалы, Памирдеги Сарез көлү Кыргызстандагы Кулункөлү тоонун капталындагы жер көчкү менен тосулуп пайда болгон. Лава агымдары бөгөп дагы көл пайда кылат.

**ЗАВОДЬ**-ирим. Агын суунун жээгиндеги булуң.

**ЗАГАР ПУСТЫННЫЙ**-чөл тагы. Күнгө күйгөн жылаңач аскалардын жана жер бетинде жаткан тоо тектеринин сыныктарынын жука (0,5-5 мм калыңдыктагы), жалтыраган күйүндүсү. Темирдин (36%), жана марганецтин (30%) кычкылтектин жана 8,5% чейинки кремнеземден турат. Нымдуулугу жетишпеген кургакчыл райондордогу температурасы кескин өзгөрүп турган климатта пайда болот. Кыргызстанда мындай ландшафт Ысыккөлдүн батышында,

Балыкчы шаарынан тартып Боом капчыгайына чейинки Караталаа деген жерде кезигет. Бул жердин жаратылышында тоо тектеринин сыныктарынан чогулган шагылдар (68%) үстөмдүк кылат. Мындай шартта топурактын ичиндеги капилярдуу нымдуулуктун кыймылы күчөп, тектердин ичиндеги темир, марганец, кремнеземду сыртына тартып чыгат.

**ЗАГРЯЗНЕНИЕ СРЕДЫ**- чөйрөнүн булганышы. Белгилүү бир чөйрөдө физикалык, химиялык жана биологиялык аггенттердин мурдагы абалынан (жасалма жол менен, же өзүнөн-өзү) көбөйүп кетишинин натыйжасында көп жылдык орточо деңгээлинен ашып кетүүгө дуушар болушу. Мисалы; агын суунун ашык ылайланышы, абанын ар түрдүү химиялык заттар менен чандалышы ж.б. Аянты боюнча глобалдык, локалдык, аймактык деп бөлүнөт. Табигый себептердин жана адамдардын чарбалык аракетинин натыйжасында пайда болот.

**ЗАГРЯЗНЕНИЕ АТМОСФЕРЫ**- атмосферанын булганышы. Атмосферадагы чаң, түтүн, кислоталардын тамчылары жана зыяндуу газдардын ар түрдүү өндүрүштүк имараттардын морлорунан, автомобилдердин моторлорунан бөлүнгөн ыш аралашкан түтүндөр. Мындай заттар кээ бир өнөр жайлуу шаарларда көп байкалат. М; азыркы мезгилде Нью-Йорк, Токио шаарларында жана Рур бассейнинде суткасына ар бир км$^2$ аянтка 1 тонна чаң чогулат. АКШ да абанын 60% автомобилдерден чыккан газ булгайт, ал эми Нью-Йорк, Лос-Анджелес, Токио ж.б. көптөгөн шаарларда абанын 90% автомашиналар булгайт. Азыр 300 млн. ашык автомобиль жыл сайын атмосферага 800 т. ашык көмүртектин кычкылын, 150 миң т. углеводород, 500 миң т. азоттун кычкылын, 1 миң т. коргошун таратып турат.

**ЗАГРЯЗНЕНИЕ ВОДОЕМОВ**-көлмөлөрдүн булганышы. Дарыя, көл, деңиздерге булганч заттардын (мисалы, химикаттардын, ылай-ыплас суулардын, жуунду, самындуу суулардын, малдын тезегинин ж.б.) кошулуп, суунун жараксыз абалга жеткирилиши.

**ЗАДЕРНОВАННЫЙ МОСТ**-чым көпүрө. Карст процесси өнүккөн райондордогу ичке жана терең ангектин, ал эми тоолуу райондордогу аскалуу жаракалардын үстүндө калың топурак жана чым басып жаткан өткөөлдөр.

**ЗАЖИВЛЕНИЕ ТРЕШИН**-жарыктын бүтүшү. Тоо тектериндеги жаракалардын цементтелип бүтүшү.

**ЗАЖОР**-үйор. 1) суу аккан өзөндүн үстүндө үйүлүп калган муз. 2) кардын катмарынын алдындагы суу.

**ЗАИЛЕНИЕ**-кум чайкоо. 1) дарыя, көл, суу сактагыч жана башка көлмөлөрдүн түбүнө кумдун, чопонун чайкалып, сайдын нугунун жогору көтөрүлүшү. 2) Дарыянын сайына суу киргенде, алынып келип төшөлгөн тунма чөкмөлөр (шагыл, кум, чопо, караган бутактарынын тамыры). 3) Кумдак жерлерди сугаруу ыкмасы.

**ЗАКАЗНИК**- заказник. Табигый режимди сактоо, же убактылуу чарба иштерин токтотуу үчүн белгиленген аймак, же акваторий. Андагы жаратылыштын (геоботаникалык, геоморфологиялык, геологиялык, зоологиялык) компоненттеринин бардыгы коргоого алынат. Убактылуу (5 жылга чейин), көп жылдык (5 жылдан ашык) жана туруктуу деп бөлүнөт. Дүйнө жүзүндө көптөгөн аң уулоочу, балыкчылык, ландшафтык, геологиялык ж.б. заказниктер бар.

**ЗАКОПУШКА**-аңгек. Тереңдиги 50 см. чамасындагы жердин оюгу.

**ЗАКРАИНАВ ГИДРОЛОГИИ**-тоңгон өзөндүн, же көлдүн жээгиндеги муз тоңбогон тилкеси.

**ЗАКРЕПЛЕНИЕ ПЕСКОВ**-кумдарды бекитүү. Чарбалык обьектилерди (жолдорду, каналдарды, айыл-кыштактарды, курулуштарды, айдоо аянттарды) кумга бастырбоо максатында жүргүзүлгөн иш чара. Тропиктен чышкары чөлдөрдө дарактарды өстүрүү жолу менен жүргүзүлөт.

**ЗАКРЕПЛЕНИЕ ДЮНЫ**-дюналарды бекитүү. Табигый өсүмдүктөрдүн дүркүрөп өсүшүнүн, же дарактарды отургузуунун натыйжасында көчмө кум дөбөлөрдүн бекип калышы. Кыртышын бузганда, кайра эле кум көчө берет.

**ЗАКРЫТАЯ ТРЕШИНА**-туюк жарык. Тоо тектериндеги эки бети бири-бирине сыртынан жиги билинбеген жарака.

**ЗАКРЫТОЕ РАСТИТЕЛЬНОЕ СООБЩЕСТВО**-бирге жашоочу өсүмдүктөрдүн тобу. Мында түрлүк составы туруктуу болот, жаңы түр башка түрлөрдү жолотпойт жана түрлөр өз ара бирдей тарайт.

**ЗАЛЕГАНИЕ**-жатыш. Тоо тектеринин жер бетине кабат-кабат болуп жатышы жана мейкиндик боюнча бири-бирине өз-ара катышы. Созулуп жана эңкейип жатышы менен аныкталат.

**ЗАЛЕЖНЫЕ ПОЧВЫ**-көптөн бери (1 жылдан ашык) айдалбай жаткан жер.

**ЗАЛЕЖЬ ПОЛЕЗНОГО ИСКОПАЕМОГО**- кен катмары. Өнөр- жайлык мааниси бар минералдык заттардын жер астындагы жыйылышы.

**ЗАЛИВ**-булуң. Деңиздин, же көлдөрдүн кургакка жүткүнүп кирип турган, бирок суусу негизги бассейндин суусу менен ээн-эркин туташып турган булуң. Мисалы; Ысыккөлдүн Түп жана Жыргалаң, Карабулуң булундары. Дүйнөлүк океанда Аляска, Бипской, Гвинея, Бенгаль жана башка булуңдар бар.

**ЗАЛОЖЕНИЕ**-жайланышуу. Картадагы эки горизонталдын ортосундагы аралык. Анын узун, же кыска болушу жер бетинин бийиктигине жана капталдын жантайышына жараша болот.

**ЗАЛОМ**-тоскоол. Жеңдей ичке суулардын агымын бөгөп калган чым, же өсүмдүктөрдүн тамырларынын жыйындысы.

**«ЗАМОР»** - замор. Кышында сууда кычкылтектин азайып кетишине байланыштуу жана суунун ичин балырлар чырмап калгандыктан, андагы жаныбарлардын (балыктары менен бирге) дээрлик түрдө кырылышы.

**ЗАМОРОЗОК**-үшүк. Күндүзү жылуу болгон мезгилдин кечкисинде жана түнкүсүндө абанын температурасынын төмөндөп үшүктү пайда кылган учур. Ушүк жазында жана күзүндө абанын орточо температурасы оң маанисиндеги мезгилинде болот. Ал ойдуңдуу жерлерге муздак аба токтоп турган жерде көп байкалат. Жазгы адвекциялык үшүк; муздак абанын бөлөк жактан келишине жана радиациялык жер бетинин түн ичинде муздашына байланыштуу деп бөлүнөт.

**ЗАМОРОЗОК НА ПОЧВЕ**-топурактын тоңушу. Абанын температурасынын төмөндөшү менен топурактын составындагы суунун тоңушу. Топурактын колдоюп катуу болуп калышы.

**ЗАНДРЫ**-зандры (исл. sandr-кум). Муздуктун этегинен төмөн башталган түздүктөр. Ал муздук алып келген тоо тектеринин сыныктарынан-кум, шагыл, таштардан турат. Кыргызстандагы муздуктардын этегиндеги мындай сайлардын узуну 80-1200 мге чейин жетет, туурасы ар кандай: (30-40-200-300 м), өзөндү бойлоп барып токтойт, андан ары өрөөн кууш эрозиялык түргө айланат. Кээ бир картографиялык материалдарды караганда, азыркы сайлардын ордунда мындан 100-200 жыл мурда мөңгү жаткан белгиси көрүнөт.

**ЗАПАД**-батыш, күн батыш. Байкоочунун сол жагынан туруп күнгө караганда, чыныгы горизонт менен асман экваторунун кесилиш точкасы. Горизонттун негизги чекиттеринин бири.

**ЗАПАДНЫЕ ПЛАНЕТАРНЫЕ ВЕТРЫ УМЕРЕННЫХ ШИРОТ** – мелүүн алкактын планетардык батыш шамалы. Күчтүү өөрчүгөн циклондун аракет зонасы. Мелүүн алакактагы жогорку басым зонасы менен уюлдук областтын ортосунда жатып, жер бетинде, бүткүл топосферада жана төмөнкү стратосферада, батыштан соккон шамалы менен белгилүү. Айрыкча, түштүк жарым шарда (Түштүк Американын батыш жээктеринде, Тасманияда, Жаңы Зеландияда) ачык белгилүү. Мындай шамал нөшөрлөгөн жаанды алып келет.

**ЗАПАСЫ ВОДЫ В ПОЧВЕ** – топурактагы нымдын запасы.

**ЗАПАСЫ ПОДЗЕМНЫХ ВОД** – жер астындагы суулардын запасы. Жер астындагы тоо-тектеринин жыртык-тешигиндеги, коңулдарындагы гравитациялык суунун саны.

**ЗАПАСЫ ПОЛЕЗНЫХ ИСКОПАЕМЫХ** – пайдалуу кендердин запасы. Геологиялык чалгындоо жолу менен аныкталган жердин астындагы, же үстүндөгү кендердеги минералдык сырьенун көлөмү.

**ЗАПОВЕДНИК ГОСУДАРСТВЕННЫЙ**–мамлекеттик коруг, заповедник. Чарбага пайдалануудан бошотуп илимий, окуу- тарбия иштерине, же жаратылыштын байыркы абалын сактап калуу максатында кайтарууга алынган аймак. Мисалы, Ысыккөл мамлекеттик коругу. СНГде 120 дан ашык мамлекеттик корук бар.

**ЗАПОВЕДНИК МЕЖДУНАРОДНЫЙ**-эл аралык корук. Эки, же андан көп мамлкеттердин чек арасындагы, же эл аралык территориядагы корук (Бешарал ж.б.).

**ЗАПОВЕДНЫЙ РЕЖИМ**– корук режими. Белгилүү жерди чарбага пайдалануудан бошотуп, анын жаратылышын илимий жана окуу – тарбия иштердин максатына ылайык коргоо.

**ЗАПРУДА**– байламта. Өзөндүн, же арыктын суусун бөгөш үчүн тургузулган, же өзүнөн-өзү пайда болгон тосмо. Өз алдынча пайда болгон тосмолор көбүнчө көчкүдөн, сел жүрүүдөн пайда болот.

**ЗАРЕГУЛИРОВАННАЯ РЕКА**–агымы жөнгө салынган дарыя. Чарбалык максатка ылайыкташ үчүн жүргүзүлгөн инженердик аракеттин натыйжасында режими кайрадан жөнгө салынган дарыя.

**ЗАРЕГУЛИРОВАННЫЙ СТОК**-жөнгө салынган агым. Гидротехникалык курулуштарды, же суу сактагычтарды куруу жолдору менен режими жөнгө салынган агым. Мисалы, Кыргызстандагы Ортотокой, Токтогул, Папан ж.б. суу сактагычтардын жардамы менен суунун агымы жөнгө салынган, б.а

суусу керектүү гана убакытта, белгилүү өлчөмдө алынып турган Нарын, Чүй жана Акбуура суулары.

**ЗАРНИЦА**–жарк-журк этүү. Күн күркүрөгөндө, алыстагы кара булуттан жарк- журк этүү. Түнкүсүн, же кечинде жакшы байкалат.

**ЗАРЯ** – шоола. Күн нуруна чагылып турган кечки, же эртең мененки шоола. Шоола асман мейкиндигиндеги абадагы чаңдын, суу тамчыларынын болушуна жараша саргыч, же кызыл түстө болуп көрүнөт.

**ЗАСОЛЕННЫЕ ПОЧВЫ**–марча. Оңой эрий турган туздар аралашкан, составына 0,25 % тен көп туздуу кармаган шор топурак. Кыргызстанда мындай топурактар тоо этектеринде, адырларда кезигет жана топуракка туз аралашуунун натыйжасында пайда болот. Туз тартыш болгон мезгилде бул топурак шордотуучу катары колдонулат.

**ЗАСТОЙНАЯ ВОДА**–токтогон суу. Жердин үстүндөгү чуңкурларга, же жер астындагы коңулдарга токтогон суу массасы. Мындай көлмөлөргө агын суу кошулбайт жана агып чыкпайт.

**ЗАСТРУГА**–бөгөт. Суунун агымын бөгөп жаткан шиленди.

**ЗАСУХА**–кургакчылык. Абадагы нымдуулук кемчилдеп, температура көтөрүлүп, жаан-чачын сейрек болгон мезгил. Топурактагы нымдуулукту кемчилдетип, талаачылыктын түшүмүн азайтат. Кээде түшүм болбой да, калат. Кургакчылык антициклон туруктуу болгон, же үстөмдүк кылган чөйрөдө пайда болот.

**ЗАСУХОУСТОЙЧИВОСТЬ** – кургакчылыкка чыдамдуулук. Өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка туруштук берүү жөндөмдүүлүгү.

**ЗАТМЕНИЕ**–тутулуу. Жерден караганда күн, ай, жылдыз жана башка планеталардын экинчи планеталар менен тосулуп көрүнбөй калышы.

**ЗАТОН**- затон, дарыя буйткасы. 1. Дарыянын суу акпас булуңу. 2. Дарыялардагы жана көлдөрдөгү пароход кыштоочу ичке буйтка.

**ЗАТОПЛЕНИЕ**–суу каптоо. Дарыя ташкындаганда жээкти суу каптап кетүү.

**ЗАТОПЛЕННАЯ РЕКА**–суу каптаган дарыя. Деңиздин суусунун астында басылып калган дарыянын чаты. Мындай жер бара-бара деңиздин буйткасына айланып кетет.

**ЗАТОР ЛЬДА**- муз бөгөт. Муз жарылып аккан кезде өзөндүн кууш жерлерине муздун сыныктарынын үйүлүп, суунун агымын бөгөп калышы. Натыйжада, суу ташып жээгинен ашып, жайылып, кээде үйлөрдү, айдоо аянттарды каптап кетет. Кыргызстандагы ири дарыялардын бардыгында кышта (чилде түшөөр алдында) байкалат.

**ЗАТУХАНИЕ СКЛАДОК**–катталыштын басаңдашы. Тоо тектеринин катмарларынын узун- туурасындагы катталышынын жана катмарынын жалпагынан бузулбаган бойдон калыбында жатышы.

**ЗАХОД НЕБЕСНОГО СВЕТИЛА**- асман телосунун батышы. Күн, ай, жылдыз ж.б. асмандык телолордун горизонтко батышы. Асмандык тело горизонттон ары ооган менен алардын шооласы атмосферага чачырап турат. Ошондуктан асманда телонун батышы салыштырмалуу кеч бүтөт.

**ЗАХОРОНЕНИЕ ОТХОДОВ**–таштандыларды көмүү. Өнөр жай жана турмуш-тиричиликтен чыккан ар кандай таштандыларды топуракка көмүү, же үйүп коюу. Айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоо үчүн көтөрүлүүчү чаранын негизги проблемаларынын бири.

**ЗВЕЗДА**–жылдыз. Теги боюнча күнгө окшош, абдан ысыган газдардан турган жарык чыгаруучу асмандык тело. Жерден карганда 5-6 миң жылдызды көрүүгө болот. Бирок жылдыздар дүйнөсү андан көп . Кээ бир жылдыздар күндөн (көлөмү боюнча) миллион эсе чоң жана жарыгыраак (гигант жылдыздар). Көп жылдыздар көлөмү жана жарык чыгаруусу боюнча күндөн кийинки орундарда турат. Алар карлик жылдыздары.

**ЗВЕЗДНОЕ НЕБО**–жылдыздуу асман. Түнкүсүн асман чүмкөгүнөн көрүнүүчү жылдыз, планета, туман ж.б. жыйындысы. Багытталышы боюнча ыңгайына карата жылдыздар дүйнөсү 88 топ жылдызга бөлүнгөн, алардын чек арасы эл аралык астрономиялык союздун чечими боюнча (1930 ж.) белгиленген.

**ЗВЕЗДНОЕ СКОПЛЕНИЕ**–жылдыздар тобу. Тартылуу күчтөрү менен өз-ара байланышкан, теги бирдей, жашы жана химиялык составы боюнча бири- бирине жакын жылдыздардын тобу.

**ЗВЕЗДНЫЕ КАРТЫ**- жылдыздар картасы. Жылдыздуу асмандын же анын бир бөлүгүнүн графиялык жана фотографиялык картасы. Мындай картанын жардамы менен телескопту белгилүү точкага багытоого жана анын жардамы менен асмандагы керектүү обьектилерди координаты боюнча издөөгө болот.

**ЗВЕРОЗУБЫ-** жырткыч тиштүүлөр. Жерде боору менен жылып жүрүүчү жырткычтардын подотряды. Перм доорунун акырынан ортоңку юра дooруна чейин жашаган. Азыркы сүт эмүүчүлөрдүн түпкү теги.

**ЗВЕРОНОГИЕ**-жырткыч буттулар. Динозаврлардын ташбака сыяктанган түрү. Эки арткы узун буттары менен катуу чуркай алышат. Өзү жырткычтардын тобуна кирет. Көөдөнү мутурайып кыска, көчүгү сүйрөлүп узун. Формасы жана түзүлүшү жагынан ар түрдүү болот.

**ЗЕЛЕНЫЕ ВОДОРОСЛИ**–жашыл балырлар (chlorophyta). Хромотофорунда хлорофиль жана картиноиддери бар балырлар. Топуракта, дарактардын кабыгында, суусу тунук деңиздерде кезигет. Негизги өкүлдөрү; хламидомонада, хлорелла, улотрикас, спирогира. Кээде жашыл балырлар өскөн көлмөнү суунун гүлдөшү деп аташат. Балырларды өстүрүш менен өнөр-жай жана айыл чарба ишканаларынан агып чыккан кир сууларды тазалоого болот.

**ЗЕЛЕНЫЙ СЛАНЕЦ**- жашыл сланец. Составында кварц, талаа шпаты, эпидот, роговая обманка, хлорит ж.б. аралашкан метаморфтук катмарланган тоо теги. Сланецтин өңү-түсү анын составындагы минералдардын (хлорит, эпидот, амфиболдордун) аралашуусуна байланыштуу көк, жашыл түстө болот. Тайыз көлмөлөрдөгү чөкмө жана вулкандык тектерден куралат.

**ЗЕМЛЕВЕДЕНИЕ**–жер таануу. Жердин географиялык кабыгынын закон ченемдүүлүгүн үйрөтүүчү илим. Кээде «Жер таануу» жерди планета катарында үйрөтүүчү илимдердин (география, геология, геофизика ж.б.) жыйындысы катарында каралат. Термин биринчи жолу К. Рихтер тарабынан негизделип, илимий адабиятка киргизилген.

**ЗЕМЛЕТРЯСЕНИЯ**– жер титирөөлөр. Тектоникалык процесстердин таасиринен пайда болгон жер астындагы кагылышуу жана жер блокторунун кыймылы. Катуу жер титирөө 1887-ж Верныйда (Алмата), 1948-жылы Ашхабадда, 1966-ж.Ташкенде, ал эми 1911 ж. Кыргызстанда (Кемин), 1970-ж. (Сарыкамышта), 1978-ж. (Түптө) болгон. 1988 жылы 7- декабрда Арменияда, 1989-жылы январь айында Тажикстанда өтө катуу жер титирөөлөр болуп өткөн.

**ЗЕМЛЯ**–Жер. Күн системасындагы планета. Күндөн алыстыгы боюнча 3-орунда, көлөмү жана массасы боюнча чоң планеталардын ичинен 5-орунда, жер группасындагы планеталардын (Меркурий, Чолпон, Марс)эң чоңу. Массасы 5976 x $10^{21}$ кг (Күн массасынын 1330

000 бөлүгү). Күндүн тартылуу күчүнүн таасиринен, жер күн системасындагы башка телолор сыяктуу эле эллипс боюнча күндү айланат. Жердин элипс орбитасынын бир фокусунда күн жатат да, бир жылдын ичинде жер менен анын ортосундагы аралык 147,117 млн.км'ден (перигелий) 152,083 млн. км. (афелий) чейин өзгөрөт. Жердин күнгө чейинки орточо аралыгы 149,6 млн.км.ге барабар. Жердин орбита боюнча ылдамдыгы орто эсеп менен 29,765 км/сек, бирок ал 30,27 км/сек. ден (перигелийде) 29,27 км.сек.га (афелийде) чейин өзгөрөт. Жер күн системасы менен бирге Галактика борборун айланат (орт. ылдамдыгы 250 км/сек, айлануу мезгили 200 млн. жыл). Жер калыптаныш учурунда, радиоактивдүү элементтердин таасири астында, ички бөлүктөр акырындык менен ысый баштаган, жаңы заттардын ажырашына(жиктелишине) алып келген. Бул жиктелиш жер планетасын химиялык составы жана физикалык касиеттери боюнча окшошбогон геосфераларга (атмосфера, гидросфера, литосферага, жердин мантиясы жана жердин ядросуна) бөлгөн. Жер планетасы тарыхы боюнча кембрийге чейинки (докембрий), (3 млрд. жылга жакын) жана фанерозой (кийинки 570 млн. жыл) деп бөлүнөт. Жердин бетинин орчундуу бөлүгүн (361,1 млн. $км^2$ же 70,8%) дүйнөлүк океан, ал эми аз бөлүгүн, же 29,2% кургактык (149,1млн.км) ээлейт. Кургактык дүйнөлүк океандын деңгээлинен 875 м. жогору жатат, анын үчтөн бир бөлүгүн тоолор түзөт. Негизги жашоо тиричилигин карап турган жер бетинин географиялык (ландшафтык) кабыгы өзүнүн өөрчүп–өнүгүү учурунда, географиялык зоналдуулукту жана вертикалдык алкактуулукту пайда кылган. Тиричилик пайда болгон жана органикалык дүйнө тараган географиялык кабык биосфера деп аталат.

**ЗЕМЛЯНЫЕ ПИРАМИДЫ**–жер пирамидасы. Төбөсүнө таш минген, бийиктиги 10-15 см. чамасындагы ичке конус. Чоң таш жаткан борпоң тектердин катмарын жаандын суусу жеп олтуруп пирамидага окшогон формага алып келет. Мындай формалар тоо этектериндеги кашаттардын боорунда көп кезигет (Каргаша ж.б.).

**ЗЕМЛЯНЫЕ ЧЕРВЫ**–(дождевые червы)–сөөлжан. Жамгыр жааганда жердин бетине чыгуучу сөөлжан курттары. Кыртыштын пайда болушуна жана калыптанышына чоң таасирин тийгизет.

**ЗЕМНАЯ КОРА**–жер кыртышы. Жердин эң сырткы кабыгы, анын төмөнкү чек арасы Мохорович бети менен чектелет. Калыңдыгы 4–5км. ден (океандын алдында) 35–40км. (материктин алдында) чейин. Жер кыртышы океандык жана континенталдык, деп, ал эми өтмө зоналар субокеандык, же субконтиненталдык деп аталат.

**ЗЕМНАЯ ОСЬ**–жердин огу. Жердин айланышындагы огу. Жер планетасынын уюлдары аркылуу кесип өтөт. Азыркы учурда октук түзүлүш боюнча «октук–тунелдик» концепция бар. Анда эки уюлдуу бириктирип турган тунел аркылуу Антрактиданын суусу спираль формасында түндүк уюлга агып өткөндө жер чайкалган абалда кыймылга келет.

**ЗЕМНОВОДНЫЕ**–(амфибии)–кургактыкта да, сууда да жашоочулар. Амфибиялар (герек. amphibios) омурткалуулар тобуна кирүүчү жаныбарлар, 1800 дөн ашык түрү бар. Личинкалары бакалоору менен, чоңдору өпкөсү менен дем алат, уругун сууга таштайт. Териси жука, нымдуу, ийлеп койгондой жумшак болот, денеси туруксуз, чөйрөгө жараша тез өзгөрөт . Өздөрү тунук көлмөлөрдө гана жашай алат. Аларга курттар, бакалар ж.б. кирет.

**ЗЕМНОВОДНЫЕ РАСТЕНИЯ**–кургакта да, сууда да өсүүчү өсүмдүктөр. Мисалы; камыш, өлөң ж.б.

**ЗЕМНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ**–жер шооласы. Толкундарынын узундугу 3 км–80 км. ге чейин жеткен, көзгө көрүнбөгөн, жер бетинен чагылган инфракызыл түстөгү жылуулук шооласы. Мындай шооланын чыгышы менен жер бетиндеги жылуулук кыйла азаят да, жер бетинин салкындоого алып келет. Бөлүнүп чыккан жылуулук агымы жердин бетинен атмосферага тарайт.

**ЗЕМНОЙ МАГНЕТИЗМ**–(геомагнетизм)–жер магнетизми. Геомагнетизм. 1). Жердин жана анын айланасындагы космос мейкиндигиндеги магнит талаасы. Жер мейкиндигинин ар бир чекитиндеги геомагниттик талаанын абалы толук чыңалуу вектору менен мүнөздөлөт. Азыркы геофизикалык теория боюнча Жер магнитинин негизги (99%), же өтө жай өзгөрүүчү бөлүгү ядродогу тынымсыз болуп туруучу электр магниттик процесстердин натыйжасына пайда болот. Калган үлүшүн жердин магнитосфера менен ионосферасындагы өзгөрмө кубулуштар кирет. 2. Мейкиндиктеги жер магнетизминин бөлүштүрүлүшүн жана анын мезгил боюнча өзгөрүшүн, ага байланыштуу геофизикалык процесстерди үйрөтүүчү геофизика илиминин бир тармагы.

**ЗЕМНОЙ СФЕРИОД**–жер сфероиди. Уюлдарга карата ичкерип кеткен шар формасындагы геометриялык фигура. Жалпысынан жердин формасына түспөлдөш.

**ЗЕМНОЙ ЭЛЛИПСОИД**–эллипсоид. Айлануу эллипсоиди, геоидке абдан окшош. Советтер Союзунда жана Экономикалык өз ара

Жардамдашуу Советинде (СЭВ) Красовскийдин эллипсоиди кабыл алынган; анын огу 637824,5 м, уюлдук кысылышы 1:298,3.

**ЗЕНИТ**–зенит (араб. жол, багыт). Жерден караганда байкоочунун дал төбөсүндөгү сфералык чекит, байкоочунун орду аркылуу өтүүчү тик сызык, асман сферасынын зениттинин чекити аркылуу асман сферасын кесип өтөт.

**ЗЕНИТНОЕ РАССТОЯНИЕ**–зенит аралыгы. Жердеги нерселердин зенитке чейинки, же асман телолоруна чейинки бурчтук аралыгы. Ал тегерек боюнча $0^0$ тан $180^0$ ка чейинки бурч менен ченелет. Асмандык координаттардын горизонталь боюнча системасындагы координаттардын бири.

**ЗЕРКАЛО ВОД**– суунун бети. Дарыянын ж.б. суулардын, көлдүн же жер астындагы суу катмарынын бети.

**ЗЕРКАЛО ГРУНТОВЫХ ВОД**–жер астындагы суулардын үстүңкү бети. Басымы атмосферанын кына жакын болгон, жер астындагы суулардын үстүңкү бети. Суунун агымына баштанып жантайынкы келет да, жердин бетин чагылтып турат.

**ЗЕРКАЛО СКОЛЖЕНИЯ**–жылмышуу бети. Жалпак таштардын күзгүдөй жылмакай бети. Эки таш өз ара сүрүлгөндө келип чыгат.

**ЗИМА**–кыш. Кышкы түн менен күндүн теңелишинен (21 же 22–декабрдан) тартып, жазындагы күн менен түн (20 же 21 мартта) теңелгенге чейинки мезгил. Кыш мезгилине түндүк жарым шарда-декабрь, январь, февраль, түштүк жарым шарда-июнь, июль, август айлары кирет. к. Сезон.

**ЗИМНЕЕ СОЛНЦЕСТОЯНИЕ**–кышкы түн менен күндүн теңелиши. Күн эклиптиканын түштүк тарабындагы эң төмөнкү чекити аркылуу өтүп, эңкейүүсү 23-$27^0$ болгон кырдаал. Ал 21же 22–декабрда байкалып, астрономиялык кыштын башталышы (кыргызча чилденин түшкөнү) деп айтылат.

**ЗИМНЕЗЕЛЕНОЕ РАСТЕНИЕ**–кышкысын көгөргөн өсүмдүктөр. Кышында кардын астында жатса да, жалбырагы көгөрүп турган жана чырпыгы акырындык менен өсө берген шибер өсүмдүктөрү. Буга копытень, зеленчук, альпы сольданелласы жана кээ бир дан өсүмдүктөрү кирет.

**ЗИМНИЙ ПАВОДОК**–кышкы ташкын. Кышында күтүлбөгөн жерден күн жылыганда, кар эрип, өзөндөгү суулардын ташкындоосу.

**ЗИЯЮЩИЕ ТРЕЩИНЫ**–үңүрөйгөн түпсүз жарака. Тоо тектериндеги аңырайып көрүнүп турган жарака.

**ЗЛАКИ**–дан өсүмдүктөр (Cramineae). Даны каптама бир үлүштүү өсүмдүктөр. Алардын 1000 ге жакын түрү бар; бир, же көп жылдык шибер, бадал сымал жана токой сымал өсүмдүктөрдөн турат. Алардын ичинде дыйканчылыктын негизин түзүүчү буудай, арпа, жүгөрү, күрүч көрүнүктүү орунда турат. Ошондой эле шибер жана чөп чабындыга тиешелүү тулаң, бетеге, каз таңдай өсүмдүктөрү да, дан өсүмдүктөрүнүн тобуна кирет.

**ЗЛАКОВАЯ СТЕПЬ**–дан өсүмдүктүү талаа. Дан өсүмдүктөрү тулаң (stipa), бетеге (festnca), түбү бош (konderia) басымдуулук кылган жана кургакчылыкка чыдамдуу талаа өсүмдүктөрү.

**ЗНАКИ РЯБИ**–жыбыр толкундун белгилери. Кумдуу мейкиндиктеги суунун агымынан, же толкундан кийин сакталып калган кыр тарткан жана бири-бирине жарыш жаткан жыбырлар. Байыркы доордогу агымдын багытын жана ылдамдыгын аныкташ үчүн зор мааниси бар. Ошонуктан басып калган үстүңкү бетин кылдаттык менен ачып туруп изилдейт.

**ЗНАКИ СПОСОБОВ ДВИЖЕНИЯ**–жылышуу белгисинин ыкмасы. Белгилүү бир нерселердин,же кубулуштардын мейкиндик боюнча белгилөө ыкмалары. Мисалы; жаныбарлардын (айрыкча келгин куштардын) миграциясын, шамалдын жана агымдардын багытын көрсөтүүчү ар түрдүү түстөгү стрелкалар.

**ЗОДИАК**–зодиак (грек. Zodiakos–жаныбар). Бир жылдык кыймылынын мезгилинде күн ирэти менен кыдырып чыгуучу эклиптиканы бойлоп жаткан жылдыз кырчоосу-куру. Зодиак тобунда жылдыздардын тобунун саны жылдын 12 айына барабар. Күн январда–суу куйдуда, февралда–балыкта, мартта–койдо, апрелде–букачарда, майда-эгиздерде, июнда–ракта, июлда–арстанда, августта –бийкечте, сентябрда–таразада, октябрда–чаянда, ноябрда–жаачыда, декабрда–тоо текеде болот.

**ЗОДИКАЛЬНЫЙ СВЕТ**–зодиак жарыгы. Эклиптиканы бойлото созулган жана жылдыздуу асмандын (түн ичинде) чыгыш тарабында байкалуучу үлпүлдөгөн шоола.

**ЗОЛЛЬ**–золль (нем. soll). Суу токтоп турган, же чым көң баскан (тереңдиги бир нече метр, диаметри ондогон метр) аңгек. Термокарст процессинен пайда болот. Ошондуктан байыркы ( плейстоцен) муз жаткан мейкиндиктерде, бири- бирине туташ жайгашкан бир нече

аңгектердин группасынан турат. Европанын ортоңку бөлүгүндө көп кездешет.

**ЗОЛОТО САМОРОДНОЕ**–таза түрүндөгү алтын. Алтынга 433 % күмүш эритмеси аралашкан табийгый катуу материал. Сары, саргыч, ачык сары түстө болот жана аралашма кошулганда, кызгылтым жашыл түстөгү каңылтыр, тамырланган балык ооз бүдүрлөрдөн турат. Гидротермалдык тектерде, эзилме шагылдарда кездешет.

**ЗОЛОТЫЕ РУДЫ**–алтындын кени. Өнөр жайлык иштетүүдө экономикалык мааниси бар табийгый минералдардын бирикмеси. Мындагы алтын таза түрүндө кезигет. Бирок, кээде аралашма (телуриддер) түрүндө да, жолугуп калат. Негизги кендери гидротермалдык тектердин кабатында жана борпоң тектердин күкүмүндө кезигет. Дүйнөдөгү алтындын ири кени Түштүк Африка Республикасында, Аляскада, Кыргызстанда Макмалда, Жер үйдө, Кумтөрдө ж.б. жерлерде кезигет.

**ЗОНА ЗАТИШЬЯ –(ЗОНА ШТИЛЯ)**–жымжырттык зона, мелмилдеген зона. Шамалдын орун алмашуу процесси начар өнүккөн зонанын атына коюлган термин. Мындай зона түндүк жана түштүк жарым шардын басымы жогору болгон субтропиктик зоналарына чөйрөлөп жатат.

**ЗОНАЛЬНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–зоналык өсүмдүк. Белгилүү бир зонада болуп, башка зоналардын өсүмдүктөрүнө ыркын кошпогон өсүмдүктөр. Мындай өсүмдүктөр өзү үйүр алган зонадагы өсүмдүктөрдүн арасында басымдуу орунду ээлейт.

**ЗОНАЛЬНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ**–зоналык циркуляция. Аба массасынын зона боюнча орун алмашуусуна тиешелүү атмосфералык жалпы циркуляциянын теориялык схемасы.

**ЗОНАЛЬНЫЕ ПОЧВЫ**–зоналуу топурак. Генетикалык касиети жана пайда болуу кыймылы боюнча белгилүү географиялык зонага туура келген топурактар. Мисалы; тундранын топурагы, кара топурак, боз топурак ж.б.

**ЗОНДА**–зонда (исп. zonda). Аргентинанын батышынан соккон ысык жана кургак шамал. Анды тоолорунан төмөн түшкөндө фёнго окшоп кетет. Көбүнчө жаз айларында байкалат.

**ЗОНЫ ВЕТРОВ**–шамалдардын зонасы. Атмосфералык жалпы айлануудагы, шамалдардын ар кыл режими. Экватордо мезгил-мезгили менен болгон шамал; пассаттар, субтропикалык тынчтануу,

мелүүн алкактагы батыш шамалдары, уюлдукполярдык тегеректеги чыгыш шамалдар деп бөлүнөт.

**ЗООГЕОГРАФИЯ**–зоогеография (грек. Zoon–жаныбар жана география). Жапайы жаныбарлардын азыркы кездеги жана байыркы доорлордо таралышын үйрөтүүчү илим, зоология менен география илимдеринин тармагы –кошундусу.

**ЗООБЕНТОС**–зообентос (грек. zoon–жаныбар жана benthos-терендик). Көлмөлөрдүн түпкүрүндөгү ар кандай жандуу организмдердин тобу. Альпы тоосунун чокуларынын көрүнүштөрүнөн алынып айтылып калган термин.

## -И-

**ИГЛОКОЖИЕ**–ийне терилүүлөр (Echinodermata). Омурткасыздар тукумуна кирүүчү жаныбарлар. Буга деңиз кирписи, деңиз жылдызы, амфиура, деңиз лилиясы, голотурия ж.б. кирет.

**ИГОЛЧАТЫЙ ЛЕД**–тикендүү муз. Жай аккан суунун үстүнө муздаган жука муз. Горизонталь боюнча жаткан окко учтары ачылып, призма түрүндөгү кристаллдардан турат.

**ИЗАНОМАЛЫ**–изаномалы (грек. isos–бирдей, окошош жана нормадан четтөө). Белгилүү бир чоңдук (мисалы, абанын температурасы, жаан-чачындын саны ж.б.) норма деп кабыл алынган болсо, чоңдугу андан ашып, же кемип калышы айтылат.

**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ ЭРОЗИЯ**–тандама эрозия. Өнүккөн эрозиялык аракетке оңой–олтоң жеңилүүчү катмар.

**ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ**–тандама талкалануу. Тоо тектеринин составына, структурасына, текстурасына баш ийип өөрчүгөн бузулуу. Мисалы, кара түстөгү тоо тектери агыш тектерге караганда күнгө күчтүү ысып, физикалык талкаланууга тезирээк жеңилет. Ал эми климаты каксоо райондордо болсо күңүрт тарткан аскалар ак тоолорго караганада химиялык жемирилүүлөргө тезирээк баш иет.

**ИЗВЕСТКОВЫЕ ВОДОРОСЛИ**–акиташтуу балырлар. Клеткаларынын боору көмүр кычкыл калий жана көмүр кычкыл магнийдин жабышындысы менен картталган катуу балырлар (литотамнион, литофилум ж.б.).

**ИЗВЕСТКА**–акиташ. Негизинен кальциттен, же организмдердин скелетүү калдыгынан турган чөкмө тоо теги, байыркы организмдердин акиташтуу скелеттеринин калдыктары көп кезигет.

**ИЗОБАЗЫ**– изобаздар (грек. isos–тегиз жана basis–жүрүш, кыймыл, негиз). Тектоникалык кыймылдын натыйжасында бир эле убакыттын ичинде бирдей көтөрүлгөн, же түшүп кеткен жерлерди географиялык картада туташтырып турган сызык – изолиния.

**ИЗОБАРИЧЕСКАЯ ПОВЕРХНОСТЬ**–изобардык беттер. Басымы бардык жеринде бирдей болгон атмосфералык мейкиндик. Аба массасынын жылуулук абалына байланыштуу изобардык беттердин рельефин өзгөртүшү (бийик, же төмөн кылып) мүмкүн. Изобардык мейкиндиктин негизги маанилери 1000,850,700,500,300,200 бар. Изобардык талааны анализдөө аба ырайы тууралуу алдын ала айтуунун негизги жөлөгү.

**ИЗОБАРЫ**– изобарлар (грек. isos–бирдей, тең жана baros–салмак, оордук). Атмосфералык басымдын бирдей маанисин карта боюнча туташтырып турган сызык.

**ИЗОБАТЫ**–изобаты (грек. isos–тегиз, бирдей жана bathos- терeңдик). Суу мейкиндигинин бирдей тереңдигин картада белгиленген (көрсөткөн) сызык.

**ИЗОГАЛИНЫ**–изогалиндер (грек. isos–бирдей жана hals–туз). Картада, же акваториянын профилинде суунун туздуулугун көрсөткөн изолиниялар – сызыктар.

**ИЗОГИЕТЫ**–изогиеттер (грек. isos–тегиз, бирдей жана hyctos–жамгыр). Жылдык, же айлык жаан-чачындын көп жылдык орточо суммасын, же убакыт бирдигинин ичиндеги жаан-чачындын өлчөмүн көрсөтүүчү сызык.

**ИЗОГОНЫ**–изогондор (грек. isos–тегиз, бирдей жана gonia-бурч). Кандайдыр бир физикалык чоңдуктун багытын (ориентациясын) белгилөөчү (мүнөздөөчү) сызык. Мисалы; метеорологияда–багытты бирдей шамалдын сызыгы, жер магнетизминде–магниттик кыйшаюнун бирдей маанилеринин сызыгы ж.б.

**ИЗОДЕНСЫ**–изонденстер (грек. isos–бирдей жана densus–тыгыз). Бирдей тыгыздыктагы тоо тектеринин, же болбосо аба массасынын картадагы сызыгы.

**ИЗОДИНАМЫ**–изодинамалар (грек. isos–тегиз, бирдей жана dynamis-күч). Геомагниттик талаанын жана анын координаттарынын огу боюнча X менен У ти түзүүчүлөрдүн сызыгы.

**ИЗОКЛИНАЛЬНЫЙ ХРЕБЕТ**–изоклиналь кырка тоосу. Чөкмө тектердин бастырмасынан түзүлүп, бир тарапка бирдей бурч менен жантайып жаткан кырка тоо.

**ИЗОКЛИНЫ**–изоклиндер (грек. isos–тегиз, бирдей жана klino–кыйшайтамын). Магниттик кыйшаюнун сызыгы. Изоклиндин нөлгө барабар кыйшаюсу магниттик экватор.

**ИЗОКОЛЫ**–изоколдор (грек. isos–тегиз, бирдей жана kontos-жабыккан, чүнчүгөн). Картографиялык проекциялардагы бурмалоосу (катасы) бар (изолиния) сызыктар.

**ИЗОЛИНИИ**–изолиниялар. Кандайдыр бир чоңдуктун бирдей маанисинин географиялык картадагы, графиктеги, же вертикаль боюнча кесилишкендеги сызыгы.

**ИЗОПАГИ**–изопагдар (грек. isos–тегиз, бирдей жана pagos- муз). Суулардагы муз катмарынын сакталыш убактысын картадан көрсөтүүчү изолиния сызык.

**ИЗОПЕКТИКИ**–изопектиктер (грек. isos–тегиз, бирдей жана pektos–каткан, муздаган). Суунун бирдей тоңушун картадан көрсөтүүчү сызык.

**ИЗОСЕИСТЫ**– изосейстер (грек. isos–жана sistos–термелген). Жер титирөөнүн күчүн картадан көрсөтүүчү сызык.

**ИЗОСТАЗИЯ**– изостазия (грек. isostasios– салмагы боюнча бирдей). Катуу жана оор жер кыртышынын тең салмактуулугу, ага байланыштуу тектердин, жердин кабыгынын көтөрүлүп жана терең чөгүп жатышы. Тоолордун астында томук сыяктуу уркуйган мантияга кирип турган тоонун тамыры. Тектоникалык кыймылдуу областтарда (океан ноосун бойлогон жерлерде) белгилүү оош–кыйыштык байкалат. Төртүнчүлүк доордогу муздук ээлеп жаткан областтардын музу ээригенден кийин, жердин жылына 10 см, ден көтөрүлүшү изостазияга күбө болот.

**ИЗОТАХИ**–изотахтар (грек. isos–тең, бирдей tachos–ылдамдык). Бирдей ылдамдыкты картадагы изотахи көрсөтүп туруучу сызык. Мисалы; шамалдын, суунун агымынын ж.б. ылдамдыктары.

**ИЗОТЕРМИЧЕСКИЕ СЛОИ В АТМОСФЕРЕ**–атмосферадагы изотермалык катмар. Жердин бийиктиги өскөн сайын абанын температурасы өзгөрбөй бир калыпта болушу. Атмосферанын баштапкы аталышы.

**ИЗОТЕРМИЯ В МЕТЕОРОЛОГИИ** – метеорологиядагы изотермия. 1. Атмосферадагы бийиктик боюнча өзгөрбөгөн температура. 2. Кээ бир атмосфералык кыймылдардын мезгилинде абанын температурасынын туруктуулугу.

**ИЗОТЕРМОБАТЫ**- изотермобаты (грек. isos–тегиз, бирдей жана therme–жылуулук жана bahtos–тереңдик). Океан–деңиз, көлдөрдүн суу катмарынын тик абалда кесилишкендеги температурасынын изолиниясы-сызыгы.

**ИЗОТЕРМЫ**–изотермалар (грек. isos–тегиз, бирдей жана therme–жылуулук). Температуранын изолиниясы. Мисалы, синоптикалык, же абанын орточо температурасынын картасындагы, белгилүү мезгил ичиндеги, же көп жылдык температуранын орточо маанисин көрсөтүүчү ири сызык.

**ИЗОФЕНЫ**–изофендер (грек. isos–тегиз, бирдей жана phaino-көрүнөмүн, көрсөтөмүн). Карта боюнча кээ бир мезгилдик, сезондук кубулушту көрсөтүүчү ири сызык.

**ИЗОХИОНЫ**–изохиондор (грек. isos–тегиз, бирдей жана shinon кар, кар катмары). Муздуктун жалтаң муздуу этеги менен кар баскан төрүн бөлүп турган сызыктын бийиктигин, ээлеген ордун көрсөтүп туруучу ири сызык.

**ИЗОХРОНЫ**–изохрондор (грек. isos–тегиз, бирдей жана chronos-убакыт). Табигый кубулуштун бир мезгилде башталышын көрсөтүүчү сызык. Мисалы, метеорологияда изохрон деп ар түрдүү метеорологиялык элементтер айтылат. Алсак температуранын $0^0$ тагы чоңдуктан оң, же терс мааниге өтүшү.

**ИЗУМРУД**–изумруд (түрк. Ziemzud–жана грек. smaragus). Кочкул-жашыл түстөгү бериллийдин тунук акагынан турган минерал.

**ИКРЯНОЙ КАМЕНЬ** – икралуу таш. 1. Таштуу цемент аралашкан кварцтуу кум–таш. 2. Кызыл түстөгү оллиттүү акиташ.

**ИЛ**–тунма. Суу кобулдарында тунуп калган, сууга кадыресе каныккан борпоң, же илешме ылай (мисалы минерал), же органикалык масса. Тунма көп сандаган чөкмө тектердин пайда болушунун баштапкы учуру. Табигый шартта илешип жылыша алат, ал эми кургаганда

зыңкыйып катуу болот. Деңиздик тунма жана континенттик тунма деп бөлүнөт. Ошондой эле көлмөнүн, саздын тунмасы деп, да аталат. Теригендик (чополу, биогендик, диатомдук, глобигериндик ж.б.), хемогендик (карбонаттык ж.б.), вулканогендик деп бөлүнөт. Көлөмү 0,01мм болгон майда бөлүкчүдөн 30-50% ке чейин кучагына алган чөкмө, деңиздерде гана болот.

**ИЛЛИНОИСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**–иллиной муз доору. АКШдагы Иллинойс (Sllinois) штатынын атынан коюлган, Түндүк Америкадагы ортоңку плейстоцен муз доору, Альпы стратиграфиялык схемасы боюнча рисс дооруна замандаш.

**ИЛЛЮВИАЛЬНЫЙ ГОРИЗОНТ**– иллювийлик катмар (лат. illuvies-ташкын, майнап). Топурактын үстүңкү катмарынан, жаандын суусуна эзилген майнаптын, тектеринин чөкмөсүнөн сарыгып, астына чогулган катмары. Ал чиринди-иллювиалдык, иллювиалдуу карбонат катмары деп бөлүнөт.

**ИНВЕРСИОННЫЕ МОРЕННЫЕ КОНУСЫ**–инверсиялык морена конустары. Купол сыяктуу конуска окшогон тик дөбөлөр. Алар корумдардын кайрадан үйүлүшүнүн натыйжасында пайда болот. Байыркы мөңгү жаткан коктунун таманына иретсиз жайланышат. Бийиктиги 10-12 метрге чейин жетет. Климаты кескин континенталдуу, тоолордун (Памир ж.б.терең) коктуларында көп болот. Термин И.С. Шукин тарабынан сунуш кылынган.

**ИНВЕРСИЯ ЛАНДШАФТОВ**– ландшафттар инверсиясы. Бийиктик боюнча алкактарга бөлүнүүдө орун алмашып жаткан физикалык-географиялык комплексттер, калыптанышына жергилктүү климат, рельеф көмөкчү болот. Мисалы: Борбордук Тянь-Шандагы, Ысыкөлдүн сырттарындагы, өрөөндүн таманында доңуз сырты, боз көбөң, өлөң өскөн бийик тоолуу ландшафтар, тоолордун капталындагы терең коктуларда ортоңку жана төмөнкү бийиктиктеги тоолорго тиешелүү (чай чөп, тулаң ж.б. дан өсүмдүктөрү өскөн) ландшафтар.

**ИНВЕРСИЯ ОСАДКОВ**–жаан-чачындын инверсиясы. Деңиз деңгээлинен баштап белгилүү бийиктикке чейин жаан-чачындын азайышы.

**ИНДИКАТОРЫ**–индикаторлор (лат. indico-көрсөтүү, белгилөө). Белгилүү табийгый шартка ылайык өсүүчү өсүмдүктөр. Индикаторлорго карата чөйрөнүн топурагын, геологиясын, гидрологиясын, климатын ж.б. жаратылыш шартын билүүгө болот.

**ИНДО-МАЛАЙСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**–индо- малай жаныбарлар областы. Азия материгинин чыгышындагы тропиктик зонадагы Малакка, Зонд, Филиппин жана Сулавеси аралдарын кучагына алган жаныбарлар областы. Жаныбарлар дүйнөсү өтө бай жана ар түрдүү. Туяктуулардан; индиялык буйвол (топоздун бир түрү), чаян, бугунун бир нече түрү, кабылан, кемирүүчүлөрдөн; ар түрдүү тыйын чычкандар, летягалар, жаиралар; канаттуулардан- кыргоол, павлин (тоос), тоок, зимородкалар, шуркалар; боору менен жылып жүрүүчүлөрдөн;- гавиал крокодили, кобра жыланы ж.б. бар. Малака жана Индиялык подобласттарга бөлүнөт.

**ИНДРИКОТЕРИЙ**– индрикотерий (indricoterium). Узундугу 7 метрге чейин жеткен мүйүзү жок носорог. Алар азыр жок болуп кеткен. Анын тарпы Азия материгинин кээ бир жерлеринде олигоцен заманына тийиштүү катмарлардын арасынан табылган.

**ИНЕИ**-кыроо. Суунун бууларынын төмөнкү температурада, радиациялык муздашынын натыйжасында, кичинекей муз кристалдарына айланып жер бетинде кыроонун пайда кылышы.

**ИНЕРЦИОННОЕ ТЕЧЕНИЕ** - инерциялык агым. Бир калыпта агып жаткан суунун агымынын абалын сактоо касиети.

**ИНСЕКВЕНТНАЯ ДОЛИНА**–инсеквенттик өрөөн (лат. in- таануу, жана seguens-дал келүү). Геологиялык структурага дал келбей өзүнчө жаткан өрөөн.

**ИНСОЛЯЦИОННОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ**– инсоляциялык талкалануу. Күндүн радиациясы менен температурасынын ортосундагы анча чоң эмес оош-кыйыштыктын натыйжасында тоо тектеринин жарака боюнча сынып майдаланышы.

**ИНСОЛЯЦИЯ** – инсоляция (лат. insolatio- күнгө алып чыгамын). 1. Жер бетине күндүн тик түшкөн шооласы (түз, же суммалык) менен нурланышы, күндүн горизонттогу бийиктиги. 2. Жердин бетине түшкөн тик жана чачыранды күн радиациясынын суммасы. Инсоляция белгилүү убакыт ичинде 1 $см^2$ аянтта горизонталдык мейкиндикке чейин жеткен энергиянын саны менен ченелет. Инсоляцияга атмосфералык жалпы циркуляция, нымдуулук алмашуу жана жер бетинин климаты көз каранды.

**ИНТЕГРАЦИЯ ЛАНДШАФТОВ**–ландшафтын интеграциясы (лат. intra- толуктануу, калыбына келтирүү). Табигый, же антропогендик факторлордун өөрчүп-өнүгүшүнүн натыйжасында аймагы кеңейип,

морфологиялык чеги жайылып, өөрчүгөн ландшафт. Ландшафттардын дифференциясынын тескери формасы.

**ИНТРАГЕОАНТИКЛИНАЛЬ**–интрагеоантиклиналь (лат. intra- ички жана геоантиклиналь). Геоантиклиналдык областтын ичиндеги томпоюп чыгып турган тоо. Мисалы; Ысыкөл геосинклиналь областындагы Оргочор, Бөрүбаш томпок тоолору. Алардын негизи борпоң тектерден турат да, калыңдыгы анча эмес.

**ИНТРАГЕОСИНКЛИНАЛЬ**- интрагеосинклинал (лат. intra-ички жана геосинклиналь). Геосинклиналдык областтын ичиндеги калың шилендинин астында жаткан кайкы жер.

**ИНТРАЗОНАЛЬНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–интразоналдык өсүмдүктөр (лат. intra- ичинде, грекче – зона, алкак). Бир, же бир нече зонада зоналдык шарттан тышкары өскөн өсүмдүктөрдүн тобунун кезигиши. Мисалы; чөл зонасындагы саздар, же токойлор ж.б.

**ИНТРАЗОНАЛЬНЫЕ ПОЧВЫ**- интразоналдык топурак. Белгилүү зонанын ичиндеги топурак. Жергиликтүү шартка ылайык мындай топурактын (механикалык составы, туздуулугу, чириндилери ж.б. боюнча) өзгөчө белгилери болот. Мисалы; чөл тилкесиндеги саздардын топурагы.

**ИНТРОДУКЦИЯ**–интродукция (лат. intiodnctio–киришүү). 1. Жергилктүү жаратылышка адам баласынын жардамы менен кандайдыр бир башка табигый элементтин орун алышы жана өркүндөп өсүшү. 2. Белгилүү бир организмдин өзүнүн туруктуу ордунан экинчи жерге атайын, же кокусунан которулушу. К. Акклиматизация.

**ИНТРУЗИВ**-интрузив (intrusis–түртө салуу, кошуп жиберүү). Жердин түпкүрүнөн оргуп чыккан жана катып калган магманын арасына кирип кошо каткан магмалык тело. Сырткы формасы, көлөмү жана орун алган жайына карата интрузивдер штоктор, батолиттер, этмолиттер, лакколиттер ж.б. деп бөлүнөт.

**ИНТРУЗИВНАЯ ГОРНАЯ ПОРОДА**–интрузиялык тоо теги. Жердин кабыгында түпкүрдөн оргуп чыккан, жогорку басымдагы магманын, акырындап суушунун натыйжасында пайда болгон тектер. Интрузиялык тоо теги абиссалдык-(тереңдиктик граниттик, деориттер, габбро ж.б.) жана гипабиссалдык-эффузиялык тоо тектери (габбро–порфирит–терригранит–профирлер) болуп бөлүнөт.

**ИНТРУЗИЯ**–интрузия (лат. intrusus-түртмө). Магманын эриндисинин жер кыртышын түзүп туруучу тоо тектерине сиңиши. Интрузия көбүнчө тоо пайда кылуучу аракети башталгандан тартып пайда болгон.

**ИНФИЛЬТРАЦИОННЫЕ ВОДЫ**–сарыккан суу. Жер бетиндеги жаандын жана арыктын суусунун сарыгып жер астына сиңип кеткен бөлүгү.

**ИНФИЛЬТРАЦИЯ**–инфильтрация, сарыгуу (чыпкалануу). к. Инфильтрационные воды.

**ИНФЛЮАЦИЯ**–инфлюация (лат. inflno-агып кирүү). Жер бетиндеги суулардын жер астына жаракалар, каналдар, коңулдар аркылуу сиңиши.

**ИНЬЕКЦИОННАЯ БРЕКЦИЯ**–иньекциялык брекция. Тоо тектеринин көңдөйүндө бөтөн тектин сыныктарынын шыкалып жатышы.

**ИНЬЕКЦИОННЫЕ ЛЬДЫ** – иньекция муздары. Жер астындагы суу өткөзбөөчү тектердин үстүнө сарыккан суулардын тоңуп музга айланышы.

**ИОЛЬДИЕВОЕ МОРЕ**–иольдий деңизи. Азыркы Балтика деңизинин ордунда мындан 10 миң жыл мурда пайда болгон деңиз бассейни. Ошол доордо Балтика деңизи муз каптаган көл болуп, азыркы ордуна батыш тараптан (азыркы Швециянын борборунан) деңиз суусу каптап келген.

**ИНЬЕКЦИЯ**– иньекция (латinjectio-ыргытуу). Магмалык эритменин, же чөкмө тектердин (өйдө-төмөн) арасына, жогорку басым аркылуу магмалык эритмелердин, же болбосо чөкмө тектердин ширелиши.

**ИОНИЗАЦИЯ АТМОСФЕРЫ**–атмосферанын иондошуусу. Атмосферанын иондошулган абалы, же болбосо атмосфералык абада кыска толкундагы күн шооласынын чачылышынан пайда болгон электрондор менен оң заряддуу иондор (электрондор чачырай турган атомдор жана молекулалар), нейтралдык (кайдыгер) молекулаларга бириккен электрондор менен кошулуп терс заряддагы иондорду пайда кылат. Иондошуунун натыйжасында атмосфералык аба электр өткөрүүчүлүк касиетке ээ болот.

**ИОНОСФЕРА**–ионосфера. 50 км.ден 800км. ге чейинки бийиктиктеги атмосферанын иондошулган катмары. Ионосферанын кыпындары жогорку электр өткөргүчтүү, абасы суюк чөйрөнү түзөт. Ионосфера жер бетине кыска радио толкундарын таратууда чоң роль ойнойт.

**ИСКАЖЕНИЯ**– бурмалоо. Картографиялык проекцияларда жердин бетин тегиздикке түшүргөндө геометриялык фигуранын бузулушу. Узундугу, аянтты, бурчу жана формалары дайыма бузулгандыктан, бурмалап чийүү ыкмасы колдонулат.

**ИСКОПАЕМЫЕ РАСТЕНИЯ**–жер астында көмүлүп калган байыркы өсүмдүктөрдүн калдыгы. Чөкмө тектердин бастырындысындагы, бир кезде жер бетине өскөн өсүмдүктөрдүн сабагы, жалбырагы, бүчүрү, даны, дүмүрү ж.б. Алардын калың катмары жаткан жерлерде таш көмүр ж.б. күйүүчү кендер пайда болот. Ошондой эле, кээ бир өсүмдүктөргө карата чөкмө тектердин пайда болгон мезгилин (башын) эсептешет.

**ИСКОПАЕМЫЙ ЛЕД** – жер астындагы муз. Өткөн доордон бери жер астында басылып жаткан муз. Мындай муздар Борбордук Тянь-Шандагы Арбел, Кумтөр өрөөндөрүндө 1,0-15 м тереңдикте, Якутияда, Батыш Сибирде ж.б. жерлерде кездешет.

**ИСЛАНДСКАЯ ДЕПРЕССИЯ**-Исландия депрессиясы, Исланд циклону. Түндүк Атлантика океанындагы Исландия аралына чектеш жаткан чөйрөдөгү, төмөнкү басымдуу атмосфералык область. Ал көп жылдык климаттык картада даана байкалат. Исландия депрессиясы борбордук циклондордун тез-тез кайталанышынын натыйжасында пайда болот.

**ИСЛАНДСКИЙ ШПАТ**- Исландия шпаты. Минерал, кальциттин түзсүз, тунук кристалдарынын бир түрү. Вулкандык тектердин оюк, жарыктарында жана акиташ өнүккөн райондордогу коңулдарда кездешет.

**ИСПАРЕНИЕ**–буулануу. Суунун бууланышы б.а. заттардын катуу, суюк абалынан бууга айлануу жолу. Жаратылышта топурактан, абадан, кардан, муздан, өсүмдүктөн бууланган суу тамчылары атмосферага таралат да, табигый буулануу деп аталат.

**ИСПАРЯЕМОСТЬ**–буулангычтык, же бууланууга мүмкүндүк. Белгилүү атмосфералык шарттагы чөйрөдөн бууланууга мүмкүн болгон нымдуулуктун өлчөмү, буулануучу суунун саны мм. менен туюнтулат.

**ИСПОЛИНОВЫ КОТЛЫ**--эворзионные ванны–исполин казаны. Суунун ичиндеги чоң таштардын бетиндеги агымдын бургулоосу менен оюлган чуңкур. Мындай зор таштар Тар, Сох, Сарыжаз, Чоңүзөңгү кууш, Нарын дарыяларында көп кездешет жана алардын бетиндеги суу жеген оюгунун өлчөмү бир нече метрди түзөт.

**ИССЯКАЮЩАЯ РЕКА**- соолуучу дарыя. Агымы куя турган чатына жетпей соолуп калуучу (буулангандыктан, же жерге сиңип кеткендиктен) өзөн. Кыргызстанда мындай суулар Күңгөй Алатоосунда, Чүй жана Фергана өрөөндөрүндө көп кездешет. Борбордук Азияда, Африкада, Австралияда, Орто Азияда кеңири таркалган.

**ИСТИННОЕ СОЛНЕЧНОЕ ВРЕМЯ**–чыныгы ачык күн. Күн чыккандан батканга чейинки убакыт менен аныктала турган суткалык мезгил.

**ИСТОКИ РЕКИ**–өзөндүн башы. Өзөндүн суусунун башталган жери. Ал булактан, көлдөн, мөңгүнүн этегинен башталат. Саздуу жерлерде өзөндүн башы деп суунун чогулуп жөөк менен аккан жерин айтат.

**ИСТОРИЧЕСКАЯ ГЕОЛОГИЯ**–тарыхый геология. Жердин кабыгы карттанган мезгилден баштап, азыркы күнгө чейинки өнүгүшүнүн закондуулугун үйрөтүүчү илим. Анда тоо тектеринин мезгил боюнча пайда болуу ырааттуулугун, байыркы физикалык географиялык шартты элестетүү, жердеги органикалык дүйнөнү үйрөнүү, тектоникалык кыймылынын тарыхын жана тектоникалык структурасын билүү, вулканизмдин тарыхын жана интрузиянын таралуу ырааттуулугун билүү камтылат. Тарыхый геология палентология, литология, петрография, минералогия, тектоника ж.б. илимдерине таянып өнүгөт.

**ИСТОЧНИКИ ПОДЗЕМНЫХ ВОД**- жер астындагы суулардын булагы.

**ИСТОЩЕНИЕ ПОЧВЫ** – жердин арыкташы. Агротехникалык шарт бузулгандан, же жер семирткичтин жетишсиздигинин натыйжасында топурактын арыкташы б.а. түшүмдүн азайышы.

**ИСТОЩЕНИЕ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ**–табийгый ресурстардын азайышы.

**ИСЧЕЗАЮЩИЙ ВИД**– жоголуп бара жаткан түр. Жоголуп бара жаткан кээ бир өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрү. (Кыргызстанда кездешүүчү күрөң аюу, тоо казы, элик, тоодак, жапайы каз, илбирс, кундуз, суусар ж.б.).

## -К-

**КААТИНГА** –каатинга (порт. Cadtinga, индеецтердин тилинде–ак түстөгү токой). Бразилиянын түндүк-чыгыш тропикалык райондорундагы бою жапыз, тикенектүү, жалбырагы түшүүчү бадалдуу токой.

**КАДАСТР**–кадастр (фр. Cadastre, грек. Katastichon, же лат. capitastrum каттоо, жазуу, реестр.). Белгилүү чөйрөгө тиешелүү обьектилерди, же кубулуштарды бирдей системага келтирип каттоо. М: мөңгүлөрдү каттоо иштери 1960-1970-жылдарда жүргүзүлгөн. Азыр дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарында муздуктар толук каттоого алынган.

**КАДОМСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**– кадомдук катталыш. Кембрийге чейинки катталыштардын эң акыркысы. Ал Батыш Европада (Францияда) белгиленген.

**КАЗАНСКИЙ ЯРУС**- казань ярусу. Пермь системасынын үстүңкү бөлүгүнүн атынан коюлган. к. Байкальская складчатость.

**КАЙНАЗОИСКАЯ ЭРОТЕМА**– (эра)-кайнозой эротемасы (эрасы). Кайнозой (гр. Kainos–жаңы жана zoe-жашоо, турмуш). Жер кабыкчасынын жалпы стратиграфиялык шкаласындагы эң үстүңкү эратема (группа) жана ага тиешелүү жердин геологиялык тарыхынын эң жаңы эрасы. Мындан 67 млн. жыл мурда башталып азыркы күнгө чейин созулат. Палеоген, неоген, антропоген системаларына (мезгилдерине) бөлүнөт. Кайнозой Альпы катталышына байланыштуу, Тынч океандын, Түштүк Европанын жана тоолорун пайда кылган тоо пайда кылуучу процесстердин жүрүшү менен мүнөздөлөт. Неогендин аягында, антропогендин башында аба ырайы кескин муздагандыктан, Европа, Азия жана Түндүк Америкада кубаттуу муз доору пайда болгон. Антропогендин башында алгачкы адамдар келип чыккан.

**КАЙНОТИПНЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–каинотип тоо тектери (грек. Kainot- жаңы жана typos- образ, көрүнүш). Ар түрдүү жаштагы, бирок эскирбеген вулкандык (негизинен эффузив) тектер.

**КАК, ХАК**–(түрк. хак) – сөзмө-сөз которгондо балчык.

**КАЛАБРИЙСКАЯ ТРАНСГРЕССИЯ**–калабрия трансгрессиясы. Жер Ортолук Деңиздин деңгээлинин плиоцендин аягындагы трансгрессиясы. Ошондо пайда болгон деңиздин кашатынын бийиктиги Калабрияда, Сицилияда жана Түштүк Италияда 130-200 м түзөт. 1948-жылдан бери к.т. суук чөйрөдө жашоочу үлүлдөрдүн көңдөйүнө карата, кайнозой доорунун башында пайда болгон деген макулдашуу келип чыккан.

**КАЛАМИТОВЫЕ**–каламиттер (calamites, грек. Kalamos–камыш, тростник). Сабагы тарам–тарам болгон, бийиктиги 10–12 м ге чейин жеткен, азыр тукум курут болгон дарак сымал өсүмдүк. Өзөгүнүн ичи көңдөй, муундарынын тушунда тосмосу бар, жалбырагы кууш, бири-

бирине туташ, шакек сымал отурма. Карбон жана пермь доорлорунда өскөн.

**КАЛЕДОНИДЫ**–каледониддер. Каледон бүктөлүүсү өөрчүгөн областтар.

**КАЛЕДОНСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–каледон бүктөлүүсү (лат. Шотландия – Каледония, Caledoni). Палеозой заманынын (кембрий, ордовик, силур жана девон) орто ченинде пайда болгон жер кыртышындагы бүктөлүү. Тоонун пайда болуу жана граниттешүү аракеттеринин жыйындысы. Каледон бүктөлүүсү мурдагы геосинклиналдык системанын өнүгүшү бүткөндө башталган. Каледон бүктөлүүсүнө; Европада- Ирландия, Уэльс, Түндүк Англия, Скандинавия жарым аралынын түндүк–батыш бөлүгү, Шпицберген аралы; Азияда–Борбордук Казахстан (батыш жагы), Батыш Саян, Тоолуу Алтай, Монголиялык Алтай жана Түштүк Чыгыш Кытай, Тасмания бүктөлмөлүү тоо системасы жана чыгыш Австралиянын Лакман системасы, Түндүк жана Чыгыш Гренландия, Ньюфаундленд, Түндүк Аппалач ж.б. кирет.

**КАЛЕМА**–калема (порт. calema). Гвиней булуңунун (Батыш Африка) жээгиндеги катуу тарпылдактын жергиликтүү аты. Толкунунун бийиктиги 30 м. Эң күчтүү өөрчүгөн маалы июлдан сентябрга чейин.

**КАЛЕНДАРЬ**–календарь (лат. calendarum). Байыркы Римде карыздар адамдар налогун төлөөчү ар бир айдын биринчи күндөрү жазылган бересе китеп. Календарь–асман телолорунун кыймылынын мезгилин ири убакыт аралыгын эсептөөчү система. Календар күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашышында, айдын фазаларынын өзгөрүшүндө колдонулат. Азыркы григорий календарын Папа Григорий XIII 1582 ж юлиан календары менен алмаштырган. Аны биздин эрага чейинки 46 жылга чейин колдонулуп келген. Кээ бир өлкөлөрдө күндүк календардын ордуна айлык календарь колдонулат да, ал календардык айдын башталышы– ай жаңырган учурга туура келет.

**КАЛИЙНЫЕ СОЛИ**–калий туздары. Калийлүү жана калийлүү магний минералдарынын уюган, сууда эрүүчү чөкмө тектери (сильвин, карналит, каинит, полигалит, лангбейнит ж.б.). Алар туздун кени чыккан жерлерде Соликамск (Оруссияда), Штасфуртта (ГДР) кездешет.

**КАЛЬДЕРА**–кальдера (исп. Caldera–чоң казан). Капталдары тик, формасы сүйрү келген вулкандык ойдуң. Туурасы 10-20 км. тереңдиги бир нече жүз метр. Мисалы, Гавана аралдарындагы Лоа вулканы.

**КАЛЬЦИТ**–кальцит (лат. catx, satis–акиташ). Акиташ шпаты–карбонаттар класстарындагы минерал. Ага кош криссталдар мүнөздүү жана алар нурду көп сындыруу касиетине ээ. Өңү ак, бозомтук, күрөң , сары, кызгылт, көк, көгүшкара, кээде түзсүз жана мөлтүр тунук. Акиташ, мрамор, мергел өңдөнгөн карбонаттык тоо тектерин пайда кылуучу минерал. Негизинен чөкмө тек, бирок сейрек учурларда гидротермалдык, же магмалык аракеттен пайда болот.

**КАЛЬЦИФИР**–кальцифир. Карбонаттуу тектердин өтө терең өзгөрүүсүнүн натыйжасында пайда болгон, кумдардан куралган сликаттуу карбонат теги. Ал кальцит жана доломит, ошондой эле шпинел менен магний сликатынын 50 % ке чейинки аралашмасынан турат.

**КАМЕНИСТАЯ ПУСТЫНЯ –ГАМАДА, ХАМАДА**–таштуу чөл (гамады, хамады). Кырка тоолордун этегиндеги шагылдуу, кээде таштуу, же аскалуу каксоо, топурак, өсүмдүктөрү жокко эсе болгон жерлер.

**КАМЕННОУГОЛЬНАЯ СИСТЕМА (ПЕРИОД)**–карбон–таш көмүр системасы (доору). Жердин өрчүү доорундагы палеозой эрасынын бешинчи доору. Ал мындан 350 млн. жыл мурда башталып, 65-75 млн. жылга созулган. Карбон системасы үчкө (СНГ, КЭР), же экиге (Батыш Европа) бөлүнөт. АКШда карбон системасынын алгачкы жана акыркы бөлүктөрүн өз алдынча–миссисипи жана пенсильваний системасы деп айтат. Мезгилдин башында материктердин орчундуу бөлүгү деңиз менен капталып, аягында түндүк жарым шарда кеңири талаа пайда болгон. Герциндик бүктөлүү процесси өөрчүгөн. Ташкөмүр доорунун учурунда Тянь-Шань, Памир, Алтай, Саян ж.б. кырка тоолор көтөрүлүп чыккан.

**КАМЕННЫЕ ГОРОДА**–таш шаарлар. Чөлдүү жерлердеги борпоң катмары шамал менен учуп кеткендиктен, оркойгон аскалары калып, өзүнчө бир шарды элестеткен ландшафт.

**КАМЕННЫЕ МНОГОУГОЛЬНИКИ**–таш коргулдар. Уюлдук областтарда жана тоолордун бийик жондорундагы тоң өөрчүгөн жеринде, кыртышты жарып, өйдө көтөрүлүп жаткан томпок жерлер. Андагы таштардын өлчөмү 1–2 м. келип көп кырдуу болот. Борбордук Тянь–Шандын сыртарындагы кырка тоолордун бийик капталдарында, жондорунда көп кездешет.

**КАМЕННЫЕ ПОЛОСЫ**–таштуу тилке. Кырка тоолордун кар сызыгынан төмөнкү бийиктикте жаткан, тайпак этектерге кулап түшкөн, таштардын жыйындысы. Климаты континенталдуу, көп жылдык тоңдор жаткан областтарда физикалык (ысыктын - суuктун)

таасир астында пайда болот. Мисалы; Тянь-Шань, Памир, Урал, Саян тоолорунда арбын.

**КАМЕННЫЕ МОРЯ**–таш тилке. Кырка тоолордун кар сызыгынан төмөнкү бийиктикте жаткан тайпак тарткан этектерге кулап түшкөн таштардын жыйындысы. Климаты континенталдуу, көп жылдык тоңдор жаткан областтарда физикалык (ысык–сууктун) таасирдин астында пайда болот. Мисалы; Тянь-Шань, Гималай, Каракорум, Кавказ, Памир, Урал, Саян тоолорунда көп кездешет.

**КАМЕННЫЕ РЕКИ**–«таш суулар». Кырка тоолордун боорундагы жыбыт–жылгалардагы узунунан кеткен корумдар. Алар тартылуу күчүнүн шартына ылайык төмөн карай билинбей жылып турат. Мындай «сууну» Борбордук Тянь-Шандын Борколдой кырка тоосундагы Чакыркорум ашуусунан көрүүгө болот. Кыргызстандын тоолорунда эн кенири таркалган.

**КАМЕННЫ СТОЛБЫ**–таш мамы. Чөлдүү жерлердеги борпоң тектеги, кум–чополорун шамал айдап кетип, мамы сыяктуу оркоюп турган таштар.

**КАМЕННЫЙ ВЕК**–таш кылым. 1. Адам коомунун маданий тарыхындагы, жашоо тиричилигиндеги, металдарды иштетүү иши баштала элек мезгилге чейин, аңчылык кылууга жана башка эмгек куралы үчүн ташты пайдаланган заман. Таш кылымдын аягында тери жана керамикалык буюмдар пайда боло баштаган. Таш кылым байыркы (палеолит), ортонку (мезолит) жана соңку (неолит) деп бөлүнөт.

**КАМЕННЫЙ ЛЕДНИК**–таш мөңгү. Турпаты мөнгүдөй болгон корум таштардын үймөгү.

**КАМЕННЫЙ МЕТЕОРИТ**–таш метеорити. 1. Аэролит, пироксен менен оливинден, же алардын аралашмасынан турган метеорит. Белгилүү метеориттердин жарымына жакыны таштуу болот.

**КАМЕННЫЙ УГОЛЬ**–таш көмүр. Күйүүчү массасында 75 % тен 90 % чейин углеводу бар, күрөң көмүргө салыштырганда көмүрдүүлүгү жогору, казып алуучу, чириндилүү көмүр. Күйгөндө жылуулук чыгарат ( 30,1-36,6 мД ж-кг.). Ташкөмүр, перм, юра системаларынын катмарында ар түрдүү калыңдыктагы бастырма катарында кезигет. Ири кендердин катарына Оруссиядагы Донецк, Кузнецк; АКШдагы–Пенсильвания, Аппалачи; Польшадагы- Жогорку Силезия; Германиядагы Рур бассейиндери кирет. Кыргызстанда таш көмүр

кени; Сүлүктүдө, Ташкөмүрдө, Кызылкыяда, Каракечеде, Жыргаланда, Өзгөндө, Алайда ж.б. жерлерде бар.

**КАМЕНЬ**–таш. 1. Аскалуу тоо кырка, океан- деңиздердин аскалуу жээги. 2. Географиялык аттардын составдык бөлүгү. Мисалы; Денежкин Камень, Камень–на–Оби (шаар), Караташ, Көкташ, Сарыташ,Ташкөмүр ж.б.

**КАМНЕПАД**–таш кулоо. Талкалануунун натыйжасында омурулган таштардын тик бет менен кулашы.

**КАМНЕТОЧЦЫ**–таш жаргылар. Составынан бөлүнгөн кислоталардын таасири менен, же механикалык жол менен тоо тектерин жарып майдалай турган деңиздик организмдер–кораллдар, үлүлдөрдүн кабыгы.

**КАМПОС**–кампос (кампус, порт.–campos–түздүк, талаа). Бразилиянын тайпак тоосундагы савана токоюнун жергиликтүү аты.

**КАМЫ**–камы (англ. kame-кыр). Бийиктиги 2-5 м. ден 30 м. чейин жеткен тик дөбөлөр. Карелияда, Прибалтикада, Ленинград областында көп кездешет.

**КАНАЛ** – канал (лат. canalis – түтүк, кобул). Суунун жасалма нугу, милдети боюнча каналдар; сугат, энергетикалык, кургатуучу, карагай агызуучу ж.б. делинип бөлүнөт.

**КАНАЛ СТОКА**–агымдын каналы. Тоо сууларынын ортоңку бөлүгү.

**КАНЗАССКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**–канзас муз доору. АКШдагы Канзас штатынын атынан коюлган. Түндүк Американын мейкиндиктериндеги (түздүктөрүндөгү) алгачкы плейстоцендеги мөңгү доору. Альпыдагы стратиграфиялык системага салыштырганда болжол менен миндель муз дооруна мезгилдеш.

**КАНЬОН**–капчыгай. Капталдары тик, таманы терең, кууш (өзөнүндө чоң суу аккан) капчыгай. Тоолорду туурасынан кесип өтөт. Дүйнөдөгү эң ири капчыгайлардын бири Колорадо (АКШда) дарыясынын өзөнүндө. Анын узундугу 320 км. тереңдиги 1800 м. Ири каньондор Памир (Пьяндж дарыясында), Тянь-Шань (Боом, Нарын, Какшаал, Акбуура, Тар, Чоңүзөңгүкууш) капчыгайларында орун алган.

**КАРР** –төр. Бийик тоолордун кыр чокуларына жакынкы бийиктикте, көп жылдар бою муздун астында жатып, оюлган цирк формасындагы

чуңкур. Анын арт жагы (чоку тарабы) тик, бет маңдайы ачык, таманында мөңгүнүн калдыгы, же көл болот.

**КАРБОНАДО**–карбонадо (исп. Carbonado, лат. carbo–көмүр). Алмаздын бир түрү; кара, же кара сур тартып, майда оюктуу агрегат.

**КАРБОНАТНЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–карбонаттуу тоо тектер. Жарымынан көбү бир, же бир нече карбонаттык минералдардан турган чөкмө тектер. Ага акиташ, доломит, магнезит ж.б. тектер кирет.

**КАРБОНАТНЫЕ ПОЧВЫ**–карбонатуу топурактар. Негизинен үстүңкү катмарында кальций менен магнийдин карбонаты кенен тараган топурак.

**КАРБОНАТНЫЙ ГОРИЗОНТ**–карбонаттуу горизонт. Топурактын үстүңкү кабаты. Начар сугарылган жерлерде байкалат.

**КАРБОНАТЫ**–карбонаттар (лат. cardo–көмүр). Көмүр кислотасындагы табийгый туздар. Карбонат тибинде 80 ге жакын минерал белгилүү. Суусуз, негизги жана суулуу делинип бөлүнөт. Өтө кенен тарагандары кальцит, доломит, магнезит, сидерит, церусит, малахит. Чөкмө (акиташ, доломит ж.б.) жана метаморфизмдик (мрамор ж.б.) тектерди түзөт. Руда кендериндеги кычкылдануу зонасында, топуракта, сода аралашкан көлдөрдө кезигет.

**КАРПИНСКИЙ МЕЖСТАДИЯ**– карпин стадиал аралыгы. Батыш Сибирдеги, кеч плейстоцендеги зырян жана сартян доорлорун бөлуп турган жылуу мезгил.

**КАРЕЛИЙ**–карелий. Балтика шитинин кембрийге чейинки бөлүнүшү. Мындан 1900–1750 млн. жыл мурда болгон. Алар бардык материкте бар. Айрыкча Канадада афебий деген ат менен көп кезигет.

**КАРЕЛЬСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–Карелия бүктөлмөсү. Балтика шитинин чыгышындагы кембрийге чейинки (1900-1750 млн. жылдардын аралыгындагы) эң акыркы күчтүү, бүктөлмө.

**КАРЛИКОВЫЕ ФОРМЫ**–кыдыгый (кедегей) формалар. Чөйрөнүн ыңгайсыз шартында өскөн бою жапыз өсүмдүк, же организмдер.

**КАРЛИНГ**–(лат. Karking). Уркуйган тик пирамида формасындагы тоо кырларынын шиш чокусу.

**КАРНИЙСКИЙ ЯРУС**–карна ярусу. Австрия менен Италиянын чек арасындагы карналык Альпы тоосунун атынан коюлган, триас системасынын үстүңкү бөлүгүнүн төмөнкү ярусу.

**КАРОВАЯ ЛЕСТНИЦА**–төр тепкичтери. Бири-биринин үстүнө тепкич-тепкич болуп жайлашкан циркгер. Ар бир цирк белгилүү мезгилге тиешелүү муз дооруна жана ошол убакыттагы кар сызыгынын бийиктигине дал келип турат. Ал циркгер жашына жана өсүү стадиясына жараша болгон морфологиялык абалда болушат.

**КАРОВАЯ ТЕРРАСА**–төр кашаты. Тоолордун беттериндеги жанаша жаткан тепшилердин мөңгү доорунда кеңейишинен пайда болгон бел баскак, тепши (тектир), кашат.

**КАРОВОЕ ОЗЕРО**–тепши көл. Тепшинин таманындагы майда көлдөр. Алар тегерек, сүйрү тартып, жээгинде булуң – буйткасы аз. болот. Негизинен жаандын суусунан куралат, куймалары майда болот да, борпоң тектердин арасынан сарыгып чыгат.

**КАРОВЫЙ ЛЕДНИК**–тепши мөңгүсү. Тоолордун кыр чокуларына жакын жаткан циркгердин (тепшинин) таманын жана арткы капталын ээлеген майда мөңгүлөр.

**КАРСТ**- карст (нем. Karst). Югославиядагы карст, же Крас (kras) деген тайпак тоонун атынан коюлуп, сууга байымы жок, борпоң (чопо аралаш) тектердин эзилип көңдөй, үңкүр, жар жана коңулга айланышы.

**КАРСТ УМЕРЕННЫХ ШИРОТ**–мелүүн алкактын карстары. Мелүүн алкактын түздүктөрүндөгү бири- бирине туташ жаткан карст ойдуңчалар.

**КАРСТОВАЯ ВОДА**–карст суусу. Карстын түпкүрүндөгү тектердин жаракаларына толгон суулар.

**КАРСТОВАЯ ВОРОНКА**–карстык воронка. Воронка формасындагы, диаметри бир нече метр келген чуңкурчалар. Мелүүн алкактагы кенен тараган рельеф.

**КАРСТОВЕДЕНИЕ**–карст таануу. Карст жөнүндөгү, б.а. сууда эрүүчү тоо тектерине ылайык өөрчүгөн рельеф жөнүндөгү илим.

**КАРСТОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–карстык рельеф. Акиташ, доломит, гипс тектеринин сууда эришинин натыйжасында пайда болгон үңкур-чуңкурлуу рельеф.

**КАРСТОВЫЙ ЛАНДШАФТ**–карстык ландшафт. Карст өөрчүгөн райондорунун ландшафты. Мелүүн алкакта көп кездешет. Негизинен жер бетинин аңгектүүлүгү, ойдуңдуулугу, жер астындагы сууларынын тереңдиги, жер астындагы коңул, жарыктарынын болушу менен мүнөздөлөт.

**КАРСТОВО–СУФФОЗИОННЫЕ ЯВЛЕНИЯ**–суффозиялык–карст кубулушу. Классикалык тоо тектериндеги цементи эрип, боштуктун (үңкүр, тоннель) пайда болушу.

**КАРСТОВОЕ ОЗЕРО**–карстык көл. Карст тектери көп тараган чөйрөдө көп байкалат. Карстык көлдөр Архангельск–Горький областарында, Орто–Азияда, Балкан аралдарында кездешет.

**КАРТА ОСНОВА**–картанын негизи. Тематикалык (рельефтик, геоботаникалык, зоогеографиялык ж.б. ) карталарды түзүү үчүн негиз боло турган географиялык карта. Ага топографиялык, контурдук карталар кирет.

**КАРТОВЕДЕНИЕ**–картоведение. Картографиялык материалдарды окуп үйрөнүү, пайдалануу ыкмаларын анализдей билүүнү үйрөтүүчү тоеориялык жана практикалык окуу. Картография илиминин тармагы.

**КАРТОГРАММА**–картограмма (карта жана грек. gramma–чек, жазуу, тартуу). Географиялык картага белгилүү кубулушту штрих (майда чийме), же боек менен тартуу ыкмасы.

**КАРТОГРАФИЧЕСКАЯ СЕТКА**–картографиялык тор. Белгилүү картографиялык проекция боюнча түзүлгөн меридиан менен параллелдердин системасы. Картографиялык тор картографиялык чийүүдө, точкалардын координатын, сызыктардын азимутун аныктоодо колдонулат.

**КАРТОГРАФИЧЕСКИЕ ИЗОБРАЖЕНИЯ**–картографиялык сүрөттөөлөр. Жердин, Айдын, планеталардын беттерин белгилүү математикалык закон бонча кичирейтип, андагы кубулуштар менен обьектилерди шарттуу белгилердин жардамы менен билүүгө ылайыктап түзүү.

**КАРТОГРАФИЧЕСКИЕ ИСТОЧНИКИ**–картографиялык булактар. Географиялык карталарды түзүү үчүн керектелүүчү сүрөт, текст, таблица түрүндөгү ж.б. маалыматтар.

**КАРТОГРАФИЧЕСКИЕ ПРОЕКЦИИ**–картографиялык проекциялар. Карта түзүү максатында жер бетин шар, же айлануунун эллипсоиди

деп алып, анын толук, же айрым бөлүгүн тегиздикке (кагаздын бетине) сүрөттөп түшүрүүчү математикалык ыкма.

**КАРТОГРАФИЧЕСКИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ**–картографиялык чыгармалар. Картографиялык сүрөттөөлөр (географиялык карталар, атластар, блок диаграммалар, Айдын, планеталардын, жылдыздардын карталары ж.б.) басымдуулук кылган чыгармалар.

**КАРТОГРАФИЯ**–картография (карталар жана грек. graphio–чием). Географиялык карталар ж.б. картографиялык чыгармалар, аларды пайдалануу методдору жөнүндөгү илим. Жаратылыш жана коомдун ортосундагы байланышты жана табигый коомдук абалдын мейкиндик боюнча жайланышын сүрөттөйт жана изилдейт.

**КАРТОДИАГРАММА**–картодиаграмма (карта жана грек. diagramma–сүрөттөө, чийүү). Географиялык картага кандайдыр бир кубулуштун чоңдугун, кээде структурасын жана динамикасын диаграммалык фигуралар менен көрсөтүүчү карта. Мисалы, картодиаграмма калктын санын өсүшүн, анын составын, өнөр жайдын продуктуулугун, температуранын өсүшүн, жаан-чачындын санынын өсүшүн ж.б. көрсөтө алат.

**КАРТОМЕТРИЯ**–картометрия (карта жана грек. metreo– өлчөймүн). Географиялык карта боюнча узундукту, аянтты, бийиктикти жана бурчтарды ченөө ыкмасын үйрөтүүчү илим. Картографиянын бир бөлүгү.

**КАРТОСХЕМА**–картосхема (карта жана грек. schema–сырткы көрүнүшү, образы, сүрөттөмөсү). Картографиялык сеткасы жок, жөнөкөйлөштүрүп чийилген карта. Картосхемадан географиялык кубулуштар, обьектилер жөнүндөгү маалыматтарды үстүртөн гана байкоого болот.

**КАРТЫ**–карталар (грек. chartes-барак, түтүккө окшотуп түрүлгөн катталуучу папирус кагазы). Жердин бетин, жылдыздуу асман мейкиндигин картадан темасына жана милдетине ылайыктуу маалыматтар менен жабдып, жыйынтыктап, математикалык жактан аныктап тартылган сүрөт.

**КАРТЫ ВРЕЗКИ**–кошумча карталар. Негизги картанын рамкасынын ичине жайгаштырылып, сүрөттөлүүчү обьектилерди кошумча маалыматтар менен толуктап туруучу карта.

**КАРЬЕР**–карьер (франц. Carziere жана лат. Gnazazzia, guadzazia– таш сыныктары). 1. Курулуш иштерине керектелүүчү шагыл таш казылып алынуучу чуңкур. 2. Тайыз жаткан жердин казылып жаткан жери.

**КАСКАД**–каскад (франц. Cascade–төмөн төгүлүү, куюлуу). Табигый, же жасалма шаркыратма, же шаркыратмалардын кашаттары. Мисалы, АКШдагы Иосемити суусундагы шаркыратма. Анын бийиктиги 727 м. Абшир, Арсланбаб шаркыратмалары.

**КАТАКЛАЗ**–катаклаз (грек. Kataklao–сындырамын, кыйратамын). Тектоникалык кыймылдын таасири астында тоо тектеринин деформацияланып (ийилип) күкүмдөнүшү, же майдаланып минералдык акшакка айланышы. Мындай механикалык жол менен күкүмдөлгөн тектердин химиялык составы өзгөрбөй кала берет.

**КАТАКЛАСТИЧЕСКИЕ ПОРОДЫ**–катаклазданган тектер. Катаклазиттер–тектоникалык кысымга дуушар болгондуктан, өзүнүн алгачкы структурасын жоготкон тоо тектери. Мындай тоо тектеринин күкүмдөрү жарылып, ийилип калгандыктан, микроскоп менен караганда «толкунданган» сызыктай ийри–буйру болуп көрүнөт.

**КАТАРАКТЫ**–катарактар (грек. katarzhaktes–-шаркыратма). 1. Суусу тип-тик (көнөктөп) түшкөн чоң шаркыратма. 2. Чоң суулардын өзөнүндөгү шар аккан жери.

**КАТАСТРОФИЗМ**–катастрофизм. Жердин кабыгынын кайрадан жаңырышы жана андагы органикалык дүйнөнүн күтүлбөгөндөй тез өзгөрүшү жөнүндөгү геологиялык концепция. XIX–кылымдын башында (франциялык окумуштуу Ж. Кьюве тарабынан) пайда болгон, орун алмашууну түшүндүрүү үчүн колдонулган. XIX–кылымдын аягында ал жөнүндө айтылбай калган.

**КАЧАЮШИЙСЯ КАМЕНЬ**–термелген таш. Бийик тоолордун капталдарында бир чети менен жер таянчыктап, шамал болсо термелип турган таштар. Мындай таштар Тянь-Шань, Памир, тоолорунуну бийик беттеринде көп кезигет.

**КАШТАНОВЫЕ ПОЧВЫ**–кара–коңур топурак. Мелүүн кургак алкактагы шыбак жана дандуу өсүмдүктүү талаалардын топурагы. Чириндилүү горизонту жука, чириндиси аз (1,0-0,5%), 40-60 см. тереңдикте–гипс бөлүнүп чыгат жана профилдин үстүңкү бети кара-коңур тартып турат. Кара деңиздин жээгинен тартып Казахстан, Монголия менен Түндүк Кытайга чейинки мейкиндикте кезигет. Кыргызстанда тоолуу кара коңур топурак Жумгал, Кочкор,

Каракужур, Каракоюн, Ысыккөл, Сарыжаз, өрөөндөрүндө, деңиз деңгээлинен 1700-2200 жана 2500-2800 метр бийиктиктерде кезигет.

**«КАЮШИЙСЯ СНЕГ»**–«арсак–терсек» кар. Төмөнкү кендиктин тоолорунун кыр- чокуларындагы кар күрткүлөрүнүн ар кыл эришинин натыйжасында пайда болгон арсак- терсек муздардын пайда болушу.

**КВАДРАТУРНЫЙ ПРИЛИВ**–квадраттык көтөрүлүш. Айдын биринчи жана акыркы чейрегинде суунун деңгээлининин көтөрүлүшү. Дайыма Айдын экинчи жумасында, ай толгондо, же тууганда байкалат. Квадратурада ай менен күн жерге тик бурч менен тиет.

**КВАРЦ**–кварц (нем. Qmarz). Чакмак таштын өтө кенен тараган кооз түрү. Кремнийдин кычкылы (кристалдык кремнезем). Түсү ак, сур, кызгылт, көк (аметист), түтүн сыяктуу (раухтопаз), кара (морион) ж.б. болот. Түссүз тунук кварцты тоо хрусталы дейт. Составында көп минералдардын майда кристалдары болгондуктан, кээ бири түрдүү түстө кубулжуйт.

**КВАРЦИТ**–кварцит. Негизинен кремнеземден турган, көпчүлүк учурда ачык түстөгү метаморфоздолгон жана тыгыз ныкталган тоо тек. Составында кварциттен башка слюда (мусковит, серицит, пирофиллит), турмалин, силлиманит, диаспор, топаз, талаа шпаты ж.б. көп минералдар кезигет. Кварцит тектеринен түзүлгөн рельеф физикалык жана химиялык кукумдөнүүгө (үбөлөнүүгө) байымдуу келет.

**КЕВИР**–шор (перс- шордуу жер. ). Ирандагы чөлдөрдүн шорлуу марчалары. Шорлуу жана туздуу чөлдөрдөгү географиялык аттардын составдык бөлүгү. Мисалы; Кевире-Немек, Дештлут ж.б. чөлдөрү.

**КЕКУР** – кекур. 1. Мамы, же аска өңдүү абразиялык калдык (Чыгыш Сибирде). 2. Өзөндөгү суу киргенде, жээкке чыгарылып салынган шагыл таштар.

**КЕМБРИЙСКАЯ СИСТЕМА**–кембрий системасы (кембрий, Уэльстин латын. cambria–атынан). Жердин өөрчүү тарыхындагы палеозой заманынын эң алгачкы мезгили. Мындан 570 млн. жыл мурда башталган, 70 млн. жылга жакын убакытка ордовик системасына чейин созулган. Кембрий системасы төмөнкү, ортоңку жана соңку делинип үч доорго бөлүнүп, биринчи доордо деңиздик катмарлар, экинчисинде регрессия башталып, үчүнчүсүндө лагундук кызыл түстөгү тектер пайда болгон. Негизги тектоникалык структурасы рифейдин аягында калыптанган. Кембрий системасында бир

скелеттүү организмдер пайда болуп калган. Төмөнкү кембрийге триллобит жана археоциттер мүнөздүү болуп, брахиоподдор, үлүлдөр, остракоддор ж.б. жаныбарлар жашаган. Системанын аягында граптолиттер жашаган. Өсүмдүктөр дүйнөсү көк–жашыл жана кызыл түстөгү балырлардан жана жөнөкөй түрдөгү жогорку түрлөрдөн куралган. Пайдалуу кендерден фосфорит басымдуулук кылат.

**КИММЕРИЙСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–киммерий бүктөлүүсү. Мезозой катталышынын бир доору. Ал экиге бөлүнөт; биринчиси алгачкы киммерий (триастын аягынан юранын башталышына чейин), экинчиси соңку киммерий (юранын калган бүт мезгилин жана бордун башталышын кучагына алган). Биринчи доордо Крым, Түндүк Афганистан, Түштүк-Чыгыш Азия, Түндүк–Чыгыш Аргентина; экинчисинде Верхоян –Чукот областы, Борбордук жана Түндүк – Чыгыш Памир, Каракорум, Тянь-Шань, Кавказ, Кордильер жб. тоолор көтөрүлүп чыккан.

**КИСЛАЯ ЛАВА**–кычкыл лава. Составында 65-75 % кремний кислотасы аралашкан лава. Оргуп чыкканда илешмелүү келип жана коюу тартып, негизги лавадан айырмаланып турат.

**КИСЛАЯ МАГМА, ГРАНИТНАЯ МАГМА**–кычкыл магма. Жер астындагы суюк жана (составынын 65% кремнезем) учуп кетүүчү заттарга бай сликаттык эритме. Ал сууганда липариттер, дациттер жана пирокласстык тектер уюп калат. Ал эми тереңдикте болсо граниттер жана гранодиориттер пайда болот.

**КИСЛЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ** – кычкыл тоо тектер. Составынын 65% тен ашыгы кремний кислотасы аралашкан (гранит, гранодиорит, липарит жб. ) тоо тектер.

**КЛАРКИ ЭЛЕМЕНТОВ** – жалпы. Жалпы эле жердин кабыгындагы ар түрдүү тоо тектеринде жана атмосфера менен гидросфераны кошо эсептегенде химиялык элементтердин орточо сандык мааниси. Ал % г-т бирдиги менен туюнтулат. Терминди советтик окумуштуу А. Е. Ферсман сунуш кылган, америкалык геохимик Ф.У. Кларктын (F W Clarke, 1847-1931) атына арналып, илимий термин катарында колдонулган.

**КЛАСС ЛАНДШАФТА**–ландшафттын классы. Жердин бетиндеги физикалык–географиялык комплекстерди бөлүштүрүүдө колдонулуучу таксономиялык бирдик. Ири масштабды алганда, тоолуу жана түздүктүү ландшафттар деп бөлүнөт.

**КЛАСТИЧЕСКАЯ ДАЙКА**–кластикалык дайка (грек. klastos–жарылган, майдаланган). Жердин кабыгындагы терендиги бир, же бир нече километрге чейин жеткен жарыгы. Анын ичине борпоң тектер (конгломерат, брекчий, кум, таш, милонит ж.б.) шыкалган.

**КЛИМАТ**–климат (грек. Klima–жантайынкы). Жер бетинин күн нуруна жантайусу. Аба ырайынын статистикалык көп жылдык режими, тигил, же бул аймактын негизги географиялык мүнөздөмөлөрүнүн бири. Климаттын негизги өзгөчөлүктөрү күн радиациясынын келиши, аба массаларынын циркуляциясы, жер бетинин мүнөзү менен аныкталат. Тигил, же бул аймактын климатына таасир берүүчү негизги географиялык факторлордун ичинен анын кеңдик боюнча орун алышы, деңиз деңгээлинен ээлеген бийиктиги, деңизге жакындыгы, же алыстыгы, рельефинин жана өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү, кар менен муздун бар жогу, атмосферанын булгануусу, суунун деңгээли ж.б. чоң роль ойнойт. Бул факторлор климатты кеңдик боюнча зоналдуулукка, татаалданууга жана анын жергиликтүү шарт боюнча өзгөчөлүктөрүнүн пайда болушуна алып келет.

**КЛИМАТ ПОЧВЫ**–топурактын климаты. Топурактагы атмосфералык климат. Топурактын касиетинин, өсүмдүктөрдүн, жер бетинин түзүлүшүнүн жана адамдын өндүрүштүк иштеринин өз–ара катнашынын натыйжасында келип чыккан температуранын, нымдуулуктун ж.б. метеорологиялык элементтердин көп жылдан берки калыптанган режими.

**КЛИМАТ ПРИЗЕМНОГО СЛОЯ ВОЗДУХА**–жер бетине жакын абанын климаты. Жердин үстүнкү бетинин (бийиктиги 1,5–2.0 м ге чейинки катмарындагы) аба катмарынын атмосфералык шарты. Ал температуранын кескин туруксуздугу, шамалдын ылдамдыгынын аздыгы, абанын нымдуулугунун көптүгү жана салыштырма нымдуулуктун өзгөрмөлүүлүгү менен мүнөздөлөт.

**КЛИМАТ ПОЛУПУСТЫНЬ И ПУСТЫНЬ**–чөл жана жарым чөл климаты. Жайы ысык +$50^0$чейин жеткен, абасы кургак, жаан- чачыны сейрек, 100-150 мм ден ашпаган каксоо чөлдөрдүн климаты.

**КЛИМАТ САВАНН**–саванна климаты. Кышы кургакчыл келген тропиктик жылуу климат. Жылдын эң жылуу айынын орточо температурасы +25 –$30^0$С, эң суук айынын температурасы +$18^0$тан жогору жана жылдык жаан –чачындын саны 2000-2500 мм ден көп болбогон, сейрек бадалдуу жана жапыз дарактуу тропик климаты.

**КЛИМАТ СВОБОДНОЙ АТМОСФЕРЫ**–эркин атмосферанын климаты. Жер бетинен жогорку бийиктиктеги тропосфера жана стратосферанын климаты. Жерге жакын абага караганда эркин абанын атмосфералык басымы, температурасы, нымдуулугу жана температуранын суткалык амплитудасы төмөн, шамалы катуу болот.

**КЛИМАТ СКЛОНОВ**– тоо беттеринин климаты. Кырка тоолордун капталдарынын багытына, бийиктигине жана тарамдалышына жараша кескин өзгөрмөлүү климат. Мисалы, Сарыжаз өрөөнүндө Көөлү кырка тоосунун түндүк капталында, нымдуулук жетиштүү болгондуктан (2400-3000м. бийиктикте) токой тилкеси кездешет, ал эми ошол эле бийиктикте калган тоолордо кургак талаа тилкеси кездешет.

**КЛИМАТ СТЕПЕЙ**–талаа климаты. Жайы ысык, кышы суук, жаан-чачыны тартыш (400ммге жетпеген), сугатсыз дыйканчылык кылууга мүмкүн болбогон кургак климат.

**КЛИМАТ ТАЙГИ**–тайга климаты. Жайы жылуу, кышы ызгардуу, кадимки континенталдык климат. Январь айынын орточо температурасы –$30^0$тан (Түндүк Америкада), -$50^0$ка (Чыгыш Сибирде) чейин. Июль айынын орточо температурасы +$10^0$тан $20^0$чейин жетет. Жылдык жаан- чачындын саны 300-600 мм. Мындай климат Оруссиянын Европалык бөлүгүнүн түндүгүнө, Сибирге, Аляскага,Канадага, Швецияга жана Финляндияга мүнөздүү.

**КЛИМАТ ТРПОПИЧЕСКИХ ПУСТЫНЬ**–тропикалык чөл климаты. Жайы өтө ысык. Түндүк жарым шардагы эң жылуу деген айдын максималдуу тепмературасы +$40^0$С, Австралияда +$34^0$С чейин жетет, кышы жылуу, же ысык келет. Абанын температурасынын абсолюттук максимуму Түндүк Африкада жана Калифорниянын ички райондорунда +57-$58^0$, Австралияда +$55^0$ ту түзөт. Кыш айларынын орточо температурасы +$10^0$С тан төмөн болбойт. Температуранын суткалык амплитудасы ($40^0$С ашык) өтө жогору. Жаан –чачындын саны (250 мм) көп эмес (кээде 100 мм ден да, аздык кылат). Океандын ошол эле кеңдигинде пассаттык климат өкүм сүрөт.

**КЛИМАТ ТУНДРЫ**–тундра климаты. Түндүк жарым шардын жогорку кеңдиктериндеги (тундра зонасында) жайы кыска жана салкын, жаан-чачыны кемчил (200-250) климат.

**КЛИМАТ ХОЛОДНЫХ ПУСТЫНЬ**–суук чөл климаты. Субтропикалык алкактын тоолорунун бийик жондорундагы (Памир, Тибет, Тянь-Шань) жайы салкын, кышы ызгаардуу, жаан-чачыны сейрек климат. Мисалы, Памирдин Мургаб районунда июль айынын орточо

темпертурасы +14°С, январдыкы –18°С, жылдык жаан-чачындын өлчөмү 800 мм. Борбордук Тянь-Шандагы Кумтөр, Арабел сырттарынын жайкы (июль) температурасы +4,2°С, кышкысы –21,9°С; жаан-чачыны 300 мм.

**КЛИМАТИЧЕСКАЯ ГЕОМОРФОЛОГИЯ**–климаттык геоморфология. Климатка карата рельефтин формасынын пайда болушун жана ар түрдүү жаратылыш зонасы боюнча өзгөрүү процессин изилдөөчү илим. Геоморфологиянын тармагы.

**КЛИМАТИЧЕСКАЯ ГРАНИЦА**–климаттык чек ара. Жер бети боюнча алганда, климаттык элементтердин кескин түрдө өзгөрүп, жаңы көрүнүшкө өткөн чек арасы. Ал бийиктик, кеңдик жана узундук боюнча байкалат да, ландшафтык чек ара менен дал келип турат. Мисалы, талаа, токой, чөл зоналарынын чек арасы, адегенде климаттык жана ага карата ландшафтык болуп калыптанат.

**КЛИМАТИЧЕСКАЯ ЗОНА**–климаттык зона. Климатты райондоштуруудагы негизги бирдик. Ал климаттын элементтеринин көп жылдык көрсөткүчтөрүнүн орточо санына карата бөлүнөт.

**КЛИМАТИЧЕСКАЯ НОРМА**–климаттык норма. Белгилүү чөйрөгө тиешелүү климаттык элементтердин көп жылдык маанилеринин статистикалык жол менен аныкталган орточо саны. Мисалы; Ысыккөл өрөөнүнүн батышындагы жаан–чачындын көп жылдан бери калыптанган нормасы 100-110 мм, ал эми чыгышында болсо 400-450мм. Климаттык норма катарында метеорологиялык элементтердин айлык, сезондук жана жылдык чоңдуктары эсептелет.

**КЛИМАТИЧЕСКАЯ СНЕГОВАЯ ГРАНИЦА**–климаттык кар сызык. Жылдык жааган кар жай ичинде эрибей, экинчи жылга калган гипсометриялык бийиктик. Ал деңгээлден жогору жаткан чөйрөдө кар катмары жыл сайын калыңдап, муздукту пайда кылат. Климаттык кар сызык тоолордо бийиктиги, географиялык кеңдик боюнча океандык, же климаттык шартка карата аныкталат.

**КЛИМАТИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ**–климаттык өзгөрүүлөр. Жер шары боюнча, же анын кээ бир аймактарындагы климаттык шарттын өзгөрүшү. Буга метеорологиялык элементтердин көп жылдык орточо маанисинин, геологиялык (бир нече миң жылдарды кучагына алган), тарыхый (ондогон, же жүздөгөн жылдарды кучагына алган) жана азыркы (ондогон жылдарды кучагына алган) мезгилдердеги оош–кыйыштары кирет. Ал астрономиялык, географиялык ж.б. факторлордун, ошондой эле адамдардын таасири менен да өзгөрөт.

**КЛИМАТИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–климаттык карталар. Климаттык шарттардын аймактык бөлүштүрүлүшүн, ошондой эле климаттын өзгөчөлүгүн жана климатты пайда кылуучу процесстердин өөрчүүсүн (мисалы, циклондордун жана антициклондордун кыймылын) көрсөтөт. Климаттык карталар жылдык, сезондук жана айлык маалыматтардын орточо көп жылдык маанисине карата түзүлөт.

**КЛИМАТИЧЕСКИЕ ПОЯСА**–(зоны)–климаттык алкактар (зоналар). Күндүн нурунун жылуу интенсивдүүлүгү, ошондой эле атмосферанын жалпы айланышы боюнча, бири–биринен айырмаланган жер бетиндеги кеңдик, же субкендик боюнча созулуп жаткан тилкелер. Мейкиндик багытында климаттык зоналар, ал эми тоолордо бийиктик алакактар деген терминдер колдонулат.

**КЛИМАТЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ**–климаттык факторлор. Климаттын мүнөзүн калыптанттуучу факторлорго географиялык кеңдик, деңиз деңгээлинен бийиктик, рельеф, муз, кар, өсүмдүк катмарлары, океандык агымдар, аймактын, океандын алыстыгы ж.б. кирет.

**КЛИМАТОЛОГИЯ**–климатология (климат жана грек. logos–сөз, окуу). Жер шарынын климаты, анын түрлөрү (типтери), пайда болуу факторлору, географиялык таралышы жана мезгил боюнча өзгөрүшү жөнүндөгү илим. География илиминин тармагына кирет да, метеорологиянын жыйынтыктарына таянат. Жалпы жана физикалык климатология деп бөлүнөт. Атмосферанын жогорку бийик катмарынын климаттык шартын аэроклиматология изилдейт. Ал эми абанын жер бетине жакын кабатынын климатын микроклиматология, геологиялык жана тарыхый өткөн замандардагы климатты палеоклиматология изилдейт. Ошондой эле агроклиматология, курорттук климатология, медициналык климатология ж.б. бөлүктөрү бар.

**КЛИМАТОГРАФИЯ**–климатография (климат жана грек. grapis–жазуу). Метеорологиялык элементтерге жүргүзүлгөн көп жылдык байкоолордун маалыматтарын статистикалык иштеп чыгуунун негизинде жер шары боюнча климаттын типтерин изилдөөчү илим.

**КЛИМАТООБРАЗУЮЩИЕ ПРОЦЕССЫ**–климат пайда кылуучу процесстер. Жердин климатын аныктоочу атомосфералык процесстер деп, жердин бети менен атмосферанын ортосундагы жылуулуктун жана нымдуулуктун алмашышы жана атомосфералык жалпы циркуляция, ага байланыштуу шамал режиминин пайда болушу, шамал менен жылуулуктун жана нымдуулуктун которулушу

айтылат. Жердин бетинин касиетине жараша климат пайда кылуучу процесстер ар түрдүүчө болот.

**КЛИФ**–клиф (анг. Cliff–тик жар, тик аска). Деңиз шарпылдагынын уруусунан пайда болгон катуу тоо тектеринен турган бийик жалама жээк.

**КЛЮЧЕВОЕ БОЛОТО**–булактуу саз. Булак чыккан ойдуңдагы саз. Чым көңү булактын суусунан бөлүнгөн (5% тен аз), кислороду кемчил шартта пайда болот.

**КОВЫЛЬНАЯ СТЕПЬ**–ак кылкандуу чөптүү талаа. Дан өсүмдүктөрү өскөн · талаанын тилкесине кирип, шиберинде stipa тукумундагы чөптүн түрү басымдуулук кылган талаа.

**КОЛЕБАНИЕ СТОКА МНОГОЛЕТНЕЕ**–суунун көп жылдык агышынын өзгөрүүсү. Өзөндүн суусунун чыгымынын көп жылдык нормадан өйдө-ылдый болуп өзгөрүшү.

**КОЛЕБАНИЕ УРОВНАЯ МОРЯ**–деңиз деңгээлинин өзгөрүүсү. Дүйнөлүк океандын үстүнүн бир мезгил ичинде бийиктик боюнча өйдө–ылдый болуп өзгөрүшү.

**КОЛЕБАНИЕ ЛЕДНИКОВ**-муздуктардын өзгөрүүсү. Муздуктардын массасы менен энергиясынын ылдамдыгынын күчтүү өзгөрүүсүнүн кайталанышынын аянты. Көрүнүшү өзгөрүп, мезгил-мезгили менен жылышына, тартылууга дуушар болушат. Муздуктардын туруксуздуулугу; мезгилдүү (сезон, жыл кылым боюнча), жана мезгилсиз, же капыстан деп бөлүнөт. Мезгилдүү өзгөрүүгө климаттык шарттын циклдик өзгөрүшү көмөкчү болот. Мисалы; геологиялык өткөн замандагы климаттын өйдө-ылдый болушунун натыйжасында муз жана муздар аралык доорлор болгон. Ал эми мезгилсиз (капысынан) өзгөрүүлөргө тектоникалык, вулкандык ж.б. кыймылдар себеп болот.

**КОЛЕБАТЕЛЬНЫЕ ДВИЖЕНИЯ ЗЕМНОЙ КОРЫ**–жердин кыртышынын өзгөрмөлүү кыймылы. Жердин тектоникалык кыймылынын негизинде акырындык менен тынымсыз өйдө-төмөн жылып, мезгил–мезгили менен орун алмашып өзгөрүшү. Жердин кабыгынын туруксуз кыймылы, өткөн геологиялык замандардан тартып ушул кезге чейин жүрүп келе жатат. Натыйжада, кургактык менен океандардын чек арасы өзгөрөт. Рельефтин өзгөрүүсү башталат.

**КОЛЛЮВИЙ**-шиленди (лат. Colluvio–чокмороктошуу, иретсиз үйүлмө). Тоолордун беттеринде жалпы эле шилендилердин пайда болушу жана төмөн карай эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин сыныктары.

**КОЛОНИЯ (БИОГЕОГР.)** –колония (биогеогр.) 1. Физиологиялык жактан бири-бирине эриш-аркак жашоочу жаныбарлардын түркүмү. 2. Туруктуу жашоо чөйрөгө жандуу организимдердин топтолушу. Мисалы: кумурскалар, кээ бир учуучу жарганаттар, канаттуулар ж.б.

**КОЛЫМСКАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**- Колыма бүктөлүшү. Мезозой бүктөлүшүндөгү бир доор. Ал юра заманынын аягында, бор заманынын башында Верхоян-Чукот областында болуп өткөн.

**КОЛЬЦЕВЫЕ ДЮНЫ**- тегерек дюналар, шакек сымал дюналар. Суунун, деңиздин жээгиндеги тегерек тарткан кум дөбөлөр. Алардын туурасы 100 м чейин, терендиги 5 м, дубалынын бийиктиги 3-5м. чейин жетет. Түндүк Кызылкум чөлүндө көп кезигет.

**КОЛЬЧАТЫЕ ЧЕРВИ**- шакекчелүү курттар (Annelida). Омурткасыздар тибиндеги жаныбар. Алардын 9500 жакын түрү бар.

**КОМЕТА**- комета (грек. kometis) – куйруктуу жылдыз. Асман телосу, күн системасындагы тело. Күндү өтө узун орбита менен алыс аралыкта айланат. Күндөн алыстаганда сүйрү тартып, жарык болуп точкага айланат, ал эми күнгө жакындаганда «башы» жана «куйругу» пайда болот. «Башынын» борбордук бөлүгү ядро деп аталат. Ядронун диаметри 0,5-50 км. массасы $10^{11}$-$10^{17}$кг. Кометанын ядросу тоңгон газ жана чаң бөлүкчөлөрүнөн, ал эми «куйругунун»- узундугу ондогон километрге жетет.

**КОМПЕНСАЦИОННОЕ ТЕЧЕНИЕ**- компенсациялык агым( лат. Compensatio-ордун толтуруу). Океан, деңиз, көлдөрдүн төмөндөгөн деңгээлин бир калыпта кармап туруу, үчүн мейкиндик боюнча суунун агып которулушу.

**КОМПЕТЕНТНАЯ ПОРОДА**- компотенттүү тек (лат. Competens-жарактуу, тийиштүү). Белгилүү шарттагы тектоникалык кысымга туруштук берип, калыбын бузбай сактап калган тектер. Мындай тектер геологиялык тарыхтын жүрүшүндө кырдаалга байланыштуу, кээде компетенттүү болсо, кээде андай болбой да, калат.

**КОМПЛЕКС ГОРНЫХ ПОРОД**- тоо тектеринин жыйындысы (лат. Complexis-байланыш, бирикме). Ар түрдүү тоо тектеринин аралашмасынан түзүлгөн жыйындысы.

**КОМПЛЕКС РАСТИТЕЛЬНЫХ АССОЦИАЦИИ-** өсүмдүктөрдүн ассоциясынын комплекси. Ар түрдүү ассоцияцияга тиешелүү фитоценоздордун жыйындысы.

**КОМПЛЕКСНАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ**–комплекстүү климатология. Аба ырайынын типтеринин көп жылдык режимин климат деп эсептеген метод. «Комплекстүү климатология» деген терминди 1927-жылы советтик климатолог Е.Е. Федоров киргизген.

**КОМПЛЕКСНЫЕ АТЛАСЫ-** комплекстүү атластар. Сүрөттөп көрсөтүүчү аймактын көп кырдуу мүнөзүн чагылдырган географиялык атластар. Комплекстүү атластар табигый жана социалдык деп бөлүнөт.

**КОМПОНОВКА КАРТЫ**-картаны компоновкалоо (лат.compono–түзөмүн). Картографиялык сүрөттөөнүн баш-аягын тактап, жээк сызыгын белгилеп, ички элементтерин орду-орду менен жайгаштырып, кошумча мүнөздөмөсүн бириктирип бир бүтүн картаны түзүү.

**КОНВЕКТИВНОЕ ДВИЖЕНИЕ В АТМОСФЕРЕ**-атмосферадагы конвективдүү кыймыл. Температуранын тик абалда алмашуусунун таасири менен абанын жогору көтөрүлүшү.

**КОНВЕКТИВНЫЕ ОСАДКИ-** конвективдүү жаан-чачын. Жер бетинен ысып, көтөрүлүп бара жаткан абанын жолундагы топ булуттан нөшөрлөнүп жааган мөндүрлүү өткүн.

**КОНВЕКЦИЯ-** конвекция (лат. Convectio-жеткирүү, ташып баруу). 1.Тектоникада жердин кабыгынын астындагы, же мантиядагы заттардын өйдө-ылдый багыт боюнча кыймылдап орун алмашуусу, конвекция жылуулук режимин өзгөрүшүнө жараша болот. Кээ бир тектоникалык гипотезалар боюнча конвекциянын натыйжасында тоо (орогения), терең коңулдар, аралдык дугалар, геосинклиналдар жаралат. 2.Океанографияда океан сууларынын аралашуусундагы эң негизги механизм. 3. Метеорологияда жердин бетинен ысыган абанын атмосферага көтөрүлүшү.

**КОНВЕРГЕНЦИЯ-** конвергенция (лат. Conbergo- жакындаймын, ыктаймын). Деңиз сууларынын үстүнкү бетиндеги агымдар кошулуп, муздак сууну чөктүрүү.

**КОНГЛОМЕРАТ-** конгломерат (лат. Conglomeratns-жыштык тыгыздык). Кум, шагыл, алеврит жана башка тоо тектеринин сыныктарынан чогулуп цементтелип уюган тек.

**КОНДЕНСАЦИЯ**- конденсация (лат. Condensatio–ныкталуу, коюлу). Температуранын төмөндөшү, же басымдын азайышы менен абадагы каныккан суу бууларынын суюуктук, же катуу абалга айланышы.

**КОНЕЧНАЯ МОРЕНА**-аяккы корум. Тоо муздугунун агымы менен бирге сүрүлүп келип, этеке чогулган таш-томкорунду корумдар.

**КОНЕЧНАЯ МОРЕННЫЕ ОЗЕРА**- аяккы корумдагы көлдөр. Муздуктун этегинде таш-томкорунду корумдар менен тосулуп жаткан көлдөр.

**КОНЖЕЛЯЦИОННЫЕ ЛЬДЫ**- конжеляциялык муздар (фран. Conjelation- таануу, муздоо). Жер бетиндеги жана жер астындагы суулардын музу.

**КОНРАДА ПОВЕРХНОСТЬ**- конрада бети. Жер кабыгындагы гранит жана базальт катмарынын ортосундагы (үзүлмөлүү) чек арасы. Ал сейсмикалык маалыматтардын жардамы менен бөлүнөт. Сейсмо толкун узунунан кеткенде же кабык аркылуу өткөндө ылдамдыгы бирдей эмес көбөйүп 6 км.дан 6,6 км. сек. жетет. Терендиги 5-35км. Австралиялык геофизик В. Конраданын (1876-1962 ж.) атынан коюлган.

**КОНСЕКВЕНТНАЯ ДОЛИНА**- консеквенттик өрөөн (consegnens-туташ): Тоо тектеринин кабыгынын эңкейишине дал келип жаткан өрөөн.

**КОНСУМЕНТЫ**- консументтер (лат. Consumo-пайдаланамын, жеймин, колдономун). Продуценттер-автотрофтордон чогулган жана башка заттарга айланган азыктар менен тамактанган организмдер.

**КОНТИНЕНТ**-континент (лат. Continens- материк). Жер кабыгынын орчундуу бөлүгү. Анын үстүнкү бетинин көпчүлүгү дүйнөлүк океандан жогору жаткан кургактык. Калган чет жакалары океандын астында жатат. Континенттеги жердин катмарынын калыңдыгы 35-40км. чамасындагы гранитүү катмардан турат. Азыркы геологиялык заманда жер 6 континенттен турат; Евразия (53,8млн км$^2$), Африка (30,3 млн км$^2$), Түндүк Америка (24,2 млн.км$^2$), Түштүк Америка (17,834 км$^2$) жана Антарктида (14,1 млн км$^2$) чамасында.

**КОНТИНЕНТАЛЬНАЯ ЗЕМНАЯ КОРА**- континенттик жер кыртышы. Базальт, гранит жана чөкмө тектерден турган жердин материктик кыртышы. Орточо калыңдыгы 35-40км., максималдуулугу 75км.

**КОНТИНЕНТАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–континенттик чөкмөлөр. Кургактыктагы, материктеги жана суу турактарындагы (көл, дарыя)

пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары. Континенттик чөкмө негизинен жер бетиндеги мурда пайда болгон тоо тектердин физикалык, химиялык жана механикалык жол менен талкалануу процесстери менен үбөлөнүп жана алардын ошол жерге топтолушунан түзүлөт.

**КОНТИНЕТАЛЬНЫЙ БАССЕЙИН-** континенттик бассейин. Кургактыктагы суу бассейини.

**КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ ВОДОРАЗДЕЛЬ-** континенттик суу бөлгүч. Материктеги негизги суу бөлгүч, материктин ичиндеги жер бетинин эки тарапка эңкейишинин натыйыжасында пайда болгон бассейиндерди бөлүп турган чек ара сызык.

**КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ КЛИМАТ**–континенттик климат. Материктердин ички бөлүгүнүн климаты. Ири материктердин ички бөлүктөрү океан-деңиздерден алыс тургандыктан, алардын таасирине дуушар болбой, ашыкча нымдалбай кургак болот. Континент жайкысын ысып, кышкысын катуу муздагандыктан абанын басымы, температурасы, жаан- чачын, буулануу ж.б. жылдын мезгили боюнча кескин өзгөрмөлүү болот.

**КОНТРАКЦИОННАЯ ГИПОТЕЗА-** контракциялык божомолдоо (лат. Cotractio-куушурулуу, кысылуу, жыйрылуу). Тоо тектеринин катмарларынын катталуусу (бүктөлүүсү) жана тоо пайда болуу процесси жер кыртышынын суугандыгынын натыйжасында, жердин көлөмү кичирейип, радиусу менен аянты азайгандыктан келип чыгат деген илимий концепция. XIX-кылымдын аягында, XX-кылымдын башында франциялык геолог Л.Эли де Бомоп жана австралиялык геолог Э. Зюс тарабынан киргизилген.

**КОНТРАСНОСТЬ РЕЛЬЕФА**–рельефтин контрастуулугу (франц. Constraste–карама-каршылык). Рельефтин оң жана терс формаларынын тез алмашуусу. Рельефтин максималдуу карама – каршылыгы, аралдар догосунун зонасында байкалат.

**КОНУС-ВЫНОСА**–шиленди конус. Агын суулардын майнабынан (кум, шагыл, таш, чопонун аралашмасынын) чогулган жана сырткы көрүнүшү конустун формасындай болгон шиленди.

**КОНУС**–эшилменин конусу. Тоолордун беттериндеги тектердин сыныктарынан түзүлгөн эшилмелердин конусу. Жантайышы 30-40$^0$ чейин жетет.

**КОНЦЕВОЕ ОЗЕРО**–аяк көл. Каксоо жерлердеги агын суунун аягындагы көл. Мисалы; Тарим чөлүндөгү Лобнор көлү, Арал деңизи, Балкаш көлү ж.б.

**КООРДИНАТЫ**–координаттар (лат. Co, cum–бирге, жана ozdinatus-тартипке салуу, жөнгө салуу). Жердеги, же асман мейкиндигиндеги точканын абалын аныктай турган чоңдуктар.

**КОПРОЛИТ**–копролит (грек. korgos–кык жана lithos-таш). Деңиз жаныбарларынын (балык, ар түрдүү курттар, үлүлдөр ж.б.) кыгынын жер астындагы бастырмасы.

**КОПРОФАГИ**–копрофаги (грек.–corpros–кык, тезек жана phngos жечүлөр). Сүт эмүүчүлөрдүн тезеги менен тамактануучу жаныбарлар. Аларга сары чымын, коңуз ж.б. кирет.

**КОРА ВЫВЕТРИВАНИЯ**–талкалануу, үбөлөнүү кабыгы. Жердин бетиндеги тоо тектердин талкаланып, мейкиндикке төшөлгөн катмары. Бөлүнгөн шагыл, кум, чопо ж.б. чөкмөлөр ошол эле жерде калса калдык чөкмө деп аталат, ал эми орун которуп төшөлгөн болсо кайра жыйылган чөкмө деп аталат.

**КОРАБЕЛЬНЫЕ ВОЛНЫ**–кеме толкундары. Кемени жылдырган толкун.

**КОРАЛЛОВЫЕ БЕРЕГА**–коралл жээктери. Тропик алкагындагы деңиздердин коралдуу жээги.

**КОРАЛЛОВЫЕ ОСТРОВА**–коралл аралдары. Коралл имараттарынын бузулушунун натыйжасында пайда болгон аралдар.

**КОРАЛЛОВЫЙ ИЛ**–кораллдык тунма. Океандардын тропиктик бөлүгүндө, коралл дөбөлөрүнүн сырткы четинде, балчыктуу булуңдардагы ылайлуу чөкмө.

**КОРАЛЛЫ**–кораллдар. Деңизде жашоочу гидралар классына кирген көңдөй ичегилүү жаныбарлар.

**КОРДИЛЬЕРА**–кордильера (исп. cordillera-тоо тизмеги.) 1. Геоморфологияда топтошуп жаткан, же бири-бирине жарыш багыт менен созулган, бир нече кырка тоолордун тизмегин туюнтуучу термин. Мындай тоолордун тизмеги бири-бирине өрөөн, бөксө тоо, түздүк, көлдөрдүн бассейиндериндеги аймагы менен туташып турат. Мисалы; Кордильеранын айрым бөлүктөрүнүн багыты ар түрдүү, бирок жалпы багыты бир. Түштүк Америкада Анд тоосу Кордильеранын тармагы. 2. Геологияда Кордилера геосинклиналь

областынын кайрадан жанданып көтөрүлө баштаган бөлүктөрү, аскалуу аралдардын тизмеги.

**КОРЕННАЯ ПОРОДА**–жергиликтүү тек. 1. Алгачкы пайда болгон ордунан жылбаган тоо тектер. 2. Рельефти түзгөн тектердин эң байыркысы. Мисалы, төртүнчүлүк доордо калыптанган рельефти түзгөн чөкмө тектердин арасындагы, неоген доорунда пайда болгон салыштырмалуу байыркы тек.

**КОРЕННОЙ БЕРЕГ**–туруктуу жээк. Фундаментиндеги тоо тектери баштагы ордунан жылышып кеткен жээк. Борпоң чөкмө тектерден түзүлгөн жээктердин тескери маанисинде айтылат.

**КОРЕННОЙ ЛЕС**–алгачкы токой. Токой чарбасынын туура жүргүзүлгөн шартында, адам баласынын тескери таасиринен жабыр тартпай, өркүндөп-өсүп жаткан токой.

**КОРЕННЫЕ МЕСТОРОЖДЕНИЯ**–жергиликтүү кен. Жергиликтүү тоо тектеринин катмарындагы калыптанган кен- байлыктар.

**КОРИОЛИСА СИЛА**–кориолис күчү (Француз окумуштуусу Г. Кориолистин-Үcoridis; 1792-1843–ж-ж. ысымында). Эсептөө, же баштоо үчүн кыймылдуу точканын өз багытынан кыйшаюсун эсепке алуу үчүн киргизилген инерция күчтөрүнүн бири. Кориолис күчүнүн натыйжасын жердин суткалык айланышынан байкоого болот. Мисалы; эркин түшүүчү нерселер тик багытта түндүк жарым шарда чыгышты ал эми түштүк жарым шарда батышты карай кыйшаят. Кыйшаю бурчу аз, бирок жердин үстүндө чоң ылдамдыктагы (ракета, арт снарядда), ошондой эле узак убакыт бою кыймылда болгон нерселер (дарыя, аба жана деңиз агымдарында) даана байкалат.

**КОРИЧНЕВЫЕ ПОЧВЫ**–коңур күрөң топурак. Жер Ортолук деңиздин субтропиктик шартында жана муссон климаты үстөмдүк кылган областтардын бадалдуу токой өсүмдүктөрү өскөн чөйрөнүн топурагы. Күрөң түстө, структурасы чополуу, чириндилүү катмардан турат. Жер Ортолук деңиздин боюндагы өлкөлөрдө (Түштүк Европа, Африка), Кытай эл Республикасында (Хуанкэ дарыясынын төмөнкү агымында), Крымдын түштүк жээгинде, Чыгыш Закавказьеде, Орто Азиянын тоолорунда кезигет.

**КОРИЧНЕВЫЙ ИЛ**– күрөң ылай. Кычкылданган күрөң түстөгү ылай. Түндүк Муз океанынын боюнда кенен тараган.

**КОРОТКАЯ ВОЛНА**–кыска толкун. Толкундун узундугу деңиздин тереңдигинин жарымынан аз болгон толкун. Анын ылдамдыгы

толкундун узундугуна жараша болот да, тереңдигине көз каранды эмес.

**КОРРОЗИЯ**–коррозия (лат. Corrado–кырып жышыйым, сүрөмүн). Шамал, суу, мөңгү, муз ж.б. менен бирге жылган, же беттен кулаган шагыл, таш, кумдардын аскага урунганда талкаланып жемирилүүсү.

**КОРРОЗИЯ**--(лат. Corrosio–жеп жиберүү). 1. суунун химиялык таасиринен тоо тектердин оюлуп, жешилишинен жана оюктардын, үңкур-чуңкурлардын пайда болушу (гипс, акиташ теги); 2. Магманын минералдарды, тоо тектерин мурда пайда болгон кристаллдык бөлүкчөлөрдү жарым-жартылай эритип жиберүүсү.

**КОРУНД**-корунд (нем. Korund-рубин). Кычкылдар классына кирүүчү минерал, алюминийдин кычкылы. Химиялык формуласы $A_2O_3$ , составында 53,2 % аллюминий бар. Өңү -түсү составындагы элементтерге (Fe, Cr, Гi) карата ар түрдүү. Кызыл рубин, көгүш сапфир, түзссүз лейкосапфир деп аталат. Катуулугу Моос шкаласы боюнча–9, салыштырма салмагы–4. Корунд магмалык тоо тектеринде (сиенит), дайкаларда, метаморфоздолгон тоо тектерде, ж.б. кезедешет. Корунддун кооз түстүү мөлтүр кристаллдары (рубин сапфир) эзелтен бери асыл таш катары колдонулуп келген.

**КОСА**–коса. Деңиздер менен көлдөрдүн боюндагы сүйрү сайрон, кум жээги. Кум, чопо, чөгүндүлөрдөн турат. Ал жээктеги борпоң чөкмөлөрдүн толкундун күчү менен өйдө- төмөн сүрүлүп олтуруп, кайрадан катмарланышынын натыйжасында пайда болот.

**КОСМИЧЕСКАЯ ПЫЛЬ**–космос чаңы. Жылдыздар жана планеталар аралык мейкиндиктеги заттардын кычкылдары. Саманчынын жолун сүрөткө тартканда, космос чаңы коюуланган кара так түрүндө көрүнөт. Космос чаңы өлчөмү 1 мкм ден азыраак келген, диэлектирик бөлүкчөлөрдүн металлдар менен болгон аралашмасынан турат.

**КОСМИЧЕСКАЯ СЬЕМКА**–космостук сьемка, космосту сүрөткө тартуу. Космос мейкиндигине учуучу аппараттардын жардамы менен жерди, асман телолорун, тумандуулукту, галактикадагы түрдүү кубулуштарды сүрөткө тартуу.

**КОСМИЧЕСКОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ**–космос шооласы. Өтө чоң энергиянын бөлүкчөлөрүнүн агымы, жер атмосферасынын атомдорунун өз-ара аракеттенишинен пайда болгон шоола.

**КОСМОГОНИЧЕСКИЕ ГИПОТЕЗЫ**–космогониялык божомолдор (грек. kosmos–аалам жана goneia-пайда болуш). Космос телолорунун

жана алардын системаларынын пайда болушун, өөрчүшүн изилдөөчү илим. Космос системаларына жылдыздар, жылдыздардын тобу, күн системасы, күн, планеталар, спутниктер, астеориддер, кометалар, метеориттер кирет. Космогониялык изилдөөлөр–астрофизиканын башкы маселелеринин бири. Ал физикалык жана химиялык закондордо кеңири колдонулат.

**КОСМОПОЛИТЫ (БИОЛОГИИ)**–биологиядагы космополиттер (грек. kosmopolitos–космополит, дүйнө гражданы). Жер шарынын бардык континенттеринде кезигүүчү өсүмдүктөрдүн, же жаныбарлардын түрү, уруусу, тукуму, же андан чоң топтору. Аларга дан өсүмдүктөрү, таранчы түрүндөгү куштардын тукумдары, карга, түлкү, камыш кирет. Абсолюттук космополиттер болбойт алар белгилүү гана аянтта таркалган өсүмдүктөр менен жаныбарлардын эндемдиктерине карама-каршы түрлөр.

**КОСМОС**–космос, аалам (грек. kosmos–катар, тартип, дүйнө, аалам.). Галактикаларды, жылдыздарды ж.б. асман телолорун камтыган мейкиндик.

**КОСТЕНОСЫЙ СЛОЙ**–сөөктүү катмар. Жаныбарлардын сөөктөрүнүн сыныктарынан жана тиштеринен түзүлгөн катмар, же алар аралашкан тоо тектери.

**КОТЛОВИНА**– өрөөн, чуңкур. Жер бетинин чуңкурду ойдуңдуу жери. Анын төрт тарабы туюк, кээде карама-каршы эки жагы ачык болот. Мисалы, Ысыккөл өрөөнү. Кээде бул термин депрессия деген терминдин ордуна колдонулат. Океандардын түпкүрүндөгү чуңкурлар да, котловина деп аталат. Кыргызстанда Алайку, Зардалы, Тогузторо, Папан ж.б. чуңкурлар өрөөндөр бар.

**КОЧКА**- саздуу жердеги өңгүл-дөңгүл, бийиктиги 20см, диаметри 20-50 см. болгон микрорельефтин бир формасы. Тамыры жыш шиберлүү өсүмдүктөр (өлөң, дан уруктуулар) өскөн, талаанын шартында мыкты өнүгөт.

**КОЧУЮШИЕ ПТИЦЫ**- көчмөн куштар. Уясы турган жерден алыстыкка учуп кетип, кайра конушуна келген куштар.

**КРАЕВАЯ БОРОЗДА**- чет жөөк. Тоо муздуктарынын капталындагы мореналар менен тоонун капталынын ортосундагы ичке жээк.

**КРАЕВОЙ ПРОГИБ**–четки кайкы. Платформа менен геосинклиналдык областардын ашташкан жериндеги асимметриялык кайкы. Мисалы; Урал алдындагы жана Гималай алдындагы кайкылар.

**КРАСКИ МИНЕРАЛЬНЫЕ**– минералдык боектор. Материалдарды боеш үчүн керектелүүчү табигый пигменттер (охра, сурик, киноварь, мумия, бор, ляпис-лазур), көгүлтүр түстөгү кымбат минерал. Башка боечу компоненттерге темир, хром, марганец, жез, никель ж.б. элементтердин кычкылы жана гидрокислдери кирет. Табигый боектор көпкө чейин өчпөйт.

**КРАСНО-БУРЫЕ ПОЧВЫ**-кызыл күрөң топурак. Тропиктик саванналардын талаасында өөрчүгөн, чопо аралаш, гумусу 1,5-3% чамасында, темирлүү пленка менен капталган кызгылтым топурак. Африкада, Австалияда жана Түштүк Американын кээ бир райондорунда кезигет.

**КРАСНОВАТО-ЧЕРНЫЙ ПОЧВЫ СУБТРОПИЧЕСКИХ ПРЕРИЙ**- субтропикалык прерийдин кызгылтым кара топурагы. Нымдуу субтропиктик климаттык шартта, калың шибердин астында пайда болот да, гумус катмары 20-40 см, чириндиси 2-5%, реакциясы кычкыл, семиз топурак. Түндүк Аргентинада, Түштүк Уругвайда, АКШ ж.б. өлкөлөрдө кезигет.

**КРАСНОЗЕМ**- кызыл топурак. Нымдуу субтропикалык климаттын шартында, дайыма көгөрүп туруучу токой өсүмдүктөрүнүн астында, жерден оргуп чыккан тектердин үбөлөнгөн күкүмүнөн түзүлгөн топурак. Үстүнкү бетиндеги чириндиси 6-9%, кычкыл реакциялуу, алюминий менен темирдин кычкылына бай, түсү кызыл. Закавказьеде, Кореяда, Түштүк Японияда, Борбордук жана Түштүк- Чыгыш Кытайда, Чыгыш Австралияда, Аппалачтын түштүгүндө, Түштүк Чилиде, Түштүк Африкада кезигет.

**КРАСНЫЕ ВОДОРОСЛИ (БАГРЯНКИ)**- кызыл балырлар (багрянкалар-khodop-hyta). 1) Балырлар бөлүмү (тиби). Түсү (кочкул-кызыл, каралжын, саргыч тартып храмотофорлорунда хлорофилл, каротин, ксантофилл, кызыл жана көк-жашыл) пигменттердин катышуусу менен аныкталат. Кызыл балырлар топтолуучу кошумча азык заттар катарында май жана багрянка крахмалы бөлүнүп турат. Өтө тереңдиктеги бентосторго мүнөздүү, 4000 ге жакын түрү бар. Көп жана татаал клеткалуу кызыл балырлардын (анфельция, гелидиум, филлофора ж.б.) өкүлдөрүнөн агар-агар, агароид, карраген заттары алынат. Айрымдары (порфира) тамак катары колдонулат.

**КРАСНЫЙ СНЕГ** - кызыл кар . Бийик тоолордогу жана уюлдук өлкөлөрдөгү (Гренландия) балырлар (chlamydomonoishivatis) өскөн чөйрөнүн төмөн жагындагы, кызгылтым түскө боеолгон кар катмары.

**КРАТЕР**- кратер. 1.Жанар тоонун төбөсүндөгү лава атылып чыгуучу тегерек чуңкур. Кратердин түбүндө бир, же бир нече оозу болот. Ал аркылуу жердин астынан магма жана ар кандай вулкандык продукталар атылып, же агып чыгып турат. 2. Асман телосунун (Айдын, планеталардын) үстүндөгү метеориттер тийгенде оюулган чуңкурлар.

**КРАТЕРНОЕ ОЗЕРО**- кратер көлү. Өчкөн вулкандардын, же убактылуу бош кратерине жаан-чачындын суусу сарыгып толтурулган көл. Адатта мындай көлдөрдүн аянты анча чоң эмес, формасы боюнча тегерек, жээгинде булуң-буйткасы жок, салыштырмалуу терең болот.

**КРАТКОСРОЧНЫЕ ПРОГНОЗ**- кыска мөөнөткө алдын ала айтуу. Аба ырайын 3 суткага чейинки мөөнөткө алдын ала айтуу.

**КРЕМНИСТИЕ ПОРОДЫ (СИЛИЦИТЫ)**- кремнийлүү тектер, (силициттер). Составы бүт бойдон, же 50 % тен ашык кремнезем минералдарынан турган чөкмө тоо тектеринин тобу. Көбүнчө опал, хальцедон жана кварцтан түзүлөт. Алардын аралашмасынын кайсынысы басымдуулук кылса, ошого карата опалдуу, хальцедондуу, кварцтуу ж.б. деп аталат. Пайда болушу боюнча хемогендик (кремнийлүү туфтар), органогендик (диатомит, радиолфрит, спонголит) жана криптогендик (опока, терепеддик, кремень) деп бөлүнөт.

**КРЕМНИСТЫЙ СЛАНЕЦ**- кремнийлүү сланец. Катуу, кремнийлүү ныкталган чөкмө тек. Кварцтын күкүмдөрүнүн, кээде кварц менен халцедондун күкүмдөрүнүн аралашмасынан турат.

**КРЕМНИСТЫЙ ТУФ**- кремнийлүү туф (гейзерит, фиорит). Ачык түстүү ныкталган, же борпоң (туф мүнөздөнгөн), гейзердик, же ысык минералдык булактардын агымынын майнабынан чогулган, бирок басымдуу бөлүгү опалдан турган тектер.

**КРИК**- крик (анг. creek). Мезгил-мезгили менен кургап калган агын суу. Негизинен Австралия материгине маандык (Эйр Крик, Томсон Крик ж.б.)

**КРИОБИОНТЫ**-криобионттор (грек. Kryos-муздак, аяз, муз жана liontos-жашоочу). Муздукта, же кардын катмарында жашоочу организмдер. Мисалы; глетчер бүргөсү, кар хламидомонадасы.

**КРИОГЕНЕЗ** -криогенез (грек. Kryos-муздак, аяз, муз жана genesis-келип чыгуу). Криосферанын шартындагы физикалык, химиялык жана биологиялык процесстердин жыйындысы.

**КРИОКОНИТОВЫЙ ГОРИЗОНТ**- криоконит катмары. Глетчердик муздун катмарындагы чаң, кум, чопо ж.б. майда кыпындардын жыйындысы.

**КРИОЛИТОГЕНЕЗ**- криолитогенез. Муздуу тектердин көп жылдык тоңу.

**КРИОЛИТОЗОНА**- криолитозона. Жердин үстүнкү кабыгынын тоо тектери менен топурагындагы температурасынын туруктуу зонасы.

**КРИОПЛАНКТОН**- криопланктон. Бийик тоолордогу, же уюлдук өлкөлөрдөгү муз менен кардын үстүндөгү, муздак көлчүктөрдөгү микроорганизмдердин жыйындысы.

**КРИОТУРБАЦИЯ**-криотурбация. Жер астындагы тоңдун таасиринин натыйжасында кыртыштын үстүнкү бетиндеги өзгөрүүлөрдүн пайда болушу.

**КРИОФИЛЫ** –криофлдер (грек. kryos–суук, аяз, муз жана phileo - сүйөм). Муздун, же кардын үстүндөгү көлмөлөрдөгү, ошондой эле деңиз музуна каныккан суудагы организмдер. Суунун температурасы төмөндөп, муз тоңгондо ал организимдер муз менен кошо тоңуп калат. Криофилдерге бир клеткалуу балырлар, кээ бир курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер ж.б. кирет.

**КРИП**-крип (англ. Creep-жылуу). Беттен жылмышкан борпоң тектердин катмары. Ал эркин түшүү (оордук) күчүнүн жардамы менен аракетке келет.

**КРИПТОДЕПРЕССИЯ**- криптодепрессия (грек. Kryptos-жабылган жана лат. Depresio–төмөн түшүү). Таманы деңиз деңгээлинен төмөн, ал эми көлмөсүнүн бети жогору жаткан аянт. Мисалы; Байкал, Ладога ж.б. көлдөрү.

**КРИСТАЛЛ**- кристалл (грек. Krystallos-муз, тоо хрусталы). Табигый формасы көп кырдуулукка ээ болгон катуу заттар. Алардын атомдору, иондору, же молекулалары үч өлчөмдүү. Мейкиндикте закондуу ирет менен жайгашып, мезгилдүү кайталанып, кристалл торчону түзүп, анын көп кырдуу формада болушун шарттайт. Жаратылышта кездешүүчү жана техникалык катуу материалдар поликристаллдар деп аталат. Алар түрдүү багытта тиш-тиш болуп

жайгашкан көп сандуу майда кристаллдын бүртүкчөлөрүнөн турат. Жалгыздан турган кристаллдарды монокристал деп атайт.

**КРИСТАЛЛОГРАФИЯ**-кристаллография. Кристалдар жана заттардын кристаллдык абалы жөнүндөгү илим. Кристаллдардын пайда болушун, касиетин, түзүлүшүн жана симметриясын үйрөтөт. Геометриялык жана структуралык кристаллография деп экиге бөлүнөт. Геометриялык кристаллография кристаллдардын сырткы көрүнүшүн жана симметриясын үйрөтөт. Структуралык кристаллография ренгенструктуралык анализдин, электронография жана нейтронографиянын жардамы менен кристаллдардын атомдук-молекулярдык түзүлүшүн үйрөтөт.

**КРОВЛЯ ПЛАСТА-** катмардын жабуусу. Тоо тектеринин басылып ныкталган катмарынын үстү, төбөсү, бети, б/а. тектердин катмарынын үстүндөгү тектер.

**КРОВЯННОЙ ДОЖДЬ-** «кандуу жамгыр». Кызыл түстөгү жамгыр. Абадагы кызгылт чаңдуу булуттар алып келген кызылга боелгон жамгыр.

**КРОМАНЬОНЕЦ-** кроманьонец. (кроманьон адамдары). Палеолит заманынын акырында жашаган адам. Азыркы кездеги жашаган адамдарга түспөлү окшош. Термин 1868-ж. Кро-Маньон (Франция) үңкүрүндө адамдардын склеттеринин калдыгын таап алгандан кийин пайда болгон. Вюрм мезгилинин экинчи жарымына туура келет.

**КРОТОВИНА-** кротовина Топурак катмарындагы, ийинде жашоочу сүт эмүүчүлөрдүн чымын-чиркей менен тамактануучулардын ийини. Ага башка түстөгү майда топурак толуп, казганда даана көрүнүп турат. Ийиндин оозунда кичинекей топурак дөбөчө болот.

**КРУГОВОРОТ ВОДЫ В ПРИРОДЕ-** суунун жаратылыштагы айланышы. Жер шаарында суунун тынымсыз айланып жүрүшү, дүйнөлүк океандан 448 миң км$^3$ ., кургактыктан (жердин бетинен) 70 миң км$^3$ суу бууланып, анын көпчүлүгү конденсацияланып, жаан-чачын түрүндө кайра ордуна түшөт. Жер бетине түшкөн жаан-чачындын белгилүү бир бөлүгү жер астына сиңип, жер астындагы сууларга кошулат, дагы бир бөлүгү агын сууларга кошулуп кайра дүйнөлүк океанга барат. Муну чоң айланыш, ал эми суунун океан-атмосфера-океан болуп айланышын кичине айланыш деп атайт.

**КРУПНОЗЕРНИСТЫЙ ПЕСОК**-кесек кум. Дандуулугу 0,5-1,0 мм. келген кум.

**КРУПНОМАСШТАБНЫЕ КАРТЫ**- ири масштабдагы карталар. Масштабы 1:200000 жана андан да, ири масштабдагы карталар.

**КРУТОПАДАЮЩИЙ СБРОС** – тоо тектеринин жогортон төмөнгө тик түшүүсү. Тоо тектеринин жогору жактан төмөн карай тип-тик (45 0тук бурч менен) кулап түшүүсү.

**КРЯЖ** – кряж. Узунунан созулуп жаткан, анча бийик эмес, адыр сыяктуу бөксө тоолордун кыркасы (Тиман, Донецк кряждары).

**КСЕРОТЕРМИЧЕСКИЙ ПЕРИОД**–ксеротермикалык мезгил (грек. xozos–кургак жана therme-жылуулук). Муз доорунун соңундагы суббореал фазасына (4500-2500 жыл мурда) туура келген климаты кургак жана жылуу мезгил. Бул мезгилде саздар кургап, чым көңдүү катмарлар жиктүү горизонтторго бөлүнгөн, көлдөр тартылып, талаа өсүмдүктөрү чөлдүү талаа тилкесине кадам койгон.

**КСЕРОФИЛЫ**–ксерофилдер (грек. xeros–кургак жана phileo–сүйөмүн). Кургак климаттуу райондордогу нымдуулугу кемчил шартка ылайыкталган жаныбарлар. Мисалы; тыйын чычкан (күн ысыганда, ийнине кирип уктаган), көптөгөн кемирүүчүлөр жана чымын-чиркейлер, төөлөр ж.б.

**КСЕРОФИТЫ**–ксерофиттер (грек. xezos–кургак жана phyton–өсүмдүк). Нымдуулугу жетишсиз шартта өскөн өсүмдүктөр. Буга чөл, талаа зонасында өскөн ак кылкан, бетеге, чекенде, шыбак, күйрөк, сөксөл, актикен ж.б. кирет.

**КСИЛОФАГИ**– ксилофагдар (грек. xylon – дарак жана phagos- жегич). Бак- дарактардын сөңгөгү менен тамактануучу жаныбарлар. Тамакты ичеги-карындарындагы бактериялардын жардамы менен сиңире алат.

**КУЛИСООБРАЗНОЕ РАСЧЛЕНЕНИЕ**–катталыштуу тилмеленүү. Негизги суу бөлгүч кырдан тике тарамдалган тармактуу тоолор. Алар бири-экинчисине жашырынган абалда жайгашат. Мисалы; Батыш Кавказ арты тоолуу (Гагрин, Бзыбек, Кодар ж.б.), Батыш Сахалин тоолору, Ош тоолору ж.б.

**КУЛУАР**–кулуар. Жылга. Аскалуу тик беттерден төмөн түшүүчү жылгалар-коктулар.

**КУЛМИНАЦИЯ**–кульминация (лат. Culmen–чоку, кыр). Асман телосунун, суткалык кыймылы мезгилинде асман меридианы аркылуу өтүшү.

**КУЛЬТУРНЫЕ РАСТЕНИЯ**–маданий өсүмдүктөр. Адамдар өстүргөн өсүмдүктөр. М; арпа, буудай, жүгөрү, күрүч, буурчак, пахта, кызылча, коон, дарбыз ж.б.

**КУЛЬТУРНЫЙ ЛАНДШАФТ**–маданий ландшафт. Чарбанын ылайыгына карата адам баласы тарабынан өзгөртүлгөн ландшафт. Мисалы; чөлдөрдү сугарып, саздарды кургатып, токойлорду кыркып айдоо аянтына айландыруу.

**КУМ**–кум (түрк.). Кумдуу чөлдөр, кумдуу массивдер, шамал учурганда көчүп жүрүүчү кумдар айтылат. Көбүнчө сын атооч катарында өңү-түсү, формасы кошо айтылат. Мисалы; Каракум, Төөмоюн, Кызылкум, Бейшань, Алашань ж.б.

**КУСТАРНИК**–бадал. Бийиктиги 0,6-0,8 м. болгон, толук жетилгенде негизги сөңгөгү жок, көп жылдык жыгач өсүмдүктөрү.Жашы 10-20 жыл. Токойлорго чектеш жерлерде кеңири тараган (бадалдуу тала, токойлуу тундра). Токойлордун ичинде майда (жапыз) токойлорду пайда кылат. Мисалы; талдар, кайыңдар, маквис, шибляк ж.б.

**КУСТАРНИКОВАЯ ТУНДРА** – майда бадалдуу тундра. Жапыз кайың, тал жана эңилчек, мох аралашкан табигый зона.

**КУЭСТА**– куэста (исп. Cnesta- жантайма). Бир капталы тик жана кыска, экинчи капталы жапыз жана узун тарткан кырка. Капталы бир жакка жантайыңкы, бийик болбойт (Тоолуу Крым, Чоң Кавказдын түндүк капталы ж.б.) Тайпак жондуу тоолордо жон, тик капталдуу тоолордо кыр деп аташат.

## -Л-

**ЛАВА**–лава (лат. Labes–көчкү, кулап түшүү). Вулкандын атылышынан жер бетине агып чыккан илешмелүү суюк зат. Магмадан айырмасы, анда газ жок. Составына жараша ар түрдүү, эффузия тоо тектерин пайда кылат. Составы андезиттүү жана базальтуу лава тез агат. Ойдуңдуу жерлерди толтуруп, лава катмарын пайда кылып, тайпак.тоолорду, лава платосун түзөт.

**ЛАВИНА**–кар көчкү (нем. Lawine-көчкү). Кар көчкү, кар урандысы. Тоолордун капталы менен урап түшүүчү калың кар катмары. К.к. каптал менен жылмышып, же учуп түшүүсү мүмкүн. Кээде боор менен жылмышып олтуруп тоонун этегине жеткенде учуп түшөт. Көчкү жүргөндө жолундагы караган-бута, тоо-таш, имарат ж.б. түп тамырынан бери кыйратып кетүүгө жете турган кубаты болот. Көчкү жүргөндө анын күүсүнөн пайда болгон шамалдын күчү карагай, арча, эки кабат үйлөрдү ыргыта кое алат. Көчкүнүн ылдамдыгы орто эсеп

менен 20-30м. сек. көлөмү болсо бир нече млн.м$^3$ чейин жетет. К. к. Тянь-Шань, Памир, Кавказ ж.б. бийик тоолуу өлкөлөрдө кеңири тараган.

**ЛАВИННЫЙ ЛОТОК**-көчкү ноосу. Тоонун капталындагы көчкүнүн кары куюлуп өтүүчү ичке ноо, колот.

**ЛАВОВОЕ ИЗВЕРЖЕНИЕ**- лавалык оргуштоо. Эриген минералдык массанын вулкандан бүркүлүп чыгышы.

**ЛАВОВОЕ ОЗЕРО**-лавалык көл. Вулкандын каратерлерин, же оюктарын ээлеп жаткан өтө ысык базальт лавалары. Кээде мындай көлдөр катып да, калат. Мисалы; Гаваядагы Килауэан вулканынын кратериндеги бир далай убакытка чейин сакталып турган көл. Чыгыш Африкадагы Ньирагонго жана Ньямлагира вулкандарында мындай көлдөр басымдуу.

**ЛАВОВЫЙ ПОКРОВ**- лава жабыгы. Лавалардан оргуп чыгып, жер бетинде жайылып, кенен аянтка тарап жаткан кабык. Л. ж. суюк базальттын оргушунан келип чыгат. Мындай кулгуп чыгуу ири жаракалар, же жарыктар аркылуу жүрөт жана ал магмалык очоктун эришинен пайда болот.

**ЛАВОВЫЙ ПОТОК**-лава агымы. Вулкандан көлдөп чыккан лаванын жайылуу формасы. Жер бетинин жантайышына байланыштуу, анын узундугу туурасынан чоңдук кылат. Кычкыл лавалардын узундугу 1-10 км чамасында, базальттык лавалардын узундугу 60-80 км ге чейин жетет, бирок жука келет. М; Исландия вулканындагы Тредладингья лавасынын агымынын узундугу 120км.

**ЛАВРАЗИЯ**-лавразия (Лаврентий, азыркы Канада шити жана Азия деген аттардан). Жердин түндүк жарым шаарында палоезой доорунун орто ченинен тартып пайда болгон гипотезалык материк. Ал кенен деңиз бассейини (Тетс океаны) аркылуу Гондваны материгинен бөлүнүп турган. Кийинчээрек Түндүк Америка жана Евразия материктерине бөлүнүп, алардын ортосунда Атлантика океаны пайда болгон.

**ЛАВРЕНЬЕВ ЭПОХА**- лаврентий доору. Кембрийге чейин Түндүк Америкада бүктөлмөлүү процесс жүргөн доор. Азыр бул термин сейрек колдонулат.

**ЛАГУНА**-лагуна (итал. Laguna жана лат. Lasus–кел). Деңизге туташкан, бирок арасы кумдуу саяң. Коралл рифтери сыяктуу, борпоң тектердин дөбөсү менен бөлүнүп турган булуң, же тайыз көл.

**ЛАГУННЫЕ ОСАДКИ**- лагуна чөкмөлөрү. Туюк, же жарым жартылай туюк лагун. Алардын чөкмөлөрү негизинен кум, чопо кээде чымдуу ылайдан турат. Туздуу, суулу лагуналарда ар түрдүү туздар, гипс, ангидрит басымдуулук кылат.

**ЛАГУННЫЙ БЕРЕГ**- лагуналуу жээк. Ачык деңиздин жээгинде лагундук чөкмөлөрдүн жыйындыларынан түзүлгөн дөбөчөлөр. Саяңдар менен бөлүнүп, лагундардын тизмегинен турган жээк.

**ЛАДИНСКИЙ ЯРУС**- ладин ярусу. Триас системасынын ортоңку бөлүгүнүн үстүңкү ярусу. Швейцариянын чыгыш жагында жашаган элдердин атынан коюлган.

**ЛАЗУРИТ**-лазурит (ляпис-лазурь-lapis-таш, көк таш). Силикаттардын содалит тобундагы минералы. Химиялык формуласы $NaCa_8$ $AlSiO_{46}$ $CO_4Cl_1S_2$. Массасы ныкталган тек, кызгылт-көк, жашыл-көк түстөгү, томпок кыюу сымал формада болот. Имараттардын фундаментин, булуң-бурчтарын кыйып коoздош үчүн колдонулат. Көгүлтүр түстөгү боек жасоого да керектелет.

**ЛАЙДА**- лайда. Орусиянын түндүгүндөгү деңиздердин суулары мезгил-мезгили менен көтөрүлгөндө жээкти каптап кетүүдөн пайда болгон саздуу шалбаа. Мындай шалбаалардын туурасы бир нече километрге чейин жетет.

**ЛАККОЛИТ**- лакколит (грек. Lakkos-аң, чуңкурлануу жана lithes-таш). Жердин бетинен анча эмес тереңдиктеги жал сыяктуу интрузиялык тело.

**ЛАНДШАФТ ГЕОГРИФИЧЕСКИЙ**- географиялык ландшафт. Табигый территориялык комплекс, б.а. фозикалык географиялык райондоштуруудагы бирдиктердин негизги катарында кабыл алынган, табигый комплекстердин жыйындысы. Ошондой эле жаратылыштагы бир типтеги физикалык географиялык комплекстерди түзгөн, морфологиялык жана функционалдык өзгөчөлүктөрү бирдей, бир эле географиялык фундаменттеги, бирдей типтеги рельефтүү, климаттуу, топуракту, өсүмдүктүү жана белгилүү структурадагы биоценоздуу камтыган, бардык морфологиялык бөлүктөрдүн жыйындысы. Закондуу ирет менен эриш-аркак болгон комплекс, өтөк, фация ж.б.

**ЛАНДШАФТНАЯ СЬЕМКА**- ландшафтык сьемка. Карта түзүү үчүн ландшафты изилдөө. Маршруттук изилдөө жүргүзүү менен бирге, кээ бир мелжемдүү жерлерди коопсуздук үчүн текшерүү милдети коюлат. Сүрөттөөдө ири масштабдагы топографиялык карталар,

фотопландар, аэрофотосьемкалар жана космостук сүрөттөр кенен колдонулат.

**ЛАДШАФТНЫЕ КАРТЫ**-ландшафтык карталар. Ири масштабдагы комплекстүү физикалык географиялык (ландшафтык) карталар.

**ЛАНДШАФТОВ ВИД**- ландшафтардын кебетеси. Ландшафтарды типологиялык классташтыруудагы эң төмөнкү таксономиялык бирдик. Ал көрүнүшү бирдей типтеги рельефте жана геологиялык түзүлүштө өнүккөн топурак жана өсүмдүктөрдүн комплекстик тобунан калыптанат.

**ЛАНДШАФТОВЕДЕНИЕ** - ландшафтоведение. Физикалык географиянын табигый-территориялык комплекстерин, же болбосо өз-ара байланышкан жаратылыш компоненттеринин жыйындысын үйрөтүүчү илим. Кеңейтип айтканда Л. физикалык географиялык татаал бөлүкчөлөрдү жөнөкөй элементтерге ажыратуунун закондуулугун, географиялык ландшафтардын морфологиялык түзүлүшүн, пайда болушун жана өсүп-өнүгүүшүн, тарыхый өнүгүшүн изилдөөчү жана физикалык географиялык райондоштуруу, ага табигый жана антропогендик факторлорунун тийгизген таасири жөнүндөгү илим. Ландшафтын башкы методу-маршруттук изилдөө жүргүзүп карта чийүү, негизги милдети-аймакты рационалдуу пайдалануу, коргоо жана кайрадан көркө келтирүү болуп эсептелет.

**ЛАНДЫ**-ланды (фр. Landes–бош жер). Франциядагы Бискай булуңунун боюндагы деңиздин жээгин бойлоп жаткан ойдуңдуу мейкиндик.

**ЛАРАМИЙСКАЯ СЛАДЧАТОСТЬ**- ларами бүктөлмөлүүлүгү. Мезозойдогу бүктөлмөлүүлүктүн эң жаш доору. Бор доорунун аягынан баштап, палеогендин башына чейин Түндүк Америкадагы аскалуу тоолордо жана Түштүк Американын Анды тоосунда жүргөн. Термин «Аскалуу тоолордогу» Ларамин кырка тоосунун атынан коюлган.

**ЛАТЕРИТ**- латерит (лат. Later-кирпич). Нымдуу тропиктик жана субтропиктик областарга мүнөздүү кызыл түстөгү, темирдүү, же темирдүү чоподон турган элювиалдык чөкмө. Жер шарынын тропиктик зонасында латерит кенен тараган. Калыңдыгы 50м. ге чейин жетет. Юра заманынан азыркы мезгилге чейин өрчүп келе жатат. Латериттерде алюминий, темир, никел, марганец ж.б. аралаш жатат. Кыртыш тануу илиминде «латерит» деп топурактын кызгылт түстөгү катмарын айтат.

**ЛАТЕРИТИЗАЦИЯ**-латериттешүү. Нымдуу тропиктик жана субтропиктик климаттардын аллюмосиликаттык шартында тоо тектеринин терең жана көпкө чейин талкалануу процесси. Натыйжада 90%тен ашык $SiO_2$,Na,K, Ca, Mg бөлүнүп чыгат, калган кычкылдары (Al,Fe,T, жана Si кычкылы) латерит түрүндө ордунда калып жаңы каолинит, гипсит, гетит, гематит, анитеза минералдарын пайда кылат.

**ЛАТЕРИТНАЯ КОРКА**-латериттик кабык (кираса, темир, панцирь, ферриктер). Темир кычкылынан, темир суутек кычкылынан, чоподон жана кремнеземдун майда шагылдарынан жана ири тектерден турган ныкталган, көңдөйлүү тек. Латериттик шамалдануу кабыгынын үстүнкү катмарын түзөт. Жаан тез жаап, кайра чайыттай ачылып турган ариддик (каксоо) климаттын шартында өөрчүйт. Латериттик кабыктын калыңдыгы 3-5м, кээде 10-15м ге чейин жетет. Латериттик кабык борпоң тектерди жуулуп кетүүдөн сактайт. Натыйжада, рельеф өзүнүн алгачкы абалын сактап кала алат. Мындай рельеф тоолордо «тайпак жон», «тектир» формасында кылымдар бою өзгөрбөй кала берет.

**ЛАТЕРИТНЫЕ ПОЧВЫ**-латеритүү топурактар. Нымдуу экватордук жана тропиктик токойдун кызыл жана саргыч түстөгү топурагы. Анын составында темир жана аллюминий басымдуулук кылат. Ал эми кремнезем менен щелочтор жокко эсе. 20-кылымдын 50-жылдарынан тартып «латериттүү топурактар» feралиттүү топурак деп аталып келет.

**ЛАХАР**-лахар. Вулкандан атылып чыккан ысык материалдар, кратерлерден көлдөргө, агын сууларга аралашканда, же вулкандын тоосунун капталдарындагы кар-муздуктар эригенде пайда болгон сел. Ысык жана муздак лахар деп экиге бөлүнөт.

**ЛЕГЕНДА КАРТЫ**-легенда, карталардын легендасы (лат. Legenda-окууга мүмкүн нерсе). Картанын мазмунун түшүндүрүүчү шарттуу белгилер, түшүндүрмөлөр, цифралар ж.б.

**ЛЕД**-муз. Суунун муздап, катыган абалы. Муздун 10 модификациялык абалы бар. Бирок жаратылышта бир гана муз модификациясы кезигет. Ага материктик, калкып жүрүүчү жана жер астындагы муздар, ошондой эле кар, бубак кыроо ж.б. кирет. Муз сууга караганда таза, бирок анын составында чаң, топурак, газдар, таш, кум, ж.б. аралашмасы болот. Муздун орчундуу бөлүгү жердин уюлдук өлкөлөрүндө, негизинен Антарктидада топтолгон да, көлөмү

30 млн.км$^3$ түзөт. Күн системасынын планеталарында жана кометаларда муз бар деген божомолдор бар.

**ЛЕДНИК**- муздук, мөңгү. Жаан-чачындан пайда болгон, жер бети менен жылуучу муздардын чогундусу, тамактануучу жана сарп болуучу бөлүктөрдөн турат. Тамактануучу бөлүгү деп дайыма кар жаап, басырылып, бийиктик боюнча төмөн карай жылып турган төр жагы. Сарп болуучу бөлүгү төмөн жагындагы каткалаң муздан турат, ал жайкысын ээрип, өзөндүн суусун пайда кылат. Ошол эки бөлүгүнүн ортосунда кар сызыгы жатат. Мөңгүлөр формасы, көлөмү, аянты, тамактанышы, топографиялык абалы боюнча өтө аркыл келишет. Жер бетиндеги азыркы мөңгүлөрдүн аянты 16,1млн.км$^2$ түзүп, кургактыктын 11%тин ээлейт. Жалпы көлөмү 30млн. км$^3$. Жылмышуу ылдамдыгы ар кандай. Кээ бир мөңгүлөр жылбай да турат, тоо мөңгүлөр жана материктик мөңгүлөр болуп экиге бөлүнөт. Тоо мөңгүлөрү рельефтин уңкур-чуңкурларынан орун алып, асылган абалда, өзөн башында ар түрдүү морфологиялык форманы түзүшөт. Алардын төмөн жылышы тартылуу күчүнүн закондуулугуна көз каранды. Материктик мөңгүлөр ири аянтты ээлеп, кээде кырка тоолорду жаап жатат да, томпок формада болушат. Алардын кыймылы борборунан четти карай багытталган.

**ЛЕДНИКОВАЯ ДЕНУДАЦИЯ**-муздук талкалануу. Муздуктун кыймылы менен тоо тектерин уратып, ордунан башка жерге сүрүп барып таштоо кыймылынын жыйындысы.

**ЛЕДНИКОВАЯ ДЕСТРУКЦИЯ**- мөңгү деструкциясы. Муздуктун кыймылы менен тоо тектеринин жана рельефтин бузулушу.

**ЛЕДНИКОВА ДОЛИНА**-муздук өрөөнү. Тоо муздуктары иштеп чыккан эррозиялык өрөөн. Алардын капталдары менен таманы тепши формасында болот.

**ЛЕДНИКОВАЯ МЕЛЬНИЦА**-муздук тегирмени. Тоо мөңгүлөрү эригенде андан аккан суу муздукту оюп, тегирмендин ноосундай арыктарды пайда кылуусу.

**ЛЕДНИКОВАЯ РЕКА**-муздук суусу. 1) Жай айларында муздук ээриген мезгилде агып чыккан ылайлу суу. 2) Муздуктун үстү менен аккан, агымы кыска, бир аз агып барып муздуктун жарыгына кирип кеткен суу.

**ЛЕДНИКОВАЯ СТАДИЯ**-муздук стадиясы. Муз доорундагы салыштырмалуу кыска мөөнөткө климаттын муздашы жана аны менен кошо муздуктун кыймылынын убактылуу токтошу. Муз

кыймылы токтогондо мореналык корумдар көп топтолуп, муздуктун этегине жана капталдарына үймөктөшүп калат. М.с. кээде жылуу мезгилдер менен алмашып, стадиялар аралык мезгилди пайда кылат.

**ЛЕДНИКОВАЯ ТЕОРИЯ**–муздук теориясы. Жердин эбегейсиз мейкиндигин каптаган муздуктардын пайда болушу, өнүгүп–өрчүшү жөнүндөгү теория.

**ЛЕДНИКОВАЯ ШАПКА**- муздук калпагы. Тайпак жондо томпоюп жаткан жана туш тарабына самсаалап касаба түшүп турган муздуктар.

**ЛЕДНИКОВАЯ ШЛИФОВКА**–муздуктун жылмалоосу. Мөңгүлөрдүн жылышы менен тоо тектеринин беттерин сүрүп сызыкчаларды оймо-чиймелеп түшүрүүсү.

**ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА**–муз доору (гляциал). Жердин геологиялык тарыхында, климаттын кескин түрдө муздашынан, уюлдук өлкөлөрдө гана эмес мелүүн алкактын тоолорунда да, муздуктардын кенен аянтка таркаган мезгили. М.д. муздуктардын пайда болгон мезгилинен тартып толугу менен эрип кеткенге чейинки мезгилде кучагына алат. Андан экинчи жолку муздук пайда болгонго чейинки убакытты муздуктар аралык мезгилдер дейт. М.д. ичинде муздуктарынын тартылып, же ташып турушун мүнөздөгөн фазалар кайталанат.

**ЛЕДНИКОВОЕ МОЛОКО**–мөңгү сүтү. Муздуктун этегинен агып чыккан, ак чопо аралашкан ылай суу.

**ЛЕДНИКОВОЕ НАВОДНЕНИЕ**–муздук ташкын. Муздуктун үстүндө, же этегинде тосулуп жаткан көлдөрдөгү, суунун күтүлбөгөн жерден жарылып суу ташкынын пайда кылуусу. М; Борбордук Тянь-Шандагы Эңгилчек муздугундагы, эки чоң муздун ашталышындагы Мерцбахер көлү, ар жыл сайын бир жолу, кээде эки жолу жарылып турат. Натыйжада, Эңгилчектин суусу 4-5 эсе көбөйүп, өйүз-бүйүзүнө унаа менен каттоого кыйын болуп калат. Муздуктар жарылганда анын суусу 7-8 күнгө чейин агат, ошол мезгилде бардыгы 16 млн. $км^3$ жакын суу агып чыгат.

**ЛЕДНИКОВОЕ ОЗЕРО**–муздук көлү. Муздуктардын байыртадан берки өсүү тарыхында морена-коргул тосуп калган көлдөр, же эки муздук бири-бирине кыйгач кесилишкен жериндеги булуңга толгон көлдөр. М; Мерцбахер көлү.

**ЛЕДНИКОВОЕ ПОДПРУДНОЕ ОЗЕРО**–тосулуп калган бийик тоолордогу муздук көл.

**ЛЕДНИКОВОЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–муздук катмарлар. Муздуктар жылышканда омкоргон тектердин агын суулар аркылуу агып келип, ар кандай калындыктагы чөкмөлөрдү пайда кылышы.

**ЛЕДНИКОВЫЕ СТАКАНЫ**–мөңгүнүн стакандары. Муздуктун үстүндөгү таштар күнгө ысыганда муздук эрип, оюлуп, ар кандай терендикке түшүп кетет да, сырткы формасына караганда оюктар кадимки эле жумуру стакандарга окшош болот. Жайкысын муз эригенде алардын ичинде суу толуп калат.

**ЛЕДНИКОВЫЕ ТРЕЩИНЫ**–муздуктун жарыгы. Муздуктун жылышынын натыйжасында пайда болгон узун-туурасынан кеткен жаракалар. Мындай жаракалар ар түрдүү шартта пайда болот. Мисалы; мөңгү тик кокту менен жылып, таманындагы аскалуу секиден арта салынганда үстүңкү бети туурасынан бир нече жеринен жарылып кетет. Ал эми мөңгүнүн ортосу, четине салыштырганда ылдам жылып кетсе, чет жагы айрылып алардын ортосунда жарака пайда болот. Узунунан кеткен жарака муздуктун астында жайгашканда үстү ошол эле багыттагы жаракаларга ажырай берет. Муздуктун башындагы фирн областында касабанын туурасынан жарылышын бергшрунд деп атайт.

**ЛЕДНИКОВЫЙ АНТИЦИКЛОН**-муздук антициклону. Ири мейкиндикти ээлеген муздардын (негизинен Антарктида менен Гренландиянын ) үстүндө, абаны муздаткан таасирден пайда болгон жогорку атмосфералык басым областы.

**ЛЕДНИКОВЫЙ ВЕТЕР**–муздук шамалы. Муздуктун кыймылдап жылышын багыттап соккон шамал. Антарктидада, Гренландияда жана көптөгөн ири муздуктарда даана байкалат.

**ЛЕДНИКОВЫЙ ГРОТ**–муздук үңкүрү. Муздуктун этек жагындагы суу агып чыккан үңкүрлөр.

**ЛЕДНИКОВЫЙ КУПОЛ**– муздуктун куполу. Муздуктун жарым шарга окшогон (капталдары тик)томпок, төбөсү тайпак жондордо томпоюп жаткан формасы. Тоо муздуктарынын бир түрү.

**ЛЕДНИКОВЫЙ ПЕРИОД**–муз доору. Жердин геологиялык тарыхында суук жана жаан-чачындуу болуп, мөңгүлөрдүн пайда болушуна шарт түзгөн, салыштырмалуу узак доорлор. Мындай доорлор Түндүк Америкада төмөнкү протерозойдо, Африка менен Австралияда

үстүңкү рифейд, Европа, Азия жана Түндүк Америкада венде доорлорунда байкалган. Плейстоцен доорундагы муздуктар кыйла так изилденген, себеби, ал кездеги муздуктардын көптөгөн калдыгы ар түрдүү чөкмө түрүндө жакшы сакталган.

**ЛЕДНИКОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–муздуктардын рельефи. Гляциалдык рельеф. Тоо жана материктик муздуктардын кыймылдап жылышынын натыйжасында калыптанган жер бетинин экзорациялык формасы. Экзарациялык формага тоо тектерин томкоруп, жылмалап, оюп-чийүү белгилери, о.э. жер бетиндеги тепши, чылапчындай көрүнүштөгү өрөөндөр кирет. Мөңгүлүү катмарларга мореналык дөбөлөр, мореналык түздүктөр, флювиалгляциалдык формага-зандр түздүгү, кашаттар кирет.

**ЛЕДНИКОВЫЙ СТОЛ-** муздук столу. Муздуктун үстүндө жаткан ири көлөмдөгү жалпак таштардын тегереги эрип олтуруп төмөндөп кетет. Натыйжада, музга минген жалпак таш корооп өйдө көтөрүлүп калат да, сыртынан караганда орнотуп койгон столго окшош болот.

**ЛЕДНИКОВЫЙ ЦИКЛ**–муздук цикли. Кар, муздуктардын басымдуу таасири астында, рельефтин өнүгүү процессиндеги, биринен сала экинчисине карай туташ өзгөрүүлөрдүн жыйындысы.

**ЛЕДНИКОВЫЙ ЯЗЫК**–муздуктун этеги. Тоо муздуктарынын этеги, кар сызыгынан төмөн жатат.

**ЛЕДОВЫЙ РЕЖИМ**–муздук режим. Океан, деңиз, көл, суу сактагыч ж.б. көлмөлөрдөгү табигый шартта пайда болгон муз катмары. Ал тоңуу, калыңдануу жана бузулуу деген фазаларга бөлүнөт. М.р. абалы ар бир суу обөектилеринин орун алган кеңдигине, бийиктигине, басымдуу багыттагы атмосфералык айланышка жана жергиликтүү гидротермикалык шартка байланыштуу болот.

**ЛЕДОПАД**–муз касабасы. Тоо муздугу жаткан өрөөндүн таманындагы тик секиртмени аттап өткөндө, муздуктун туурасынан жарылып ири жаракаларды пайда кылуусу.

**ЛЕДОРАЗДЕЛ**–муз бөлгүч. Муздук жаткан өрөөндөрдү, коктуларды бири- биринен бөөлүп турган бийик кырлар.

**ЛЕДОСТАВ**–ледостав. Дарыядагы, суу бассейиндериндеги кыймылсыз муз катмары.

**ЛЕДОХОД**-үйөр. Көбүнчө жазында бузулуп, суунун үстүндө калкып аккан муз.

**ЛЕДЯНАЯ КАША**–муз буламыгы. Тоздоп аккан суунун үстүндөгү калкып жүргөн муздун эң майда сыныктары, жыбырлары.

**ЛЕДЯНАЯ КРУПА**-муз акшагы. Өлчөмү 5 мм чамасындагы кардын акшактай бүртүкчөлөрү.

**ЛЕДЯНАЯ ПУСТЫНЯ**–муз чөлү. Абанын температурасынын төмөндөшүнө жана жаан-чачындын кемчилдигине байланыштуу өсүмдүк өспөгөн муздук, аяздуу какыр чөлдөр. М; Борбордук Тянь-Шандагы Арабель, Кумтөр өрөөндөрүнүн сырттары.

**ЛЕДЯНОЙ ЗАБЕРЕГ**-муздун кыйуусу. Көлмөлөрдүн жээгине кыйуу сыяктанып тоңгон муздун тилкеси. Тилкенин туурасынын кеңдиги 100-200 м. ге чейин жетет.

**ЛЕДЯНОЙ ПОКРОВ**–муз жабуусу. Кышкысын океан-деңиздердин, көлдөрдүн ж.б. көлмөлөрдүн үсүнө тоңгон, жабуу сыяктанган муз кабыгы.

**ЛЕЖАНАЯ ОСАДКА**–жаткан чөкмө. Тоо тектеринин горизонталдык багытта жалпагынан жатып катмарланышы.

**ЛЕЙАС**-лейас (англ. Lias–таштуу, акиташ). Түштүк Великобританиядагы юра заманынын башталышына таандык болгон, ар кандай катмардагы чөкмө тектердин жергиликтүү аты, юра системасынын төмөнкү бөлүгү.

**ЛЕНТОЧНЫЕ ГЛИНЫ** – тасмалуу чопо. Муздуктун этегиндеги көлдөрдүн түбүнө, майда кумдан жана муздуктун суусунан сарыккан ылайдын кабат- кабат болуп чөкмөлөшү. Кабатталышынын себеби жайкысын кум, кышкысын ылай чөкмөлөгөндүктөн. Ар бир кош кабат чөкмө бир жылдык сызманы пайда кылат да, калыңдыгы мм дин бөлүгүнөн бир нече см ге чейин жетет. Сызмалуу чопонун калыңдыгы жылдын мезгилине жараша болот да, жаан-чачындын санына, күндүн жылышына жана муздуктун эришине байланыштуу. С.ч. Орусиянын Европалык бөлүгүнүн түндүк-батышында жана түндүгүндө, Скандинавиянын түндүгүндө, Польшанын, ГДР, АКШ, Канаданын түндүгүндө, Ысыккөл ойдуңунда, Сарыжаз, Нарын, Чүй, Тар, Каракулжа өрөөндөрүндө кезигет. Ар бир кош кабат чопонун саны муз доорунун, же андан кийинки замандардын геохронологиясын эсептөөгө мүмкүнчүлүк берет.

**ЛЕПИДОЛИТ**–лепидолит (грек. lepis-каңылтыр и lithos-таш). Катмардуу тунук минерал. Кызгылтым, ачык фиолеттүү, каңылтыр

жалбырактуу агрегатты түзөт. Литийлүү пегматиттерде жана грейзендин арасында кезигет.

**ЛЕС-** токой. Составында жыгачтардын көптөгөн ярусу басымдуулук кылган өсүмдүктөрдүн тиби, б.а. жыгач токоюнун тобу үстөмдүк кылган ландшафт. Токой тибиндеги өсүмдүктөрдүн тобу; жыгачтардын, бадалдардын, чөп өсүмдүктөрүнүн жана эңгилчек, мох тилкелерине (ярустарга) бөлүнөт. Токойлор бардык географиялык алкактарда кезигет да, кургактыктын 30 % ке чейинки аянтын ээлейт. Токойдун негизги типтери; ийне жалбырактуу, жазы жалбырактуу, дайыма, көгөрүп туруучу, жалбырагы түшүүчү, майда жалбырактуу, катуу жалбырактуу, тропиктик, субтропиктик, нымдуу тропиктик ж.б.

**ЛЕСНАЯ ПОЛОСА**–токойлуу тилке. Топуракты кургактыктан, шамалдан, эрозиядан сактоо максатында сызмадай тилке түрүндө дарактарды отургузуу. Мисалы, Ысыкөлдүн батышында катуу шамалдан топуракты тосуу максатында бир нече катар токой тилкеси отургузулган.

**ЛЕСНОЙ КЛИМАТ**–токой климаты. Материктердин мелүүн алкагындагы токой өскөн кендиктеринин климаты. Тайга жана мелүүн алкактын жалбырактуу токой климаты деп бөлүнөт.

**ЛЕСНЫЕ РЕСУРСЫ**–токой ресурстары. Өлкөнүн аймагындагы токойдун запасын (тоюттар, аңчылык, жапайы өскөн дарактардын мөмө-жемиши, дары–дармек өсүмдүктөрү) кучагына алган табигый ресурстар. Токой ресурстары жер шарынын аянтынын 30 % тин ээлейт. Дүйнөлүк жыгач ресурстарынын запасы 357,5 млрд м 3 . Орусиянын аймагында токой байлыгынын 5/1 бөлүгү бар. Анын ичинен 53,3 % ийне жалбырактуу дарактар түзөт. Ири токой ресурстары АКШда, Канадада жана Бразилияда орун алган. Кыргызстанда токой ресурустары республиканын аймагынын 3 % ээлейт.

**ЛЕСНЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ**-токойлуу субтропиктик зона. Түндүк жана түштүк жарым шардагы субтропикалык зонанын токойлуу тилкелери. Кээде муссондук аралаш токой зонасы, Жер ортолук деңиздин зонасы деп да, айтылат. Кышы жумшак болгондуктан, андагы өсүмдүктөрдүн вегетациясы жыл бою жүрүп турат.

**ЛЕСОПАРК**–токой паркы. Шаарлардын, өнөр-жайлуу борборлордун, жумушчу поселоктордун жашыл тилкелериндеги дарактуу бак- парк.

**ЛЕСОСТЕПНЫЕ ЗОНЫ УМЕРЕННОГО ПОЯСА**–мелүүн алкактын токойлуу талаа зонасы. Түндүк жарым шардын мелүүн алкагындагы токой жана талаа ландшафттары кезектешип, алмашып турган табиғый зона. Ири материктердин ичинде кездешет. Евразияда Дунай алдындагы түздүктөн баштап Алтайга чейин созулат. Кээ бир участкалары Түштүк Сибирде, Монголияда жана Ыраакы Чыгышта, да кездешет. Климаты мелүүн континенталдуу, кышы кардуу, суук (январдагы орточо температура -5–20$^{0}$ чейин жетет). Жазы жылуу, салыштырмалуу нымдуу (июлдун температурасы +18-25$^{0}$) . Жаан-чачындын саны жылына 400-1000 мм ге чейин жетет. Токойлуу сур топурак кара күрөң түстөгү кыртыш менен алмашып турат. Өсүмдүктөрүндө ийне жалбырактуу, жазы жалбырактуу токой өсүмдүктөрү менен бирге талаа түрүнө кирүүчү шиберлер басымдуулук кылат.

**ЛЕСОСТЕПНЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ**-токойлу талалуу субтропикалык зона. Токой жана талаа ландшафтары аралаш жайгашкан субтропикалык тилкенин табигый зонасы. Түндүк Америкада (Борб. жана Мексика алдындагы түздүктөрдө),Түштүк Америкада (Бразилия бөксөө тоосунда, Чыгыш Пампада),Түштүк-Чыгыш Африкада, Австралияда ж.б. жерлерде кезигет. Климаты субтропиктик муссондук. Орточо айлык температура +4-24$^{0}$, жылдык жаан-чачындын саны 600-1200 мм.

**ЛЕСОСТЕПЬ**-токойлуу талаа. Токой жана шибер өсүмдүктөрү аралаш өскөн өсүмдүктөрдүн тиби. Мелүүн жана субтропиктик алкакта кезигет.

**ЛЕСОТУНДРА**-токойлуу тундра. Субарктика зонасынын жаратылыш тилкеси. Евразия менен Түндүк Американын түндүгүндө тундра зонасынын астында, узундугу 30-50 км. ден 300-400 км. ге чейин тилке-тилке болуп жатат. Июль айынын орточо температурасы +10$^{0}$ С дан 14$^{0}$ С га чейин, январдыкы -10$^{0}$ тан -40$^{0}$ С чейин, жылдык жаан-чачындын саны 400 мм ге чейин жетет. Жер кыртышында көп жылдык тоң бар. Көлдөр, саздар көп. Чымкөңдүү, саздуу, ылайлуу чопо топурак үстөмдүк кылат. Өсүмдүктөрү ар түрдүү, көбүнчө сейрек өскөн бадал, сфагнум сазы жана шалба кезигет.

ЛЁС- лёс (нем. Loss- эркин, бош, борпоң). Бир тектүү, катмарсыз, көңдөйлүү, бир аз цементтелген, чопо менен акиташтын жана чопонун аралашмасы бар чөкмө. Түндүк Кытайда, Орто Азияда, Орусиянын Европалык бөлүгүнүн түндүгүндө, Борбордук Европада кеңири таралган.

**ЛЕССИВАЖ**-лессиваж (фр. Lessiver-щелочтоо). Кыртыш таануу илиминде чопо чөкмөлөрүнүн топуракка сиңиши.

**ЛЕТНЕЕ ВРЕМЯ**-жайкы убакыт. Сутканын күнөстүү убакытын рационалдуу максатта пайдаланыш үчүн бир саат алдыга жылдырылган алкактык убакыт.

**ЛЕТНИЙ ПАВАДОК**-жайкы суу ташкын. Тоолордогу кар, муздардын ээришинен, же нөшөрлөп жааган жамгырдын суусунан куралган, өзөндүн суусунун убактылуу көбөйүшү.

**ЛЕТО**-жай. Түндүк жарым шарда жайкы саратан (22 июндан 23 сентябрга чейинки)–жайдын толуп турган жыл мезгили. Июнь, июль, август айлары Түндүк жарым шарда ал эми декабрь, январь, февраль айлары Түштүк жарым шарда жай айларына туура келет.

**ЛЕТУЧИЙ** песок- учуучу кум. Чөлдөгү мейкиндиктеги, же деңиздин жээгиндеги бош кумдардын учушу.

**ЛИАНЫ**-лианы (фр. Liez-чырмаштыруу). Тез өсүп чыгуучу жана айлана-чөйрөсүндөгү өсүмдүктөргө чырмалып, оролуп өсүүчү ичке сабактуу өсүмдүктөр.

**ЛИВЕНЬ**-нөшөр. Кара нөшөр, нөшөрлөп жааган жамгыр, көнөктөп кыска мөөнөткө жааган жамгыр. Мелүүн алкакта муздак фронттун циклону каптаганда пайда болуучу конвекциялык жамгыр.

**ЛИВНЕВЫЙ СТОК**- жамгырдан жаралган агым. Нөшөрлөп жааган жамгырдын суусунан куралган суу. Суунун деңгээли тез көтөрүлүп, кээде ташкын пайда болот. Мисалы, Ысыккөл өрөөнүндөгү Чоң Кызылсууда нөшөрлөп жамгыр жааганда төштөгү кызыл жошону жууп, сууну кызыл түскө боеп жиберет жана деңгээли кыйла көтүрүлүп, чыгымы 20-30% көбөйөт. Мындай агымдар жаз айларында Кыргызстандын бардык дарыя өрөөндөрүндө байкалат.

**ЛИГВАЦИЯ**- лигвация. Суюлтуу, эритүү, б.а., температураны төмөндөтүү жолу менен магманы бири-бирине аралашпай турган эки эритмеге ажыратуу.

**ЛИМАН**-лиман (грек. Limen-гавань, булуң). Өзөндүн деңизге куйган жериндеги ичке тарткан булуңу, деңиздин жанындагы туздуу көл. Көбүнчө андай жерде дарылык касиети бар баткак көп болот. Лиман деңиз тарабына карата ачык, жабык, кээде деңизден бөлөк да, турат.

**ЛИМАННЫЙ БЕРЕГ**-лимандуу жээк. Деңиздин боюндагы саздак жээк.

**ЛИМНИОН**- лимнион (грек. Limnion-кичине көл). Көлдөрдөгү эркин суулу зона.

**ЛИМНОЛОГИЯ**- лимнология (грек. limne-көл жана logos-саз окуу) К. Озероведение.

**ЛИМНОПЛАНКТОН**-лимнопланктон (грек. limne-көл жана планктон). Көлдөрдө жана дарыяларда жашоочу, суунун агымы менен бир жерден экинчи жерге которулучу жаныбарлар жана өсүмдүктөр.

**ЛИМНОФИЛЫ**-лимнофилы (грек. limne–көл жана phileo сүйөмүн). Көлдөрдүн, же суу сактагычтын мелтиреп тынч турган тунук суусундагы организмдер.

**ЛИНЕЙНАЯ ЭРОЗИЯ** –сызыктуу эрозиясы. Агымдын күчү менен жер бетинин узунунан жуулуп, жарлуу сайга айланышы.

**ЛИНЕЙНЫЙ МАСШТАБ**-сызыктуу масштаб. Бирдей кесиндилерге бөлүнгөн түз сызык. Андагы ар бир эки кесиндинин ортосундагы аралык см. менен белгиленет, жердин натурасы боюнча аралыгына туура келет. Карта боюнча аралыкты ченөө үчүн колдонулат.

**ЛИНИЯ НАРУШЕНИЯ**–бузулуштун сызыгы. Геологиялык катмарлар тик багыт боюнча жылышканда алардын бир багыт боюнча жарылып бузулушу.

**ЛИНИЯ ПЕРЕМЕНЫ ДАТЫ**–даталардын алмашуу сызыгы. Убакыттын бир эле мезгилинде, календардык даталары бир суткага айырмаланган жерлерди бөлүп турган, жер шарындагы шарттуу сызык. Д.а.с. түндүк уюлдан башталып, Беринг кысыгын кесип өтүп, 180-меридиан аркылуу түштүк уюлга барып такалат. Бул сызыктын эки тарабында жайгашкан жерлерде сааттар, минуттар бири-бирине дал келет, ал эми календардык даталар бир суткага айырмаланат. Д.а.с. чыгыш тарабында календардык число батыш тарабына караганда бир күнгө кем. М: корабль, же самолет менен д.а.с. батыштан чыгышына карай кесип өткөндө календардык бир күн артка жылат, б.а. батыштан 2-май күнү саат 10 до д.а.с. чыгышка кесип өткөндө 1-май күнү саат 10 гө дуушар болот. Демек календардан бир күн жоголот. Ал эми д.а.с. чыгыштан батышка кесип өткөндө, тескерисинче, календарга бир күн кошулат. М: д.а.с чыгышында 1-май болсо, батышка өткөндө 2- май болуп калат. Д.а.с. – саякат мезгилинде айдын күндөрүн туура эсептөө үчүн пайдаланылат.

**ЛИПОВЫЙ ЛЕС** – липа токою. Кадимки липа (Lilia cordata) дарагы басымдуулук кылган, жазы жалбырактуу, жайкысын жашыл токой.

**ЛИСТВЕННЫЙ ЛЕС**- жалбырактуу токой. Жайкысын көгөрүп туруучу дуб, бук, граб, вяз, клен, ошондой эле майда жалбырактуу өсүмдүктөрдүн токою.

**ЛИСТВЕННЫХ ЛЕСОВ УМЕРЕННОЙ ЗОНЫ (КЛИМАТ)**– мелүүн зонанын жалбырактуу токой тилкесинин климаты. Тайганын климатына салыштырганда мелүүн, континенталдуулугу аз климат. Жай айларынын температурасы +10$^0$С жогору (бирок +22$^0$ стан ашпайт), кышы анча ызгаардуу эмес. Жылдык жаан- чачындын саны 500-800 мм.

**ЛИТОГЕНЕЗ**- (грек. Lithos- таш жана genesis-туулуу, жаралуу, келип чыгуу). Чөкмө тоо тектердин пайда болушу жана андан ары өзгөрүү процесстеринин жыйындысы. Негизги факторлоруна тектоникалык кыймыл, климат жана органикалык дүйнө кирет. Литогенез цикли төмөнкү стадияларга бөлүнөт: 1. чөкмө тектердин пайда болушу; талкалануу, тегизделүү б.а. вулканогенез; 2. чөкмө тектерден кайрадан жаралган тунманын физикалык-химиялык тең салмактанышы-диагенез; 3. чөкмө тектердин тарамдалышы жана чөкмөлөнүү б.а. седиментогенез; 4. Жаңыдан пайда болгон тектердин орун алган тереңдигиндеги, басым менен температуранын өсүшүнө байланыштуу кайрадан өзгөрүшү-катагенез; 5. тереңдиги өскөн сайын өзгөрүшү-метагенез, же метаморфизм.

**ЛИТОЛОГИЯ** – литология (грек. lithos-таш жана logos-сөз, окуу). Азыркы чөкмөлөр, чөкмө тоо тектери, алардын составы, түзүлүшү, келип чыгышы жана мейкиндик боюнча жайланышуу закондуулугун үйрөтүүчү илим. Л. илими стратиграфия, тектоника, палеогеография, геохимия, палеонтология, климатология, о.э. физико-химиялык, биологиялык жана математикалык илимдердин циклдери менен тыгыз байланышта. Л. илиминин негизги милдети чөкмө тектердин заттык составын, структурасын жана текстурасын изилдөө. Ал петрографиялык, минералогиялык, химиялык, фациалдык жана формациялык анализдерге, ошондой эле салыштырмалуу–литологиялык анализге таянат.

**ЛИТОРАЛЬ**-литораль (лат. Litoralis-жээктик). Деңиз суусунун мезгил-мезгили менен көтөрүлүсү болгондо нымдалган, ал эми тартылганда кайрадан кургап тура турган деңиз жээгиндеги экологиялык зона.

**ЛИТОРАЛЬНАЯ ФАУНА**–литоралдык жаныбарлар. Литораль зонасындагы жаныбарлардын тобу. Аларга бир топ омурткасыздар

(курттар, сөөлжан, үлүл сымалдуулар ж.б.) жана балыктар кирет. Литораль зонасы бирде суу менен жайпалып, бирде кургап тургандыктан андагы жаныбарлар да, ошондой кескин өзгөрмөлүү табигый шартка ылайыктуу болушат.

**ЛИТОРАЛЬНАЯ ФЛОРА**–литоралдык өсүмдүктөр. Литоралдагы өсүмдүктөр дүйнөсү. Алар жашыл, сур, кызыл жана көк- жашыл түстөгү балырлардын кыртышка жабышкан түрлөрүнөн турат.

**ЛИТОРАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–литоралдык чөкмө. Литораль зонасындагы чөкмө тектер, алар составы боюнча ар түрдүү; чөкмө таш, шагыл, кум, чопо ж.б. турат.

**ЛИТОСОЛИ**–литосоли. Бийик тоолордун кыр-чокуларындагы борпоң тектерге аралашып жаткан жука катмардуу топурак.

**ЛИТОСФЕРА**- литосфера (грек. Lithos-таш жана sphaira-шар). Жердин үстүңкү катуу кабыгы. Ага жердин жогорку мантиясынын үстүңкү бөлүгү кирет. Литосферанын эң төмөнкү таманын астеносфера деп атайт.

**ЛИТОФИТЫ**–литофиттер (грек. lithos–таш жана phyton-өсүмдүк). Аска-таштарга өскөн эңилчектер жана балырлар.

**ЛИШАЙНИКИ** – эңгилчектер (lichenophyta). Эки организмдин бири-бирине биригип жабышып алып, бири-бирине пайдалуу таасирин тийгизүүчү мамиледеги (симбиоз абалындагы), козу карындар менен балырлардан турган өсүмдүктөр. 20 миңге жакын түрдөн турат. Козу карындардын кабчыктуу түрлөрү үстөмдүк кылса, балырлардын жашыл жана көк жашыл түрлөрү үстөмдүк кылат. Эңгилчектер – кабыктуу, жалбырактуу жана түптүү деп бөлүнөт. Симбиоздук катнашта болгондугуна жараша алар башка өсүмдүктөр өсө албай турган жылаңач аскаларда, арык жерде өсө беришет.

**ЛИШАЙНИКОВАЯ ТУНДРА** –эңгилчектүү тундра. Өсүмдүктөрдүн составында эңгилчек (Cladonia. Cetraria ж.б.) басымдуулук кылган кургак жана таштуу тундра.

**ЛОЖБИНА**–коо, кокту, колот. Узатасынан кеткен чуңкур жердин аты.

**ЛОЖБИННЫЕ ОЗЕРА**- колот көл. Төртүнчүлүк заманындагы муздуктардан агып чыгып ичке колотко чогулган көл.

**ЛОЖЕ ЛЕДНИКА**- муздуктун тамaны. Мөңгүнүн астыңкы бети турган тегиздик.

**ЛОЖЕ ОКЕАНА** – океандын таманы. Дүйнөлүк океандын түбүндөгү рельефтин элементи жана геологиялык структурасы. Жердин бетинин эң терең чуңкурун (6-7 миң м тереңдиктеги) ээлейт.

**ЛОКАЛЬНЫЕ МОРЕНА**–бөкөн морена (лат.-locahis- жергиликтүү). Жергиликтүү тоо тектеринин сыныктарынан чогулган морена, корумташ.

**ЛУГ**-шалбаа. Чөп чабылуучу, же жайыт болуучу шалбаа. Өсүмдүктөрүнүн орчундуу бөлүгү ар түрдүү чөптөрдөн жана дан уруктуулардан турат. Көбүнчө дарыялардын боюнда, сугарылуучу саздак жерде өсөт. Тоолордо токой тилкесинен жогору жатат.

**ЛУГОВАЯ СТЕПЬ**–шалбаалуу талаа. Шалбаага окшогон талаа өсүмдүктөрүнүн түрлөрү таркаган аймак.

**ЛУГОВО–БУРЫЕ ПУСТЫННЫЕ ПОЧВЫ**–жарым чөлдүү шалбаалуу буурул топурактар. Жердин астынан, же үстүңкү бетинен кошумча нымдалуука дуушар болгон шартта пайда болгон, жарым чөлдүн шалбаалуу буурул топурактары. Гумустуулугу жогору жана төмөнкү катмары ченелүү болот.

**ЛУГОВО-КАШТАНОВЫЕ ПОЧВЫ-** шалбалуу каштан топурактар. Каштан топурагынын арасында кошумча нымдалган чуңкурлардын топурагы кезигип, каштан топурагына караганда гумустуу (чириндилүү) жана карбонаттуу келет.

**ЛУГОВО–СЕРОЗЕМНЫЕ ПОЧВЫ**–шалбалуу сары топурак. Саргыч тарткан ак топурактын кошумча нымдалышынын натыйжасында пайда болот да, ак топуракка салыштырганда кыйла семиз, чириндилүү келет.

**ЛУГОВО–ЧЕРНОЗЕМНЫЕ ПОЧВЫ**–шалбалуу кара топурактар. Кара топурактуу зонада ашыгыраак нымдалуунун натыйжасында пайда болгон шалбалуу талаа топурагы. Горизонттору кыйла жогору гумустуу келет. Евразиянын жана Түндүк Американын түздүгүндөгү талаа тилкесинде кезигет.

**ЛУГОВЫЕ ПОЧВЫ**–шалбалуу топурактар. Талаа зонасындагы шалбаа өсүмдүктөрүнүн нымдуу шартында пайда болгон топурак. Морфологиялык горизонтторго ачык бөлүнүп, чириндилүү келет. Шалбалуу топурактар табигый зоналардагы шарты туура келген жерлерде кезигет.

**ЛУГОВО БОЛОТНЫЕ ПОЧВЫ**– шалбалуу саз топурагы. Ойдундуу саздак жердеги, нымдуулугу туруктуу шартта пайда болгон топурак. Профили боюнча чым көңдүү, чириндилүү горизонттордон турат.

**ЛУКА**- лука. Өзөндүн суусунун догоо сымал ийрими. Волгадагы Самара лукасы.

**ЛУНА**-ай. Жердин табигый спутниги. Жерди эллипс орбитасы боюнча, андан 384 миң км аралыкта айланып турат. Айдын радиусу 1738 км., үстүңкү бетинин температурасы $+130^0$ дан– $170^0$ чейин өзгөрөт, орточо тыгыздуулугу 3350 кг.м$^3$. Күндүн нурун чагылдырып жарык берет, үстүңкү бети түз эмес, оюк- чуңкуру көп. Алар метеориттер түшкөндөн пайда болгон. Айдын топурагы (реголит) борпоң, составында кесек кумдары көп. Айдын пайда болушу жөнүндө 4 концепция (урунуу, кош акреция, тартып алуу, бөлүнүү) бар.

**ЛУННОЕ ЗАТМЕН**–Айдын тутулушу. Айдын дискасынын караңгыланган астрономиялык кубулушу. Ай менен күндүн ортосуна жер дал келгенде, кээде ай жердин көлөкөсүнө толук, же жарым–жартылай киргенде ай тутулуу болот. Эгерде жер айдын бетин толук жаап калса толук тутулуу, ал эми жарым- жартылай жаап калса толук эмес тутулуу болот, тутулуу ай толуп турганда гана байкалат.

**ЛУННЫЙ ГОД** – Айдык жыл. 12 айды кучагына алып, узактыгы орто эсеп менен 354, 3 саат, 67 мин. 56 сек. барабар. Байыркы мезгилде ай жылын 354 күн, айды 30 жана 29 суткадан турат деп эсептешкен.

**ЛУННЫЙ ПРИЛИВ** – Ай ташкыны. Айдын өзүнө тартуу күчү менен деңиз суусунун деңгээлинин көтөрүлүүсү. Океан-деңиздин жээгинде жайгашкан аймактарда ачык байкалат.

**ЛЬДИНА**-муз. Сууда эркин калкып жүрүүчү муздун ири сыныктары.

## -М-

**МААР**- маар. Вулкандын газы атылгандан пайда болгон цилиндр формасындагы жердин оюгу, диаметри 3200 м ге, тереңдиги 300-400 м ге чейин жетет. Нымдуу климаттын шартында мындай оюктарга суу толуп, көл пайда кылат. М; ФРГдагы Лахерзе жана Франциядагы Павыен менен Годиваль көлдөрү.

**МАГМА**-магма (грек. magma-коюу май). Жердин түпкүрүндөгү от болуп, балкып турган суюк силикаттык зат, масса. Эритме көптөгөн химиялык элементтердин (кислород, кремний, алюминий, темир,

магний, кальций, натрий жана калий) аралашмасынан турат. Мындан тышкары магманын составында ар түрдүү учуп кетүүчү заттар (суу, углерод кычкылы, күкүрттүү водород, фтор, хлор ж.б.) да, кезигет. Силикатсыз магма сейрек кездешет, магма шелочтуу – карбонаттуу жана сулфиддүү деп бөлүнөт. Магма оргуп чыкканда жердин бетинде магмалык тоо тектер пайда болот.

**МАГМАТИЗМ**–магматизм. Магма массасынын пайда болушу, анын өөрчүп-өнүгүшү, катуу тоо тектери менен өз-ара аралашуусу жана сууп катууланув процесси, жердин түпкүрүндөгү активдүү кыймылдардын жаралышы. Ал жердин тектоникалык өнүгүшү жана жылуулук тарыхы менен тыгыз байланышта болот. Жайгашышы боюнча; геосинклиналдык, платформалык, океандык, тереңдиги боюнча; абиссалдык, гипабиссалдык, вулкандык деп бөлүнөт.

**МАГМАТЧЕСКИЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–магмалык тоо тектер. Магманын катышынын натыйжасында пайда болгон тектер. Интрузивдик (гранит, сиенит, дуенит) жана эффузивдик (базальт, андезит) тектер деп бөлүнөт. Магмалык тоо тектер көбүнчө силикаттардан турат. Составындагы кремнеземдин катышы боюнча; эң негизги –(40 % төмөн), негизги –(40-50%), орто –(56-60 %, кычкыл (65 % ашык) деп бөлүнөт. Алардын бөлүнүшүнө карата түрдүү запастагы кен байлыктар пайда болот. М; кычкыл м. т.т. калай, вольфрам, алтын; негизги м. т. т-р – жез; эң негизги м.т.т. – хром, платина, никель ж.б; шелочтуу м. т.т-де –фосфор, цирконий, сейрек кезигүүчү элементтер болот.

**МАГМАТИЧЕСКИЕ МЕСТОРОЖДЕНИЯ**–магмалык кен- байлыктар. Баалуу компоненттерди кучагына алган, магмалык массанын оргуштап чыгышы басаңдаганда, сууп катыган тектердин арасында пайдаболгон кен байлыктар. М; темир рудасы, хром, ванадий ж.б.

**МАГНИТНАЯ АНОМАЛИЯ**–магниттик аномалия. 1. Жердин магниттик талаасынын өзүнүн нормалдык абалынан (маанисинен) өзгөрүүсү. Континенттик (Чыгыш Сибирдеги, аянты 10-100 миң км$^2$), аймактык-жергиликтүү (аянты 1-10 миң км$^2$) деп бөлүнөт. Биринчиси жердин ядросундагы заттардын кыймылынын өзгөчөлүгүнө, көбүнчө кристалдык фундаментине байланыштуу болсо; экинчиси жердин кабыгынын түзүлүш өзгөчөлүгүнө, байланыштуу өөрчүйт. Мындан башка жердин үстүңкү кабыгынын бирдей эместигине байланыштуу локалдык м.а. пайда болот.

**МАГНИТНАЯ БУРЯ**–магниттик бороон. Жердин магнит талаасынын бир нече суткага чейинки эң күчтүү тычсызданышы. Күн шамалынын параметринин өзгөрүшүнүн натыйжасында пайда болот.

**МАГНИТНОЕ НАКЛОНЕНИЕ**–магниттик жантаю, ийилүү. Геомагниттик талаанын чыңалуусунун вектору менен мейкиндиктин горизонтунун ортосундагы бурч.

**МАГНИТНОЕ СКЛОНЕНИЕ**– магниттик кыйшаюу, эңкейиш. Мейкиндиктин бир точкасындагы географиялык меридиан менен магниттик меридиандын ортосундагы бурч. Эгерде магниттик стрелка географиялык меридиандан чыгышка карата кыйшайса (же жүткүнсө) оң, ал эми батышка жүткүнсө–сол кыйшаюу деп айтылат.

**МАГНИТНЫЙ АЗИМУТ**–магниттик азимут. Жер бетиндеги белгилүү бир точканын магниттик меридианынын мейкиндиги жана вертикаль боюнча ошол точка аркылуу өткөн мейкиндик багытынын ортосундагы бурч менен аныкталуучу азимут.

**МАГНИТНЫЙ МЕРИДИАН**– магниттик меридиан. Жердин бетиндеги геомагниттик талаанын сызыгынын багыты. М.м. магниттик уюлдан түндүккө жана түштүккө карата созулуп, чырмалышкан татаал сызыктардан турат.

**МАГНИТНЫЙ ЭКВАТОР**– магниттик экватор. Жердин бетиндеги магниттик талаанын кыйшаюусу жана вертикалдык түзүүчүсү $0^0$ барабар болгон жер бетиндеги туюк сызык.

**МАГНИТОСФЕРА**– магнитосфера. (магнит жана шар). Физикалык касиети жердин магниттик талаасы менен аныкталган жана космостук кукумчөлөр менен жугуштанган, жерге чектеш мейкиндик. Жердин м. анын жарык (күн) тарабында жердин 8-14 радиусуна, ал эми караңгы (түн) тарабында жердин бир нече жүз радиусуна чейинки аралыкка созулат.

**МАДАГАСКАРСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**– Мадагаскар жаныбарлар областы. Мадагаскар жана ага чектеш жаткан аралдарды кучагына алган область. Мында лемуралар (36 түрү) көп кездешет. Тенректер (кылдуу кирпи чечендер) тукуму, канаттуулардан; таранчы, кекилик жана кирумбо жергиликтүү жаныбарлардын негизин түзөт. Сүт эмүүчүлөрдөн; виверры, дарыя хамелеондору, геккондор, таш бакалар, игуандар жана Африкада кезикпей турган жылаандардан бао жана кораллус кезигет.

**МАДЛЕН**– мадлен. Франциядагы Ла- Мадлен (Madeleine) үңкүрүнүн атынан коюлуп, соңку палеолиттин аягындагы археологиялык маданият. Биринчи жолу Францияда бул маданияттын бир нече этабы изилденген. Таш жана сөөк куралдарынын калдыктары, сөөккө чийилген орнаменттер, үлүлдөр менен коздолгон өнөр издери күбө болот. Соңку мөңгү дооруна дал келет жана 16-10 миң жыл мурда болгон.

**МАКВИС**– маквис (фр. maguie). Жер Ортолук Деңиздин боюндагы катуу жалбырактуу, дайыма көгөрүп туруучу бадалду жапыз токойлордун тобу. Мурдагы токою жоюлган жерлерде пайда болот. Түндүк Америкада м. чапараль, Австралияда – скраб, Түштүк Америкада – эспиналь деп аталат.

**МАКРОКЛИМАТ**-макроклимат (грек. mokro-чоң, ири жана климат). Географиялык зоналардын, материктердин жана океандардын, же алардын ири бөлүктөрүнүн, же жалпы эле жердин климаты.

**МАКРОКЛИМАТОЛОГИЯ**–макроклиматология.Климатологиянын макроклиматты изилдөөчү бөлүгү.

**МАКРОПЛАНКТОН**–макропланктон (makro-чоң жана планктон). Планктондун составындагы ири организмдер (медузалар, планктон балырлары, кээ бир үлүлдөр ж.б.).

**МАКРОРЕЛЬЕФ**–макрорельеф. Жердин бетиндеги ири тегизсиздиктер. М; кырка тоолор, өрөөндөр, вулкандык конустар ж.б.. Алар көбүнчө эндогендик (ички) аракеттердин таасири астында пайда болот, бийиктик боюнча тарамдалуунун негизи катарында кызмат аткарат, бийиктик боюнча жылуулук жана нымдуулуктун закондуу өзгөрүшүнө негизделет.

**МАКСИМАЛЬНАЯ ТЕМПЕРАТУРА**– максималдык температура. 1. Абанын температурасынын белгилүү бир чөйрөдөгү жана убакыт ичиндеги сутка, декада, ай ж.б. байкала турган эң жогорку чеги; 2. орточо температуранын эң жогорку чеги.

**МАЛАХИТ**- малахит(грек. malva-мальва). Жездин карбонатынан турган минерал. Жез кычкылданганда пайда болгон кен-байлыктын чөйрөсүндөгү, ачык жашыл кабыкча түрүндөгү масса. Коздо иштеринде колдонулуучу баалуу таш.

**МАЛАЯ ВОДА**–кичине суу. Деңиз суусунун мезгил- мезгили менен көтөрүлүшүндөгү суунун өтө тайыз абалы.

**МАЛАЯ ПЛАНЕТА (АСТЕОРИД)**–кичине планета (астеорид). Күндүн айланасында эллиптикалык орбита боюнча айланып жүрүүчү тентип жүргөн асман телосу. К.п.эң чоңунун (Церeранын) диаметри 770 км. Күндүн айланасындагы К.п. саны бир нече миңге жетет, негизинен астероиддер орбитасында (диаметри 3 км. ашык болгон 300миңден ашык астероиддер) орун алган. Күнгө чейинки аралыгы 503,5млн.км.

**МАЛЬТА** – мальта (лат. Maltha- жана грек.). Кара май (смола) менен момдун аралашмасы. Составында 40-65 % майлуу компоненти бар табигый битум. Ал нефть менен асфальттын ортосундагы зат.

**МАМОНТ**–мамонт (mamont). Өлүп жок болгон пил тукумундагы зор жаныбарлар. Анын үстүңкү тиштери спираль түрүндө ийилген, азуулары туурасынан томпок, бел, баскактуу. Денесин калың жана узун жүн баскан. М., плейстоцен заманында жашаган, азыр алардын денеси бастырма сыяктуу тектердин астында көмүлүп калган. Аларды табуу менен төртүнчүлүк доордогу катмарланган тектердин жашын аныктоого болот.

**МАНГРОВОЕ БОЛОТ**–мангролук саз. Мангры токою өскөн тропиктик жээктеги чөкмө тектердин ойдуңундагы саздар. Топурагы чополуу, деңиз сууларынын туздары менен каныккан.

**МАНГРЫ**–мангр токойлору. Жээкти бойлото шыкалып өскөн чытырман токой, анын арасындагы тосулуп жаткан калың чопо катмары акырындап өсүп олтуруп жээкти деңизди көздөй тиреп, эрозиядан сактап турат.

**МАНТИЯ ЗЕМЛИ**–жердин мантиясы (гр. Mantion–жапкыч, плащ). Жердин ядросу менен кыртышынын ортосундагы алкак, катмар. Ал Мохорович мейкиндиги менен чектелип, төмөнкү чек арасынын тереңдиги 2900 км. М. үстүңкү (калыңдыгы 800-900 км.) жана астыңкы (калыңдыгы 200 км. жакын) деп бөлүнөт. Магний менен темирге бай минералдардан түзүлөт.

**МАРГЕНЦЕВОЕ РУДЫ**–марганец кендери. Кендерин иштетүүдөн кийин экономикалык эффективдүүлүгү 10 % кем болбогон табигый минералдык түзүлүш. Негизги минералдарына пиролюзит, псиломелан, манганит, вернадит, браунит, гаусманит ж.б. кирет.

**МАРГИНАЛЬНЫЙ КАНАЛ**–маргинал канал (лат. Mognetis - четтеги). Муздуктун капталындагы мореналардын (тоо тектеринин сыныктарынын жыйындысы) четин бойлоп аккан муз дооруңдагы суунун жөөгү, азыркы кездеги жолдун четиндеги кюветке окшош.

**МАРШРУТНАЯ СЬЕМКА**– машруттук сьемка. Топографиялык (же башка) карталарды жаңыдан, же кайрадан түзүү үчүн жердин бетин белгилүү маршрут боюнча чиймеге түшүрүү. Ал белгилүү инструменттерди (мензула, аэрофотография) пайдалануу жолу менен, же көз өлчөө менен тартылат.

**МАРЬ**-марь. Сибирь менен Ыраакы Чыгыштагы жазы жалбырактуу сейрек токой өскөн саздак шалбаа.

**МАССИВ**–массив (фр. massie–кубаттуу, калың, бүтүн). Жердин үстүңкү бетинде байыркы платформанын оркоюп чыгып турушу. Кыргызстанда «массив» деген ат менен Борбордук Тянь-Шандагы Акшыйрак ж.б. тоолору аталган.

**МАСТОДОНТ**–мастодонт (грек. masstodont). Тумшуктуулардын орсок тиштүү отрядына кирген жаныбарлар. Неогендин аягынан тартып плейстоцендин башына чейин жашаган. М. кайнозой заманындагы континенттик катмарды изилдөөдө чоң ролду ойнойт.

**МАСШТАБ КАРТЫ**–картанын масштабы (нем. Mabstab-ченөөчү таяк). Картадагы кесиндинин узундугунун жердин бетинин узундугуна туура келүүчү катышы. Картанын математикалык негизинин бөлүгү, сандуу жана сызыктуу масштаб деп бөлүнөт.

**МАТЕМАТИЧЕСКАЯ КАРТОГРАФИЯ**–математикалык картография. Карталардын математикалык негизин үйрөтүүчү илим. Ал картографиялык проекцияларды кайра түзүү жана рационалдуу пайдалануу жөнүндөгү жоболорду үйрөтөт.

**МАТЕМАТИЧЕСКАЯ ОСНОВА КАРТ**-карталардын математикалык негизи. Географиялык карталардын математикалык касиетин жөнгө салуучу элементтердин жыйындысы.

**МАТЕРИКОВОЕ ОЗЕРА-** материктик көлдөр. Материктин белгилүү бөлүгү кургактыкка толугу менен айлангандан кийин пайда болгон көлдөр. М; Чатыркөл, Сарычелек, Соңкол ж.б. көлдөр.

**МАТЕРИКОВОЕ ОСТРОВА**–материктик аралдар (Мадагаскар, Гренландия, Калимантан, Жаңы Жер ж.б. аралдар).

**МАТЕРИКОВЫЙ СКЛОН-** материктик каптал–материктин суу астындагы капталы. М.к. жантайышы орто эсеп менен $4^0$, көбүнчө 15-$20^0$ ка чейин жетет жана тарам–тарам болуп тилмеленген. Жер бетинин кабыгы материктик түзүлүштөн турат.

**МАТЕРИКОВЫЙ ЦОКОЛЬ** – материктик цоколь.

**МАТЕРИНСКАЯ ПОРОДА**–түпкү тек. 1. геологияда тоо тектеринин, же пайдалуу кендердин түпкү теги; 2. кыртыш таануу илиминде топуракты пайда кылуучу тоо теги.

**МАТО**-мато. Түштүк Америкада бирде нымдуу, бирде кургак шартта өскөн ксерофиль бадалдарынын тобу.

**МАФИТЫ**–мафиттер (лат. магний жана темир). Магний менен темирдин сликатынан турган күңүрт түстөгү минерал. Ал магмалык тоо тектеринин катарына кирет.

**МАХАЙРОД**–махайрод (mahairods). Миоцендин аягында, плиоцендин башында жашаган ири жырткыч. Анын үстүңкү тиштеринин маңдай жагы кылычтай ийилип орсок болгон.

**МГЛА (СУХОЙ ТУМАН)**–мунарык. Кургак туман, атмосферанын төмөнкү катмарынын, жердин бетинен учкан чаңдар менен чаңдалышы. Айрыкча түзөңдүү талааларда, чөлдөрдө көп байкалат. Фергана, Чүй өрөөндөрүндө жайкысын, күзгүсүн байкоого болот.

МЕАНДР–меандр, имерилиштер (грек. meandrs-меандр). Кичи Азиядагы имерилиштүү Мендерес суусунун байыркы атынан келип чыккан, түздүктөрдө өтө жай, ийри-буйру болуп аккан суу.

**МЕРТВЫЙ ЛЕД**-бөтөн муз. Муздуктан бөлүнүп жаткан муздун массасы. Ал жогору жагындагы кар запасы менен толуктанбагандыктан кыймылсыз жатат. Тоолордо бөтөн муздарды кум, шагыл, таштардын сыныктары (морена) дайыма басып жатат.

**МЕСА**–меса (исп. Mesa-стол). Столго окшогон ири тайпак тоонун тилмеленгенден кийинки кичирейип кетиши. Терминди көбүнчө Испанияда жана Мексикада колдонушат.

**МЕСТНАЯ СНЕГОВАЯ ГРАНИЦА**–жергиликтүү кар чек арасы. Жергиликтүү себептерге (рельефге) ылайыкталып жаткан кар сызыгы. Ал тоолордун бийиктигине, беттердин багытына карата тез өзгөрүп турат.

**МЕСТНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ**–жергиликтүү аба алмашуу. Жер бетинин чоң аянтынын рельефинин мүнөзүнө байланыштуу болгон атмосфералык алмашуу (бирз, өрөөндү бойлоп соккон шамалдар ж.б.).

**МЕСТНОЕ ВРЕМЯ**–жергиликтүү убакыт. Жердин белгилүү бөлүгүнүн өзүнө тиешелүү убакыты. Ал ошол чөйрөнүн кеңдигине жана

узундугуна көз каранды географиялык меридиандын бардык жеринде бирдей болот.

**МЕСТНОСТЬ**–жай, жер. Географиялык ландшафттын ири морфологиялык бөлүгү-өрөөндөр, кыр- чокулар ж.б.

**МЕСТНЫЕ ВЕТРЫ**–жергиликтүү шамал. Белгилүү бир чөйрөнүн географиялык абалына жараша пайда болуп, өзгөчөлүккө ээ болгон шамал. М; Улан, Санташ, Капчыгай, Семетейдин шамалы ж.б.

**МЕСТНЫЙ БАЗИС ЭРОЗИИ**–эрозиянын жергиликтүү базиси. Эрозиянын убактылуу базиси ар кандай бийиктиктин өзүнө тиешелүү жергиликтүү базиси. Эрозиянын эң төмөнкү чеги, точкасы.

**МЕСТНЫЙ КЛИМАТ**–жергиликтүү климат. Бир эле метеорологиялык станциянын маалыматы менен мүнөздөлүүчү географиялык кабыктын белгилүү бир бөлүгүнүн климаты.

**МЕСТООБИТАНИЕ**–жашоочу жер. Организм ээлеген жана ага тиешелүү табигый шарт менен (рельеф, климат, топурак ж.б.) камсыз кылынган чөйрө- кургактыктын, же көлмөнүн бөлүгү.

**МЕСТОПРОИСХОЖДЕНИЕ ПОЛЕЗНОГО ИСКОПАЕМОГО**– пайдалуу кендердин чыккан жери. Жердин түпкү саны жана сапаты боюнча өнөр жайлык мааниси бар минералдык заттардын чогулган жери.

**МЕСЯЦ**- ай. Жылдын айы. Айдын жерди бир айланып чыккандагы убагына жакындаган мезгил. Ажыдар, сидерикалык, жылдыздык, аномолялуу, календардык, күн жылы, тропиктик жыл деп бөлүнөт.

**МЕТАГАЛАКТИКА**–метагалактика (грек. meta–кийин жана galaktika – кой жолу). Азыркы кездеги телескоптун жардамы менен байкоо жүргүзүүгө мүмкүн болгон галактикалардын жана анын системаларынын жыйындысы. М. бир нече миллиард майда галактика бар.

**МЕТАГЕНЕЗ**–метагенез (грек. meta–кийин жана genes-туулуу, пайда болуу, кайрадан пайда болуу). Чөкмө тоо тектерден литосферанын түпкүрүн көздөй төмөндөгөн сайын басым менен температуранын өсүшүнүн натыйжасында кайрадан жаралуу процесстердин жыйындысы. Ал диагенез жана катагенез процесстери жүргөндөн кийин, бирок метаморфизмден мурда башталат.

**МЕТАЛИМНИОН**–металимнион (грек. metalli–кийин, тышкары жана mion–кичине көл). Көлмө суунун температурасы кескин өзгөрмөлүү чөйрөдөгү организмдер.

**МЕТАЛЛОГЕНИЯ**–металлогения (грек. metallo- металл жана genin–түзүлүү, келип чыгуу). Пайдалуу кендердин жаратылышта пайда болушун, таралышын, санын жана сапатын изилдөөчү илим.

**МЕТАМОРФИЗМ**–метаморфизм (грек. metamorpblis–кайрадан жаралууга дуушар болуу). Жердин кабыгындагы жана мантиясындагы тоо тектеринин структурасынын, текстурасынын, минералдык жана химиялык составынын кайрадан өзгөрүшү. Ал терең түпкүрдөгү температуранын, басымдын, тереңдиктеги заттардын химиялык активдүүлүгүнө жараша болот.

**МЕТАМОРФИЧЕСКИЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–метаморфизм тоо тектери. Метаморфизм процессинин натыйжасында пайда болгон тоо тектер (гнейстер, метаморфоздолгон сланецтер, кварциттер ж.б.).

**МЕТАМОРФИЧЕСКИЕ СЛАНЦЫ**– метаморфоздолгон сланецтер. Кристаллдуу жана чополуу сланецтердин ортосундагы сланецтер. Чөкмө жана вулкандык тектерден тайыз көлмөнүн түбүндө, жашыл сланецтүү фация деген шартта пайда болот. Аларга фиалиттер, хлориддүү жана кээ бир жашыл сланецтер кирет.

**МЕТАМОРФОГЕННЫЕ МЕСТОРОЖДЕНИЯ**–метаморфогендик кен байлыктар. Тоо тектериндеги жогорку басымдын жана температуранын астында метаморфоздолушунун натыйжасында пайда болгон кен байлыктар. М; темир, алтын, уран ж.б.

**МЕТАН**–метан- (саз газы). Жерден чыккан газдардын составына кирип түзсүз, жытсыз, күйүүчү касиетке ээ болгон газ, сууда начар эрийт да, кычкылтек, же аба менен болгон аралашмасына от тийсе жарылып кетет.

**МЕТЕЛЬ** – метель. Бурганак.

**МЕТЕОР**- метеор (грек. meteor). Атмосфералык жана асман мейкиндигинин кубулуштары. Метеор телолорунун атмосферага космостук ылдамдыкта кирип келишинин натыйжасында 70-125 км. бийиктикте жарк-журк этүүсү байкалат.

**МЕТЕОРИТ**–метеорит. Планеталар аралык мейкиндиктен жер бетине түшкөн күн системасынын кичине телосу. Алар миллиграммдан ондогон тоннага чейинки салмакта болот. Темир, темирдүүү таш, таш м. деп бөлүнөт. Эң чоңу темир м. Гоба (массасы 60 т) 1920–жылы түштүк Батыш Африкадан табылган. 1947–жылы Сихоте–Алинге түшкөн метеоритин сыныктарынын жалпы салмагы 70 т. га жеткен.

**МЕТЕОРИТНЫЙ КРАТЕР**–метеорит чуңкуру. Метеорит жерге келип тийгенде пайда болгон чуңкур. Урулган жана жарылган чуңкурлар деп бөлүнөт. Жарылган чуңкурлардын узун-туурасы ири өлчөмдө болот. М: Аризон кратеринин диаметри -1207 м. д. у.с.

**МЕТЕОРНАЯ ПЫЛЬ**–метеор чаңы. Метеорит атмосферада майдалангандан пайда болгон, эң майда, катуу бөлүкчөлөр.

**МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ИНЕРЦИЯ**–метеорологиялык инерция. Туруктуу аба ырайынын сакталып калууга болгон аракети.

**МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ**–метеорологиялык элементтер. Абанын абалын мүнөздөөчү элементтердин жалпы мүнөзү (температура, басым, жаан-чачын ж.б.), атмосфералык кубулуштар (туман, бурганак, күн күркүрөө, боз түшүү ж.б.).

**МЕТЕОРОЛОГИЯ**-метеорология (meteorologia-атмосфералык, же асмандык кубулуштар). Жердин атмосферасынын составын, касиетин, динамикасын жана алардын аба ырайына тийгизген таасирин үйрөтүүчү илим.

**МЕХАНИЧЕСКОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ**–механикалык бузулуу. Тоо тектеринин коңулундагы нымдуулук, ысылуу–суукка дуушар болгондо бирде кеңейип, бирде чыйралып олтуруунун натыйжасында тоо тектеринин талкаланып майдаланышы.

**МИГМАТИТ-** мигматит (грек. migma–аралашуу, кошулма). Метаморфизмдин натыйжасында тоо тектеринин өз-ара аралашмасынан бири- бирине уюган тек. Көбүнчө м. гранит аралашып тургандыктан анын тарамыштай учугу тоо тектерин чырмап тургансыйт.

**МИГРАНТЫ**–мигранты (лат.migrants-которулуучу). Бир жерден экинчи жерге орун которуп кетүүчү өсүмдүктөр менен жаныбарлар.

**МИГРАЦИЯ ЖИВОТНЫХ И РАСТЕНИЙ**–өсүмдүктөр менен жаныбарлардын миграциясы. Айлана-чөйрөнүн жаратылыш шартынын өзгөрүшүнө байланыштуу которулуп кетиши. Мезгилдик (суткалык, сезондук), мезгилсиз (өрт чыкканда, сел жүргөндө, кургакчыл болгондо ж.б.), акырындык менен (деңиздин агымы) жана активдүү м. деп бөлүнөт.

**МИКРОКЛИМАТ**–микроклимат (грек. mikrokklimat–кичине жана климат.) Чакан аянттын бетиндеги климат. М; бир өрөөндүн, коктунун, шаардын четинин, токойдун арасындагы чакан аянттын ж.б. климаты.

**МИКРОКЛИМАТОЛОГИЯ**–микроклиматология. Климатологиянын микроклиматты изилдөөчү бөлүгү.

**МИКРООРГАНИЗМЫ**– микроорганизмдер (грек. mikro-кичинекей жана organism- жашоо). Микроскоптун жардамы менен гана көрүнүүчү бир клеткалуу өсүмдүк менен жаныбарлардын организмдеринин көп сандаган группасы. М; бактериялар, актиномициттер, балырлар ж.б. Агын сууларда, көлмөлөрдө, топурактарда, тоо тектеринин нымдуу беттеринде кездешет. Кыртыштын калыптанышына, тоо тектеринин бузулушуна чоң таасирин тийгизет.

**МИКРОПАЛЕНТОЛОГИЯ**–микропалентология. Эң майда, микроскоптук организмдердин калдыгын изилдөөчү илим.

**МИКРОПЛАНКТОН**–микропланктон. Планктондун составындагы эң майда организмдердин тобу.

**МИКРОРЕЛЬЕФ**–микрорельеф. Рельефтин эң майда формалары (сай, кашат, жээк сызык ж.б.). Экзогендик (сырткы) процесстердин таасиринин натыйжасында пайда болот.

**МИКРОФАУНА**–микрофауна. Жаныбарлардан эң эле майда микроскоптук түрлөрү (бактериялар, эвгленалар, туфелькалар ж.б.).

**МИКРОФЛОРА**–микрофлора. Өсүмдүктөрдүн эң эле майда микроскоптук түрлөрү (микроскоп менен караганда гана көрүнүүчү козу карындар, балырлар, бактериялар ж.б. ).

**МИКРОФОССИЛИИ**–микрофоссиялар. Эң майда организмдердин калыңдыгы. Аларды чогултуу, химиялык жана физикалык анализден өткөрүү өтө кылдаттык менен жүргүзүлөт.

**МИНДЕЛЬ - РИССКОЕ МЕЖЛЕДНИКОВЬЕ** – миндель-рисс муз доору аралык мезгил. Альпы муз доору боюнча караганда алгачкы жана орто плейстоценде (миндель жана рисс) байкалган кургакчыл мезгил.

**МИНЕРАЛ** –минерал (лат. Mineral -руда). Жердин кыртышында, же түпкүрүндө физикалык химиялык процесстердин натыйжасында пайда болгон жана химиялык составы, физикалык касети боюнча бир тектүү табигый тело. Жаратылышта 3 миңге жакын минерал белгилүү.

**МИНЕРАЛОГИЧЕСКАЯ ШКАЛА ТВЕРДОСТИ (МОССА ШКАЛА)**– минералдын катуулугунун шкаласы (Мосс шкаласы). Катуулугу боюнча тандалып алынган минералдардын тобу. Алар; тальк, гипс,

кальцит, флюрит, апатит, ортоклаз, кварц, таопаз, корунд, 1. алмаз,. Немец минералогу Ф. Мосс 1811–жылы сунуш кылган.

**МИНЕРАЛОГИЯ-** минералогия. Минералдар, алардын составын, касиетин, түзүлүшүн, пайда болуучу жаратылыш шартын, табылышын, таралышын үйрөтүүчү илим. Ал петрография, геохимия, кристаллография, пайдалуу кендер жөнүндөгү илимдер менен тыгыз байланыштуу. Терминди 1636–жылы италиялык окумуштуу Б. Цезий сунуш кылган.

**МИНЕРАЛЬНАЯ ВОДА**–минералдык суу. Составында биологиялык активдүү компоненттери бар жана дарылык касиети, химиялык составы, температурасы, радиоактивдүүлүгү ж.б. касиети бар жер астындагы суулар. Химиялык касиети боюнча көмүр кычкылдуу, күкүрттүү, водородду, метандуу, темирлүү ж.б. деп бөлүнөт. М. с-нун кени Кавказда (Мин. воды, Боржоми, Трускавец), Францияда (Виши), Чехославакияда (Карлови -Вари), Кыргызстанда Жетиөгүз, Аксуу, Бешбелчир, Жалаабад, Кашкасу (Алайкуу) ж.б.

**МИНЕРАЛЬНЫЕ ОЗЕРА (СОЛЯНЫЕ ОЗЕРА)**–минералдык көлдөр. Суусунун составында тузу көп (47 г кг) көл. М.к. пайда болушуна агын суулар, жаан- чачын менен агып кирген ар кандай туздар себеп болот. Составы боюнча карбонаттуу (содалуу), сульфаттуу (өтө ачуу), хлордуу, туздуу деп бөлүнүп, жер шарынын кургак областтарында көп кездешет. СССРде М. к. Каспий алдындагы түздүктө (Эльтон, Баскунчак), Батыш Сибирде, Крымда (Сак)ж.б. райондордо. Мындай көлдөрдөн суу агып чыкпайт. Суулардан кайнатма туз, соода, мирабилит, хлордуу магний, бром кошулмасы, иод ж.б. алынат. Алардын водороддуу баткагынын касиети, мааниси чоң.

**МИНЕРАЛЬНЫЕ РЕСУРСЫ**–минералдык байлыктар. Өнөр жайлык мааниси бар, ар түрдүү пайдалуу кендердин жыйындысынын район, областы, өлкө, материктен орун алышы.

**МИОЦЕН**–миоцен (грек. meion–аз жана kainos-жаңы). Неоген системасынын төмөнкү бөлүгү, же алгачкы мезгили.

**МИРАБИЛИТ**–мирабилит. (лат. Mirabiuts–таң калаарлык). Глаубер тузу – немец химиги И. Р. Глаубердин (1604 –1670 ж) атына коюлган минерал – натрийдин суулуу сульфаты. Тузга окшогон ак түстөгү масса, сууда бат эрийт. Кургак климаттын туздуу көлдөрүндө чөкмө (тунма) түрүндө пайда болот. М, Кара-Богаз- Гол.

**МИРОВОЙ ОКЕАН**–дүйнөлүк океан. Материктерди жана аралдарды курчап турган жана туздуулугунда окшоштугу бар, жердин туташ суу

катмары (кабыгы). Составынын 99% натрийдин, магнийдин, калийдин, кальцийдин, хлор жана күкүрттүн иондору түзөт. Туздун эритмесинин орточо концентрациясы 35 % ке чейин жетет. Д.О. гидросферанын негизги бөлүгү. Ал жер шарынын 70,8 %ээлейт. Орточо тереңдиги 3795 м., эң терең жери 11022 м. (Тынч океандагы Мариан колоту), суусунун жалпы көлөмү 1370 млн. км 3. Д.О. бешке- Тынч океан, Атлантика, Инд жана Түндүк муз океаны болуп бөлүнөт. Азыркы мезгилде бешинчи-Түштүк океан бөлүнүп, ал Антарктиданы курчап турат. Чек арасы Түштүк муздак агым аркылуу өтөт.

**МИРОВЫЕ АТЛАСЫ**–дүйнөлүк атластар. Жер шарын толук камтыган географиялык карталар жана атластар.

**МИССИСИПИ**–миссисипи. Миссисипи дарыясынын атынан коюлуп, АКШнын старатиграфиялык колонкасындагы карбон системасынын төмөнкү бөлүгү.

## -Н-

**НАБЕРЕЖНАЯ ЗОНА**-суунун жээгиндеги зона. Кургактыктан деңизге жакын созулган ойдуңдуу аймак. Дарыянын жээгиндеги тилкелер кирет, рекреациялык географияда чоң мааниге ээ.

**НАДРЕЗ**-кесилген жер. Карсттык ландшафт таркаган аймактарда, тоонун каптаалында көп кезигет.

**НАПРАВЛЕННОСТЬ**-багыт. Аба массаларынын багыт алуусу. Бардык аба массаларына мүнөздүү көрүнүш, шамалга да мүнөздүү.

**НАСАЖДЕНИЯ**-тигилген бак. Шаардын дем алуу зонасына, (парк) тигилген көчөттөрдүн тилкеси.

**НЕДРА**-жер түпкүрү. Жер кыртышынын астындагы кен–байлыктар кирет.

**НЕЕСТЕСТВЕННЫЙ ЛЕС**–табигый эмес токой. Адам баласынын таасири менен тигилген токойлор, бакма токойлор, бактар.

**НЕНАСТЬЕ**-жаан-чачындуу күн. Кыш, жаз, күз айларында болуп туруучу 2-3 күндүк жаан-чачындуу күндөр. Нымдуу тропикада болуучу жаан-чачындуу аба ырайы. Батыш Европада тез=тез кайталанып турат.

**НЕФТЬ**-жер майы. Эзелки элдер Алдыңкы Азияда жерден чыгып калган кара майды пайдаланышкан. Жер майынын көп түрдөгү күйүүчү, майлоочу заттар алынат.

**НИЗМЕННОСТЬ**-ойдуң. Деңиз деңгээлине жакын бийиктикте орун алган, кийинки доорлордо деңиз алдынан бошогон, чет жакаларынан ортосуна карай ийилген, майда кумдуу рельефтин формасы. Ойдуңдар баштагы доорлордогу деңиздердин түбү. Мисалы;Туран, Батыш Сибирь, Каспий бою, Амозонка, Индо-Ганг ж.б. ойдуңдар.

**НОВОЭКВИНСКИЙ БАССЕЙН**–жаңы эквинсин бассейни. Плейстоцен заманынын экинчи жарымында азыркы Кара деңиздин ордуна, анча чоң эмес аянтты ээлеп жаткан деңиз бассейни. Деңиздин эң төмөнкү деңгээли азыркы абалына салыштырганда 70-80 м. ге төмөн турган, Чыгыш Европада өрчүгөн муз дооруна туура келген.

**НОВЫЙ СВЕТ**–дүйнөнүн жаңы бөлүгү. Атлантиканын ары жагындагы Португалдыктар ачкан жерлердин (Түндүк жана Түштүк Американы камтыган) аталышы. Терминди 1503-жылы А. Веспуччи сунуш кылган. 1541- жылы «Америка» деп аталган. Аймак дүйнөнүн төрттөн бир бөлүгүн кучагына алган жана ага Европа, Азия жана Африка гана кирбей калган.

**НОВЫЙ СТИЛЬ (ГРИГОРИАНСКИЙ КАЛЕНДАРЬ)**–жаңы стиль (Григорий календары). Эски стилдеги анча так эмес эсептөөчү календардын ордуна киргизилген календарь. Ж.С Юлий календарына караганда кыйла так. Ж.С боюнча жылдын орточо узактыгы 365, 24,25 суткага барабар. 1852- жылы Рим папасы Григорий XII нин учурунда кабыл алынган. СССРде 1918-жылы 31-январдан кийин (эски стиль боюнча) 14-февраль деп дusаталанган күндөн башталган. Эски календарь менен жаңы календардын ортосундагы айырма 13 суткага барабар.

**НОМЕНКЛАТУРА КАРТ**–карталардын номенклатурасы (лат. Nomenclatura- санак, ат). Көп барактуу карталардын ар бир картасынын ордун аныктоочу белгилеринин системасы.

**НОРМАЛЬНАЯ ВОДА**–нормалдуу суу. Составындагы хлору жөнгө салынып (19,38 %, же туздуулугу 35%), тазаланган деңиз суусу. Деңиз сууларынын туздуулугун аныктоочу эталон (үлгү) катарында колдонулат.

**НОРМАЛЬНЫЙ ВОДОРАЗДЕЛ** - нормалдуу суу бөлгүч. Тоолордун эң бийик чокуларын туташтырып турган сызык. Чыныгы суу бөлгүч сызыктан башталган, суунун өзөнү тоо этегинин туурасынан кесип

өтүп, кууш капчыгайды пайда кылат. Мындай кыймылдан пайда болгон рельефти кыргызча «тешик», «көңдөй» деп аташат.

**НОТОГЕЯ**–нотогея (грек. notos–түштүк жана гея–жер). Жаныбарлар падышалыгынын кургактыкты (Австрия, Жаңы Гвинея, Жаңы Зеландия, Микронезия, Меланезия жана Полинезия аралдарын) кучагына алган бөлүгү. Сүт эмүүчүлөр, көңдөй ичегилүүлөр жана сумкалуулар мүнөздүү.

**НОЧНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ**- жылуулуктун түнкү чагылдырылышы. Түн ичинде жер бетинен нур энергиясынын бөлүп чыгарылышы.

**НУЛЕВЫХ ИСКАЖЕНИЙ ЛИНИИ**–сызыктардын нөлдүк барабардыгы. Картографияда, географиялык картада бардык жерде жокко эсе сызыктар.

**НУЛЬ КРОНШТАТСКОГО ФУТШТОКА**–Кронштат футштогунун нөлү. Кронштаттагы Обводной каналынын көпүрөсүнүн мамысына орнотулган, металл пластинкасындагы горизонталдык чек. Ал 1825 –жылдан 1840-жылдарга чейинки мезгилдеги деңиздин орточо бийиктигине туура келген бийиктикте турат.

**НУТАЦИЯ**–нутация (лат. Nutatio–термелүү). Ай орбитасынын тегиздигинин абалы менен айдын жерге карата болгон тартылуу күчүнүн натыйжасында, мезгил–мезгили менен өзгөрүп туруучу, жер өз огунда айлануу учурундагы анча–мынча (9 чейин) оош- кыйышы.

## -О-

**ОАЗИС** -оазис (грек. Ливия чөлүндөгү бир нече калктуу жердин аты). Какыраган чөлдүү ландшафттын арасындагы суулуу шибер, бадал, токой өскөн көк жайык. М : Фергана өрөөнүнүн чет жагы.

**ОВАЛЬНОЕ ЗЕМЛЯТРЯСЕНИЕ**–көчкүлүү жер титирөө. Жердин астындагы боштуктарга урандыларды түшүрүүчү жер титирөө.

**ОБВАЛЬНЫЙ СКЛОН**–урандылуу бет. Морфологиялык жактан так көрүнүп жаткан беттер.

**ОБЕЗГЛАВЛЕННАЯ ДОЛИНА**– башы жок өрөөн. Өрөөндүн башы ары карап кеткен өрөөн. Памир тоосунда көп кездешет. Жергиликтүү элди башкалар « өлгөнүнүн көрү жок, өрөөнүнүн төрү жок» деп айтышат.

**ОБЗОРНЫЕ КАРТЫ**–обзордук карталар. Сүрөттөлгөн аймак жөнүндө жалпы түшүнүк алууга мүмкүн болгон майда масшабдагы географиялык карталар.

**ОБЛАКА**-булут. Атмосферадагы суу тамчылары менен муз кристаллдарынын өтө майда кыпындарынын топтолушу. Ал абада (негизинен тропосферада) суунун бууларынын көбөйүп кетүүсүнөн пайда болот. Булуттар жер бетинен 1-6 км. ге чейин жана андан да, жогорку бийиктиктерде тамчы түрүндө пайда болот. Конденсацияланган нымдуулук суу тамчыларынан турса «суулуу» булут, муз криссталлдардан турса «муздуу» булут, ал эми суу менен муз теңме – тең болсо «аралаш» булут деп айтылат. Булутту түзүүчү суу тамчыларынын диаметри боюнча өлчөмү 0,001-0,05 мм, (1 $м^3$ де орто эсеп менен 100-600 тамчы, б.а. 0,2 –0,5 г. суу болот). Булуттар өңдөрү боюнча; ак, кара, карасур деп бөлүнөт. Бийиктиги боюнча 0,1 км. ден бир нече км.ге чейин жетет. Эл аралык классификация боюнча булуттар 4 бийиктик яруска, сырткы көрүнүшү боюнча; түрмөктөлгөн, канат сымал, катмарлуу деп бөлүнөт. Б. пайда болушун, формасын, түрүн жана кыймылын байкоонун негизинде аба катмарынын туруктуулугун, басымдын өзгөрүүлөрүн билүүгө болот.

**ОБЛАКА ВЕРХНЕГО ЯРУСА (ВЫСОКИЕ ОБЛАКА)**–жогорку катмардагы булуттар. Бийиктиги боюнча мелүүн алкакта 5 км. ден жогору, уюлдук алкакта 3 км. ден жогору, ал эми тропиктик алкакта 6 км. ден жогору жаткан булуттар.

**ОБЛАКА НИЖНЕГО ЯРУСА (НИЗКИЕ ОБЛАКА)**–төмөнкү катмардагы булуттар. Бийиктиги боюнча 2 км. ден төмөн жаткан булуттар. Алар кабатталган, түрмөктөлгөн ж.б. деп бөлүнөт.

**ОБЛАКА СРЕДНЕГО ЯРУСА**–ортоңку катмардагы булуттар. Бийиктиги боюнча жер бетинен 2-7 км. (мелүүн кеңдикте), 2-4 км (полярдык кеңдикте), 2-8 км. (тропиктик кеңдикте) жогору жаткан булуттар.

**ОБЛАКООБРАЗОВАНИЕ**–булут пайда болуу. Булуттардын пайда болушу жана түрлөргө бөлүнүү процесси. Ал атмосферадагы нымдуулуктун алмашышы жана жылуулуктун шартына жараша болот. М; температураны төмөндөтүүчү, же абанын нымдуулугун жогорулатуучу ар кандай процесс булут пайда болууда ыңгайлуу шартты түзөт.

**ОБЛАЧНОСТЬ** – булуттуулук. Белгилүү убакыт бирдигинин ичинде, же бир мезгилде асман мейкиндигинде пайда болгон булуттардын жыйындысы, б.а. асмандын бетин жаап турган булуттардын балл боюнча (ондон бир бөлүгү) эсептелүүчү бөлүгү.

**ОБЛЕКАЮЩЕЕ ЗАЛЕГАНИЕ**-жабууга окшоп жатуу. Байыркы рельефтин ой- чуңкурун тегиздеп жаткан, жабуу сымал чөкмө. Ойдундуу жерлерде калың, дөңсөөлүү жерлерде тайкы болот.

**ОБЛЕСЕНИЕ**–токой өстүрүү. Талааларда жасалма жол менен токой өстүрүү.

**ОБЛОЖНОЙ ДОЖДЬ** - ак жаан. Кенен аймактагы бир нече суткага чейин созулган майда жаан.

**ОБЛОМОЧНЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–тоо тектеринин сыныктары. Тоо тектеринин ар түрдүү (бурчтуу, жылма) өлчөмдөгү сыныктары. Өлчөмү боюнча ири сыныктуу (псефиттер), кумдуу (псамиттер) жана чаңдуу (алевриттер) деп бөлүнөт.

**ОБНАЖЕНИЕ ГОРНЫХ ПОРОД**– тоо тектеринин жылаңачтануусу. Аркайган жылаңач аскалардын жердин үстүнө оркоюп чыгып турушу. Көбүнчө суунун боюнда, тоонун капталында орун алган. Тоо капталын иштетүүдө (жол, шахт) ж.б. пайда болот.

**ОБРАТИМОЕ ИЗМЕНЕНИЕ СРЕДЫ**- чөйрөнүн кайра калыбаны келүүчү өзгөрүшү.

**ОБРАТНАЯ ТЕРМИЧЕСКАЯ СТРАТИФИКАЦИЯ**-термикалык тектердин стратификациясы. Көлмөдөгү суунун температурасынын терендик өскөн сайын ($0^0$ тан $4^0$ чейин) көбөйүшү. Мелүүн алкактын көлдөрүндө кыш мезгилинде байкалат. М.: Ысыккөлдүн суусу.

**ОБРАШЕНИЕ ЗЕМЛИ**– Жердин айланышы. Жердин эллиптикалык орбита боюнча күндү анын тартылуу күчүнүн таасири менен айланып чыгуусу. Эгерде түндүк уюлдун үстүнөн караса, жердин орбиталык кыймылы сааттын стрелкасына каршы багытталган. Жер күндү 365 күн 6 саат $49^{1}$ $9,6^{11}$ бир айланып чыгат (астрономиялык жыл).

**ОБРУШЕНИЕ**–уроо. Тоо жаракаларынын пайда болуу процесстеринин натыйжасында мурда пайда болгон тектоникалык структуранын урап түшүүсү.

**ОБРЫВ ТЕРРАСЫ** – кашаттын тик боору, жар.

**ОБСИДИАН**–обсидиан. Күңүрт түстөгү (кара, кара-тору) бир тектүү, вулкандык айнек сымал тек. Аны Плиний Старший Эфиопиядан тапкан.

**ОБСТАНОВКА ОСАДКООБРАЗОВАНИЯ**–чөкмө пайда кылуучу кырдаал. Чөкмө пайда кылуучу чөйрөнүн шарты жана мүнөзү. Ал

рельефке, климатка, аймактын геологиялык өзгөчөлүгүнө, атмосфера менен океандын химиялык түзүлүшүнө жана ошол чөйрөгө тиешелүү жашоонун агымына көз каранды болот.

**ОБЩАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ АТМОСФЕРЫ**–атмосферадагы жалпы айланыш. Атмосферадагы абанын агымынын планетардык системасы. Ар кайсы кеңдиктеги жер бетинин бирдей эмес жылышынын, океан менен кургактыктын, бирдей эмес ысышынын натыйжасында пайда болот. Көп жылдык байкоолордун негизинде аныкталат. Аба массасынын которулуш багыты кеңдик боюнча жүрүп пассат, муссон жана мелүүн алкактын, батыштан соккон абасы деп бөлүнөт.

**ОБЩЕГЕОГРАФИЧЕСКИЕ АТЛАСЫ**–жалпы географиялык атластар. Жалпы географиялык карталардан турган атластар. Жердин бетиндеги негизги элементтердин (дарыялар, токойлор, саздар, рельеф) жыйындысы, бирдей калыпта сүрөттөлгөн карталар.

**ОБЩИЙ БАЗИС ЭРОЗИИ**–эрозиянын жалпы базиси. Дүйнөлүк океандын деңгээли ага куйган бардык дарыялар үчүн жалпы базис болуп кала берет. Бирок, дүйнөлүк океандын деңгээли да, дайыма туруктуу эмес.

**ОВЕЧЬИ ТРОПЫ**-кой жолдор. Тоонун, же дөңсөөнүн капталындагы кой жолдор, майда тектирчелер.

**ОВРАГ** – аң, жар. Рельефтин узунунан жаткан, ичке, капталдары тик, жогору жагы көбүнчө тармакталып кеткен терс формасы. Узундугу бир нече км., тереңдиги ондогон метр. Бат эзилүүчү борпоң тектер, же чопо жаткан жерде пайда болот.

**ОДНОЛЕТНИЕ РАСТЕНИЯ**–бир жылдык өсүмдүктөр. Бир жылда, же бир эле вегетация мезгилинде бышып жетилүүчү өсүмдүктөр (арпа, буудай ж.б.).

**ОДНОЦИКЛОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–бир циклдүү рельеф. Бир эле географиялык циклде пайда болгон рельеф. У. М. Деистин сунушу боюнча кабыл алынган термин.

**ОДОМАШНЕНИЕ–(ДОМЕСТИКАЦИЯ)**–бакмалоо. Доместикация–жапайы жаныбарларды колго көндүрүү. Өсүмдүктөргө карата бул термин маданиятташтыруу («окультурование») деп аталат. 600 гө жакын өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү колго үйрөтүлгөн жана маданиятташтырылган.

**ОЗЕРНАЯ КОТЛОВИНА**–көл чуңкуру. Көл суусу токтоочу ойдундуу чуңкур. Азыркы мезгилде антропоген ландшафты менен капталган. Мисалы; Ноокат, Папан, Зардалы, Алайку, Тогузторо ж.б. чуңкурдуктар.

**ОЗЕРНАЯ РАВНИНА** - көл түздүгү. Суусу соолгон көлдүн ордуна пайда болгон түздүк. Көлдүн тунма чөкмөлөрү менен катмарланган. М, Түндүк Америкадагы Агасисс түздүгү.

**ОЗЕРНАЯ РЕКА**–көл дарыясы. Көлдөн агып чыккан, же көлдөн көлгө куйган өзөн.

**ОЗЕРНАЯ ТЕРРАСА**– көл кашаты. Көлдүн толкунунун таасиринин натыйжасында пайда болгон кашаттар.

**ОЗЕРНОСТЬ** – көлдүүлүк. Аймактын жалпы аянты менен суу ээлеп жаткан аянтынын ортосундагы (% тик) катышы.

**ОЗЕРНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–көл чөкмө катмарлар. Көлмөнүн түбүнө катмарланган чөкмө (шагыл, кум, чопо, ылай, химиялык жана органогендик тунма). Таза суулуу көлдөрдүн (терриген чөкмөсү, гиттия, диатомит), туздуу көлдөрдүн (терриген, химиялык чөкмө – сода, мирабилит, агилит ж.б.) жана вулкандык көлдөрдүн чөкмөлөрү деп бөлүнөт.

**ОЗЕРНЫЙ ЛАНДШАФТ** – көлдүү ландшафт. Көлдөрү көп жер. К.л Чыгыш Сибирде, Уралдын алдында, Финляндиянын ойдундуу жерлеринде көп кезигет.

**ОЗЕРО** – көл. Чуңкуруна суу толгон табигый көлмө. Ал деңиз менен түздөн–түз туташпайт. Тектоникалык, өзөндүк, мөңгүлүк ж.б. көлдөр деп бөлүнөт.

**ОЗЕРОВЕДЕНИЕ**–озероведение (лиминология, грек. limne- кудук, көл жана login – сөз, окуу). Континенттеги көлдөрдү изилдөөчү жана өз ара тыгыз байланыштагы физикалык химиялык процесстерди иликтөөчү илим. Ал гидрологиянын, гидробиологиянын, гидрофизиканын, геоморфологиянын ж.б. илимдердин методикасына таянып иш жүргүзөт. Негизги милдети; көлдөрдүн пайда болушун, режимин, динамикасын, жээк сызыгынын формасын, түбүндөгү борпоң тектердин катмарын, узун- туурасын, физикалык, химиялык, биологиялык касиетин, өсүмдүктөрүн, жаныбарларын ж.б. изилдейт.

**ОЗОКЕРИТ** – озокерит (грек. ozo–жыт чыгарам жана kerit–воск мом). Тоо мому, нефтилүү табигый битум (нафтид), катуу каныккан углеводдордун мом сыяктуу аралашмасы.

**ОЗОНОСФЕРА**–озоносфера. Бийиктиги 10 дон 50 км. чейин жеткен атмосфера катмары. Озондун максималдуу топтолушу 25-35 км. бийиктикте байкалат. Атмосферадагы озон катмары жердин бетин зыяндуу космостук чагылуудан тосуп, бардык жандуу организмдерди өлүмдөн сактап турат.

**ОЗЫ-** озы. Узунунан ондогон км. ге чейин, ийри-буйру тартып жаткан кум-шагылдуу жээк. Туурасы 2-3 км., бийиктиги 20-50 км. ге чейин жетет. Эстонияда, Латвияда, Ленинград областында жана Финляндияда кезигет.

**ОКАИМЛЯЮЩАЯ РЕКА**–жээктеп аккан суу. Тоо кыркаларын же дөңсөөлөрдү жээктеп аккан суунун өзөнү. Мындай өзөндүн куймалары бир тарабынан (тоо жактан) кошулат. М, Сарыжаз суусунун жогорку агымы Сарыжаз кырка тоосунун этегин бойлоп агат жана тоо жактан Адыртөр, Түз сууларын кошуп алат.

**ОКАМЕНЕЛОСТИ**–ташка айлангандык. Жердин терең катмарындагы сакталып калган казылып алынуучу организмдер, же алардын жашоо тиричилигинин белгилери.

**ОКАМЕНЕНИЕ-** таштануу, ташка айлануу процесси. Борпоң тектер өз-ара биригишкенде, алардын составындагы ашыкча суулар сарыгып, коллоиддери кристалдашып, минералдык составын өзгөртөт.

**ОКАТАННОСТЬ** – жешилүү, жылмалануу. Тоо тектери мөңгү менен кошо жылганда, же суу менен кошо акканда алардын урчуктары жешилип, жылмалануусу.

**ОКЕАН**–океан. Материктер менен чектелген суу мейкиндигин курчап турган дүйнөлүк океандын бөлүгү. О. өзүнө мүнөздүү атмосфералык айланышы, тереңинде жана үстүңкү бетинде агымдардын системасынын болушу менен айырмаланат. Океандар бешөө; Тынч, Атлантика, Инд, Түндүк муз жана Түштүк океандар.

**ОКЕАНИЧЕСКАЯ ЗЕМНАЯ КОРА** – океандык жер кыртышы. Жердин кабыгынын океандын, же деңиздин астындагы кабыгы. Кургак жердин кабыгына караганда океан – деңиздердин астындагы кабыкта граниттүү катмар болбойт жана кабыктын калыңдыгы 5-10 км. ашпайт.

**ОКЕАНИЧЕСКАЯ КОТЛОВИНА**–океан чуңкурдугу. Океандын түбүндөгү абдан чоң чуңкур болуп калган рельефтин элементи жана

тектоникалык структура. Океандын түбүнүн орточо тереңдиги 5 миң метрге жакын.

**ОКЕАНИЧЕСКИЕ ОКРАИННЫЕ ВАЛЫ**–океандын четиндеги жал. Океандын түпкүрүндөгү аштоонун жээк жагындагы тосмосу. Ал узунунан созулуп жаткан борчуктуу дөңсөө. Узундугу 1,5-2,0 миң км., туурасы бир нече жүз км. М; Курил –Камчатка ойдуңундагы Зенкевичтин жалы ж.б.

**ОКЕАНИЧЕСКИЕ ОСАДКИ**–океандын чөкмөсү. Азыркы океандардын түпкүрүндөгү чөкмө, вулкандык чөкмө тектер. Деңиздик чөкмөгө караганда терриген материалдары аз, биогендик процесстерге жык толгон катмар.

**ОКЕАНИЧЕСКИЙ КРУГОВОРОТ**–океандык айлануу. Дүйнөлүк океандын суусунун жалпы циркуляциясындагы ири туюк элементи, океандын орчундуу бөлүгүн ээлейт. М; Түндүк Атлантика антициклондук айлануу түштүгүндө Түндүк пассат агымын, түндүгүндө түндүк Атлантика агымын жана чыгышында Канар агымдарын кучагына алат.

**ОКЕАНИЧЕСКИХ ЛУГОВ ЗОНЫ**–океандык шалбаа зонасы. Мелүүн субарктикалык, субантарктикалык алкактардагы, материктин океанга чектеш жаткан жээгиндеги жана аралдардагы табигый зона. Климаты жаан-чачындуу, айлык температуранын орточо мааниси - $10^0$ тан + $11^0$ С чейин жетет, шибер чөптөрү өсөт.

**ОКЕАНОГРАФИЯ**–океанография. (Океан жана грек. grapho- жазамын). Дүйнөлүк океандагы жана суу чөйрөсүнүн физикалык-химиялык процессин, ошондой эле дүйнөлүк океан менен атмосфера жана кургактыктын ортосундагы өз -ара катнашын изилдөөчү илим.

**ОКЕАНОЛОГИЯ**–океанология (океан жана грек. okean- сөз, окуу). Дүйнөлүк океандагы физикалык-химиялык, геологиялык жана биологиялык процесстер жөнүндөгү илимий тармактын жыйындысы. Ал океандын физикасы, океандын химиясы, океандын геологиясы жана океандын биологиясы деп бөлүнөт.

**ОККЛЮЗИЯ ЦИКЛОНА**–циклон окклюзиясы (лат. Occlusio–жашыруу, жабуу). Абадагы муздак фронттун акырын жылып, жылуу фронт менен беттешип биригүүсү жана жылуу фронтту жердин бетинен асманга (тропосферага) сүрүп чыгаруусу.

**ОККУЛЬТАЦИЯ**–оккультация (лат. Ocultius–жабуу, жашыруу, катуу). Суунун ылайлануусу менен жарыкты өткөзбөй коюусу.

**ОКРУЖАЮЩАЯ СРЕДА** – айлана-чөйрө. Адам баласы байырлап, өндүрүштүк иштерин өркүндөтүүчү табийгый чөйрө.

**ОКИСЛОФИТЫ**–окислофиттер (грек. occisime–кычкыл жана Fitus – өсүмдүк). Топурагы кычкылдуу чөйрөнүн өсүмдүктөрү. М; ат-кулак, черника бадалы, кымыздык, ышкын ж.б.

**ОКСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА (ЛЕДНИКОВЬЕ)**–Ока мөңгү заманы. Ока дарыясынын атынан коюлган, Чыгыш Европа түздүгүндө, плейстоцен заманынын башындагы муздук пайда болгон мезгил.

**ОКУЛЬТУРИВАНИЕ ПОЧВ**–топуракты маданиятташтыруу. Топурактын түшүмдүүлүгүн арттыруу максатында көрүлүүчү чаралар (таштарды терүү, жерди түзөтүү, жер семирткичтерди чачуу, сугаруу, же тескерисинче кургатуу).

**ОЛЕДЕНЕНИЕ**–муздактануу. Жердин бетиндеги муздуктардын аянтынын кеңейүү процесси. Мындай процесс жердин өсүү тарыхында бир нече жолу кайталанган. Акыркы жолу муздуктануу процесси төртүнчүлүк доордо Европанын жана Американын түндүгүндө болгон. 2. Табигый муздардын көптөн бери мөңгү түрүндө сакталып турушу.

**ОЛИГОТРОФНЫЕ БОЛОТО**–олиготрофтук саз (грек. oligos–анча–мынча, көп эмес жана trophe-азык). Тамактануусу кемчил саздар. Бийик тектирлердеги чуңкур-аңгектүү жерге суу токтоп калуунун натыйжасында пайда болот. Жер астындагы суулар менен байланышы болбогондуктан жаан-чачындын суусу менен гана чыкталат.

**ОЛИГОТРОФНОЕ ОЗЕРО**–олиготрофтук көл. Суудагы жашоочу организмдерге азык болуучу заттары кемчил көл. Тереңдиги 30-70 м ден ашпайт, чуңкурдуктун капталдары тик, суусу муздак, тунук жана кислородго бай. М; Кыргызстандын тоолорундагы майда көлдөр (Арабел, Батырбешик, Көлкайыңды, Кутманкөл ж.б.).

**ОЛИГОТРОФНЫЕ РАСТЕНИЯ**–олиготрофдук өсүмдүктөр. Азык заттары кемчил топуракта өсүүчү өсүмдүктөр.

**ОЛИГОЦЕН**–олигоцен (грек. oligos–анча-мынча, анча чоң эмес жана – жаңы). Палеоген системасынын үстүңкү бети, бөлүгү.

**ОЛОВЯННЫЕ РУДЫ**–калай рудасы. Өнөр-жайлык мааниси бар күмүш түстүү, жумшак, ак металл калайы бар минералдар (каситерит, станин). М; Малазиядагы Кинта жана Боливиядагы Караколес кендери.

**ОМОЛОЖЕНИЕ РЕЛЬЕФА**– рельефтин жаңырышы. Тектоникалык өсүштүн натыйжасында, же эрозиянын базиси төмөндөгөндө рельефтин жаңыдан тилмеленип кескин түрдө өзгөрүшү.

**ОМОЛОЖЕННАЯ ГОРНАЯ СТРАНА**–жаңырган тоо өлкөсү. Мурдатан бери жемирилип, түзөңгө айланып бара жаткан тоо өлкөлөрү. Тектоникалык кыймылдын жаңы циклине дуушар болуп, эрозиялык процесси өөрчүп, өтө тилмеленген, карама-каршы рельефтин пайда болушу менен өзгөчөлөнөт.

**ОМУТ**–ийрим, айлампа. Көлдүн, же суунун нугундагы терең ийрим.

**ОПЛЫВИНА**–урап кетүү. Тоо беттериндеги топурактын жаандын, же жер астындагы суулар менен нымдалып, төмөн карай жылмышып көчүшү. Айрыкча кыртыштуу шибер өскөн жерлерде байкалат.

**ОПОЛЗЕНЬ**--жер көчкү. Тоо беттериндеги борпоң тектердин тартылуу күчүнүн таасири менен төмөн карай урашы.

**ОПОЛЗНЕВАЯ ТЕРРАСА**–жер көчкүлөрдүн кашаты. Тоо беттериндеги жер көчкүлөрдүн үстүндөгү тектирчелер.

**ОПОЛЗНЕВЫЙ СКЛОН**–жер көчкүлүү бет. Жер көчкү жүргөн беттер.

**ОПУСКАНИЕ БЕРЕГ**–жээктин чөгүп кетиши. Жакында эле деңиз деңгээлинен төмөн түшүп кеткен жээк.

**ОРБИТА ЗЕМЛИ**–жердин куруу, кырчоосу (лат. Orbita–жөөк, жол). Жердин күндү айланып бир жыл ичинде баскан жолу. Жерден күнгө чейинки аралык орто эсеп менен 146,9 млн. км. Орбита боюнча жердин айлануу ылдамдыгы орто эсеп менен секундасына 29,76 км. күндү 365күн, 6 саат, $9^{1}$, $9{,}6^{11}$ толук айланып чыгат. « Куттуу билимде» планеталардын орбиталары « асман куру» деп берилет.

**ОРГАНИЧЕСКОЕ ВЕЩЕСТВО**–органикалык зат. Топурактагы, жер астындагы жана жер үстүндөгү суулардагы, тоо тектеринин көпчүлүгүндөгү, ошондой эле атмосферадагы кичине компонент. Органикалык заттардын булагы негизинен өсүмдүктөр, кээде жаныбарлар болуп саналат. О.з. гумустуу (чириндилүү), сапропелдүү жана липтобиолиттүү деп бөлүнөт. Чым көң, көмүр, нефти о.з. концентрациясы болуп саналат.

**ОРГАНИЧЕСКОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ**–органикалык талкалануу. Организмдердин жана алардын чириндилеринин таасири менен тоо тектеринин бузулуу, күкүмдөнүү процесси. О.т. өсүмдүктөрдүн

тамырлары чиригенде, көмүр кычкыл жана органикалык кислоталардын бөлүнүшүнүн натыйжасында пайда болот.

**ОРГАНОГЕННЫЙ РЕЛЬЕФ**–органогендик рельеф. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын иш аракетинин натыйжасында пайда болгон жер бетиндеги рельефтин формасы. М: коралл аралдары, ийиндер ж.б.

**ОРДОВИКСКАЯ СИСТЕМА**–ордовик системасы (лат. Ordovic-ордовиктер). Великобританиядагы азыркы Уэльстин аймагында жашаган байыркы уруунун атынан коюлган, жердин геологиялык өсүү тарыхындагы палеозой эрасынын (астынан караганда) экинчи мезгили.

**ОРЕОЛ РАССЕЯНИЯ**–алтын шоола. Химиялык элементтерге жык толгон тектердин рудасынын зонасы.

**ОРИКТОЦЕНОЗ** – ориктоценоз (грек. auric–казып алуучу жана cenos-жалпы). Жер астындагы органикалык заттардын бир чуңкурга топтолушу.

**ОРИНЬЯК**–ориньяк. Франциядагы жогорку Гаронна департаментинин атынан коюлуп, жогорку палеолит заманынын жогорку жана ортоңку этабына туура келген археологиялык маданият.

**ОРИСАНГИ**–орисанги. Гранит, гнейс тектеринин ири сыныктарынын бетиндеги туюк, тегерек оюктар. Диаметри 1 м ге, терендиги бир нече см. ге чейин жетет. Көбүнчө-жаандын суусу токтоп турган жерлер оюлуп кеткендиктен пайда болот.

**ОРНИТОХОРЫ**–орнитохорлор (грек. ornis–куш жана choreo–тарамы). Үрөнү канаттуулар аркылуу тараган өсүмдүктөр.

**ОРОГЕН**–ороген (грек. oros–тоо жана ген–туулуу, пайда болуу). Мурдагы геосинклиналдын ордунан өсүп пайда болгон тоо тизмеги. Термин биринчи жолу 1921- жылы геолог Л. Кобер тарабынан сунуш кылынган жана геосинклиналдык системанын экинчи этабындагы өсүү процессти туюнтуу үчүн колдонулган.

**ОРОГЕНИЧЕСКИЕ ДВИЖЕНИЯ**–тоо пайда кылуучу кыймылдар. Жердин кабыгынын тоо пайда кылуучу кыймылы. Океан жана континенталдык бассейнди, континентти жана тайпак тоолорду пайда кылуучу эпейрогендик кыймыл. Немец геологу Х. Штилле О.К бүктөлүш пайда кылуучу кыймыл деп атаган.

**ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ОКЛЮЗИЯ**–тоо оклюзиясы. Тоону эки тарабынан айланып өтүп, андан ары кайрадан бириккен муздак аба фронту.

**ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ВЕТРЫ**–тоо шамалы. Жер бетинин рельефинин таасири менен пайда болгон шамал. Абанын жергиликтүү айланышы (мөңгүнүн шамалы, төрдөн соккон желаргы, фен ж.б. шамалдар).

**ОРОГРАФИЧЕСКИЕ ОБЛАКА**–тоо булуту. Аба агымы тоо кыркаларынын кыр–чокулары менен өткөндө пайда болгон булуттар, тоолордун шамал урган капталдарына бүртүктөнүп, тоонун аркы капталына жеткенде кайрадан тарап кетет.

**ОРОГРАФИЧЕСКИЕ ОСАДКИ**–тоодогу жаан-чачын. Тоолордун койнундагы, татаал рельефтин таасири менен пайда болгон чар жайыт жаан- чачын.

**ОРОГРАФИЯ**–орография (грек. oros–тоо жана графия-жазамын). Жер бетиндеги рельефтин оң формасы, рельефтин көптөгөн формаларынан турат.

**ОРОШЕНИЕ**–сугаруу. Топуракты жасалма жол менен сугарып, өсүмдүктөрдү нымдуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу аркылуу кыртыштагы туздун режимин жөнгө салуу. Кыртышты жакшыртуунун бир түрү. Кургак жердин топурагынын түшүмүн арттырууга жардам берет.

**ОРТОГЕОСИНКЛИНАЛЬ** – ортогеосинклиналь (грек. orthos–түз жана геосинклиналь). Геологиялык өөрчүүдө, геосинклиналдык шарты ачык жана так байкалган, континенттер аралык кыймылдуу алкак. Жердин кыртышынын көтөрүлүшүнүн жана катталыш бүктөмөлөрдүн пайда болушунун натыйжасында ортогеосинклиналдык катталыш тоолор өсүп чыгат.

**ОРТОГНЕЙС**–ортогнейс. Жер астынан оргуп чыккан тектердин өтө тереңдикте метаморфоздолушунун натыйжасында пайда болгон тек.

**ОСАДКОНАКОПЛЕНИЕ**–чөкмөнүн катмарланышы седиментация. Көлмөлөрдүн жана агын суудагы тунмалардын тунуп чөгүшү.

**ОСАДОЧНО–МЕТАМОРФИЧЕСКИЕ ЛЬДЫ**–чөкмө–метаморфоздолгон муздар. Жердин бетиндеги кардын басырылышынан жана кристалдашынан пайда болгон муз катмары.

**ОСАДОЧНЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–чөкмө тоо тектер. Суу чөйрөсүндөгү, же аба массасындагы ылай, чаң жана ар кандай

тунмалардын басырылып, катмарланышынын натыйжасында пайда болгон тектер.

**ОСАДОЧНЫЕ МЕСТОРОЖДЕНИЯ**–чөкмөлүү кендер. Чөкмө пайда болуунун натыйжасында калыптанган кендер.

**ОСАДОЧНЫЙ СЛОЙ ЗЕМЛИ**–жердин чөкмө катмары. Ар кыл жаштагы чөкмө тектер орун алган жер бетинин үстүңкү катмары. Астындагы гранит жана базальт катмарынан даана бөлүнүп турат.

**ОСАЖДЕННАЯ ВОДА**–отурукташкан суу. Атмосферанын составындагы суу бууларынын жалпы сакталышы.

**ОСЕДЛЫЕ ПТИЦЫ** – отурукташкан канаттуулар. Жылдын бардык мезгилинде бир эле аймакты пааналап жашаган канаттуулар.

**ОСИНОВЫЙ ЛЕС**–осина токою. Составында осина үстөмдүк кылган, жайкысын көгөргөн, майда жалбырактуу токой.

**ОСНОВНАЯ ЛАВА**–негизги лава. Базальт лавасы, составында базальт жана андезиттүү базальт үстөмдүк кылган лава.

**ОСНОВНАЯ МАГМА**–негизги магма. Базальт магмасы, терендиктен оргуп чыккан жана составы кремнезем (45 –55%0, кальций, темир, магнийге жык толгон силикат эритмеси. Жабышкактыгы начар, төгүлмөлүү келет. Муздаганда, же жылымык мезгилинде жер үстүнө чыкканда базальтты, долеритти пайда кылат.

**ОСНОВНЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ**–негизги тоо тектер. Составынын 50-55% кремнеземдон турган жана составында аллюминий, кальций темир, магний мол кездеше турган магмалык тектер. М; базальт, габбра ж.б.

**ОСТАНЕЦ-** калдык. Аскалуу тоонун жемирилип олтуруп түгөнгөн калдыгынын жер бетине оркоюп чыгып турган бөлүгү. М; Сулайман, Катран, Чилмайрам, Гузан, Арпалык ж.б. тоолор.

**ОСТАНЕЦ ТЕКТОНИЧЕСКОГО ПОКРОВА**–тектоникалык жабуунун калдыгы. Сууга жуулбай калган тектоникалык жабуунун чакан калдыгы.

**ОСТАНЦЫ ОБТЕКАНИЯ**–айланып агып өтүүчү калдык. Өзөндөгү орсок таш, суунун агымы айланып өтүүчү аска таштын калдыгы.

**ОСТАТОЧНАЯ РАВНИНА**–түзөлгөн калдык түздүк. Мурда тилмеленген рельефтин узак убаккытты кучагына алган мезгилдин

ичинде, талкаланып, түзөлүшүнөн пайда болгон рельеф. Кыргызстанда кеңири таркалган-жон, Америкада пьедимент, көпчүлүк учурда пенеплен деп аталат.

**ОСТЕПНЕННЫЙ ЛУГ**–талааланган шалбаа. Арасында мезофилдүү, үрөнү дандуу жана ар түрдүү чөп (бетеге, майда бадал, шыбак ж.б.) аралаш өскөн шибердүү шалбаа.

**ОСТАТОЧНЫЕ ГОРЫ**–түзөлгөн калдык тоо. Мурдагы бийик тоонун талкаланып олтуруп түзөлгөн тайпак тоого айланган формасы (Иран, Тибет тайпак тоолору).

**ОСТРАКОДЕРМЫ**–остракодермы (грек. ostracodermus–баш сөөк жана-тери). Эң байыркы баш сөөгү жок, жер астында скелети кездешкен омурткалуу жаныбарлар. Башы сөөк калкан менен жабылган. Денесинин узундугу 2 м. Ордовик заманынан тартып девон заманынын аягына чейин деңиздин алдында жашашкан. Девон заманынын стратиграфиясын изилдөөдө чоң мааниси бар.

**ОСТРОВ** – арал. Туш тарабынан суу менен чектелген кургактык. Бир нече аралдардын жыйындысынан турган тобун-архипелаг дейт.

**ОСТРОВНЫЕ ГОРЫ**–аралча тоолор. Ири түздүктөрдөгү оркоюп чыгып турган калдык тоолор. М; Ысыккөлдүн кылаасындагы Оргочор жана Бөрүбаш тоолору, Ош тоолору, Катран, Катранбашы, Белисынык, Гузан ж.б. тоолор.

**ОСУЩЕНИЕ**–кургатуу. Топурактын семиздигин арттыруу максатында кыртыштагы ашык нымдуулукту кургатуу.

**ОСЫПЬ** – эшилме. Тоонун этегине шиленип түшкөн шагыл. Мындай шагылдын этек жагындагы таштары кесек болот.

**ОТВОДНОЙ КАНАЛ** – буйтма, буруп кетүүчү канал. Суусун жыгып кетүүчү канал.

**«ОТЕЛ» ЛЕДНИКА**–муздуктун сыныгы. Деңизге түшүп турган муздуктардын сынышынан айсберг пайда болуу процесси.

**ОТКОПАННЫЙ РЕЛЬЕФ**–«казып алма» рельеф. Талкалануу процессинин натыйжасында жыланачтанган рельеф.

**ОТКРЫТИЕ ТРЕШИНЫ**- ачык жарака. Тоо тектеринин көрүнүп турган жаракасы.

**ОТЛОЖЕНИЕ НАНОСОВ**–шилендинин катмарланышы. Суулу чөйрөдөгү ылай, тунманын катмарланышы.

**ОТЛОЖЕНИЕ**–катмар. Байыркы жана азыркы чөкмө тектердин катмарланып пайда болушу.

**ОТЛОЖЕННАЯ МОРЕНА**–катмарланган морена. Муздук тартылганда, анын ордунда калган моренанын (корум) катмары.

**ОТМЕЛЫЙ БЕРЕГ**–жээк тайыздыгы.

**ОТМЕЛЬ**–тайыздык. Деңиз менен көлдөрдүн четиндеги тайыздык.

**ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ВЫСОТА**- салыштырмалуу бийиктик. Жердин бетиндеги, белгилүү бир жерден экинчи жерге салыштырмалуу деңиз деңгээлинен башталган бийиктик. М; өрөөндөн баштап тоонун чокусуна чейинки бийиктиги.

**ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ГЕОХРОНОЛОГИЯ**– салыштырмалуу геохронология. Тоо тектеринин геологиялык жашын аныктоого арналган илим. Ал стратиграфия менен палеонтологиянын методуна таянат.

**ОТПЕЧАТКА КАПЕЛЬ ДОЖДЯ**–жамгыр тамчысынын тагы. Тоо тектеринин бетиндеги жамгырдын тамчысы ойгон майда тактар. Алардын диаметри 2-3 мм, кээде 15 мм ге жетет.

**ОТРИЦАТЕЛЬНЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА**–рельефтин терс формалары. Жердин бетиндеги ойдуңдуу (кокту, колот, өрөөн, ойдуң ж.б.) бөлүктөрү. Мындай жерлер жер бетинин орточо деңгээлинен төмөн жатат.

**ОТРОГ ГОРНОГО ХРЕБТА**–тоо кыркасынын тармагы. Кырка тоолордон бөлүнүп, туурасын көздөй, же кыйгачынан созулуп кеткен кырлар.

**ОТКРЫТОЕ МОРЕ** – 1. деңиздин жээктен алыс жаткан мейкини, 2. ачык океандын суу мейкиндиги.

**ОТЛОЖЕНИЕ** – катмар. Байыркы жана азыркы чөкмө катмарлар.

**ОТСОРТИРОВАННЫЕ ОСАДКИ**–иргелген чөкмөлөр. Көлөмү жана тыгыздыгы боюнча бир кылка чөкмө тектер.

**ОТСТОЙНЫЙ БАССЕЙН**-чыпкаланган бассейн. Суусундагы ылайынан тундурулган бассейн. Эгерде өзөндүн суусу көл аркылуу агып өтсө, ошол көл чыпкалоочу бассейн болуп эсептелет.

**ОХРАНА ПРИРОДЫ**–жаратылышты коргоо. Жаратылыштын коюздугун, байлыгын, дарыгерлик касиетин адам баласынын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылууга багыттап жүргүзүлгөн экономикалык, коомдук-саясий, табигый-илимий, технологиялык, укуктук, административдик-камкордук чаралардын ар кандай деңгээлдеги (мамлекеттик, эл аралык, аймактык жана административдик) иш аракеттердин жыйындысы.

**ОХРАНЯЕМАЯ ПРИРОДНАЯ ТЕРРИТОРИЯ**–коргоого алынган табийгый аймак.

**ОХРАНЯЕМЫЙ ВИД**–коргоого алынган түр. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын коргоого алынган түрлөрү (аю, илбирс, сүлөсүн, мадыл, элик, аркар ж.б.).

## -П-

**ПАВОДКОАККУМУЛИРУЮЩИЕ БАССЕЙН**- кирген сууну жыйноочу бассейн.

**ПАВОДОК**-кирген суу, ташкын. Кар, мөңгү эригенде, же нөшөрлөп жамгыр жааганда агын суулардын ташкандап кириши, чыгымынын кескин көбөйүшү.

**ПАДЕНИЕ**-уроо, эңкейиш. Тоо тектеринин кабатынын горизонталдык багытта жантайышы.

**ПЕРИСТЫЕ ОБЛАКА**- тармал булуттар, канат сымал булуттар. Жука, кебез сымалданган ак булуттар. Абадагы муз кристаллдарынын ири бүртүктөрүнөн турат. Жогорку тропосферада кезигет. Т.б. Cirrus (Ci)дейт.

**ПЕРЛАМУТРОВЫЕ ОБЛАКА**–седеп сымал булуттар. Стратосфералык булуттар, сырткы көрүнүшү боюнча тарам- тарам булуттарга түспөлдөш, чеке бели айланта кубулжуган көк желе менен курчалган булуттар. Көбүнчө Европанын түндүгүндө, Аляскада 20-30 км бийиктикте, кышкысын байкалат.

**ПЕРМСКАЯ СИСТЕМА**-пермь системасы, доору. Азыркы Пермь областынын атынан коюлуп, жердин геологиялык тарыхындагы палеозой эрасынын алтынчы (акыркы) системасы. Мындан 285 млн. жыл мурда башталып, баш аягы 55 млн. жылга чейин созулган. Пермь системасындагы, геосинклиналь областтарда, жаңыдан кубаттанган тектоникалык кыймылдын натыйжасында Герцин бүктөлүүсү өөрчүгөндүктөн, бийик тоолор өсүп чыккан. Азыркы материктерде

континенталдык режим өкүм сүргөн да, туздуу жана кызыл түстөгү чополуу, кумдуу катмарлар чогулган. Пермь системасынын климаты кургак, топурагы каксоо тартып, өсүмдүктөрү тилкелерге бөлүнүп жайгашкан.

**ПЕСОК**–кум. Өтө майда, борпоң тунмалардан чогулган тектер. Алар кварц, талаа шпаты, слюда ж.б. майда кесек бүртүкчөлөрү.

**ПЕСЧАНАЯ БУРЯ**–кум учурган бороон. Мындай бороон Казахстандын дың жерлеринде, Ысыккөлдүн батышында, чөлдөрдө байкалат.

**ПЕСЧАНАЯ ГЛИНА** – кумдуу чопо. Кум аралашкан топурак.

**ПЕСЧАНАЯ ПУСТЫНЯ**–кумдуу чөл. Мындагы кумдар жергиликтүү тоо тектеринин талкаланып, байыркы аллювиалдык түздүктөргө учуп келип, катталышынын натыйжасында пайда болот.

**ПЕСЧАНИК**–кумдук. Кум, чопо, карбонаттуу жана кремнийлүү тунмалардын чөкмөсүнөн биригип, уюган (цементтелген) тек. Негизги бүртүкчөлөрү көлөмү боюнча; майда (01, -0,25 мм), орточо (0,25-0,5 мм)жана кесек (0,5-2 мм) деп бөлүнөт.

**ПЕСЧАНЫЕ ЗЕРНА**– кум бүртүкчөлөрү. Ар түрдүү минералдардын (көбүнчө кварцтын) майда бүртүкчөлөрү, физикалык химиялык күкүмдөнүүнүн натыйжасында, же ысык–сууктан пайда болот.

**ПЕСЧАННЫЕ ПУСТЫННЫЕ ПОЧВЫ**–кумдуу чөл топурактар. Начар өнүккөн, гумусу (чириндиси) кемчил, генетикалык горизонттору анча белгилүү эмес чөл топурактары. Орто Азия, Африка, Түштүк Америка жана Австралиянын чөлдөрүндө кезигет.

**ПЕСЧАНЫЙ ВИХРЬ**–кумдуу куюн. Жердин бетинен асманга топурак, чаң жана кум учурган куюн. Сыртынан караганда столбага окшоп тик көтөрүлүп, куюну тегеренип, улам өйдөлөп көтөрүлө берет. Кумдуу чөлдөрдө абанын күндүзгү конвенциясы өөрчүгөндө байкалат.

**ПЕТРОГРАФИЯ, ПЕТРОЛОГИЯ**–петрография, петрология (грек. petros–таш жана grapho–жазамын, сүрөттөймүн). Тоо тектери жөнүндө, алардын химиялык-минерологиялык составын, структурасын жана текстурасын, жайланышуу шартын, пайда болушун, ошондой эле жердин бети боюнча таралышын үйрөтүүчү илим. СНГде кээ бир изилдөөчүлөр П. деп тоо тектерин сүрөттөөнү гана эсептейт. Гидрологиялык, генетикалык жана чөкмөлүк деп бөлүнөт. Изилдөөчү обьектилеринин касиетине карата жана колдонулуучу методикасы боюнча петрографияны; «Петрохимия»,

«Петрофизика», «Петротектоника» «техникалык П», физикалык, химиялык жана эксперименталдык п. деген тармактарга бөлөт.

**ПЕТРОТЕКТОНИКА**–петротектоника. Деформацияланган тоо тектерин, алардын тектоникалык тарыхы менен кошо изилдөөчү илим.

**ПЕЩЕРА** - үңкүр. Жердин үстүнкү бетиндеги терең жана ичке оюк. Ал жердин тулкусундагы оңой эрип, же урап кетүүчү катмардын жуулуп кетишинин натыйжасында пайда болот. Тез эрүүчү минералдарга акиташ, доломит, гипс ж.б. кирет. Өтө ири үңкүрлөр чополуу чөйрөдө, карст процесси өрчүгөн жерлерде күчтүү өнүгөт. М; АКШдагы Флинт- Мамонт үңкүр системасынын узундугу 300 км ге чейин жетет, да ичи бир нече өткөөлдөрдөн, залдардан турат. Үңкүрлөрдү спелеология илими изилдейт. Кыргызстанда Канигут, Чильустун, Ажыдаар, Чоңүнкүр ж.б. көптөгөн үңкүрлөр бар. Биринчилик жана экинчилик үңкүрлөр деп бөлүнөт.

**ПЕЩЕРА ЛЕДНИК** - муздуктагы үңкүр. Мөңгүдөгү үңкүр, муздак үңкүр. Алардын ичиндеги температура жылдын бардык мезгилинде $0^0$ тан төмөн болот. М, Кунгур муз үңкүрү (Пермь областы).

**ПЕЩЕРНОЕ ОЗЕРО** - үңкүр көл. Үңкүргө чогулган суудан пайда болгон көл. М, Түркмениянын Капет-Даг тоосундагы Бахарден үңкүрүнө толгон Коу көлү.

**ПЕЩЕРНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**-үңкүрдөгү катмарлар. Үңкүрдөгү суунун ар кандай тунмалары.

**ПЕЩЕРНЫЙ МЕДВЕДЬ**-үнкүрдөгү аюу. Үңкүрдөн табылган байыркы күрөң (азыркы аюудан кыйла чоң) аюунун өлүгү. Плейстоцен заманында Росиянын түштүгүндө, Батыш Европада көп кезигүүчү аюлар, үңкүрлөрдө жашаган.

**ПИК** – чоку. (фр. pic). Тоонун урчуйган чокусу, же эң бийик чокусу. М; Хан-Теңири (6995 м), Жеңиш (7434 м), Желайдар, Куунайза, Каратума,Айрыташ ж.б. чокулар.

**ПИОНЕРНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**- алгачкы өсүмдүк. Такыр жерге биринчи жолу өскөн өсүмдүк. Фитоценоздун өнүгүшүнүн алгачкы баскычы болуп эсептелет.

**ПИТАНИЕ РЕКИ**–өзөндүн тамактанышы. Өзөндүн суусунун булактар менен толукталышы. Ал жаан- чачындын, кардын, муздун эриген суусунан куралат.

**ПИТЕКАНТРОПЫ**–питекантроптор (грек. pithekos–маймыл жана antropos–адам). Гоминид тукумунун өкүлдөрү, аларды көбүнчө алгачкы адамдар деп аташкан. Дене түзүлүшүнүн морфологиясы, баш мээсинин көлөмү жана структурасы боюнча азыркы адамдарга окшоштугу жакын болгон. Биринчи жолу Ява аралында 1898- 1893-жылдарда табылган. Анча көп эмес калдыктары Түндүк жана Чыгыш Африкада, Батыш жана Борбордук Европада, Түндүк Азияда табылган. П. табылгалары эоплейстоцендин аягына жана плейстоцендин башына (1,2-0,5 млн. жыл мурда) туура келет.

**ПИТАНИЯ ЛЕДНИКА**– мөңгүнүн тамактанышы. Мөңгүнүн этегин жана башын бөлүп турган чек ара. Ошол жердеги кар топтолуу менен эрүүнүн ортосундагы теңдеме нөлгө барабар. Мөңгүнүн калыптаныш борбору, оорду.

**ПЛАВУЧИЙ ЛЕД**– калкуучу муз. Сууда калкып жүргөн ар кандай эле муз. Негизинен көлдөрдөгү, дарыялардагы жана деңиздеги муздар.

**ПЛАКОДЕРМЫ**–плакодермдер. Калкандуу балыктар (Placodermos), эчак эле жок болгон балыктар. Көөдөнү менен башы терисинен пайда болгон сөөктөй калканы менен капталып турат. Куйрук жагын каңылтыр жаап турат, узундугу 5-6 м. ге чейин жетет. Девон доорунда деңиздерде жана континенттерде жашаган.

**ПЛАКОР**–плакор. Тегиздик, түздүк, топурак-өсүмдүктөрү тилке-тилке болуп бөлүнгөн тайпак жондор. Терминди 1927-жылы орустун окумуштуусу Г.Н. Высоцкий сунуш кылган.

**ПЛАН**- план (лат. Planum - тегиздик). Чакан чөйрөнүн планын ири масштабда сүрөттөө, чийүү.

**ПЛАНЕТЫ**–планеталар (грек. planeta–адашкан жылдыз, тентип жүргөн жылдыздар). Күндү айланып, анын нуру менен шоолаланып жүрүүчү күн системасындагы олбурлуу телолор. Күндөн тартып төмөнкүчө орун алышкан; Меркурий, Венера, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон. Алардын химиялык составы жана көлөмү дээрлик бирдей болуп, заттарынын орточо тыгыздыгы 5,52 ден 3,97 г $см^3$ чейин жетет, ал эми кээ бир планеталардын (Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун) заттарынын орточо тыгыздыгы 1,4 г $см^3$ түзөт, б.а. Күндүн заттарынын тыгыздыгына жакын. Азыркы мезгилде онунчу планета Фаэтон (Хемфри) жөнүндө концепция бар. Анын орбитасы (куру) 9 планетанын орбитасын (курун) кучактаган абалда оорун алган.

**ПЛАНКТОН**- планктон (грек. planktos-адашуучу). Деңиздерде жана дарыяларда жашоочу жана суунун агымы менен бир жерден экинчи жерге которулуучу өсүмдүктөрдүн дүйнөсү. Өлчөмү боюнча макро жана микропланктон, систематикалык составы боюнча зоопланктон жана фитопланктон деп бөлүштүрүлөт. Планктондорго ар кандай балырлар, жөнөкөй жаныбарлар, кээ бир үлүл сыяктуулар, медузалар ж.б. кирет. Алар сууда жашоочу жаныбарлар, айрыкча балыктарга тоют катарында кызмат кылат.

**ПЛАСТ**- катмар. Тоо тектеринин, же топурактын бир тектүү катмары.

**ПЛАСТИНЧАТАЯ ОТДЕЛЬНОСТЬ**–пластина сыяктуу бөлүкчөлүк. Тоо тектериндеги жука жана жалпак бөлүкчөлөр.

**ПЛАСТОВАЯ РАВНИНА**–бастырмадагы өрөөн. Платформанын плитасына туура келген өрөөн.

**ПЛАТО**- плато (фр.plateu - тайпак). Анча бийик эмес бөксөө тоо, (Ысыккөлдүн сырттары, Декан платосу ж.б.).

**ПЛАТФОРМА**–платформа (фр.–plate–forma. Plat- тайпак жана forme - форма). Жер бетинин кыймылсыз, тегиз жана тайпак формалуу бөлүгү. Анын фундаменти монолиттүү таштак болот, үстүндө чөкмө тектердин катмары жатат. П. байыркы (Чыгыш Европа, Сибирь ж.б.) жана азыркы (Туран, Батыш Сибирь ж.б.) деп бөлүнөт. Байыркы платформалардын негизин кембрийге чейинки тектер, ал эми жаш платформалардын негизин палеозой жана мезозой доорунда пайда болгон тектер түзөт.

**ПЛАТФОРМЕННЫЙ ЧЕХОЛ**–платформанын жабуусу, чөкмө тек менен жабуу. Платформалык областтардын байыркы аскалуу фундаментин басып жаткан чөкмө тектердин катмары.

**ПЛЕЙСТОЦЕН**–плейстоцен (грек. pleistos-эң зор, өтө узак жана kainos жаңы). Төртүнчүлүк доордун эң узак бөлүгүн ээлеген төмөнкү катмары. Жердин климаты жалпысынан муздак болгон жана ортоңку кеңдикте мезгил–мезгили менен ири муздук областтар пайда болуп турган.

**ПЛЕЙСТОСЕЙСТА**–плейстосейста (грек. pleistos–эң зор, абдан чоң жана seistos термелүүчү, титирөөчү). Жер титирөөнүн эң күчтүү өнүккөн жерин белгилөөчү сызык.

**ПЛЕНИГЛЯЦИАЛ** – пленигляциал (лат.plenus–толук кубаттуу, чоң жана glacies- муз). Плейстоцендеги муз доорунун өтө суук (муздак) мезгили (вюрм, висла, валдай замандары).

**ПЛЕС** - плес. Өзөндүн чуңкуру.

**ПЛЕЧО ТРОГА**–трогдун кыры. Мурда муздук жаткан коктунун башындагы, тепши сымал оюктун четиндеги, кашаттай болуп турган секинин кырлары (Алай тоолорундагы Көкдөбө, Сарыой; Алайку тоолорундагы Тепши, Салынчак, Сарыой, Кароол ж.б. .)

**ПЛИОЦЕН**–плиоцен (грек. Pleion–көп сандаган, узак, толук жана kainos - жаңы). Неоген системасынын (мезгилинин) жогорку соңку заманы, бөлүгү.

**ПЛИТА**–плита. Платформанын белгилүү бир бөлүгүнүн төмөн түшүп кеткен жери. Анын үстүндөгү чөкмө тектердин катмары кыйла калың болот. М: Чыгыш Европа платформасындагы Орус Туран плиталары ж.б.

**ПЛОДОРОДИЕ ПОЧВЫ**–топурактын семиздиги. Топурактын өсүмдүктөргө керектүү тамак заттар, нымдуулук ж.б. менен камсыз кылып бай түшүм алууга шарт түзүүчү жөндөмдүүлүгү. Потенциалдык (топурактын табигый семиздиги ) жана эффективдүү иштетүү, сугаруу, жер семирткичтерди чачуу деп бөлүнөт.

**ПЛОЙЧАТОСТЬ**–плойчатость (фр. Ploger–ийүү, бүктөө). Тоо тектердин майда бүктөлмөлүү бырык- тырыгы. Катталыш процесстери күчтүү өнүккөн областтардагы тоо тектеринде көп байкалат.

**ПЛОСКОГОРЬЕ**–бөксө тоо. Төбөсү тайпак, капталдары жыбыт–жылгаларга тилмеленген жапыз тоолор (Сибирь, Эфиопия бөксө тоолору).

**ПЛОСКОЕ БОЛОТО**–жалпак саз. Саздар адеп өнүгүп баштаганда ортосу чуңкур болуп көрүнөт, бирок улам чымы өсүп, тунмалары (чөкмөлөрү) калыңдаган сайын, саздын бети бир аз көтөрүлүп түзөлө баштайт.

**ПЛОЩАДНОЕ ИЗВЕРЖЕНИЕ**–ири аянтка оргуп чыгуу. Жер астынан ар түрдүү жаракалар, түтүк сыяктуу каналдар менен ири аянтка оргуп чыккан суюктук. М; Декан платобазальтынын аянты 200000 $км^2$,Исландияда ж.б. жерлерде кезигет.

**ПЛУТОН**–плутон (грек. pluton). Грек мифологиясы боюнча жер астындагы падышачылыктын кудайы, терең түпкүрдөгү чоң көлөмдүү интрузивдик тело (батолит, шток, лополит ж.б. турат).

**ПЛУТОНИЗМ**–плутонизм. Жердин кабыгындагы тоо тектердин пайда болушу жана өрчүшү негизинен ички (эндогендик) процесстердин аракетинин жана вулканизмдин натыйжасында пайда болот деген геологиялык концепция. Плутонизмди белгилүү көз караштардын системасы катарында шотландиялык геолог Дж. Геттон жазып чыккан. XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында көп колдонулган.

**ПЛЫВУН**–ылай эритме. Жер кыртышынын суура каныгып эзилген бөлүгү. Ал кичинекей эле басым болсо, же кыймылдаса агып (жылмышып) кетүүсү ыктымал.

**ПЛЮВИАЛЬНАЯ ЭПОХА, ПЛЮВИАЛ**–плювиалдык доор (лат. Pluvialis–жамгырчыл). Жамгырлуу жаан-чачындын санынын көбөйүшү менен климаттын нымдуулугунун күчтүү өөрчүгөн этабы . П. д.، салыштырмалуу кургак (каксо же ксеротермикалык ) климаттуу доорго карама- каршы түшүнүк.

**ПЛЯЖ**–пляж (фр. Plage ). Деңиздин жантайынкы жээги кум менен чайкалган.

**ПОБЕРЕЖЬЕ**–жээк. Кургактык менен деңиздин ортосундагы чек аралык тилке. Анда байыркы жана азыркы кездеги рельефтин формалары кезигет.

**ПОВЕРХНОСТИ ВЫРАВНИВАНИЯ**–тайпак жондор. Тегиз мейкиндиктердин жалпысынын айтылышы. Мындай мейкиндиктер кыйла мезгилдерден бери ар түрдүү денудациялык жана аккумуляциялык процесстердин күчтүү таасири менен, алгачкы кескин түрдүү формалары тегизделинип олтуруп пайда болгон (Чыйырчык, Алдаяр, Бор ж.б.).

**ПОВЕРХНОСТНАЯ ПЛЕНКА ОКЕАНА**–океандын үстүңкү бетиндеги чел кабыгы. Океандын үстүңкү бетиндеги атмосфера менен өз ара алмашууга жолтоо болуп туруучу чел кабыгы (пленкасы). Чел кабыктын үстүндөгү температура менен астындагы температуранын айырмасы бир нече градуска чейин жетет.

**ПОВЕРХНОСТНОЕ ТЕЧЕНИЕ**-үстүңкү агым. Океан-деңиздердин, же көлдөрдүн үстүңкү бетинде айланма, же бир багыттуу агымдар, алар шамалдын таасири менен пайда болот.

**ПОВЕРХНОСТНЫЕ МОРЕНЫ**-үстүңкү мореналар. Мөңгүнүн этек жагынын үстүндө, үйүлгөн тоо тектеринин сыныктарынан чогулган коргулдар.

**ПОВЕРХНОСТНЫЙ СМЫВ**- үстүртөн жуулуу. Тегиздик боюнча жуулуу, жаандын, же кардын эриген суусу менен жантайынкы тегиздиктин бетинен кум, чопо, топурактын тегиз жуулушу.

**ПОВЕРХНОСТЬ НЕСОГЛАСИЯ**–карама–каршы үстүртөндүк. Ар кандай курактагы тоо тектеринин катмарларынын бириккен жериндеги тегиздиги. Алардын ортосундагы чек арасы чөкмө тектердин составы жана ыркы менен ажырап турат.

**ПОВЕРХНОСТЬ СБРОСА**–төмөн түшүү. Тоо тектеринин үстү жарылып, бир канатынын төмөн түшүп жайланышы.

**ПОГЛОТИТЕЛЬНАЯ СПОСОБНОСТЬ ПОЧВ**–топурактын соруп алуучу касиети. Механикалык, физикалык, химиялык, физико- химиялык жана биологиялык жолдор менен сиңирип алуу жана өзүндө кармап туруучу өзгөчөлүктөргө бөлүнөт. Топурактын семиз болушуна жана өсүмдүктөрдүн түшүмдүү болушуна көмөкчү болот.

**ПОГЛОЩЕННАЯ РАДИАЦИЯ**– сиңирилген радиация. Жердин бетине сиңип кеткен суммардык күн радиациясынын бөлүгү. Жердин бетине сиңген радиациянын жылдык суммасы 167,6 кДж(уюлдук областарда) ден 418,6 кДж, (Жер Ортолук деңиздин боюнда жана Орто Азияга чейинки аймактарды) чейин өзгөрөт.

**ПОГРАНИЧНЫЙ СЛОЙ АТМОСФЕРЫ**–атмосферанын чек аралык катмары. Тропосферанын төмөнкү катмары. Калыңдыгы 300-400 метрден 1500-2000 м. чейин жетет, динамикалык жана термикалык касиети жер бетинин таасири менен аныкталат.

**ПОГРЕБЕННАЯ ТЕРРАСА**–Көмүлгөн кашаттар. Чөкмө тектерге, же вулкандык борпоң катмарга басылып, рельефинин жиги билинбей калган кашаттар.

**ПОГРЕБЕННЫЕ ЛЬДЫ**–көмүлгөн муздар. Чөкмө тектердин урандысына басылып калган муздардын сыныктары. Алар кыймылсыз жатып калгандыктан окумуштуулар « өлгөн» муз деп да, аташат.

**ПОГРЕБЕННЫЕ ПОЧВЫ**–көмүлгөн топурактар. Өз кезегинде пайда болуп, кыйла калыптанып калган топурак катмарынын борпоң урандыга, же составы бөлөк топурактын астында басылып калышы. М: Арабел, Кумтөрдөгү тоолуу тундра топурагынын астындагы кара күрөң тарткан катмар.

**ПОГРЕБЕННЫЙ РЕЛЬЕФ**–көмүлгөн рельеф. Соңку чөкмө, же вулкандык борпоң катмарга басылып калган рельеф. К. р. алгачкы

абалы аскалуу тектерден жаралса, анын үстүндө борпоң катмар менен басылып, кийинки денудация процессине дуушар болгондо борпоң катмары жуулуп, мурунку рельеф кайра калыбына келет.

**ПОГРУЖЕННЫЙ КОРАЛЛОВЫЙ РИФ**–чөгүп кеткен коралл рифтери. Жердин кабыгынын вертикалдык багыт боюнча кыймылынын натыйжасында төмөн түшүп (50м. ашык) кеткен корал курулуштары. Мындай учурда риф пайда кылуучу кораллдар өздөрүнүн жашоосун уланта албай калат.

**ПОДВЕТРЕННЫЙ БЕРЕГ**–ылытмалуу жээк. Үстөмдүк кылган шамалдан кургактык менен тосулуп (калкаланып) жаткан жээги.

**ПОДВЕТРЕННЫЙ СКЛОН**–ылытмалуу каптал. Үстөмдүк кылган шамалдын багытына карата ылымталуу абалдагы бет (тоонун капталы).

**ПОДВИЖНАЯ ДЮНА**–кыймылдуу дюна, кыдыруучу дюна. Өсүмдүктөр менен тосулуп бекилбеген, шамалга туруштук бере албаган жана шамалдын багытын көздөй улам бир жерге которулуп (көчүп)жүрүүчү кум дөбөлөр.

**ПОДВИЖНЫЙ ПОЯС, МОБИЛЬНЫЙ ПОЯС**- кыймылдуу пояс. (мобилдүү пояс). Жер кабыгынын ири өлчөмдөгү жана ылдамдыгы, тектоникалык кыймылы өнүккөн, ошондой эле чөйрөлөш жаткан областтарга салыштырганда магмалык иш аракети күчтүү өрчүгөн бөлүгү. Ал геосинклиналдык (материктерге чектеш, же материктер аралык), эпигеосинклиналдык, эпиплатформалык, орогендик (материк ичиндеги), океан ичиндеги К.п. деп бөлүнөт.

**ПОДВОДНАЯ АККУМУЛЯТИВНАЯ ТЕРРАСА**–суу астындагы аккумуляциялык кашат. Суу астындагы жээктин этегине топтолгон, борпоң шилендилерден турган кашаттар. Деңиз тарабынан тик жар менен чектелип жатышат.

**ПОДВОДНАЯ ОКРАИНА МАТЕРИКА**–материктин суу астындагы чети. Дүйнөлүк океандын материкке чектеш жаткан бөлүгү. Ал материктин суу астындагы жантайынкы бөлүгү, материктик каптал жана материктик этек деп бөлүнөт. Бул чөйрөдө дайыма толкун, агым ж.б. суу кыймылдары болуп турат.

**ПОДВОДНАЯ ТЕРРАСА**–суу астындагы кашат. Суу астындагы жээктеги горизонталдык, же бир аз жантайынкы аянтча. Ал деңиз тарабынан тик жарча менен чектелип турат.

**ПОДВОДНЫЕ ЗЕМЛЯТРЯСЕНИЯ**–суу астындагы жер титирөө. Океан, же деңиздердин түпкүрүндөгү жер титирөө. Көбүнчө Тынч океандын чет жагында байкалып цунамилерди пайда кылат. Океандардын чоң бөлүгүндө жер сейрек титирейт жана анча күчтүү болбойт.

**ПОДВОДНЫЕ ГОРЫ**–суу астындагы тоолор. Океандын түбүнөн көтөрүлүп өзүнчө турган тоолор, океан алдындагы тоолордун оркоюп чыгып турган чокулары.

**ПОДВОДНЫЕ ДОЛИНЫ**–суу астындагы өрөөндөр. Океан-деңиздердин түбүндө кургактыктагы өрөөнгө окшогон, узунунан созулуп жаткан чуңкурлар. Океандардын астындагы тоолордо көп кездешет.

**ПОДВОДНЫЕ ИСТОЧНИКИ**–суу астындагы булактар, субаквальдык булактар. Көлмөнүн түбүндөгү, же боорундагы булактар(жер астынан чыккан суу) М; Кара деңиздин Гагра шаарына жакын жердеги булак, Алайку өрөөнүндөгү Кашкасу дарыясындагы Нарзан булак ж.б.

**ПОДВОДНЫЕ КАНЬОНЫ**–суу астындагы кууш капчыгайлар. Материктин суу астындагы бөлүгүндөгү, капталдары тик жана кууш (1-2км), узунунан тарам–тарам болуп чиелешкен рельефтин формасы. Океан астындагы тоолордо арбын кездешет.

**ПОДВОДНЫЕ ОПОЛЗНИ**–суу астындагы көчкү. Материктин суу астындагы бөлүгүнөн деңиздин түбүнө урап түшкөн борпоң чөкмөнүн катмары.

**ПОДВОДНЫЕ ХРЕБТЫ**–суу астындагы кырка тоолор. Океан–деңиздердин түбүнөн көтөрүлгөн кырка тоолор. Материктердин сууга чектеш жаткан бөлүгүндө өтө сейрек, ал эми материктен океанга өткөн тилкеде, суу астындагы аралча түрүндөгү туташ кырка тоолор кезигет. Океандын түбүндө ири тоолор өз алдынча көтөрүлүп, эң чоң аянтты жана узундукту ээлеп жатат. М; Атлантика валы, Индия валы, Ломоносов жана Менделеев тоолору ж.у.с.

**ПОДВОДНЫЙ БЕРЕГОВОЙ СКЛОН**–суу астындагы жээктин капталы. Деңиздин түбүнүн жээкке чектеш жана дайыма толкундун удулуна туура келген тилкеси. Жээк зонасынын суу астындагы бөлүгү.

**ПОДВОДНЫЙ ВУЛКАНИЗМ**–вулкандын суу астынан атылышы. Мындай вулкан суунун терең түпкүрүндө пайда болсо анча байкалбайт. Ал эми тайыз жерде болсо терең түпкүрдөн буу, газ жана газга аралашкан лавалар асманга атылганы жакшы байкалат.

**ПОДВОДНЫЙ РАЗЛОМ**–суу астындагы жарака. Океандын түбүндөгү, узундугу бир нече миң километр, туурасы 100-120 км келген жарака. М; Тынч океандагы Мендосино, Пайонир , Марри ж.б. жаракалары.

**ПОДГОРНАЯ РАВНИНА**-тоо астындагы (этегиндеги) түздүк. Тоолуу аймактардан орун алган жана пайда болуу процесси тоолор менен түздөн-түз байланышта болгон түздүктөр. Көпчүлүк тоолордун этегинде кездешет.

**ПОДЗЕМНЫЕ ВОДЫ**–жер астындагы суулар. Жер кабыгынын үстүңкү бетинде үч абалдагы (суюк, буу, муз түрүндөгү) суу. Тоо тектеринин жаракаларына, катмарлардын арасындагы боштуктарга толуп турат. Оргуп жана жылжып чыгуучу суулар деп бөлүнөт. Минералдуулугу боюнча тунук (таза), минералдуу, жер астындагы рассолдуу, ал эми температурасы боюнча термалдуу деп аталат. Ж.а. с. жердин суу ресурстарынын бир бөлүгү.

**ПОДЗЕМНЫЕ ЛЬДЫ**–жер астындагы муздар. Жер кабыгынын үстүңкү бөлүгүндөгү борпоң тектерге басылып жаткан муздар. Пайда болгон убакыты боюнча азыркы жана байыркы деп бөлүнөт. Теги боюнча баштапкы, же борпоң тектердин муздашынын натыйжасында (муз-цемент) жана экинчи жолу (суунун жана суу бууларынын жаракаларда, коңулдарда кристаллдануусунун натыйжасында) пайда болгон деп бөлүнөт. Ж.а.м. түбөлүк тоң тараган областтарда көп байкалат.

**ПОДЗЕМНЫЕ РАССОЛЫ**–жер астындагы рассолдор. Жогорку концентрациялуу эриген минералдык (36 г/л, ден 50 г/л чейинки) заттары бар, жер астындагы суулар. Седиментациялык туздуу, же тунук көлдөрдөн төмөн жаткан бассейндерде, кээ бир деңиздердин түбүндө (Кызыл, Каспий деңиздери, Мексика булуңунда ж.б. (чөкмө, тунма шилендилер), ошондой эле кристаллдык щиттердин гипергендик жарыкчаларында кездешет (Балтика, Украина, Канада щиттеринде).

**ПОДЗОЛИСТО–БОЛОТНЫЕ ПОЧВЫ**- күл түстүү саз топурагы. Тайга зонасынын нымдуу чөйрөсүндөгү, токойлуу саздардагы түшүмдү аз берүүчү күл түстүү аралашкан саз топурагы.

**ПОДЗОЛИСТЫЕ ПОЧВЫ**–күл топурактар. Түшүмдү аз берүүчү күл топурак, ийне жалбырактуу жана аралаш токой зонасында кездешет да, механикалык жана морфологиялык түзүлүшү даана жиктерге ажырап, анда тунма чополуу кум басымдуулук кылат.

**ПОДЗОЛООБРАЗОВАНИЕ**–күл пайда болуу. Күл топурактын пайда болуу процесси, б.а. топурактын минералдарынын микроорганизмдердин жана органикалык кислоталардын таасири менен бузулушу, андан бөлүнгөн кыпындардын топурактын төмөнкү катмарына, же сырткы катмарына топтолушу, тунма бөлүктөрдүн топуракка сиңиши жана элювийлүү-глей процесстеринин жүрүшү. Нымдуу климатын, же суу режиминин туруктуу шартында, мезгил–мезгили менен жуулуп турушунун натыйжасында пайда болот.

**ПОДКЛАСС ЛАНДШАФТА**–ландшафтын подклассы. Жердин бетинин ири масштабдагы картасы. М.; тоо ландшафты–класс, анын жогорку, орто жана төмөнкү бийиктигиндеги субальпы, токой ж.б. тилкелери-подкласс.

**ПОДКОВООБРАЗНЫЙ ЛЕДНИК**–така сымал муздук. Мөңгүлөрдү түрлөргө бөлүштүргөндө айтылат. Ага тоо кырындагы кичине жапшардын кырына бойлото жаткан тегерек муздуктар кирет. Кыргызстандын тоолорунда аянты 0,1 $км^2$ ашпаган кичине така сымал мөңгүлөр кездешет. М; Көлкайыңды, Тексуюк, Корумду, Эркеч, Жиптик ж.б.

**ПОДЛЕДНИКОВЫЙ СТОК**–мөңгүнүн астындагы агым. Тоо же материк мөңгүлөрүнүн асты менен аккан суу. Ал мөңгүнүн үстүңкү бетинин эрип, жарыктары аркылуу муздун астына сарыгат да, муздун астыңкы бетинен эрип кошулган суудан чогулат. Байыркы мөңгүлөр жаткан жерлерде бири-бирине жөөк менен туташылган ойдуңчалар кезигет. Алар байыркы мөңгүнүн астындагы агымдын калдыгы.

**ПОДЛЕСОК**- майда токой. Бийик токойлуу тилкенин арасындагы бадал-майда жыгачтар. Алар тамырдан жана уругунан көбөйгөндөр.

**ПОДНЯТИЕ БЕРЕГ**-жээктин көтөрүлүшү. Тектоникалык кыймылдын натыйжасында көтөрүлүп, бара жаткан жээк.

**ПОДНЯТОЕ КРЫЛО**- көтөрүлгөн канат. Төмөн түшүп кеткен тоо тектеренин, эки же, бир жагынын кайкайып, көтөрүлүп калышы (Кулданбес, Ийрису, Чыйырчык, Кабыланкөл ж.б.).

**ПОДНЯТЫЕ КОРРАЛОВЫЕ РИФЫ**–көтөрүлгөн коррал рифтери. Жердин кыртышынын тектоникалык кыймылынын натыйжасында, океандын деңгээлинен жогору көтөрүлүп кеткен коралл рифтери. Тынч жана Инд океандарында эң көп таркалган.

**ПОДОШВА ГОР**–тоолордун этеги. 1. Тоо менен түздүктүн ортосундагы шартуу сызык. 2. Тоолордун этегине кыналып жаткан түздүк.

**ПОЙМА**- сай. Аллювиаль чөкмөсү жаткан түз жээк.

**ПОЙМЕННЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–жайылма чөкмө. Өзөндүн боюндагы кум, алевирет, кумдан чогулган аллювийлик чөкмө катмар. Өзөндөгү суу агып жайпаганда катмарланат.

**ПОЙМЕННАЯ ДОЛИНА**–жайылма өрөөн. Өзөнү даана бөлүнгөн өрөөн. Өрөөндүн пайда болушунун акыркы стадиясы.

**ПОЙМЕННЫЕ ЛУГ**–жайылманын шалбаасы. Мезгил-мезгили менен ташыган, суу менен жайпалып турган түзөңдөгү шалбаа. Негизги чөп чабынды.

**ПОЙМЕННЫЕ БОЛОТО**–жайылма өзөндүн сазы. Өзөндү бойлоп, сууну жээктеген саздуу аянт. Анда камыш жана саздуу өлөң өсөт.

**ПОКРОВНАЯ СТРУКТУРА**-жабылуу структура. Тектоникалык жабуусу бар, геологиялык структура. Ж.с. бар тоолорду жабуу тибиндеги тоолор деп атайт. М, Чыгыш Альпы тоосу.

**ПОКРОВНЫЙ СУГЛИНОК**–жабуучу кум-чопо. Плейстоцен заманында, мөңгү жаткан областтардагы рельефтин ар түрдүү элементтерин үстүнөн жаап жаткан чопо менен топурактын жука катмары.

**ПОКРЫТЫЕ (БИОГЕОГРАФИЯ)**–жабуу. Биогеографияда жердин үстүңкү бетиндеги өсүмдүктөрдүн горизонталдык проекциясы. Аянт бирдиги боюнча процент менен туюнтулат. Термин өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө, ярустарына жана жалпы эле түркүмдөргө бирдей тиешелүү.

**ПОКРЫТОСЕМЕННЫЕ РАСТЕНИЯ**–уругу жабык өсүмдүктөр. Гүлдүү өсүмдүктөр (Angiosperma), жаратылышта белгилүү болгон өсүмдүктөрдүн жарымына жакынын кучагына алат. Татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн өтө жашы, мезозой эрасынын орто ченинде өнүгүп жетилген.

**ПОКРЫТЫЕ КАРСТ**–жабык карст. Карст процессин пайда кылуучу, тектери борпоң шилендилерге басылып көрүнбөй жаткан областтар (Орто – Европалык карст тиби ж.б.).

**ПОЛ ДЕНЬ**–түш маалы, чак туш. Күндүн так төбөдөн $90^0$ тик бурч менен тийген маалы, географиялык узундукка жараша өзгөрмөлүү болот. Батыш тарапка жылган сайын ар бир $15^0$ тан кийин түш мезгили бир саатка кечигип келет.

**ПОЛЕВЫЕ ШПАТЫ**-талаа шпаттары. Жер кабыгындагы тектерди пайда кылуучу жана кенен тараган сликаттар пародасындагы минералдар. Алар кальцийдин, натрийдин, барийдин, калийдин, алюминийлүү силикаты. Талкалануу процессинини натыйжасында чополуу минералдарга айланат жана топурактагы чопонунун өсүшүнө көмөкчү болот.

**ПОЛЕЗНЫЕ ИСКОПАЕМЫЕ**-пайдалуу кен. Өндүрүш чөйрөсүндө пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү минералдык топтордун жыйындысы. Географиялык өсүүнүн жүрүшүндө экзогендик жана эндогендик процесстердин натыйжасында пайда болот. Катуу (таш көмүр), рудалар (темир, калай ж.б.), метал эмес кендер, суюк (нефт, минералдык суулар) жана табигый газдар түрүндөгү пайдалуу кендер деп бөлүнөт.

**ПОЛЕСЬЕ** - полесье. Европанын аралаш жана жазы жалбырактуу токою өскөн түштүк тайга зонасындагы кумдуу ой.

**ПОЛИГЕНЕТИЧЕСКИЕ ГОРЫ**–полигенетикалык тоолор. Көп циклдүү тоолор, бир нече орогендик заманда пайда болуп, морфологиялык түзүлүшү боюнча көп циклдүү тектерден түзүлгөн тоолуу өлкө.

**ПОЛИМИКТИЧЕСКИЕ ОЗЕРА**–полимик көлдөрү (грек. polys жана miktos-аралаш). Суусунун айланышы сезон боюнча эмес, сутка ичинде алмашып чыккан көлдөр. Алар эки типке бөлүнөт; биринчиси экваторго жакынкы чөйрөдөгү нивалдык тилкеде жаткан муздак көлдөр. 2. Тропикке жакынкы чөйрөдөгү орточо бийиктиктеги жылуу көлдөр.

**ПОЛИНЕЗИЙСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**– Полинезиялык жаныбарлар области. Тынч океандын тропиктик жана субтропиктик аралын (Мариан аралынан Маркиз аралына чейинки) кучагына алган област. «Адашкан айбанаттар» деп аталган түрлөр (айрыкча, жаңы Гвинеялык тектеги) үстөмдүк кылат. Канаттуулардан; деңизге байланыштуу түрлөр жана көгүчкөн, попугай, белоглазки, тоо тооктору; сүт эмүүчүлөрдөн-полинезия тыйын чычканы, сойлоп жүрүүчүлөрдөн; агамалар, силиттер, игуандар кезигет.

**ПОЛИФАГИ-** түрдүү тамак менен тамактануучулар. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар менен тамактанган жаныбарлар. Мисалы; Аюулар, нутриялар, ит, мышык ж.б.

**ПОЛИЦИКЛОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–жарым циклдүү рельеф. Морфологиялык өсүшүндө бир нече циклди басып өткөн рельеф. У.М. Девистин концепциясы боюнча ар түрдүү курактагы тик беттерден жана тектирлердин тобунан турат.

**ПОЛНОГО ПОКОЯ ЗОНА**–толук тынчтыктагы зона. Коруктун ичиндеги толук тынчтык өкүм сүргөн, б.а. адам баспаган жана мал кирбеген корук .

**ПОЛНОЛУНИЕ** – толгон ай. Айдын толгон кези.

**ПОЛНОЧЬ** – Түн ортосу, түн жарымы. Күн жердин бир точкасынын карама- каршы (аркы) бетине жеткен абалына келгендеги убакыт. Түн жарымы батыш узундукта ар бир $15^0$ ка барган сайын бир саатка кечигип келет.

**ПОЛНЫЙ ЦИКЛ ЭРОЗИИ**–эрозиянын толук циклы. Рельефтин өсүшүндө чегине жеткен акыркы эрозиянын цикли. Натыйжада пенеплен жана түздүк пайда болот.

**ПОЛОВОДЬЕ**–суу ташкыны. Жылдын бир мезгилинде суу дэңгээлинин дайыма көтөрүлүп турушу. Көпчүлүк учурда суу жээктен чыгып, ээн талааны каптап кетет. Суу ташкыны кар эригенде, нөшөрлөп жаан жааганда, мөңгү эригенде пайда болот.

**ПОЛОГ-** полог, көшөгө, чатыр. Токойдогу жыгачтардын баш жагындагы бутактары менен жалбырактарынын жыйындысы. Буга токой жыгачтарынын орточо бийиктигинин 10 % тен ашпаган бөлүгү кирет.

**ПОЛОЖИТЕЛЬНЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА**–рельефтин оң формалары. Томпок формадагы рельеф. Белгилүү жердин орточо бийиктигинен жогору жаткан дөңсөө, тоо, дөбө, вулкандын конусу, дюналар ж.б.

**ПОЛОСЧАТОСТЬ ЛЕДНИКОВОГО ЛЬДА.** Мөңгүнүн музундагы жиктүүлүк, муздуктагы агыш, көгүш жана киргил тарткан саргыч катмарлар-тилкелер. Жиктердин калыңдыгы ар түрдүү, көбүнчө ондогон см. ге чейин жетет.

**ПОЛУГОРИЗОНТАЛЫ**-жарым горизонталдар. Рельефтин кесилишин көрсөтүүчү негизги горизонталдардын ортосунда пунктир менен көрсөтүлүүчү изолиния.

**ПОЛУКУСТАРНИК**–жарым бадал. Төмөн жагындагы сөңгөгү жыгач, ал эми баш жагы жыл сайын күбүлүп калуучу, чөптөй майда жалбырактуу көп жылдык өсүмдүктөр.

**ПОЛУОСТРОВ**–жарым арал. Материктин деңизге кирип үч тарабынан суу менен чектелип турган бөлүгү. М; Аравия, Скандинавия, Пиреней, Ысыккөлдөгү Карабулуң жарым аралдары ж.б.

**ПОЛУПУСТЫННЫЕ ЗОНЫ УМЕРЕННЫХ ПОЯСОВ**–мелүүн алкактын жарым чөлдүү тилкеси. Евразиянын ички континенттик областтарынын мелүүн тилкелериндеги жаратылыш зонасы.

**ПОЛУПУСТЫННЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ** – жарым чөлдүү субтропиктик зона. Субтропиктик алкактардагы чөлдүү ландшафттар үстөмдүк кылган табигый жаратылыш зонасы.

**ПОЛУПУСТЫННЫЕ ТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ**–жарым чөлдүү тропиктик зона. Чөлдөнгөн саванна, жарым чөлдүү ландшафттар үстөмдүк кылган тропиктик жаратылыш зонасы.

**ПОЛУПУСТЫНЯ**–жарым чөл. Каксоо климаттын шартында калыптанган, токою жок, талаа жана чөл ландшафтарынын элементтеринен түзүлгөн, физикалык географиялык (бирикме) комплекс.

**ПОЛУШАРИЯ ЗЕМНЫЕ**– жердин жарым шарлары (түндүк жарым шар, түштүк жарым шар, батыш жарым шар, чыгыш жарым шар).

**ПОЛЫННАЯ ПУСТЫНЯ**– шыбактуу чөл. Өсүмдүктөрдүн орчундуу бөлүгүн шыбак (Artemisia tridentata ) ээлеген жарым чөл, чөл. Кыргызстанда ш. ч. Чүй, Фергана, Ысыккөл өрөөнүндө төмөнкү бийиктикте кездешет.

**ПОЛЬДЕР**–польдер (голл.poldez). Кургатылган, айдалган, себилген жана деңиздин, көлдүн суусу каптабагандай тосмо менен тосулган жээк. Нидерландыда, ФРГда, Данияда, АКШда деңиз деңгээлинен төмөн жаткан жээктерде кезигет.

**ПОЛЬЕ**–полье. Таманы тегиз, капталдары тик, туш тарабынан туюк карст ойдуну. Аянты 300-400 км$^2$ чейин жетет. Таманында кээде көл болушу мүмкүн. Пайда болушуна тектоникалык кыймыл да, көмөкчү болот, бирок эзилген тунмалары агып чыгып кетиш үчүн карст каналынын болушу зарыл. Балкан жарым аралында, Крымда, Кавказда көп байкалат.

**ПОЛЮС ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ**-географиялык уюл (лат. Polus, грек. polos). Жердин айлануу огунун жер бети менен кесилишкен математикалык чекиттери. Уюлдарда жер меридиандары кошулат.

**ПОЛЮС МАГНИТНЫЙ (ЗЕМЛИ)**–жердин магниттик уюлдары. Магнит стрелкасы тип-тик абал боюнча жайгашкан жердин точкасы, түндүк жана түштүк уюлдар деп бөлүнөт.

**ПОЛЮС МИРА**–ааламдын уюлу, асмандык уюл. Асман сферасы менен ааламдын огунун кесилишкен жери, түндүк жана түштүк уюлдар деп бөлүнөт. Ааламдын түндүк уюлуна жакын жерде жылдызы көп, түштүк уюлуна жакын жерде жылдызы аз.

**ПОЛЯРНАЯ ЗВЕЗДА**–Алтын казык (Кичи Жетиген), Алты аркар жылдыздар тобундагы өтө көрүнүктүү, жаркыраган жылдыз. Аалам уюлуна жакын (андан $1^0$ обочо ) жерде турат да, асман сферасынын бир эле жеринде кыймылсыз тургансып көрүнөт. Ошого байланыштуу Алтын казык жылдызы түндүк тараптагы багыт боюнча ориентир (удул) катарында пайдаланылат.

**ПОЛЯРНАЯ НОЧЬ**–уюлдук түн. Күндүн горизонттон көрүнбөй, айлананы караңгы түн баскан мезгил. Түндүктөгү арктикалык областтары 10-декабрдан 3– январга чейин, ал эми түштүк кеңдиктин $82^0$ да 17-октябрдан 26–февралга чейин созулат. Түндүк уюлда 178 суткага чейин күн чыкпайт.

**ПОЛЯРНЫЕ ОЗЕРА**-уюлдук көлдөр. Үстүңкү бетиндеги температурасы $4^0$С дан төмөн, же бир аз жогору болгон муздак суулуу көлдөр.

**ПОЛЯРНЫЙ АНТИЦИКЛОН**–уюлдук антициклон. Арктика бассейнинин үстүндөгү, тропосферадагы басымы жогору область (арктикалык антициклон). Мындай антициклон уюлдук кеңдиктен төмөнкү кеңдиктерге тарап турат.

**ПОЛЯРНЫЙ ВОЗДУХ**– уюлдук аба. Борбору эки жарым шардын уюл айланасындагы кеңдиктеринен орун алган аба массасы. Жогорку кеңдиктин уюлга жакын чөйрөсүндөгү аба массасын арктикалык жана антарктикалык аба дейт. У.а. деңиздик, континенталдык деп бөлүнөт.

**ПОЛЯРНЫЙ ДЕНЬ**–уюлдук күн. Уюлдук областарда күн батбаган мезгил. Түндүк кеңдикте 27- майдан 19- июлга чейин, $80^0$ тан төмөнкү түштүк кеңдикте 15 – апрелден 31- августка чейин күн батпайт.

**ПОЛЯРНЫЙ КЛИМАТ**–уюлдук климат. Кышы узак, өтө суук, жайы салкын жана кыска климат. Кыш айларынын көп жылдык орточо температурасы –$50^0$, жаан-чачындын 200-300 мм (Чыгыш Антарктидада 100 мм. ден аз).

**ПОЛЯРНЫЙ ФРОНТ**–уюлдук фронт. Жогорку жана ортоңку кеңдиктин аба массалары менен, тропиктик жана субтропиктик кеңдиктин аба массаларынын ортосундагы чек аралары. У.ф. субтропикалык кеңдиктердин климаттык шартынын пайда болушуна чоң таасирин тийгизет.

**ПОЛЯРНЫЙ КРУГ**–уюлдук тегерек. Экватордон $66^0 33^1$ алыстагы параллель, б.а. жердин орбитасынын жантайышы. Экватордун түндүгүндө түндүк уюлдук тегерек, түштүгүндө түштүк уюлдук тегерек орун алган. Кышында күн токтогондо (21-22 декабрда) тегерекке күн чыкпайт (уюлдук түн), жайында (21-22 июлда) күн батпайт (уюлдук күн). Уюлдук тегерек суук уюлдук климаттын чек арасы.

**ПОНОР**–понор (жаңы грек. katabothra-катавотра). Карст өнүккөн областтардын үстүнкү бетиндеги ороого окшогон үңкүр. Ал аркылуу жердин үстүндө чогулган жаандын, кардын, өзөндүн суусу жердин астына кирип турат.

**ПОНИТИЧЕСКИЙ ЯРУС**–понти ярусу (грек. Pontos-кара дениз). Кара жана Каспий деңиздеринин бассейиндеги төмөнкү плиоцендин астыңкы кабаты.

**ПОПЕРЕЧНЫЕ ТРЕЩИНЫ**–туурасынан кеткен жарык. 1. Тоо тектеринин структуралык түзүлүшү боюнча катмарды перпендикулярдык багыт боюнча кесип өткөн жарык. 2. Мөңгүнүн туурасынан жарыктанышы.

**ПОРИСТОСТЬ ПОЧВЫ**–топурактын көзөнөктүүлүгү. Топурактагы аба, суу ээлеп жаткан майда тешикчелердин жалпы көлөмү. Топурактын жалпы көлөмүнүн белгилүү бөлүгүн ээлейт.

**ПОРОГ**-босого. Суу аккан сайдын таманындагы таштуу тайыз жери.

**ПОРОДООБРАЗУЮЩИЕ МИНЕРАЛЫ**–тек пайда кылуучу минералдар. Тоо тектеринин составындагы туруктуу компонент катарында кезигүүчү минералдар. М; силикаттар, алюмосиликаттар, карбонаттар, фосфаттар. Тектердин бир генетикалык группасына тиешелүү минералдарда болот. Алсак, магматикалык тектерге; кварц, талаа шпаты, пироксендер, амфиболдор, слюдалар, чөкмө тектерге;

кальцит, доломит, халцедон ж.б., метоморфоздук тектерге; силикаттар, дистен, андалузит ж.б. мүнөздүү.

**ПОРТУЛАНЫ**–портуландар (фр. Portulan, итал. Portulano, лат. Portus-пристань, гавань, порт). XIII-XVI-кылымдарда Жер Ортолук деңизи менен деңизде сүзүүдө колдонулуучу, жээк сызыкты так көрсөткөн навигациялык карта. Кеменин сүзүү багытын аныктоо үчүн картографиялык сетканын ордуна компастык сызыктын тору колдонулган, б.а. биринчи жолу сызыктуу масштаб киргизилген.

**ПОРФИРИТ**–порифирит. Палеолиттик эффузив тоо тектеринин жалпысынан аталышы. П. составынан көбүнчө плагиоклаз, роговой обманки, пироксен ж.б. бөлүнүп чыгат.

**ПОРЫВИСТЫЙ ВЕТЕР**–жулкунган шамал. Аба агымынын турбуленттик кыймылына байланыштуу болгон жана багыты менен ылдамдыгы боюнча күчтүү, жулкунган шамал. Айрыкча аба агымы пайда болгондо, же муздак фронт жүргөндө пайда болот.

**ПОСЛЕДНЯЯ ЧЕТВЕРТЬ**–акыркы чейрек. Күндөн батыш тарапта $90^0$ бурчтук аралыкта турган Айдын фазасы. Түндүк жарым шарда Ай дөмпөгү сол жагындагы жарым дискага окшош болуп көрүнөт.

**ПОСТОЯННОЕ ОЗЕРО**–туруктуу көл. Суусунун деңгээли жылдын бардык мезгилинде өзгөрбөй бир калыпта турган көлдөр (Сарычелек, Көл, Кулун ж.б.).

**ПОСТУМНАЯ СКЛАДЧАТОСТЬ**–мурастык бүктөлмөлүүлүк (лат.postimis–акыркы, кийин түрүлгөн). Акыркы мурастык кыймылдын натыйжасында пайда болгон бүктөлмөлүүлүк.

**ПОТЕРИ СТОК**–агымдын чыгымы. Белгилүү аймакка жааган жаан-чачындын саны менен ошол эле жерден өзөнгө куйган суунун, көлмөнүн ортосундагы айрымы. Мында топуракка сиңип кеткен жана бууланып кеткен суу (нымдуулук) сөзсүз эске алынат.

**ПОТОК НАНОСОВ**–шилендинин агышы. Борпоң тектердин өзөндү бойлоп, бир багытка үзгүлтүксүз агышы. Жээкти бойлото жаткан жана суу асты менен аккан чөкмө деп бөлүнөт.

**ПОТУХШИЙ ВУЛКАН**–өчкөн вулкан. Тарыхый доордун ичинде суунун эрозиялык таасиринин астында жуулуп, бузулган вулкан. М: Армениядагы Арагац тоосу.

**ПОЧВА**–топурак, кыртыш. Литосферанын үстүңкү бетинде суу, аба жана жандуу организмдердин биргелешкен аракетинин

натыйжасында пайда болгон табигый тело, семиздиги менен айырмаланат. Т. өзгөчөлүгүнө, андагы заттардын өзгөрүшүнө, аралашуусуна жана генетикалык горизонтторунун алмашуусуна карап өзгөчөлөнөт. Морфологиясынын, составынын жана топурак пайда кылуучу шарттын (тоо тектеринин, рельефтин, климаттын, нымдалышуунун, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж.б.) өзгөрүшүнө байланыштуу ар түрдүү топурактар пайда боло алат. М; күл түстүү топурак, кара топурак, сур топурак, боз топурак, ак топурак ж.б. Топурактын өзгөрүшүндө, адам баласынын чарбалык иш аракетинин мааниси зор.

**ПОЧВЕННАЯ ВОДА**–топурактагы суу. Топурактагы түрдүү формада кезигүүчү жана дайыма өсүмдүктөргө жетүүчү нымдуулук.

**ПОЧВЕННАЯ МОЗАИКА**–топурактын ала-буласы. Генетикалык жактан бири-бирине окшошпогон топурактардын чек арасын көрсөтүүчү контур. Т.а. – б. тоо тектеринин кескин өзгөрүшүнө жана суу астындагы суулардын ар түрдүү тереңдикте жатышына байланыштуу.

**ПОЧВЕННАЯ ФАУНА**– топурактагы жаныбарлар. Топурактагы жашаган жаныбарлардын тобу, курт-кумурска, чымын- чиркейлердин личинкалары.

**ПОЧВЕННЫЕ ГОРИЗОНТЫ**–топурактын горизонттору. Бири- бирине окшошпогон генетикалык катмарлар. Алар өңү-түсү, механикалык составы ж.б. боюнча ажырап турат. Мисалы; А- чириндилүү, Б-аккумулятивдүү, В-чополуу, кумдуу, С-түпкү тек горизонтторунан турат.

**ПОЧВЕННЫЕ КАРТЫ**–топурактын карталары. Жер бети боюнча топурактын таралышын, алардын өзгөчөлүгүн, касиетин жана топурак пайда кылуучу шарттарга көз карандуулугун сүрөттөп көрсөтүүчү карталар.

**ПОЧВЕННЫЕ КОЛЛОИДЫ**–топурактагы коллоиддер. Топурактагы майда дисперстүү (0,1-0,2 мкм) органикалык, минералдык жана органо- минералдык бөлүкчөлөр

**ПОЧВЕННЫЙ ПРОФИЛЬ**- топурактын профили (итал. Profilo-сөлөкөт, караан). Топурактын үстүңкү жана астыңкы беттеринин ортосундагы катмардын ар түрдүү генетикалык горизонтторго бөлүнүшү. Горизонттор бир нече сантиметрден, бир нече метрге чейин жетет. Т.п. топурак таанууда кыртыштын генезисин,

семиздүүлүгүн изилдеп, картасын чийүү үчүн агротехникалык жана топуракты жакшыртуу чаралары жүргүзүүдөгү эң негизги ыкма.

**ПОЧВОВЕДЕНИЕ**–топурак таануу. Топурактарды, алардын касиетин, пайда болуусун жана өнүгүүсүн, географиялык таралышын, о.э. семиздигин арттыруу жана талапка ылайык пайдалануу жөнүндөгү илим. Топурактын генезиси, топурактардын физикасы, химиясы, минераллогиясы, биологиясы, географиясы ж.б. деп бөлүнөт. Эң эле маанилүү практикалык бөлүктөрүнө агрохимиялык, токойлук жана мелиоративдик топурак таануу илимдери кирет.

**ПОЧВООБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ ПРОЦЕСС**–топурак пайда кылуучу процесс. Топурак пайда кылуучу бардык кырдаалдын жана факторлордун (түпкү тектин, климаттын, өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүнүн, рельефтин, геологиялык түзүлүштүн, адамдын чарбалык таасиринин) натыйжасында таркалып, андан ары өркүндөп өскөн жана калыптанган топурактар. Т.п.к.п чөйрөсүндөгү ландшафт мнен тыгыз байланышта болуп, тынымсыз өсүп-өнүгүп турат.

**ПОЧВООХРАННЫЕ МЕРОПРИЯТИЯ**-топуракты коргоо чаралары. Топуракты суу жана шамал эрозиясына жедирбей, өнөр- жай жана коммуналдык ыпластарга булгатпай, семиздигин төмөндөтпөй сактоо чаралары.

**ПОЯСНОЕ ВРЕМЯ**–алкактык убакыт. Практикалык максат үчүн кабыл алынган, шарттуу эл аралык убакыт. М; жер шары 24 сааттын ичинде өз огунда толук айланып чыгат ($360^0$ түзөт), ар бир саатта жер $15^0$ аралыкты басып өтөт. Ошого байланыштуу жер шарынын үстүңкү бети ар бири $15^0$ турган 24 алкакка, б.а. суткадагы ар бир саатка туура келгендей тилкеге бөлүнөт. Бир алкак экинчисинен $15^0$ алыстыкта турган меридиандар менен чектелген. Алкактардын катары батыштан чыгышка карата эсептелип, убакытты өлчөө-(Гринивич меридианы Лондонго жакын жердеги) нөл алкагынын ортосу аркылуу жүргүзүлөт. Ар бир алкактагы орточо күнөстүү убакыт ошол алкак аркылуу өткөн меридиандын убактысы менен өлчөнөт. М; нөл алкагынын орточо күнөстүү убактысы Гринивич меридианы менен биринчи $15^0$ меридиандык алкактын ортосундагы убакыт менен, экинчи алкак $15^0$ тан $30^0$ меридиандын ортосундагы убакыт менен өлчөнөт. Убакыт өлчөмү болсо 0- чү алкактан тартып ар бир кийинки алкакка карата 1 сааттан алдыга жылат. СНГ нин аймагында 11 алкак (ар бири $15^0$) жайгашкан. Москва шаары Чыгыш Европа алкагы деп аталган 2 алкактан орун алган, ал эми Бишкек шаары Батыш Сибирь алкагы деп аталган 5- алкактан орун алган, б.а.

Мосвканын убактысы Бишкектин убактысына карганда 3 саатка кечендик кылат.

**ПРАДОЛИНЫ**–алгачкы өрөөн. Азыркы өрөөндүн ордундагы алгачкы өрөөн (Праталдык, Праакбура, Пратар ж.б.).

**ПРЕБОРЕАЛЬНОЕ ВРЕМЯ**–преборeал убакты. Голоцен заманынын башталышы. Анда муз доорундагы муздар эрип, Европанын мелүүн алкагынын түздүктөрүндө токой өсүмдүктөрү пайда боло баштаган.

**ПРЕДВЕСТНИКИ ЗЕМЛЯТРЯСЕНИЯ**–жер титирөөнүн алгачкы белгилери. Болочок жер титирөөнү алдын-ала билдирүүчү белгилер; жер бетинин ийилиши (форшок), геофизикалык таланын кээ бир параметрлеринин өзгөрүшү, болочокто титирөөчү жердин чордонундагы заттардын абалынын жана касиетинин өзгөрүшү.

**ПРЕДГОРНЫЙ ТИП ОЛЕДЕНЕНИЯ**–тоо этегиндеги мөңгүлөр тиби. Кээде Аляска тибиндеги мөңгүлөр деп атайт. Тоо мөңгүлөрү менен материктик (жалпак) мөңгүлөрдүн ортосундагы аралаш формадагы мөңгүлөр.

**ПРЕДГОРЬЯ**–тоо этеги. Тоолордун четиндеги адырлуу тайпак тоо этеги, тоо менен түздүктүн чек арасындагы тилке. Көбүнчө жаңы катмардан түзүлөт. Орто Азиянын, анын ичинде кыргыз тоолорунун этегиндеги адырлар (Отузадыр, Папан, Бүргөндү, Ноокат ж.б. адырлар).

**ПРЕДЕЛЬНО ДОПУСТИМАЯ ДОЗА (ПДД)**–чегине жеткен өлчөм. Зыяндуу заттардын организмге (дем алганда) өткөндө өлүмгө учуратпай турган өлчөмү. Бир мезгилде, же белгилүү мезгилдерде (саат, күн, сутка ж.б.) өлчөмдөргө бөлүнөт.

**ПРЕДЕЛЬНО ДОПУСТИМАЯ КОНЦЕНТРАЦИЯ (ПДК)**–чегине жеткен концентрация. Айлана-чөйрөдөгү зыяндуу заттардын, адамдын организмине тескери таасирин тийгизбей турган өлчөмдөгү концентрациясы. Закон, же белгилүү мекемелердин кеңеши боюнча бекитилет.

**ПРЕОБРАЗОВАНИЕ ПРИРОДЫ**–жаратылышты кайра куруу. Жаратылыштын байлыгын арттыруу максатында анын табийгый компоненттерин жана калыптанып калган экологиялык тең салмактуулугун жасалма жол менен бузуу. Ж.к.к. жаратылышты коргоо иштери менен тыгыз байланышта болот. М; дың жерлерди өздөштүрүү, суу сактагычтарды, ГЭСтерди куруу ж.б.

Кыргызстандагы Күрпсай, Атбашы, Токтогул ГЭСтери, Папан, Төрткүл, Кемпиррават суу сактагычтары ж.б. кирет.

**ПРЕРИЯ** – прерия(фр. Prarie, лат. Pratum- шалбаа). Бийик өскөн чөп өсүмдүктөрүнүн тобу (шиберлүү шалбаасы). Чыныгы П. Түндүк Америкада, Канадада кезигет. Францияда «прерий» деп ар түркүм чөптөрдөн турган шиберлүү талаа айтылат. Кыргызстандын тоолуу өрөөндөрдөгү, токой тилкесинин этек жагындагы, түркүм чөптүү шиберлер «прерийге» мисал боло алат. Өсүмдүктөрдүн негизги түрлөрүнө бетеге, ак кылкан, шыбак, чай чөп ж.б. түзөт.

**ПРЕРВЫСТАЯ РЕКА**-агып- акпаган өзөн. Суусу бирде жерге сиңип, жок болгон, бирде кайрадан пайда болуп аккан өзөн. М; Торгой өлкөсүндөгү Иргиз суусу, Талдык суусу ж.б.

**ПРЕСМЫКАЮЩИЕСЯ РЕПТИЛИИ**–сойлоочулар, боору менен жылуучулар (Reptilia). Омурткалуулар классына кирген жаныбарлар, 2,6 миңге жакын түрлөрү бар. Денелери каңылтыр менен жабылган, денесинин температурасы туруксуз, кан айлануусу бирдей эмес. Кургактыкта жана сууда жашайт, негизинен тропикте жана субтропикте кездешет. Буларга; крокодил, таш бака, кескелдирик, жылан ж.б. кирет.

**ПРЕСНОЕ ОЗЕРО** – тунук көл. Суусу тунук, б.а. эриген минералдык заттары 12 г/л ашпаган көлдөр. Мындай көлдөр жаан-чачындын, кардын, жер астындагы жана өзөндүн суулары менен дайыма жаңыланып турат. Суу агып кирип жана агып чыгып турган көлдөр тунук (таза) болот. Кыргызстандын тоолорунда таза көлдөр 1000 ден ашык, алар бийик тоолордун кар-мөңгүлүү капталдарындагы мөңгүлөрдүн этегин кырчолоп жатышат.

**ПРИБРЕЖНЫЕ ОЗЕРА**–жээк көлдөр. Деңиздердин, же көлдөрдүн жээгиндеги шиленди менен тосулуп, пайда болгон майда көлдөр. М; Ысыккөлдүн жээгиндеги майда көлдөр; Кошкөл, Кокуйкөл, Каракөл ж.б.).

**ПРИБРЕЖНЫЙ БЕНТОС**–жээк бентосу. Суу бассейнинин (океан-деңиздердин) жээгинин түбүндөгү организмдердин тобу.

**ПРИДОННОЕ ТЕЧЕНИЕ** – түпкүрдөгү агым. Океандын түбүндөгү суу массасынын көтөрүлүшү.

**ПРИЛИВ**–көтөрүлүш. Деңиз суусунун мезгил-мезгили менен көтөрүлүшү. Белгилүү убакыт боюнча алганда деңиз суусунун орточо абалынан максималдуу (жогорку чегине чейин) көтөрүлүшүн

амплитуда деп атайт. Көтөрүлүштүн эң максималдуу бийиктиги (18 м.ге жеткен) Фанди булуңунда (Канада) байкалат.

**ПРИЛИВ ПОЛУСУТОЧНЫЙ**–жарым суткалык ташкын, суунун көтөрүлүшү. Сутканын жарымында (12 саат 25 мин) байкалган көтөрүлүш. Суткалык көтөрүлүш 24 саат 49 мин. байкалат.

**ПРИЛИВ СУТОЧНЫЙ**–суткалык көтөрүлүш. Деңиз суусунун суткалык көтөрүлүшү. Ал ай суткасына (24 саат 49 мин.) туура келет да, суу бир жолу көтөрүлүп, бир жолу тартылып турат.

**ПРИЛИВНАЯ ЗОНА** – суу көтөрүлгөндө жайпалуучу зона.

**ПРИЛИВО-ОТЛИВНОЕ-ТЕЧЕНИЕ**-көтөрүлүү-тартылуу агымдары. Көтөрүлүү агымына жараша бирде жээке карай, бирде тескери багыт менен кыймылдаган агым.

**ПРИЛИВЫ**–ташкындар. Күндүн жана Айдын тартылуу күчүнөн пайда болуучу, деңиз (көл) сууларынын деңгээлинин мезгилдүү көтөрүлүшү.

**ПРИПАЙ**–припай. Арктика жана Антарктиканын жээгиндеги деңиздердин үстүнкү бетинде тоңуп, кыймылсыз жаткан муз катмары.

**ПРИРОДА**- жаратылыш. 1. Кең маанисинде бүткүл аалам, 2. табият таануу боюнча обьект, 3. адам коому жашоо тиричилигин өткөрүүчү табигый шарттын жыйындысы. Адам коому жараткан материалдык дүйнө экинчи ж. кирет.

**ПРИРОДНАЯ СРЕДА**–табигый чөйрө. Адамдарга жана башка организмдерге түздөн-түз таасирин тийгизген биоттук жана абиоттук факторлордун жыйындысы. Табигый чөйрө өзүн-өзү башкарып, өзүн-өзү оңдоп-түзөп жөнгө салып турууга жөндөмдүү.

**ПРИРОДНОЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ**-табигый жол менен булгануу. Табигаттын өзүн-өзү булгап алуу процесси. М; жанар тоонун атылышы, сел жүрүү, суу ташкыны, көлдүн жарылуусу ж.б. .

**ПРИРОДНО–ИСТОРИЧЕСКИЙ ПАРК**–табигый-тарыхый парк. Айлана-чөйрөсүндөгү жаратылыш компоненттери менен тыгыз байланыштагы, тарыхый жана маданий эстеликтердин коргоого алынган аймагы.

**ПРИРОДНЫЕ РЕСУРСЫ**–табигый ресурстар. Табияттын адам коомунун жашоо тиричилигине өтө зарыл болгон, коомдун материалдык жана маданий муктаждыктарын канааттандыруу үчүн

пайдалануучу, айлана-чөйрөнүн керектүү компоненттеринин жыйындысы (күн энергиясы, жер койнундагы жылуулук, суу, жер, минерал жана өсүмдүктөр менен жаныбарлар ресурстары). Т. р түгөнүп бара жаткан, анын ичинен калыбына келтирүүгө боло турган (топурак, өсүмдүк, жан-жаныбарлар), калыбына келтирүүгө болбой турган (кен байлыктар) жана түгөнбөгөн (күн, ар түрдүү заттар) ресурстарга бөлүнөт.

**ПРИРОДНЫЙ ПАРК**–табигый парк. Окуу-тарбия, маданий иштер үчүн табигый аймакты коргоо чаралары. Кыргызстанда Аларча табигый паркы бар.

**ПРИРОДНО-ТЕРИТОРИАЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС – (ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС, ГЕОСИСТЕМА)** – табигый аймактык комплекс, геосистема. Табигый географиялык компоненттердин (геологиялык түзүлүш, рельеф, климат, суу, топурак, өсүмдүк, жаныбарлар) өз ара тыгыз байланышып, эриш –аркактай ширелишкен аракеттеги жана закондуу айкалышуусу. Физикалык географиядагы негизги түшүнүктөрдүн бири, ландшафт таанууда кеңири колдонулат.

**ПРИРУСЛОВАЯ ОТМЕЛЬ**–сайдагы сайроон. Имерилип аккан суунун сайындагы имерилишке толгон шиленди .

**ПРИРУСЛОВЫЙ ВАЛ**–сайдагы жал. Суу ташкыны болгондо чогулган шиленди, чөкмөлөрдүн (кум, чопо, шагыл) жапыс жөөкчөсү.

**ПРИТОК** – куйма. Дарыя, көлдөргө жана өзөнгө кошулган куйма.

**ПРОБЛЕМАТИЧЕСКИЕ ОСТАТКИ**- проблематикалык калдык. Байыркы өсүмдүк жана жаныбарлардын көмүлүп калган теги, түрү белгисиз калдыгы.

**ПРОГИБ**-кайкы жер, ийилген жер. Жердин сызыктуу структурасынын терс (төмөн түшүп, ийрейип кеткен) абалынын жалпы аталышы. Платформанын талпайып ийилип кеткен кайкысы.

**ПРОДОЛЬНАЯ ДОЛИНА**–узунунан кеткен өрөөн. Бүктөлүштү бойлоп жаткан өрөөн.

**ПРОДОЛЬНЫЕ ТРЕЩИНЫ**–узунунан кеткен жарык. Тоо тектериндеги узунунан кеткен жарык.

**ПРОДОЛЬНЫЙ ПРОФИЛЬ РЕКИ (ДОЛИНЫ)**–дарыянын (өрөөндүн) узуну боюнча профили.

**ПРОИЗВОДНЫЕ ПРОЕКЦИИ**–чыгарылуучу проекция. Кээ бир баштапкы проекцияларды кайра түзүү жолу менен түзүлгөн картографиялык проекциялар.

**ПРОИЗВОЛЬНЫЕ ПРОЕКЦИИ**–эркин проекциялар, өз алдынча проекциялар. Географиялык картада бурч менен аянтты бурмалап көрсөтүүчү картографиялык проекциялар.

**ПРОЛИВ**–кысык. Эки көлмөнүн (океан, деңиз, көл) ортосундагы аларды туташтырып турган суулуу ичке өткөөл. Өткөөлдүн өзүнө тиешелүү суу режими болот (Босфор, Дарденел, Беринг ж.б. кысыктар).

**ПРОЛЮВИАЛЬНО–АЛЛЮВИАЛЬНЫЙ ШЛЕЙФ**–пролювийлүү, аллювийлүү ташынды. Тоо этегин бойлоп жайланышкан туруктуу, же убактылуу өзөндүн жайылма түрүндөгү шилендилеринин кошулуусу.

**ПРОЛЮВИЙ, ПРОЛЮВИАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–пролювий (лат.proluvium–агым менен агып кетем). Убактылуу агым менен сүрүлүп келип катмарланган борпоң тектердин катмары. Тоодон чыгары менен конустун формасындай жайылып катмарланат да, тоо этегиндеги ташындыны пайда кылат. Пролювий каксоо, же мезгили менен нымдалган климаттуу райондордо жакшы өрчүгөн. Кыргызстандагы тоолордун этегинде көп кездешет.

**ПРОМЫСЕЛ**–промысел. Чарбалык максат үчүн жаратылыш биомассасынын кандайдыр бир бөлүгүн алуу. М: аңчылык, токой кесүү, балык уулоо ж.б.

**ПРОРВА**–прорва, айруу. Имерилип аккан суунун бурулушунан айрылып кетүүсү, өзөндүн чатындагы сайрондор.

**ПРОРВАННЫЙ МЕАНДР**-жырылган меандр. Суу имерилишинен жырылып, өзөнгө түз барып куйган жери.

**ПРОСАДКИ**–чөгүү. Кыртыштын ар түрдүү себептер (карст, көп жылдык тоң) менен эрип чөгүшү, басырылып, же урап төмөн түшүп кетиши.

**ПРОСТЕЙШИЕ**–эң жөнөкөйлөр (Pzotozoa). Бир клеткалуу жаныбарлардын тиби. Алардын 30 миңге жакын түрү бар. Саркоддор, жгутиктер, споровниктер, инфузориялар деген класстарга бөлүнөт. Деңиздерде жана көлдөрдө жашайт.

**ПРОСТИРАНИЕ**– простирание, созулуу. Меридианга болжол, компас менен аныктоочу катмардын үстүндөгү горизонталдык сызык.

**ПРОТЕРОЗОЙ**–протерозой (грек. proteros–алгачкы жана хоетиричилик). СНГде, Канадада ж.б. өлкөлөрдө кабыл алынган жалпы стратиграфиялык шкала боюнча кембрийге чейинки ири бөлүштүрүүнүн (криптозойдун) үстүңкү бети. Астынан архей менен чектешет. Курагы болжол менен 2,6 млрд. жыл, өкүм сүргөн мезгили 2 млрд жыл чамасында. П. СНГде үстүңкү (рифей) жана астыңкы деп бөлүнөт. Алардын ар биринин курагы 1650 млн. жыл. П. катмары Кыргызстанда Нарын, Какшаал, Күңгөй, Тескей ж.б. кырка тоолордо кездешип темирдин, алтындын, молибден рудаларын кучагына ээлейт.

**ПРОТИВОТЕЧЕНИЕ**–карама-каршы агым. Белгилүү бир жерге мүнөздүү шамалдын агымына каршы багыттагы деңиздик агым .

**ПРОТОГЕЙ** – протогей (грек. protos- биринчи жана ge - жер); Жердин соңку протеозойго чейинки мезгилдеги биринчи тектоникалык этабы.

**ПРОТОК** - проток, өзөндү, же эки көлдү кошкон суунун айрыгы.

**ПРОТОЧНЫЕ ОЗЕРО**- акма суулуу көл. Суу агып кирип, агып чыгып турган көл. М: Байкал, Тянь- Шандагы Соңкөл, Көлсуу, Кайнар, Сарычелек, Кутманкол ж.б.

**ПРОТУБЕРАНЦЫ**– протуберанцы, протуберанцтар (лат. Protubero - желденемин). Күндүн бетиндеги ысыган газдардан жыйылып чогулган, узундугу жүздөгөн километрге чейин жеткен ири жаркыраган бирикме. Күндүн дискасынын бетинде булутка окшоп көрүнөт.

**ПРОФИЛЬ СКЛОНА**–капталдын профили. Беттин туурасынан кесилген формасы. Ал эрозиянын, денудациянынын, тоо тектеринин касиетине жана жайланышуу шартына, климатка, беттин экспозициясына, өсүмдүктөргө ж.б. көз каранды болот. Б.п. түз, ийри, томпок сызыктуу, баскычтуу ж.б. типте болот, басырылып жатканынын аныктайт.

**ПРОФУНДАЛЬ**-профундаль (лат.profundus- терең). Көлмөнүн толкун жетпеген терең жери. Түбүндө тунма катмары болот, өсүмдүктөр өспөйт, бирок бактерия флорасы жана козу карындар мол кезигет. Натыйжада, тунма катмарга метан, водород, күкүрттүү водород газдары жайылып, көлдүк темир рудасы пайда болот.

**ПРОХОД**–өткөөл. Суудагы эки аралдын, рифтин тумшуктарынын ортосундагы ичке сүзүп өтүүчү өткөөл.

**ПРОХОДНЫЕ РЫБЫ**–өрдөөчү балыктар. Көлдөрдө, деңиздерде жашоочу, бирок уругун өзөндү өрдөп барып таштоочу балыктар. Буга лосось, остер балыктары кирет. Ысыккөлдөгү форель балыгы да, мисал боло алат. Кээде, тескерисинче, дарыяларда жашап икрасын көлгө таштоочу балыктар да кездешет. М: дарыя угору ж.б.

**ПРУД**– көлмө. Аянты 1- 2 км$^2$. ден ашпаган жасалма көлмөлөр. Алар өзөндүн боюнда, жарларда көп кездешет.

**ПРЯМОЙ СКЛОН**–түз каптал. Туурасынан кесилишкен профили боюнча түз сызык менен туюнтулуучу бет.

**ПРЯМОЙ СТОК**–түз агыш. Жамгырдан, же кардан эриген суунун өзөндө куйган абалы.

**ПРЯМОУГОЛЬНАЯ РЕЧНАЯ СИСТЕМА**–тик бурчтуу өзөн системасы. Куймалары тик бурч менен кошулуп, бассейнди тик бурчтардын системасына окшотуп элестетүүчү дарыя системасы. М., Кура дарыясынын ортоңку агымы.

**ПСАМИТОВАЯ СТРУКТУРА**–псамиттүү структуралар. Кумдуу структура, бүртүкчөлөрүнүн көлөмү 0,1 ден 1 мм ге чейинки тоо тектеринин сыныктарынын структурасы.

**ПСАММОФИТЫ**– псаммофиттер (грек. psamos–кум, жана phyton-өсүмдүк). Кумга өскөн өсүмдүктөр. М: кум шыбагы, сөксөөл, ылгын.

**ПСЕВДОВУЛКНИЧЕСКОЕ ИЗВЕРЖЕНИЕ**–псевдовулкандын аталышы (грек. psendos - жалган). Сырткы көрүнүшү боюнча жанар тоого (вулканга) окшоп атырылган ылай. М, 1977-ж. Азербайжанда Локбатан вулканы ылайык болуп, жер астынан оргуп ташыган.

**ПСЕВДОМАКВИС** – псевдомаквис (грек. psendos–жалган жана маквис). Жер Ортолук деңизинин боюндагы дайыма жашыл бадалдар.

**ПСЕВИТОВАЯ СТРУКТУРА**–псефит структурасы. Ири бүртүкчөлөрдөн түзүлгөн структуранын жалпысынан аталышы.

**ПСИХРОФИТЫ**– психрофиттер (грек. psychros–суук жана phyton өсүмдүк). Нымдуу жана суук чөйрөнүн (тундра, бийик тоо) өсүмдүктөрү. Алар кыска, жалбырагы майда, жай өскөн түрлөрдү кучагына алат. М; бийик тоолуу тундра (Тянь-Шань, Памир ж.б.) тилкесиндеги өлөң, жер жаздык, доңуз сырты, казтаман ж.б. .

**ПТЕРИДОСПЕРМЫ**–птеридоспермдер. Уруктуу папоротниктер (pteridospermidae), жылаңач үрөндүү (уруктуу) өсүмдүктөрдүн жок болуп кеткен группасы, байыркы дан уруктуулардын ата теги. Девондун аягынан мезозойдун башына чейин өскөн.

**ПТИЦЫ**–канаттуулар (Aves). Омурткалуулар классына кирүүчү жаныбарлар. Алардын 8,6 миңге жакын түрү бар. Негизинен учуп жүрүүчү (кээ бирлери учууга жөндөмдүүлүгүн жоготкон), зат алмашуусу күчтүү, денесинин температурасы жогору, жүрөгү төрт камералуу жаныбарлар. Сезонго жараша бир жерден экинчи жерге учуп-конуп жүрүшөт.

**ПТИЧИЙ БАЗАР**–куш базары. Жээктеги аскаларга, аскалуу кашаттарга мааналап уялаган деңиз куштарынын колониясы. Көбүнчө уюлдук өлкөлөрдө, кээде субтропикалык жана мелүүн алкактын деңиздеринин жээктеринде кезигет.

**ПУЛЬСАЦИЯ ЛЕДНИКОВ**–мөңгүлөрдүн пульсациясы (лат. pulsatio–согуу, түртүү). Мезгил–мезгили менен ташыган мөңгүлөр. М; Памирдеги Медвежий, Сарыжаздагы Кайыңды, Мушкетов мөңгүлөрү.

**ПУНА**– пуна (испан. puna –чөлдүү). Борбордук Анд тоосунун (түндүк кеңдиктин 14-28$^0$ дагы) 3500 – 4600 м бийиктиктеги чөлдүү, жарым чөлдүү ландшафты. Климаты бийик тоолуу тропиктик, кескин континенттик (айлык орточо температура 3-10, жаан-чачыны түндүгүндө 1000мм ге чейин, түштүгүндө 200мм ге жетпейт). Шамалы катуу, топурагы талаа, чөлдүү, өсүмдүктөрү пунадан- сейрек өскөн өсүмдүктөрдөн турат.

**ПУРГА** – бурганак (корел.purgu, фин. purku). Күчтүү бороон.

**ПУСТОШИ**–боштук. Айдалбаган ачык талаа, алар токой өрттөнгөндө, же токойду кырккандан пайда болот. Дайыма көгөрүп турууучу бадал өсөт. Европада, Түндүк Америкада, Түштүк Африкада кезигет.

**ПУСТЫННАЯ ЗОНА УМЕРЕННОГО ПОЯСА**– мелүүн алкактын чөл зонасы.

**ПУСТЫННАЯ КОРКА**–чөлдүн карты. Чөл мейкиндигиндеги (атмосфералык жаан-чачындын бирдей эмес бөлүнүшүнүн натыйжасында) бирде жибип, бирде катып турган катуу карт –катмар.

**ПУСТЫННЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ**–чөлдүү субтропиктик зона.

**ПУСТЫННЫЕ ТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ** – чөлдүү тропиктик зона.

**ПУСТЫННЫЙ ЗАГАР**–чөл куйкуму. Чөлдүү аймакта жамгыр өткөндөн кийин, күн тийгенде жаркылдап туруучу кара пленка. Темирдин, марганецтин кычкылынын суюгунан көтөрүлүп чыккандан кийин анын кургашынан пайда болот.

## -Р-

**РАВНИНА**–түздүк. Жер бетинин геологиялык түзүлүшү бирдей, жантайышы жокко эсе, бийиктиги 200 м. ден ашпаган бөлүгү. Деңиздин деңгээлине карата шарттуу түрдө терс (деңиз деңгээлинен төмөн-Каспий бою ойдуңдуу), бийиктиги 0 дөн 200 м ге чейинки-(Батыш Сибирь), дөңсөөлүү -200 м ден 500 м ге чейинки (Устюрт) жана тоо арасындагы (Аксай, Арпа, Ысыккөл, Чүй, Нарын) өрөөндөргө бөлүнөт. Рельефи боюнча; жалпак, томпок, жантайынкы жана чуңкур, тектирлүү ж.б. деп бөлүнөт.

**РАВНИННАЯ РЕКА**–түздүктүн дарыясы (суусу). Түздүктүн бети менен мелмилдеп жай аккан, сайы кенен, жайылмалуу өзөндүн суусу.

**РАВНИННЫЙ ЛАНДШАФТ**– түздүктүн ландшафты. Түздүктүү аймактагы пайда болгон физикалык географиялык комплекс. Ландшафттарды классташтырууда өзгөчө класс катарында айтылат. Тоолуу жердин ландшафтына салыштырганда т.л. ири аймакты ээлейт.

**РАВНОВЕЛИКИЕ ПРОЕКЦИИ**– бирдей чоңдуктагы проекциялар. Географиялык картада аянттардын масштабын сактап, материктер менен деңиздердин жана алардын аянттарын туура көрсөтүүчү картографиялык проекциялар. Ал эми дүйнөнүн жана жарым шарлардын карталарында болсо бурчтар менен формаларды бурмалап көрсөтөт.

**РАВНОДЕНСТВИЕ**–күн менен түндүн теңелүүсү. Асман сферасы менен күндүн жылдык кыймылында, анын борбору асман экваторун кесип өткөн мезгили. Ал жазында, күзүндө байкалат, же болбосо 22-23 мартта жана 21-22–сентябрда. Бул күндөрү жердин бардык точкаларында күн менен түндүн узундугу бирдей болот.

**РАВНОПРОМЕЖУТОЧНЫЕ ПРОЕКЦИИ**–бирдей аралыктагы проекциялар. Географиялык картада узундуктун негизги бир багытын, масшабын сактоочу картографиялык эркин проекция.

**РАВНОУГОЛЬНЫЕ ПРОЕКЦИИ**–бирдей бурчтуу проекция. Географиялык картада чексиз, кичине фигуралардын формаларын, бурчтарын жана бардык багыты боюнча узундуктарын сактап, сүрөттөөчү картографиялык проекциялар. Дүйнөнүн жана жарым шарлардын карталарында көп бурмалоону кетирет.

**РАДИАЛЬНОЕ РАСЧЛЕНЕНИЕ**–радиалдык бөлүнүү, нур сымал тармактануу. Тоо массивинин, же анын группасынын бир точкадан туш тарапка, нур сымал бөлүккө бөлүнүшү. М: Хантеңири, Гарц, Матча, Эңтал, үч сейит, Талдык ж.б.

**РАДИАЛЬНЫЕ ДВИЖЕНИЯ ЗЕМНОЙ КОРЫ**– Жер кабыгынын радиалдык кыймылы. Жер кабыгынын радиусунун багыты боюнча, жай, же тез ылдамдык менен кыймылдашы. Көпчүлүк учурда « Колебательные движения земной коры» деп аталат.

**РАДИАЛЬНЫЕ ТРЕШИНЫ**–радиалдык жарака. Тоо тектеринин жайланышуу формасында, же тектоникалык структурасында нур сыяктуу багыт менен кеткен жарака.

**РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС АТМОСФЕРЫ** - атмосферанын радиация балансы. Атмосфера кабыл алган жана чагылдырган радиация агымынын алгебралык суммасы.

**РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС ЗЕМНОЙ ПОВЕРХНОСТИ**–Жердин бетинин радиациялык балансы. Суммардык радиациядан жердин бетинен кайра эффективдүү чагылып, зарп болгон радиация менен жер бетине сиңип кеткен радиациянын алынган калдыгы.

**РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС СИСТЕМЫ ЗЕМЛЯ АТМОСФЕРА**-атмосфера. Атмосфера–жер системасынын радиациялык балансы. Дүйнөлүк мейкиндиктен атмосферага түшкөн жана кайра чагылып кеткен радиациянын суммасы.

**РАДИАЦИОННЫЙ ТУМАН**– радиациялык туман. Жердин бетинин радиациялык жол менен катуу муздашынан пайда болгон туман. Көбүнчө түн ичинде, ал эми кышында болсо күнү - түнү менен байкалат.

**РАДИОАКТИВНЫЕ ВОДЫ**–радиоактивдүү суулар. Радиоактивдүү заттары көп, аралашкан табийгый суулар. Жер астындагы суулардын составында негизинен табигый изотоптор болот да, ошого байланыштуу радийлүү, родондуу суулар деп аталат. Р.с. дарыгерлик иштерде жана радиоактивдүү элементтерди изилдөөдө колдонулат.

**РАДИОЛЯРЕВЫЙ ИЛ** – радиолярий ылай. Радиолярий үлүлдөрүнө бай, кремнийлүү чөкмө. Инд жана Тынч океандарынын экватордук зонасынын 4500-6000м терендигинде кенен тараган. Кээде диатомдордун быштагынын аралашмасы кезигет. Көмүлүп калган казып алуучу абалындагы р.ы. радиоляриттер деп аталат .

**РАДИОЛЯРИИ-** радиолярии. Эң жөнөкөйлөрдүн саркод тибине кирүүчү жаныбарлар классы. Алардын 7-8 миң түрү бар. Негизинен татаал түзүлүштөгү, минералдык кремнезем скелеттүү, бирок көп формалуу келишет. Жылуу дениздердин ар кандай терендиктеринде жашайт. Алардын скелети терендиктеги тектердин катмарын пайда кылууга катышат.

**РАДИОЛЯРИТ**-радиолярит. Массанын 50%тен көбүрөөгү радиолярийден турган, негизинен кремнийлүү органогендик чөкмө тек. Фосфат, чопо, алевриттүү материалдардын аралашмасынан турат Түсү ар түрдүү; саргыч, сур, кызыл жб

**РАДИОМЕТРИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ**–радиометрдик методдор. Тоо тектеринин абсолюттук курагын (жашын) аныктоо методу. Ал кээ бир элементтердин бөлүнүшүнүн натыйжасында башка элементтердин бир калыптагы изотопторуна айланышына негизделген. Аргондук (калий–аргондук-стронцийлик), рубидий – стронцийлүү, коргошундук ж.б. методдор колдонулат.

**РАДИОУГЛЕРОДНЫЙ МЕТОД**–радиоуглероддук метод. Табигый обьекттердеги (көмүрдөгү, жаракадагы) сөөктүн калдыгы ж.б.. $C^{14}$ изотопторунун салыштырмалуу санын аныктоого негизделген. Салыштырмалуу жаш обьектилердин ондогон жылдар ичиндеги жашын аныктоо үчүн колдонулат.

**РАЗВЕТВЛЛЯЮЩАЯСЯ РЕКА**–тарамдалган өзөн. Өзөнү жайылмалуу, сайроондору көп, суулары бөлүнүп-бөлүнүп аккан суу.

**РАЗВИТИЕ БЕРЕГОВОЙ ЛИНИИ**–жээк сызыктын өөрчүүсү. Жээк зонасындагы процесстердин жүрүшүнүн натыйжасында байкалган жээк эволюциясы.

**РАЗВИТИЕ РЕКИ**–өзөндүн өөрчүүсү. Өзөндүн баш-аягынан түз сызык боюнча, узундугу менен чыныгы (имерилиш, булуң-буйткасын кошо эсептегендеги) узундугунун ортосундагы катышы. Бул чоңдук өзөндүн рельефинин тилмеленишин, ага туура келген өзөндүн сайынын орун алышын аныктайт. Себеби, өзөндүн суусу тегиздиктин бетиндеги бардык аң-чөнөктү кесип, же айланып агып өтөт.

**РАЗВОДЬЕ**– муз аралыгындагы коңул. 1. Калкып жүргөн муздардын арасындагы кеме өтүүчү өткөөл; 2. Кыймылдоонун, же деформациянын натыйжасында тыгыз бириккен тегиз муз, припайдагы жарык. Узундугу бир нече метрден бир нече км. ге чейин жетет.

**РАЗДВИГ**–ачылуу. Тоо тектеринин тартылып кетүүдөн арасы ачылып, бирок жылышпай, аңырайып турган жарыгы.

**РАЗЛОМ**–жарака. Тоо тектеринин катмарындагы узун, туурасы боюнча ири жана өтө терең жарылышы. М; Фергана, Какшал, Алай-Туркестан ж.б. жаракалар.

**РАЗЛОМ ЗОНА**–жарака зонасы. Тоо тектеринин талкаланган жана жарылып бузулган тилкеси. Анда бир топ майда жарыктар, брекчий жана тектоникалык кумдуктар кезигет. Ж.З. туурасы жүздөгөн метрге чейин жетет.

**РАЗМЫТЫЙ ФРОНТ**– жешилген фронт. Термикалык айырмасы анча чоң эмес, эки түрдүү аба массасынын ортосундагы бети.

**РАЗНОВИДНОСТИ ОБЛАКОВ**– булуттардын түрлөрү. Булуттардын түрлөрүн эл аралык классификация боюнча бөлүштүрүү. Негизинен тунуктугуна жана элементтеринин макроскопиялык структурасына карата бөлүштүрүлөт. Түрлөрүнүн аты тунуктунун атына биригип турат (кара булут, канат сымал булут ж.б.).

**РАЗНОРОДНЫЕ РЕКИ**- ар түрдүү өзөн. Ар түрдүү табигый шарттагы өрөөндү кесип өткөн өзөн (дарыя).

**РАЗНОТРАВНАЯ СТЕПЬ**–түркүм чөптүү талаа. Талаа тилкесине тиешелүү түркүм чөптөрдүн шибери.

**РАЗНОТРАВНО –ЛУГОВАЯ СТЕПЬ** – түркүм чөптүү, шалбалуу талаа. Өсүмдүктөрүндө талаа тукумундагы түрлөр басымдуулук кылган, токойлуу (20-45 %) калың шибер.

**РАЗНОТРАВЬЕ**– түркүм чөп. Дандуу, өлөң, буурчактуу өсүмдүктөр аралашкан шибер.

**РАЗОРВАННО – ДОЖДЕВЫЕ ОБЛАКА** - үзүлгөн жаандуу булут. Анын таасиринде жаан-чачын, бир эле аймакта үзүлгөн абалда түшөт.

**РАЗОРВАННЫЕ ПЛАСТЫ**-үзүлгөн катмар. Айрыктар менен бөлүнгөн тоо тектеринин катмары.

**РАЗРЫВ** - үзүлүү. Тоо тектеринин калыбынын бузулушу. Жылышып (орун которуп), жылышпай жарылуу деп бөлүнөт. Жарылуунун натыйжасында, бири-биринен ажырап калган катмарды жылышуунун канаты дейт. Жантайган жылышуу; жаткан, төшөлгөн, асылып турган жана жаап турган канат деп бөлүнөт. Жарылып орун алмашуулар жылышуу (сдвиг), ажырашуу (раздвиг), урап түшкөн (сброс), жүткүнгөн (надвиг), тектоникалык жайма деп бөлүнөт.

**РАКОВИНА**–раковина. Эң жөнөкөйлөрдүн, же омурткасыздардын ички, же тышкы скелеттик (үлүл, муунак буттуу коңуздар ж.б.) түзүлүшү. Алар кремнийдин, көмүр кычкыл кальцийдин жана кээ бир минералдык заттардын аралашмасы сиңген органикалык заттардан турат. Р. бастырмасында көптөгөн чөкмө тектер пайда болот.

**РАКООБРАЗНЫЕ**–рак сыяктуулар. Муунак буттуу жаныбарлардын классы. 20 000 ге жакын түрү бар. Башка муунак буттуулардан айырмасы алардын эки кош муруту болот жана бакалоорлору менен дем алышат. Деңиздерде, ички көлмөлөрдө жана үңкүрлөрдө жашайт.

**РАКУШЕЧНИК**-үлүл кабыкчасы. Брахиопод жана үлүлдүн майдасынан чогулуп уюган акиташ, ракушняк. Көбүнчө жээк зонада кезигет.

**РАПА**–Көлдөрдөгү, жер астындагы үңкүрлөрдөгү тузга каныккан эритме. Дарыгерлик жана өнөр жайлык максат үчүн колдонулат.

**РАСКАЛЕННАЯ ТУЧА**–ысык туман. Вулкандын газынын жана тоо тектеринин, ар түрдүү чоңдуктагы сыныктарынан чогулган жана тез ылдамдыкта жылган ысык туман.

**РАССЕЯННАЯ РАДИАЦИЯ**–чачырандыланган радиация. Атмосферада чачырандыга дуушар болгон күн радиациясы.

**РАСТЕНИЯ ИНДИКАТОРЫ**–өсүмдүк индикаторлор. Белгилүү экологиялык шартка жердик болуп калган өсүмдүктөр. Алардын кездешүүсү боюнча (топурак, жер астындагы суулардын болушу жана өзгөчөлүгү, пайдалуу кендер ж.б. ) экологиялык шартын аныктоого болот.

**РАСТИТЕЛЬНАЯ АССОЦИАЦИЯ**–өсүмдүктөрдүн ассоциациясы. Составы жана структурасы бирдей жана өз-ара катнашы болгон өсүмдүктөр менен чөйрөнүн ортосундагы мамилесине карата калыптанган фитоценоздук бирикмеси. Үстөмдүк кылган түрлөрдүн атынан баштап айтылат. М: бетегелүү шыбак, же шыбактуу бетеге ж.б.

**РАСТИТЕЛЬНАЯ ГРУППИРОВКА**–өсүмдүктүн тобу, түркүмү. Фитоценоздун баштапкы өсүү стадиясы. Түрдүк составы туруксуз, сейрек, түрлөр аралык таасирлешүүсү начар өнүккөн. Түркүмдү алгачкы, жөнөкөй жана татаал Ө.т. деп бөлөт.

**РАСТИТЕЛЬНАЯ ФЛЮКТУАЦИЯ**–өсүмдүк флюктуациясы. Фитоценоздун ар бир жылдык шартка ылайыктанып өзгөрүшү. Флюктуация флоралык составдын туруксуздугу, кайрылмалуулугу, багытсыздыгы менен мүнөздөлөт.

**РАСТИТЕЛЬНАЯ ФОРМАЦИЯ**– өсүмдүк формациясы. Бир табигый шартка туура келүүчү өсүмдүктөрдүн ботаникалык түрүнүн, же бирдей уруктагы бир нече түрлөрүнүн жыйындысы болгон таксономиялык бирдик.

**РАСТИТЕЛЬНОЕ СООБЩЕСТВО**- өсүмдүктөрдүн тобу, түркүмү. Белгилүү аймакта бирге жашоочу өсүмдүктөрдүн тарыхый жактан калыптанган группасы. Белгилүү түрлүк составдан (чогулуп) биригип, өзүнүн фиточөйрөсүн түзүүчү структурадан жана чөйрөдөн турат.

**РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–өсүмдүктөр. Өсүмдүктөр катмары, жердин же анын белгилүү региондорундагы фитоценоздордун жыйындысы. Биосферанын чөйрө менен тыгыз байланыштагы негизги компоненти. Ө. зона боюнча таралып, жаан- чачын менен температуранын санына көз каранды келишет. Заттардын айлануусуна жана жаратылыштагы органикалык заттардын баштапкы синтезине чоң таасирин тийгизет.

**РАСТИТЕЛЬНОЯДНЫЕ ЖИВОТНЫЕ**–өсүмдүктөр менен тамактануучу жаныбарлар. Өсүмдүктөрдүн тамыры, кабыгы, жалбырагы, мөмөсү менен тамактануучу жаныбарлар. М; туяктуулар, коен сыяктуулар, кемирүүчүлөр, канаттуулар ж.б.

**РАСТИТЕЛЬНОЕ ЗОНЫ**–өсүмдүктөрдүн зоналары. Экватордон уюлга чейин, ырааттуу түрдө өсүмдүктөрдүн өзгөрүшү. Өсүмдүктөрдүн негизги зоналарына; тропиктик токой, саванна, чөл, жарым чөл, талаа, жазы жалбырактуу, ийне жалбырактуу, токой жана тундра зоналары кирет.

**РАСТИТЕЛЬНЫЕ ОСТАТКИ**–өсүмдүктөрдүн калдыгы. Жок болуп кеткен өсүмдүктөрдүн ар кандай бөлүктөрүнүн топтолушу. М; саздардагы чым көңдүн катмары, токойдогу топурактардын үстүңкү бетиндеги төшөлмө.

**РАСТУЩАЯ ДЕЛЬТА** – өсүп жаткан чат. Дарыянын чатындагы тунма чөкмөлөрдүн көбөйүшүнүн натыйжасында чаттын өсүшү, б.а . аянтынын көбөйүшү.

**РАСХОД ВОДЫ**–суунун чыгымы. Агымдын туурасынан кесилиши боюнча, белгилүү убакыт бирдигинде (секунда, минута ж.б.) агып өткөн суунун көлөмү (м$^3$/ сек, км3/сек), майда суулардын чыгымы л/сек. менен туюнтулат.

**РАСХОД ИСТОЧНИКА**– булактын чыгымы. Белгилүү убакыт ичинде булактан оргуп чыккан суунун көлөмү, л/с, же м$^3$ /сек менен өлчөнөт.

**РАСХОД НАНОСОВ** – шилендилердин чыгымы. Суунун агымы менен келүүчү шилендилердин (ылайдын) саны, кг/ сек менен туюнтулат.

**РАСХОДЯШИЕСЯ ТЕРРАСЫ**–тарап кетүүчү кашаттар. Өзөндүн төмөнкү агымына карата тектирчилери бийиктеп, саны көбөйүп бара жаткан кашаттар. Эрозиянын базисинин бирдей эмес төмөндөшүнүн натыйжасында пайда болот.

**РАСЧЛЕНЕННАЯ РАВНИНА**–тилмеленген түздүктөр. Деңиз деңгээлинен жогору жаткан жана капталдары тарам–тарам болуп кокту-колот, жыбыт–жылгага тилмеленген түздүктөр. Тилменүүнүн жыштыгы климатка, тоо тектеринин сууга байымдуулугуна жана өсүмдүктөрдүн мүнөзүнө жараша болот.

**РЕАККЛИМАТИЗАЦИЯ**–реакклиматизация (лат. де-кайтадан, жаңыланган акклиматизация). Белгилүү аймактан жок болуп кеткен өсүмдүктөр менен жаныбарларды кайрадан өстүрүү, калыбына келтирүү.

**РЕГ**– рег. Сахаранын, Алжирдин тушундагы таштуу чөлдүн арабча айтылышы.

**РЕГЕНЕРАЦИЯ**–регенерация (лат. Regenerasio-кайтадан туулуу, кайрадан жаралуу). Платформанын ордуна кайрадан геосинклиналдык режимге алып келүүчү тектоникалык кыймыл .

**РЕГИОН**–регион (region–өлкө, область, аймак). Ири аймактык жекече түзүлүш. Физикалык географияда таксономиялык бирдиктерге тийиштүү аталыш (Орто Азия, Борбордук Азия, Кавказ, Карпат ж.б.).

**РЕГИОНАЛЬНЫЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ**–аймактык булгануу. Салыштырмалуу ири аймактагы булгануу.

**РЕГРЕССИВНАЯ ЭРОЗИЯ**– регрессивдүү жуулуу. Өзөндүн чатынан жогору карата агын суунун таасири менен тоо тектеринин жуулушу. Натыйжада, өзөндүн таманы жана капталы жоюлуп, узунунан профили тен салмакта болот.

**РЕГРЕССИЯ**-регрессия (лат. regessio-артка жылуу, чегинүү). Деңиздин, же көлдүн акырындап тартылышы. Ал кургактыктын жогору көтөрүлүшүнүн натыйжасында, көлмөнүн асты тешик (жаракалуу) болгондо жана буулануу күчөгөндө, кошулган суулар азайганда байкалат. М; Ысыккөл (акыркы 60-70 жылдын ичинде кыйла бөксөрдү), Балкаш, Арал, Лобнор, Карабогозгол ж.б.

**РЕГУРЫ**-регуарлар. Темгил түстөгү чополуу, нымдалуудан боор-көпмө тарткан, арык топурак. Индиядагы Декан тайпак тоосундагы тропикте көп кездешет.

**РЕДКИЙ ВИД**–сейрек түр. Аз сандагы, же чакан аймакты ээлеген өсүмдүктөр менен жаныбарлардын дүйнөсү.

**РЕДКОЛЕСЬЕ**-сейрек токой. Нымдуулугу токой өсүүгө кемчил шарттагы, жердин бирин-серин паркка, же саваннага окшош токою.

**РЕДУЦЕНТЫ**- редуценттер (лат. Recusunt- кайтарылуучу, калыбына келтирилүүчү). Органикалык заттарды бөлүп чыгарып, аягында минералдык заттарды пайда кылуучу организмдер. Аларга ачый турган чириндилерди пайда кылуучу жана агыза турган бактериялар кирет.

**РЕЗЕРВАТ**-резерват (лат. reseruo–сактаймын, үнөмдөймүн). Коргоого алынган корук жана заказник түрүндөгү табигый аймак жана андагы белгилүү түрлөр, же биоценоздор, жок болуп бара жаткан, же өтө баалуу организмдер. Р. Танзанияда, Бирмада, Великобритания ж.б. өлкөлөрдө кезигет.

**РЕЗКО ВЫРАЖЕННЫЙ ВОДОРАЗДЕЛ**– оркойгон суу бөлгүч, тоонун кыр –чокулары аркылуу өткөн суу бөлгүч.

**РЕЗКО КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ КЛИМАТ**–Кескин континенталдуу климат. Температурасынын орточо айлык жана суткалык көрсөткүчү кескин өзгөрмөлүү, атмосфералык жаан-чачын кемчил (100 мм тегерегинде), булуту сейрек, абанын нымдуулугу аз, буулануусу күчтүү климат. Мындай климат Чыгыш Сибирде, Верхоянск (Оймякон) районунда (Түндүк жарым шардагы суукту уюлу) байкалат да, январь айынын температурасы - $50^0$ (абсалюттук минимуму - $70^0$) чейин төмөндөйт.

**РЕЙДОВАЯ СТАНЦИЯ**–рейддик станция. Деңиздин жээгиндеги зонадан орун алган океонографиялык станция.

**РЕКИ БЛИЗНЕЦЫ**–эгиз дарыялар. Чоңдугу бирдей эки дарыянын чатына жакын жерден кезигишүүсү. М, Тигр менен Ефрат.

**РЕКУЛЬТИВАЦИЯ ЛАНДШАФТА**–ландшафты кайрадан культивациялоо (лат. экинчи жолу, кайрадан жана иштетемин, айдаймын). Белгилүү жердин ландшафтын калыбына келтирүү үчүн жана адамга пайдалуу жактарын арттырып тургудай кылып суу режимин, баштапкы топурак өсүмдүктөрүн калыбына келтирүү жана жаныбарларын өстүрүү.

**РЕЛИКТОВАЯ ФАУНА**–калдык жаныбар, (сакталып калган жаныбар). Ыңгайлуу табигый шартка мааналап калган байыркы жаныбарлардын калдыгы, түрү.

**РЕЛИКТОВАЯ ФЛОРА**– калдык өсүмдүк, сакталып калган өсүмдүк. Байыркы доорлордо кеңири таркалып, азыр белгилүү гана аймакта өскөн өсүмдүктөр (жаңгак токою, аса-муса, бадам, айгүл ж.б.).

**РЕЛИКТОВАЯ МЕСТОАБИТАНИЯ**–калдык чөйрө, сакталып калган чөйрө. Байыркы тиричиликтин сакталып калган чөйрөсү.

**РЕЛИКТОВАЯ ОЗЕРА**–калдык көлдөр, сакталып калган көлдөр. Байыркы көлдөрдүн калдыктары (Чаар айгыр ж.б.).

**РЕЛИКТОВЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ ЛАНДШАФТА**–ландшафтын калдык элементтери. Байыркы ландшафтын кээ бир элементтеринин калдыгы (чөлдөгү байыркы өзөндүн кургак коосу, байыркы саздардын калдыктары ж.б.).

**РЕЛИКТОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–калдык релеьф. Байыркы доордогу азыркыга салыштырганда башкача табигый шарттын рельефи. М, Кыргызстандын бийик тоолуу районундагы байыркы мөңгү каптаган жерлердеги морена-дөбөлүү кашаттар, терең коктулар, көлдөр ж.б.

**РЕЛЬЕФ**- рельеф (фран. Relief, латын. relevio-көтөрмө). Жердин бетиндеги океан жана деңиздердин түбүндөгү рельефтин түзүлүшү. Пайда болушу, көлөмү, курагы жана тарыхый өсүү жолу боюнча ар түрдүү форманын жыйындысы. Сырткы формасы боюнча Р. оң, же томпок (тоо, дөңсөө, платформа, дөбө ж.б.) жана терс, же ийилген (ойдуң, өрөөн, сай, ж.б.), жөнөкөй жана татаал деп бөлүнөт. Масштабы боюнча; планетардык, мега, макро, мезо-микро формалар деп бөлүнөт. Рельеф жер бетиндеги эндогендик (тектоникалык) жана экзогендик күчтүн (күндүн энергиясы, агын суу, мөңгүлөр, шамал,

толкун, шамалдануу ж.б.) өз-ара аракетинен пайда болот. Рельеф пайда болушуна тартылуу күчүнө баш ийген гравитациялык кыймыл да, чоң көмөк берет. Адамдын чарбалык (өндүрүштүк) иштери да, рельефке кыйла оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизет.

**РЕЛЬЕФНЫЕ КАРТЫ**–рельефтик карта. Гипсометриялык (жердин бетин бийиктик боюнча көрсөтүүчү), батиметриялык ( суу түбүндөгү рельефти көрсөтүүчү) жана геоморфологиялык карталар деп бөлүнөт.

**РЕОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ**–реологиялык процесстер (грек. rheos–агым). Заттардын туруксуздугуна (металдардын тоо тектеринин, муздун, кыртыштын жылышууларына байланышкан) жана алардын өзгөрүшүнө алып келүүчү табигый процесс.

**РЕПЕР**– репер. Жердин, же дубалдын бетиндеги бийиктикти нивилир менен аныктоо үчүн, белгиленген темир казык, же шынаа.

**РЕЧНАЯ ГИДРОЛОГИЯ**–өзөн гидрологиясы, потомология. Дарыяларды, алардын сууларынын агышын, өрөөнүнүн нугундагы чөкмөлөрдүн пайда болушун изилдөөчү илим, «Кургактыктын гидрологиясы» деген илимдин тармагы. Ал өзөндүн нугунун планын, узун туурасынан кесилишин, жаан- чачын менен бууланууга болгон мамилесин ж.б. жактарын изилдейт.

**РЕФУГИИ**–рефугиялар (лат. refugius-баш калка). Байыркы бир геологиялык доордо жок болуп кеткен өсүмдүк, же жаныбарлардын бирин-серин калдыгынын, ыңгайлуу табигый шарттка пааналап калган түрлөрү.

**РЕЧНАЯ СЕТЬ** – дарыя тармагы. Бир аймактагы суулардын- өзөндүн жыйындысы. Анын негизги касиеттерине агын суулардын жыштыгы кирет.

**РЕЧНАЯ СИСТЕМА**–дарыя системасы. Куймалары менен биргелешип деңизге, көлгө куйган өзөн.

**РЕЧНАЯ ТЕРРАСА**– өзөндүн кашаты.

**РЕЧНАЯ ЭРОЗИЯ**–суу (дарыя) эрозиясы. Агын суунун жердин бетин жууп жана жеп кетүүчү жөндөмдүүлүгү. Ал жердин бетин оюп (глубинная эрозия), капталына кеңейтип (боковая эрозия) турат.

**РЕЧНАЯ ОЗЕРА**–агын суунун көлү. 1.Жылдын кургакчылыгына байланыштуу агыны токтоп калган суунун өзөнүндөгү көлдө. 2. Өзөндүн жайылмасындагы көлдөр.

**РЕЧНОЙ БЕРЕГ**– суунун бою. Кургактык менен суу аккан сайдын ортосундагы тилке.

**РЕШЕТКА ВЫВЕТРИВАНИЯ**–талкалануунун тору (решеткасы). Песчаник, же башка тоо тектердин бетиндеги талкалануудан пайда болгон оймо-чиймеленген тагы. Кыргызстандын тоолорундагы тик беттерде, аскаларда, арынын уюгундай оюлган, же узун туурасынан кеткен чийиндилер көп кезигет.

**РИАСОВЫЙ БЕРЕГ**- риас жээги. Көлмөнүн жээгиндеги тумшуктуу жана ийри -буйру булундуу жээк.

**РИАСЫ**–риастар (испан. Rias- өзөндүн (дарыянын) чаты, деңиздин тоолуу жээгине суу көтөрүлгөндөгү абалы. Испаниянын жана түштүк батыш Ирландиянын жээктерине мүнөздүү.

**РИГЕЛЬ**–ригель, тосмо (нем. Riegel–тосмо, туурасынан бөгөө). Мөңгү жаткан өрөөндү туурасынан бөгөп турган асканын оморкою. Р. жер астындагы тоо тектеринин оркоюп чыгып турушунан, же мөңгүнүн муз аркылуу тектин үстүндөгү борпоң катмардын сүрүлүп таралышынан пайда болот.

**РИНГ**–ринг (англ. Ring–тогоо, курчоо). Жылуу суунун тогоосу менен тегерете курчалган муздак ядролу (диам. 200-300 м), орточо масштабдуу суу, суу куюну. Айлана-чөйрөгө салыштырганда муздак суунун температурасы -4-6$^0$ С төмөн, ал эми жылуу суулуу тогодо -1-2$^0$ С га жогору болот. Гольфстрим агымынын түштүгүндө көп байкалат.

**РИНИОФИТЫ**–риниофиттер. Псилофиттер, жок болуп кеткен эң байыркы өсүмдүктөр. Чөп өсүмдүктөрүнө түспөлдөш келип, сөңгөгү жалбыраксыз болгон жана тамыры кыска (жокко эсе) өсүмдүк.

**РИСС -ВЮРМСКОЕ МЕЖЛЕДНИКОВЫЕ**–рисс –вюрм муздук аралык. Альпыдагы рисе жана вюрм муз доорлорун бөлүп турган заман. Ортоңку Европада зем заманы, Чыгыш Европанын түздүктөрүндө микулин заманы, Түндүк Америкада сангамон заманы деген доорлордун ортосундагы мезгилдер.

**РИССКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА (ЛЕДНИКОВЫХ)**– рисс муз доору. Дунай дарыясынын бир куймасынын аты. Альпы тоо кыркасында жана ага чектеш жаткан областтарда плейстоцен доорунда(мындан 250–75-миң жыл мурда) пайда болгон, максималдуу мөңгү доору. Ал эки (рис–1, рис-2) стадияга бөлүнөт. Алардын ортосундагы климат мелүүн тартып жылуу болгон. Ошол мезгилде Түндүк Европада заал

муз доору, Чыгыш Европанын түздүгүндө днепр жана москва муз доору, ал эми Түндүк Америкада илпиной муз доору өткөн.

**РИФ**–риф. Деңиздин оркоюп чыгып турган, же суу түбүндөгү орсок таштар. Кораллдардан, акиташтуу балырлардан ж. б. риф пайда кылуучу организмдердин калдыктарынан турат.

**РИФЕЙ**–рифей (лат–Рифей тоолору). Байыркы географтар Урал тоосун ушундай аташкан. Кембрийге чейинки мезгилдин аягында пайда болгон тоо тек катмарлары. 1945 ж. геолог Н.С. Шатский Түштүк Уралдан рифейдин төмөнкү бөлүгүнүн жашы 1,650 млн. жылга жакын деп аныктаган.

**РИФТОВЫЙ ИЗВЕСТНЯК**–рифтик акиташ. Көлмөнүн түбүндөгү рифти пайда кылуучу организмдердин жашоо тиричилигинен пайда болгон тоо тектери. Рифт организмдери тоо тектерин пайда кылу үчүн көмүр кычкыл акиташ бөлүп чыгарышат. М., кораллдар. археоциттүү балырлар ж.б.

**РОДОНАЧАЛЬНАЯ МАГМА**–негиздөөчү магма. Белгилүү бир областтагы, же массивдеги бири-биринен пайда болгон, генетикалык жактан байланыштуу болгон, атырылып чыккан вулкандын муздашынан калыптанган тоо тектеринин түпкү теги.

**РОЗА ВЕТРОВ**–шамалдын розасы. Белгилүү чөйрөнүн шамалынын багытын жана кайталанышын көрсөтүүчү диаграмма. Ал тегеректчени борборунан туш тарапка багыттардын чиймеси менен көрсөтүлөт.

**РОСА**– шүүдүрүм. Абадагы көзгө илээшпеген суу бууларынын, түнкү чыкыроон болгондо ири тамчыларга айланып, жер бетине, бак-дарактарга жабылууусу. Мелүүн алкактын шүүдүрүмү бир түндө 0,1 – 0,5 мм чейинки калыңдыктагы нымдуулукту пайда кылат. Жылына шүүдүрүмдөн пайда болгон нымдуулук 20-30 ммге чейин жетет. Тропикте ар түнү 3 мм шүүдүрүм пайда болот.

**РОЩА**– тококойчо. Жалбырактуу дарактуу чакан токой массиви.

**РЬТУТНЫЕ РУДЫ**–сымап рудасы. Сымаптын аралашмасы катышкан жана аны иштетүүдөн экономикалык пайда чыгуучу табыйгый минералдык бирикме. Негизги минералы киноварь. Дүйнөдөгү белгилүү кендер Альмеден (Испания), Монте–Ампата, (Италия), Нью-Альмаден жана Сульфур–Банк (АКШ), Хайдаркан жана Хадамжай (Кыргызстан).

**РУДА**–кен. Составындагы металлдын аралашмасы боюнча экономикалык мааниси бар жана техникалык жактан иштетүүгө ыңгайлуу келген түзүлүш.

**РУСЛО**–нук. Өзөндүн суу аккан таманы. Аны менен суу агат, шиленди (тунма) ташылат, кышкысын муз тоңот. Түз же, ойдуңдуу жерлердеги өзөндүн сайы (нугу), ийри- буйру болот, тоолуу жердин өзөндөрүнүн нуктары эңкейийиш тартып, шаркыртмалуу келет.

**РУСЛОВАЯ ЭРОЗИЯ**–нуктук эрозия. Суу киргенде тшкындаган агымдын күчү менен өзөндүн сайынын тереңделип жемирилиши. Ал капталынан жана тереңинен эрозияланыш деп бөлүнөт.

**РУСЛОВОЙ ПОТОК**–нуктук агым. Тартылуу күчтүн аракети менен өзөндүн нугун бойлоп аккан суу.

**РЫБЫ**–балыктар. Омурткалуулар классындагы жаныбарлар. Алардын 20-25 миңге жакын түрү бар. Денесинин температурасы туруксуз, сүзгүч канат өңдөнгөн «аяк - буттары» бар жана бакалоору менен дем алат. Океандарда жана ички көлмөлөрдө жашайт.

**РЫХЛАЯ ГОРНАЯ ПОРОДА**–борпоң тоо тек. Тоо тектеринин бири-бирине цементтелип, бирикпеген сыныктарынан турат.

**РЯБЬ**–жыбыр (жыбыр толкун). Шамалдын таасири менен пайда болгон толкундун башталгыч стадиясы.

## -С-

**САВАННА** – саванна (исп. sabana). Бадалдуу, жыгачтары жапыз жана чөптөрү тайкы болгон тропиктик талаа. Кээ бир чөптөрүнүн бийиктиги 1 м. ден 3 м ге чейин жетет. Ксероморфтуу дарактары менен бадалдары зонтик сыяктуу формада. Африкада, Түштүк Америкада, Индияда жана Австралияда көп кездешет.

**САВАННОЕ ЗОНЫ**–саванналуу зона. Тропиктик, субтропиктик, көбүнчө субэкватордук тилкедеги табийгый зона. Африкада, Түштүк жана Борбордук Америкада, Азияда жана Австралияда кезигет. Климаты сезондуу нымдуу, кургакчыл жана жаан- чачындуу сезондорго так бөлүнгөн, жылдык жаан- чачындуу сезону 8-9 айга созулат.

**САВАННЫЙ ЛЕС**–саванна токою. Шиберлүү савана мейкиндигиндеги, топ-топ болуп өскөн дарактардын сейрек группасы. Африкадагы с.т. баобаб жана акация, түштүк Америкадагы с.т. пальма өсөт. Жыл кургак болгондо, дарактардын көбүнүн жалбырактары түшүп калат.

**САЙ**–сай. Чөлдөрдөгү суу жар кылып, жеп кеткен жер. Жарлуу аңгектер, ичке коо. Түндүк Америкада вади, Австралияда крик деп аталат.

**САКМАРСКИЙ ЯРУС**–сакмара ярусу. Урал суусунун оң куймасы Сакмаранын атынан коюулган, пермь системасынын төмөнкү бөлүмүнүн астыңкы ярусу.

**САМАРОВСКАЯ ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА** (ледниковье)– Самарово муз доору. Хантымански шаарынын бир бөлүгү, мурдагы Самарово кыштагыннын атына коюлган. Ал түздүктөгү эң кенен тараган мөңгүлөрдөн пайда болгон чоң- чоң аянтты ээлеп жатат.

**САМООЧИЩЕНИЕ МОРСКИХ ВОДОЕМОВ**–деңиз көлмөлөрүнүн өзүн–өзү тазалашы. Булганган көлмөлөрдүн биохимиялык процесстердин жардамы менен тазаланып, калыбына келүү жөндөмдүүлүгү.

**САМООСАДОЧНОЕ ОЗЕРО**–өзү чөкмө көлдөр. Эритмедеги туздары өзү чөгө турган (концентрацияланган) аралашмадагы суулуу минералдык көлдөр.

**САПРОПЕЛЬ**–сапропель (грек. sapzos-чирик жана ылай тунма). Токтоп турган көлмөлөрдүн түбүндөгү жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн чириндилеринен пайда болгон тунма. Жаңы кезинде саргыч-жашыл, күрөң түстөгү илээшчек, майлуу сур масса. Кургаганда сапропелге айланат.

**САПРОФАГИ**–сапрофагалар (грек. Saprosi-чирик жана жечүлөр). Органикалык калдыктардын чириндилери менен тамактануучу жаныбарлар. Алар детрифагдар, некрофагдар жана капрофагдар деп бөлүнөт.

**САРМА**–сарма. Байкалдагы жергиликтүү катуу шамал. Мындай шамал Сарма дарыясынын төмөнкү агымында байкалат.

**САРТАНСКАЯ ЛЕДНИКАВАЯ ЭПОХА** (ледниковье)-сартан мөңгү доору. Сибирдин тоолорунда, Таймырда жана Путорана бөксө (тайпак) тоосунда, плейстоцен доорунун аягында пайда болгон тоо жана жапма муз доору.

**«САХАРНЫЕ ГОЛОВЫ»**-«кантуу баштар». Гранит тектеринен турган, капталдары тик, төбөсү томпок дөңсөөлөр. Түштүк Америкада, Риодо–Жанейродо жана анын айланасында кезигет.

**САХЕЛЯ ЗОНА**–сахель зонасы (араб. сахель-жээк). Түндүк Африканын Жер Ортолук деңизине чектеш жеринде чөлдөн саваннага өтүүчү табийгый зона.

**СФЕРХГЛУБОКОЕ БУРЕНИЕ** – өтө терең бургулоо. Жердин кабыгын жана жогорку мантияны, о.э. жер астындагы кендерди изилдөө максатындагы, терендиги 6000 м. ашык бургулоо. Ө.т.б. океандарда да, жүргүзүлөт. 1985- жылга чейин дүйнөдө 400 жакын ө. т. б. болгон. Анын ичинен № 1 Берта–Рождерс (АКШда) терендиги 9583 м., № 1 Шевченко (СССР) терендиги 7024 м ж.б. . Өтө терең бургулоонун натыйжасында биосферанын литосферадагы чек арасын аныктайт.

**СВЕТЛОХВОЙНЫЙ ЛЕС**– бүчүрү агыш (ийне жалбырактуу) токой. Кызыл карагайлуу жана сосналуу тайга токою. Түндүк жарым шардын мелүүн климаттуу аймактарында кездешет.

**СВИТА ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ**–геологиялык свита, жергиликтүү стратиграфиялык бөлүштүрүүдөгү негизги таксономиялык бирдик. Кыргызстандагы кызыл түстүү «кыргыз свитасы», «Нарын свитасы», «»Сур свитасы, ж.б. Ар түүрдүү катмарлардын жыйындысынан турат жана белгилүү аймактын литологиялык, палеонтологиялык өзгөчөлүгүн аныктайт

**СВОБОДНАЯ АТМОСФЕРА**–эркин атмосфера. Жердин бетинен 1000 м ден жогору жаткан атмосферанын бөлүгү.

**СВЯЗАНННЫЕ ВОДЫ**–кыймылсыз суулар. Тоо тектеринин арасындагы боштуктарда, молекулярдык күч менен кармалып (гидроскоптук, пленкалык, капиллярдык, кристаллдык абалдагы) кыймылсыз турган суулар.

**СДВОЕННЫЕ ВУЛКАНЫ** – Бириккен вулкандар. Жанаша турган эки вулкандын аккумляциялык конустарынын этеги бири-бирине кошулуп, бир массивди түзүшү. М, Армян бөксө тоосундагы Чоң жана кичине Арарат массивдери.

**СЕБХА**–себха (араб). Түндүк Африканын чөлдөрүндөгү рельефтин туюк чуңкурлары.

**СЕВЕР**–түндүк. Ааламдын түндүк уюлуна чукул жердеги асман меридианы менен чыныгы горизонттун кесилишкен чекити.

**СЕВЕРНОЕ СИЯНИЕ**–түндүк шоола. Түндүк жарым шардагы уюлдук шоола.

**СЕВЕРНЫЙ ПОЛЮС** – түндүк уюл. Түндүк жарым шардын, түндүк муз океанынын борборунан орун алган географиялык уюл. Мердиандардын бир точкага бириккен ооргу.

**СЕВЕРНЫЙ ПОЛЯРНЫЙ КРУГ**–түндүк уюлдук тегерек. Жердин түндүк жарым шарында орношкон уюлдук тегерек.

**СЕВЕРО–АМЕРКАНСКИЙ АНТИЦИКЛОН.** Түндүк Америка антициклону, же Түндүк Американын деңиз деңгээлиндеги жогорку атмосфералык басым областы. Атмосферанын сезондук таасиринин борбору.

**СЕВЕРО–АТЛАНТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН,** к. Азорский антициклон.

**СЕВЕРО–ВОСТОЧНЫЙ ПАССАТ**– Түндүк-чыгыш пассаты. Түндүк жарым шардагы океандын үстү менен соккон тропик шамалы.

**СЕДИМЕНТАЦИОГЕНЕЗ**–седиментациогенез (лат. setimintum– басырылуу жана туулуу, пайда болуу). Чөкмөнүн пайда болуу стадиясы. Ал үч этапка бөлүнөт. 1. Талкалануу жана жуулуу мезгилинде заттарды мобилизациялоо. 2. Заттарды суунун, муздун шамалдын жана гравитациянын күчү менен ташуу. 3. Көлмөлөргө жана кургактыкка заттардын тунушу. Андан ары диагенез стадиясы башталат.

**СЕДЛОВИНА**–кайкы, ээр бел, бел баскак. Тоолордун кырындагы тектоникалык, эрозиялык жана денудациялык процесстердин натыйжасында пайда болгон жапыз кайкы, бел, баскак бел айырмач. Кайкылар ашуу катарында кызмат кылат.

**СЕЗОН**–мезгил (фр. Saigon-себүү, себүү убагы). Жылдын астрономиялык, синоптикалык, же фенологиялык белгилери боюнча бөлүнгөн жана бир нече айды кучагына алган мезгили. М., Астрономиялык белгиси боюнча; кыш, жаз, жай, күз, күн-түн теңелүү (равноденствия) жана күндүн таамай турушу (солнцестояния) мөөнөттөрү менен чектелет; атмосфералык процесстеринин мүнөзү боюнча; суук, жылуу, кургак, нымдуу ж.б. деп бөлүнөт.

**СЕЗОННАЯ ГРАНИЦА СНЕГА**–кардын сезондук чек арасы. Тоолордун беттериндеги кар катмарынын убактылуу (сезондук) чек арасы. Жайында бул чек ара жогору көтөрүлүп, климаттык чек арага чейин чыгып барат.

**СЕЗОННОМЕРЗЛЫЕ ГОРНЫЕ ПОРОДЫ** - сезондо тоңгон тоо тектер. Тоо тектеринин боштуктарына, коңулдарына жылдын суук мезгилдеринде суунун тоңушу.

**СЕЗОННЫЕ АСПЕКТЫ РАСТИТЕЛЬНОСТИ**–өсүмдүктөрдүн сезондук абалы.

**СЕЙСМИЧЕСКАЯ ШКАЛА-** сейсмика шкаласы. Жер титирегенде, жердин бетинин термелүүсүнүн күчүнө баа коюучу шкала. СНГде 12 баллдуу шкала кабыл алынган. Ал боюнча жер титирөөнүн сырткы турпатына карата кыйроонун даражасы, жердин бетинин ийилишине карата түзүлгөн сейсмографтын стрелкасынын көрсөтүүсү менен аныкталат. М: Кыргызстанда 6,7,8,9 баллдагы жер титирөөлөр байкалат.

**СЕЙСМИЧЕСКИЙ ГОДОГРАФ**–сейсмикалык годограф (грек. жол, жүрүү, багыт жана–жазуу. Жер титирегенде анын чордонунан байкоочу точкага чейинки сейсмикалык толкундун жетишинин ылдамдыгы. Сейсмикалык толкундардын таралыш ылдамдыгын аныктоого жардам берет.

**СЕЙСМИЧНОСТЬ**–сейсмикалуулук (грек. seismois–термелүү, жер титирөө). Жердин, же анын белгилүү бөлүгүнүн титирөөгө чалдыгуусу.

**СЕЙСМОЛОГИЯ**–сейсмология (грек. термелүү, жер титирөө жана окуу). Жер титирөөнү жана ага байланыштуу кубулуштарды изилдөөчү илим, геофизиканын бөлүгү. Жер титирөөнүн себептерин изилдейт, алардын тектоникалык процесстер менен болгон байланышын жана мүмкүн боло турганын алдын-ала айтат.

**СЕЙСМОТЕКТОНИКА**–сейсмотектоника. Жер титирөөнүн тектоникага тиешелүү шартын жана анын геологиялык натыйжасын аныктайт, геологиянын бир бөлүгү.

**СЕЙШОВОЕ ТЕЧЕНИЕ**-горизонталдык агым. Океан, же деңиздердеги суу деңгээлинин сейштик термелүүсүнүн натыйжасында горизонталдык багыт менен жылышы.

**СЕЙШИ**–сейшилер (ак эчкилер). Катуу шамал болгондогу көлдөрдөгү жыш толкундар. Атмосфералык басымдын күтүлбөгөн жерден өзгөрүшүнө байланыштуу, катуу шамал учурунда пайда болот.

**СЕКРЕЦИЯ**–секреция (лат. seczesio–бөлүнүү). 1. Тоо тектериндеги боштуктарга кристаллдык, же коллоиддик минералдык заттардын толушу, 2. Бездердин организмге керектүү заттарды иштеп чыгышы.

**СЕЛЕВЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ**–сел катмары, селден пайда болгон чөкмө тектер. Сел жүргөндө пайда болгон ар кыл арсак- терсек таш, чопо, аралашкан катмарлар, тектер.

**СЕЛЕТ**–селет. Венгриядагы Бюкк тоосундагы Селета үңкүрүнүн атына коюлган жана палеолиттин башындагы археологиялык маданият.

**СЕЛ**–сел (Араб. сайль–катуу агым). Тоолуу райондордо нөшөрлөгөн жамгыр төккөндө, жер бетиндеги борпоң, тектердин жаандын суусу менен кошо агышы. Ага таш, чопо, кум, ылай, ж.б. кирет.

**СЕЛЬВА**–сельва (порт. Selbaлат. токой). Амазонка дарыясынын боюндагы, мезгил–мезгили менен суу жайпап туруучу нымдуу тропиктик токой.

**СЕМИАРИДНЫЙ КЛИМАТ**-семиаридный климат, жарым- жартылай кургак климат (лат. semi–жарым жана zidus-кургак). Мелүүн алкактын чөлдөрүнүн климаты. М, Орто Азиянын чөлдөрүнүн климаты.

**СЕМИГУМИДНЫЙ КЛИМАТ**–семигумиддик климат, чала нымдуу климат (лат. semi–жарым жана gumus-нымдуу). Нымдуу климатка салыштырганда жаан-чачыны азыраак сандагы климат. Талаа жана талаалуу токой тилкесине мүнөздүү.

**СЕРА САМОРОДНАЯ**–таза түрүндөгү күкүрт. Составында күкүртү көп минерал. Сары, саргыч минералдык масса. Пайда болушу боюнча; вулканогендик, биогендик, чөкмө жана гипоргендик болуп бөлүнөт.

**СЕРАКИ**– серактар (фр. Seragi, лат. sulturs–суулу суюктук, быштак). Тоо мөңгүлөрү ригел аркылуу өткөндө, муздун туурасынан жарылып, арсак- терсек формага ээ болушу.

**СЕРЕБИСТЫЕ ОБЛАКА**–күмүштөй ак булуттар. Мезосфералык булуттар, же мезосферанын жогорку бөлүгүндө (70-90 км бийиктикте) байкалуучу агыш тарткан булуттар. Муз кристаллдарынан, вулкандын жана метеорлордун кыпындарынан түзүлүп, күндүн шооласы менен жаркырап турат.

**СЕРЕБРО САМОРОДНЫЕ**–таза түрүндө табылган күмүш. Алтын, сымап, жез аралашкан табийгый күмүш минерал.

**СЕРЕБРЯННЫЕ РУДЫ**–күмүш рудалары. Составында күмүшү бар минерал.

**СЕРИР**– серир (араб). Ливиянынн чөлүндөгү кенен аймакты ээлеген таштуу – шагыл чөлү.

**СЕРИЯ ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ**-геологиялык серия. Стратриграфияны бөлүштүрүүдө колдонулуучу таксономиялык бирдик. Тектоникалык процесстердин натыйжасында пайда болгон, бирдей тектердин калың катмары. Ал свиталарга бөлүнөт.

**СЕРО–БУРЫЕ ПУСТЫННЫЕ ПОЧВЫ**–күрөң–сур чөл топурагы. Мелүүн алкактын чөлдөрүндө сейрек учуроочу, галофит өсүмдүктөрүнүн астында, чөлдөрдө калыптанган топурак. Орто Азиянын чөлдөрүндө кезигет.

**СЕРОЗЕМЫ**-боз топурак. Чөлдүү талаа тилкесиндеги шиберлүү түзөңдүн боз топурагы. Тереңдик боюнча горизонтторго начар ажырайт. Үстүңкү бетинде чириндилүү (1-1,5%) катмары, андан кийин өтмө горизонт жана иллювий горизонттору жайгашкан. 1,5–2,0 м. тереңдикте гипстүү горизонт оорун алган. Орто Азиянын жарым чөлдүү райондорунда жана АКШда, Түндүк Мексикада. Түндүк Африкада, Алдыңкы Азияда, Австралияда кезигет.

**СОРНЯКИ**–отоо чөптөр. Белгилүү жерлердеги керексиз, өз алдынча өскөн отоо чөптөр. Мисалы; коко тикен, ала бата, чырмоок ж.б.

**СОСНОВЫЙ ЛЕС**–сосна токою. Кургак, кумдак топуракта өскөн сосна токою.

**СОЦИАЛЬНО-ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ АТЛАСЫ**– социалдык–географиялык атластар. Социалдык кубулуштарды (калкын, экономикалык, тарыхый ж.б.) сүрөттөп көрсөтүүчү географфяилык атластар.

**СОЦИОСФЕРА**–социосфера. Адам коому өздөштүргөн чөйрөнүн жыйындысын камтыган географиялык кабык.

**СПЕЛЕОЛОГИЯ**–Үңкүр таануу. Үңкүрлөрдүн пайда болушун морфологиялык түзүлүшүн, таралышын, микроклиматтын, суусун, органикалык дүйнөсүн, таш кылымындагы материалдык өнөрдүн калдыктарын, аскадагы оймо – чиймелерди ж.б. изилдөөчү илим.

**СПЕЦИАЛЬНЫЕ КАРТЫ**–атайын карталар. Конкреттүү бир милдетти аткаруучу карталар (деңиздик, туристтик, аэронавигациялык ж.б. карталар).

**СЕРЫЕ ЛЕСНЫЕ ПОЧВЫ**– токойдогу сур топурак. Мелүүн алкактын континенттик климатынын шартында, жазы жалбырактуу жана аралаш токойдун аймагында пайда болгон топурактардын тиби. Бир нече горизонттордон турат. СНГде, Молдавиядан тартып

Забайкальеге чейин тараган, Канадада жана ага чектеш АКШнын аймагында кезигет.

**СЕТЧАТЫЙ ТИП ОЛЕДЕНЕНИЯ**–мөңгүнүн торчолуу тиби. Тоолуу өлкөлөрдөгү тоо мөңгүлөрү менен тайпак мөңгүлөрдүн ортосундагы өтмө тиби. Мындай мөңгүлөр белгилүү бир тайпак жондон туш тарапка тарам- тарам болуп салааланып жатат. Шпицберген, Жаңы Жер аралында кезигет. Борбордук Тянь-Шаньда мындай мөңгүлөр тайпак жондуу мөңгүлөр деген ат менен белгилүү. Аларды биринчи жолу академик Г.А. Авсюк изилдеген.

**СЖАТИЕ ЗЕМЛИ**-жердин кысылышы. Жер өз огунда айланганда түртүлүү күчүнө байланыштуу жердин шар формасынан эллипсоидке окшоп кысылышы. Ал экватордук жана уюлдук радиустардын айырмасынын экватордук радиуска болгон катышына барабар (1: 298,3).

**СИАЛЬ**–сиалдык кабыкча. Катуу жердин тышкы кабыкчасынын эскиче аталышы. Ал кремний жана аллюминий аралашкан тоо тектеринен турат. Терминди 19- кылымдын аягында австралиялык окумуштуу Э. Зюсс илимге киргизген.

**СИДЕРИЧЕСКИЙ ГОД**–сидерикалык жыл (лат. sedezius-жылдыз). Күндүн асман сферасын кыймылсыз жылдыздарга карата толук айланып чыгуу убакыты. Ал 365 2564 суткага барабар.

**СИДЕРИЧЕСКИЙ МЕСЯЦ**–сидерикалык ай, жылдыз айы. Айдын жерди кыймылсыз жылдыздарга карата толук айланып чыгып, кайра ордуна келгенге чейинки аралык. Орточо мөөнөтү күн суткасынын 27 саат, 32мин, 17 сек. барабар.

**СИЛИКАТЫ** - силикаттар (лат.sillicotus – оттук таш). Жер кабыгында кенен тараган, кычкыл тектүү кремнийдин ар кандай типтеги жана түзүлүштөгү, комплекстүү аниондорунун химиялык бирикмеси. Жер катмарында өтө кенен тараган минерал.

**СИНЕКЛАЗА**–синеклаза (грек. syn-бирге жана enklisis–жантаюу, эңкейүү). Платформалардагы жер кыртышын түзүүчү тоо тек катмарларынын ири аймакта төмөн карай ийилген тайпак структурасы. Тегерек, же сүйрү болот жана эни бир нече жүз, кээде 1000 км. ден ашык, тереңдиги 305 км. чейин жетет. М, Сибирь платформасындагы Тунгус, Орус платформасындагы Москва синеклизалары ж.б.

**СИНЗООХОРЫ**–синзоохорлор. Жаныбарлар аркылуу бир жерден экинчи жерге үрөнүн (уругу) ташыганда тараган өсүмдүктөр.

**СИНИЙСКАЯ СИСТЕМА**–синий системасы (лат. кытай). Кытайдагы өзгөрүүгө анча көп дуушар болбогон, жогорку протерозой доорунун катмары. Алар акиташ, доломит, кварцит, конгломерат, сланец, темир рудасы ж.б.. Радиометрдик маалыматтар боюнча рифейден чоң көлөмдү ээлеп, 1,900 млн. жылга созулган.

**СИНКЛИНАЛЬ**– ийилген (грек. sinklinal–ийилме, эңкейме). Тоо тек катмарынын төмөн карай ийилип бүктөлгөн бөлүгү.

**СИНКЛИНАЛЬНАЯ ДОЛИНА**–ийилген өрөөн. Синклиналдык бүктөлмөгө дал келип жаткан өрөөн.

**СИНКЛИНОРИЙ**–синклинорий. Геосинклиналдык областтардагы борбордук бөлүгү төмөн ийилген, жер кыртышындагы бүктөлүүлөрдүн татаал түзүлүштөгү ири комплекси. Майда бөлүкчөлөр менен татаалданган ири синклинал, узундугу жүздөгөн, туурасы ондогон км. ге жетет.

**СИНОДИЧЕСКИЙ МЕСЯЦ**–синоддук ай (грек. sindos–биригүү, жакындашуу). Ай жаңырууда айдын толук алмашкан фазасы. Узактыгы туруксуз, орточо убакыты 29,5306 сутка.

**СИНОПТИЧЕСКИЕ КАРТЫ**– синоптикалык карталар. Жер бетиндеги аба ырайына бир мезгилде жүргүзүлгөн байкоолордун маалыматын шарттуу белги, же цифралар менен туюнткан географиялык карта. Синоптикалык карталардын жардамы менен атмосфералык процесстерди изилдешет.

**СИНОПТИЧЕСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ**– синоптика (грек. sunoptinos–бардыгын көрүүчү). Атмосферадагы аба ырайынын ири аймактагы өзгөрүүчү физикалык процессин үйрөтүүчү илим, метеорологиянын бөлүгү.

**СИНОПТИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ**–синоптикалык абал. Жердин бетинин белгилүү аймагынын үстүндөгү аба ырайынын абалын пайда кылуучу циклондор, аба фронттору (аба массасынын жыйындысы).

**СИНХРОНОЛОГИЯ**– синхронология (грек. syschroniys–бирге жана орун, мейкиндик жана илим, окуу). Өсүмдүктөрдүн тобунун өнүгүшү, ареалдары жөнүндөгү илим.

**СИНЭКОЛОГИЯ**–синэкология. Өсүмдүк, жаныбар жана микроорганизмдердин көп түрлүү тобунун экологиясын үйрөтүүчү

илим. Терминди Швейцариялык ботаник К. Шретер (1902-ж) сунуш кылган.

**СИРОККО**–сирокко (итал. sciropcco). Жер Ортолук деңиздин аймагында циклондун алдында түштүк тараптан соккон жылуу шамал. Жер Ортолук деңиздин батышында нымдуу, чыгышында фенго окшош кургак болот.

**СИСТЕМА ЭРОЗИИ**–эрозиянын системасы. Белгилүү табийгый чөйрөгө тиешелүү жер бетин тилмелеп, андан кийин тегиздеп, рельеф пайда кылуучу экзогендик процесстердин (тобу) жыйындысы. Терминди Батыш Европалык геоморфолог А. Шолле сунуш кылган.

**СКАЛЫ-ОСТАНЦЫ**–калдык аскалар. Деңиздин жээгине жакын жерде уркуюп чыгып турган жана толкун менен жуулуп жемирилген аскалуу- урчуктар.

**СКАЛЬНЫЕ РАСТЕНИЯ**– аска өсүмдүктөрү (хасмофиттер). Асканын тектирчелерине өскөн , тамырлары асканын жаракаларына кирип орношкон өсүмдүктөр.

**СКВОЗНАЯ ДОЛИНА**–баш аягы ачык өрөөн. Тоо кыркасын, же тоо этегиндеги адырларды туурасынан кесип өткөн, эки жагынан ачык өрөөн. Кырка тоолордун эки тарабындагы өрөөндөргө туташып турат. М; Ысыккөл өрөөнү менен Чүй өрөөнүн бириктирип турган Күңгөй Алатоосун кесип өткөн Боом капчыгайы, о.э Какшаал, Сары-жаз, Чоңүзөңгүкууш ж.б. өрөөндөр.

**СКЕЛЕТНЫЕ ПОЧВЫ**–скелеттүү топурактар. Тоо тектери жана минералдары анча майдаланып жетиле элек кесек бүртүкчөлөр аралашкан топурак. Нымдуулукту начар сактап,жылуулукту тез өткөрөт. Структурасынын көлөмү 3 мм жакын жана ага майда топурак аралашкан абалда болот.

**СКЛАДКА**–бүктөлүү. Жер катмарынын тектеринин, кабатынын ийрейип бүктөлгөн кабаттары, көбүнчө ажырабай сакталып калган тектердин деформациясы. Сырткы формасына карата канаты, ядросу, кулпусу, өзөгү, шарнири деп бөлөт.

**СКЛАДКООБРАЗОВАНИЕ**–бүктөлүү пайда болуу. Тектоникалык кыймылдын, же эрозиялык процесстердин натыйжасында жер кабыгынын айыккан тырыктай болуп бүктөлүшү.

**СКЛАДЧАТАЯ ОБЛАСТЬ**–бүктөлмөлүү область. Мурдагы геосинклиналь областынын ордунда пайда болгон бүктөлмөлүү

кырка тоолордун жыйындысы. Бүктөлмөлүү тоо өлкөлөрүнө дал келет. М. Алтай, Саян ж.б.

**СКЛАДЧАТОСТЬ**–бүктөлмөлүүлүк. 1. Бүктөлмөлүүлүктүн пайда болуу процесси. 2. Жер кабыгынын тигил, же бул бөлүгүндөгү бүктөлмөлүүлөрдүн тобу, бүктөлмөлүү областтардын жана системалардын пайда болуу процесси.

**СКЛАДЧАТО–ГЛЫБОВЫЕ ГОРЫ**–бүктөлмөлүү жарака тоолор. Орогенез тоо жаралуу процесси экинчи жолу бүктөлгөндө ийилгичтигин жоготкон тоолуу рельеф. Андай тоолор бөлүк- бөлүк болуп, бир жери жогору көтөрүлүп турса экинчи бөлүгү төмөн түшүп турат.

**СКЛАДЧАТЫЕ ГОРЫ**–бүктөлүш тоолор. Бүктөлмөлүү ийилүүгө орографиялык элементтери дал келген тоолор. Геосинклиналдык системанын ордунан өсүп чыккан эпигеосинклиналдык тоолор. Жер блокторунун жылуу багытынын алдында мантиянын жыйрылышынан пайда болот (Альпы, Кордилерь, Кавказ, Тянь – Шань ж.б.).

**СКЛАДЧАТЫЙ ПОЯС**–бүктөлмөлүү алкак. Геосинклиналдык алкактын ордунда пайда болуп, эки платформанын, же континенталдык платформа менен океандык платформанын ортосунан орун алган катталыштык, же тоо түйнүнүн планетардык системасы. Ар кыл жаштагы катталыштык областтардан жана системалардан турат. М. Жер Ортолук деңиз, Тынч океан алкактары ж.б.

**СКЛОН**- каптал. Жер бетиндеги (айрыкча тоолордогу) оң жана терс формаларды бөлүп турган жантайма, каптал бет. Каптал; батыш, чыгыш, түндүк, түштүк, түштүк–батыш, түштүк–чыгыш, түндүк–батыш, түндүк –чыгыш деп бөлүнөт

**СКЛОНОВЫЕ ПРОЦЕССЫ**–каптал процесстери. Тоолордун капталдарындагы тектерди бузуп, төмөн жылдырып, тоо этегине катмарлап, капталдагы рельефти пайда кылуучу процесстердин жыйындысы. Ал тартылуу күчүнө, каптал менен эшилүү жана тоолордун талкаланышына байланыштуу.

**СКЛОНОВЫЙ СТОК**–капталдап агыш. Жаандын, кардын эриген суусунун жөөккө бирикпей каптал менен жайылып агышы. Мындай суу жердин үстү менен да, асты менен да, жайылат, тоо тектерин жуйт.

**СЛАНЕЦ**– сланец. Майда кумдуу тоо теги. Мындай тектерди түзүүчү минералдар узунунан жиги боюнча бири- бирине жарыш жатып, эң жука пластинкаларга ажыроого жөндөмдүү. Алар катуу, же жумшак, метаморфоздолгон деп бөлүнөт.

**СЛЕПАЯ ДОЛИНА**–туюк өрөөн. Бардык тарабы тоо менен курчалып турган өрөөн (Алайкуу, Кожоашкан, Зардалы, Кулун ж.б.).

**СЛЕПЫЕ ОЗЕРА**–туюк көл. Ичинен суу агып чыкпаган, же агып суу куйбаган туюк көл.

**СЛИТНЫЕ ПОЧВЫ**–уюган топурак. Экватор, тропик жана мелүүн алкактагы, чополуу тектерде мезгил–мезгили менен жаандын суусуна чыланып, кайра кургаганда пайда болгон топурак. Морфологиялык горизонтторун ачканда катуу болуп уюган катмары болот. Жер Ортолук деңиздин тоолорунда, экватордук Африкада, Декан тоолорунда, Ява аралында, Австралиянын борбордук жана чыгыш бөлүгүндө, Индонезияда, АКШнын Калифорния жана Техас штаттарынын түштүгүндө, Аргентинада, Уругвайда кезигет. Аларды регурлар, вертисолдор, грумусолдор ж.б. деген жергиликтүү аттар менен аташат.

**СЛОИСТО –ДОЖДЕВЫЕ ОБЛАКА**–кабатталган жамгырлуу булуттар. Жерге жакын 2 км. жогору турган, бир өңчөй сур түстөгү ак жаан, же кар жаадырчу булут. Составында муздаган суу тамчылары менен муз кристалдарынын аралашмасы болот. Булуттардын эл аралык номенклатурасы боюнча мындай булуттарды жамгырдуу булуттар дейт. Көбүнчө атмосфералык аба козголоңу болгондо пайда болот.

**СЛОИСТО–КУЧЕВЫЕ ОБЛАКА**–кабатталган үймөк булуттар. Үйүлгөн кебездей агарган, же агыш сур тарткан жана жерге жакын (2 км. бийикте) турган булут.

**СЛОИСТЫЕ ОБЛАКА**–кабатталган булут. Төмөнкү ярустагы бир тектүү катмарланган, сыртынан түзүлүшү ачык көрүнбөгөн, сур булут. Жер бетинен бийиктиги 0,5-2 км. Мындай булуттан кез- кезде майда жаан жаайт.

**СЛЮДЫ**– слюдалар. Алюмосликаттардын татаал түрдө кабатталган, же ыркы кеткен катмарынан чогулуп, тоо тегин пайда кылуучу минералдар. Аларга мусковит, биотит, лепидолит деген минералдар кирет.

**СМЕЩАННЫЙ ЛЕС**- аралаш токой. Ар башка түргө тиешелүү дарак өсүмдүктөрүнөн чогулган токой. Мелүүн алкакта ийне, жазы

жалбырактуу дарактар, тропикте дайыма жашыл жана жалбырагы түшүүчү, субтропикте лавр жалбырактуу жана ийне жалбырактуу түрлөрү кезигет.

**СМЕШАННЫЙ ЛЕСОВ ЗОНЫ**–аралаш токой зонасы. Түндүк жана түштүк жарым шардагы мелүүн алакактагы аралаш токой өскөн жаратылыш зонасы. Кээде жалпы эле токой зонасынын бир бөлүгү деп аташат. Көбүнчө материктердин океанга чектеш жеринде, же материктердин чек арасында кезигет. Европада, Түндүк жана Түштүк Америкада, Жаңы Зеландияда, Тасманияда мыкты өнүккөн.

**СМОГ**–смог (англ. smog–түтүн жана туман). Өнөр-жайлуу ири шаарлардын үстүндөгү түтүн аралашкан чаң туманы.

**СНЕГ**–кар. Булуттан жааган майда муз, кристалл түрүндөгү атмосфералык жаан. Формасы боюнча ар түрдүүчө, бирок басымдуу бөлүгү жылдызга окшоп алты бурчтуктан турат. Абанын температурасы $0^0$ С болгон шамалсыз күндөрдө кар бүртүкчөлөрү жабышкактуу болот да, диаметри бир нече сантиметрге чейин жетет.

**СНЕГОВАЯ ГРАНИЦА**–кар сызыгы. Кардын тоо капталдарында эрибей жыл бою сакталып турган чек арасы. Климаттык кар сызыгы, мезгилдик кар сызыгы, жергиликтүү, кар сызыктары деп бөлүнөт.

**СНЕГОПАД**–кар түшүү. Булуттан бурганактап жааган кар. Кар бүртүкчөлөрүнүн көлөмүнө жараша; майда, орточо жана чоң кар деп бөлөт. Калың кар жааганда 1 $м^3$ абада 100 дөн ашык кар бүртүгү, орточо жааган карда 10-100 кар бүртүгү болот.

**СНЕГОТАЯНИЯ**–кар эрүү. Кар катмарынын эрип сууга айланышы. Айлана-чөйрөдөгү абал менен кар катмарынын ортосундагы жылуулук алмашуунун натыйжасында пайда болот.

**СНЕЖНАЯ КРУПА**–кар бүртүгү. Көлөмү диаметри боюнча 1мм. ден 15мм ге чейинки тоголок, же сүйрү кар бүртүгү. Абанын температусы 0 С болгондо, үймөлөктөшкөн жамгырлуу булуттан жаайт.

**СНЕЖНК-** касаба. Күн тийбеген, шамал айдабаган жапшарларда жыл бою эрибеген кар, муз катмары.

**СНЕЖНЫЕ ГОРЫ-** карлуу тоо. Кыр-чокуларын кар баскан аскалуу тоолор. М. Алай, Сарыжаз, Какшаал, Борколдой, Ак- Шыйрак, Алайкуу, Адышев ж.б.

**СНЕЖНЫЙ ЗАНОС**–күрткү. Шамалдын үйлөөсүнөн, ага ыктоо капталдарда пайда болгон кардын чогундусу, күрткүсү.

**СНЕЖНЫЙ КАРНИЗ** – кар карнизи. Аскалуу тоонун кырына, шамал айдап кар толтурганда, аркы бетине салаңдап үйүлгөн кар.

**СНЕЖНЫЙ МОСТ**– кар көпүрө. Ичке өрөөндүн таманына кардын шыкалып толушу. Көчкү жүргөндө кар көпүрө пайда болот. Кийин эриген суу ошол кардын асты менен агып туннелди, же үңкүрдү пайда кылат, кардын үстү ныкталып сынбаган көпүрөөнү жаратат. Күн жылыганда ал көпүрөө күбүр болуп сынат.

**СНЕЖНЫЙ ПОКРОВ** -кар катмары. Атмосферадагы булуттан жааган кардын жердин, же мөңгүнүн үстүндө кабатталышы. Жыл сайын жер бетинин 115-126 млн.км$^2$ аянтын кар басат. Кардын топтолушу күндүн нур энергиясын күчтүү чагылдырат, ал кубулуш альбедо (кайра чагылуу) деп аталат.СНГнын аймагында кар катмарынын орточо калыңдыгы 30-70 см. ал эми тескей беттерде –1 м. түзүп, үшүктөн сактап турат.

**СОВРЕМЕННЫЕ ДВИЖЕНИЯ ЗЕМНОЙ КОРЫ**–жер кабыгынын азыркы кыймылы. Азыркы рельеф мындан бир нече жүз жылдар мурда жердин кабыгынын көтөрүлүшү, төмөн ийилиши, же жылышуусунун натыйжасында калыптанган. Ж.к.а.к инструменттик изилдөөлөрдүн натыйжасында аныкталат.

**СОДЕРЖАНИЕ КАРТЫ**–картанын мазмуну. Географиялык картага түшүрүлгөн маалыматтардын жыйындысы. Тектердин түзүлүшүнө, тектоникалык режимге, жаан- чачынга жана абанын температурасынын өзгөрүшүнө жараша жай, же тез өнүгөт.

**СКЛОНЫ ДОЛИНЫ**–өрөөндүн капталдары. Өрөөндүн таманын эки жагынан тосуп турган, көп учурда дарыянын куймалары менен татаалданган капталдар.

**СКРЭБ**–скрэб (англ. scrab). Австралиянын каксоо климатында өскөн, бийиктиги 2 метрге чейин жеткен ксерофиль бадалдарынн тобу.

**СКУЛЬПТУРНЫЙ РЕЛЬЕФ**– скульптуралык рельеф. Бир өңчөй тоо тектеринде, геологиялык структурасына карабай, ар түрдүү ички күчтөрдүн таасири менен пайда болгон рельеф.

**СЛАБОЦЕМЕНТИРОВАННАЯ ГОРНАЯ ПОРОДА**–начар цементтелген тоо тектер. Ар түрдүү тышкы процесстерге туруштук бере албаган, компоненттик жиктерге оңой эле бөлүнүп кетүүчү, туруксуз тектер (лесс, кумдук, шагыл ж.б.).

**СОЕДИНЕНИЕ ПЛАНЕТ**–планеталардын биригиши. Жерден караганда бир тараптан көрүнчүүчү эки планета, же планета менен күндүн орбиталарынын бир точкада кесилиши.

**СОЗВЕЗДИЕ**–топ жылдыз. Асман сферасындагы жылдыздарга ориентир жасоого ылайыктуу болсун үчүн, жылдыздуу асманды белгилүү бөлүктөргө бөлүү. Ал үчүн асман мейкиндиги 88 бөлүккө бөлүнөт да, алардын ар бирине байыркы жомоктогу баатырлардын (М. Геркулес, Персей), жаныбарлардын (аюу, жираф, букачар ж.б.) буюмдардын аттары коюлган.

**СОКРАЩАЮЩИЙСЯ ВИД**–азайып бара жаткан түр. Тез аранын ичинде жоголуп бара жатканы байкалган жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрү.

**СОЛЕНАЯ ВОДА**– туздуу суу. Эриген туздуу (24,69 г / кг ), деңиз суусу.

**СОЛЕНОЕ ОЗЕРО**–туздуу көл. Суу агып чыкпаган туюк көлдөрдөгү суунун күчтү минералдашуусунан туздуулугу көбөйгөн көлдөр. Минералданышы боюнча көлдөр; тузсуз (1 г/л), ачуурак (1-24, 7 г/л) жана туздуу (24,7г/л) деп бөлүнөт. Сууларындагы химиялык заттары боюнча; корбанттуу же содалуу; сульфаттуу – ачуу туздуу; хлориддүү (хлор менен натрийдин иондору басымдуулук кылган) деп бөлүнөт.

**СОЛИФЛЮКАЦИЯ**–солифлюкация (лат. solumfictto–топурак, кыртыш жана жылуу). Тартылуу күчүнө карата беттердеги суулуу кыртыштын бирде тоңуп, бирде эрип турушунан пайда болгон баткак массасынын төмөн карай шилениши (жылмышуусу). Жылмышуу ылдамдыгы жылына бир нече см. ден 1 м. ге чейин жетет.

**СОЛНЕЧНАЯ АКТИВНОСТЬ**–күндүн активдүүлүгү. Күндө пайда болгон өзгөрүштөрдүн жыйындысы. Андан күндүн бетиндеги темгили, протуберанцтар, жаркылдоо, факел, күн кабыкчасынын өзгөрүшү жана ондогон сырткы кубулуштарды байкоого болот. Күндүн активдүүлүгүнө жараша андагы ультрафиолеттик, рентгендик жана корпускулярдык чагылуулар (нурдануулар) өзгөрүп турат жана жердин ионосфералык жана магнитосфералык абалына, биосферага, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнө таасирин тийгизет.

**СОЛНЕЧНАЯ РАДИАЦИЯ**-күн радиациясы. Күндүн электромагниттик жана корпускулярдык нурлануусу, электромагниттик радиация. Күндүн нур энергиясы 300 000 км/с. ылдамдыкта тарайт, ал эми корпускулярдык радиация 300-1500 км/с. ылдамдыкта таркалат.

**СОЛНЕЧНАЯ СИСТЕМА**–Күн системасы. Күн жана аны айланып жүргөн 9 чоң планеталар (Меркурий, Венера, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон), алардын спутниктери, комета жана метеордук телолор кирет. Азыркы мезгилде күн системасынын дагы бир планетасы Фаэтон белгилүү болууда. Ааламда миллиардтаган күн системалары бар.

**СОЛНЦЕ**–күн. Күн системасынын борборунда турган залкар планета, ысыган плазмалуу шар. Анын жерден алыстыгы орто эсеп менен 149 450 000 км., диаметри 1390600 км, (жердин диаметринен 100 эсе чоңдук кылат). Күндүн бетинин аянты $6.075.10^{12}$ $км^2$, көлөмү $1,42.\ 10^{18}$ $км^3$ (жердин көлөмүнөн 1300 000 эсе чоң). К. массасы 2.10 куб. кг, жердин массасынан болжол менен 333,000 эсе көп. Радиусу 696 миң км, жарыктыгы $3.83.\ 10^{26}$. Вт. Бетинин эффективдүү температурасы 5770 К, тартылуу күчүнүн ылдамдыгы 274 м/с. Химиялык составы; суутек 90%, гелий 10 % , калгандары 1 % тен аз. Күн энергиясынын булагы- күндүн борборундагы суутектин гелийге ядролук жол менен айланышында. Күндүн температурасы 10 $млн^0$.К. дан ашык.

**СОЛОДИ**–солоди. Токойлуу талаа, талаа жана чөл зонасындагы жер астындагы жана агын суулар менен өтө нымдалган ойдуңдуу аймактын кайың–осина токою өскөн шиберлүү жана саздуу жерлериндеги карбонаттуу–чополуу, шорлуу топурак.

**СОЛОНЦЕВАНЫЕ ПОЧВЫ**–шорлуу топурак.

**СОЛОНЦЫ**–шорлуу. Токойлуу талаа, талаа жана чөлдүү зонадагы топурак. Чириндилүү катмарында натрийдин аралашмасы болот да, щелочтуу реакцияны жүргүзүп, органикалык заттардын тез эришин камсыз кылат. Натыйжада, топурак нымдалганда көөп, кургаганда катып турма болот.

**СОЛОНЧАКИ**–шорлуу жерлер. Туздуу шартка ылайыктанып өскөн өсүмдүктөрдүн топурагы. Мындай топурактардын өсүмдүктөрү сейрек келет, жер астындагы суулар жакын болгондуктан алар бууланып, кыртыштын үстүңкү бөлүгүндөгү туздуулугун арттырат. Карбонаттар менен туз басымдуулук кылат (1 % ашыгыраак). Шордуу жерлер Кыргызстандын тоо этектериндеги, неоген дооруңдагы катмарларда көп кезигет.

**СОЛЯНАЯ КОРКА**–туздуу кабык. Туздуу көлдөрдүн ордундагы, же шорлуу жерлериндеги туз кабыктары.

**СОЛЯНАЯ ПЫЛЬ** – туз чаңы. Туздуу кабыктын шамал менен бузулуп, бир жерден экинчи жерге которулушу.

**СОЛЯРНЫЙ КЛИМАТ**–күнөстүү климат. 1. Күндүн нур энергиясынын жердин бетин көздөй агымынын ар түрдүү кеңдикте, жылдын ар кандай сезону боюнча бөлүнүшүнө карата жана ошол энергиянын атмосферага чачыроосуна негизделген теориялык климат. Мындай климатты пайда кылуучу башка процесстер; атмосфералык циркуляция, аба жана деңиз агымы, кургактык менен деңиздердин бөлүштүрүлүшү, рельеф ж.б.. 2-күн радиациясынын жана эффективдүү чагылуусунун режими.

**СОПКА**–дөбө, чоку жана тоо. Ыраакы Чыгышта, Забайкальеде, Казахстанда өзүнчө турган тоолордун тегерек чокусу.

**СОРНЯКИ** – отоо чөптөр. Белгилүү жерлердеги керексиз, өз алдынча өскөн отоо чөптөр. Мисалы; коко тикен, ала бата, чырмоок, аткулак ж.б.

**СОСНОВОЙ ЛЕС**- сосна токою. Кургак, кумдак топуракта өскөн сосна токою.

**СОЦИАЛЬНО-ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ АТЛАСЫ**–социалдык–географиялык атластар. Социалдык кубулуштарды (калктын экономикалык, тарыхый ж.б. сүрөттөп көрсөтүүчү географиялык атластар.

**СОЦИОСФЕРА**–социосфера. Адам коому өздөштүргөн чөйрөнүн жыйындысын камтыган географиялык кабык.

**СПЛОШНОЙ АРЕАЛ**–туташ (катар) ареал. Өсүмдүктөр жана жаныбарлардын белгилүү бир чөйрөгө туташ таралышы.

**СПОРОВО – ПЫЛЬЦЕВАЯ ДИАГРАММА**– споралуу чаң диаграммасы. Белгилүү геологиялык мезгилде, бир чөйрөдөгү өсүмдүктөрдүн туташ өскөн абалын көрсөтүүчү диаграмма. Споралуу чаңдардын анализинин негизинде түзүлөт.

**СПУТНИКИ ПЛАНЕТ**–планеталардын жандоочулары. Планеталарды ээрчип айланып жүргөн табигый, же жасалма телолор. Табигый спутниктер; жердики бирөө (ай), марстыкы экөө (фобос жана деймос), Юпитердики–14, Сатурндуку–20, Урандыкы–15, Нептундуку–2. (Нереид жана тритон карама–каршы багытта айланышат. Күн системасындагы 9 планетанын 159 жандоочусу бар.

**СПУТНИКОВАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ**–спутник метеорологиясы. Жердин жасалма жандоочуларына атайлап орнотуп, орбитага чыгарылган приборлордун жардамы менен атмосфералык процесстерди планетардык масштабда изилдөө.

**СПУТНИКОВАЯ ОКЕАНОЛОГИЯ**- спутниктик океанология. Океанды изилдөөдө спутниктин методдорун колдонгон океан таануу илими. Космостук аппараттар менен тартып алган сүрөттөр кенен пайдаланылат.

**СРЕДА ОБИТАНИЯ** – Жашоо чөйрөсү. Белгилүү организмдин жашоо тиричилиги өткөн биотикалык жана абиотикалык чөйрө.

**СРЕДИЗЕМНОМОРСКИЕ ЗОНЫ**- Жер Ортолук деңиз зонасы. Түндүк жана Түштүк жарым шарлардын ортосундагы табигый зона. Кээде субтропиктик токой зонасынын бир бөлүгү катарында каралат. Негизинен, Жер Ортолук деңиз климаты менен мүнөздөлөт. Жалбырагы катуу, дайыма көгөрүп туруучу бадалдар өсөт, топурагы күрөң, сур болот.

**СРЕДИЗЕМНОМОРСКИЙ КЛИМАТ** – Жер Ортолук деңиздик климат. Субтропикалык климаттын бир түрү. Жайы ысык жана кургак, кышы салкын жана жаан- чачындуу. Жаан-чачындын саны 400-600 мм. Абанын температурасы жайында 20-25$^0$, кышында 5-10$^0$С. Ж.о.д.к. негизги мүнөзү жайкысын субтропикалык антициклондун, кышкысын да циклондун таасири менен шартталган. Ж.О.К. Жер Ортолук деңиздин бассейининин Европа, Азия, Африка материктерине чектеш жаткан аймактарын кучагына алган табигый өлкө. Жер Ортолук табигый өлкөнүн палеогеографиялык өсүп–өнүгүшү, соңку тектоникасы жана рельефи Альпы геосинклиналдык областынын геологиялык өнүгүшү менен бирдикте калыптанган.

**СРЕДИННАЯ МОРЕНА**-ортоңку морена. Мөңгүнүн үстүңкү бетинин ортосундагы морена. Ал эки мөңгү капталдары менен кошулганда алардын ортосунда пайда болот. М; Эңилчектин мөңгүсү баш жагында бир нече мөңгүлөрдөн биригип пайда болот жана ар бир мөңгүлөр бириккен жеринде, алардын ортосундагы мореналардан ортоңку морена пайда болот.

**СРЕДИННО - ОКЕАНИЧЕСКИЕ ХРЕБТЫ** – океан ортосундагы кырка тоолор. Дүйнөлүк океандын түбүндөгү рельефтин жана геологиялык структуранын башкы элементтеринин бири. Океандардын түбүндө бири- бирине тутумдашкан тоо тизмегинин системасы катарында бөлүнөт. Жалпы узундугу 60 миң км. Туурасы 250- 450 км. (кээде 1000 км). Салыштырмалуу бийиктиги 2-3 км. Рельефтеринин мүнөздүү бөлүгүнө шуру өрөөндөрү жана аларды бөлүп турган рифт тоолору, вулкандык массивдер кирет. О.о.к.т. тектоникалык активдүү кыймыл, күчтүү вулканизм жана жер астынан өткөн күчтүү жылуулук тиешелүү.

**СРЕДНИЙ МАССИВ**–ортолук массив. Геосинклиналдык областтардагы салыштырмалуу катуу жана туруктуу, кыйла замандардан бери кыймылдабай, сууга жуулбай, талкалануу процесси менен бузулбай турган бөлүгү.

**СРЕДНЕГОРНЫЙ РЕЛЬЕФ**–орто бийиктиктеги тоолор. М: Түштүк Урал, Карпат тоолору, Куруксай, Курама, Пскем ж.б.

**СТАНДАРТНЫЙ ГОРИЗОНТ**–стандарттуу горизонт. Океанологиялык байкоолорду жүргүзүүдө эл аралык ассоциация тарабынан кабыл алынган шарттуу терендиктер (0, 10, 20, 30, 50, 75, 100, 150, 200, 300, 400, 500, 600, 800, 1000, 1200, 1500, 2000, 2500, 3000, 3500, 4000, 4500, 5000м. жана андан ары ар бири 1000м. ден кийин). Суусу тайыз көлмөлөр үчүн 40,60,80, жана 250 м. терендиктер кабыл алынган.

**СТАНДАРТНЫЙ ОКЕАН**– стандарттык океан. Температурасы $0^0$С, туздуулугу 35% түзгөн, суусунун көлөмү тереңдигине пропорционалдуу болгон басымга туура келген океан.

**СТАРАЯ ДОЛИНА**–эски өрөөн. Морфологиялык өсүшүнүн соңку стадиясындагы өрөөн. Мындай өрөөндөр кенен, кашаттуу, капталдары тайпак, өзөнү жайылмалуу келип, суусу жай агат.

**СТАРОРЕЧИЕ**–эски өзөн, эски нук. Өзөндүн бөлүнүп кеткен мурдагы нугу.

**СТАРЫЙ СВЕТ**–эски дүйнө. Дүйнөнүн белгилүү үч бөлүгүнүн- Европа, Азия Африканын байыркы аталышы.

**СТАРЫЙ СТИЛЬ**–эски стиль. Юлий календары. Жыл саноо системасы. Ар бир 4 жылдын 3 жылы 365 суткадан турат. Ал эми толук жыл (високосный) 366 суткадан турат. Юлий календарында орточо бир жылдын узундугу 365, 25 күн суткасына барабар. Байыркы Римде Юлий Цезарь тарабынан биздин эрага чейинки 45- жылдын 1-январында киргизилген.

**СТАЦИОНАРНЫЙ АНТИЦИКЛОН** – стационардык антициклон. (лат. Statuonarius - кыймылсыз, туруктуу). Узак убакытка чейин бир орундан козголбогон кыймылсыз антициклон. С.а жайында субтропиктеги океандардын үстүндө, кышында мелүүн алкактын материктеринин үстүндө туруктуу өкүм сүрөт.

**СРЕДНЕМАСШТАБНЫЕ КАРТЫ**–орто масштабдагы карталар. Масштабы 1:200 000 ден 1:1000 000 чейинки географиялык карталар.

**СРЕДНИЙ УРОВЕНЬ МОРЯ**–деңиздин орточо деңгээли. Деңиздин белгилүү бир пунктундагы деңгээли. Ал көп жылдык, орточо, же айлык, суткалык орточо деңгээлинен алынат. Көп жылдык орточо деңгээлден баштап эсептелет.

**СТАДИАЛЬНОЕ МОРЕНА**–стадиялык морена. Мөңгүнүн өсүү баскычы менен катмарланган морена.

**СТАДИИ РАЗВИТИЯ РЕЛЬЕФА**–рельефтин өнүгүү баскычтары. Биринин артынан экинчиси; жаштык, жетилгендик, карылык, өтө карылык, чөгүп калгандык баскычтарынын ирети менен алмашып туруучу географиялык циклдин аралыктары. Ошол баскычтардын ар бири өзүнө тиешелүү рельефинин мүнөзү, рельеф пайда кылуучу процесстери, кыймылы жана ылдамдыгы менен мүнөздөлөт.

**СТАНДАРТНАЯ АТМОСФЕРА**–стандарттык атмосфера. Эл аралык стандарттык атмосфера (ЭСА), же атмосферанын модели. Анда абанын температурасынын, басымынын, тыгыздыгынын орточо жылдык абалы бардык кеңдиктерде бирдей – эл аралык макулдашуу боюнча мүнөздөлөт. С.а. ар түрдүү деңгээлдердеги абалын мүнөздөө үчүн, деңиз деңгээлиндеги атмосфералык басым (1013 мб=101.3 кНм$^2$), ошол эле деңгээлдеги орточо температура (15$^0$С), бийиктик боюнча градиент (6,5$^0$ С/км) жана муздоо точкасы (273,16 К) башталгыч точка катарында алынат.

**СТАНДАРТНОЕ АТМОСФЕРНОЕ ДАВЛЕНИЕ**–стандарттык атмосфералык басым, нормалдык атмосфералык басым. 45$^0$–кеңдиктеги деңиз деңгээлинин атмосфера столбасынын жалпы басымы. Стандарттык а.б. сымап мамычасында 760 мм барабар. (1013 мбар = 101,3 кН м$^2$). Динамикалык метеорологиянын эсептөөсү боюнча стандарттык а.б. деп көбүнчө 1000 мм. бар айтылат. Антарктиданын үстүндөгү кубаттуу, кенен тараган антициклон кирет.

**СТАЦИЯ**–стация (лат. stantuo-жүргөн жери). 1. Популяциянын жашоо чөйрөсү. 2. Жаныбарлардын түрлөрүнүн чектелген убакыт ичинде (күндүз, түн ичинде, сезондо ж.б.), белгилүү бир функция үчүн пайдалануучу чөйрө, жердин бөлүгү. М; Ийин түндөсү уктоочу чөйрө, жайыт күндүзгү тамактануусу чөйрө катары жан жаныбарлар үчүн маанилүү.

**СТЕЛЮЩИЕСЯ РАСТЕНИЯ**–жапалак өсүмдүктөр, төшөлүп өсүүчү өсүмдүктөр. Бутактары жана сөңгөгү жерге жалпагынан горизонталдык багыт боюнча тарап өскөн өсүмдүктөр. Жерге төшөлүп жаткан дарак өсүмдүктөрү-тоо соснасы, арча ж.б. Төшөлүп жаткан бадалдарды–төшөлмөлөр, бадалчаларды (уюлдук тал)–

төшөлүүчүлөр, ал эми чөп өсүмдүктөрдү сойлоочулар, же жатуучулар деп атайт. Субарктикада, Субантарктидада жана бийик тоолуу райондордо кезигет, ал эми чөп өсүмдүктөрү көлөкөлүү, көп нымдалган чөйрөдө өсөт.

**СТЕНОБИОНТЫ**–стенобионттор (грек. Stenos–тар жана bion–жашоосу). Валентүүлүгү чектелген экологиялык чөйрөдө кезигүүчү организмдер.

**СТЕНОФАГИ**– стенофагдар (грек. steno–тар, ичке жана fagi–жечүү). Тамактануучу азык заттары чектелген түрдөн турган жаныбарлар. М., токойдун ийне жалбырагы менен тамактанган курттар, алманын, өрүктүн, карагаттын курттары.

**СТЕПНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–талаа өсүмдүктөр. Ксерофилдик (кургак) чөптөрдөн (бетеге, түбү бош, шыбак ж.б.) турган, анча – мынча түркүн чөптөр аралашкан, талаада өсүүчү бадалдары бар өсүмдүктөр.

**СТЕПНЫЕ БЛЮДЦА**-талаа чуңкуру. Тарелкага окшогон таманы тайпак, тегерек тарткан ойдунча. Бирден, же группасы менен талаа, токойлуу талаа тилкесиндеги түздүктөрдө, өзөндүн кашаттарынын тектиринде кезигет. Туурасы жүздөгөн метрге, тереңдиги бир нече метрге чейин жетет.

**СТЕПНЫЕ ЗОНЫ УМЕРЕННЫХ ПОЯСОВ**–мелүүн алкактын талаа зонасы. Мелүүн алкактын материк ичиндеги райондорунан орун алган жана ландшафтык комплексинде талаа түрлөрү үстөмдүк кылган табигый зона. Евразияда, Түндүк Америкада, Түштүк Америкада кенен тараган. Климаты кургак континенталдуу, кээде кургак. Жайы мелүүн, же ысык. Июль айынын орточо температурасы +20 –24$^0$ С, кышы суук, кар аз түшөт. Январь айынын орточо температурасы 0$^0$ С тан төмөн, кээ бир жерлеринде - 30$^0$С, жаан – чачындын саны жылына 200 – 450 мм. Кара топурактуу, ал эми кургак райондорунда күңүрт каштандуу жана каштандуу. Өсүмдүктөрү көп жылдык дан өсүмдүктөр жана түркүм чөптөрдөн турат.

**СТЕПНЫЕ СУБТРОПИЧЕСКИЕ ЗОНЫ**–субтропиктик талаа зонасы. Субтропик тилкесинин материк ичиндеги райондорунан орун алган жана ландшфттык комплексинде талаа түрлөрү үстөмдүк кылган табигый зона.

**СТЕПЬ**–талаа. Дарактары болбогон, ксерофилдик чөптөрдүн шиберинен турган өсүмдүктөрдүн тобу. Топурагы кара күрөң жана каштандуу. Өсүмдүктөрдүн басымдуу бөлүгүн кылкандуулар ээлейт.

Жаан – чачын тартыш, мелүүн жана субтропиктик климаттуу райондордо кенен тараган. Орусиянын Европалык жана Азиялык бөлүгүндө, Кытайда, Венгрияда, Түндүк Америкада (прерий), Түштүк Америкада (пампа), Африкада, Австралияда, Кыргызстанда (Фергана, Чүй, Нарын, Ысыккөл, Сарыжаз өрөөндөрүндө) кезигет. Түз жерлеринин көбү чөлгө айланган.

**СТИХИЙНОЕ БЕДСТВИЕ**–стихиялык кырсык. Ар кандай кыйратуучу табигый кубулуш. М; жер титирөө, сел жүрүү, суу ташкыны, көчкү басуу, кургакчылык, жер уроо, зыянкеч жаныбарлардын көбөйүшү ж.б.

**СТЛАНИК**–стланик. Бутагы жерге жайылып, төшөлүп өскөн көп жылдык жыгач өсүмдүк (арча, эчки тал, чие ж.б.).

**СТОК**–агыш. Атмосфералык жаан–чачындын суусунун адегенде өзөнгө, андан көлгө, деңизге, океандарга карата агышы. Ал жердин асты жана үстү менен, ошондой эле каптал боюнча жана сай менен агыш деп бөлүнөт.

**СТОК НАНОСОВ**–шилендилердин агышы. Өзөн аркылуу белгилүү убакыт ичинде (ай, жыл ж.б.) суу менен агып өтүүчү тунма шилендилердин жалпы (суммардык) саны, көбүнчө тонна менен эсептелет. Тунма шилендилердин орчундуу бөлүгү суу киргенде агып келет. М; Сох дарыясынын жылдык шилендиси 210т., Аравандыкы–16т. ж.б.

**СТОК ОЗЕРА**– көлдөн агып чыккан суу. Көлдөрдөн агып чыккан суулар. Суусу тунук, тунма шилендилери жокко эсе болот. М: Кулун,Сарычелек, Ангара ж.б. көлдөрдөн агып чыккан суулар.

**СТОКОВЫЕ ТЕЧЕНИЯ**–агыштык агым. Деңиздин суусунун деңгээлинин жантайыңкы жагына карата көтөрүлүп агышы. А.а ылдамдыгы деңгээлдин жантайынкылыгына пропорциялдуу. М; Мексика булуңунан агып чыккан жана Гольфстрим агымын жараткан Флорид агымы.

**СТОЛОВЫЕ ГОРЫ**–стол сыяктуу тоолор. Төбөсү тайпак, капталдары тик, чөкмө жана оргума тектерден түзүлгөн, обочолонуп турган тайпак тоолор. Эрозиялык тилмелеништин, же жарака боюнча катмарлардын орун алмашуусунун натыйжасында пайда болот.

**СТОЛОВЫЙ РЕЛЬЕФ**– стол сыяктуу рельеф. Тоо тектеринин катмары горизонтал боюнча жаткан жана эрозиялык процесс менен терең

коктуларга бөлүнгөн, тайпак тоолор (Сибирдеги столовый тоолору ж.б).

**СТОЧНОЕ ОЗЕРО**– акма көл. Жылдын бардык мезгилинде суу агып чыккан көлдөр. Көбүнчө суусу таза, сейрек гана учурда туздуу болот.

**СТОЧНЫЕ ВОДЫ**–булганыч суулар. Өнөр–жай ишканалардан, айыл–кыштактардан, жана шаарлардан кир суулардын жер астындагы түтүктөр аркылуу агып кетүүсү. Мындан башка айыл-кыштакты жана өнөр-жай ишканаларын аралап аккан жаан – чачындын суусу да кирет.

**СТОЯЧИЕ ВОЛНЫ**– тик толкун. Суунун үстүнкү бетинин тик абалда көтөрүлүшү. Эки толкун бетме-бет урулганда пайда болот. Туюк көлмөлөрдө пайда болгон тик толкун ак эчки (сейш) деп аталат.

**СТРАНОВЕДЕНИЕ**–өлкө таануу. Материктердин, өлкөлөрдүн жана ири аймактардын комплекстүү географиясын изилдөөчү географиялык илим.

**СТРАНЫ СВЕТА**–дүйнөнүн туш тарабы. Горизонттун төрт тарабы; түндүк, түштүк, чыгыш жана батыш.

**СТРАТИГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС**–стратиграфия комплекси. Тоо тектеринин бир нече геологиялык серияны кучагына алган жергиликтүү стратиграфиялык тобу. Аймактык геологиялык өсүп–өнүгүү тарыхына тиешелүү, ири тектоникалык этаптын учурунда калыптанган татаал геологиялык пайда болуу.

**СТРАТИГРАФИЯ**– стратиграфия (лат. stratum -төшөндү, катмар жана –жазамын, сүрөттөймүн, мүнөздөө). Тоо тектеринин пайда болушу жана алардын мейкиндик боюнча таралышы жөнүндөгү илим, геология илиминин тармагы. С. XVII–кылымда Даниялык окумуштуу Н. Стено, XIX–кылымда анлг. геологдор У. Смит, Р. Мурчисон, А. Седвижвик ж.б. негиздеген. XIX–кылымдын биринчи жарымында геологиялык система өз алдынча бөлүнүп, жердин тарыхында ырааттуулугу белгиленген. Ар түрдүү методдорду (палеонтологиялык, радиометрдик, литологиялык, геохимиялык ж.б.) колдонуунун натыйжасында стратиграфиянын жалпы шкаласын түзүүгө мүмкүнчүлүк алынган.

**СТРАТОИЗОГИПСЫ**–стратоизогипстер (лат. stratum–кабат, грек. тегиз жана irogiprs – бийиктик). Геологиялык түзүлүштүн (кабаттын, интрузив катмарынын ж.б.) абсолюттук жана салыштырмалуу бийиктик белгилерин туташтырып турууучу изолиниясы, сызыгы.

**СТРАТОСФЕРА**–стратосфера (лат.stratym–катмар, кабат жана грек.шар). Атмосферанын тропосфера менен мезосферасынын ортосундагы 8-10 км ден 45-55 км ге чейинки катмары. С. температурасы бийиктик өскөн сайын жогорулайт. Анын төмөнкү катмарындагы температурасы - $45^0$ С дан – $75^0$ С ге чейин, жогорку катмарында $0^0$ С жакын болот. С. - да булут жокко эсе, шамалдын ылдамдыгы 80 – 100 м.сек. жана бийиктик жогорулаган сайын озон көбөйөт.

**СТРЕМНИНА** – суунун шар аккан жери. Суунун агымынын тездеши сууга байымдуу, катуу тектерден турган босогосу менен өткөндө пайда болот.

**СТРУКТУРА ВЫСОТНОЙ ПОЯСНОСТИ**–бийиктик тилкелердин структурасы. Тоо кыркалардын этегинен кырына чейин ландшафттык тилкелердин ырааттуу жайланышы. Ал географиялык кендикке, океанга алыс, же жакын турушуна жана жергиликтүү орографиялык шартка жараша болот.

**СТРУКТУРА ГОРНОЙ ПОРОДЫ**–тоо тектеринин структурасы. Тоо тектеринин белгилеринин жыйындысы. Минералдык бүртүкчөлөрүнүн формасы, кристаллдуулугунун даражасы ж.б. морфологиялык бирдиги болуп минералдык бүртүкчөлөрдүн көлөмүнө байланыштуу болот.

**СТРУКТУРА ПОЧВЕННОГО ПОКРОВА**–топурактын кыртышынын структурасы. Өз-ара генетикалык байланыштагы, топурак ареалдарынын мейкиндик боюнча ырааттуу орун алмашуу формасы.

**СТРУКТУРНО–ДЕНУДАЦИОННЫЙ РЕЛЬЕФ**–структуралуу тегизделген рельеф. Морфологиялык түзүлүшү талкаланууга дуушар болгон, геологиялык структурадан турган рельеф.

**СТРУКТУРНАЯ ГЕОЛОГИЯ**–структуралык геология. Жер кабыгындагы тоо тектеринин пайда болушун жана таралышын үйрөтүүчү илим, тектониканын бир бөлүгү. С.г изилдей турган предметине структуралык формалар (катмарлар, жаракалар, айрылган козголуулар, магмалык телолор) кирет. С.г. маалыматтары тектониканын теориялык маселелерин чечүүгө чоң жардам берет. С.г. кен байлыктарды изилдөө жана иштетүү өндөнгөн практикалык маселелер менен катарлаш өсүп - өнүгүп келе жаткан илим.

**СТРУКТУРНО–ДЕНУДАЦИОННАЯ ТЕРРАСА**–структуралык тегизделген кашат. Тоолордун беттериндеги катуу тектерден пайда болгон тайпак кашаттар.

**СТРУКТОРНОЕ ПЛАТО**–структуралык тайпак тоо. Горизонталдык абалдагы катуу тектер менен туш тарабынан тосулган тайпак жондор.

**СТРУКТУРНОЕ ГРУНТЫ** – структуралуу кыртыш. Бирде муздап, бирде тоңуп турган тоо тектеринин жылышып, шыкалып түзүлгөн микроформалары. М; бийик тоолордогу таш короо, коргул ж.б.

**СТУПЕНЧАТЫЙ РЕЛЬЕФ**–тектирлүү рельеф. Ар кандай катуулуктагы тоо тектеринин, горизонталдык багыт боюнча калыбын бузбай жаткан областтарында, жеелүү менен талкалануу процесстеринин натыйжасында пайда болгон тектирлүү рельеф.

**СУБАКВАЛЬНЫЙ ЛАНДШАФТ**–субаквалдуу ландшафт. Тунук суулуу өзөндөгү элементардык геохимиялык ландшафт. С.Л вегетациянын мезгили кыска жана трансаккумляциялуу режимдүү болот. Биохимиялык процесстери мезгилдүү кычкылданып калыбына келүүчү кырдаалда химиялык элементтердин группасынын өз–ара реакциясы менен бирдей эмес абалда жүрөт.

**СУБАКВАЛЬНЫЙ РЕЛЬЕФ**–субаквалдык рельефи. Суунун (дарыянын, көлдүн, деңиздин, океандын суусунун) астындагы шартта пайда болгон рельеф.

**СУБАЛЬПИЙСКАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–субальпы өсүмдүктөрү. Мелүүн алкактагы тоолордогу (тоолуу өлкөлөрдөгү) субальпы тилкесинде тараган өсүмдүктөр. Анда жапыз өскөн бадал, сейрек өскөн токой жана калың чөптөрдүн шибери үстөмдүк кылат.

**СУБАЛЬПИЙСКИЙ ЛУГ**–субальпы шалбаасы. Тоолуу райондорго (айрыкча Тянь–Шанга) тиешелүү болуп, түрдүү өсүмдүктөрдүн группасынан куралган, негизинен чымдуу кыртышта жыш өскөн шиберден турган өсүмдүктөрдүн аймагы.

**СУБАЛЬПИЙСКИЙ ПОЯС**– субальпы тилкеси, алкагы. Мелүүн жана субтропиктик кеңдиктеги, жетиштүү түрдө нымдалган тоолордогу, табигый бийиктик, тилке. Альпы поясынан төмөн, токойлуу талаа жана талаа тилкесинен жогору жатат. Анда сейрек өскөн токой, бадал кезигет, бийик чөптүү шалбаа үстөмдүк кылат.

**СУБАНТАРКТИЧЕСКИЙ ПОЯС**– субантарктикалык алкак. Түштүк жарым шардын 58-$60^0$ жана 65- $67^0$ кеңдиктериндеги Тынч, Атлантика жана Инд океандарынын бир топ аралдарын жана акваториясын ээлеген географиялык алкак. Климаты суук, кышында орточо температура түндүгүндө – $5^0$С, түштүгүндө –$15^0$, жайында-0-$2^0$ С, шамалы катуу, тумандуу, жылдык жаан – чачын 500 мм. Вегетация

мезгили 1,5- 2 ай. Биохимиялык процесстери жай жүрөт, суусунун туздуулугу төмөн. Балык, кит, сыяктууларга ж.б., планктондорго өтө бай.

**СУБАРКТИЧЕСКИЕ ДЕРНОВЫЕ ПОЧВЫ**–субарктикалык чымдуу топурак. Субарктика тилкесиндеги сейрек токой жана шиберлүү шалбаа өсүмдүктөрү өскөн жердин топурагы. Чириндилери мол келет. Алеут, Түштүк Аляска, Исландия, Түндүк Норвегия жана Антарктиканын аралдарында кезигет.

**СУБАРКТИЧЕСКИЙ КЛИМАТ**–субарктикалык климат. Түндүк жарым шардын суук,уюлдук климатынын ортоңку кеңдигине чейинки аймакка мүнөздүү болгон, Евразия менен Американын түндүгүндө калыптанган өтмө катар климат. Кышы узак жана суук, эң жылуу айлардын орточо температурасы $+12^0$ С ашпайт, жаан – чачыны 300 мм ден көп эмес, ал эми Түндүк – Чыгыш Сибирде 100 мм.ди түзөт. Абанын температурасынын төмөндүгүнө, жай айларынын салкындыгына байланыштуу, жер астындагы түбөлүк тоңдук үстөмдүк кылгандыктан, топурагы нымдуу, жери саздуу келет. Түштүк жарым шарда С.к. субантарктикалык аралдарда жана Жаңы Грейама аралында байкалат.

**СУБАРКТИЧЕСКИЙ ПОЯС**–субарктика алкагы . Түндүк жарым шардын $60\text{-}65^0$ жана $67\text{-}73^0$ кеңдиктерин кучагына алган географиялык алкак. Климаты суук, январь айынын орточо температурасы – $5^0$ тан-$40^0$С, июлдук $+5^0$тан + $12^0$ чейин, жылдык жаан –чачыны 300-500 мм. Көп жылдык тоңдук өнүккөн. Вегетация мезгили 1,5 –2 ай. Биохимиялык процесстери жай жүрөт, тундра жана токойлуу тундра тилкесине бөлүнөт.

**СУБАТЛАНТИЧЕСКОЕ ВРЕМЯ**– субатлантика мезгили. Мындан 2300 жыл мурда башталган, Европадагы салыштырмалуу нымдуу, мелүүн климаттуу заман. Голоцен заманын соңку бөлүгү.

**СУБАЭРАЛЬНЫЙ РЕЛЬЕФ**–субаэралдык рельеф. Кургактыкта континенталдык шартта пайда болгон рельеф.

**СУБАЭРАЛЬНЫЕ ПРОЦЕССЫ**–субаэралдык процесстер. Кургактыкта пайда болгон бардык геологиялык процесстер.

**СУБАЭРАЛЬНОЕ ВРЕМЯ** – субаэраль мезгили. Голоцен заманынын Атлантика мезгилинен кийин башталган, 4-2 млн. жыл мурда болуп өткөн этабы. Атлантика мезгилине караганда с.м. кургакчыл климаттуулугу менен мүнөздөлөт.

**СУБГЛЯЦИАЛЬНЫЕ ПРОЦЕССЫ**–субгляциал процесстери. Мөңгүнүн астындагы геологиялык процесстер.

**СУБГЛЯЦИАЛЬНЫЙ РЕЛЬЕФ**–субгляциялдык рельеф. Мөңгүнүн астында пайда болгон рельеф.

**СУБДОМИНАНТЫЙ ВИД**–субдоминанттык түрлөр. Өсүмдүктөр тобундагы негизги ярустун төмөнкү кабатында, же сезон боюнча белгилүү бир группада үстөмдүк кылуучу түрлөр. Термин америкалык адабиятта көп кезигет.

**СУБКОНТИНЕНТАЛЬНАЯ ЗЕМНАЯ КОРА**–субконтиненттик жер кыртышы. Материктердин океандарга өтүүчү зонасы.

**СУБЛИМАЦИЯ**–сублимация (лат. subelimo–бийик көтөрөмүн). Заттардын криссталдык абалынан суюктук абалын аттап газга айланышы. Метеорологияда бул процесс тескерисинче, газ абалындагы суу тамчыларынын музга айланышы деп айтылат.

**СУБЛИТОРАЛЬ** -сублитораль. Деңиздин түбүндөгү 200 м терeңдике чейинки экологиялык зона.

**СУБОРЬ** – суборь. Семиз жерге өскөн, кызыл карагайдын токою.

**СУБОКЕАНИЧЕСКАЯ ЗЕМНАЯ КОРА**–субокеандык жер кабык. Четки деңиздер менен Жер Ортолук деңиздин ортосундагы өтмө жер кабыгы.

**СУБТРОПИЧЕСКАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**– субтропиктик өсүмдүктөр. Субтропиктик алкакта өскөн өсүмдүктөр. Нымдуу, кургак, чала кургак субтропиктик өсүмдүктөр деп бөлүнөт.

**СУБТРОПИЧЕСКИЕ КЛИМАТЫ**–субтропикалык климаттар. Субтропикалык алкактын түндүк жана түштүк кеңдиктериндеги (25-$40^0$) пайда болгон климат. Ага Жер Ортолук деңиздин, тропиктен тышкаркы чөлдөрдүн, субтропикалык муссондун жана муздак чөл климаты кирет.

**СУБТРОПИЧЕСКИЕ ПОЯСА**–субтропикалык алкактар. Жердин түндүк жана түштүк жарым шарынын $30^0$ жана $40^0$ кеңдиктериндеги табигый (географиялык) тилке. Мында жылдын жарымы (кышы) мелүүн, а жарымы (жайы) тропиктик термикалык режим менен мүнөздөлөт.

**СУБТРОПИЧЕСКИЙ ЛЕС**–субтропикалык токой. Субтропикалык жана тропиктик алкактарда, ошондой эле тоолордо өскөн жазы

жалбырактуу, калың, дайыма көгөрүп туруучу дарак жана бадал аралашкан өсүмдүктөр. Көбүнчө Жер Ортолук деңиздин жээгинде Гималай тоосунун түштүгүндө кезигет.

**СУБЭКВАТОРИАЛЬНЫЕ ПОЯСЫ**–субэкватордук алкактар. Жердин түндүк жана түштүк жарым шарындагы тропик менен экватордун ортосундагы табигый (географиялык ) алкак. Климаты жайкысын нымдуу, кышында кургак. Абанын температурасы туруктуу. Жылдык жаан-чачындын саны 2000-2500 мм. М; Индиядагы Черапунджиде жаан-чачындын орточо өлчөмү 12000мм ге чейин жетет. С.а. саванна, сейрек токой жана субэкватордук аралаш токой өсөт.

**СУГЛИНОК**–тунма. Составында чопо менен кум (0,01 мм –30-50 5 өлчөмүндөгү) аралашкан топурак.

**СУДОХОДНОСТЬ**–кеме жүрүүчү мүмкүндүк. Ичке жолдор менен канал, кысык, дарыя, же анча чоң эмес туюк көлмөлөр (көл, булуң ж.б.) аркылуу эркин сүзүү мүмкүнчүлүгү. Мындай мүмкүнчүлүктөр көлмөнүн түбүндө сайроон, риф, босого ж.б. тоскоолдуктар жок болгондо гана ишке ашат.

**СУККУЛЕНТЫ**–суккуленттер. Нымдуулугу жетишсиз кургактыкка пайымдуу шартта өскөн өсүмдүктөр. Алар акырындык менен топтоп алган нымдуулугун кургакчыл болгон мезгилде үнөмдөп зарп кылуу амалы менен жашайт. Ксерофиттердин бир түрү. Нымдуулукту өзүнө бекем кармап, аз буулантууга жөндөмдүү келишет.

**СУКЦЕССИЯ**–сукцессия (лат. successio–орунду басуучулук). Өсүмдүктөрдүн кайрылгыс болуп өзгөрүшү. Мында бир түрдүү өсүмдүктөрдүн тобу түп-тамырынан бери өзгөрүп жаңы түрлөрдүн тобун пайда кылат. М; токойлуу саз өсүмдүктөрүнүн саздуу шалбаага айланышы, же көлмөлөрдүн чөп өсүп өлөңдүү сазга айланышы.

**СУМЕРКИ**– күүгүм, иңир. Күндүн чыгаар алдында, же күн баткандан кийинки атмосферадагы оптикалык кубулуш. Күндүзгү жарыктан түнкү жарыкка, же түнкү караңгылыктан күндүзгү жарыкка акырындап өтүүсү. Узактыгы географиялык кеңдикке жараша болот. Экваторго канчалык жакын болсо, ошончолук күүгүм кыска болот. Граждандык, навигациялык жана астрономиялык күүгүм деп бөлүнөт.

**СУММАРНАЯ РАДИАЦИЯ**– суммардык радиация. Жалпы радиация, же болбосо жер бетине түшкөн нур энергиясы менен чачыраган радиациянын суммасы.

**СУММАРНЫЕ ИСПАРЕНИЕ**–жалпы буулануу. Жер бетинен бууланган нымдуулук. Буга жер бетиндеги өсүмдүктөрдөн бууланган (транспирация) нымдуулук да, кошулат.

**СУПЕРАКВАЛЬНЫЙ ЛАНДШАФТ**–супераквалдык ландшафт (лат. Super-үстүндө жана суу). Жер астындагы суулардын көтөрүлгөн чөйрөсүндө пайда болгон, элементардык геохимиялык ландшафт. Өсүмдүктөрү гидрофилдик топтон турат, топурагы саздак–шалбаалуу .

**СУПЕСЬ**–кумдак топурак. Чөкмө тунмадан турган, 70-90% алеврит кумдан жана 10-30% чополуу чөкмө катмардан пайда болгон топурак.

**СУТКИ**–суткалар. Убакыттын бирдиги, ал 24 саатка барабар. Жылдыз суткасы жана күн суткасы деп бөлүнөт.

**СУТОЧНАЯ АМПЛИТУДА**– суткалык амплитуда. Гидрометеорологиялык элементтердин сутка боюнча эң жогорку жана эң төмөнкү чоңдуктарынын ортосундагы айырмасы.

**СУХАЯ ДОЛИНА**–кургак өрөөн. Өзөнү менен суу акпаган, акса да бир нече жылда бир жолу, же белгилүү гана мезгилде суу аккан өрөөн. Мындай өрөөндүн суусу коңшу өрөөнгө бурулуп кеткенде, же климат кургак болуп, суу келбей калганда, же суусу жер астына түшүп кеткенде пайда болот.

**СУФФОЗИЯ**–суффозия (лат. sufffosio–астын оюу, астын көңдөйлөө). Жер астындагы суулардын циркуляциясынын таасири менен эриген заттардын, майда кум–чополордун жуулуп кетип, жер астында тектердин арасындагы коңулдарды, ар кандай көлөмдөгү боштуктарды жаратуусу.

**СУХОЙ КЛИМАТ**– к. Аридный климат.

**СУХАЯ ЛАЗИНА**–кургак көчкү. Вулкандык борпоң күлдүн көчүшү. Вулкандан оргуп чыккан туфтар ныкталып басырыла электе, урап кеткендиктен пайда болот.

**СУХОАДИАБАТИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС**–кургак адиабаттык процесс. Кургак аба массасынын белгилүү бийиктикке көтөрүлгөндө, же төмөн түшкөндө температурасынын өзгөрүшү (аба көтөрүлгөндө муздайт, ал эми төмөн түшкөндө жылыйт).

**СУХОВЕЙ**–кургакчылдык, керимсел. Температурасы жогору (20-25$^0$C), салыштырмалуу нымдуулугу төмөн болгон ысык шамал. Чөл, талаа

тилкелеринин шартында жайкысын байкалат. Мисалы; Каспийдин боюндагы түздүктөрдө, Казакстандын талааларында, Фергана өрөөнүндө ж.б.. Шамалдын ылдамдыгы 5/м.сек. тен 15-20 м сек. түзөт, салыштырмалуу нымдуулугу 30% ашпайт. Айыл чарбасына, айрыкча дыйканчылыкка өтө зыяндуу.

**СУХОЙ СЕЗОН** – кургак сезон. Кургак мезгил, жылдын белгилүү бир бөлүгүндө (бир нече айга) жаан-чачын болбогон мезгилин камтыйт. Жер Ортолук деңиз, же муссондук климаттын типтери үстөмдүк кылган жерлерге мүнөздүү.

**СУХОТРОПИЧЕСКИЙ ЛИСТОПАДНЫЙ ЛЕС**–кургак тропиктик, жалбырагы түшүүчү токой. Тропиктик жана субэкватордук алкактардагы кургакчыл аймактын токою. Өсүмдүктөрүнүн составы ар түрдүү жана жалбырагы жыл сайын куурап түшүп туруучу токой.

**СФАГНОВОЕ БОЛОТА**– сфагнумдуу саз, мох сазы (грек. sfagnum -мох, сфагнум мохтору басымдуулук кылган саз). Мында кызыл карагайдын жүдөңкү түрлөрү кезигет. Көп жылдык чөптөрдөн водяника, морочика, вереск, жапыс кайың ж.б. өсөт. Жер астындагы суулар менен сугарылат.

**СХЕМАТИЧЕСКАЯ КАРТА**– схемалык карта. Схема түрүндө түзүлгөн обьектилерди масштабы боюнча аныктоого мүмкүн болбогон, так эмес карта.

**СХОДЯЩИЕ ТЕРРАСЫ**–жок болуп кетүүчү кашаттар. Өзөндүн аягын көздөй, барган сайын түзөлүп кетүүчү кашаттар. Тектоникалык кыймыл күчтүү өнүккөн өрөөндөргө тиешелүү.

**СЫРТЫ**– сырттар (түрк. сырт – дөңсөө). Тянь-Шань тоолорундагы бийик тоолуу (3500-4000 м.) дөңсөө. Тоо пайда болуу этабындагы тектоникалык кыймылдын натыйжасында, кескин түрдө көтөрүлүп кеткен тоолор менен кошо көтөрүлгөн. Тоо арасындагы өрөөндөрдүн кыйла ийилип-чоюлган формасы. М; Аксай, Чатыркөл, Арабел, Кумтөр, Акшыйрак, Сарыжаз ж.б. өрөөндөр.

## -Т-

**ТЕТИС**–тетис. Байыркы деңиз кудайы Фетиданын ысымынан. Мезозойдо Европа жана Сибирь континенттерин Африка менен Индостандан бөлүп, Антлантика океаны менен Тынч океанды туташтырган, байыркы ири океан бассейни. Неоген доорунда Т. ордунда Альпы-Гималай бийик тоолуу алкак пайда болгон. Азыркы Карадеңиз, Жер Ортолук деңизи, Каспий деңизи, Персид булуну

мурдагы Т.-тин калдыгы деп эсептелет. Терминди 19-кылымдын аягында геолог Э. Зюсс сунуш кылган.

**ТЕХНОГЕНЕЗ**–техногенез (грек. techne–искусство, ремесло жана genesis-туулуу, пайда болуу). Техногендик факторлордун натыйжасында ландшафттын өзгөрүшү, же кайрадан пайда болушу. М; тоо иштерин ишке киргизүү, токой массивдерин пайдалануу, дың жерлерди өздөштүрүү ж.б.

**ТИП ЛАНДШАФТА**- ландшафтын типтери. Ландшафтарды класстарга бөлүштүрүүдөгү жогорку таксономиялык бирдик. Ландшафтарды бирдиктүү генезиси, физикалык географиялык процесстери, морфологиялык структурасы жана географиялык бир зонадагы, же сектордогу таралышы боюнча бириктирет. М; Борбордук Азиялык чөл, же Батыш Сибирдик токой ландшафттары. Кыргызстандын тоолорунда бийиктик жана гидротермикалык шартка ылайык ландшафтардын ар түрдүү (чөл, талаа, субальпы, альпы ж.б.) типтери кезигет.

**ТИП МЕСТНОСТИ**–жергиликтүү типтер. Ландшафтарды типтери боюнча классташтыруудагы негизги бирдиктердин бири. М;Чүй өрөөнүнүн талаа ландшафтындагы сайлуу жерлердин ланшафты, же тоолуу жер ж.б.

**ТИП ПОЧВЫ**-топурактын тиби. Бир типтүү биологиялык, климаттык жана гидрологиялык шартта пайда болуп, өөрчүп-өнүккөн топурактардын группасы. Ал бирдей чөйрөнүн шартында пайда болот.

**ТИП РЕЛЬЕФА**–рельефтин тиби. Белгилүү аймактагы жердин бетинин түзүлүшү, көрүнүшү, пайда болушу боюнча окшош жерлердин тобунан турган рель еф.

**ТОЛА**–тола (исп . tola). Бийик тоолуу аймакта өскөн, тропиктик өсүмдүк пунанын бир түрү. Өтө кургак райондордо тараган. М; Анд тоосунун түштүк-батыш тарабында, жапыз өскөн,жалбырагы майланышкан бадал –тола басымдуулук кылат.

**ТОЛЩА**-калыңдык. Жер кыртышындагы тоо тектеринин калыңдыгы.

**ТОПОГРАФИЧЕСКАЯ СЬЕМКА**–топографиялык сьемка. Топографиялык картаны түзүш үчүн, аэрокосмос топография методу менен жерди ченөө, же жердин чакан бөлүгүнүн картасын түзүү, жерде туруп атайы инструмент менен ( мензула,тахиометр) ж.б. картага тартуу.

**ТОПОГРАФИЧЕСКАЯ ПОВЕРХНОСТЬ**–топографиялык бет. Жердин үстүндөгү ойдуң ,түз, дөбө, тоо ж.б. элементтен чогуу пайда болгон бети. Рельеф мейкиндик жана тик багыт боюнча канчалык көп тилмеленсе, топографиялык беттин аянтынын мейкиндик проекциясына болгон катышы ошончолук чоң болот. Ошол катыштын чоңдугу жер бетинин тилмеленишинин чени болуп эсептелет.

**ТОПОГРАФИЧЕСКИЕ КАРТЫ**-топографиялык карталар. Ири масштабдагы географиялык карталар. Аларга көбүнчө жердин бетинин түзүлүшү, суулар, кээ бир социалдык жана экономикалык объектилер тартылат.

**ТОПОГРАФИЯ** -топография. ( грек. topos-орун, жер жана grapho-жазамын). Жердин бетин топографиялык картага түшүрүү методдорун иштеп чыгуучу илимий тармак. Негизги методдоруна аэрофотосьемка жана космостук сьемка кирет. Мензула, тахеометр сүрөткө тартылуучу аянт чакан болгон учурда колдонулат.

**ТОРФ**–чым көң (нем.torf). Саз өсүмдүктөрүнүн (камыш, өлөң ж.б.) узак убакыт сууга чыланып жана абасында кислород жетишсиз шартта чала чирип, пайда болгон күйүүчү, пайдалуу кен. Өңү кара - күрөң-саргыч. Салыштырма салмагы 1.1-1.8 г- м$^3$. Составынын 50-60% көмүртек, 5-6,5 % суутек, 30-40 % көмүр кычкыл газ, 1-3 % азот, 0,1–1,5 % күкүрт түзөт. Ным сыйымдуулугу эң жогору (88-90 %), көпшөктүгү 96-97 %, кургак кезиндеги тыгыздыгы төмөн (0,3- г/см$^3$), жылуулук чыгаруучу энергиясы (1650 – 3120 к кал – кг). Ч.к отун, жер семирткич жана ар түрдүү химиялык сырье алуу үчүн пайдаланылат. Ч.к. тараган ири массивдер Оруссияда, АКШда, Канадада, Белоруссияда кеңири кездешет.

**ТОРФЯНОЕ БОЛОТА**–чым көңдүү саз. Шалбалуу саз, чөп (камыш, өлөң) өсүмдүктөрү өскөн саз.

**ТОРФЯНЫЕ ПОЧВЫ**–чым көңдүү топурак. Жер астынан чыккан жана жаан- чачындын сууларына, ошондой эле агын сууларга каныккан, чыктуу жердин шартында пайда болгон топурак. Үстүңкү бети чым көңдүү келет. Ч.к.т. түндүк жарым шардын суук жана мелүүн алкактарында кезигет.

**ТОЧКА РОСЫ**–шүүдүрүм точкасы. Абадагы нымдуулук каныгып, шүүдүрүмгө айланууга чейин жеткен температура.

**ТРАВОЯДНЫЕ ЖИВОТНЫЕ**–чөп жечүлөр. Чөптүн тамыры, жалбырагы жана сөңгөгүн жеп жашоочулар. Ача туяктуулар жана кемирүүчүлөрдүн көптөгөн түрлөрү кирет.

**ТРАВЯНИСТЫЕ РАСТЕНИЯ**–чөп өсүмдүктөрү. Бутактары кышкысын куурап калуучу өсүмдүктөр. Бир жылдык жана көп жылдык деп бөлүнөт. Өсүмдүктөрдү морфологиялык классификациялоодо керектелүүчү негизги жашоо формасы.

**ТРАВЯНЫЙ ЯРУС**–чөп катмары, чөптөрдүн бийиктик боюнча катмары. Токойлуу, бадалдуу фитоценоздуу, эң төмөнкү чөп өсүмдүктөрү өскөн катмар.

**ТРАНЗИТНАЯ РЕКА**–транзиттик дарыя. Белгилүү физикалык-географиялык шартта пайда болуп, башка чөйрөнүн аймагы менен агып өткөн дарыя. М: Нарын дарыясы Борбордук жана Ички Тянь-Шандын бийик тоолорунда пайда болуп, Орто Нарындагы кургак талаа менен агып өтүшү, же Кызылкум чөлү аркылуу агып өткөн Амударыя.

**ТРАНСГРЕССИЯ**– трансгрессия (лат. transgressio, өтмө, которулуу). Жер кыртышынын материктик бөлүгүнүн төмөн чөгүшүнүн, же океандын деңгээлинин көтөрүлүшүнүн натыйжасында деңиз суусунун кургактыкты көздөй жылышы (капташы). Ошондо пайда болгон чөкмө тоо тектердин катмары трансгрессиялык катмардын сериясы деп аталат. Жердин өсүү тарыхынын бардык доорлорунда трансгрессия болгон. Ага карама – каршы процессти регрессия дейт.

**ТРАНСПОРТИРУЮЩАЯ СПОСОБНОСТЬ РЕКИ**– дарыянын агызууга жөндөмдүүлүгү (мүмкүнчүлүгү). Өзөндүн суусунун чыгымына жана агымынын ылдамдыгына жараша өзөндүн агызууга болгон күчү, же жөндөмдүүлүгү. М; Кыргызстандын тоолорунан агып түшкөн суулары чоң- чоң таштарды агызууга жөндөмдүү.

**ТРАППЫ**–траппалар (швед. trapp-тепкич). Тектир формасындагы катыган магма тоо тектери. М; диабез, габро, долерит жана базальт. Байыркы платформаларда көп кездешет.

**ТРЕТИЧНАЯ СИСТЕМА (ПЕРИОД)**-үчүнчүлүк система, доор. Жердин геологиялык тарыхындагы кайназойдун биринчи (алгачкы) доору. Терминди чет өлкөлүк окумуштуулар колдонушат. СССРде үчүнчүлүк дегендин ордуна палеоген жана неоген системалары деп экиге бөлүп атайт. Терминди 1759- ж. италиялык геолог Ардино сунуш кылган.

**ТРЕЩИНА**–жарака. Тоо тектеринин катмарындагы, же мөңгүдөгү узунунан, же туурасынан кеткен жараңкалар. Тектоникалык жана тектоникалык эмес жараңкалар деп бөлүнөт.

**ТРЕЩИННЫЕ ВОДЫ**–жараңка суулары. Жер астындагы аскалуу тектин жарыгын бойлоп, оргуп чыккан суулар.

**ТРЕЩИНОВАТОСТЬ**–жараңкалуулук. Тоо тектерин узун– туурасынан кесип өткөн жараңкалар. Ж. тектоникалык, гравитациялык, ныкталуу, талкалануу ж.б. процесстердин натыйжасында пайда болот. Рельефтин пайда болушуна жана калыптанышына чоң көмөк көрсөтөт.

**ТРИАСОВАЯ СИСТЕМА**–триас системасы (мезгил). Триас, гректин «троица» деген сөзүнөн алынган, жердин геологиялык тарыхындагы мезозой эрасынын биринчи (эң төмөнкү) системасы. Ал мезозой эрасынын биринчи мезгилине туура келет. Үч бөлүккө бөлүнөт. Триастын башында Батыш Европадагы, Азиядагы, Түндүк Америкадагы жана чыгыш Австралиядагы герцендик структуралар жаш платформаларга айланган. Алардын бардыгы биригип Түндүк жарым шарда Лавразияны жараткан, ал эми түштүк жарым шардагылары Гондванга бириккен. Бул эки суперплатформаны Тетис океан бассейини бөлүп турган. Тектоникалык кыймыл алсыз, жергиликтүү гана мааниде болгон.

**ТРИЛОБИТЫ**– трилобиттер (Trilobita). Деңиздеги жок болуп кеткен муунак буттуулардын классы. Денеси сүйрү, (3-10 см, кээде 50-70 см өлчөмүндө) болуп, башы, көөдөнү, тулку бою жана көчүгү даана билинип турат. Кембрийден баштап пермге чейинки доорлордо тайыз көлмөлөрдө жашаган.

**ТРОПИК**–тропик. (грек. tropikos kyklos–бурулуу багыт). 1. Экватордон $23^0,27^1$, алыс турган параллель. Экватордон түндүккө карата түндүк тропиги (Рак тропиги) жана түштүккө карата Козерог тропиги деп бөлүнөт. 2. Түндүк жана Түштүк тропиктин ортосундагы мейкиндик.

**ТРОПИКО-АТЛАНТИЧЕСКАЯ ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**– тропикоатлантика жаныбарлар областы. Дүйнөлүк океандын (Атлантика океанынын) тропиктик бөлүгүн ээлейт. Жаныбарлар дүйнөсүнүн кыйла түрлөрү тропико–индо–пацификация областыныкына мүнөздөш келет. Планктондук форма, миниферлер, ар түрдүү корралдык балыктар, кирпи- балыктар, ай – балыктар жайнап кезигет. Сүт эмүүчүлөрдөн ак боор тюлень, канаттуулардан фаэтондор, фрегаттар басымдуу.

**ТРОПИЧЕСКАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ**–тропик өсүмдүгү. Тропиктик алкактын өсүмдүктөрүнүн топтору. Ага тропиктик токойлор, саванналар, дайыма көгөрүп туруучу жана жалбырагы түшүүчү бадалдар кирет.

**ТРОПИЧЕСКИЕ ПОЯСА**–тропиктик алкактар. Жердин эки географиялык алкагы. Түндүк жана Түштүк жарым шарда субтропиктик жана субэкватордук алкактардын аралыгында жайгашкан. Т.а. ын материктик бөлүгүнө чөл жана жарым чөл ландшафты мүнөздүү. Океан суусунун температурасы жогору, туздуулугу артык.

**ТРОПИЧЕСКИЕ МУССОНЫ**– тропиктик муссондор. Тропиктик жана экватордук аба массасынын агымынын мезгил боюнча алмашуусу. Жайкы т.м. деп экватордук абанын тропикалык кеңдиктерге жылышы, ал эми кышкы т.м. деп тропиктик абанын экваторго карата жылышы аталат. Тропиктик муссон материктин үстүндөгү басым режиминин сезондук алмашуусу жана жайкысын түндүк жарым шарда экватор депрессиясы менен субтропикалык антициклондун түндүккө карата жөөлөп жылышынын натыйжасында пайда болот. Тропиктик муссон Азиянын түштүгүндө даана байкалат да, багыты түштүк – батышка карай жылат.

**ТРОПИЧЕСКИЕ КЛИМАТЫ**–тропиктик климаттар. Тропик кеңдиктеринин климаты экватордук, тропик муссондорунун, пассаттык (океан үстүндөгү) климаттар деп бөлүнөт.

**ТРОПИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ**–тропиктик аба. Тропиктик жана субтропиктик алкактарда жыл бою калыптанган аба массасы, төмөнкү кеңдиктерден жогорку кеңдиктерге карай жылат.

**ТРОПИЧЕСКИЙ ГОД**–тропиктик жыл. Күндүн экватордун үстүндө 90$^{0}$ бурч менен тийип, эки жарым шарды бирдей жарык кылган мезгил (жазгы күн теңелүү), кийинки жылга чейинки убакыт. Узактыгы 365 сутка, 2 саат, 42 минута, 20 секундага барабар. Жылдыздык жылдан 20 мин. кыска.

**ТРОПИЧЕСКИЙ УРАГАН**–тропиктик бороон. Шамалынын күчү 12 баллга чейин жеткен тропиктик циклон.

**ТРОПИЧЕСКИ ЗОНЫ ЛЕСОВ**–тропиктик токой зонасы. Түндүк жана Түштүк жарым шардын тропиктик чөйрөсүнүн чыгыш секторун ээлеген, жаратылыш шартында тропик токою үстөмдүк кылган зона. Ал түштүк Флориданы, Вест–Индияны, Борбордук жана Түштүк Американы, Мадагаскар аралын, Индокитай жарым аралын,

Австралияны, Океания аралдарын жана Малай архипелагын кучагына алат. Тоолуу райондордун шамал жаккы беттеринде мыкты өнүккөн. Климаты нымдуу, океандык пассат шамалы басымдуулук кылат. Орточо айлык температура +18-28° С, дайыма көгөрүп туруучу өсүмдүктөр (токойлор) өсөт, топурагы кызыл, латериттүү.

**ТРОПОСФЕРА**–тропосфера (грек. tropos-бурулуш, өзгөрүү жана sphaira - шар). Атмосферанын жер бетинин таасирине көбүрөөк дуушар болгон төмөнкү кабаты. Мелүүн алкакта 10-12 км., уюлдук алкакта 8-10 км., уюлдук тропикте 16-18 км бийиктиктерде кездешет. Атмосферанын абасынын 80% тин жана атмосферадагы суу бууларын толук камтыйт. Абанын температурасы ар 100 метрге көтөрүлгөндө $0,65^0$ төмөндөйт.

**ТРОСТНИКОВОЕ БОЛОТА**–камыштуу саз. Камыштуу ойдуңда, көлмөлөрдөгү чириндиге бай саз.

**ТРЯСИНА**–былкылдак саз. Мох, камыш, өлөң чөптүн астындагы суу, же ылай турган солкулдак–сормо саз.

**ТУГАЙНЫЙ ЛАНДШАФТ**–тугай (токой) ландшафты. Борбордук жана Орто Азиянын каксоо жерлери менен агып өткөн өзөндүн боюндагы токой. Алар; тал, кайың, жийде, жылгын, алтыгана, бөрү карагат, ит мурун ж.б. турат, Кыргыстандын көптөгөн сайында кезигет.

**ТУНДРА**–тундра (Фин. tunturia–токойсуз, жылаңач дөңсөө). Субарктика алкагындагы көп жылдык тоңдуу, топурагында мох, эңилчек жана майда жапыз бадал өсүмдүктөр кезиккен жаратылыш тилкеси. Мезофилдик эргежээл дарактар, жатып өскөн, же жаздык сымал көп жылдык өсүмдүктөр, эңилчектер, мохтор басымдуулук кылат. Бадалдуу, өңгүл – дөңгүлдү жана полигоналдык тундра деп бөлүнөт.

**ТУНДРОВЫЕ ЗОНЫ**–тундра зоналары. Материктердин арктика жана субарктика алкактарындагы табигый зоналар, негизинен түндүк жарым шарда тараган. Түштүк жарым шарда Антарктидага чектеш аралдарда гана кездешет. Токою жок. Жерге жабышып өскөн бадал, эңилчек, мамык чөп ж.б. кезигет. Жайы кыска, салкын, июлдун орточо температурасы $+5\text{-}10^0$ , кышы ызгардуу (январдыкы $-5^0$ $-40^0$ С), кар 7-9 ай жатат. Көп жылдык тоң текши таралган. Жылдык жаанчачыны 200-500 мм.

**ТУНДРОВЫЕ ПОЧВЫ**– тундра топурактары. Тундра өсүмдүктөрүнүн топурагы. Негизинен жука катмардан турат, дайыма тоңуп турган, чириндилери жокко эсе, кесек түзүлүштө.

**ТУРБУЛЕНТНОЕ ТЕЧЕНИЕ**–турбуленттик агым (лат.turbulentus– иретсиз, толкундуу). Суюктуктар менен газдын иретсиз агышы. Ошондо бөлүкчөлөр иретсиз, ыркы жок жана белгисиз траектория боюнча кыймылдайт.

**ТУРИСТСКИЕ КАРТЫ**– туристик карталар. Туризм үчүн керектүү обьектилерди (табигый, же архитектуралык эстеликтерди ж.б.) чагылдырган карталар.

## -У-

**УБИКВИСЫ**–убиквистер. Экологиялык валенттүүлүгү өтө кенен өсүмдүктөр менен жаныбарлар (өтө кенен аймакка тарагандар). М; камыш өсүмдүгү тропиктен тартып, Арктикага чейин сууда жана кургакта өсө алат. Ошондой эле карга, түлкү дүйнөнүн бардык жеринде кездешет.

**УВАЛ**–жал. Капталдары тайпак, төбөсү томпок, узунунан созулуп жаткан дөңсөө, салыштырмалуу бийиктиги 200 м. чейин жетет.

**УВАЛА**-увала. Эки тарабы туюк, өзү узунунан созулган жарака ойдуңу. Карст аңдарынын биригишинен пайда болот. СНГде мындай жерлерди карст ойдуну деп атайт.

**УВЛАЖНЕНИЕ**–нымдалуу, кургактыктын нымдалуусу. Белгилүү бир чөйрөгө жааган жаан- чачындын саны менен бууланып кеткен нымдуулуктун санынын ортосундагы айырма. Жаан- чачындын саны бууланган нымдуулуктан көп болсо- ашык нымдалуу, аз болсо жетишсиз нымдалуу деп аталат. Нымдалуунун сандык чоңдугуна жараша нымдалуунун коэффиценти, кургактуулуктун жана нымдуулуктун индекси деген түшүнүктөр колдонулат.

**УГЛИ ИСКОПАЕМЫЕ**–казып алуучу көмүрлөр. Күйүүчү пайдалуу кендер. Татаал жана жөнөкөй түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн чиришинен пайда болот, составынын 50% минералдык аралашмадан жана нымдан турган масса. Жердин кабыгында к.а.к. катмар болуп жатат жана курагы боюнча ар түрдүү доорлорго тиешелүү. Көбүнчө силурдан тартып девонго чейинки доордо калың катмары пайда болгон. Жерден казып алуучу отундун 87,5 % ин к.а.к. ээлейт.

**УГЛИСТЫЙ СЛАНЕЦ**–көмүрдүү сланец. Чополуу сланецтин күчтүү ныкталышынан пайда болгон, кара түстөгү көмүр заттары аралашкан тек. Кээде кварц, сенен, слюда аралаш болот. М; Борбордук Тянь-Шандагы Көөлү ашуусунда көмүрдөй борпоң кара кумдуу шиленди

кезигет. Ошондон улам «Көөлүү» деген географиялык ат пайда болгон.

**УКЛОН**–эңкейиш. Капталдын эңкейишинин белгиси М; 0,015 деген белги 1000 м аралыкта, эңкейиш 15 м.ге чейин көтөрүлөт дегенди билдирет ж.у.с.

**УКЛОН РЕКИ**–өзөндүн эңкейиши. Белгилүү аралыктагы өзөндүн эңкейиши. М; Чүй суусунун эңкейиши -0,00019, Волганыкы- 0,00007 же 0,07 %.

**УМЕРЕННЫЕ ПОЯСЫ**–мелүүн алкактар. Жердин географиялык алкагы. М.а. түндүк кеңдиктин $40^0$ тан $65^0$ ка чейинки, түштүк кеңдиктин $42^0$дан жана $58^0$ ка чейинки аралыкты кучагына алган алкак. Буга түндүк жарым шарда субтропикалык жана субарктикалык, түштүк жарым шарда субтропикалык алкактары кирет.

**УМЕРЕННЫЕ ШИРОТЫ**–мелүүн кеңдиктер. Орто кеңдиктер, жер шарынын 40-$65^0$ түн. кеңдикти жана 42-$58^0$ түштүк кеңдикти кучагына алган зонанын аталышы.

**УНАСЛЕДОВАННЫЕ ДВИЖЕНИЯ**–мурасталган кыймылдар. Мурдагы кыймылдын жолу (багыты) менен кайталанып турган тектоникалык кыймыл. Термин платформалардагы, мурдагы геосинклиналдык этаптагы кыймылды ээрчиген багыттагы кыймыл деп айтылат.

**УНАСЛЕДОВАННЫЙ РЕЛЬЕФ**–мурасталган рельеф. Байыркы рельефтин негизги мүнөзүн кайталап; алгачкы өнүгүү процесстеринин жолуна түшкөн рельеф. Тектоникалык структура бир калыпта, узакка өнүккөн чөйрөдө байкалат.

**УРАГАН**–ураган (фр.uragon). Ылдамдыгы 30 м/сек.дан ашык, кыйратуучу күчү Бофорт шкаласы боюнча 12 балл болгон шамал–бороон, тропик циклонунун бир түрү.

**УРАНОВЫЕ РУДЫ**–уран рудалары. Уран жана анын аралашмасы бар, табигый минералдык бирикме. Составында 0,1% ке чейинки ураны бар болсо аз, ал эми 1% ашык болсо ураны көп бирикме деп аталат. Негизги минералдары уранит жана анын түрлөрү настуран, карартылган уран. Пайда болушу боюнча тышкы, метоморфогендик деп бөлүнөт. Урандын кендери АКШдагы Коларадо тайпак тоосунда, Канаданын Блайнд–Ривер, Биверлодж тоолорунда жайгашкан.

**УРЕЗ ВОДЫ**–суунун кесилиши. Агын суунун эркин агымы менен кургактыктын кесилиши.

**УРЕМА**–урема (турк. токой). Батыш Сибирдеги тайганын карагай, кайың, кызыл карагай, кедр өскөн чытырман токойдун аталышы.

**УРОВЕНЬ МОРЯ**–деңиз деңгээли. Океан-деңиздердеги эркин суунун абалы. Аны тик түшкөн сызык боюнча шарттуу эсептөөнүн башталышына карата өлчөйт. СНГде жердин бетинин абсолюттук точкасы Балтика деңизинин көп жылдык орточо деңгээлинен баштап эсептелет. Ал Кронштадттагы футштоктун нөлүнөн башталат.

**УРОЧИШЕ**–урочише. Физикалык географиялык райондоштуруудагы кичине бирдиктердин бири, географиялык ландшафтын бөлүгү, айланага караганда өзүнө тиешелүү бөтөнчүлүгү бар табигый комплекс.

**УСКОРЕННАЯ ЭРОЗИЯ**–тездетилген жуулу. Антропоген эрозиясы, чарба иштерин жакшыртуу максатында топурактын кыртышын бузуп салуу үчүн жуудуруп жиберүү.

**УСЛОВНЫЕ ЗНАКИ**–шарттуу белгилер. Географиялык карталарда жана башка картографиялык чыгармалардагы обьектилерди, алардын сандык жана сапаттык белгилерин көрсөтүүчү белгилер.

**УСНУВШИЙ ВУЛКАН**–уктаган вулкан. Атырылып чыгышы байкалбай калган жана өзүнүн калыбын кыймылсыз сактап турган вулкан. М, Кавказдагы Эльбурс вулканы.

**УСТОЙЧИВОЕ РАСТИТЕЛЬНОЕ СООБЩЕСТВО**–туруктуу өсүмдүк уюму, тобу. Кыйла мезгилден бери өзгөрбөй, бир калыпта өсүп келе жаткан өсүмдүктөр, жүздөгөн, же миңдеген жылдарда гана өзгөрөт.

**УСТОЙЧИВОСТЬ ЛАНДШАФТА**–ландшафтын туруктуулугу. Өзүнүн структурасын жана функциясын узакка сактай алган ландшафт.

**УСТУП**–кашат, тумшук, урчук (рельефтин формалары).

**УСТЬЕ**–чат. Суунун көлгө, же деңизге куйган төмөнкү агымы.

**УЩЕЛЬЕ**–капчыгай. Тоолордогу кууш, терең жана тик капталдуу өрөөндөр. Каньондорго салыштырганда капчыгайды өзөндүн суусу толук ээлебейт.

## -Ф-

**ФАНЕРОЗОЙСКОЙ ЭРА**–фанерозой эрасы. Жердин геологиялык тарыхындагы палеозой, мезозой жана кайназой эраларын (570 млн. жылды) кучагына алган мезгил. Ф.Э. табигый кубулуштарга дуушар

болуп, органикалык дүйнө жана катуу скелетүү жаныбарлар пайда болгон.

**ФАНЕРОФИТЫ**–фанерофиттер. Бүчүрү бутагынын учунда көгөргөн өсүмдүктөр. Буга дарак жана бадал өсүмдүктөрүнүн кээ бир түрлөрү кирет.

**ФАУНА**–жаныбарлардын тобу. Жер бетинин белгилүү аймагында жана акваторияда жашоочу жаныбарлардын тобу. Ар түрдүү жаныбарлардын эволюциялык процессинин натыйжасында калыптанат.

**ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ**–жаныбарлар областы. Жаныбарлардын окшоштугуна карата бөлүнгөн ири область. Подобласть, провинция, округ жана аймакка (районго) бөлүнөт.

**ФАУНИСТИЧЕСКАЯ ПРОВИНЦИЯ**–жаныбарлар провинциясы. Эндемиктерине жана мүнөздүү жаныбарлардын болушуна (санына) жараша бөлүнгөн жаныбарлар областынын ири бөлүгү.

**ФАУНИСТИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС**–жаныбарлар комплекси. Экологиялык өзгөчөлүгү жакын, окшош ареалдуу, географиялык чөйрөдөгү, жаныбарлардын түрлөрүнүн группасы.

**ФАУНИСТИЧЕСКИЙ ОКРУГ**–жаныбарлар округу. Жаныбарлардын белгилүү түрлөрүнүн басымдуу болушуна карата бөлүнгөн округ.

**ФАУНИСТИЧЕСКОЕ ЦАРСТВО**–жаныбарлар дөйнөсү. Сүт эмүүчүлөрдүн таралышы боюнча бөлүнгөн ири бөлүк, Нотогея, Арктогеяга бөлүнөт.

**ФЕНОЛОГИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–фенологиялык карталар. Органикалык дүйнөнүн сезондук өзгөрүлмөлүүлүгүн, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өсүү фазасынын башталган мезгилин сүрөттөөчү карталар.

**ФЕНОЛОГИЯ**–фенология (грек. phainlomen–кубулуш жана окуу). Өсүмдүктөр менен айбанаттар дүйнөсүнүн жылдын мезгилдерине жараша өсүп- өнүгүшүнүн мезгилдик кубулушун, ар түрдүү климаттык зонанын аба ырайынын шартына карата изилдейт.

**ФЕРРАЛИТНЫЕ ПОЧВЫ**–ферралиттик топурактар. Тропиктик нымдуу чөйрөдөгү токой өсүмдүктөрүнүн астында, ферралиттик талкалануунун натыйжасында пайда болгон топурактардын тиби. Составында аллюминий, темир үстөмдүк кылат, ал эми кремнезем,

щелоч жана щелочтуу аралашмасы жокко эсе. Кызыл, саргыч кызыл түстө болот.

**ФИЗИКА ЛАНДШАФТА**–ландшафттын физикасы. Ландшафттын геофизикасы. Ландшафтагы процесстердин, энергиянын жана географиялык кабыктагы заттардын кыймылы менен алмашуусун, физикалык метод менен изилдөөчү илим. Ал бир түрдөн экинчи түргө өткөн радиациялык жана нымдуулук балансасына, энергиянын сандык учетуна көп көңүл бурат.

**ФИЗИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ГРАНИЦА**–физикалык географиялык чек. Табигый шарты ар түрдүү аймактардын чек арасы. Негизинен тоо кырлары, океан-деңиздин тескери аркылуу өтөт.

**ФИЗИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ** – физикалык географиялык область. Физикалык географиялык райондун бирдиги, физикалык географиялык өлкөнүн бөлүгү. Ал жер кабыгынын азыркы кыймылга, деңиздик трансгрессия менен регрессияга, материктик муздуктун, муздан эриген агын суунун ж.б. азоналдуу факторлордун негизинде бөлүштүрүлөт.

**ФИЗИКО – ГЕОГРФИЧЕСКАЯ ПОДЗОНА** – физикалык географиялык подзона. Географиялык зонанын составына кирген, жер бетин кеңдик–багыт боюнча физикалык, географиялык бөлүштүрүүдөгү бир баскыч. Климаттын акырындап өзгөрүшүнө жана тигил, же бул ландшафтын үстөмдүк кылышына жараша бөлүнөт.

**ФИЗИКО – ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ПОЛОСА** – физикалык географиялык тилке. Физикалык географиялык бөлүштүрүүдөгү эң жөнөкөй географиялык бирдик. М; токойлуу сур топурак тилкеси, же токойлуу талаа подзонасындагы күл түстүү кара кең тилке, тоолуу райондордо бийиктик тилкесинин бир бөлүгүнө туура келет.

**ФИЗИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ПРОВИНЦИЯ**–физикалык географиялык провинция. Физикалык географиялык райондоштуруудагы аймактык таксономиялык бирдик. Ф.Г областтын ичиндеги географиялык зонанын бөлүгү. Климатынын өзгөчөлүгүнө жана морфоструктуралык белгисине карата бөлүнөт. Тоолордо Ф.г.п бийиктик алкактын тигил, же бул тибинин үстөмдүк кылышына карата бөлүнөт.

**ФИЗИКО–ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–физикалык географиялык карталар. Географиялык чөйрөдөгү табийгый компоненттерди, обьектилерди, кубулуштарды жана процесстерди сүрөттөп көрсөтүүчү карталар.

**ФИЗИКО–ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ** – физикалык географиялык процесстер. Географиялык кабыктагы заттардын санын, формасын жана энергиясын бөлүштүрүүчү жана жөнгө салуучу табигый процесстер. М; рельефти пайда кылуу, нымдын айланышы, биомассанын түзүлүшү ж.б.

**ФИЗИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ ОКРУГ**–физикалык географиялык округ. Физикалык географиялык провинция менен райондун ортосундагы бөлүк.

**ФИЗИКО–ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ РАЙОН**–физикалык географиялык район. Физикалык географиялык райондоштуруудагы эң кичине бирдик. Өсүмдүктөр менен топурагы бири-бирине айкалышкан, климаты менен геоморфологиясы боюнча чектелген областтын, же провинциянын бөлүгү.

**ФИЗИКО–ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ СЕКТОР**–физикалык географиялык сектор. Материктин орчундуу бөлүгү. Ф. г. с. кеңдик боюнча зоналарга бөлүнөт, табигый процесстери сезондук, ритимдүү болот.

**ФИЗИКО–ГЕОГРАФИЧЕСКОЕ РАЙОНИРОВАНИЕ**–физикалык географиялык райондоштуруу. Бири-бирине шайкеш келген табигый аймактарды аныктоо максатында жердин бетин бөлүштүрүү системасы. Ф.г.р компоненттери (геоморфологиялык, климаттык, топурактар, өсүмдүктөр д.у.с.) боюнча жана комплекстүү түрдө жүргүзүлөт. Кеңдик боюнча Ф.г.р; географиялык алкак, географиялык зона, подзона тилке деп, ал эми зоналдуулук боюнча; сектор, өлкө, область, провинция, округ, район деп бөлүнөт.

**ФИЗИОЛОГИЧЕСКАЯ СУХОСТЬ**–физиологиялык кургакчылык. Топурактагы нымдуулуктун өсүмдүктөргө толугу менен жетпеген абалы. Себеби кыртыштын температурасынын төмөндүгү, кислороддун кемчилдиги, туздун эритмелүү аралашмасынын молдугу, топурактын составында жогорку молекулярдык органикалык заттардын болушу, зыяндуу туздар, же таксиндордун болушу.

**ФИЗИЧЕСКАЯ ГЕОГРАФИЯ**–физикалык география (грек. табигый). Жердин географиялык кабыгын комплекстүү түрдө изилдөөчү, табигый географиялык илимдердин системасы.

**ФИЗИЧЕСКАЯ КАРТА**–физикалык карта. Рельефти жана (дарыя-көлдөрдү, тоолорду, океан-деңиздерди саздуу жана кумдуу массивдерди ж.б.) сүрөттөп көрсөтүүчү карталар.

**ФИКСИРОВАННЫЙ РЕЛЬЕФ**-бекитилген–рельеф. Континенталдык чөкмө, деңиздик чөкмө катмарлардын басырындысындагы, өзүнүн байыркы морфологиялык формасын сактап калган рельеф. Терминди 1948- ж. советтик окумуштуу К.К. Марков сунуш кылган.

**ФИРН**–фирн (нем. Firn–былтыркы, эски). Мөңгүнүн башындагы касабалуу, алыстан агарган кар катмары. Фирн ээлеген муздуктун төрүн (башын) фирн аймагы деп атайт.

**ФИТОБЕНТОС**–фитобентос (грек. phytio-өсүмдүк жана тереңдик). Көлмөлөрдүн түбүндөгү өсүмдүктөрдүн организмдеринин тобу. Аларга балырлар жана кээ бир гүлдүү өсүмдүктөр кирет.

**ФИТОГЕОГРАФИЯ**–фитогеография. Ботаникалык география, жер бетиндеги өсүмдүктүн жана өсүмдүктөрдүн тобунун географиялык жаратылышын жана алардын таралыш мыйзам ченемдүүлүгүн изилдөөчү илим.

**ФИТОГЕОСФЕРА**–фитогеосфера. Энергияны топтоочу өсүмдүктөр дүйнөсүнүн биосферадагы ээлеген орду. Анын океандын түпкүрүндөгү калыңдыгы 11 км., кургактыкта өтө эле жука болот, кээде 100-150 м чейин гана жетет.

**ФИТОКЛИМАТ**–фитоклимат. Өсүмдүктөр чөйрөсүнүн климаттык–метеорологиялык шарты.

**ФИТОПЛАНКТОН**–фитопланктон. Планктондун чөйрөсүндөгү өсүмдүктөр организминин жыйындысы. Суудагы көптөгөн организмдер үчүн кислород жана органикалык заттардын булагы.

**ФИТОФАГИ**- фитофагдар (грек. phytos–өсүмдүк жана тамактануу). Өсүмдүктөр менен гана тамактануучу сүт эмүүчүлөр (туяктуулар), курт–кумурскалардан болсо чегирткелер ж.б.

**ФИТОЦЕНОЗ** – фитоценоз (грек. Phytios zenos, өсүмдүк). Бир түрдүү чөйрөгө калыптанган өсүмдүктөрдүн жыйындысынан турган жана биоценоздун составына кирген, белгилүү биотоптун бөлүгү.

**ФЛОРА**– флора (лат. Flora–римдик мифология боюнча гүл менен жаздын кудайы). Белгилүү бир аймакта жайгашкан жана геологиялык–табигый шарты окшош болгон өсүмдүктөрдүн тобу.

**ФЛОРИСТИЧЕСКАЯ ПРОВИНЦИЯ** – өсүмдүк провинциясы. Жердин бетинин өсүмдүгүнүн өзгөчөлүгүнө жараша бөлүнгөн бөлүгү. Провинция округдардан турат.

**ФЛОРИСТИЧЕСКИЕ КАРТЫ**–өсүмдүк карталары. Өсүмдүктүн таралышын, составын, пайда болушун көрсөтүүчү карта.

**ФЛОРИСТИЧЕСКИЙ ЭЛЕМЕНТ**–Өсүмдүк элементтери. Белгилүү аймакта пайда болгон өсүмдүктөрдүн ареалдарынын, отурукташуусунун окшоштугу боюнча бириккен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн группасы. Ар түрдүү аймактын өсүмдүгү ар кандай Ф.Э турат.

**ФЛОРИСТИЧЕСКОЕ РАЙОНИРОВАНИЕ** – өсүмдүктөрдү райондоштуруу. Кургактыкты өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүгүнө карата бөлүштүрүү.

**ФЛОРИСТИЧЕСКОЕ ЦАРСТВО**– өсүмдүктөр дүйнөсү. Жердин бетин өсүмдүктөрүнүн составына, өзгөчөлүгүнө, түркүмдөрүнүн жана тукумдарынын таралышына карата бөлүштүрүү. Жер шарында голарктикалык, палеотропиктик, неотропиктик, австралиялык, Каптык жана антарктикалык Ө. дүйнөлөрү бөлүнгөн.

**ФЛЮВИАЛЬНЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА**–рельефтин флювиалдык формасы (лат. өзөн, суу агымы). Суунун туруктуу, же убактылуу агымынан пайда болгон түздүктөрдөгү аллювиалдык, аллювиалдык – пролювиалдык рельеф (өрөөн, жар, кашаттар, конус жайылмасы ж.б. рельефтер).

**ФЛЮВИОГЛЯЦИАЛЬНЫЕ ПРОЦЕССЫ**–флювиогляциалдык процесстер. Мөңгүдөн агып чыккан суунун кургактыктагы борпоң катмарды жуушу, манераларды сорттошу жана агызып которушу, конус жайылмасын түзүшү, сайларды пайда кылуусу ж.б.

**ФОРАМИНИФЕРЫ**– фораминифералар. Эң жөнөкөйлөрдүн жалган буттуулар классындагы түркүмү. 20 миң чамасындагы түрлөрү (азыркы жана жок болуп кеткендерди кошкондо ) бар. Цитоплазмалуу, денеси сыртынан акиташтуу, чанда хитиндүү үлүл менен капталган. Үлүлдөрү бир, же бир нече көңдөйлүү болот да, ошол көңдөйлөрүнө жараша чоңдугу 0,1 (чанда 20) см. ге жетет.

**ФОРЕЛЬ**– форель. Лосостор тукумундагы балык. Тоо өзөндөрүндө жана көлдөрдө жашайт. Өзөндө жашоочу Ф. дин узундугу 37 см ге, салмагы 800 г., ал эми көлдө жашоочуларынын салмагы 34 кг. чейин жетет. М; 1930- жылдарда Севандан алынып келген ф. Ысыккөлдө бат эле өөрчүп, узундугу 89 см, салмагы 17 кг. чейин жеткен.

**ФОРМЫ РЕЛЬЕФА**–рельефтин формалары. Жер бетинин формасы, жердин бетинин белгилүү көлөмүн ээлеген, үч чендүү телосу. Томпок,

ийри, оӊ жана терс формадагы рельефтер өз-ара биригип, рельефтин типтерин пайда кылат. Аянты боюнча; мегарельеф, макрорельеф, мезорельеф, микрорельеф деп бөлүнөт. Морфологиясы, генезиси жана курагы (жашы) боюнча дагы классташтырылган.

**ФОТОСИНТЕЗ**–фотосинтез (грек. phtos–жарык жана биригүү, түзүү). Жашыл жана фотосинтездөөчү организмдердин, күндүн энергиясын органикалык заттардын байланышын түзүүчү химиялык энергияга айландыруусу менен жүрөт. Фотосинтез аркылуу жер бетинде жыл сайын 100 млрд. т. органикалык заттар пайда болот. 200 млрд. т. көмүр кычкыл газы өздөштүрүлөт жана 145 млрд. т. эркин кислород бөлүнүп чыгат. Ф. жардамы менен жердин алгачкы атмосферасында кислород жана озондуу экран пайда болуп, биологиялык эволюцияга шарт түзүлгөн.

**ФРЕАТОФИТЫ**– фреатофиттер (грек. phrlat-кудук, бассейн жана phitiots-өсүмдүк). Тамыры жер астындагы суу да 1м. ден 30-40 м ге чейин жеткен өсүмдүктөр. Климаты кургак райондордо кезигет. Аларга кара сөксөөл, төө тикен, адырашман ж.б. кирет.

**ФРОНТАЛЬНЫЕ ОСАДКИ**-фронттук жаан–чачын. Атмосфералык фронт жүргөндө жааган жаан–чачын. Фронт жылуу болсо ак жаан, муздак болсо өткүн жаайт.

**ФУНДАМЕНТ**– фундамент (лат. fundamentum–негиз). Бүктөлүүлөргө, аймактык метаморфизмге чалдыккан, граниттешкен эӊ байыркы тоо тек. Платформалардын түбүндө кембрийге чейинки кристалдашкан сланец, гнейс, гранит тектери жайгашкан.

**ФЬЕЛДЫ**-фьелддер. Скандинавиядагы тайпак, жондорун кар баскан, же тундра өсүмдүктөрү өскөн, томпойгон тоо массивдери.

**ФЬОРДЫ**– фьорддор. Кургактыкка тереӊ кирип турган ичке, узун, жээги аскалуу жана буйткалуу булуӊдар.

## -Х-

**ХАЗАРСКАЯ ТРАНГРЕССИЯ**–хазар суу каптоосу. Төртүнчүлүк доордун ортосунда Каспий деӊизи көтөрүлүп, ойдуӊунун көп жерине чейин суу каптаган доор.

**ХАМСИН**–хамсин (араб). Африканын түштүк–батышынан түндүк–чыгышына көздөй соккон, кургак, чаӊ учурган шамал. Апрель– июнь айларында көп байкалат. Кечкурун күчөп, күн батарда басылат.

**ХВАЛЫНСКАЯ ТРАНГРЕССИЯ**–хвалын суу каптоосу. Төртүнчүлүк доордун аягында Каспий деңизи ташып (көтөрүлүп), бүт Каспий ойдуңун ээлеп, түндүк кеңдиктин $51^0$ на чейин жеткен абалы, деңиз деңгээли 50 м.ге чейин көтөрүлгөн.

**ХИМИЧЕСКИЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ**–химиялык талкалануу. Жердин бетиндеги тоо тектеринин химиялык реакциянын таасири менен бузулуп, минералдарга ажырашы. Химиялык талкалануу- тропиктик нымдуу алкактарда тез жана күчтүү өнүккөн. Натыйжада боксит, каолин, фосфорит, никель, кобальт, темир рудалары пайда болгон.

**ХИОНОФИЛЫ**–хионофилы (грек. shion–кар жана fieo-сүйөмүн). Кышында калың карга камырабай жашай берүүчү организмдер. М; момолой (сокур) чычкан, арс, жгутик балыры ж.б.

**ХИОНОФОБЫ**–хионофобы (грек. Shiion-кар жана fob-жалтануу). Кар калың түшкөн жерлерде начар жашаган жан – жаныбарлар. М: кээ бир туяктуулар.

**ХИШНИЕ ЖИВОТНЫЕ**–жырткыч айбанаттар. Айбанаттардын эти менен тамактануучу жаныбарлар. М; бүркүт, куш, ителги, кыргый, карышкыр, илбирс, жолборс, түлкү ж.б.

**ХОЛМ**–дөбө. Түздүктүү аймактарда бийиктиги 200 метрден ашпаган, капталдары айдөөш, $30^0$ тан төмөн, үстүн чым баскан, чокусу жумуру тарткан дөбө. Тоолу аймактарда бул көрсөткүчтөр бир нече эсеге көп.

**ХОЛМИСТО–ЗАПАДИННЫЙ РЕЛЬЕФ**–ой–чуңкурлуу дөбөлөр. Байыркы мөңгүлөрдүн чет жакаларындагы иретсиз жаткан морена дөбөлөрү жана алардын арасындагы ой –чуңкурлар.

**ХОЛМОГОРЬЕ** – дөңсөөлү тоо. Бийиктиги 300м. ден 1000 м ге чейин жеткен, талкаланып тегизделген тектоникалык рельеф.

## -Ц-

**ЦЕМЕНТАЦИЯ**– цементация. Тоо тектерине чопо, акиташ, кремний жана темир аралашып, цементтелип биригип, катуу-нык массаларды пайда кылышы. Натыйжада, кумдар биригип -кумдукка, шагылдар биригип- брекчийге айланат.

**ЦЕНТР ОБРАЗОВАНИЯ** – пайда болуу борбору. Белгилүү бир түрдүн пайда болуп, андан башка аймакка таралуучу борбору, же аянты.

**ЦЕНТР ПОКРОВНОГО ОЛЕДЕНЕНИЯ**– жапкыч мөңгүлөрдүн борбору. Төртүнчүлүк доордо, нымдуу аба агымынын жолунда жаткан жана кабатталган, жапкыч түрүндөгү мөңгүнү пайда кылып андан туш тарапка таралган аймак, аянт. М; Скандинавиянын тоолору Түндүк Европа мөңгүлөрүнүн борбору.

**ЦЕНТРАЛЬНЫЙ ЦИКЛОН**- борбордук циклон. Кенен, терең, бийик, аз кыймылдуу жана көпкө чейин сакталып туруучу циклон. Бир, же бир нече циклондордон, же алардын сериясынан түзүлөт. Атлантика жана Тынч океандардын түндүк тарабында, төмөнкү басым үстөмдүк кылган областта пайда болот.

**ЦЕНТРЫ ДЕЙСТВИЯ АТМОСФЕРЫ**–атмосфералык таасирдин борбору. Жер шары боюнча басымды бөлүштүрүүнүн картасындагы (көп жылдык, орточо) картасындагы материктер менен океандардын үстүндөгү, жогорку жана төмөнкү басымдын областтары. А.Т.Б – тигил, же бул райондордогу антициклон менен циклондор үстөмдүк кылышынын статистикалык жыйынтыгы.

**ЦИКЛИЧНОСТЬ РЕЛЬЕФООБРАЗОВАНИЯ**–рельеф пайда болуудагы циклдүүлүк. Кээ бир рельеф пайда кылуучу процесстердин, геологиялык процесстерге (көбүнчө тектоникалык кыймылга) жана климаттын оош– кыйышына ылайыктуу кезектешип өзгөрүүсү. Анын таасиринде рельефтин ар түрдүү генерациясынын (тектоникалык, контрастуу, карама-каршы, талкаланган жана тегизделген) пайда болушу. Циклдүүлүк рельефтин бир эле формасынын убакыт боюнча кайталана берүүсү эмес, тескерисинче, жердин бетинин кайталангыс формадагы геолого–геоморфологиялык өсүшү.

**ЦИКЛОВАЯ ТЕРРАСА**–циклдик кашаттар. Эрозия базисинин төмөндөшүнө байланыштуу, өзөндүн боюнда пайда болгон кашаттар. Эрозия базисинин төмөндөшү тектоникалык кыймылга, климаттын нымдуулугуна жана эрозиянын күчүнө жараша болот.

**ЦИКЛОН**– циклон (гр. Kiklion-тегеренүүчү, айлануучу, циклондук депрессия). Атмосфералык басым төмөндөгөндөгү катуу куюндуу, кара нөшөрлүү, аябаган катуу алай- дүлөйдүн козголоңу. Циклондо шамалдын багыты түндүк жарым шарда сааттын жебесинин багытына карама- каршы, түштүк жарым шарда тескерисинче согот.

**ЦИКЛОНИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ**– циклондук аракет. Тропиктен тышкаркы чөйрөдө циклондор менен антициклондордун пайда болушун жана которулушун мүнөздөөчү атмосфералык циркуляциянын жалпы аракети.

**ЦИКЛОНИЧЕСКИЙ ВИХРЬ**–циклондук куюн. Өзү тик, же жантайынкы келген океандык куюн. Ал түндүк жарым шарда сааттын жебесинин жолуна каршы, түштүк жарым шарда тескерисинче багыт менен тегеренет. Ортосу менен биогендик заттарга бай муздак суу көтөрүлөт.

**ЦИРКУЛЯЦИЯ**– циркуляция (лат. circulatio – тегеренүү). Аба жана суу массасынын ири аянтка туюк сызыктын багыты менен айлануусу. М; атмосферанын жалпы циркуляциясы, бриздер циркуляциясы, муссондун циркуляциясы, деңиз жана көл сууларынын циркуляциясы ж.б.

**ЦОКОЛЬНАЯ ТЕРРАСА** - цоколдуу кашаттар. Кабат, текчеден турган кашат, үстүңкү текчеси борпоң, астыңкы текчеси катуу тектерден турат.

**ЦОКОЛНАЯ РАВНИНА**-цоколдук түздүк. Кристаллдуу фундаменттеги платформада, же тоо түйүндөрүндө катталыш негиздериндеги тектердин түзөндөлүшүнөн пайда болгон түздүк.

**ЦУНАМИ**– цунами. Суу астындагы жер титрөөнүн натыйжасында пайда болгон, узактыгы 15-60 минутага чейин жеткен деңиздик-гравитациялык толкундар.

## - Ч-

**ЧАГЫЛ**- чагыл. Кумдардын майда күкүмдөрүнүн жыйындысы.

**ЧАПАРАЛЬ**–чапараль. Түндүк Америкадага субтропикалык бадалдардын тобу.

**ЧАРАНЫ**– чаран. Якутиянын дөңсөөлөрүндөгү коңур шалбаалардын жергиликтүү айтылышы.

**ЧАРУСА**– чаруса. Орусиянын Европалык бөлүгүнүн түндүгүндөгү сормо саз.

**ЧАСТИ СВЕТА** – дүйнө бөлүктөрү. Кургактыктын аймагын жана ага канатташ жаткан аралдарын бөлүктөргө бөлүштүрүү. Көбүнчө ири материктерге дал келет. М: Австралия, Антарктида, Африка, Евроазия (Европа жана Азия), Америка, кээде Океания деп да бөлүштүрүлөт.

**ЧАША**– чытырман. Жыш өскөн (чычкан мурду өтпөгөн) токой.

**ЧЕРНОЗЕМЫ**–кара топурактар. Талаа жана токойлуу талаа тилкесиндеги шиберлүү өсүмдүктөрдүн топурагы. Терминди 18-кылымда М.В.Ломоносов сунуш кылган.

**ЧЕРНЬ**–чытырман. Токойлуу тайгадагы карагай, кызыл карагай, кайың аралашкан чытырман токой. Кыргызстанда чытырман токой айрым жерлерде сакталып калган. М, Үчкайнар (Алайку өрөөнүндө).

**ЧЕТВЕРТИЧНАЯ ГЕОЛОГИЯ**–төртүнчүлүк доордун геологиясы. Жердин тарыхынын төртүнчүлүк системасын жана ага тиешелүү доорлорду изилдөөчү илим.

**ЧЕТВЕРТИЧНАЯ СИСТЕМА**–төртүнчүлүк доордун системасы. Жердин тарыхындагы акыркы геологиялык мезгил, жалпы стратиграфиялык шкала боюнча кайназой эрасынын акыркы системасы. Ар түрдүү маалыматтар боюнча 1500 миң жылдан 3,5 млн. жылдар мурда башталып, азыркы мезгилге чейин жеткен. Плейстоцен жана голоцен деп бөлүнөт. Жердин жашы өсүп жетилип, топурак, өсүмдүк жаныбарлар дүйнөсү азыркы абалында калыптанган. Ири материктик жана тоо мөңгүлөрү пайда болгон, кубаттуу тектоникалык кыймылдар жүрүп, вулкандык процесстер күч алган.

**ЧЕТВЕРТИЧНЫЙ ЛЕДНИКОВЫЙ ПЕРИОД** – төртүнчүлүк муз доору. Жердин тарыхындагы эң акыркы мөңгү доору. Мөңгүлөрдүн аянты, жайылып тараган аймагы, мөңгү тектеринин жана ага тиешелүү рельефтин формалары менен аныкталат. Азыркы күнгө чейин жеткен белгилери, ошол аймакты мөңгү каптап, бир нече жолу тартылып турганын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

**ЧЕТКОВИДНОЕ ОЗЕРА**– бири-бири менен узунунан туташып жаткан майда көлдөр, тизи лген шуру сымал көлдөр.

**ЧИЛИЙСКАЯ СЕЛИТРА**– Чили селитрасы. Натрий селитрасы, минерал, натрий нитраты. Органикалык калдыктарга бактериялар кошулуп, абада азоттун таасири менен чиришинин натыйжасында пайда болот. Кургак климаттын шартында мыкты өнүгөт (Чилидеги Атакама чөлүндө кенен тараган).

**ЧИСЛЕННЫЙ МАСШТАБ**–сандык масштаб. Бөлчөк түрүндө туюнтулган масштаб. Анын үстүндө 1 деген цифра коюлат, астында сүрөттөлүүчү аянтын кичирейтилген саны коюлат. М., 1: 200, 1: 50 000, 1: 100 000 ж.б.

# -Ш-

**ШЕЛЬФ**–материктик тайыздык. Материктердин суу астындагы акырындап эңкейиштеген уландысы, геологиялык түзүлүшү боюнча жээк кургактыгына окшош. Терендиги 100-200 м, кээде 500-1500 м ге чейин жетет.

**ШЕЛЬФОВОЙ ЛЕДНИК**– шельф мөңгүсү. Антарктиданын жээгинде калкып, кээде деңиздин түбүнө таянып турган мөңгүлөр.

**ШИБЛЯК** – шибляк. Жер Ортолук деңиздин боюндагы, жалбырагы түшүп туруучу бадалдар тобу. Анда саксайган дуб, сумах, ыргай. четин ж.б. болот.

**ШИРОКОЛИСТВЕННЫЙ ЛЕС** – жазы жалбырактуу токой. Мезофиль дарактарынан (дуб, бук, клен, липа, граб ж.б.) куралган токой. Түндүк жарым шардын мелүүн климаттык алкагында тараган.

**ШИРОКОЛИСТВЕННЫХ ЛЕСОВ (ЗОНЫ)** – жазы жалбырактуу токой зонасы. Түндүк жана Түштүк жарым шарлардын мелүүн алкактарындагы табигый зона. Ал экваторго жакын жерден орун алып, токой зонасынын составдык бөлүгү катарында каралат. Евразиянын батышында, Түндүк Америкада кенен өрчүгөн. Климаты мелүүн–океандык, кышы салкын (январь айынын орточо температурасы + $5^0$ тан –$15^0$ С чейин), жайы салыштырмалуу узун (июль айынын орточо температурасы +$22^0$ С чейин жетет). Жаан – чачындын саны 600-1500 мм түзөт, бууланып кеткен нымдуулуктун ордун толуктоого жетишерлик. Суулары терен, өзөн- сайы көп. Мында бук, клен, липа ж.б. өсөт, ийне жалбырактуу токойлордун массиви кезигет.

**ШИПОТА**– кеңдик. 1. Астрономиялык кеңдик берилген орундагы тик сызык менен экваторунун тегиздигинин арасындагы бурчтук аралык. 2. Географиялык кеңдик – жер бетиндеги чекиттин абалын аныктоочу географиялык координаттардын бири. Ал жер экваторунан тартып, ошол берилген чекиттин бурчтук аралыгына барабар. Кеңдик экватордон баштап эсептелинип ($0^0$ тан $90^0$ка чейин ), түндүк жарым шардагы чекиттер терс кеңдик деп кабыл алынган. Жердин бетиндеги каалаган чекит географиялык координат жана географиялык узундук менен белгиленет.

**ШКВАЛ**– шквал (англ.sqvall ). Ылдамыгы 20-30 м.сек жетип, бир нече минутага чейин созулган, катуу–жулкунган шамал. Ш. менен кошо чагылган түшүп, нөшөрлөгөн жаан жаайт.

**ШЛИФ**– шлиф, жылма. Тоо тектеринин эң жука жана жылма сыныгы.

**ШОРЫ**– шорлор. Туздуу чопо, марча. Жер астындагы суулары жакын, чөлдүн чаптарында буулануу процесси жүргөндө, жер астындагы туздун көтөрүлүп, кеберленгенинен пайда болот. Же болбосо ойдуңга топтолгон суу менен кошо келген туздардын катмарланышы.

**ШТРИХОВ СПОСОБ** – штрихтөө ыкмасы. Географиялык карталарды кыска сызыктуу чиймелер менен сүрөттөп көрсөтүү.

**ШЕБЕНЬ**–шагыл. Тоо тектеринин ири (10-10 мм) жана кырдуу сыныктары.

**ШИТООБРАЗНЫЙ ВУЛКАН**– калкан сыяктуу вулкандар. Формасы калкан сыяктуу жана атылганда алыска агып кеткен базальт лавасынан пайда болгон вулкан (Гавайи аралдарындагы Мауна-Лоа вулканы).

## - Э-

**ЭБУРОНСКОЕ ПОХОЛОДАНИЕ**– эбурон суугу. Нидерланд өлкөсүнүн аймагында, байыркы плейстоцендеги сууктун күчө мезгили. Ал Альпылык мөңгүлөрдүн өнүгүшүндө гюнц стадиясы менен маалдаш.

**ЭВРИОКСИБИОНТЫ**–эврioксибионттор. Суудагы эриген, кислороду кескин өзгөрмөлүү чөйрөдө жашоочу организмдер.

**ЭВРИТЕРМОБИОНТЫ**–эвритермобионттор. Кескин өзгөрмөлүү температуранын шартында жашоочу организмдер. М; мелүүн алкактын топурак өсүмдүктөрү.

**ЭВРИФАГИ**–эврифаги. Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж.б. ассортименттүү азыгы менен тамактануучулар. М; өсүмдүктөрдүн уругун, мөмөсүн, жалбырагын, чымын-чиркейди, майда кемирүүчүлөрдү жеп тамактануучу чычкан (арыс), тоок ж. б.

**ЭВСТАТИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ**–эвстатазия кыймылы. Дүйнөлүк океандын жана ага канатташ жаткан деңиздердин деңгээлинин акырындап өзгөрүшү. Эвстазия кыймылы биринчи жолу Э. Зюсс тарабынан аныкталган. Э. к. океандын деңгээлинин өзгөрүшүнө байланыштуу жээктин өзгөрүшү деп бөлүнөт. Тектоникалык кыймылдын багытына жана күчүнө жараша жергиликтүү трансгрессия жана регрессия пайда болот.

**ЭЙКУМЕНА**–эйкумен (ойкумен, грек. oikymene-отуруктаашамын). Жер бетинин адам баласы отуруктаашкан жана турмуш– тиричилигине тиешелүү чарбалык иштерин жүргүзгөн чөйрөсү.

**ЭКВАТОР ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ**–географиялык экватор. Жер өз огунда айланганда, аны бел кырчоосунан экиге бөлүп өткөн сызык. Жерди түндүк жана түштүк жарым шарларга бөлөт, географиялык кендикти эсептөөнүн башталышы.

**ЭКВАТОРИАЛЬНЫЙ КЛИМАТ**–экватордук климат. Экватордук депрессияны кучагына алган (түндүк жана түштүк кеңдиктин 5-10$^0$) нымдуу жана ысык климат. Температуралык режим жогору (+24 -28$^0$) жана жылдын бардык мезгилинде бирдей. Жылдык жаан- чачыны 1500 мм ден, кээ бир жерлерде 6000–10 000 мм кем эмес. Жаан- чачыны жыл бою нөшөрлөгөн жамгыр түрүндө жаайт. Экватордук нымдуу токой ландшафты үстөмдүк кылат.

**ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ВОЛНА**–экватордук толкун. Экватордук депрессиянын ичинде атмосферанын толкун сымалдуу козголушу жана экватордук куюндун пайда болушу.

**ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ДЕПРЕССИЯ**–экватордук депрессия. Жер шарынын экваторго чектеш чөйрөсүндөгү атмосфералык төмөнкү басым областы, атмосфералык аракеттин борборунун бири.

**ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ЗОНА**–экватордук зона. Экваторго чектеш жаткан географиялык зона, кургактыкта бул зонаны кумдуу тропиктик токой климаты деп аталат.

**ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ЗОНА ЗАПАДНЫХ ВЕТРОВ** – батыш шамалынын экватордук зонасы. Экваторду бойлоп батыштан соккон шамалдын багытын көрсөтүүчү ичке тилке. Мындай тилке Инд океанынын чыгышында, Тынч океандын батышында жана дүйнөлүк океандын айрым жерлеринде байкалат.

**ЭКВАТОРИАЛЬНЫХ ЛЕСОВ ЗОНЫ**–экватордук токой зонасы, Гиллей зонасы. Экватор алкагын кучагына алган табийгый зона. Экватордун эки (түндүк жана түштүк) тарабын ороп жатат.

**ЭКЗАРАЦИЯ**–экзарация–айдоо, сүрүү. Каптал беттердеги мөңгүлөрдүн жылмышуусу менен жердин бетинин сүрүлүшү.

**ЭКЗОГЕННЫЕ МЕСТОРОЖДЕНИЯ**–экзогендик кендер. Жердин үстүңкү бетинде пайда болгон кендер. М; чөкмө, шиленди, вулкандык ж.б. кендер.

**ЭКЗОГЕННЫЕ ПРОЦЕССЫ**–сырткы процесстер. Жердин үстүнкү бетинде жүрүүчү процесстер. Аларга флювиалдык, мөңгүлүк, тоңдук талкалануу процесстери кирет. Эндогендик процесстердин сыртынан талкаланышы.

**ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ АМПЛИТУДА**–экологиялык туруксуздук (фактор). Организмдин жашоо шартын аныктоочу, тышкы чөйрөнүн туруксуздугу, өзгөрүп турушу, айырмачылыгы.

**ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ ОПТИМУМ**–экологиялык оптимум. Белгилүү түр, же түркүмдүн тиричилиги үчүн өтө ыңгайлуу экологиялык шарттын жыйындысы.

**ЭКОЛОГИЯ**–экология (грек. Oikos-турак жана logio- окуу). Организм менен айлана -чөйрөнүн өз–ара катышы жөнүндөгү илим.

**ЭКОСИСТЕМА**–экосистема. Айлана–чөйрө менен организмдердин өз ара биримдиги. Э. ар кандай типке жана аймакка тиешелүү.

**ЭКОТОП**–экотоп. Белгилүү бир факторлордун (климат, топурак ж.б.) чөйрөсүнө мүнөздүү болгон организмдер.

**ЭКСПОЗИЦИЯ СКЛОНОВ**–беттердин экспозициясы. Тоолордун, өрөөндөрдүн, кокту – колоттун каптал беттеринин горизонтко жана үстөмдүк кылган аба массасынын багытына карата жайланышы. Тоонун экспозициясы $360^0$, ал эми капталдары$90^0$ барабар. Тоолордун багытына карап эки гана экспозициясы болот (түндүк-түштүк, батыш-чыгыш), ал эми беттерде көп санда (түндүк, түштүк- батыш, чыгыш, түндүк-батыш, түндүк-чыгыш, түштүк-чыгыш ж.б.).

**ЭКСТРОЗОНАЛЬНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ** – экстрозоналдык өсүмдүк. Белгилүү бир зонанын өсүмдүктөрүнө окшош, бирок башка жерде өскөн өсүмдүктөр. М; токой тилкесинин терең ичиндеги талаа өсүмдүктөрүнүн өтөктөрү.

**ЭЛЕМЕНТАРНЫЕ ПОЧВЕННЫЕ ПРОЦЕССЫ**–топурактагы элементардык процесстер. Топурак катмарында физикалык, биологиялык жана химиялык процесстердин өз ара, бири- бирине байланыштуу абалда жүрүшү.

**ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ ЛАНДШАФТ**–эң жөнөкөй ландшафт. Географиялык фация, же табигый аймактык комплекс, ландшафтын эң майда бөлүгү.

**ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ ПОЧВЕННЫЙ АРЕАЛ**–кыртыштын эң жөнөкөй ареалы. Кыртыштын эң жөнөкөй жана кичине бөлүгүнүн топурагы.

**ЭЛЕМЕНТЫ КАРТЫ**–картанын элементтери. Географиялык картанын мазмунун чагылдырган шарттуу белгилери, масштабы, таблицалары, кесиндилери, диаграммалары ж.б.

**ЭЛЮВИАЛЬНЫЙ ГОРИЗОНТ**– элювий горизонту. Топурактын жаанчачындын суусу менен жуулуп, кыртыштын астына сиңген тунмаларды пайда кылуучу бөлүгү.

**ЭЛЮВИЙ**–элювий (лат. elio–жууп чыгарамын). Тоо тектеринен талкаланган майда тоскоктой чаңдардын өз ордуна катмарланышы. Түз мейкиндиктерде, же бетттердеги тектирлерде (талкалануу начар өрчүгөн жерлерде) пайда болот.

**ЭНДЕМИКИ**–эндемиктер (грек. Endemics-жергиликтүү). Белгилүү гана бир чөйрөдө кезиккен жана башка жерде кезикпей турган өсүмдүктөр жана жаныбарлар. М; Аса-Муса, тогран Тянь- Шань карагайы ж.б.. Жергиликтүү ареалдар мурдагы кенен өөрчүгөн ареалдын калдыгы.

**ЭНДОГЕННЫЕ ПРОЦЕССЫ**– ички процесстер. Жердин түпкүрүндөгү энергиянын, тартылуу күчүнүн жана жердин айлануусуна байланыштуу күчтүн таасири менен пайда болгон кубулуштар. Аларга тоо пайда кылуучу (ороген) процесстери, жердин кабыгынын термелүүсү, магматизм жана вулканизм кубулуштары, жер титирөө д.у.с. кирет. Эндогендик аракеттердин натыйжасында пайда болгон рельеф морфоструктуралык рельеф деп аталат.

**ЭНДОЗООХОРЫ**–эндозоохорлор. Уругу жаныбарлар аркылуу тараган өсүмдүктөр, б.а өсүмдүктөрдү жаныбарлар жегенде алардын ичеги – карынындагы эрибей калган уруктардын кыкка аралашып түшүп, андан өсүп чыккан өсүмдүктөр.

**ЭНТОМОФАГИ**–энтомофагдар. Курт- кумурскалар менен тамактанган жаныбарлар. М; куштар, кээ бир сүт эмүүчүлөр. ж.б.

**ЭОКЕМБРИЙ**–эокембрий. Таңкы шоола, кембрий системасынан мурда болгон доордун катмары. Терминди норвегиялык геолог В.Бреггер (1900ж) сунуш кылган. Батыш Европа өлкөлөрүндө кенен тараган. СНГ деги геологиялык адабияттарда көп айтылбайт. Э.-ге замандаш катмарлар -венд деп аталат.

**ЭОЛОВЫН ОТЛОЖЕНИЯ**–эол катмарлары. Байыркы грек мифологиясы боюнча шамалдын кудайы Эолдун атынан коюлган, шамал учуруп келген кум, чаң катмарлары айтылат.

**ЭОЛОВЫЕ ПРОЦЕССЫ**– эол процесстери. Шамалдын таасири менен рельеф пайда кылуучу процесстер-учуруу (дефляция), катмарлап

чогултуу (аккумуляция) ж.б.. Алар чөлдөгү көлмөлөрдүн жээгинде, өзөндүн боюнда жана бийик тоолуу жондордо пайда болот.

**ЭОЛОВЫЙ РЕЛЬЕФ**–эол рельефи. Шамалдын таасири менен түзүлгөн рельеф (чөлдүү райондордогу бархан, дюна ж.б.).

**ЭОПЛЕЙСТОЦЕН**–эоплейстоцен. Төртүнчүлүк системанын стратиграфиялык шкаласы боюнча эң түбүндөгү катмар.

**ЭОЦЕН**–эоцен. Палеоген системасынын ортоңку бөлүгү.
**ЭПЕЙРОГЕНИЧЕСКИЕ ДВИЖЕНИЯ** – эпейрогенез кыймылы. Узакка чейин басырылып кыймылдоо. Кенен аянтты кучагына алып, тектоникалык негизди бузбай жылат.

**ЭПИГЕНЕТИЧЕСКАЯ РЕКА**–эпигенетикалык өзөн. Денудациянын таасири менен тегизделген жана башка структурадан түзүлгөн, фундаменттин үстүнөн орун алган эпигенетикалык өзөн.

**ЭПИГЕОСИНКЛИНАЛЬНЫЕ ГОРЫ**–эпигеосинклиналдык тоолор (грек. кийин жана геосинклиналь). Геосинклиналдык этаптын соңунан өнүккөн, геотектоникалык циклдин ороген этабында жаралган тоолор. Орографиялык элементтери ири багытта жайгашып, катталыш структураларга дал келип жатат. М; Альпы, Карпат, Кавказ, Копетдаг ж.б..

**ЭПИЗООХОРЫ**–эпизоохорлор. Үрөнү, жемиши, чаңдары жаныбарлардын жүнүнө, канат, куйругуна жабышып алып тараган өсүмдүктөр. М; уйгак, чырмоок, калкан ж.б.

**ЭПИПЛАТФОРМЕННЫЙ ОРОГЕНЕЗ** - эпиплатформалык тоо пайда болуу. Мурдагы платформанын үстүндө жаңы ороген кыймылынын натыйжасында көтөрүлгөн тоо пайда болуу процесси.

**ЭПИФИЛЛЫ** – эпифиллдер. Башка бир өсүмдүктөрдүн жалбырагына жармашып өскөн (бирок зыяны жок) өсүмдүктөр.

**ЭПИФИТЫ**–эпифиттер (грек. Epiphits - үстүңкү жана өсүмдүк). Башка бир өсүмдүктөргө жармашып өскөн жана айлана-чөйрөдөн азыктанган өсүмдүктөр (мите деп айтууга болбойт). Нымдуу тропик токоюнда (папоротник сыяктуулар) көп байкалат.

**ЭПИЦЕНТР**–эпицентр. Жер титирөөнүн борбору. Сейсмостанциялардын жазуусу боюнча аныкталат.

**ЭПИЦЕНТРАЛЬНАЯ ОБЛАСТЬ**–эпицентрдик область. Жер титирегенде анын эпицентрине жакын аянттагы катуу кыйроого дуушар болгон областтар.

**ЭРА**–эра (лат. aera). 1. Сынактын башталган саны, календарь боюнча жыл эсебинен башталышы. 2.Геологияда геохронологиялык жалпы шкаланын жердеги тиричиликтин (геологиялык) тарыхынын жана өнүгүшүнүн ири этабына туура келген бөлүгү.

**ЭРГ**–эрг. Түндүк Америкадагы кумдуу массивдердин аталышы. Орто Азияда кум, Аравияда нефуд, Кытайда шамо деп айтылат.

**ЭРОДИРУЮШАЯ РЕКА** – өзөндү терендетип оючу өзөндүн суусу.

**ЭРОЗИОННАЯ ДОЛИНА** - эрозиялык өрөөн. Агын суунун күчү менен жуулуп олтуруп чуңкурайган өрөөн.

**ЭРОЗИОННАЯ ТЕРРАСА** – эрозиялык кашаттар. Суу агызып келген, борпоң чөкмө тектерден катмарланган кашаттар.

**ЭРОЗИОННЫЕ ГОРЫ**–эрозиялык тоолор. Тектери жалпагынан жаткан, бийик платформалардын эрозияга дуушар болуп, терең жана кууш коктулар менен тилмеленишинин натыйжасында пайда болгон тоолор (Колорода Каньиону ж.б.).

**ЭРОЗИЯ**–эрозия (лат. erosio–жешилүү, оюлуу). Агын суу менен топурактын жана тоо тектеринин жемирилиши жана жууп кетүүсү. Эрозия жер бетинде тилме- тилме болгон аңдар түрүндө кезигет. Кыргызстандын бардык аймагында кездешет.

**ЭРОЗИЯ ПОЧВЫ** – топурак эрозиясы.

**ЭРРАТИЧЕСКИЕ ВАЛУНЫ**– эрратикалык таштар. Мөңгүнүн таасири менен тоо тектеринин сыныктарынын башка жерден алынып келиши. Мындай таштар Чоң Алай, Жылдыз, Суусамыр өрөөндөрүндө көп кездешет.

**ЭСТУАРИЯ** – дарыянын жайылмалуу дельтасы, куймасы.

**ЭФЕМЕРОИДЫ**–эфемероиддер (грек. epheroid–бир күндүк). Вегетация мезгили кыска өсүмдүктөрдүн түрү. Чөлдөрдө жана жарым чөлдөрдө жазгысын жапырт гүлдөйт, бирок бат эле кургап калат. М; жоогазын, каакым, кызгылдак ж.б..

## -Ю-

**ЮГ**–түштүк. Чыгыш горизонт менен асман меридианынын ааламдын түштүк уюлуна жакын жеринен кесилиши.

**ЮГО–ВОСТОЧНЫЙ ПАССАТ**–Түштүк–батыш пассат. Түштүк жарым шардын тропигиндеги туруктуу шамал.

**ЮРСКАЯ СИСТЕМА** – юра системасы. Франция менен Швецариянын чек арасындагы Юра тоосунун атынан коюлган, мезозой системасынын астынан санаганда экинчи доору. Башталышы мындан 190-195 млн. жыл мурда болгон жана 55-58 млн. жылга созулган. Ю.с- тектоникалык кыймыл күчүнө келип, Атлантика жана Тынч океандарынын ойдуңдары пайда болгон.

## -Я-

**ЯДРО ЗЕМЛИ**– Жердин ядросу. Жердин борбордук бөлүгү, анын радиусу 3470 км. Сырткы жана субядро деп бөлөт. Болжол менен темирден, же анын кычкылынан турат да, жогорку басым өрчүгөн шартта металдык абалга өтөт.

**ЯЙЛЯ**–яйла. Крым тоолорунун тайпак жондуу, токойсуз жайлоолору. Кыргызстанда эң кеңири таркалган.

**ЯНТАРЬ**– янтарь (литов- gintaras, латыш- dzintar), минерал, Палеоген доорундагы ийне жалбырактуу дарактардын чайынын таштай катып калган уютмасы. Коздоочу таш катарында колдонулат. Өңү - түсү ар түрдүү, тунук сыныктардан турат.

**ЯР** – жар. Өзөндүн боюндагы тик жарлар.

**ЯРУС ГЕОЛОГИЧЕСКИЙ**– геологиялык катмар. Бир эле геологиялык кылымда пайда болгон катмарлардан турган тектер.

**ЯРУСНОСТЬ**–ирееттүүлүк. Топурактын үстүндөгү өсүмдүктөрдүн катарларга бөлүнүшү, рельефтин баскычтары (түздүк, адыр ж.б.), тоо тектеринин жайгашышы-катмары.

**ЯРУСНОСТЬ ЛАНДШАФТОВ**–ландшафтын алкактуулугу. Тоо капталдары бийиктеп өскөн сайын, нымдуулук менен температуранын жана рельефтин өзгөрүшүнүн натыйжасында, топурак менен өсүмдүктөрдүн өзгөрүшү, комплекстүү географиялык кабаттардын пайда болушу.

**ЯРУСНОСТЬ РЕЛЬЕФА**–рельефтин тектирлери. Тоо капталдары бийиктеген сайын рельефтин өзгөрүп, тектирлерге ажырашы, тоолордун өсүү тарыхына байланыштуу калыптанган.

894237